КЫРГ
4 (с)К
Ж-33

АБДЫКУЛ ЖАПАРОВ

# ЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИ

ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДҮН СИНТАКСИСИ

II БӨЛҮМ

МЕКТЕП
1966

АБДЫКУЛ ЖАПАРОВ

# АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИ

ӨНӨКӨЙ
ЙЛӨМДҮН
НТАКСИСИ

БӨЛҮМ

«МЕКТЕП» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ—1966

## КЫСКАРТЫЛГАН АТТАР

А. Т. — А. Токомбаев
А. О. — А. Осмонов
А. Ү. — А. Үсөнбаев
Аб. Т. — А. Токтомушев
А. Ток. — А. Токтакунов
А. Н. — А. Некрасов
А. У. — А. Убукеев
А. Б. — А. Белеков
Д. Ф. — Д. Фурманов
Эл макалы — кыргыз эл макалылакаптары
Ж. Б. — Ж. Бөкөнбаев
Ж. Т. — Ж. Турусбеков
Жаки Т. — Ж. Таштемиров
Жамбыл — Жамбыл Жабаев
Жомоктон — Кыргыз эл жомоктору-нан
К. Ж. — К. Жантөшев
К. Б. — К. Баялинов
К. М. — К. Маликов
К. А. — К. Акыев
К. Ак. — К. Акаев
К. К. — К. Кайымов
К. Э. — К. Эсенкожоев
«КК» — «Кызыл Кыргызстан тасы
«КП» — «Кыргызстан пионери тасы
«ЛЖ» — «Ленинчил жаш» г
Л. Т. — Л. Толстой
М. Г. — М. Горький
М. Э. — М. Элебаев
Н. О. — Н. Островский
Н. К. — Н. Крупская
Н. Б. — Н. Байтемиров
Н. Ж. — Н. Жетикашкаева
«СК» — «Советтик Кыргызст газетасы
С. Б. — С. Бабаевский
С. С. — С. Сасыкбаев
Токтогул — Токтогул Сатыл
Тоголок Молдо — Тоголок М Байымбетов
Т. Ү. — Т. Үмөталиев
Т. С. — Т. Сыдыкбеков
Ш. Б. — Ш. Бейшеналиев
Ш. С. — Ш. Садыбакасов
М. Л. — М. Лермонтов

269488
Центральная научная
Академии наук Киргизской ССР

## МАЗМУНУ

Киришүү . . . . . Бет

*I бөлүк*

I ГЛАВА

СҮЙЛӨМ

алпы маалымат . . . . . 1
аш мүчөлөр—сүйлөмдүн грамматикалык структурасынын негизи катарында интонация — сүйлөмдүн грамматикалык жактан уюшулушунун маанилүү каражаты жана белгиси . . . . . 1
йлөм жана сөз тизмеги . . . . . 1
йлөмдүн грамматикалык структурасынын жалпы составы . . . . . 2

II ГЛАВА

СҮЙЛӨМДҮ МҮЧӨЛӨШТҮРҮҮ

алпы маалымат . . . . . 2
йлөмдү мүчөлөштүрүүнүн негизи . . . . . 2
йлөм мүчөлөрүнүн формасы . . . . . 3
ө түркүмдөрүнүн семантикалык табиятынын ролу . . . . . 3
йлөм мүчөлөрүнө берилүүчү суроолор . . . . . 3
лөм мүчөлөрүнүн калыпташында сөз түркүмдөрүнүн ролу . . . 3
лөм мүчөлөрүнүн составы . . . . . 3
лөм мүчөлөрүнүн түрлөрү . . . . . 3
нтаксистик категориялар жана алардын абстракцияланышы . . . 3
рутунду . . . . . 4
нин табияты жана анын кыргыз тилинин синтаксисинде алган орду . 4

*II бөлүк*

СҮЙЛӨМДҮН ЭЭСИ

I ГЛАВА

ЭЭНИН ТАБИЯТЫ ЖАНА АНЫН КЫРГЫЗ ТИЛИНИН СИНТАКСИСИНДЕ АЛГАН ОРДУ . . . . . 4

II ГЛАВА

ЭЭНИН ТҮЗҮЛҮШҮ (ФОРМАСЫ)
лик жана барыш жөндөмөлөрдөгү аракет кылуучу жактар . . . . 4
атыш жөндөмөдөгү логикалык субъект . . . . . 5
йлөм ээсинин орун тартиби да анын грамматикалык формасы катарында 5
йлөм ээлеринин катышып турушу, көмүстө калышы жана такыр эле жок болушу . . . . . 5
ктуу сүйлөмдөр . . . . . 6
аксыз сүйлөмдөр . . . . . 6
орутунду . . . . . 7

III ГЛАВА

ЭЭЛИК МИЛДЕТ АТКАРУУЧУ СӨЗДӨР . . . . . 1

Корутунду . . . . . 1

IV ГЛАВА

СҮЙЛӨМ ЭЭЛЕРИНИН МААНИЛЕРИ (СЕМАНТИКАСЫ)

Жалпы маалымат . . . . . 1
Зат атоочтук ээ . . . . . 1
Сын атоочтук ээ . . . . . 1
Сан атоочтук ээ . . . . . 1
Тактоочтук ээ . . . . . 1
Ат атоочтук ээ . . . . . 1
Атоочтуктардан болгон ээлер . . . . . 1
Кыймыл атоочтук ээ . . . . . 1
Корутунду . . . . . 1

V ГЛАВА

ЭЭНИН ТУТУМУ (СОСТАВЫ) . . . . . 1

Жөнөкөй ээ . . . . . 1
Тутумдаш ээ . . . . . 1
Толук маанилүү сөздөрдөн жасалган тутумдаш ээлер . . . . . 1
Толук маанилүү сөздөр менен катыштык сөздөрдүн айкалышынан жасалган тутумдаш ээлер . . . . . 1
Туруктуу фразеологиялык айкалыштардан болгон тутумдаш ээлер . . 1
Сүйлөмдүн тутумдаш ээлеринин маанилери . . . . . 1
Корутунду . . . . . 1

*III бөлүк*

БАЯНДООЧ

I ГЛАВА

БАЯНДООЧ МҮЧӨЛӨРДҮН ҚЫРГЫЗ ТИЛИНИН СИНТАКСИСИНДЕ АЛГАН ОРДУ . . . . . 1

Баяндооч жана баяндоочтук (сказуемость) жөнүндө . . . . . 1
Корутунду . . . . . 1

II ГЛАВА

Баяндоочтун түзүлүшү (формасы) . . . . . 1

а) этиштер боюнча . . . . . 1
б) атоочтор боюнча . . . . . 1
Аналитикалык формадагы баяндооч сөздөр . . . . . 1
Корутунду . . . . . 1

III ГЛАВА

БАЯНДООЧТУК МИЛДЕТ АТКАРУУЧУ СӨЗДӨР . . . . . 1
Корутунду . . . . . 1

IV ГЛАВА

СҮЙЛӨМДҮН БАЯНДООЧ МҮЧӨЛӨРҮНҮН ЭЭ ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮЧҮ (БАЯНДООЧУ) МААНИЛЕРИ . . . . . 1

Этиштик баяндооч . . . . . 1



Бир составдуу этиштер боюнча . . . . . 191
Эки составдуу этиштер боюнча . . . . . 192
Бир составдуу келер чактагы этиштик баяндоочтор . . . . . 210
Эки составдуу келер чактагы этиштик баяндоочтор . . . . . 213
Буйрук этиштерден болгон баяндоочтор . . . . . 214
Атоочтуктардын уландылары аркылуу жасалган келер чак этиштерден болгон баяндоочтор . . . . . 215
Зат атоочтук баяндооч . . . . . 224
Атооч жөндөмөдөгү заттык баяндоочтор . . . . . 225
Жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү заттык баяндоочтор . . . . . 236
Катыштык (көмөкчү) сөздөр тутумдашып турган зат атоочтук баяндоочтор 239
Барыш жөндөмөдөгү заттык баяндоочтор . . . . . 244
Сын атоочтук баяндооч . . . . . 245
Сан атоочтук баяндооч . . . . . 250
Ат атоочтук баяндооч . . . . . 252
Тактоочтук баяндооч . . . . . 256
Аналитикалык баяндоочтор . . . . . 261
Аналитикалык баяндоочтордун тутумдаш баяндоочторго катышы . . . 277
Корутунду . . . . . 278

V ГЛАВА

БАЯНДООЧТУН СОСТАВЫ

Жөнөкөй жана тутумдаш (составдык) баяндоочтор . . . . . 288
Жөнөкөй баяндооч . . . . . 290
Тутумдаш баяндооч . . . . . 293
Аналитикалык тутумдаш баяндоочтор . . . . . 295
Баш мүчөлүк (жайылма) жана кош предикативдик аналитикалык тутумдаш баяндоочтор . . . . . 296
Айкындоочтук аналитикалык тутумдаш баяндоочтор . . . . . 297
Модалдык тутумдаш баяндоочтор . . . . . 298
Функционалдык модалдык тутумдаш баяндоочтор . . . . . 298
Жөлөкчүл тутумдаш баяндоочтор . . . . . 299
Сөз жасоочу тутумдаш баяндоочтор . . . . . 300
Бириктирилген тутумдаш баяндоочтор . . . . . 301
Туруктуу фразеологиялык айкалыштардан болгон тутумдаш баяндоочтор 302
Татаал аттардан богон тутумдаш баяндоочтор . . . . . 303
Татаал формалуу тутумдаш баяндоочтор . . . . . 304
Корутунду . . . . . 309

VI ГЛАВА

БАШ МҮЧӨЛӨРДҮН БАЙЛАНЫШЫ

Жалпы бөлүм . . . . . 312
Баш мүчөлөрдүн ээрчишүүсүнүн жалпы негизи . . . . . 317
Этиштик баяндоочтордун ээрчишүүсү . . . . . 328
Зат атоочтук баяндоочтордун ээрчишүүсү . . . . . 331
Сын жана сан атоочтор менен тактоочтордон болгон баяндоочтордун ээрчишүүсү . . . . . 332
Ат атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтордун ээрчишүүсү . . . . . 333
Кээ бир терминдердин маанилери . . . . . 335
Пайдаланылган жана каралып чыккан адабияттар . . . . . 337

## КИРИШҮҮ

**§ 1.** Азыркы кыргыз тили, башка түрк тилдери менен дүйнө жүзүнө таралган көп сандаган элдердин тилдери сыяктуу эле, байыркы заманда эле пайда болгон тилдердин катарына кирет. Ал өзүнүн басып өткөн узак жолунда бул тилге ээ болгон элдин, кыргыз элинин, маанилүү катнаш куралы катары кызмат кылып келген жана ал бул мезгилдердин ичинде лексикалык составы, грамматикалык курулуш жагынан өзгөрүп, өнүгүп-өсүп олтуруп, элибиздин азыркы күндөгү улуттук адабий тилине айланды.

Бүгүнкү күндө кыргыздын оозеки адабий тили менен бирге, анын жазма адабий тили да кеңири кулач жайды. Республикабызда ондогон газета-журналдар чыгат, орто мектептерде бардык предметтер боюнча окуу китептери эне тилинде чыгып, эне тилинде окутулат, жогорку жана атайын орто окуу жайлары үчүн да айрым бир окуу куралдары эне тилинде чыгып жатат. Жазуучуларыбыз менен окумуштууларыбыздын чыгармалары, салымдары биринчи кезекте эне тилинде жарык көрүүдө. Мына ушулардын бардыгы биригип келип биздин жазма адабий тилибиздин атайын изилдөө объектиси катары, бүгүнкү күндөгү маданий өнүгүшүбүздүн көрүнүшү, күзгүсү катары күн тартибине коюлууга татыктуу болуп олтурат.

**§ 2.** Өзүнүн чыгышы, өнүгүшү жагынан коомдун жогорку өнүгүш мезгилине таандык, улуу прогресстин алтын барагы болгон жазма адабий тил азыркы шартта орду, ролу жагынан, оозеки элдик тил сыяктуу эле, маанилүү байланыш куралы катары кызмат кылуу менен бирге, бар болгону, ал оозеки тилдин графикалык гана чагылдырылышы болуп саналат. Адабий тилдин нормасы кылымдар, доорлор бою өнүгүп-өскөн жалпы элдик тилдин базасында гана калыпташат. Ошондуктан анда элдик тилдин закон ченемдүүлүгү негизги норма, багыт катары алынышы зарыл шарттардын бири болуп эсептелет. Ошондо гана ал табийгый байланыш куралы оозеки тилге жакын жана ага мүнөздүү ар кыл бөтөнчөлүктөрдү туура чагылыштыра алат, ошондо гана ал жалпы элдик тилдин органикалык байланыштагы жазуу түрүндөгү формасы боло алат.

Дал мына ушул планда анын, жазма адабий тилдин, оозеки тилге катышын жана жазма тилге гана мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрүн изилдөө тил илимининн, адабий тилдин, башкы объектилеринин бири катарында алдыбызга тартылат.



стимдүүлүгү, табигыйлыгы, кызыктуулугу ошончолук даража
артканын болот, элдик тилдин казнасын ошончолук устаттык
нен толук да, туура да пайдаланган болобуз.

Бул жерде мына ушул кырдаалга байланыштуу, алдыбызга оп олтурган изилдөө объектибиздин спецификасына байланыштуу жазма адабий тилибизде жалпы элдик тилдеги орун ган сүйлөмдүн конструкциялык түрлөрүнүн реализацияланы- айрыкча назарыбызды буруп, анын басма сөздө алган сфесы жөнүндө бир-эки ооз сөз козгой кетүү артыкчылык кылт го деген пикирде болуп олтурабыз.

Басма сөздө сүйлөмдүн конструкциялык байлыгын пайдаламанеси али толук жолго коюлган эмес. Изденүүлөр, аторлук дагы эле болсо аздык, жетишсиздик кылат. Айрыкпериодикалык басма сөз ушундайча абалда турат, басма дө орун алган стандарттык конструкциядагы сүйлөмдөрдү а адабий тилдин нормасы, жаңы норма катары түшүнүшөбү, ор адабий тилдин күчү, баарыдан мурда, сүйлөмдүн синтакник-конструкциялык формасына байланыштуулугун, жалпыбирдей даражада жетимдүү болушуна байланыштуулугун на сүйлөм конструкция, типология жагынан канчалык дарада бай болсо, билдирилүүчү маанилери да ошончолук эле ражада көп кырдуу, ар кыл болорун, тилдин ошончолук дажада өнүккөндүгүнүн күзгүсү болорун анчалык назарга ышпайт. Мына ушундан барып сүйлөмдүн конструкциялык эл түрлөрү четте калып, натыйжада, адабий тилдин тийиштүү интаксистик-конструкциялык формалар менен байыш жакта- анчалык ири арым жасап кең кулач жаза албай жаткандай ыктанат.

Мында биз сүйлөмдүн конструкциялык түрлөрүнүн басма сөздө алган орду жөнүндө жайынча гана айтып олтурган жерибиз жок. Баарыдан мурда, мында азыркы кыргыз тилине алган изилдөө иштеринде традиция катарында келаткан жазма, басма адабияттарды гана пайдалануу, көрүнүктүү жазуучулардын чыгармаларынан жыйналган фактыларга гана таянуу жетишсиздик кыла тургандыгы жөнүндө айткыбыз келип олтурат. Анткени, басма тилде катталган сүйлөмдүн түрлөрү элдик тилдин бүт конструкциялык формаларын өз кучагына камтый албайт, анын үстүнө, айрым бир жазуучунун тилинин синтаксисин жазып жаткан жерибиз да жок, азыркы кыргыз тилин изилдеп жатабыз. Ошондуктан бул ишибизде периодикалык басма сөз жана белгилүү жазуучу, акындардын чыгармалары менен катар, элдик чыгармалар, жомоктор, жаш жазуучулардын чыгармалары да кеңири пайдаланылды.

б) Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү — кыргыз жана башка түрк тилдеринин синтаксисин изилдөөчүлөрдүн эбактан бери эле назарын бөлүп келе жаткан борбордук маселелердин бири. Алар, баш мүчөлөр, атайын монографиялык изилдөөлөрдөн

тартып орто мектептер менен жогорку окуу жайларына арналган окуу китептерине, окуу куралдарына чейин орун алган.

Бирок бул изилдөө иштеринде баш мүчөлөрдүн бир кыйла актуалдуу маселелери терең илимий негизде али аныктала элек. Айрым бир кандидаттык диссертацияларда фронталдык планда гана жалпы мүнөздөмө бирелсе, жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксисине арналган доктордук диссертациялардын кай бирлеринде анын бир жагына көбүрөөк назар салынса, экинчилеринде даты бир башкача табиятына басымдуу көңүл бөлүнгөн. Үчүнчү бир изилдөө иштеринде элементардык маалыматтар гана берилген. Ушинтип, баш мүчөлөрдүн изилдениши деңгээли жагынан да, көлөмү жагынан да ар кыл, али да болсо тийиштүү деңгээлге, бир системага келтириле элек десек болот. Алардын ортосунда термин, классификация, система, талкууланышы жагынан да тийиштүү карама-каршылыктар да жок эмес.

Мына ушуларды, колдон келишинче, тереңирээк изилдеп, ар тараптан жарык кылып жүзөгө ашырууда бизге чейин жүргүзүлгөн бай изилдөө иштерин пайдаланып, алардын жетишкендиктерин, кемчиликтерин эске алып, кыргыз тилинин фактысында белгилүү бир системага келтирүү жана анын толугураак жарык кылуу максатын алдыбызга коюп олтурабыз.

Баш мүчөлөрдүн ар тараптан жарык кылынышы советтик түркологияга, советтик окумуштууларга таандык. Чындыгында, бизге чейинки жүргүзүлгөн бай изилдөөлөрдүн баалуу салымдарын өздөштүрбөй туруп, биздин бул эмгекти жүзөгө ашырышыбыз да мүмкүн эмес эле. Түрк тилдери боюнча иштелген көп сандаган атайын жана фронталдык изилдөө иштери гана бул маселе боюнча айкын бир жыйынтыкка келишибизге мүмкүнчүлүк берип олтурат. Ал эми, биздин байкообузча, көзгө чалдыккан, бул иште талданып өтүлгөн айрым бир изилдөө иштеринин жетишсиздиктери болсо ал эмгектердин ролун төмөн түшүрө албайт. Мүмкүн, бул жерде өзүбүз да айрым бир маселелер боюнча белгилүү даражада аша чаап, орунсуз талкуулап жаткан чыгарбыз, аны көрсөтүүчү бир гана келечек, ансыз, мындай пикир алышуулар болмоюнча, илимдин өнүгүшү жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эмес го.

Бул чакан эмгегибизде каралган айрым бир маселелерди жана алар жөнүндө болгон башка изилдөөчүлөрдүн көз караштарын мындайча мүнөздөсөк болот.

### а) Сүйлөмдү мүчөлөштүрүү боюнча

Ар бир иштин башталышы, бүгүнкү күндөгү абалы, өзүнө мүнөздүү кандайдыр бир бөтөнчөлүгү болгон сыяктуу, синтаксистик категориялардын да аткарган милдеттерине жараша ар кыл өзгөчөлүктөрү болуп, алардын мына ушундайча тийиштүү түрлөргө бөлүнүшүндө белгилүү бир чегин коюучу баштапкы



а) Кыргыздын азыркы адабий тили анын грамматикалык курулушунун, лексикалык байлыгынын доорлор бою өнүгүшүнүн жыйынтыгы, бүгүнкү күндөгү абалы, көрүнүшү болуп, ал мына ошол мезгилдердин ичинде, бир жагынан, өзүнүн ички ресурсунун эсебинен, жергиликтүү диалектилердин эсебинен грамматикалык курулушу жагынан өркүндөп, лексикалык жагынан улам жаңы сөздөр менен байып олтурган. Экинчи жагынан, башка коншу элдердин, карым-катышта жашаган элдердин тилдеринин эсебинен да өзүнүн лексикалык составын барган сайын жаңы сөздөр менен толуктап олтурган.

Мына ушундайча, азыркы кыргыз тили өзүнүн узак жолунда бул, же тигил мүнөздөгү ар кыл өнүгүүлөрдүн, катмарлардын изин сактаган жыйындысы болуп, бул өнүгүш тенденциясы эч убакта токтолбойт, анын динамикасы күнү бүгүнкүсүндөй түбөлүк жашайт.

Бирок мына ушундан барып, мейли оозеки тилде болсун, мейли жазма тилде болсун, аларда орун алган бардык эле көрүнүштөр оозеки тилдин, же жазма адабий тилдин нормасына туура келген фактор катарында кабыл алынышы, каралышы тийишпи, же алардын да белгилүү бир нормасы, чеги барбы, эмнелер адабий тилдин нормасы катары таанылышы, же эмнелер адабий тилдин нормасынан четте турган көрүнүштөр катары каралышы тийиш деген маселе келип чыгат.

Адабий тил жалпы үчүн бирдей даражада түшүнүктүү болуш үчүн белгилү бир нормага таянуу керек. Ал азчылыктын речиндеги бөтөнчөлүктөрдү көпчүлүккө таануулоо жолу менен эмес, анын тетирисинче, көпчүлүктүн речинде орун алган негизги багытты жалпыга тегиз жайылтуу жолу менен өз нормасын түзүү тийиш. Адабий тилдин нормасы, тилдин тазалыгы мына ушунда турат. «Тилдин тазалыгы үчүн, маани жагынан тактыгы үчүн, курчтугу үчүн күрөшүү анын маданий курал болушу үчүн күрөшүү болот».[1] Дал мына ушул негизде оозеки тил менен жазма тилдин биримдик нормага келтирилиши, демек, алардын ортосунда кандайдыр бир жалпы платформанын болушу өтө зарыл. Бир мезгилдерде территориялык, администрациялык жактан бытырандылыктын, экономикалык жактан чачкындуулуктун натыйжасында келип чыккан, же сакталып калган ар кылдуулуктар, өзгөчөлүктөр жалы бир билимдикке келтирүү, бир нормага салуу керек, «...тилдеги бузулууларга согуш жарыялоо убактысы жетти»[1] дегендик болот.

б) Жазма адабий тил оозеки тил менен белгилүү карым-катышта болуу менен бирге, анын өз керт башына гана мүнөздүү айрым бир өзгөчөлүктөрү да болот.

---

[1] М. Горький, О литературе, М., 1955, 669-бет.
[2] В. И. Ленин, Чыргамалар, IV бас., т. 30, 274 бет.

Жазма адабий тилди орду, ролу боюнч аалганда ал таралыш сферасы, аралык жана мезгил жагынан оозеки тилге каралыш сферасы, аралык жана мезгил жагынан оозеки тилге караганда алда канча кең арымдуу келет. Басма сөз, радио жана телевидение аркылуу жаратылышта, турмушта болуп жаткан укмуштуу көрүнүштөр, окуялар, кабарлар тез эле убакыттын ичинде дүйнөнүн бардык бурчтарына таралып кетет. Ар башка тилдерде жазылган илимдин, адабияттын дүйнөлүк байлыктарын, алар кайсы гана доордо жарык көргөн болсо да, ар бир эл, ар бир адам дал бүгүнкү күнү өз эне тилинде окуу, пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн алат.

Бирок жазма тил, канчалык кеңири кулач жайып, канчалык зор мааниге ээ болсо да, анын таралыш чеги канчалык даражада арымдуу келсе да, ал, бар болгону, табигый коммуникативдик байланыштын (оозеки речтин) жасалма мүнөздөгү гана, шарттуу түрдөгү гана формасы болуп саналат. Ал коомдун белгилүү бир өнүгүш деңгээлинде адамзаттын аң-сезимдүү чыгармачылык ишинин, аракетинин натыйжасында түзүлгөн жасалма, графикалык байланыш системасы болуп эсептелет. Мына ушул жагынан ал, жазма тил, оозеки тилге мүнөздүү болгон айрым бир бөтөнчөлүктөрдү өз кучагына камтый албайт. Оозеки тилге толук түрдө туура келе бербейт. Мына ушундан келип, жазма тилде ойду так берүү муктаждыгынан келип, жазма адабий тилдин оозеки тилге караганда башкача бир түрдөгү өзгөчөлүктөрү, ыкмалары пайда болгон, сүйлөмдүн конструкциялык жагы өзгөрүүлөргө учурайт, лексикалардын тандалышы талап кылынат, тыныш белгилеринин системасы пайда болот. Анын мына ушул оозеки речке карай катышын, айрымасын, стилистикалык бөтөнчөлүктөрүн изилдөө, тийиштүү бир нормага келтирүү тил илиминин башкы милдети болуп олтурат.

Аны, жалпысынан, мындайча мүнөздөөгө болот: жазуу речи ар бир жекече алынган улуттук тилдин фонемиалдык табиятына негизделүүчү графикалык система болуп, анда оозеки речке мүнөздүү болгон акустикалык каражаттар — интонация, басым, тыным жана башка ар кыл үндүн музыкалык кыймылдары, күүлөрү кошо камтылган эмес. Булардын кай бирлери гана сүйлөмдүн курулушуна жараша тийиштүү тыныш белгилери аркылуу өтө жөнөкөйлөштүрүлгөн түрдө белгиленип жүрөт. Мына ошол оозеки речке мүнөздүү болгон табийгый каражаттарды жазуу речинин өз кучагына камтый албагандыгы анда речтин өзгөчө бир конструкцияда курулушуна, сөз тандоо ыкмаларын пайдаланышына алып келген. Жазуу речинде лексиканын айкын, так маани берүүчү түрлөрүнүн тандалып алышы, сүйлөмдүн конструкциялык жактан оозеки речке караганда башкача бир мүнөздө, толугураак түзүлүштө болгон түрлөрү, конструкциялары кеңири орун алган. Биз оозеки речте эч убакта адабияттык чыгармаларда, романдарда жазылгандай, же газета-журналдарда орун алгандай татаал конструкцияларда сүйлөбөйбүз. Сөз тандоо жагына да анчалык назар салынбайт. Бир гана бул жагынан басма сөздө орун алган диалогдук речь гана формасы жагынан оозеки речке бир аз жакын, туура келет.



Анткени, жазуу речинде оозеки речке мүнөздүү болгон аталып өтүлгөндөй табигый каражаттар толук түрдө графикалык жактан белгиленбегенден кийин, анда сүйлөмдө билдирилүүчү ойдун айкын, так жана курч мүнөздө билдирилиши үчүн өзгөчө бир кошумча түрдөгү каражаттардын изделиши зарыл болуп, дал ошондон барып сүйлөмдүн конструкциялык жактан өзгөчө мүнөздө колдонулушу келип пайда болгон. Мисалы, жазма адабий тилде жайылма жана кошмо сүйлөмдөрдүн түрлөрү кеңири орун алган. Ал эми, оозеки речте болсо сүйлөмдүн андай түрлөрүнүн колдонулушу дайым эле талап кылына бербейт. Айтуучу кыска эле сүйлөмдөр, же өзүнчө турган сөздөр аркылуу эле үндүн ар кыл табигый кыймылдарынын кошулушу аркылуу тийиштүү ойду так да, элестуу түрдө да билдире да, түшүндүрө да алат.

Бирок жазма адабий тил конструкциялык жактан оозеки тилден канчалык даражада өзгөчөлөнүп турган болсо да, ал жалпы элдик тилдин нормасында гана түзүлөт жана оозеки тилдин закон ченемдүүлүгүнөн четке чыгып кетүүгө тийиш эмес. Анын жалпы элдик тилдин закон ченемдүүлүгүнүн сферасынын чегинде гана бул, же тигил мүнөздөгү багытта өнүгүшү, орун алышы мүмкүн. Жазма адабий тилдин мына ушул жагына айрыкча назар салынышы тийиш.

Адабий тилибиздин изилдениш зарылчылыгы мына ушунда, дал ушул факторлордун катышынын туура негизде жарык кылынышында, пайдаланылышында болуп, иш жүзүндө бул маселе теориялык гана кызыкчылык эмес, баарыдан мурда, бүгүнкү күндүн күн тартибине коюлган практикалык муктаждык да, зарылчылык да болуп саналат.

§ 3. Тил — адам баласынын маанилүү катнаш куралы болуп, анын бул коммуникативдик функциясы сүйлөмдөр аркылуу жүзөгө ашырылат. Ошондуктан сүйлөм жөнүндөгү окуу тилдин синтаксисинин негизги объектиси болуп саналат.

Жалпы жонунан алганда сүйлөмдүн табияты, маани жагынан ар кылдуулугу анын составдык бөлүктөрү болуп келген сөздөрдүн жаратылышына, функционалдык касиетине, алардын грамматикалык жактан уюшулушуна тыгыз түрдө байланыштуу болот. Мына ушундайча, «Жалпы нерсе жеке нерседе гана, жеке нерсе аркылуу жашап турат. Ар кандай жеке нерсе дегенибиз (кандай гана болбосун) жалпы нерсе болот. Ар кандай жалпы нерсе дегенибиз жеке нерсенин (бир бөлүкчөсү, же бир жагы, же маңызы) болуп саналат».[1] Демек, тил дегенибиз жалпы нерсе болуп, анын функционалдык касиети сүйлөмдүн

[1] В. И. Ленин, Чыгармалар, IV бас. (кырг. 1 бас.), т. 36, 399 бет.

табияты аркылуу шартталган сыяктуу, сүйлөмдөр да өз кезегинде грамматикалык биримдикте турган сөздөрдүн катышына, же кошмо сүйлөмдөрдө болсо өз ара айкалышта турган жөнөкөй сүйлөмдөрдүн катышына негизделип, сүйлөмдүн кандай гана түрүн албайлы, алар өзүлөрүнүн ошол составдык бөлүктөрү болуп келген синтаксистик категориялардын касиетине карай, жеке нерселердин ички биримдигине карай шартталып турган болот.

Ошол себептүү сүйлөмдүн табиятын, спецификасын айкын-ачык түшүнүү үчүн, аны туура багытта изилдөө үчүн анын ошол курулуш материалдары болуп келген сөздөрдүн, синтаксистик категориялардын касиетин, спецификасын аныктоо, алардын ролун белгилөө иши зор мааниге ээ. Анткени, ар кандай жалпы нерселер жеке нерселерден тургандыктан, жеке нерселер аркылуу жашап тургандыктан, «абстрактуу чындык жок, чындык ар дайым конкреттүү болот»[1] — да, маркстик диалектика ар кандай изилдөө объектисин, «...өнүгүүнү анын бардык конкреттүүлүгүндө, абдан толук үйрөнүү негизинде далилдейт»[2]. Ушинтип, сүйлөмдүн жаратылышы анын конкреттүүлүгүн түзүп турган бул, же тигил мүнөздөгү милдет аткарып турган синтаксистик категориялардын ролуна тыгыз түрдө байланыштуу болот.

Мына ошондо тил илиминде, тилдин синтаксисинде, сүйлөм мүчөлөрүн жана грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн терең илимий негизде изилденишине чоң маани берилет.

Бирок сүйлөмдүн бардык эле түрлөрүнүн ортосуна параллелдик белги коюлушу да мүмкүн эмес. Сүйлөмдүн айрым бир түрлөрүнүн, маселен, атама сүйлөмдөрдүн тийиштүү синтаксистик категориялардын түрлөрүнө ажыратылышы мүмкүн эмес, ал эми, экинчи бир түрлөрүндө болсо (дагы эле бир составдуу сүйлөмдөрдүн башка бир түрлөрүндө) систаксистик категориялардын ичинен сүйлөм ээлери жок болот, катышпайт. Ушинтип, грамматикалык сүйлөмдөрдө да дайым эле «ар кандай жеке нерсе жалпы нерсеге толук кире бербейт»,[3] демек, сүйлөмдүн бардык эле түрлөрүндө бул, же тигил синтаксистик категориялар бирдей даражада катышпайт. Сүйлөмдүн структуралык, типологиялык жана маани жагынан көп кырдуулугу мына ушундайча кырдаалдар менен түшүндүрүлөт.

**§ 4.** Сүйлөмдүн бул составдык бөлүктөрү болуп келген сөздөр сүйлөмдөгү ролу, аткарган милдети жагынан бир кыл эмес, алар ошол синтаксистик аткарган милдетине, ролуна жараша өз ара синтаксистик категориялардын бул, же тигил мүнөздөгү тийиштүү түрлөрүнө бөлүнөт.

[1] Ушул эле эмгек, т. 7, 474 бет.
[2] Ушул эле эмгек, т. 7. 474 бет.
[3] В. И. Ленин, Чыгармалар, IV бас. (кырг. 1 бас.), т. 36, 399 бет.



Алардын ичинен сүйлөмдүн баш мүчөлөрү эң негизги ролдо ойноп да, сүйлөмдүн башкы уюштуруучу борбору катары келишип, иш жүзүндө сүйлөмдүн спецификасын мына ушулар түзүп турган болот.

Айкындооч мүчөлөр болсо, алардын кайсы гана түрүн албайлы, болгону, баш мүчөлөргө карай колдонулуучу жана пайда болгон гана экинчи кезектеги синтаксистик категориялар болуп саналат.

Грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр сүйлөм мүчөлөрүнөн барып өнүгүп чыккан жана азыркы шарты боюнча сүйлөмдүн жалпы жонуна гана карай колдонулуучу синтаксистик категориялар болуп, предикативдик айкалыштар-комплекстер болбогон жерде булардын болушу жөнүндө да сөз болушу мүмкүн эмес.

Сүйлөмдүн составдык бөлүктөрү болуп келген сөздөрдү алардын мына ушул белгиленип өтүлгөндөй ролуна карата караганда, ушинтип, баш мүчөлөр жөнүндө сөз жүргүзүү дегенибиз сүйлөм жөнүндөгү окуунун негизги спецификасы жөнүндө сөз козгоо болуп, баш мүчөлөр сүйлөмдүн жалпы эле табиятын изилдөө ишинде негизги фона катарында алдыбызга тартылат. Демек, баш мүчөлөрдүн табияты жетиштүү даражада аныкталбай, туура жарык кылынбай туруп, кайсы гана синтаксистик категорияны албайлы, сүйлөмдүн кайсы гана түрүн албайлы, алардын да жетиштүү түрдө аныкталышы, ачык-айкын чагылыштырылышы жөнүндө да сөз болушу мүмкүн эмес. Баш мүчөлөрдүн ролу, анын өзүнчө изилдөө объектиси катары алынышынын мааниси мына ушунда турат.

**§ 5.** Жаратылышта, коомдук өнүгүштө форма менен мазмун биримдикте, өз ара катышта турган сыяктуу, тил да коомдук көрүнүш катары анын функциясын тейлеп турган формасы, каражаты сүйлөм болуп, өз учурунда сүйлөмдүн сыртқы түзүлүшү, ачыгыраак айтканда, анын составдык бөлүгү болуп келген сөздөр, интонация, тыным, басым ж. б., жалпысынан, алардын грамматикалык жактан уюшулушу анын формасы, мазмундун жашаш ыкмасы болуп, сүйлөмдүн бул составдык элементтеринин катышына жараша сүйлөмдүн билдирүүчү мааниси, мазмун, оттенка жагынан көп кырдуулугу анын мазмунун түзөт. Ушинтип, грамматикалык сүйлөмдө да форма менен мазмун ажыралгыс диалектикалык биримдикте турган болот.

Грамматикалык сүйлөмдө анын спецификалык формасы, уюткусу баш мүчөлөр болуп, бул баш мүчөлөр сүйлөмдүн башка түрдөгү милдет аткарып турган составдык бөлүктөрү менен биримдикте айтылганда, алардын бардыгы биригип келип сүйлөмдүн жалпы грамматикалык структурасын түзөт да, биринчиси (баш мүчөлөр) сүйлөмдүн спецификалык, экинчиси (баш жана айкындооч мүчөлөр, грамматикалык жактан сүйлөмгө

мүчө боло албаган сөздөр кошо алынганда) жалпы эле мазмундун жашаш формасы, ыкмасы катарында келишет.

Мына ушул жагынан алганда сүйлөмдүн көп кырдуу маанисин, касиетин аныктоо ишинде анын грамматикалык структурасынын, биринчи кезекте баш мүчөлөрүнүн табиятынын изилдениишине чоң маани берилет.

**§ 6.** Бул изилдөө ишибизде негизги үч маселеге көңүл буролду, Алар: 1) баш мүчөлөрдүн кыргыз жана башка түрк тилдеринде изилдениш, талкууланыш маселелери; 2) анын (баш мүчөлөрдүн) изилдөө объектибиз болуп олтурган кыргыз адабий тилиндеги мүнөзү жана негизги орду; 3) баш мүчөлөрдү изилдөө ишинин теориялык жана практикалык мааниси.

а) Ар кандай изилдөөнүн баштапкы, негизги объектиси ошол аныкталып жаткан нерсенин өзүнөн, анын касиетин ачуу ишинен башталган сыяктуу, мында да биз баш мүчөлөрдү аныктоо ишин анын нагыз өзү, материаясы болгон азыркы кыргыз тилинен топтолгон фактылардан баштап, дал ошол материалдардын негизинде тийиштүү жыйынтыктарга келдик. Ал фактыларды жыйноо жана изилдөө, жыйынтыктоо ишинде мындайча мүнөздөгү өтө маанилүү деп тапкан маселелерди эске алдык.

Бүгүнкү күндөгү кыргыз адабий тилин толук түрдө калыпташып, тилдин элдик байлыгын жетиштүү даражада пайдаланып бүттү деп кесе айтуу азырынча өтө кыйын. Адабий тилибиз дагы эле болсо үздүксүз түрдө ички ресурсу болгон жергиликтүү диалектилердин эсебинен, элдик чыгармалардын эсебинен улам жаңы сүйлөмдүн конструкциялык түрлөрү менен, улам жаңы сөздөр менен баюу жолунда турат.

Тилдин лексикалык өнүгүш тенденциясы, албетте, анын грамматикалык курулушунун өнүгүшүнө караганда алда канча кыймылдуу келет да, ошондуктан ал көз алдыга дапдаана чалдыгып да, ачык-айкын байкалып да турат.

Бирок анын синтаксистик конструкциялык жактан өнүгүшүн байкоо өзүнүн замандашына бир топ татаалыраак. Ошондой болсо да, элдик чыгармаларда, оозеки речте орун алган сүйлөмдүн конструкциялык түрлөрү аркылуу жазма тилде орун алган бөтөнчөлүктөрдү белгилүү даражада аныктоо мүмкүнчүлүгү жок эмес.

Тилдин байлыгы, өнүккөндүгү, күчү анын мына ушул эки негизги булагында: лексикалык байлыгы менен сүйлөмдүн конструкциялык түрлөрүндө болуп, булардын жазма адабий тилде тийиштүү деңгээлде пайдаланылышы улуттук тилден башкы маселелеринен болуп саналат.

Адабий тилибизде, айрыкча, жазуу речинде айкын, элестүү, курч маани берүүчү сөздөр жана алардын синонимиялары канчалык өлчөмдө кылдаттык менен тандалып алынса, жалпы элге бирдей даражада түшүнүктүү болгон сүйлөмдүн табигый конструкциялары канчалык даражада кеңири орун алган болсо, анын



белгиси катарында сүйлөмдү мүчөлөштүрүү иши башкы орундардын бирин ээлейт. Ошол себептүү мүчөлөштүрүү иши синтаксистик категориялардын адепки жарык кылына башташ маселесин өз кучагына камтыйт да, ал сүйлөм мүчөлөрүнүн түрлөрүн жана грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдү ажыратууда негизги критерия катарында пайдаланылат.

Бул жагынан алганда сүйлөмдүү мүчөлөштүрүүнүн ролу теориялык жактан да, практикалык жактан да өтө зор, бул жетигил синтаксистик категориялар сүйлөмдүн материалдык оболочкасы, курулуш материалы катары кандайча бөтөнчөлүктөрү боюнча бири-биринен айырмаланып, эмне белгилерине карай алардын функционалдык табияты шартталып турары мүчөлөштүрүү ишине карай гана белгиленет.

Тилдин синтаксисинин бул маанилүү маселеси, сүйлөмдү мүчөлөштүрүү иши, кыргыз жана башка түрк тилдеринде, негизинен, нормативдик грамматикалардан гана орун алган.

Бирок нормативдик грамматикаларда сүйлөмдү синтаксистик категориялардын түрлөрүнө ажыратуу иши, бир жагынан, окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрү менен билим деңгээлине байланыштуу, экинчи жактан, бул маселелерге арналган атайын кенири, терең изилдөө иштеринин жүргүзүлбөгөндүгүнө байланыштуу жетишерлик илимий деңгээлде жарык кылынган эмес. Ошонда (нормативдик грамматикаларда) мүчөлөштүрүүгө карай берилүүчү суроолор гана негизги белги катары коюлган, бул абал, критерия сүйлөм мүчөлөрүн грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдөн ажыратуу жагын гана өз кучагына ала алат. Мүчөлөштүрүүнүн негизги белгиси болгон суроо алардын (сүйлөм мүчөлөрүнүн) синтаксистик милдеттерин ар кылдуулугун шарттап, коррективдеп турган синтаксистик катышы капарга алынбай калган.

Ал эми, түрк тилдеринин синтаксистик курулушун аныктоого арналган көп сандаган түркологиялык адабияттардын ичинен профессор М. Б. Балакаевдин «Азыркы казак тили»[1] аттуу эмгегинде гана мүчөлөштүрүү иши атайын изилдөө объектиси катары коюлат. Мында сүйлөм мүчөлөрүнүн негизги критериясы катары айкалышта турган сөздөрдүн синтаксистик катышына башкы маани берилген.

Азыркы кыргыз тилинин фактысында жана бизге чейин жүргүзүлгөн изилдөө иштерин эске алып, мүчөлөштүрүү ишинин төмөндөгүчө маселелерине токтолдук.

Биринчиден, сүйлөмдө катышкан сөздөрдүн синтаксистик милдеттеринин ар кылдуулугу алардын өз ара ар кыл катыштарда болушу аркылуу шарттары жана коррективдери, же

---

[1] М. Б. Балакаев, Совр. каз. яз., Алма-Ата, 1959, 119 бет.

тийиштүү бир катышта турбагандыгы менен мүнөздөлөрү башкы орунга коюлду:

а) Сүйлөмдүн тутумуна кирген сөздөрдүн бири экинчисине карай тийиштүү бир синтаксистик катыштарда турган болсо, алардын мүчөлүк милдет аткарары, ал эми, сүйлөмдө катышкан сөздөр айрым бир сөздөр менен катышта болбой, сүйлөмдүн жалпы жонуна таандык болуп айтылган болсо, грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган синтаксистик категориялардын — каратма, кириндi, сырдык сөздөрдүн, милдетин аткарары белгиленди.

Мисалы: 1. **Балам,** кайдан келдиң, райондонбу? (К. Б.). 2. **Эмне болсо да,** иштин эртеси жакшы. 3. **Бали,** азаматтык кылдың!

б) Бирок сүйлөмдө катышкан сөздөрдүн өз ара тийиштүү бир катышта болуш жагы алардын грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдөн айрымаланыш, чектелиш маселелерин гана өз кучагына ала алат да, сүйлөм мүчөлөрүнүн функционалдык ар кылдуулугу болсо айкалышта турган сөздөрдүн катыш өзгөчөлүгүнө туура келген форма жактарына карата коррективделери белгиленди. Дал ошол катыш, форма табиятына жараша сүйлөмдө катышкан сөздөр бул, же тигил түрдөгү синтаксистик милдет аткарат, дал ошол катыш, форма өзгөчөлүктөрү жагынан ар бир синтаксистик категория өз ара биринен айрымаланып турган болот.

Мисалы, түзүлүшү боюнча атооч жөндөмөдөгү сөздөр сүйлөмдө катышкан башка сөздөргө карай багынбаган абалда болсо, сөз болуп жаткан нерсенин аты катары келип, ээлик милдет аткарып турган болот да, ал эми, атооч жөндөмдөгү сөздөр сүйлөмдө катышкан башка сөздөргө карай грамматикалык жактан багынынкы, көз каранды абалда турган болсо, дал ошол багынынкы абалына туура келген катыш бөтөнчөлүгүнө жараша, эгер, предикативдик катышта болсо — баяндоочтук, атрибутивдик катышта болсо—айкындоочтук (аныктоочтук, же сыпат бышыктоочтук) милдет атакарат.

Мисалы: 1. **Биз** — эл. **Эл** — алп. 2. **Акылдуу** акылына сыйынат, **акылсыз** адам ангекке урунат.

в) Сүйлөм мүчөлөрүнүн сырткы түзүлүшү жагынан өз ара окшош болушу, бир жагынан, алардын синтаксистик аткарган милдеттерине тыгыз түрдө байланыштуу болот, мисалы, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн сүйлөмдө сөз болуп жаткан нерсенин аты катары келиши үчүн атооч жөндөмөдө турушу талап кылынса, анын (ээнин) айкын мүнөздөгү ким-эмнелигин, сын, сан кырдаалдарын баяндаш үчүн атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтордун да атооч жөндөмөдө турушу шартталган.

г) Экинчи жагынан, синтаксистик категориялардын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасы менен семантикалык табиятына да тыгыз түрдө байланыштуу болот.



Маселен, 1) III жактагы атооч жана тактооч сөздөрдөн болгон сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн синтаксистик милдети алардын атооч жөндөмөлүк формасы менен гана шартталбастан, алардын ээге карай алган сончул орун тартиби менен да коррективделип турат да, өз учурунда мындай сүйлөмдөрдө сүйлөм ээлеринин синтаксистик милдети да алардын баяндооч мүчөлөргө карай алган төрчүл орун абалы менен шартталып турган болот. Мына ушинтип, сырткы түзүлүш жагы бирдей болгон айрым бир сүйлөм мүчөлөрүндө бул, же тигил мүнөздөгү алардын позициялык абалы синтаксистик катышын коррективдейт, кошумча грамматикалык формасы катарында да кызмат кылып турган болот.

Ошондойчо эле, атооч жөндөмөдөгү аныктооч мүчөлөрдүн да аныкталгычтарга карай ээлеген төрчүл, же айрым учурларда сончул орун абалы алардын милдетин шартап турган, өзгөчө мүнөздөгү байланыш жана катыш формасы катары да келген болот.

Себеби, аталган сөз түркүмдөрүндө, атооч жана тактооч сөздөрдө, алардын аныктоочтук, же баяндоочтук (III жакта) милдетин шарттап турган атайын синтетикалык формасы жок болуп, мындай сөз түркүмдөрүнүн ээлик милдет аткаруучу, же аныкталгыч сөздөргө карай алган төрчүл, же сончул орду алардын милдетин коррективдөөчү жекеден-жеке синтаксистик белгиси катары түшкөн болот.

2) мүчөлүк милдет аткаруучу сөздөрдүн корективделишинде сөздөрдүн семантикалык жаратылышынын да ролу өтө зор. Анткени, сүйлөм мүчөлөрүнүн катыш маанилеринин ар кылдуулугу белгилүү даражада ошол айкалышта турган сөздөрдүн семантикасына, карым-катыштарына тыгыз түрдө байланыштуу болот. Мисалы, барыш, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү сөздөр өзүлөрүнүн семантикалык табиятына жараша, же аларды башкарып турган сөздөрдүн семантикалык касиетине карата бирде орун, же себеп, же максат бышыктоочтук милдет аткарып турушса, башка бир шарттарда сүйлөмдүн толуктооч мүчөсү болуп келишет. Мисалы: 1. Өз **жериме** келдим. Өз **жериме, элиме** кубанам. 2. **Окууга, билим алууга** барам. 3. Бул комуз **карагайдан** жасалыптыр. Азыр эле **карагайдан** келди. ж. б.

Бул келтирилген мисалдардан бирдей эле түзүлүштөгү сөздөрдүн ар башка синтаксистик милдет аткарып турушу толук даражада багынынкы жана багындыруучу сынар болуп келген сөздөрдүн семантикалык табиятына жараша коррективделип тургандыгы айкын көрүнүп турат.

Ал эми, кыйыр жөндөмөлөрдөгү (барыш, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү) сөздөрдүн баяндоочтук милдет аткарышы болсо адепки баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн

түшүп калышынан, же көмөкчү сөздөр категориясына өтүп кетишинен барып калыпташкан, айкындооч сөздөрдүн предикативдик катыш белгисине ээ болушунан пайда болгон көрүнүш болуп саналат. Мисалы: 1. Билим **окууда, эмгекте.** 2. Балам **шаарда.** 3. Мыкты адам болуу **билимден гана** эмес, **тарбиядан да болот.**

Экинчиден, сүйлөмдүн составдык бөлүгү болуп түшкөн синтаксистик категориялардын кай бирлерине тийиштүү суроо берилүү мүмкүнчүлүгү болсо, кээ бирлерине андайча суроолордун коюлуш мүмкүнчүлүгү жок болуп, бул кырдаал ал сөздөрдүн башка бир сөздөр менен синтаксистик катышта тургандыгына, же конкреттүү сөздөр менен катышта турбай, сүйлөмдүн жалпы жонуна таандык болуп тургандыгына байланыштуу көрүнүш, фактор болуп эсептелет. Сүйлөм мүчөлөрүнө кандайдыр бир суроонун коюлуш, же грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөргө тийиштүү суроо коюлбай тургандыгынын себеби мына ушунда. Бирок сүйлөм мүчөлөрүнө коюлуучу суроолор аркылуу алардын функционалдык ар кылдуулугун ажыратууга, чектөөгө мүмкүн эмес. Көп учурларда сүйлөмдө катышкан сөздөр ар башка синтаксистик милдет аткарып турушса да, бирдей эле суроо берилип калышы да толук ыктымал. Ошондуктан сүйлөм мүчөлөрүн аларга берилүүчү суроолорго карай ажыратуу жетишсиздик кылат, нормативдик грамматикаларда гана орун албаса, илимий аспекте жетишсиз чөнөм болуп саналат.

Үчүнчүдөн, ушул эле главада синтаксистик категориялардын абстракцияланыш маселелери да каралды.

Ар бир жекече алынган сөздүн семантикалык табияты алда канча чектелген, белгилүү гана лексика—семантикалык маани бөтөнчөлүгүнө ээ болуп турат. Алар нерселик, белги, сын, сан, өлчөм, ирет, аракет, абал, дагы ушулар сыяктуу ар кандай мүнөздөгү жекече түшүнүктөрдү билдиришет.

Сөздөр сүйлөмдүн синтаксисинин карамагына түшүп, анын тутумунда турганда, өзүлөрүнчө тургандагыларындай нерсе, белги, кыймыл, сан, ирет сыяктуу айкын түшүнүктөрдү билдирүү касиеттеринен ажырап калышат да, аткарган синтаксистик милдеттеринин мүнөзүнө ылайык ар кыл касиеттеги синтаксистик категориялардын түрлөрүнө бөлүнөт. Мында алар бул, же тигил сөз түркүмүнө кирген сөздөр катарында эмес, демек, алардын параллели катарында эмес, сөздөрдүн функционалдык абалы боюнча грамматикалык жактан абстракцияланган категория катарында, синтаксистик категориялар катарында таанылат, каралат.

Ал эми, сүйлөмдө катышкан сөздөрдүн жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлөрдүн түрлөрүнө ажыратылышы болсо өзүнчө жеке турган сөздүн, же өз ара ажыралгыс биримдикте турган бир нече сөздүн бир гана сүйлөм мүчөсү болуп келишине карай классификацияланды.

Бул маселелер ишибиздин мындан кийинки бөлүмдөрүндө өнүктүрүлдү жана негизги критерия, белги катарында пайдаланылды.

### Ээ боюнча

Түрк тилдеринин синтаксистик курулушуна арналган эмгектердин дээрлик бардыгында сүйлөм ээлеринин табиятына айрыкча назар салынган. Анткени, сүйлөмдүн бул, же тигил түрлөрүнүн аныкталышында аларды баш мүчөлөргө байланыштырбай туруп чечүү, бул маанилүү грамматикалык факторлорду кыя басып кетүү мүмкүн эмес.

Бирок изилдөө иштеринде ээ жөнүндөгү маселелер, негизинен, туура багытта каралган болсо да, анын спецификасын, табиятын шарттап турган элементтери жетиштүү даражада системага келтириле электиги, али толук такталбагандыгы байкалды.

Маселен, айрым бир изилдөөчүлөр ээнин аныктамасынын, табиятынын негизине анын сөз болуп жаткан нерселердин аттары катары келишин коюшса (А. Н. Кононов,[1] Е. И. Убрятова,[2] А. С. Сафаев[3] ж. б.), башка бирлери (Н. П. Дыренкова,[4] Г. Д. Санжеев,[5] М. Б. Балакаев[6] ж. б.) ээнин аныктамасын баяндооч сөздөр менен байланышта беришкен.

Албетте, ээнин табиятынын баяндооч сөздөргө биримдикте, байланышта аныкталышы жаман эмес дечи. Касиети толугураак ачылат дечи. Бирок бул багыт менен барганда, сүйлөм ээлери гана эмес, анда бардык эле синтаксистик категориялардын аныктамалары өзүлөрү байланышта турган сөздөр менен байланышта белгилениши тийиш болуп чыгар эле.

Ал эми, жалпы эле изилдөөчүлөр тарабынан сүйлөм ээлеринин сөз болуп жаткан нерселердин аттары катары каралышы өтө орундуу, бирок бул маселе да жетишерлик даражада аягына чейин чыгарылган эмес, анын мына ушул табиятын шарттап турган түзүлүшүнө келгенде айрым бир эмгектерде чаржайыттыктардын да орун алгандыгын айта кетүүгө туура келет.

Бул кырдаал белгилүү даражада морфологиялык изилдөөлөргө да байланыштуу экендиги байкалды. Айрыкча атооч жөн-

---

[1] А. Н. Кононов, Гр. совр. узб. лит. яз., М.-Л., 1960, бети. 383; Гр. совр. тур. лит. яз., М.-Л., 1956, бети. 348.

[2] Е. И. Убрятова, Ислл. по синт. якут. яз., М.-Л., 1950, бети 91;

[3] А. С. Сафаев, Гл. чл. прост. предл. в совр. узб. яз., Ташкент, 1958, бети. 13;

[4] Н. Д. Дыренкова, Гр. ойр. яз., М.-Л., 1940, бети 228; Гр. щор. яз., бети 259.

[5] Г. Д. Санжеев, Гр. бур-монг. яз., М.-Л., 1941, бети 142.

[6] М. Б. Балакаев, Совр. каз. яз., Алма-Ата, 1959, бети 122.

дөмө категориясын өтө кең, чаржайыт карагандыктын натыйжасында ээнин номинативдик касиетине туура келген формасынын жокко чыгарылууга чейин жеткен учурларын жапажашыруу мүмкүн эмес болуп олтурат.

Маселен, революцияга чейин жана революциядан кийин жарыкка чыккан бир топ көрүнүктүү окумуштуулардын эмгектеринде «негизги» («основной», «неопределенный») жөндөмө деген термин колдонулуп (П. М. Мелиоранский,[1] В. А. Гордлевский,[2] Н. К. Дмитриев,[3] А. Н. Кононов,[4] ж. б.), анда бул аталган жөндөмөгө атооч жөндөмөдөгү сөздөр менен катар, жөндөмө уландылары көмүстө калган илик, табыш жөндөмө категориялары да кошо бириктирилип жиберилген. Мына ушундан барып дал ушул көз караштын таасири алдында түрк тилдеринин синтаксисин изилдеп жаткан айрым бир окумуштуулар ээнин атайын формасы жок, түрк тилдеринде сүйлөм номинативдик касиетке ээ эмес деген пикирге келишкен (Е. И. Убрятова[5]).

Сөзсүз, басымдуу көпчулук окумуштуулар ээнин функционалдык табиятын туура баамдашып, анын номинативдик касиети атооч жөндөмөлүк формасы менен шартталарын туура белгилешкен, «негизги» жөндөмө жөнүндөгү түшүнүк ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн түзүлүш системасына толук туура келбей тургандыгын байкашкан.[6]

Чындыгында да, ээнин түзүлүшүн «негизги» жөндөмөгө шайкеш коюу анын формасын тануунга, анын номинативдигин тануунга алып келери талашсыз. Себеби, аны уландылары көмүстө калган кыйыр жөндөмөдөгү сөздөр менен биримдикте кароо, бир жагынан, ээнин табиятын шарттоочу туруктуу белгисин, атооч жөндөмөлүк формасын, тануунга алып келсе, экинчи жагынан, анын сүйлөмдө катышкан башка сөздөргө багынбаган абалын да кошо тануунга алып барат да, дал ушунун өзү эле аны атрибутивдик катыштагы сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнө барабар карагандык болуп чыгат.

Ал эми, иш жүзүндө кыйыр жөндөмө уландыларынын көмүстө калышы, же колдонулушу атрибутивдик катыштагы сөздөрдүн айкын, же каймана катышын тейлөөчү стилдик ыкма экендиги түрк тилдеринде эбак эле далилденген танылчыс чындык болуп саналат.[1]

Ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн дагы бир башка түрдөгү спецификалык формасы катарында атоочтук сүйлөмдөрдө анын баяндоочко карай алган төрчүл орун абалы каралды. Анткени, көпчүлүк изилдөөчүлөр тарабынан III жактагы ээлерге байланышта турган атоочтук баяндоочтордун ээге карата ээлеген сончул орун тартиби алардын милдетин шарттап турган баяндоочтук формасы катары каралган сыяктуу (Асан — **малчы**), мында да ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн табияты алардын жалаң гана атооч жөндөмөлүк формасы менен чектелбестен, баяндооч сөздөргө карай алган төрчүл орду менен шартталган (**Уй** — мал). Ошондуктан орун абалын баш мүчөлөрдүн биринде анын синтаксистик милдетин корективдеп турган формасы катары алып, экинчисинде тиешеси жок көрүнүш катары каймана мамиле кылууга мүмкүн эместиги көрүндү.

Мына ушундайча, баш мүчөлөр бири-бирине байланышта турган синтаксистик категориялар катарында гана эмес, айрым шарттарда бири-биринин функционалдык табиятын шарттап турган категориялар катары да алдыбызга коюлуп олтурат.

---

[1] П. М. Мелиоранский, Кратк. гр. каз.-кирг. яз., ч. II, С. П., 1897. бети 6.

[2] В. А. Гордилевский, Гр. турец. яз., М., 1928, бети 61.

[3] Н. К. Дмитриев, Гр. башк. яз., М.-Л., 1948, бети 61—62.

[4] А. Н. Кононов, Гр. совр. узб. лит. яз., М.-Л., 1960, бети 93.

[5] Е. И. Убрятова, Иссл. по синт. якут. яз., М.-Л., 1950, бети 19, 91, 92.

[6] Н. К. Дмитриев, аталган эмгек, бети 212; Н. П. Дыренкова, Гр. ойр. яз. 228 бет. Гр. щор. яз., 259 бет; Н. А. Баскаков, ног. яз. и его диал. 118 бет; М. Б.Балакаев, Сов. каз. яз., 122 бет; З. И. Будагова. Прост. предл. в азерб. лит. яз., авт., 18 бет; Э. В. Севортян, О некот, вопр. предл., Жыйнак. Ср. гр. тюрк. яз. III. 5 бет; Е. Д. Поливанов, Русс. гр. в сопост. с узб. яз., Ташкент, 1934, 56 бет.



### Кыйыр жөндөмөлөрдөгү аракет кылуучу жактар жөнүндө

Тилдин өнүгүшү, калыптанышы дегенибиз анын лексикалык жактан байышы жана морфологиялык курулушунун калыптанышы гана эмес, сүйлөмдүн синтаксистик курулушун да, лексика—морфологиялык факторлор катарында эле, дайыма өнүгүп, калыптанып турушу дегендик да болот.

Мына ушундайча, тилдин басып өткөн узак жолунда сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасынын базасында сүйлөмдүн составдык бөлүктөрү болуп келген синтаксистик категориялар үлгүлөшкөн жана алардын милдети менен түзүлүшү жагынан көп кырдуулугу келип пайда болгон. Демек, сүйлөмдүн калыпташында анын структура, маани, типология жагынан болгон көп түрдүүлүгү мына ушул өнүгүш, калыптаныш процессинин жыйынтыгы болуп саналат.

Башка синтаксистик категориялардын катарында эле бул өнүгүш, калыпташуу процесси сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнө да тикеден-тике тиешелүү.

Сүйлөм ээлери, мына ушул негизде каралганда, өзүнүн пайда болуш мезгилинен тартып күнү бүгүнкүгө чейин бирдей тү-

---

[1] Гр. алт. яз., сост. алт. мис., Казань, 1869, 140—141-беттер; Н. К. Дмитриев, Гр. башк. яз., 217 бет. ж. б.

зулуштө болгон деп түшүнүү жетишсиздик кылат. Анын атооч жөндөмөлүк формасы басып өткөн жолунун жыйынтыгы, бүгүнкү күнү гана болуп саналат.

Сүйлөмдүн кай бир түрлөрүндө грамматикалык ээ такыр жок болушу мүмкүн. Же болбосо дагы бир башка түрлөрүндө анын грамматикалык ээсинин ордуна кыйыр жөндөмөдөгү аракет кылуучу жактар, же логикалык субъектилер катышып турушу ыктымал. Булардын бардыгы анын өнүгүш, калыптаныш процессинде пайда болгон жаңы көрүнүш, же эски калдык болушу мүмкүн.

Ошондуктан кайсы гана синтаксистик категорияны албайлы, алардын мейли түзүлүш жагынан болсун, мейли функционалдык бөтөнчөлүгү жагынан болсун, кандайдыр бир стандарттык үлгүнүн негизинде аныкталышына жол берилүүгө тийиш эмес.

Маселен, азыркы кыргыз тилинде негизги багыт катарында сүйлөмдө атооч жөндөмөдөгү грамматикалык ээлер катышып туруу менен катар, анын башка бир түрлөрүндө грамматикалык ээлер жок болуп, анын ордуна илик жөндөмөдөгү аракет кылуучу жактар (**Менин** баргым келип турат), же жатыш жөндөмөдөгү логикалык субъектилер (Суунун **боюнда** чоң парк — суунун **бою** чоң парк) гана катышкан сүйлөмдөр да аз учурабайт.

Булардын ичинен илик жөндөмөдөгү аракет кылуучу жактар катышкан сүйлөмдөрдө **баргым кели турат** деген кемплекс тутумдаш баяндооч болуп түштү да, анын кыймыл атоочтордон болгон негизги сынарына жалганып турган (**баргым**) таандык (**-м**) уланды жак уландысынын функциясын аткарып калды.

Азыркы кыргыз тилинде айрым бир шарттарда мына ушул илик жөндөмөдөгү аракет кылуучу жактардын кыйыр (илик) жөндөмө формалары түшүп калып, сүйлөмдүн грамматикалык формадагы ээлерине айланып кеткен учурлары да байкалат.

Кай бир изилдөөчүлөрдүн көз карашына жана кыргыз тилинин фактысына караганда мындайча мүнөздөгү кайра калыптаныш процесси синтаксистик категориялардын соңку[1] үлгүлөнүш процессинин көрүнүшү экендиги, демек, эки түрдүү грамматикалык форманын параллель орун алышы, жашашы нак ушул кырдаалга, кайра калыпташуу процессине тыгыз байланыштуу маселе экендиги белгиленет.

Жатыш жөндөмөдөгү логикалык субъектилер жөнүндө да ушундайча эле пикирди айтууга болот.

---

[1] М. Б. Балакаев, Осн. вопр. синт. предл. в совр. каз. яз., Алма-Ата, 1950, авт. 16—17 бет; Совр. каз. яз., Алма-Ата, 1959, 122 бет; Э. В. Севортян, О некоторых вопр. струк. предл. в тюркск. яз., сб., Иссл. по ср гр тюрк. яз., ч. III, Ан СССР, М., 1961, 7 бет, Г. Д. Санжеев, Гр. бур.-монг. яз., М.-Л., 1941, 142 бет; Л. Ф. Зиндер, Т. В. Строева, Совр. нем. яз., М., 1957, 244 бет.



## ЭЭЛИК МИЛДЕТ АТКАРУУЧУ СӨЗДӨРДҮН КӨМҮСТӨ КАЛЫШЫ, ЖЕ ЖОК БОЛУП (ТҮШҮП) КАЛЫШЫ

Ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн көмүстө калышы айрым шарттарда стилдик ыкма катары келсе, башка бир учурларда анын колдонулушу таптакыр эле мүмкүн болбой калып, сүйлөмдүн жаңы түрлөрүнүн пайда болушуна алып келет.

Бул кырдаал белгилүү даражада сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн табиятына байланыштуу болот.

Эгерде, баяндооч сөздөр тийиштүү синтетикалык, же аналитикалык баяндоочтук формалар менен жабдылып турган болсо, мындай шартта ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн сүйлөмдө катышып турушу милдеттүү түрдөгү норма болуп саналбайт, стилдик талапка жараша анын сүйлөмдө катышып турушу да мүмкүн, же көмүстө калышына да жол берилет.

Ал эми, мындай аналитика-синтетикалык формадагы баяндоочтордун ичинен жак формаларындагы баяндооч сөздөрдүн мааниси өтө зор. Анткени, мындай баяндоочтор катышкан сүйлөмдөрдө жак уландыларына карай кандай сөздөрдүн ээ болору айкын түрдө белгилүү болуп, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн көмүстө калышы айрым шарттарда нормага айланып кетиши да ыктымал. Дал ушул сүйлөм ээлеринин көмүстө калышы туруктуу нормага айлана башташынан барып жамдама жактуу, туюк жактуу сүйлөмдөрдүн өнүккөндүгү, калыптанышкандыгы белгиленет.

Бирок бул маселе боюнча окумуштуулардын ортосунда али биримдик көз караш жок, айрымдары[1] ээнин стилдик ыкма катары көмүстө калышын жеткире байкашпай, андай сүйлөмдөрдү ээсиз сүйлөмдүн тобуна кошуп жүрүшсө, башка бирлери[2] кемтик сүйлөм катары карашат.

Андай болгондо, бир жагынан, диалогдо катышкан сүйлөмдөрдүн бардыгы тең эле кемтик сүйлөм катары каралып, толук сүйлөмдөр менен кемтик сүйлөмдөрдүн чеги таптакыр эле жоюлуп кеткен болор эле да, экинчи жагынан, жамдама жана туюк жактуу бир составдуу сүйлөмдөрдөн ээси стилдик ыкма катары көмүстө калган эки составду сүйлөмдөрдү ажыратуу жагы да татаалданып, булардын ортосуна да белгилүү бир чектин коюлушу мүмкүн болбой калар эле.

Мындайча чаржайыттык белгилүү даражада бир составдуу сүйлөмдөр менен эки составдуу сүйлөмдөрдүн чегин ажыратуу ишинде бөгөөл болушу да мүмкүн.

Маселен, жогорудагы эле аталып өтүлгөн изилдөөчүлөрдөй филология илимдеринин доктору З. И. Будагова бир составдуу

---

[1] Н. П. Дыренкова, Гр. ойр. яз., М.-Л., 1940, 229 бет.
А. С. Сафаев, Гл. чл. предл. в совр. узб. лит. яз., 33 бет.

[2] Е. И. Убрятова, Иссл. по синт. якут. яз., 86—87 беттер.
Г. И. Донидзе, аталган эмгек, 23 бет.

сүйлөмдөрдү эки составдуу сүйлөмдөрдөн ажыратуу ишинде чоң салым кошот, бирок бир составдуу сүйлөмдөрдүн өз ара чегин жана эки составдуу сүйлөмдөр менен катышын даана ажырата алган эмес. Автор кай бир туюк жактуу (онлары едам етмакми — аларды атмакпы) сүйлөмдөрдү жаксыз сүйлөм катары караган да, жаксыз сүйлөмдөрдө болсо ээнин жок болушу милдеттүү түрдөгү норма эмес, же болбосо ээ катышып турган болсо да, анын грамматикалык талапка туура келген ээси жок болот[1] деген орунсуз да, карама-каршы да тыянакка келген.

Ошондойчо эле, филология илмдеринин докторлору З. И. Будагова[2] менен М. З. Закиев[3] жолдоштор атама сүйлөмдөрдү изилдөө ишинде алардын баш мүчөлөрдүн биринин базасында түзүлөрүн орундуу белгилешет, баалуу салымдар кошот. Бирок авторлор мындай сүйлөмдөрдө ойдун объектиси менен предикаты бөлүнбөгөндүгүн айтуунун ордуна, кайта анын тетирисинче, баш мүчөлөрдүн экөө тең бир форманын ичинде болот деген тыянакка келет. Чындыгында, атама сүйлөмдөр составы жагынан баш мүчөлөрдүн түрлөрүнө ажыралбагандан, бөлүнбөгөндөн кийин, алардын (баш мүчөлөрдүн) бир форманын ичине кириши жөнүндө сөз болушу да тийиш эмес эле.

Профессор М. З. Закиев бул пикирин андан ары улантып, атама сүйлөмдөрдү сөз түркүмдөрү боюнча белгилейт, бирок, тилекке каршы, анысында да жаксыз сүйлөмдөр менен атама сүйлөмдөрдүн чеги бөлүнбөй калган, аралашып кеткен.

## ЭЭЛИК МИЛДЕТ АТКАРУУЧУ СӨЗДӨР ЖАНА АЛАРДЫН МААНИЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Ээлик милдет аткаруучу сөздөр жөнүндө изилдөөчүлөрдүн ортосунда кандайдыр бир кескин түрдөгү айрымачылыктар жок. Деталдаштыруу жагына келгенде гана бул, же тигил мүнөздөгү айрымалыктар бар экендигин айтууга болот. Ошол себептүү бул жерде анын бардыгын ийне жибине чейин берип олтуруунун да муктаждыгы жок.

Ал эми, бул алдыңыздарга тартууланып жаткан иште болсо бизге чейинки изилдөөчүлөрдүн жетишкендиктерин эске алып, аларды дагы терендетүү, белгилүү бир системага келтирүү максатын гана алдыбызга койдук.

Ээлик милдет аткаруучу сөздөрдөн кийин алардын маани бөтөнчөлүктөрү жана ошол маани бөтөнчөлүктөрүнүн негизинде турган факторлор каралды.

---

[1] З. И. Будагова, Прост. предл. в совр. азерб. лит. яз., авт., Баку, 1963, 36—37-беттер.

[2] З. И. Будагова, аталган эмгек, 33 бетти караңыз.

[3] М. З. Закиев, Синтаксический строй татарского языка, авт. д., Казань, 1963, 7 бетти караңыз.



Бул маселе, башкача айтканда, сүйлөм ээлеринин, ошондойчо эле, башка синтаксистик категориялардын да маанилери кыргыз жана башка түрк тилдеринде али изилдене элек, атайын изилдөө объектиси катарында күн тартибине коюла элек, көңүл бурула элек маселелердин бири.

Адатта синтаксистик категориялардын сүйлөмдөгү билдирүүчү, ээ болуп турган маанилери же алардын синтаксистик аткарган милдетине жараша нерселердин, процесстин аттары катары (маселен, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдө) каралат да, же сөз түркүмдөрүнүн семантикалык табиятына жараша нерселик, белгилик, сан-иреттик, аракеттик маани билдирери (көбүнчө, баяндоочтордо) же функционалдык табиятына, же лексикалык табиятына карата бир жактуу аныкталып жүрөт.

Мына ушундан барып, бир жагынан, сүйлөм мүчөлөрүнүн билдирген, ээ болуп турган түркүн-түркүн, кылдат-кылдат маанилерин жеткире түшүнүү, пайдалануу жагы канааттандырарлык абалда болбой олтурса, экинчи жагынан, окуу процессинде да синтаксистик категорияларды чектөө, аларды бири-биринен ажыратуу ишинде да таянарлык тийиштүү бир илимий таяныч, негиз жок болуп жүрөт. Маселен, көп учурларда бирдей эле түзүлүштөгү сөздөр, мисалы, барыш, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү сөздөр, бирде толуктоочтук милдет аткарып турса, башка бир шартта орун бышыктооч, же себеп, максат бышыктоочтук милдет аткарары белгилүү. Адатта буларды окуучулар берилүүчү суроолорго, же маанисине карата ажыратышат. Бирок окуучулардын мында бирдей эле түзүлүштөгү сөздөр эмне себептен ар башка синтаксистик милдет аткарып тургандыгы жөнүндө эч кандай маалыматы, түшүнүгү жок болуп чыгат. Анын себеби синтаксистик категориялардын функционалдык табияты менен алардын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн лексика-семантикалык касиеттеринин карым-катышынын окуучуларга жеткирилбегендигинде турат.

Мисалы: 1. **Миң-Капталга** жете кондук. 2. **Миң-Капталга** көңүлүбүз эргип, жүрөгүбүз толкуду. 3. Чымчыктар **алмага** конду. 4. **Алмага** дары себилди.

Берилген сүйлөмдөрдө **Миң-Капталга, алмага** деген сөздөрдүн биринчи жана үчүнчү мисалдарда орун бышыктоочтук, экинчи жана төртүнчү мисалдарда толуктоочтук милдет аткарышы бул сөздөрдүн орун, же объектилик семантикада болушуна байланыштуу болсо да, мында алар менен катышта турган **жете кондук, эргип, толкуду, конду, себилди** деген сөздөрдүн таасири өтө зор экендиги даана көрүнүп турат.

Же болбосо окуу ишинде мезгил, же орун-аралык семантикаларындагы сөздөр ээлик милдет аткарып турган болсо да (1. **Жыл** өттү. 2. **Жайлоо** малга толгон), аларды окуучулар көп убактарда мезгил, же орун бышыктоочтордон так ажырата

сүйлөмдөрдү эки составдуу сүйлөмдөрдөн ажыратуу ишинде чоң салым кошот, бирок бир составдуу сүйлөмдөрдүн өз ара чегин жана эки составдуу сүйлөмдөр менен катышын даана ажырата алган эмес. Автор кай бир туюк жактуу (онлары едам етмакми — аларды атмакпы) сүйлөмдөрдү жаксыз сүйлөм катары караган да, жаксыз сүйлөмдөрдө болсо ээнин жок болушу милдеттүү түрдөгү норма эмес, же болбосо ээ катышып турган болсо да, анын грамматикалык талапка туура келген ээси жок болот[1] деген орунсуз да, карама-каршы да тыянакка келген.

Ошондойчо эле, филология илмдеринин докторлору З. И. Будагова[2] менен М. З. Закиев[3] жолдоштор атама сүйлөмдөрдү изилдөө ишинде алардын баш мүчөлөрдүн биринин базасында түзүлөрүн орундуу белгилешет, баалуу салымдар кошот. Бирок авторлор мындай сүйлөмдөрдө ойдун объектиси менен предикаты бөлүнбөгөндүгүн айтуунун ордуна, кайта аның тетирисинче, баш мүчөлөрдүн экөө тең бир форманын ичинде болот деген тыянакка келет. Чындыгында, атама сүйлөмдөр составы жагынан баш мүчөлөрдүн түрлөрүнө ажыралбагандан, бөлүнбөгөндөн кийин, алардын (баш мүчөлөрдүн) бир форманын ичине кириши жөнүндө сөз болушу да тийиш эмес эле.

Профессор М. З. Закиев бул пикирин андан ары улантып, атама сүйлөмдөрдү сөз түркүмдөрү боюнча белгилейт, бирок, тилекке каршы, анысында да жаксыз сүйлөмдөр менен атама сүйлөмдөрдүн чеги бөлүнбөй калган, аралашып кеткен.

## ЭЭЛИК МИЛДЕТ АТКАРУУЧУ СӨЗДӨР ЖАНА АЛАРДЫН МААНИЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Ээлик милдет аткаруучу сөздөр жөнүндө изилдөөчүлөрдүн ортосунда кандайдыр бир кескин түрдөгү айрымачылыктар жок. Деталдаштыруу жагына келгенде гана бул, же тигил мүнөздөгү айрымалыктар бар экендигин айтууга болот. Ошол себептүү бул жерде анын бардыгын ийне жибине чейин берип олтуруунун да муктаждыгы жок.

Ал эми, бул алдыңыздарга тартууланып жаткан иште болсо бизге чейинки изилдөөчүлөрдүн жетишкендиктерин эске алып, аларды дагы терендетүү, белгилүү бир системага келтирүү максатын гана алдыбызга койдук.

Ээлик милдет аткаруучу сөздөрдөн кийин алардын маани бөтөнчөлүктөрү жана ошол маани бөтөнчөлүктөрүнүн негизинде турган факторлор каралды.

---

[1] З. И. Будагова, Прост. предл. в совр. азерб. лит. яз., авт., Баку, 1963, 36—37-беттер.

[2] З. И. Будагова, аталган эмгек, 33 бетти караңыз.

[3] М. З. Закиев, Синтаксический строй татарского языка, авт. д., Казань, 1963, 7 бетти караңыз.



Бул маселе, башкача айтканда, сүйлөм ээлеринин, ошондойчо эле, башка синтаксистик категориялардын да маанилери кыргыз жана башка түрк тилдеринде али изилдене элек, атайын изилдөө объектиси катарында күн тартибине коюла элек, көңүл бурула элек маселелердин бири.

Адатта синтаксистик категориялардын сүйлөмдөгү билдирүүчү, ээ болуп турган маанилери же алардын синтаксистик аткарган милдетине жараша нерселердин, процесстин аттары катары (маселен, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдө) каралат да, же сөз түркүмдөрүнүн семантикалык табиятына жараша нерселик, белгилик, сан-иреттик, аракеттик маани билдирери (көбүнчө, баяндоочтордо) же функционалдык табиятына, же лексикалык табиятына карата бир жактуу аныкталып жүрөт.

Мына ушундан барып, бир жагынан, сүйлөм мүчөлөрүнүн билдирген, ээ болуп турган түркүн-түркүн, кылдат-кылдат маанилерин жеткире түшүнүү, пайдалануу жагы канаатгандырарлык абалда болбой олтурса, экинчи жагынан, окуу процессинде да синтаксистик категорияларды чектөө, аларды бири-биринен ажыратуу ишинде да таянарлык тийиштүү бир илимий таяныч, негиз жок болуп жүрөт. Маселен, көп учурларда бирдей эле түзүлүштөгү сөздөр, мисалы, барыш, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү сөздөр, бирде толуктоочтук милдет аткарып турса, башка бир шартта орун бышыктооч, же себеп, максат бышыктоочтук милдет аткарары белгилүү. Адатта буларды окуучулар берилүүчү суроолорго, же маанисине карата ажыратышат. Бирок окуучулардын мында бирдей эле түзүлүштөгү сөздөр эмне себептен ар башка синтаксистик милдет аткарып тургандыгы жөнүндө эч кандай маалыматы, түшүнүгү жок болуп чыгат. Анын себеби синтаксистик категориялардын функционалдык табияты менен алардын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн лексика-семантикалык касиеттеринин карым-катышынын окуучуларга жеткирилбегендигинде турат.

Мисалы: 1. **Миң-Капталга** жете кондук. 2. **Миң-Капталга** көңүлүбүз эргип, жүрөгүбүз толкуду. 3. Чымчыктар **алмага** конду. 4. **Алмага** дары себилди.

Берилген сүйлөмдөрдө **Миң-Капталга, алмага** деген сөздөрдүн биринчи жана үчүнчү мисалдарда орун бышыктоочтук, экинчи жана төртүнчү мисалдарда толуктоочтук милдет аткарышы бул сөздөрдүн орун, же объектилик семантикада болушуна байланыштуу болсо да, мында алар менен катышта турган **жете кондук, эргип, толкуду, конду, себилди** деген сөздөрдүн таасири өтө зор экендиги даана көрүнүп турат.

Же болбосо окуу ишинде мезгил, же орун-аралык семантикаларындагы сөздөр ээлик милдет аткарып турган болсо да (1. **Жыл өттү.** 2. **Жайлоо** малга толгон), аларды окуучулар көп убактарда мезгил, же орун бышыктоочтордон так ажырата

алышпайт. Себеби, буларга окшогон ээлик милдет аткаруучу сөздөр семантика жагынан мезгил жана орун бышыктоочторго өтө окшош келишет.

Айрым шарттарда окуучулардын: 1. Сага **эмне жок.** 2. Айла жок ишке **чара жок,** — деген сыяктуу сүйлөмдөрдүн тутумундагы **эмне, айла, чара** деген сөздөрдү сыртқы түрүнө карап туруп эле сүйлөм ээлери катары караган учурлары да кездешип жүрөт.

Бул маселелердин теориялык жана практикалык жактан анчалык так, айкын болбой жатканынын себептери, биздин байкообузча, төмөндөгүчө актуалдуу маселелердин чечилишине тыгыз байланыштуу:

Биринчиден, сөз түркүмдөрүнүн семантикалык табияты жалпы мүнөздө гана аныкталып, алардын ич ара болгон семантикалык ар кылдуулугунун жетиштүү түрдө изилденбегенинде, классификацияланбаганында.

Экинчиден, сөз жасоо системасында жаңы пайда болгон сөздөрдүн ар кыл мааниде болушунда синтетикалык, аналитикалык сөз жасоочу формалардын, ыкмалардын ролунун жарык кылынбагандыгында.

Үчүнчүдөн, сөз өзгөрүү формаларынын да катыштык маанилеринин, дагы эле болсо, толук канааттандырарлык даражада изилденип жете электигинде.

Төртүнчүдөн, айкалышта турган сөздөрдүн карым-катыштары, бири-бирине тийгизген таасирлери жогоруда белгиленген факторлордун негизинде күнү бүгүнкүгө чейин атайын изилдөө объектиси катарында күн тартибине коюла электигинде.

Синтаксистик категориялардын же функционалдык жагына, же лексикалык маанисине карата бир жактуу аныкталышынын себеби мына ушунда, изилдөөчүлөрдүн мына ушул маселелерди эске албагандыгында, пайдаланбагандыгында.

Ишибизде бул маселени атайын изилдөө объектиси катары коюшубуздун себеби да мына ушунда.

Сүйлөм мүчөлөрүнүн ээ болуп турган, же билдирүүчү ар кыл маанилери жогоруда көрсөтүлгөндөй лексика — морфологиялык-синтаксистик факторлорго тыгыз түрдө байланыштуулугу түркологиялык адабияттарда аздыр-көптүр орун алган. Бирок алардын ролу, карым-катыштары белгилүү бир системага келтирилген эмес, канааттандырарлык деңгээлде жарык кылынган эмес. Бар болгону, чачкын, эпизоддук мүнөздөгү гана айрым бир пикирлерди жолуктурабыз.

Мисалы, профессор А. Н. Кононов[1] «ат айбан», «бир ат» деген сөз айкалыштарын талдап келип, биринчисинде, «ат» деген сөздүн нейтралдык мааниде турарын, экинчисинде туюк

[1] А. Н. Кононов, Гр. совр. турец. лит. яз., М.-Л., 1956, 97 бет.



маниге ээ болорун белгилесе, профессор Н. К. Дмитриев[2], анын сонунан доцент С. Кудайбергенов[3] түгөйлүү сөздөрдүн жамдоо, көптүк мааниде болорун көрсөтүшөт. Доцент К. Дыйканов[4] «Жусуптар» деген көптүк сандагы энчилүү ат катышкан айкалышты алып, аны энчилүү аттардын жамдалып айтылышы катары белгилейт.

Ал эми, академик В. А. Гордлевский[5] менен Н. Ф. Катановдун[6] эмгектеринде жана алтай тилинин грамматикасында[7] сөз түркүмдөрүнүн семантикасына жараша сүйлөм мүчөлөрү да ар кыл мааниде боло тургандыгы жөнүндө жалпы маалымат берилген. Профессор Г. Д. Санжеев[8] менен филология илимдеринин доктору З. И. Будагова[9] муну сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнө карата колдонуп, алардын ичинен ээлик милдет аткаруучу сөздөр кайсы сөз түркүмүнөн болгондугуна жараша көрүнүш, процесс, аракет, сан, белги, сапат маанилеринде болорун белгилешет. Филология илимдеринин кандидаты А. С. Сафаев[1] да, жалпы түрдө болсо да, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн пассивдүү жана активдүү субъект, жансыз объект, аракеттин атын, объектисин, туюк жак маанилеринде болорун орундуу талкуулайт.

## Ээнин составы

Сүйлөм ээлери бир сөздөн, же бир нече сөздүн ажыралгыс биримдигинен турары кыргыз жана башка түрк тилдеринин синтаксисин изилдеген окумуштуулардын дээрлик бардыгынын эмгектеринде орун алган. Бирок алардын айрымдарында составына карата жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлөрдүн түрлөрүнө бөлүнүп берилсе, башка бирлеринде жөн гана ээлик милдет аткаруучу сөздөр өзүнчө жеке турган сөздөн, же сөздөрдүн ажыралгыс биримдиктеги комплексинен болору гана көрсөтүлөт да, составына жараша белгилүү бир түрлөргө ажыратылган эмес.

Ал эми, составына жараша тийиштүү түрлөргө бөлүнүп берилген эмгектерде болсо биринде үч түргө бөлүнүп жүрсө, экинчи бир башкаларында экиге гана бөлүнүп талданат. Кыс-

[1] Н. К. Дмитриев, Гр. башк яз., М.-Л., 1948, 74—79 беттер.
[2] С. Кудайбергенов, Кыргыз тилиндеги мамиле катег., Фрунзе, 1959, 9—18 бетер.
[3] К. Дыйканов, Имя сущ. в кирг. яз., Фрунзе, 1955, 27 бет.
[4] В. А. Гордлевский, Гр. турец. яз., М., 1928, 75 бет.
[5] Н. Ф. Катанов, Опыт. иссл. урянх. яз., Казань, 1903, 898 бет.
[6] Грам. алт. яз., сост. алт. мис., Казань, 1869, 113—114, 132—140 беттер.
[7] Г. Д. Санжеев, Гр. бурят-монг. яз., М.-Л., 1941, 142 бет.
[8] З. И. Будагова, Прост. предл. в совр. азерб. лит. яз., авт., Баку, 1963, 18 бет.
[9] А. С. Сафаев, Гл. чл. предл. в совр. узб. яз., Ташкент, 1958, 13, 15, 44 беттер.

касы, классификация жагынан бирдей эмес, бир системага келтирилген эмес.

Изилдөө иштеринде колдонулган термин маселеси да чар-жайыт, бир кыл эмес, башка-башка терминдер колдонулуп жүрөт. Алардын кай бирлери орундуу алынган, иштин мазмунуна туура келет, башка бирлери тутумдаш мүчөлөргө мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү жетиштүү даражада өз кучагына камтый албайт, анын бир структуралык түрүнө гана туура келет.

Бир сөз менен айтканда, али да болсо, аягына чейин жеткирилген, бир биримдикке келтирилген эмес.

Маселен, а) академик В. А. Гордлевский[1] **бир, төрт** деген сан атоочтор тутумдашып турган сөздөрдү составдык ээ катары карайт да, андан ары аны өнүктүрүү, бир системга келтирүү, классификациялоо маселелерин өз алдына койгон да эмес. Ал эми, доцент Ш. С. Айларов[2] болсо жайылма аныктоочторду жөнөкөй аныктоочтордон ажыратуу маселесине токтолот да, баш мүчөлөрдүн составдык жагы жөнүндө ооз да ачпайт. Профессор Е. И. Убрятова[3] сүйлөм ээлеринин өзүнчө турган бир сөздөн, же бир нече сөздүн ажыралгыс биримдигинен да боло тургандыгын орундуу белгилейт, бирок аларды жөнөкөй жана составдык мүчөлөрдүн түрлөрүнө ажыратпайт.

б) Профессор А. Н. Кононов[4] сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн — ээсин да, баяндоочун да, экиге бөлөт да, алардын бирин жөнөкөй, экинчисин жайылма мүчө деп атайт.

Булардын ичинен сан атоочтор жана катыштык сөздөр менен толук маанилүү сөздөрдүн ажыралгыс биримдигинен болгон комплекстерди жайылма мүчө катары карайт да, өзүнчө жеке турган сөздөр ээлик милдет аткарып турса, жөнөкөй ээ катары белгилейт.

Мында, биздин байкообузча, автордун тутумдаш мүчөлөргө карай колдонгон жайылма мүчө деген термини анын (тутумдаш мүчөлөрдүн) составдык, структуралык бардык бөтөнчөлүктөрүн өз кучагына толук камтый албайт, анын бир түрүнө гана, жайылма комплекстерге гана туура келет.

Автор[5] мындан башка да айрым бир сүйлөмдүн типологиясына байланышта каралуучу маселелерди да сүйлөм мүчөлөрүнүн составдык өзгөчөлүктөрүнө орунсуз эле кошуп жиберген.

в) Окумуштуу Н. П. Дыренкова алтай, хакас, шор тилдеринин грамматикаларында[6] сүйлөм мүчөлөрүн составына карата жөнөкөй жана составдык мүчөлөрдүн түрлөрүнө ажыратат. Бир

---

[1] В. А. Гордлевский, Көрсөтүлгөн эмгек, 61 бет.
[2] Ш. С. Айляров, Учебн, турец. яз., М., 1954, 190 бет.
[3] Е. И. Убрятова, Көрсөтүлгөн эмгек, 93 бет.
[4] А. Н. Кононов, Гр. совр. турец. лит. яз., М.-Л., 1956, 373 бет, Гр. совр. узб. лит. яз., М.-Л., 1960, 352 бет.
[5] Ушул эле автор, Гр. совр. турец. лит. яз., 255 бет.
[6] Н. П. Дыренкова, аталган эмгектер, 227, 230, 261 беттерди караңыз.



гана автордун **сөөк-саак, аяк-кашык, кызыл жар** деген сыяктуу комплекстерди составдык мүчө катары белгилеши бир аз шек туудурат. Анткени, булар аталган тилдерде лексикалашып кеткен болсо, составдык мүчөлөрдүн тобуна киргизүүдө кандайча негизге таянууга болот.

Сүйлөмдүн составдык мүчөлөрүнүн көп орчундуу маселелери Казакстандын окумуштуулары тарабынан даярдалган «Азыркы казак тили»[1] аттуу эмгекте өтө кеңири чечилген. Анда баш мүчөлөр жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлөрдүн түрлөрүнө бөлүнүп, анын ичинен синтаксистик аткарган милдетине карай өз ара ажыралгыс биримдикте турган сөздөр менен туруктуу фразеологиялык айкалыштар сүйлөмдүн тутумдаш ээлери катары каралган да, башка сөздөр менен тутумдашпай, өзүнчө жеке турган сөздөр ээлик милдет аткарса, жөнөкөй ээ катары белгиленген.

Профессор М. Б. Балакаевдин[2] «Азыркы казак тили» аттуу эмгегинде да башка изилдөөчүлөргө караганда сүйлөмдүн жөнөкөй мүчөлөрүнүн да, тутумдаш мүчөлөрүнүн да түзүлүш жана составдык бөтөнчөлүктөрү алда канча терең да, кеңири да чечилген. Бирок автордун классификация жагы анчалык ынанарлык эмес.

Маселен, профессор М. Б. Балакаевдин классификациясы боюнча сүйлөм ээлери составына жараша жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлөр болуп экиге бөлүнбөстөн, жөнөкөй, татаал жана жайылма ээлер болуп үч түргө бөлүнүп берилген. Бул эмгектин коллектив тарабынан жазылган эмгектен айрымасы жайылма комплекстерди өзүнчө бөлүп карайт. Ал эми, иш жүзүндө болсо мындай муктаждыктын жок экендиги байкалып турат. Эгерде, сүйлөмдүн тутумдаш мүчөлөрүн түзүлүш жана составдык өзгөчөлүктөрүнө карата бул, же тигил түрлөргө бөлүп олтурсак, анда ээнин үч гана түрүн эмес, жалаң тутумдаш ээлердин 7—8 түрүн бөлүп чыгууга туура келер эле. Сүйлөм мүчөлөрүн мындайча классификациялоо, өтө деталдаштырып жиберүү теориялык кызыкчылык гана болбосо, практикалык жактан анын мааниси күчөмөк тургай, кайра өтө татаалдашып, чачкындуулукка кеңири эшик ачылган болот.

Ошондой болсо да, автордун бул маселеге кошкон салымы баа жеткис чоң. Сүйлөм мүчөлөрүнүн түзүлүш жана составдык жактарын ишенимдүү фактылардын негизинде ар тараптан кеңири аспектиде изилдеп чыккан.

### Баяндооч боюнча

Ээ болуп түшкөн сөздөргө караганда түрк тилдериндеги илимий адабияттарда сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнө көбү-

---

[1] Казирги казак тили, Каз. ССР Гыл. Акад., Алма-Ата, 1954, 413 бет.
[2] М. Б. Балакаев, Совр. каз. яз., Алма-Ата, 1959, 122 128 беттер.

рөөк назар салынган. Албетте, бул — өзүнөн-өзү түшүнүктүү маселе, закондуу көрүнүш. Сүйлөмдүн кайсы гана түрүн албайлы, мейли жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрү болсун, мейли кошмо сүйлөмдөрдүн түрлөрү болсун, мейли атоочтук, же чакчыл түрмөктөр болсун, булардын кайсынысынын табияты болсо да, структура жагынан баяндооч мүчөлөргө тыгыз байланышта чечилиши талап кылынат. Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн көбүрөөк даражада изилдөө объектиси катарында каралышынын себеби да мына ушунда.

Ошондой болсо да, каралып чыккан адабияттарга караганда баяндооч сөздөр түзүлүшү, составы жагынан да, аныктамасы жагынан да али толук изилденбегендиги, бир системага келтириле электиги көрүндү. Окумуштуулардын ортосунда айрым маселелер боюнча биримдик көз караштын жок экендиги байкалды.

Сөзсүз, андай өзгөчөлүктөрдүн айрымдары түрк тилдеринин системасына кирген тилдердин ар биринин жекече табиятына байланыштуу болушу да мүмкүн. Бирок айрым бир структуралык бөтөнчөлүктөрго карата бул тилдердеги синтаксистик категориялардын байланышы, жалпылыгы танылууга тийиш эмес. Тетирисинче, бул тилдердин ар биринде жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөр, улам жаңы ачуулар синтаксистик категориялардын, анын ичинде баш мүчөлөрдүн да касиетинин жарык болушунда маанилүү салым болуп саналат. Анткени, түрк тилдеринде сүйлөмдүн синтаксистик курулушу башка тектеш тилдерге караганда өтө жакын келип, бул кырдаал өз учурунда синтаксистик категориялардын платформасынын жалпылыгын, алардын өтө тыгыз байланыштуулугун белгилөөчү фактор болуп эсептелет.

а) Изилдөөчү Н. П. Дыренкова[1] алтай, шор, хакас тилдеринин грамматикаларында баяндооч мүчөлөрдүн аныктамасын этиш сөздөрдүн гана табиятына жараша негиздейт. Профессор А. Н. Кононов[2] болсо ээ жөнүндө бир нерсе билдирүүчү сөздөрдүн баяндооч болорун жалпы түрдө көрсөтөт да, профессор М. Б. Балакаев[3] сүйлөм ээсине мүнөздүү болгон аракет, абал жана белгини көрсөткөн сөздөрдүн баяндооч болорун конкреттештирип келип, аны мүмкүн катары толугураак берүү максатын коёт. Мына ушулар сыяктуу түрк тилдеринин биринде анын аныктамасы кеңирээк берилсе, экинчи бирлеринде кыска, же жондото берилет.

Баяндооч сөздөрдүн табияты айрыкча анын түзүлүш бөтөнчөлүктөрүн белгилөө ишине келгенде бир системага келтирилген эмес, түзүлүшүнө жараша классификациялоо жагынан болсун, термин жагынан болсун, али да талаш-тартыш.

[1] Н. П. Дыренкова, Гр. ойр. яз., 234 бет, Гр. шор. яз., 252 бет.
[2] А. Н. Кононов, Гр. совр. турец. лит. яз., 386 бет.
[3] М. Б. Балакаев, Совр. каз. яз., Алма-Ата, 1959, 131 бет.



Маселен, баяндооч мүчөлөрдүн синтаксистик милдети анын же тийиштүү сөз өзгөрүү формалары аркылуу тейленери, же позициялык абалына жараша шарттары профессорлор Э. В. Севортян[1], А. Н. Кононов[2] жана М. Б. Балакаев[3] тарабынан туура классификацияланып, аталган изилдөөчүлөр биринчисин баяндоочтук форманын «морфологиялык» ык боюнча тейлениши катарында, экинчисин «синтаксистик» ык боюнча тейлениши катарында белгилешет.

Мында маселенин коюлушу да жана анын чечилиши да өтө туура. Баяндоочтун түзүлүшүн чачкын бойдон калтырбай, аны тийиштүү белгилерине карай топтоо чоң жетишкендик. Бирок, биздин пикирибизче, баяндоочтук формалардын бир түрүн «морфологиялык» ыкма, экинчи түрүн «синтаксистик» ыкма катары кароонун муктаждыгы жок эле. Анткени, жалпы эле формалардын ар кыл болушу — сөз түркүмдөрүнүн табиятына байланыштуу маселе. Ошондуктан аны эки айрым билүүгө мүмкүн эмес, жөн гана баяндоочтук формалардын синтетикалык, аналитикалык жана позициялык ыктар боюнча тейленери белгиленсе деле жетиштүү болмок.

Баяндооч мүчөлөрдүн жогоруда көрсөтүлгөндөй синтаксистик милдетинин соңчул орун тартиби менен шартталышы профессор М. Б. Балакаев[4] менен доцент А. С. Сафаев[5] тарабынан баяндоочтук форманын «интонациялык» ык боюнча тейлениши катарында да каралган.

Албетте, атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор катышкан сүйлөмдөрдө этиш, же башка сөз түркүмдөрүнөн болгон баяндоочтор катышкан сүйлөмдөргө караганда интонациялык бөтөнчөлүктүн болору талашсыз маселе.

Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүбү, же башка мүчөлөрүбү, алар составы, түзүлүшү жагынан канчалык көп кырдуу болсо, анда интонациялык өзгөчөлүктүн да ошончолук көп түрдүү болору да талашсыз маселе.

Эгерде, мына ушул кырдаалды эске алган болсок, атооч сөздөрдөн болгон баяндоочторду интонациялык ык менен тейленген баяндоочтун түрү катарында кароого болбойт эле, себеби, интонацияны баяндоочтун карамагына берип, анын составдык элементи катары каралышы мүмкүн эмес. Андай болгондо баяндооч сөздөр катышпаган бир составдуу сүйлөмдөрдө (маселен, атама сүйлөмдө) интонация жок болот деп түшүнүшүбүз тийиш болуп чыгабы.

Чындыгында, баяндооч мүчөлөрүн бөлүп чыгарууга, ажы-

[1] Э. В. Севортян, Категор. сказуем., жыйнак, Иссл. по ср. грам. тюркск. яз., II, морф., М., 1956, 16—21 беттер.
[2] А. Н. Кононов, Гр. совр. турец. лит. яз., М.-Л., 1956, 386—395 беттер.
[3] М. Б. Балакаев, Совр. каз. яз., Алма-Ата, 1959, 131 бет.
[4] М. Б. Балакаев, аталган эмгек, 13, 131 беттер.
[5] А. С. Сафаев, аталган эмгек, 5, 78 беттер.

ратууга мүмкүн болбогон бир составдуу сүйлөр, негизинен, интонациянын жардамы аркылуу гана сүйлөмдүк касиетке ээ болуп турат. Интонация баяндоочтун гана карамагындагы грамматикалык каражат эмес, ал жалпы эле сүйлөмгө мүнөздүү грамматикалык каражат экендиги эстен чыгарылууга тийиш эмес.

Атоочтук сүйлөмдөрдө болсо интонциялык бөтөнчөлүк жөнүндө гана сөз болушу мүмкүн.

Азыркы мезгилде баяндооч сөздөрдүн түзүлүшүн белгилөөдө термин маселеси айрыкча чаржайыт болуп баратат. Көпчүлүк эмгектерде «баяндоочтук» деген термин колдонулуп, ал айрым бир изилдөөчүлөрдө морфологиялык аспекте каралса, башка бир изилдөөчүлөрдө баяндоочтук форма катары келүүчү бир нече морфологиялык категория бириктирилип, синтаксистик аспекте жарык кылынган.

Маселен, профессор Н. К. Дмитриев[1] баяндоочтук деген терминди жак уландыларына карай колдонот да, алардын өзүлөрү жалганган сөздөрдүн синтаксистик милдетин да кошо шарттарын белгилейт, жак категориясы катары карайт. Ушул эле терминди пайдаланып, профессор Э. В. Севортян[2] анын сферасы жак уландылары менен эле чектелбестен, баяндоочтук форма катары келүүчү башка түрдөгү грамматикалык факторлорду да ичине аларын көрсөтөт. Бирок автордун ага карай берген аныктамасы баш мүчөлөрдүн ички биримдигине туура келет, кандайдыр форма жөнүндө сөз болуп жаткан сыяктанбайт. Ал эми, профессор Н. А. Баскаков[3] болсо баяндоочтук деп аталган нерсеге, баяндоочтук формалардын жалпыланып алынышына каршы турат да, жак уландылары гана баяндоочтук деп аталышы тийиш, андан башка баяндоочтук форма түзүүчү морфологиялык факторлор өз аттары боюнча аталуу керек деген жыйынтыкка келген.

Мына ушундайча, аталган авторлордун ичинен профессор Н. К. Дмитриев менен профессор Н. А. Баскаковдун пикирлери боюнча баяндоочтук деген терминдин түшүнүгү жак уланды категориясына туура келет да, профессор Э. В. Севортяндын көз карашы боюнча, кандай гана форма, фактор болбосун, эгерде, ал баяндооч сөздөрдүн милдетин шарттап турган формасы катарында келген болсо, баяндоочтук деп аталышы тийиш болуп, баяндоочтук деген терминди морфологиялык категориянын аты катарында эмес, аны синтаксистик аспекте бир нече морфологиялык категориянын жалпыланып алынышы катарында коёт. Изилдөө ишибизде биз мына ушул соңку көз карашка

[1] Н. К. Дмитриев, Гр. башк. яз., М.-Л., 1948, 51 бет, К ист. аф. сказ. жыйнак, Иссл. по ср. гр. тюркск. яз., II, морф., М., 1956, 5—6 бет.

[2] Э. В. Севортян, Катег. сказуем., аталган жыйнак, 16 бет.

[3] Н. А. Баскаков, Система спряж. или изм. слов по лиц. в яз. тюркск. гр., аталган жыйнакта, 276, 277, 264, 175 беттер.



кошулдук, ал эми, жак жана башка категориялар болсо морфологиялык аспекте өз аттары менен аталса деле толук жетиштүү болгудай.

б) Баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөр менен баяндоочтун составы маселенин коюлушу жана чечилиши жагынан ээ бөлүгүнө өтө окшош.

Ошондуктан бул жерде аларды кайталап олтуруунун эч кандай муктаждыгы деле жок.

Мында бир аз гана баяндооч сөздөрдүн ээ жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маани өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз козгой кетүүгө туура келет.

Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү, бир жагынан, өзүлөрүнүн форма бөтөнчөлүгүнө жараша, экинчи жагынан, анын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн лексикалык маанисине жараша ээ болуп түшкөн сөздөрдүн ар кыл кырдаалдарын баяндайт. Маселен, заттык баяндоочтор ээнин нерселик белгисин, сын жана сан атоочтордон болгон баяндоочтор сын—белгисин, сан — иретин, этиштик баяндоочтор аракетин, абалын, дагы ушулар сыяктуу ар кыл кырдаалдарын билдирүү, баяндоо касиетине ээ болуп турушат. Эгерде, буларга окшогон баяндоочторго көмөкчү сөздөр айкалышып турган болсо, ээ жөнүндө билдирилүүчү маани алардын негизги бөлүгү аркылуу тейленет да, көмөкчү бөлүгү ар кыл кошумча, модалдык маани берүү ролунда болот.

Бирок баяндооч мүчөлөрдүн өзгөчө бир мүнөздөгү составдык түрлөрү да болот. Андай баяндоочтордун составындагы сөздөрдүн бири негизги сынар, экинчиси көмөкчү бөлүгү катары келбейт. Ээ жөнүндө баяндалуучу маани экөөнүн ажыралгыс биримдиги аркылуу билдирилет (1. Толгоп, толгоп **күү чалам,**

Толкундатып **үн салам**
(Токтогул).

2. Кыраан — катты **күлкү салса болобу** (Ш. Б.) ж. б.).

Сүйлөмдүн буларга окшогон баяндооч мүчөлөрү аналитикалык баяндоочтор деп аталат.

Мындай баяндоочторду пайда болуу, жасалыш жагынан алганда, алардын кай бирлери функционалдык ажыралгыс сөз айкалыштары болсо, басымдуу көпчүлүгү туруктуу фразеологиялык айкалыштардан турган болот.

Баяндооч мүчөлөрдүн бул белгиленип жаткан өзгөчө түрү профессор М. Б. Балакаев[1] тарабынан жөндөмө уландылары көмүстө калган жана жалганып турган кыйыр жөндөмөлөрдөгү толуктооч мүчөлөрдү ажыратуу, белгилөө ишине карай изилденген. Бирок аналитикалык баяндоочтордун спецификасы,

[1] М. Б. Балакаев, Казак тил. тура толуктауштар, Вестник АН Каз. ССР, 1948, № 10, 12; 19—28, 64 беттер. Совр. казах. яз., Алма-Ата, 1959, стр. 150.

калыпташуу даражалары жарык кылынбаган. Кадимки эле составдык баяндоочтор сыяктуу каралган.

Мындайча баяндоочтордун бир түрү болгон жайылма комплекстер жөнүндө профессор Н. А. Баскаков[1] да токтолот. Бирок автордун келтирген фактылары туура келбей калган. Берилген мисалдарына караганда «жайылма комплекстердин» чеги кандайдыр жок болуп калган, көпчүлүк изилдөөчүлөр тарабынан таанылган бул фактор тегинге чыгарылышы тийиш эмес эле.

в) Баяндооч мүчөлөр бөлүгүндө ушул убакытка чейин түркологиялык адабияттарда көңүл бурулбай келе жаткан баяндооч сөздөрдүн дагы бир өзгөчө түрү — татаал формалуу баяндооч мүчөлөр атайын өзүнчө изилдөө объектиси катарында орун алды.

Баяндоочтун бул түрүнүн түзүлүш, составдык жана билдирүүчү маани бөтөнчөлүктөрү төмөндөгүчө түрлөрү боюнча, колдон келишинче, бир кыйла кеңири белгиленди (1. Айтты да калды. Алам да коём. 2. Мейли, барса барайын. Окуса окуйм. 3. Кете берет, кете берет, акыры бир чоң шаарга кез болот. 4. Ал, ал, эмне карап турасың. Оку, оку, жакшы окуйт экенсиң. Токто-токто, кайда шашасың. 5. Эми деги окугандай окусаң. 6. Ал да кет. Жет да кайт. 7. Бар-барба, оку-окуба, өз ишиң. 8. Айтарын — айттым, болору — болду, боёсу канды. Биз күткөнүң күтөбүз, силер барбасын барбайсыңар. Окуганым окуган. Айтканым айткан, артка чегине албайм ж. б.).

[1] Н. А. Баскаков, Предл. разверн. чл. в каракалп. яз., жыйнак, Иссл. по ср. гр. тюрк. яз., III, синт., М., 1961, 113—114 беттер.

# I БӨЛҮК

## СҮЙЛӨМ

### I ГЛАВА

### Жалпы маалымат

§1. «Тил адам баласынын өз ара катнашынын маанилүү куралы болуп саналат»[1]. Тил аркылуу гана адамдар өз ара пикир алышып, бири-бири менен байланышып турушат.

Тилдин сөздүк байлыгы өзүнчө алынганда тил болуп саналбайт, тилдин курулуш материалы гана болуп эсептелет. Анткени, андай айрым алынган сөздөр ырааттуу, аякталган ойду билдирүү ишин тейлей албайт. Ошондуктан тилдин лексикалык байлыгы анын катнаш куралы болушунда курулуш материалы катары гана кызмат кылат. Алар тилдин грамматикасынын карамагына түшкөндө гана, дал ошол жекече алынган тилдин грамматикалык законунун негизинде тийиштүү айкашууларга келип, ошол айкашуулардын белгилүү бир түрү гана (сүйлөм) ырааттуу мааниге ээ болуп, аякталган ойду билдирүү ишин камсыз кыла алат. Тил илиминде андай катнаш процессин тейлөөчү грамматикалык жактан уюшулган сөз, же сөздөрдүн айкалыш комплекси сүйлөм болот.

Сөздөр өз ара бири-бири менен тийиштүү тартипте айкалышып, бул, же тигил касиеттеги синтаксистик структуралар пайда болот. Андайча айкалыш комплекстеринин бир түрү функциясына карай бүткөн ойду билдирип турса, башка бир түрлөрү номинативдик касиетке гана ээ болуп, өзүнчө туруп пикир алышуу ишин тейлей албайт. Айкалыш формаларынын мындайча коммуникативдик функция аткаруучу түрү **сүйлөм** болот да, анын составдык бөлүгү катары туруучу айкалыш формалары **сөз тизмеги** жана **комплекстик форма** деп аталат.

Дал мына ошол себептүү сүйлөм жөнүндөгү окуу тилдин синтаксисинин негизги объектисине кирет да, башка түрдөгү айкалыш формалары менен өзүнчө жеке турган сөздөр болсо сүйлөмгө

[1] В. И. Ленин, Чыгармалар, т. 20, 442—443-беттер

байланышта каралат да, анда өзүнүн аткарган милдетине ылайык бул, же тигил мүнөздөгү синтаксистик орунду ээлейт.

Демек, мындан бардык эле айкалыш формалары сүйлөм боло бербей тургандыгы айкын көрүнүп турат. Сүйлөмдөн башка да номинативдик касиеттеги айкалыш комплекстери да болору белгиленет. Сүйлөмдү мына ушул коммуникативдик милдет аткара албаган комплекстерден ажыратуу сүйлөм жөнүндөгү окуунун маанилүү маселелеринин бири болуп саналат.

**§ 2.** Сөздөр семантикалык мааниси менен грамматикалык структурасы жагынан ар түрдүү келет. Алар мына ошол касиеттерине жараша өз ара ар кыл ыктар боюнча айкалышат, ар түрдүү формаларда болушат. Сүйлөмдүн грамматикалык структурасынын көп түрдүүлүгү, типологиялык көп кырдуулугу, ушундайча, анын ошол курулуш материалдарынын сапатына, айкалышыкмаларына байланыштуу болот. Бирок сүйлөмдүн кандай гана түрүн албайлы, мейли кошмо сүйлөмдөр болсун, мейли жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бул, тигил түрлөрү болсун, алар жалпы жонунан аткарган милдети жагынан пикир алышуу ишин тейлейт. Мына ушундан барып сүйлөмдүн аныктамасы жекече алынган сүйлөмдөрдүн түрлөрүнө карата эмес, конкреттүүлүктөн ажыратылган жалпы эле сүйлөмдөрдүн мамилелери катарында алынышы, каралышы тийиш болуп чыгат. Маселен, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн кайсы гана түрүн албайлы, мейли толук, же кемтик сүйлөм болсун, мейли атама, жактуу, жаксыз, же бирөнчөй мүчөлүү сүйлөмдөр болсун, же кошмо сүйлөмдөрдүн кайсы гана түрүн албайлы, мейли тең байланыштагы, мейли багынынкы, же аралаш кошмо сүйлөмдөр болсун, булардын бардыгы тең, кайсынысын гана албайлы, кандай маани билдирип турган сүйлөм болсо да, баары бир, бүткөн ойду гана билдирип, пикир алышуу ишин гана тейлейт. Сүйлөмдүн аныктамасы жекече алынган кандайдыр бир сүйлөмдүн түрүнө негизделбестен, алардын бардык түрлөрүнүн негизинде аныкталышынын мааниси мына ушунда турат.

**§ 3.** Сүйлөмдүн функциясы, ар кыл маанилери, анын катнаш куралы болуп келиши анын составдык бөлүктөрү болуп түшкөн сөздөрдүн синтаксистик милдеттерине байланыштуу болуп, ал сөздөрдүн кай бирлери өзүлөрүнүн аткарган милдетинин бөтөнчөлүгүнө карай сүйлөмдүн негизги спецификасын, негизги склетин түзүп, сүйлөмдүн баш мүчөлөрү деп аталат да, экинчи бир түрдөгү милдет аткарган сөздөр сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнө гана байланышта колдонулуп, анын ар кандай кырдаалын толуктап, тактап турат. Сүйлөмдө мындайча милдет аткарып турган сөздөр айкындооч мүчөлөр деп аталат.

Сүйлөмдүн составдык бөлүгү катары булардан тышкары да грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган (каратма, кириндди жана сырдык сөздөр) сөздөр менен айрым бир байламта сөздөр, бөлүкчөлөр катышып турушу да ыктымал. Булар



да кандайдыр бир сүйлөм мүчөлөрү катары келишпегени менен, сүйлөмдүн жалпы жонуна таандык болуп турушуп, анын ар кыл касиеттерин шарттап, маанилүү грамматикалык факторлордун түрүнө киришет. Ушулардын бардыгы биригип келип сүйлөмдүн жалпы грамматикалык структурасын түзөт. Алардын ар бири, мейли сүйлөм мүчөлөрү катары келсин, мейли грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр катары келсин, жекече алынган тилдин закон ченемдүүлүгүнө жараша грамматикалык жактан уюшулган, узак мезгилдер бою калыпташкан жана бекемделген категориялар болуп саналат.

**§ 4.** Сүйлөмдүн грамматикалык жагынан уюшулушунун негизги каражаттарынын бири интонация болот. Ал айрым бир ойдун бүтүшүн мүнөздөйт. Эгер сүйлөмдүн табияты анын грамматикалык структурасы менен гана мүнөздөлгөн болсо, анда кай бир бир составдуу сүйлөмдөр (маселен, атама сүйлөм) сүйлөм жөнүндөгү окуунун сферасынан четте калар эле. Себеби, айрым бир составдуу сүйлөмдөр тийиштүү мүчөлөргө ажыратылбайт, предикативдик белгиге ээ эмес, ошондуктан андай сүйлөмдөрдө бүткөн ойдун билдирилиши дээрлик интонациянын катышы аркылуу жүзөгө ашырылат.

Ошондой эле, баяндоочтору атоочтордон болгон (айрыкча, зат атоочтордон турган) айрым бир, эки составдуу сүйлөмдөрдө да интонациянын ролу өтө зор. Интонациянын колдонулуш сферасы кенири. Сүйлөмдүн кандай гана түрү болсо да, алардын ар биринин өзүнө мүнөздүү белгилүү бир интонация катышып турат. Сүйлөмдүн модалдык түрлөрү да көп кездерде интонациянын табияты менен шартталат.

**§ 5.** Сүйлөмдөгү сөздөрдүн грамматикалык жактан уюшулушу деген нерсенин таралыш чеги өтө эле кенири. Анын табиятын сүйлөмдүн структуралык негизин түзүп турган баш жана айкындооч мүчөлөргө байланышта гана чектеп, таралыш чөйрөсүн тарайтууга болбойт.

Айкалышта турган сөздөрдүн грамматикалык жактан уюшулушу дегенибиз, мейли сөз тизмегинде болсун, мейли сүйлөмдө болсун, алардын сырткы формасына карата гана негизделбейт, баарыдан мурда, айкалышта турган сөздөрдүн ошол формасына туура келген ички биримдүүлүгүнүн, синтаксистик катыштарынын базасында турат да, интонация аркылуу кошумча түрдө коррективделет. Алардын бул, же тигил мүнөздөгү синтаксистик милдеттери мына ушундайча тартипте шартталат.

**§ 6.** Сүйлөмдү айрым бир бүткөн ойду билдириш функциясы жагы боюнча алганда дүйнө жүзүнө таралган башка тилдерден эч кандай айырмасы жок. Бирок сүйлөм ар бир жекече алынган тилде структурасы жагынан улуттук формага ээ болот. Анткени, ар бир тилдин башка бир тилдерге мүнөздүү болбогон, жеке гана өзүнө мүнөздүү болгон бул, же тигил мүнөздөгү куру-

луш бөтөнчөлүктөрү болушу мүмкүн. Мына ушул абалга байланыштуу ар бир улуттук тилде, же тектеш тилдерде сүйлөм ар кыл түзүлүштө болуп, жалпы адамзаттык стандарттуу курулуштагы сүйлөм жөнүндө сөз болууга да тийиш эмес. Мына ушундан келип ар бир тилде, же тектеш тилдерде анын атайын изилдөө объектиси катары каралыш муктаждыгы келип туулат.

Ошондой эле, сүйлөмдүн аткарган милдети боюнча, тагыраак айтканда, бүткөн ойду билдиришине карай, жалпы адамзаттык болушуна ылайык, аны логикалык категория ой жүргүзүүгө параллель коюуга да болбойт. Албетте, анын ой жүргүзүү менен өнүгүшү жагынан, ойдун материалдык формасы, оболочкасы болуп келиши жагынан тыгыз байланышы бар. Тилдин «...практикалык, ...чыныгы ан-сезим»[1] болушу мына ушунда турат. Бирок ой жүргүзүү закону жалпы адамзаттык болот да, грамматикалык сүйлөм улуттук формага ээ, ал (сүйлөм) ар бир жекече алынган тилдин, же белгилүү бир тектеш тилдердин закон ченемдүүлүгүнүн базасына, нормасына жараша тийиштүү өзгөчөлүктөргө ээ болуп турат.

## Баш мүчөлөр — сүйлөмдүн грамматикалык структурасынын негизи катарында

**§ 7.** Ээ менен баяндооч сүйлөмдүн баш мүчөлөрү деп аталат Себеби, сүйлөмдүн негизги уюткусун мына ушулар түзөт. Айкындооч мүчөлөр менен грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр болсо ээ менен баяндоочтун бирине таандык болуп айтылат, же сүйлөмдүн жалпы жонуна таандык болуп турат. Кыскасы, баш мүчөлөр эки составдуу сүйлөмдөрдүн негизги уюткусу катары келишип, сүйлөмдүн калган составдык бөлүктөрү мына ушуларга карай гана колдонулат. «Ушундайча, сүйлөм эки чондуктун — ээ менен баяндоочтун, синтези болот»,[2] ... айрым бир бүткөн ойдун билдирилиши, негизинен, мына ушулардын табиятына, грамматикалык биримдигине байланыштуу болот.

Баш мүчөлөр мына ушул аткарган эң маанилүү синтаксистик милдетинин өзгөчөлүгүнө жараша тийиштүү түзүлүштө болушуп, ал түзүлүш өзгөчөлүктөрү, бир жагынан, алардын айкашуучулук табияты менен, экинчи жагынан, анын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн касиетине карай ар кыл келет да, өз ара болгон катыш өзгөчөлүктөрүнүн базасында алардын синтаксистик милдеттери коррективделип турган болот.

Баш мүчөлөрдүн табияты, грамматикалык биримдиги жалпысынан мындайча мүнөздөлөт:

---

[1] К. Маркс, Ф. Энгельс, Соч., т. IV, 20—21-беттерди караңыз.
[2] Н. К. Дмитриев, Грамматика башкирского языка, М.-Л., 1948, 202-бет.



**§ 8.** Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү дегенибиз өз ара бири-бири менен багынынкы жол аркылуу айкалышкан толук маанилүү сөздөрдүн тобу — комплекси болуп эсептелет.

Мисалы: 1. **Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт** (эл макалы). 2. **Ат** тойгон жерине **качат, адам** туулган жерине **шашат** (эл макалы).

Баш мүчөлөрдүн ар бири өзүлөрүнө мүнөздүү тийиштүү түзүлүшкө ээ, бирок алар бири-бири менен тыгыз катышта болушат.

а) Маселен, сүйлөм ээлери сүйлөмдө катышкан кандайдыр бир башка сөздөргө багынбаган абалдагы сөз болот. Ал грамматикалык жактан баяндоочторго да, айкындоочторго да багынбайт. Өзүнүн дал ушул багынбаган абалына карай ээлик милдет аткаруучу сөздөр ар дайым атооч жөндөмдө турат.

Мисалы: 1. Басып жеген калкымды
**Бай-манаптар** куулду (Токтогул).

2. Акылдуунун **сөзү** кыска, айта салса — нуска (эл макалы).
3. **Сиз** көптү билиш үчүн көп окуңуз.

Бул сүйлөмдөрдөгү **бай-манаптар, сөзү, сиз** деген сөздөр башка сөздөргө багынынкы абалда турган жери жок, түзүлүшү боюнча атооч жөндөмдө турушат.

Мааниси боюнча сүйлөм ээлери сөз болуп жаткан нерселердин, кубулуштардын аттары катары келишет. Негизинен, сүйлөм ээлери кайсы сөз түркүмүнөн турган болсо да, нерселик, объектилик мааниде турган болот.

Мисалы: 1. **Сулуу** сулуу эмес, **сүйгөн** сулуу (эл макалы). 2. **Жоо аяган** жаралуу (эл макалы). 3. **Ырыстын алды** — ынтымак (эл макалы). 4. **Ачуу** — душман, **акыл** — дос, акылыңа акыл кош (эл макалы).

Сүйлөм ээлери составы жагынан өз ара ажыралгыс түрдө тутумдашып кеткен бир нече сөздүн комплекси болушу да мүмкүн.

Мисалы: 1. **Жанга күйгөн** — жандай дос, **жанга күйбөс** — таңдай дос (эл макалы). 2. **Таш койгон** ташын алат, **кыш койгон** кышын алат (эл макалы).

б) Баяндооч мүчөлөр грамматикалык жактан сүйлөм ээлерине багынынкы абалда турган синтаксистик категория болуп саналат. Ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн ар кыл кырдаалдарын баяндап турат.

Мисалы: 1. Жан жүрөктү өнөргө
Ашык кылган — **мугалим** (Ж. Б.).
2. Биз **студентпиз.**
3. Көлүм **көпкөк,** жер **жашыл**
Ажыратыс болгондой (А. Т.).

Сүйлөм ээлеринин ар кыл абалын, кырдаалдарын баяндоо ишине байланыштуу баяндоочтук милдетти ар түрдүү сөз түркүмдөрү аткарышат.

Мына ушул абалга байланыштуу, бир жагынан, баяндооч тук милдет аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасына жараша, экинчи жагынан, сүйлөм ээлери тарабынан коюлуучу байланыш талабына жараша, баяндооч сөздөр ар кыл формаларда болушат. Аны төмөнкүчө тартипте көрсөтүүгө болот:

1) Баяндооч мүчөлөр сүйлөм ээлерине багынынкы абалда турган мүчө болуп, ээлик милдет аткаруучу сөздөр менен тийиштүү грамматикалык биримдикте болуш муктаждыгынан келип алардын жак уландыларында турушу талап кылынат.

Булардын ичинен **-мын, -биз, -сың, -сыз, -сыңар** уландылары жак категорияларынын толук варианттары деп аталат да, алар атоочтордон турган баяндоочторго да, этиштик баяндоочторго да улана берет. Ал эми,**-м, -ң, -к, -ңар, -ңыз, -ңыздар** жана **-йын, -лы** (к) түрүндөгү уландылар этиштик баяндоочторго гана айкалыша алат.[1]

Мисалы: 1. Жакшы **болсоң,** жатык **бол,** улуу **болсоң,** кичүү **бол** (эл макалы). 2. Биз эртең **барабыз.**

3. Өзүмдүн өскөн жеримден
Азамат **көрдүм,** алп **көрдүм** (А. О.).

2) Баяндоочтук форма модалдык **-бы** (суроолуу), **-дыр** (кудук) уландылары аркылуу, же **экен, эле, чыгар, го** деген сыяктуу катыштык сөздөр аркылуу тейлениши да мүмкүн.

Мисалы: 1. Намысы жок туулган адам да **адамбы** (Н. Б.). 2. Мүмкүн, ал **Айшадыр,** эмгичекти **келгендир.** 3. Атка мингенде эле көчүгүң **кыйшык эле** (эл макалы). 4. Түү-үү, мени **зил баскан экен го,** атым **эмне болду экен!** (К. Ж.).

3) Эгерде баяндооч мүчөлөр III жактагы сүйлөм ээлери менен катышта турган болсо, анда баяндоочтук милдет аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн табиятына карай анын форма жактары да ар кыл ыкмалар аркылуу тейленет, ар кыл түзүлүштө болот.

Аны баяндоочтук милдет аткаруучу сөз түркүмдөрү боюнча төмөндөгүчө көрсөтүүгө болот.

**Этиштер боюнча:**

4) Баяндоочтор чак уландыларында болушат: 1. Жаман жолдош жоого **алдырат,** жаман сөз доого **калтырат** (эл макалы). 2. Чирик **чиритет,** ушак **өлтүрөт** (эл макалы). 3. Ала жылкы **жоголбойт,** арамза адам **оңолбойт** (эл макалы). 4. Көк-Ойроктон күңгөйгө **көчтүк** (С. С.).

---

[1] Булардын ар биринин колдонулуш тартиби ээрчишүү байланышында берилди.



5) Чакчыл уландылар да баяндоочтук форма катары келет: 1. Аргымактын жакшысы азыраак **оттоп,** көп жуушайт, азаматтын жакшысы азыраак **сүйлөп,** көп тыңшайт (эл макалы). 2. Балдар **чогулуп,** оюн башталды.

6) Шарттуу **-са** уландысы баяндоочтук форма катары келет:

1. Мүнүшкөр мыкты **таптаса,**
Бүркүттүн көркү алганда.
Уламалап **сүйлөсө,**
Урматтын көркү чалдарда (А. Т.).

7) Кыймыл атоочтор ээлик милдет аткаруучу сөздөргө карай сончул орун тартибинде турганда гана баяндоочтук милдет аткарат: 1. Биздин максатыбыз — **билим алуу, адам болуу.** 2. Сыйлашуунун белгиси — **алыш-бериш,** ынтымактын белгиси — **барыш-келиш** (эл макалы).

Бир гана **-мак** уландысындагы кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор орун тартибине көз каранды эмес: 1. Алар бармак. 2. **Келмек** эртең жолдошторум ж. б.

8) Буйрук этиштер да кандай орун абалында турушса да, баяндоочтук милдет аткара берет: 1. Акылдуунун алдында **жүр,** акмактын артында **жүр** (эл макалы). 2. Жакшы болсоң, жатык **бол,** ар ким жолдош башына (эл макалы). 3. Акылды акылмандан **сура** (эл макалы). 4. Иче турган кудукка **какырба** да, **түкүрбө** (эл макалы).

**Атоочтор боюнча:**

9) Зат, сын, сан, ат атоочтор, көбүнчө, ээлик милдет аткаруучу сөздөргө карай сончул орун тартибинде туруп, баяндоочтук милдет аткарышат: 1. Жакшылыкка жакшылык — ар кишинин **иши,** жамандыкка жакшылык — эр кишинин **иши** (эл макалы). 2. Акыл — тозбогон **тон,** билим — түгөнбөгөн **кен** (эл макалы).

3. Мекеним — **Памир, Алай, Тянь-Шандар,**
Аскасы асман менен кучакташкан (К. М.).

4. Далили жок сөз — чала күйгөн **чычала** (эл макалы). 5. Жаны барда жалынган — жаман эрдин **белгиси,** жалы барда чамынган — жаман аттын **белгиси** (эл макалы). 6. Адамдын аласы **ичинде,** малдын аласы тышында (эл макалы). 7. Акылы жок көпкөндүн бир ажалы **көптөн,** бир ажалы **чөптөн** (эл макалы). 8. Жыландын териси **кооз,** тиши **уу** (эл макалы). 9. Арак ичкен тойдо **мас,** акылы жок күндө **мас** (эл макалы). 10. Ала-Тоо кээде **кардуу,** кээде **карсыз,** эр жигит бирде **малдуу,** бирде **малсыз** (эл макалы). 11. Адам аласынан сөз аласы **жаман,** от чаласынан сөз чаласы **жаман** (эл макалы). 12. Алар **кырк,** биз **он жети** элек (А. Т.). 13. Арамза **алтоо,** акыл **жетөө** (эл макалы). 14. Кийиз **кимдики болсо,** билек **ошонуку** (эл макалы).

15. Гүл турмушта жадырап,
Күлө турган кез **ушул** (Ж. Б). ж. б.

Эки составдуу сүйлөмдөрдүн негизги борборун түзүүчү анын баш мүчөлөрү, негизинен, мына ушундайча касиетте, формада болушу менен мүнөздөлөт.

## Интонация — сүйлөмдүн грамматикалык жактан уюшулушунун маанилүү каражаты жана белгиси

**§ 9.** Сүйлөмдө катышкан сөздөр анын материалдык оболочкасын түзүп турат. Бирок сүйлөмдүн грамматикалык жактан уюшулуп, бүткөн ойду билдирип, маанилүү бир катнаш куралы катары келиши анын тутумунда турган сүйлөм мүчөлөрү менен грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн касиети менен эле түшүндүрүлүшү мүмкүн эмес. Анын толук даражада грамматикалык жактан уюшулушунун башкы каражаттарынын бири интонация болот.

Кандай гана түрдөгү сүйлөм болсо да, алар интонациянын катышы аркылуу грамматикалык жактан толук даражада уюшулганда гана сүйлөм калыбына келет, айрым бир бүткөн ойду билдирүү касиетине ээ боло алат.

Интонация сүйлөмдүн башкы грамматикалык каражаттарынын бири болуу менен бирге, ал табияты жагынан сүйлөмдүн составдык бөлүгү болуп келген баш жана айкындооч мүчөлөрдөн материалдык эмес, формалдык[1] грамматикалык категория болгондугу жагынан түп тамырынан бери айырмаланып турат.

Маселен, сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү белгилүү бир тартипте өз ара айкалышта, тийиштүү бир синтаксистик катышта турган сөздөрдүн тобу болуп, алардын ар бири бул же тигил мүнөздөгү түшүнүктүк мазмунда турушат, грамматикалык сүйлөмдүн, логикалык ой жүргүзүүнүн материалдык оболочкасы катары келишет.

Интонация болсо андай материалдык форма катары келе албайт. Ал — үндүн гана музыкалык кыймылы. Ошондуктан ал сүйлөмдө катышкан сөздөрдүн мазмуну менен байланышта болбой туруп, речтен тышкары туруп, өзүнчө алынганда белгилүү бир ойду билдире албайт. Ал өз бетинче ойду түзүү жана билдирүү каражаты болуп түшө албайт. Анткени, белгилүү бир ойду билдирүүдө сүйлөмдүн материалдык оболочкасы андагы катышкан сөздөр болуп саналат. Сөз катышмайынча, белгилүү бир мазмундун билдирилиши да мүмкүн эмес.

**10.** Бирок интонацияны мына ушул табиятына карата сүйлөмдүн грамматикалык структурасынын чагылышы катары карап, анын таралыш чегин тарайтууга да болбойт. Албетте, интонациянын речь менен, сүйлөм менен байланышта, биримдикте жашашы танылгыс чындык. Бирок анын табиятын толук дараа-

[1] А. М. Пешковский, Русский синтаксис в научном освещении, М., 1956, 43-бет.



жада сүйлөмдүн грамматикалык структурасынын базасында турат, ага көз каранды абалда турат деп түшүнүүгө болбойт.

Сүйлөмдүн бардык эле түрлөрү эки составдуу боло бербейт. Бир составдуу сүйлөмдөр да болот. Мейли бир составдуу сүйлөмдөр болсун, мейли эки составдуу сүйлөмдөр болсун, алардын өзгөчө бир түрлөрү да болот. Маселен, атама жана кемтик сүйлөмдөргө көз чаптырсак, алар түзүлүшү жагынан кандайдыр жеке турган сөздөргө, же сөз тизмектерине өтө окшош келет. Эгерде, мындай сүйлөмдөрдө тийиштүү интонация катышпаган болсо, алар бүткөн ойду билдирип, байланыш куралы катары кызмат кыла албас эле. Сүйлөм болбой калар эле. Буларга окшогон сүйлөмдөр интонация жана контекстин жардамы аркасында гана сүйлөмдүк касиетке ээ боло алышат.

Эгерде, интонация сүйлөмдүн грамматикалык структурасына карай жашоочу грамматикалык категория катары каралган болсо, анда буларга окшогон сүйлөмдөр сүйлөм жөнүндөгү окуунун кучагынан өзүлөрүнө тийиштүү орунду ала албай калар эле. Демек, интонацияны эки составдуу сүйлөмдөрдүн гана карамагына өткөрүп берип, бир составдуу сүйлөмдөрдүн болушун четке каккан болор элек.

Мына ушинтип, интонацияны эки составдуу сүйлөмдөрдүн гана карамагына берип койгон болсок, төмөндөгүчө түзүлүштөгү, составдагы сүйлөмдөрдүн болушу жөнүндө да сөз жүрүшү мүмкүн болбой калар эле:

1. **Жарма,** жарма да болсо — карма (эл макалы). 2. **Казанчынын өз эрки,** кайдан кулак чыгарса (эл макалы). 3. **Сулуулугунан жылуулугу** (эл макалы) 4. **Эшегине карай тушагы, эришине карай аркагы** (эл макалы). 5. **Ай, ай, ай сени..., арыкты семиз кылган май сени** (эл макалы). 6. **Байдын уулу айранын,** айранын болбосо, чыгарар элем ойронун (эл макалы). 7. **Какаганга муштаган** (эл макалы).

Же болбосо бул келтирилген мисалдардан башкачараак касиеттеги сүйлөмдөргө кайрылып көрөлү:

а) 1. **Түн. Жай мезгили. Салкын жел.** Биз бак ичинде серүүндөп жүргөнбүз. 2. **Кыш. Бороон-чапкын. Ак кар, көк муз. Туман.** Мындай аба ырайы жай адамдар үчүн коркунучтуу да, көңүлсүз да болгону менен, чалгынчылардын өмүр шериги, жан коргой турган ишеничи. 3. **1918-жыл. Күз айларынын бири** (К. Б.). 4. **Учу-кыйрына көз жетпеген тоолор, өрөөндөр, белестер. Чокусун муз, кар чалган чокулар.** Бул көрүнүштөр кыргыз баласынын сезимин козгогон, дүүлүктүргөн боордош жери, сыймыгы, бул жерде кыргыздын кыпча бел кыз-келиндери менен улан, бозойлору, кыраакы абышкалары өзүлөрүн таалайлуу сезишет.

Бул келтирилген мисалдардагы атама сүйлөмдөр эки составдуу сүйлөмдөр сыяктуу кандайдыр бир предикативдик белгиге ээ болуп турган жери жок, алар бир сөздөн турса да, же

бир нече сөздүн айкалышынан болушса да, баары бир, алардын тутумундагы сыңарлар өз ара предикативдик катышта турган жок. Атоо маанисинде турушат. Ошондой болсо да, булар да, эки составдуу сүйлөмдөр сыяктуу эле, элестүү түрдөгү айрым бир бүткөн ойду билдирип турат. Булардын касиети толук даражада интонациянын касиети менен шартталган. Мындай атама сүйлөмдөрдү грамматикалык жактан уюшулушу толук түрдө интонацияга байланыштуу.

б) 1. — Фамилиян ким?

— **Айтикеев.**

— Атың ким?

— **Жапар** (А. Т.).

2. Эки кочкор жумуш издеп келе жатса, алдынан бир короз чыгып:

— Ээ, баатырлар, кайда бара жатасыңар? — деди.

— **Ушул жакка.**

— **Эмнеге?**

— **Жумуш издеп.**

— Жумуш бар бекен?

— **Ооба.**

— Эмесе, мен да кошулайын?

— **Мейлиң** («Беш жолдош», жомок).

Берилген мисалдарда **Айтикеев, Жапар, эмнеге** деген сөздөр менен **ушул жакка, жумуш издеп** деген комплекстер жана **ооба, мейлин,** деген катыштык сөздөр сүйлөмдүк милдет аткарып турат. Булар да, атама сүйлөмдөр сыяктуу эле, тийиштүү предикативдик белгиге ээ эмес. Бул көрсөтүлүп жаткандай кемтик сүйлөмдөрдүн да бүткөн бир ойду билдириш касиети, бир жагынан, контекст менен шартталса, экинчи жагынан, интонациянын катышы менен шартталган.

Сүйлөмдүн грамматикалык жактан уюшулушунда интонациянын ролу өтө зор. Интонациянын ролун академик А. А. Шахматов орус тилине карай мындайча мүнөздөйт: «Айрым турган сөз, же ошондой эле, сөздөрдүн айкалышынын тийиштүү бир грамматикалык биримдиги сүйлөм мүчөсү болуп түшүшү мүмкүн, бирок алар белгилүү бир шартта, маани жагына карай белгилүү бир кырдаалдарда сүйлөм да болуп келиши ыктымал: андайча жекече турган сөздүн, же сөздөрдүн айкалыш тобунун сүйлөмгө өтүш, айланыш шарты алардын бүткөн ойду билдириши, сөздөр аркылуу тийиштүү билдирүүнүн бүтүшү болуп саналат; ойдун билдирилиши мындайча айкалышта турган сөздөрдө предикативдик субъект менен предикаттын болушу менен мүнөздөлөт да, ал сөздөр аркылуу билдирилүүчү ойдун бүтүшү ошол айкалышта турган сөздөрдү бир бүтүнгө бириктирип туруучу интонациянын болушун талап кылат».[1]

[1] А. А. Шахматов, Синтаксис русского языка, Л., 1941, 37-бет.



Мында академик А. А. Шахматов сүйлөмдүн көпчүлүгү эки составдуу болоруна карай ойдун билдирилиши сүйлөмдүн тутумунда турган субъект менен предикаттын өз ара болгон синтаксистик катышына негизделерин белгилеп, ойдун толук даражада бүтүшү, грамматикалык жактан толук түрдө уюшулушу интонациянын катышы менен шартталарын көрсөтөт.

Профессор А. М. Пешковский да бул пикирди улантып, интонациянын табиятын тактап келип: «Сүйлөмдө ойдун бүтүш оттеногу жалаң гана ритма менен интонация аркылуу гейленет, мындан биз булардын (ритма менен интонациянын — А. Ж.) сүйлөмдү башка түрдөгү сөз айкалыштарынан (сөз тизмегинен) ажыратып турган маанилүү грамматикалык оттенок экенин көрөбүз»[1], — деген жыйынтыкка келет.

Интонациянын маанисин даты тагыраак белгилеп, анын орду жөнүндө академик В. В. Виноградов мындайча жыйынтыкка келет: «Ар бир эле сүйлөмдө, айталы, Ну и ну! То-то! Ваня! Еще бы? Вот тебе на! Ай, ай, ай түрүндөгү грамматикалык жагынан ажыратылбаган, кескин эмоционалдык маанидеги сүйлөмдөрдө субъект менен предикаттын предикативдик айкалышы болоруна ишенүүгө болбогон менен, бул билдирүүлөргө, айтылган пикирлерге интонация мүнөздүү экенине шектенүүгө болбойт. Ушундайча интонация... ар дайым сүйлөмдүн мүнөздүү белгилеринин бири болуп түшөт».[2]

Сүйлөм, мейли предикативдик катыштагы айкалыштардан турсун, мейли предикативдик белгиге ээ болбогон, катышта болбогон сөз, же сөздөрдүн айкалышынан болсун, алардын грамматикалык жактан уюшулушу, коммуникативдик милдет аткарышы, кандай учурда болсо да, толук даражада интонациянын катышы аркылуу жүзөгө ашырылат.

**§ 11.** Интонациянын табияты сүйлөмдү грамматикалык жактан уюштуруучу маанилүү каражаттардын бири катары келиши менен эле чектелбейт. Ал сүйлөмдүн ар кыл модалдык түптерин, маанилерин уюштуруучу грамматикалык каражат катары да чоң ролдо ойнойт.

Интонациянын мындайча мүнөздөгү ар кыл кылдат-кылдат табиятынын негизинде турган элементтери басым (ударение) жана үн күүсү (обон-мелодика) болуп, дал ушулардын ар түркүн кыймылы жекече турган сөздөрдүн, же ар түрдүү сөз айкалыштарынын сүйлөмдүк касиетке ээ болушун тейлейт, алардын өз учурунда ойду жайынча гана билдирүү, баяндоо, же суроо, же күчтүү сезим менен айтылышын да кошо тейлейт. Бул кырдаал белгилүү даражада сүйлөмдүн грамматикалык структурасына байланыштуу келет. Ушинтип, сүйлөмдүн түзү-

[1] А. М. Пешковский, Русский синтаксис в научном освещении, М., 1956, 44-бет.

[2] Грамматика русского языка, II, синтаксис, АН СССР, М., 1954, 77-бет.

лүшү жана интонация диалектикалык биримдикте турган болот.

Мисалы: 1. **Акыл — алтын, ой — күмүш** (эл макалы). 2. **Уккан — уламал, көргөн — көсөмөл** (эл макалы). 3. **Жакшы уул өз элине баш болот, жаман уул өз элине кас болот** (эл макалы).

Көрсөтүлгөн мисалдарда ой жайынча гана билдирилип жатат, бул сүйлөмдөрдүн дал ушул түзүлүшүнө туура келген жай, баяндама интонация катышып турат.

1. **Атым эмне болду экен?** (К. Ж.) 2. **Кимдер айтышты? Качан келишиптир?** 3. **Эми барасынарбы?**

Мында болсо бул сүйлөмдөрдүн составдык жана структуралык бөтөнчөлүктөрүнө жараша суроолуу интонация катышып, бул сүйлөмдөр суроо маанилерин билдирип турушат.

Бирок сүйлөмдөр түзүлүшү менен составы жагынан жай сүйлөмдөргө туура келсе, жай интонация, суроолуу сүйлөмдөргө туура келсе, суроолуу интонация болот экен деп, интонацияны сүйлөмдүн структуралык табиятынын чагылышы катары түшүнүүгө да болбойт, анда анын таралыш сферасы тарайтылып жиберилиши ыктымал.

Мисалы: 1. -И, **сагынып калдынбы** мени! — деди (Т. С.).

2. Жергелүү калың элинен
Азган Током **келген бейм.** (Токтогул).

Бул келтирилген мисалдагы сүйлөмдөр суроолуу **-бы** уландысларында турушкан менен, биринчисинде илептүү сүйлөм катары келди да, экинчи сүйлөмдө жай сүйлөмдүк маани берип турушат.

Же болбосо **ал үйүндө,**— деген сүйлөмдү алган болсок, түзүлүшү жагы боюнча жай сүйлөм, жай сүйлөмгө туура келет, бирок бул сүйлөмдү составы жагынан өзгөртпөй туруп эле, ага суроолуу интонация катыштырылган болсо, суроолуу сүйлөм болуп калар эле да, илептүү интонация катыштырылган болсо, илептүү сүйлөмгө айланып кеткен болор эле.

Бул сүйлөм бирде жай, бирде суроолуу, бирде илептүү сүйлөмдүк маани билдирген менен, анын составы, түзүлүшү — материалдык негизи ошол эле бойдон кала берди.[1] Интонацияга карай гана ар кыл модалдык мааниге ээ болуп турушат. Интонация аркылуу гана алардын ар түрдүү модалдык маанилери жүзөгө ашырылды. Мына ушунун өзүнөн эле интонациянын таралыш чеги канчалык кенири экендиги айкын түрдө көз алдыбызга тартылат. Албетте, бул кырдаал сүйлөмдүн бул, же тигил мүнөздөгү түзүлүшүнө, составына жараша тийиштүү интонациянын катыша тургандыгын да четке какпайт, бирок интонацияны алардын табиятына карата гана жашоочу чагылышы катары кароо дегендикке да алып келүүгө тийиш эмес.

[1] А. М. Пешковский, Русский синтаксис в научном освещении, М., 1956, 43-бет.



§ 12. Интонация сүйлөмдүн жалпы эле грамматикалык жактан уюшулушунда маанилүү каражат катары келүү менен бирге, аны сүйлөмдүн модалдык түрлөрүн уюштуруудагы ролуна жараша жай, суроолуу интонация жана илептүү интонация деп үч негизги түргө бөлүүгө болот. Кандай гана курулуштагы сүйлөм болбосун, сүйлөмдүн кандай гана түрүн албайлы, алардын модалдык маанилери, грамматикалык жактан толук түрдө уюшулушу ушул көрсөтүлгөн интонациянын үч түрүнүн негизинде турган болот.

Бирок интонациянын бул үч түрү сүйлөмдүн модалдык үч түрүнө (жай, суролуу жана илептүү сүйлөмдөргө) жараша гана жалпыланып алынышы болуп саналат. Сүйлөмдүн модалдык типтеринин ар биринде анын тутумундагы катышып турган сөздөрдүн маани өзгөчөлүгүнө жана аткарган милдетинин өзгөчөлүгүнө жараша интонациянын музыкалык кыймылы да ар кыл келет. Маселен, илептүү эле интонацияга көз чаптырсак, ал сырдык сөздөр катышкан сүйлөмдөрдө бир түрдүү интонациялык бөтөнчөлүккө ээ болуп турса, чакырык, ураан катарында айтылган сүйлөмдөрдө дагы бир башка түрдөгү интонациялык өзгөчөлүккө ээ болуп турат. Ал эми, кубануу, же кайгыруну билдирген илептүү сүйлөмдөрдө дагы бир башка-башка түрдөгү интонациялык бөтөнчөлүктөргө ээ болушу мүмкүн. Суроолуу сүйлөмдөр менен жай сүйлөмдөр жөнүндө да алардын составдык, түзүлүш өзгөчөлүктөрүнө жараша мына ушулар сыяктуу эле ар кыл интонациялык айырмачылыктар болору белгиленет.

Демек, бул кырдаалдан келип сүйлөмдүн модалдык типтеринин жасалышында алардын тутумунда турган сөздөрдүн семантикалык мазмуну менен түзүлүш бөтөнчөлүгүнүн маанисин басаңдатууга болбой тургандыгын айта кетүү керек. Алардын да чоң ролу бар. Сүйлөмдүн интонациялык бөтөнчөлүктөрү сүйлөмдүн материалдык оболочкасы болуп келген бул синтаксистик категориялардын табияты менен да тыгыз түрдө байланышта болот.

Сүйлөмдүн типологиялык жана модалдык маанилери канчалык көп түрдүү болсо, интонация да ошончолук эле даражадагы көп кырдуу бөтөнчөлүктөргө ээ болуп турат.

§ 13. Интонация сүйлөмдүн эки негизги структуралык тобуна жараша, башкача айтканда, жөнөкөй сүйлөмдөр менен кошмо сүйлөмдөрдүн бул, же тигил түрлөрүнө жараша дагы эки негизги түргө бөлүнөт. Анын биринчисине жөнөкөй сүйлөмдөр менен аякталган кошмо сүйлөмдөргө мүнөздүү интонациялык бөтөнчөлүктөр кирет да, экинчисине кошмо сүйлөмдүн тутумундагы багынынкы сүйлөмдөргө мүнөздүү интонациялык өзгөчөлүктөр кирет.

Интонациянын аталып өтүлгөн түрлөрүнүн биринчи түрү сүйлөмдүн толук бүткөн ойду билдиришин шарттап турат да, мындай интонацияны аяктаган, же толук интонация деп атасак болот.

Интонациянын экинчи түрү багыныңкы сүйлөмдөргө мүнөздүү келип, аякталган, бүткөн ойду билдирүү ишин тейлей албайт, өзүлөрү таандык болуп турган сүйлөмдөрдүн кырдаал, шарт, ар кыл период маанилеринде болушун уюштурат. Интонациянын бул түрү өзүнүн составдык элементи катары басым менен үн күүсүн (мелодика) гана пайдалануу менен чектелбейт, тыным да анын маанилүү составдык бөлүгү катары катышып турган болот. Интонациянын бул түрү аяктабаган, же багыныңкы интонация деп аталса да болот.

Албетте, бул биздин жекече гана пикирибиз. Түрк тилдеринде багыныңкы сүйлөмдөргө да интонация мүнөздүү го деген ойдо болуп олтурабыз. Бирок бул башка түрк тилдеринин фактыларынын негизинде дагы такталууга, изилденүүгө тийиш.

**§ 14.** Жөнөкөй жана кошмо сүйлөмдөргө мүнөздүү интонация (үндүн музыкалык кыймылы) болжолдуу түрдө жалпысынан төмөндөгүчө басымда, үн күүсүндө жана тынымда болору байкалат.

а) Жөнөкөй сүйлөмдөрдө анын модалдык типтерине карай, негизинен, үндүн мындайча музыкалык кыймылдарда турары белгиленет:

1. Жай сүйлөмдө үндүн кыймылы басыңкы аяктап, узак тыным болот. Мисалы: 1. **Пионер окууда, эмгекте тырышчаак жана тартиптүү** (газетадан). 2. **Ой, Чаке, түндөтөдөн бери таппай жүрөмүн го сени** (Т. С.). 3. **Эмгеги аздын өнмөгү аз** (эл макалы).

2. Суроолуу сүйлөмдөрдө үндүн кыймылы бир аз кескинирээк келип, көтөрүңкү үн менен аяктайт да, узак тыным болот. Мисалы: 1. **Мен ага эмне кылдым эле, ыя?** (Н. Б.). 2. **Атым эмне болду экен?** (К. Ж.). 3. **Ал кайда?** 4. **Бүгүн келеби?**

3. Илептүү сүйлөмдөрдө үндүн музыкалык кыймылы ар кыл болот. Илептүү сүйлөмдөрдүн түрлөрүнө карай үн бирде кескин түрдө бийик чыкса, бирде өтө басыңкы түрдө төмөн түшүп кетет да, бирде жай сүйлөмдөр сыяктуу эле интонация менен айтылып, тыным гана бир аз кыскараак болот.

Маселен, ачуулануу түрүндө, буйрук түрүндө айтылган, ураан, чакырык катары айтылган илептүү сүйлөмдөрдө үн кескин түрдө бийик чыгат.

Мисалы: 1. **Жашасын элдердин бир туугандык достугу!** 2. **Советтик окумуштуулар, илимдин, техниканын өркүндөшү үчүн күрөшкүлө.** 3. **Чык, жогол, жолуңа түш!** ж. б.

Эгер, илептүү сүйлөмдөр кайгыруу түрүндө, кай бир учурда тилек маанисинде айтылса, үн басыңкы болуп чөгүп кетет. Мисалы: 1. **Кап, ушунун кылганы! Эми эмне айла кылчумун!** 2. **Жинди деген ушул экен да!**

3. **Жашыл оңбос болсочу!**
**Жаш карыбас болсочу!** (Токтогул).

Илептүү сүйлөмдөр кубануу түрүндө айтылса, үн көтөрүңкү да, жай сүйлөмдөр сыяктуу да чыга берет. Мисалы: 1. **Келе колунду, секретарь!** (Н. Б.). 2. **Жаша, келди!** 3. **Алда качан эле ушундай болмокчу!**

б) Кошмо сүйлөмдөрдө үндүн мындайча мүнөздөгү интонациялык кыймылын белгилөөгө болот:

1. Багыныңкы кошмо сүйлөмдөрдүн тутумунда турган баш сүйлөмдөрдөн кийин жана тең байланыштагы кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы эң акыркы жөнөкөй сүйлөмдөрдөн кийин келүүчү интонациялык кыймыл жөнөкөй сүйлөмдөрдөн кийин келүүчү интонацияга, негизинен, туура келет. Мисалы: 1. **Жалкоо—күн батканга сүйүнөт да, эпкиндүү—күн батканга күйүнөт. Анткени, жалкоо эртерээк жатып көбүрөөк уктоону кааласа, эпкиндүү жумушунун көбүрөөк бүтүшүн эңсейт** (Н. Б.). 2. **Колду учурунда беребиз, азырынча шашпа, бирок калп айтпа!** (Н. Б.).

2. Багыныңкы кошмо сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөрдөн кийин үндүн интонациялык кыймылынын бийиктиги суроолуу, же жай сүйлөмдөрдөн кийин келүүчү интонациядай эле болот, бирок тыным өтө кыска келет. Мисалы: 1. **Таң кашкайып сүргөн кезде, Равад дарбазанын босогосунда аянычтуу бирөөнүн элеси көрүндү** (А. Т.). 2. **Ким иштесе, ал тиштейт** (В. И. Ленин).

Бул сөз болуп жаткан жөнөкөй жана кошмо сүйлөмдөрдөгү интонациялык бөтөнчөлүктөрдү болжол менен мындайча схема боюнча иллюстрациялоого болот.

1. Пионер жаш ленинчинин наамын көзүнүн карегиндей сактайт.
(Узак тыным).

2. барат? (Узак тыным).
ким
Эртең

3. Жашасын коммунизм! (Узак тыным).
биздин
жаркыраган





Центральная научная
БИБЛИОТЕКА
Академии наук Киргизской ССР
269488

келечегибиз—

4. Жогол,

баш айландырбай! (Узак тыным).

5. Жаша,

ордунан чыкты! (Узак тыным).

6. ушунуку!

Ай,

7. Эл четине келсе, (кыска тыным), жигитпи! (Узак тыным).

жоо карап жаткан

8. болбосо, (кыска тыным) ачылсын (Узак тыным).

нуру кайдан

Күндүн Гүлдөр

## СҮЙЛӨМ ЖАНА СӨЗ ТИЗМЕГИ

**§ 15.** Тилдин грамматикасы дегенибиз сөздөрдүн өзгөрүшүнүн, сөз жасоо үлгүсүнүн жана сөздөрдүн өз ара айкалышынын негизинде турган закондуулугу болуп, ал узак дооpлордун ичинде калыпташкан, адамзаттын практикалык ишинин зор ийгиликтеринин көрсөткүчү болуп саналат.

Ушинтип, грамматика, бир жагынан, сөз өзгөрүү, сөз жасоо үлгүлөрүн кучагына алса, экинчи жагынан, сөздөрдүн өз ара айкалышып, сүйлөмгө айлануу, биригүү процессин өз кучагына камтыйт.

Бирок бардык эле сөз айкалыштары сүйлөм боло бербейт. Кай бир сөз айкалыштары бүткөн ойду билдире албайт, номинативдик касиетте турат. Маселен, мындайча касиеттеги сөз айкалыштары катары сөз тизмеги менен комплекстик формаларды көрсөтүүгө болот. Ал эми, сүйлөм болсо бүткөн ойду билдирет, маанилүү катнаш куралы катары пикир алышуу ишин тейлейт. Дал мына ушул грамматикалык структура аркылуу, сүйлөм аркылуу, тилдин коммуникативдик функциясы жүзөгө ашырылып, ал тилдин башкы единицасы катары келет. Сөз тизмеги менен комплекстик формалар болсо, жекече турган сөздөр сыяктуу эле, сүйлөмдүн курулуш материалы болуп келип, анын составдык бөлүгүн түзүп турат.

Мына ушундайча, аткарган милдетине жана ал милдетине



туура келген структуралык жагына карай кыргыз тилинде үч түрдүү синтаксистик структура белгиленет. Алар — сүйлөм, сөз тизмеги жана комплекстик формалар. Булардын ар бири экиден кем болбогон сөздөрдүн айкалыш комплекси болуп, алардын ар бир түрүнүн курулуш материалы жекече турган сөздөр болот. Алар мына ошол тутумунда турган сөздөрдүн айкалыш ыгы жана структуралык бөтөнчөлүгүнө карай бир-биринен айырмаланып турат жана бул синтаксистик структуралардын ар биринин касиети айкалыш ыктарына туура келген грамматикалык структурасы менен синтаксистик катыштарына жараша өз ара айырмаланып турган болот.

Аны менен катар, кай бир синтаксистик структуралар, маселен, сүйлөм менен сөз тизмеги, курулуш материалдарынын сапаты жана комплекси (саны) жагынан бир-бирине өтө эле окшош келет. Мисалы, бул экөөнүн тең курулуш материалы толук маанилүү сөздөр болуп, бул жагынан алар курулуш материалдарынын сапаты боюнча кандайдыр бир-бирине окшош болуп кетип тургансыйт. Чындыгында, алар аткарган милдети жагынан гана эмес, экөөнүн тең курулуш материалы бирдей болгону менен, тутумунда турган сөздөрдүн байланыш формалары жана ал формаларына туура келген синтаксистик катыштары жагынан бири-биринен түп тамырынан бери айырмаланып турат.

Синтаксистин негизги объектиси — сүйлөм. Кандай гана касиеттеги, курулуштагы синтаксистик структураны, категорияны албайлы, алардын бардыгы тең сүйлөмгө байланышта гана жашайт. Бирок алардын ар биринин өзүнө мүнөздүү милдети, грамматикалык структурасы болот. Сүйлөмдүн табиятын изилдөөдө алардын ар биринин өз ара катышын, бөтөнчөлүгүн белгилөө негизги маселелерден болуп, ошол синтаксистик структуралардын касиетин туура түшүнүү мүмкүнчүлүгү алардын ар биринин функциялык жагы менен структуралык бөтөнчөлүктөрүн аныктоо ишине тыгыз түрдө байланыштуу болот.

Биз мына ушул планда бул синтаксистик структуралардын негизги белгилери, өз ара катышы, бөтөнчөлүктөрү жөнүндө мындайча түрдөгү кыскача мүнөздөмө берүүнү туура табабыз.

**§ 16.** а) Пикир алышуу адамзат коомунда туруктуу зарылдык болуп саналат. Тил өзүнүн бул маанилүү функциясын сүйлөм аркылуу жүзөгө ашырат. Ушинтип, сүйлөм гана башка түрдөгү синтаксистик структуралардын ичинен бүткөн ойду билдирип, катнаш куралы катары кызмат кылат. Дал ушул аткарган милдети боюнча ал сөз тизмеги менен комплекстик формадан өзгөчөлөнүп турат.

б) Сөз тизмеги болсо бүткөн ойду билдирүү ишин тейлей албайт. Өзүнчө туруп катнаш куралы катары келбейт. Номинативдик гана функцияда турат. Ал сүйлөмдүн курулуш материалы болуп түшөт. Сүйлөмдүн составдык бөлүгүнө кирүүчү то-

лук маанилүү сөздөрдүн номинативдик милдеттеги айкалышы болуп саналат.

Бул эки негизги синтаксистик структуранын тең (сүйлөм жана сөз тизмегинин) курулуш материалы бирдей болуп, булар толук маанилүү сөздөрдүн айкалышына негизделет. Бирок алардын аткарган милдетине туура келген ар биринин өзүнө мүнөздүү формасы болот жана айкалышта турган сөздөр да өзгөчө синтаксистик катышта турат.

§ 17. а) Ар бир конкреттүү алынган тилдин грамматикалык курулушунун мүнөзүнө карата сүйлөмдүн грамматикалык структурасы да ар кыл өзгөчөлүккө ээ.

Башка түрк тилдери сыяктуу эле, кыргыз тилинде да сүйлөмдүн грамматикалык структурасынын негизин, спецификасын анын баш мүчөлөрү түзөт.

Сүйлөмдүн ээси дегенибиз өзүнүн багынбаган абалына карай атооч жөндөмөдө турган заттык (объектилик) мазмундагы сөз болот да, баяндооч болсо өзүнүн ээге багынынкы абалына ылайык аны (ээни) ээрчип турган сөз болуп, ал жак, сан формасында турат, же анын баяндоочтук структурасы модалдык сөздөр, **-бы, -дыр** бөлүкчөлөрү, чак уландылары аркылуу тейленет. Ал эми, мындайча сөз өзгөрүү формаларында, же аналитикалык баяндоочтук формада турбаган баяндооч сөздөр болсо (III жактагы ээлик милдет аткаруучу сөздөргө багынган атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор) орун тартиби аркылуу предикативдик белгиге ээ болуп турат. Ушинтип, баяндоочтун структурасы сүйлөмгө мүнөздүү негизги спецификалык белгини уюштурат жана анын структурасынын көп түрдүүлүгү анын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык табияты менен тыгыз байланыштуу болот.

Экинчи сөз менен айтканда, эгерде сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү этиш сөздөрдөн болсо, анын баяндоочтук формасы I, II жакта сан жана жак аффикстери аркылуу тейленет да, III жакта чак аффикстери баяндоочтук белги катары түшөт. Же сүйлөмдүн баяндоочу зат, сан, сын, ат атоочтордон жана тактоочтордон (бардык тактоочтор эмес) болсо, анда да анын баяндоочтук формасы I, II жактарда этиштик баяндоочтор сыяктуу эле жак аффикстери аркылуу тейленет да, III жакта болсо баяндоочтук белги атоочтордун ээге карай алган соңчул орун тартиби аркылуу берилет.

б) Сүйлөмдүн негизги спецификасын, скелетин түзүп турган анын баш мүчөлөрү толук маанилүү сөздөрдүн айкалышына негизделген сыяктуу эле, сөз тизмегинин базасында да толук маанилүү сөздөрдүн айкалышы турат. Бирок сөз тизмегинин да өзүнүн аткарган милдетине туура келген формасы бар. Анын бул структуралык бөтөнчөлүгү, сүйлөмдүн структуралык касиети сыяктуу эле, андагы катышкан толук маанилүү сөздөрдүн грамматикалык структурасына байланыштуу болот. Анын дал ошол



структурасы сөз тизмегинин номинативдик касиетте турушун шарттайт. Маселен, 1) Кайсы сөз түркүмү багындыруучу сынар болуп келсе да, эгер, багынынкы сөздөр сөз өзгөрүү формасына ээ болбогон сөз түркүмдөрүнөн болсо, мисалы, сын, сан атоочтор менен тактоочтордон болсо, төрчүл (препозитивдик) орун тартиби боюнча айкалышат да, алардын мындайча түрдөгү орун тартибине туура келген синтаксистик катышы аттрибутивдик мүнөзгө ээ болуп, андай айкалыш комплекси номинативдик милдетте турат: **Үчүнчү класс, беш адам, кызык китеп, ылдый баруу, баалуу эмгек, даңктуу жоокер** ж. б. Мындай учурда багынынкы сынарлар багындыруучу сөздөрдүн семантика-грамматикалык табиятына көз каранды болбойт. Башкача айтканда, багындыруучу сынар болуп келишкен сөздөрдүн табиятына карай тийиштүү сөз өзгөрүү формаларына учурабайт. Бул сөз тизмегинин бир түрдөгү формасы болуп саналат.

Көп учурларда зат атоочтор менен ат атоочтор да ушул эле үлгүдө орун тартиби боюнча айкалышып, өз ара аттрибутивдик катышта турушу мүмкүн: **жыгач күрөк, таш жол, бул адам, кайсы китеп, чоюн дөшү** ж. б.

2) Эгерде, этиш сөздөр багындыруучу сынар болуп келсе, ага карай багынынкы сынар болуп түшкөн зат атоочтор жана субстантивдешкен башка сөз түркүмдөрү жөндөмө өзгөрүү формасында туруп айкалышат. Мындай учурда багынынкы сынар болуп келген сөздөрдүн да, багындыруучу сынар болуп келген сөздөрдүн да семантикасы чоң ролдо ойнойт: **кат жиберүү, иштен келүү, шаарда окуу** ж. б.

Эгер, белги, абал маанисиндеги зат атоочтор жана сын атоочтор менен иреттик (өтө сейрек учурда эсептик да) сан атоочтор, тактоочтор багындыруучу сөз болуп түшсө, багынынкы сынар болуп түшкөн зат атоочтор менен субстантташкан башка сөз түркүмдөрү, чектелген санда болсо да, багындыруучу сынарларга карай жөндөмө өзгөрүү формасында туруп айкалышат: **бурчтан экинчи үй, өзүнө жакшы иш, элге жыргалчылык, душманга жакырчылык, кенге бай жер, сөзгө жок адам, ашка бар, ишке жок неме, аттуудан алтоо, тондуудан тогуз** ж. б.

Белгиленгендегидей мүнөздөгү айкашуулар сөз тизмегинин экинчи түрдөгү формасы болуп, мындагы катышкан сөздөрдүн комплекси да номинативдик касиетте турат.

3) Таандык мүчөдө турган зат атоочтор багындыруучу сөз болуп келсе, ага карай багынынкы сынар болуп түшкөн сөздөр илик жөндөмөдө туруп айкашат: **колхоз багы, эл тилеги, эрдин күчү, акылдуунун сөзү, бештин теңи, мектеп имараты** ж. б. Булар сөз тизмегинин үчүнчү түрдөгү формасы болуп саналат.

4) Бирок сөз тизмеги белгиленгендей мүнөздөгү форма бөтөнчөлүгүнө ээ болуу менен катар жана анын тутумундагы сынарлары өз ара өзгөчө мүнөздөгү катышта туруу менен, сүй-

лөмдөн структура жана сыңарларынын катышы жагынан айырмаланып турса да, ага чексиз мүнөз берүүгө болбойт. Бул анын тутумундагы багыныңкы сынар болуп түшкөн сөздөрдүн формасына, синтаксистик катышына карай болгон гана бир жактуу касиети болуп саналат. Сөз тизмегинин грамматикалык структурасында багындыруучу сынар болуп келген сөздөрдүн да ролу өтө чоң. Эгерде, багындыруучу сынар болуп түшкөн сөздөр баяндоочтук белгиде болуп, предикативдик катышта турса, андай учурда ага карай багыныңкы абалда болгон сөздөр көрсөтүлгөндөй сөз тизмектерине мүнөздүү синтаксистик катыштарда турса да, алар сүйлөмдүн жеке турган сөз катарындагы курулуш материалы болуп түшөт да, андай айкалыш комплекси сүйлөм болуп калат. Мисал үчүн төмөнкү айкашууларды салыштырып көргүлө: а) **Терең билими, эки ат, барган бала.**

б) **билим терең, жигит билимдүү, ат эки, бала барган;**

в) **китепти окудум, университетте студентмин, мыкты окуйт** ж. б.

§ 18. Сүйлөмдүн спецификалык белгисин түзүп турган жана анын жалпы структуралык составын түзүп турган курулуш материалы айрым турган сөз, же сөз тизмеги, же комплекстик форма болгон сыяктуу, сөз тизмегинин да курулуш материалы айрым турган сөздөр, же комплекстик форма болот. Мына ушул курулуш материалынын өзгөчөлүгүнө карай сөз тизмегинин эки түрдүү формасы белгиленет. Анын бири сөз тизмегинин **жөнөкөй** формасы деп, экинчи сөз тизмегинин татаал формасы деп аталат.

а) Сөз тизмеги айрым турган толук маанилүү сөздөрдүн айкалышынан турса, бул сөз **тизмегинин жөнөкөй формасы болот: кызык аңгеме, мектепке баруу, үч жолдош** ж. б. Сөз тизмегинин бул түрүнө мурда белгиленип өтүлгөн үч түрдүү айкалыш формасы кирет.

Сөз тизмегинин жөнөкөй формасында айкалышта турган комплекстердин тутумундагы сыңарларынын катышы багыныңкы сыңар болуп келген сөздөрдүн орун тартиби, же сөз өзгөрүү формалары аркылуу тейленет.

б) Сөз тизмегинин тутумундагы багыныңкы сыңары комплекстик формадан[1] турса, мындай айкалыш формасы **сөз тизмегинин татаал формасы** деп аталат. Сөз тизмегинин татаал формасында багыныңкы сынар болуп келген комплекстин багындыруучу сынар болуп түшкөн сөзгө карай болгон синтаксистик катышы анын (комплекстик форманын) тутумунда турган жөлөкчүл сөздөр аркылуу тейленет. Ушинтип, анын тутумундагы жөлөкчүлдөр байланыш жана катыш каражаты катары кызмат кылып, жөндөмө аффикс категориясынын маанисин толуктайт, же аффикс категориясынын эквиваленти катарында кызмат кылат: **үйдү карай** кетүү, **тоого чейин** баруу, **илим үчүн** күрөш, **тынчтык жөнүндө** доклад ж. б. Бул сөз тизмегинин төртүнчү түрдөгү формасын түзөт.

§ 19. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн жана сөз тизмегинин тутумундагы сыңарларынын ортосундагы синтаксистик катышы менен байланышы бул эки негизги синтаксистик структуранын бири-биринен аткарган милдети жагынан айырмаланып турушун шарттоочу грамматикалык белги болуп саналат.

а) Сүйлөмдүн спецификасын түзүп турган анын ээси менен баяндоочу өз ара ээрчишүү байланышында болуп, бул байланыш формасы баяндооч сөздүн жак, сан формасы аркылуу тейленет. Ушул эле сөз өзгөрүү формалары бир эле учурда баш мүчөлөрдүн ортосундагы синтаксистик катыш формасы катары да кызмат кылып турат. Сөз тизмегинин тутумундагы сыңарлардын ортосунда мындайча мүнөздөгү байланыш формасы (ээрчишүү байланышы) болбойт. Аны менен катар, III жакта турган баяндоочтордо атайын байланыш формасы жок болгон менен, баяндоочтук милдет аткарып турган сөздүн сөнчүл орун тартиби анын баяндоочтук белгиси да, анын ээге карай болгон байланышынын көрсөткүчү катары да кызмат кылат.

Ушундай эле, чак уландылары, модалдык уландылар менен модалдык сөздөр да баяндоочтук белги катары түшүп, анын багындыруучу сөзгө карай болгон (ээге карай болгон) синтаксистик катышы нолдук формадагы жак байланышынын көрсөткүчү болуп кызмат кылат.

Мындайча мүнөздөгү синтаксистик катыш, байланыш формалары сөз тизмегине мүнөздүү эмес.

б) Сөз тизмегинде болсо анда да багыныңкы жана багындыруучу сынар болуп түшкөн сөздөрдүн ортосундагы синтаксистик байланышы менен катышы багыныңкы сынар болуп келген сөздүн сөз өзгөрүү формасы, орун тартиби аркылуу, же жөлөкчүлдөр аркылуу тейленет. Бирок анын тутумундагы айкалышта турган сөздөрдүн өз ара болгон синтаксистик катышы менен байланышы сүйлөмгө караганда өзгөчө мүнөздө болот. Андайча кырдаалдагы байланыш формасы менен катыш биримдити сүйлөмгө мүнөздүү болгон баш мүчөлөрдүн ортосундагы синтаксистик байланыш, катыш биримдигине таптакыр эле окшобойт. Мисалы: 1) Сөз тизмегинин тутумундагы багыныңкы сынар болуп келген сөздөр ыкташуу байланышында болот. Бул байланыш формасы багыныңкы сөздүн орун тартиби аркылуу берилип, айкалышта турган сөздөр өз ара аттрибутивдик катышта турат: **алдыңкы колхоз, үчүнчү класс, ашыгып иштөө, барган киши, кызык окуя, эки дос** ж. б.

2) Багыныңкы сөздөр кыйышуу байланышында болуп, андай

---

[1] Толук маанилүү сөз менен катыштык сөздөрдүн айкалышы комплекстик форма болот: Тынчтык үчүн, үйгө карай, кышка чейин, күн сайын ж. б. Мындай комплекстер бир гана багыныңкы сынар болуп келет, экөө биригип келип бир гана милдет аткарат (А. Жапаров, Грамматическая структура словосочетания в современном киргизском языке М., 1955, авт., 4-бет.).

сөз тизмегинин тутумундагы багыныңкы сыңарлар болуп келген сөз багындыруучу сөздөгү таандык уландыга карай илик жөндөмөдө турат да, мындай айкалыш формасынын тутумундагы сөздөр да өз аттрибутивдик катышта болот: **элдин уулу, тынчтык тиреги, мектеп аянты, эл таалайы, Жуманын китеби** ж.б.

3) Сөз тизмегинин тутумундагы багыныңкы сыңар болуп түшкөн сөздөр башкаруу байланышында болот. Бул байланышта турган багыныңкы сөздөр барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдө туруп, дал ошол жөндөмө өзгөрүү формалары багыныңкы сыңар болуп келген сөздөрдүн багындыруучу сыңар болуп түшкөн сөздөргө карай аттрибутивдик катышта турушун шарттайт: **элди көрүү, ондон эки, бурчтан экинчи, аттуудан алты, тондуудан тогуз, окууга баруу, кишиден айттыруу** ж. б.

4) Сөз тизмегинин тутумундагы толук маанилүү сөздөрдүн ортосундагы синтаксистик байланышы катыштык сөздөр (жөлөкчүлдөр) аркылуу берилиши да мүмкүн: **билим үчүн** күрөш, **эл үчүн** камкордук, **экскурсия тууралу** аңгеме, **тескейди карай** бет алуу ж. б.

Мында жөлөкчүл сөздөр айкалышта турган толук маанилүү сөздөрдүн ортосундагы синтаксистик байланыш, катыш каражаты катары түштү. Синтаксистик байланыштын бул түрү жөлөкчүл байланыш деп аталат.

Сөз тизмеги өзүнүн тутумунда турган сөздөрдүн мына ушундайча мүнөздөгү синтаксистик катышына жараша номинативдик милдетте болуп, ал курулушу жагынан да, аткарган милдети жагынан да сүйлөмдөн дал ушул негизде айырмаланып турат. Сүйлөмдүн составында туруп, анын курулуш материалы болуп түшөт. Демек, сүйлөмдүн спецификасын анын баш мүчөлөрү түзөт да, сөз тизмектери менен комплекстик формалар, өзүнчө жеке турган сөздөр сыяктуу эле, сүйлөмдүн составдык бөлүгү — курулуш материалдары катары келишет.

**§ 20.** Сүйлөмдүн эң башкы белгилеринин бири болуп, анда аяктаган интонациянын катышы каралат. Сүйлөмдүн толук даражада грамматикалык жактан уюшулушу интонациянын катышы менен гана шартталган. Сөз тизмегинде болсо ага интонация мүнөздүү эмес. Бул дагы сөз тизмеги менен сүйлөмдү өз ара айырмалап турган, алардын ар биринин аткарган милдетин шарттап турган маанилүү белгилердин бири болуп саналат.

**§ 21.** Предикативдик айкалыштар сөз тизмегинин системасына кирбейт. Андай айкалыштарда баяндооч сөз өзүнүн жак, сан жана башка предикативдик формалары аркылуу (суроолуу, терс, күдүк **-бы, -ба, -дыр** уландылары жана **бекен, экен, эле, го, чыгар, эмес** ж. б. модалдык сөздөр аркылуу) жана интонациянын жардамы менен сүйлөмгө мүнөздүү спецификалык касиетке ээ болуп, мындай айкалыштарда баяндооч болуп түшкөн сөз сүйлөм ээсинин, же башка айкындооч сөздөрдүн катышышы-катышпагандыгына көз каранды болбойт, аяктаган ойду билдирип, коммуникативдик курал катары кызмат кылып турат. Ушинтип, буларга окшогон айкалыш комплекстери номинативдик милдет аткарбайт. Ал (баяндооч) сүйлөмдүн негизги спецификасын түзүп турган сөз болгондуктан, предикативдик айкалыш комплекси сөз тизмегинин ситемасынан эмес, сүйлөм жөнүндөгү окуунун системасынан орун алат: **университетте студентмин; эртең келермин; жыйналышка келесиң; эртең барат; быйыл окуйбуз; ошол шаардабыз; бизде иштейт** ж. б.

**§ 22.** Сөз тизмеги жогоруда көрсөтүлгөндөй өзүнө мүнөздүү формага ээ болуп турган синтаксистик категория болуп саналат. Анын табиятын өзүнчө жеке турган сөздүн номинативдик маанисине теңөөгө мүмкүн эмес, сөз тизмегинин номинативдүүлүгү анын бүткөн ойду билдире албастыгы, өзүнчө туруп коммуникативдик каражат катары кызмат кыла албастыгы менен мүнөздөлөт. Ошондуктан анын номинативдик касиети жеке турган сөздүн номинативдик маанисине параллель коюлууга тийиш эмес.

## Сүйлөмдүн грамматикалык структурасынын жалпы составы

**§ 23.** Сүйлөмдүн жалпы грамматикалык структурасын анын негизги спецификасын түзүп турган баш мүчөлөрдүн табияты менен гана мүнөздөө жетишсиздик кылат. Баш мүчөлөр сүйлөмдүн уюткусу, борбору катарында гана келет. Сүйлөмдүн табияты курулушу жагынан да, мазмуну жагынан да алда канча кеңири болот. Жалаң баш мүчөлөр аркылуу кеңири мазмундагы бүткөн ойду билдирүүгө мүмкүн эмес. Баш мүчөлөр ойдун аркыл бөтөнчөлүктөрүн билдирүү ишин толук түрдө өз кучагына ала албайт. Сүйлөмдө баш мүчөлөрдүн бирине таандык болуп турган сөздөр, айкындооч сөздөр, же жалпы эле сүйлөмдүн жонуна таандык болуп айтылуучу грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр да катышат. Сүйлөмдүн табияты, анын маани жагынан ар кылдуулугу мына ушулардын бардыгынын диалектикалык биримдиги менен мүнөздөлөт. Дал ушулардын баары биригип келип, сүйлөмдүн грамматикалык структурасынын жалпы составын түзөт. Алардын ар биринин касиетин кыскача мындайча мүнөздөөгө болот.

1. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү кандай гана структурада турбасын, айтылуучу ойдун уюткусу гана боло алат. Аны менен катар, баш мүчөлөр сүйлөмгө мүнөздүү болгон кеңири мазмундуулукту өз керт баштары аркылуу толук даражада тейлөө касиетине ээ эмес. Билдирилүүчү ойду кеңири мааниде деталдаштыра албайт. Бирок алар (баш мүчөлөр) сүйлөмдүн тутумунда катышкан бул, же тигил түрдөгү синтаксистик милдет аткаруучу сөздөрдү өзүлөрүнө багындырышып, сүйлөмдүн граммати-

калык структурасынын негизги борбору катары, алардын өзүлөрүнө байланышта гана колдонулушун шарттайт, кандай гана сүйлөмдү албайлы, алардын кеңири, жайылма түрдө айтылышы баш мүчөлөрдүн табияты менен тыгыз байланышта турган болот.

2. Сүйлөмдүн грамматикалык структурасынын жалпы составынын маанилүү бөлүктөрүнүн бирин айкындооч сөздөр түзөт. Айкындооч сөздөр баш мүчөлөрдүн биринө таандык болуп турган, же өз ара бири-биринө карай багынынкы абалда, же тең байланышта турган сөз, же сөздөрдүн тобу болуп, анын сүйлөмдөгү алган синтаксистик орду, колдонулушу баш мүчөлөргө карай гана шартталган. Башкача айтканда, баш мүчө катышпай туруп, айкындооч мүчөлөрдүн болушу да мүмкүн эмес. Ушинтип, ал сүйлөмдүн баш мүчөлөрү аркылуу пайда болгон, өнүккөн жана баш мүчөлөрдүн кеңири мааниде айтылышын шарттап турган синтаксистик категория болуп саналат.

Грамматикалык планда алганда, айкынооч мүчө дегенибиз сүйлөмдүн жалпы структуралык составында анын курулуш материалы катары түшүүчү толук маанилүү сөз, же ажырагыс сөз тизмеги, же комплекстик форма түрүндөгү сөздөрдүн айкалыш тобу болуп, ал аткарган милдетине карай жекече алынган сөздүн, же сөз түркүмдөрүнүн конкреттүү мазмундуулугунан, касиетинен ажыратылган, грамматикалык жагынан абстракцияланган синтаксистик категория болот.

Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү сыяктуу эле, айкындооч мүчөлөрдүн да өзүнө мүнөздүү курулушу, касиети болот. Жалпысынан, ал, айкындооч сөздөр, өзүлөрү багынып турган сөздөргө карай аттрибутивдик катыштагы сынарлар болуп, мына ушул катыш касиетине жана ошол катышына туура келген формасына жараша сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнөн айырмаланып турат.

3. Сүйлөмдүн жалпы грамматикалык структурасын баш жана айкындооч мүчөлөрдүн биримдиги менен гана чектей салууга болбойт. Булар, баш жана айкындооч мүчөлөр, билдирилүүчү ойдун материалдык, борбордук бөлүгү, негизи катары гана келишет. Сүйлөмдө булардан тышкары да грамматикалык жактан мүчө боло албаган сөздөр да (каратма, кириндди жана сырдык сөздөр) катышат. Алар сүйлөмдүн маанисин кеңейтет, билдирилүүчү ойго карай айтуучунун ар кыл мамилесин, көз карашын кошо камтыйт.

Грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр да, сүйлөм мүчөлөрү сыяктуу эле, грамматикалык жактан абстракцияланган, тийиштүү синтаксистик милдет аткарып турган синтаксистик категориялардан болуп, алар жекече турган сөздөр маанисинде болушпайт. Айтылуучу ойдун таандык багытын (каратма сөз), же айтуучунун көз карашын (кириндди сөз), же ички сезимин (сырдык сөз) билдирүү иштерин тейлейт.

Мына ушул сүйлөмдө катышкан сөздөрдүн бардыгы бириги келип, мейли сүйлөмдүн мүчөсү болуп түшсүн, мейли грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр болсун, сүйлөмдүн жалпы грамматикалык структурасын түзүп турат. Алардын ар бири өзүлөрүнүн табиятына жараша сүйлөмдүн маанилерин кеңейтип, толуктап турат.

Демек, сүйлөмдүн табиятын туура түшүнүү иши анын мына ушул составдык бөлүктөрү болуп келген сөздөрдүн функционалдык касиетин илимий негизде изилдөө ишине тыгыз байланышта болот.

Сүйлөмдө катышкан сөздөр тийиштүү синтаксистик категорияларга туура ажыратылбай туруп, эки составдуу сүйлөмдөрдүн илимий жактан жетиштүү даражада аныкталышы жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эмес. Ошондойчо эле, өз учурунда эки составдуу сүйлөмдөрдү тактап албай туруп, бир составдуу сүйлөмдөрдүн да чеги, касиети толук түрдө ачылбай калат, калпыс болуп калат. Мына ушундан барып бул кырдаал, бир жагынан, дээрлик бүт жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүн өз кучагына камтып турса, экинчи жагынан, жөнөкөй сүйлөмдөр кошмо сүйлөмдөрдүн курулуш материалдары болгон үчүн белгилүү даражада кошмо сүйлөмдүн негизги маселелеринин чечилишинде да тийиштүү ролдо ойнойт.

## II ГЛАВА

## СҮЙЛӨМДҮ МҮЧӨЛӨШТҮРҮҮ

### Жалпы маалымат

§ 24. Сүйлөм дегенибиз айрым бир бүткөн ойду билдирүүчү грамматикалык жактан уюшулган сөз, же сөздөрдүн айкалышы тобу болуп, анын тутумуна киришкен сөздөр андагы аткарган синтаксистик милдеттерине жараша тийиштүү сүйлөм мүчөлөрүнө жана сүйлөмгө мүчө боло алышпаган сөздөрдүн түрлөрүнө бөлүнөт.

Мисалы: 1. **Дос күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат** (эл макалы). 2. **Балам, ынтымак болбой, иш оңбойт.**

Бул берилген мисалдардын экинчи сүйлөмүндөгү **балам** деген сөз сүйлөмгө мүчө болуп түшкөн жок, каратма сөздүк милдет аткарып турат, бул эки сүйлөмдөгү калган сөздөрдүн бардыгы тең сүйлөм мүчөлөрү болуп келишти.

Сүйлөмдүн табиятын туура түшүнүү, баарыдан мурда, анын ошол курулуш материалдары болуп келген сөздөрдүн функциясын жана ал функциясына туура келген, шарттап турган түзүлүшүн, тагыраак айтканда, анын спецификалык өзгөчөлүктөрүн эмнелер түзөрүн, интонациянын ролун аныктоо ишине тыгыз түрдө байланыштуу болуп, ал ар бир жекече алынган тилдин

же тектеш тилдердин закон ченемдүүлүгүнүн базасында аныкталууга тийиш.

Сүйлөмдүн структуралык ар кылдуулугу, демек, типологиялык көп түрдүүлүгү анын мына ошол составдык бөлүктөрү болуп түшкөн сөздөрдүн—курулуш материалдарынын, табияты, түзүлүшү менен шартталган болот.

Мейли жөнөкөй сүйлөмдөрдө болсун, мейли кошмо сүйлөмдөрдө болсун, сүйлөмдүн бул эки негизги тобунун кайсы гана түрүн албайлы, алардын касиети, негизи составдык элементтеринин, бөлүктөрүнүн табиятына карай шартталып тургандыктан, сүйлөм жөнүндө туура түшүнүктө болуу жана аны туура багытта аныктоо иши анын тутумуна кирген мына ошол сөздөрдүн аткарган синтаксистик милдеттерине туура келүүчү катыш бөтөнчөлүктөрү менен түзүлүшүнө жараша тийиштүү сүйлөм мүчөлөрүнө жана грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн түрлөрүнө ажыратылыш зарылчылыгын туудурат. Сүйлөмдү мүчөлөштүрүү ишинин актуалдуулугу мына ушунда болот.

§ 25. Мына ушундайча, сүйлөмдүн тутумунда анын составдык бөлүктөрү болуп келген сөздөр аткарган синтаксистик милдеттерине карата тийиштүү сүйлөм мүчөлөрүнүн түрлөрүнөн жана сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн түрлөрүнөн турушкан болуп, анын биринчисине баш жана айкындооч мүчөлөр кирише да, экинчисине каратма, киринди жана сырдык сөздөр кирет.

Сүйлөмдө булардан тышкары дагы синтаксистик табияты жагынан аталган синтаксистик категорияларга окшобогон, туура келбеген өз беттеринче эркин абалда турган ар кыл байламта, бөлүкчө сөздөр да катышып турушу ыктымал. Булар да сүйлөмдүн өзгөчө бир мүнөздөгү составдык элементтери катары келишип, сүйлөмгө бул, же тигил түрдөгү түркүн-түркүн кошумча маанилер берип турушат.

Ушинтип, сүйлөмдө катышкан сөздөр табияты жагынан өз ара бири-биринен айырмаланып турган үч негизги топко, башкача айтканда, сүйлөм мүчөлөрүнө, грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн тобу менен өз алдыларынча жеке турган катыштык сөздөрдүн тобуна бөлүнүшөт.

Сүйлөмдүн структуралык, типологиялык табияты, көп кырдуу маани бөтөнчөлүктөрү, негизинен, мына ушулардын касиети менен тыгыз түрдө байланыштуу болот.

Аны менен бирге, сүйлөмдүн бардык эле түрлөрүнүн табиятын бирдей болот экен деп түшүнүүгө, мына ушул негизде алардын бардык түрлөрүнө кандайдыр бир үлгүнүн, норманын негизинде мамиле кылууга да мүмкүн эмес. Анткени, ар бир жекече алынган тилдин системасында сүйлөмдөрдүн өнүгүш, калыптаныш процесси ар кыл келип, нак ошол үлгүлөнүш абалына жараша алар ар түрдүү курулуш бөтөнчөлүктөрүнө ээ бо-



луп турушу ыктымал. Маселен, кыргыз тилинде жөнөкөй сүйлөмдөр курулушу менен составдык бөтөнчөлүктөрүнө карата өз ара бир составдуу сүйлөмдөр менен (1. **Ай, сени! Арыкты семиз кылган май сени** (эл макалы). 2. **Ууру, кокуй!** 3. **Бас жаагыңды!** 4. **Түн. Бороон-чапкын. Көзгө сайса көрүнгүс караңгы. Суук.** ж. б.) эки составдуу сүйлөмдөрдүн түрлөрүнө бөлүнөт. Анын ичинен айрым бир бир составдуу сүйлөмдөрдү (айталы, атама сүйлөмдөрдү) жогоруда белгиленип өтүлгөндөй синтаксистик категориялардын түрлөрүнө ажыратууга болбойт, ачыгыраак айтканда, мындай сүйлөмдөрдүн баш, же айкындооч мүчөлөргө, ошондой эле грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн түрлөрүнө ажыратылышы милдеттүү да, зарылчылык да эмес.

Сүйлөмдөрдү мүчөлөштүрүү иши, негизинен, эки составдуу сүйлөмдөрдүн табиятын аныктоо ишине карата изилденүүчү гана объект болуп саналат. Себеби булар, негизинен, эки составдуу сүйлөмдөрдүн гана курулуш материалдары болуп, эки составдуу сүйлөмдөрдүн гана спецификалык элементи, белгиси катары келишет.

### Сүйлөмдү мүчөлөштүрүүнүн негизи

§ 26. Сүйлөмдүн башкы уюштуруучу борбору, уюткусу сүйлөм мүчөлөрү болот. Эки составдуу сүйлөмдөрдүн табияты, экинчи сөз менен айтканда, грамматикалык жактан уюшулуп, тийиштүү ырааттуулукка келип, белгилүү бир ойду билдириши, дээрлик, мына ушул сүйлөм мүчөлөрүнүн касиети, ролу менен тыгыз түрдө шартталган.

Ушундайча, алар (сүйлөм мүчөлөрү) билдирилүүчү ойдун негизги материалдык оболочкасы катары келишет да, грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр болсо сүйлөмгө ар кыл кошумча маани берүү, же айтуучунун ага карай болгон сезимин, мамилесин чагылыштыруу функциясында гана турушкан болот.

Сүйлөмдү мүчөлөштүрүү иши кыргыз жана башка түрк тилдеринин нормативдик грамматикаларында гана орун алган. Мектептерде сүйлөм мүчөлөрүн жана грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдү өтүү иши алардын кайсы негизде мындайча составдык бөлүктөргө бөлүшөрүн белгилөө талабын туудургандай көрүнөт. Мына ушул практикалык мактаждык сүйлөм мүчөлөрүн өтүүдөн мурда алардын тийиштүү функционалдык единицаларга (категорияларга) бөлүнүш критериясын аныктоо маселесин талап кылгандай сыяктанат.

Бирок нормативдик грамматикаларда сүйлөмдү мүчөлөштүрүү иши жетиштүү даражада иштелип чыккан эмес. Анда сүйлөмдөгү катышкан сөздөр тийиштүү бир суроолорго жооп берип турушкан болсо, сүйлөм мүчөлөрү болору, эгерде, кан-

дайдыр бир суроого жооп бере алышпаса, сүйлөмгө мүчө боло албай тургандыгы гана белгиленген. Мүмкүн, бул окуучулардын билим жана жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша жетиштүү да чыгар.

Ал эми, бул маселеге тереңирээк үңүлгөндө сүйлөмдө мүчө болуп түшкөн сөздөрдүн тийиштүү бир суроого жооп бериши-нин себеби эмнеде, ошондойчо эле, грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр эмне себептүү кандайдыр бир суроого жооп болуп түшө алышпайт, мына ушулар сыяктуу сүйлөм мүчөлөрүнүн жана сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн ички дүйнөсүн ачуучу орчундуу маселелер камтылган эмес.

а) «Сүйлөм мүчөлөрү дегенибиз — сүйлөмдө анын структуралык элементтеринин ортосундагы катыштарын билдирүүчү сөз, же сөз тизмеги түрүндөгү синтаксистик категория»,[1] — болот.

Экинчи сөз менен айтканда, сүйлөмдө катышкан сөздөрдүн бири багыныңкы абалдагы, экинчиси багындыруучу абалдагы сыңарлардын айкалышынан турган комплекстер болуп, ал сыңарлар өз ара тийиштүү синтаксистик катыштарда турушат да, ошол катыш бөтөнчөлүктөрүнө жараша алардын сүйлөмдөгү аткарган синтаксистик милдеттери коррективдешет, тийиштүү суроолорго жооп болуп түшүшөт.

Мисалы: 1. **Жакшы жүрсөң, жетесиң муратка, жаман жүрсөң, каласың уятка** (эл макалы). 2. **Сылыктыкта сыныk жок** (эл макалы).

Бул келтирилген мисалдарда катышкан сөздөрдүн бири экинчисине багыныңкы абалда туруп байланышып, ошол байланыш бөтөнчөлүктөрүнө жараша алар өз ара бири-бири менен бул, же тигил мүнөздөгү катыштарда турушат. Дал ошол катыш бөтөнчөлүктөрүнө ылайык алардын ар биринин синтаксистик аткарган милдеттери коррективделип, шартталып турат. Мисалы, **жакшы, жаман, муратка, уятка, сылыктыкта** деген сөздөр айкындоочтук милдет аткарышты да, **жүрсөң, сыныk жок** деген сөздөр сүйлөмдүн баш мүчөлөрү болуп келишти.

Бул көрсөтүлгөн сөздөр, канчалык, белгилүү бир сүйлөм мүчөлөрү болуп келишкенден кийин, өзүлөрүнүн ошол аткарган синтаксистик милдеттерине жараша тийиштүү бир суроолорго жооп берүү касиетине да ээ болуп турушат.

Мисалы: Эл менен болгула, элден ажырабагыла, балдар.

1. — **Ким менен** бололу?
   — Эл менен.
   — Эл менен **эмне кылалы?**
   — Болгула.
2. — **Кимден** ажырабайлы?
   — Элден.

[1] В. В. Виноградов, Основные вопросы синтаксиса предложения. Жыйнак, Вопросы грамматического строя, М., 1955, 412-бет.



— Элден **кантели?**
— Ажырабагыла.

Көрсөтүлгөн сүйлөмдө катышкан **балдар** деген сөз гана кандайдыр бир суроого жооп болуп түшө албайт. Демек, ал сүйлөм мүчөсү болуп келген жок, грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөз (каратма сөз) болуп түштү.

б) Ал эми, грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө болуп түшө албаган сөздөр болсо, маселен, каратма, кириндиларды жана сырдык сөздөр, сүйлөмдө катышкан бул, же тигил сөзгө (жекече алынган сөзгө) багыныңкы абалда болушпайт. Алар сүйлөмдүн жалпы жонуна таандык болуп айтылат. Ошондуктан аларга сүйлөмдө катышкан бул, же тигил сөзгө байланышта тийиштүү бир суроонун коюлушу да мүмкүн болбой калган. Себеби, алар сүйлөмдө катышкан башка бир сөзгө багыныңкы абалда болбогондон кийин, «...башка сөздөр менен синтаксистик катыштарда болушпайт».[1] Грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн кандайдыр бир суроого жооп болуп түшө албагандыгынын себеби да мына ушунда.

Мисалы: 1. **Балам,** кайдан келдиң, райондонбу? — деди Бурулча (К. Б.). 2. **Кандай болбосун, окууга кирем.** 3. Мына, **бактысына карай,** Күмүш менен Нуркасымга Иван жолукту (К. Б.). 4. **Кап,** барганда жакшы болмок экен.

Келтирилген мисалдарда **балам, кандай болбосун, бактысына карай, кап** деген сөздөр сүйлөмдүн жалпы жонуна таандык болуп турушат, сүйлөм мүчөлөрү сыяктуу айрым бир сөздөр менен тийиштүү синтаксистик катышта турушкан жери жок, ошондуктан аларга кандайдыр бир сөзгө карай бул, же тигил мүнөздөгү суроонун берилиши да мүмкүн эмес.

Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр дал ушул табияты жагынан сүйлөм мүчөлөрүнөн кескин түрдө айырмаланып турушат.

Буларга окшогон грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган синтаксистик категориялар бир нече сөздүн комплекси болушу да ыктымал.

Мисалы: 1. **Кымбаттуу жолдош,** сизди эртеңки болуучу кечеге чакырабыз. 2. **Кандай болсо да,** сиз келүүгө аракет кылыңыз.

Көрсөтүлгөн мисалдарда **кымбаттуу жолдош** деген комплекс каратма сөздүк милдет аткарды да, **кандай болсо да** деген комплекс кириндини сөз болуп түштү.

Бул белгиленип өтүлгөн комплекстердин тутумундагы **кымбаттуу** деген сынары **жолдош** деген сынарына карай, **кандай** деген **болсо** деген сынарына карай багыныңкы абалда (ыкташуу байланышында) туруп байланышты. Бул жагынан көрсөтүлүп жаткан багыныңкы сынар болуп түшкөн сөздөр, кандайдыр, сүйлөм мүчөлөрүнө, тагыраак айтканда, аныктооч жана бышыктооч сөздөргө окшошуп кетишет. Бул кырдаал, болжолу, карат-

[1] М. Б. Балакаев, Совр, казахск. яз., синт., Алма-Ата, 1959, 119-бетти караңыз.

ма жана киринди сөздөрдүн белгилүү бир шартта сүйлөм мүчөлөрүнөн барып өнүгүп чыгыш процессине байланыштуу болсо керек.

Бирок азыркы кыргыз тилинин шартында булар аталып өтүлгөн грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган комплекстердин (каратма жана киринди сөздөрдүн) ажыралгыс биримдиктеги составдык бөлүктөрү катары келишет, ошондуктан аларды мүчөлүк милдет аткаруучу сөздөрдүн катарына кошууга, же аларга параллель коюуга болбойт.

Жалпы жонуна мындай комплекстер (багыныңкы сынар болуп түшкөн бөлүгү менен багындыруучу сынарынын биримдиги) кандайдыр бир сурооого жооп болуп түшө алышпайт. Анткени, буларга окшогон комплекстер, же алардын тутумундагы багындыруучу сынар болуп түшкөн бөлүктөрү (**жолдош, болсо** да деген сөздөр) сүйлөмдө катышкан кандайдыр бир сөз менен катышта боло албайт. Сүйлөмдүн жалпы жонуна таандык болуп турат. Ошондуктан аларга сүйлөмдүн жалпы жонуна карата суроонун коюлушу да мүмкүн эмес.

в) Бирок сүйлөмдүн табиятын анын мына ушул составдык бөлүктөрү болуп келген сөздөрдүн (сүйлөм мүчөлөрү менен грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн) арифметикалык суммасы катарында кароого болбойт. Албетте, булардын сүйлөмдө ролу чоң дечи. Ошондой болсо да, сүйлөмдүн бардык эле түрлөрү өз ара тийиштүү бир катыштарда турушуп, тийиштүү суроолорго жооп берип турган сүйлөм мүчөлөрү менен грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн катышып турушу аркылуу гана жасалат экен деген сыяктуу тыянакка келүүгө да мүмкүн эмес.

Сүйлөмдүн кай бир түрлөрүндө, маселен, кемтик сүйлөмдөрдө, өз алдыларынча турганда тийиштүү лексикалык маанига ээ боло албаган сөздөр да сүйлөмдүк милдет аткара берише. Мисалы: 1.

— Ээ, кайда баатырлар?
— Жумуш издеп.
— Жумуш бар бекен?
— **Ооба** (жомоктон).
2. — Муну да бүтүрүшүбүз керекпи?
— **Албетте.**

Бул келтирилген мисалдарда **ооба, албетте** деген сөздөр сүйлөмдүк милдет аткарып турушат. Бирок алар сүйлөм мүчөлөрү сыяктуу кандайдыр бир сурооого жооп бере алышпайт. Буларды сүйлөм мүчөлөрүнө, же грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн түрлөрүнө ажыратууга мүмкүн эмес. Бул сүйлөмдүн типологиялык түрлөрүнүн жасалышындагы өзүнчө бир ыкма болуп саналат. Демек, сүйлөмдүн касиетин анын составдык бөлүктөрү болуп келген сүйлөм мүчөлөрү менен сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн табиятына карата



чектөөнүн жетишсиздиги, ал норманын дайым эле сүйлөмдүн барлык түрлөрүнө туура келе бербей тургандыгы мына ушунда.

Сүйлөмдүн кандай гана түрүн албайлы, анда аталып өтүлгөн синтаксистик категориялар орчундуу ролдо ойноо менен катар, алардын ар бирине мүнөздүү бул, же тигил түрдөгү жасалыш ыкмасы, конструкциялык бөтөнчөлүктөрүнүн да болору эске алынышы зарыл да, милдеттүү да маселелерден болуп саналат.

## СҮЙЛӨМ МҮЧӨЛӨРҮНҮН ФОРМАСЫ

§ 27. Сүйлөм мүчөлөрү, же сүйлөмгө грамматикалык жактан мүчө боло албаган сөздөр өзүлөрүнүн аткарган синтаксистик милдеттерине туура келген тийиштүү форма өзгөчөлүктөрүнө ээ болуп турушат. Форма жагынан болгон өзгөчөлүктөрүн алардын бул, же тигил мүнөздөгү сырткы түзүлүшү менен эле түшүндүрө, жыйынтыктай салууга болбойт. Көп учурларда синтаксистик категориялар ар башка синтаксистик милдет аткарып турушса да, форма (сырткы түзүлүшү) жагы бирдей болуп калган кездери да аз учурабайт. Алардын түзүлүш жагынан окшош болуп калышы ошол синтаксистик категориялардын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасына байланыштуу көрүнүш болуп саналат.

Мисалы: 1. **Үй** — мал. 2. **Жакшы** сөз жан семиртет, **жаман** сөз жан кейитет (эл макалы). 3. Жоодон корккон да, качкан да **жаман**, ага каршы курал кесеп тоскон **жакшы** ж. б.

Берилген мисалдардын биринчи сүйлөмүндө бирдей эле түзүлүштөгү **үй** деген сөз ээлик, **мал** деген сөз баяндоочтук милдет аткарып турат. Ошондойчо эле, атооч жөндөмөдөгү **жакшы, жаман** деген сөздөр экинчи сүйлөмдө аныктоочтук милдет аткарып турушса, үчүнчү сүйлөмдө баяндоочтук милдет аткарышты.

Бул талданып өтүлгөн мисалдарга карата сүйлөм мүчөлөрүнүн формалары дегенибиз алардын сырткы түзүлүшү менен гана чектелбей тургандыгы жөнүндө, алардын тийиштүү орун тартиби да сүйлөм мүчөлөрүнүн грамматикалык формасынын белгилүү бир элементи катары келерин белгилей кетүүгө туура келет.

Демек, синтаксистик категориялардын аткарган милдеттерине туура келген тийиштүү формалары алардын **сырткы түзүлүшү** менен гана мүнөздөлбөйт, алардын тийиштүү орун абалы менен да коррективделип турган болот. Синтаксистик категориялардын аткарган милдеттерине туура келүүчү катыш бөтөнчөлүктөрү мына ушул эки кырдаал менен тыгыз түрдө байланыштуу болот.

Ошондуктан синтаксистик категориялардын формасы жөнүндө сөз жүргөндө алардын сырткы түзүлүшү гана мүчөлүк милдет аткаруучу сөздөрдүн бул, же тигил мүнөздөгү жекеденжеке синтаксистик формасы катары алынууга, каралууга ти-

йиш эмес. Бул өтө чектелген, тар планда гана кароо болуп калат. Канчалык, синтаксистик категориялардын (сүйлөм мүчөлөрүнүн) милдети, бир жагынан, ал сөздөрдүн сырткы түзүлүшү менен, экинчи жагынан, тийиштүү орун тартиби менен коррективделип тургандан кийин, кеңири планда тийиштүү синтаксистик категориялардын милдеттерине туура келген катыш өзгөчөлүктөрүн шарттоочу сырткы түзүлүшү да, орун тартиби да алардын формасы катары каралышы керек. Ошондо гана бул, же тигил синтаксистик категориялардын чеги туура да, толук түрдө да белгиленген болот.

Ал эми, грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөргө көз чаптырсак, алардын кай бирлери өзүлөрүнүн сырткы түзүлүшү жагынан бул, же тигил мүнөздөгү сүйлөм мүчөлөрү менен окшош болуп турушкандыктары менен, алар башка бир сөздөр менен тийиштүү синтаксистик катыштарда болбогондуктары жагынан, мына ушул негизде сүйлөмдүн жалпы жонуна таандык болуп турушкандыктары менен сүйлөм мүчөлөрүнөн түп тамырынан бери айырмаланып турат.

## Сөз түркүмдөрүнүн семантикалык табиятынын ролу.

**§ 28.** Сүйлөмдү мүчөлөштүрүү жана аларды классификациялоо ишинде сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасы канчалык даражада эске алынууга тийиш болсо, андан кем эмес, ошончолук эле даражада сүйлөмдө катышкан сөздөрдүн семантикалык табиятына да назар салынууга тийиш. Анткени көп учурларда сүйлөмдүн бул, же тигил түрдөгү милдет аткарып турган мүчөлөрү, ар башка синтаксистик милдет аткарып турушса да, алардын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн табиятына жараша маани жана түзүлүш жактары менен аларга берилүүчү суроолору жагынан бир-бирине окшош болуп кеткен кездер да аз болбойт.

Мисалы: 1. Жыпар жыты аңкыган
Кандай сонун **чар тарап** (Н. Б.).
2. Тоону, ташты **сел** бузат, адамзатты **сөз** бузат (эл макалы).

Көрсөтүлгөн мисалдарда **чар тарап** деген сөз (комплекс) бир жагынан, аткарган милдетине жараша (ээлик милдет аткарды) объектилик мааниде турса, экинчи жагынан, өзүнүн семантикалык табиятына карай орун маанисин да кошо билдирип турат. **Сел, сөз** деген ээлик милдет аткаруучу сөздөр нерселик (объектилик) гана маани билдиришип турушат. Себеби, булар объектилик маанидеги сөздөр.

3. Өз **элине, жерине** кетти. 4. Пейли кең, берекеси мол меймандос **элиме,** чеберлер сайган саймадай алда нече кубулган көк шибердүү **жериме** кубанам.



Бул мисалдардын биринчи (3) сүйлөмүндө **элине, жерине** деген барыш жөндөмөдөгү сөздөр орун бышыктоочтук милдет аткарышты да, экинчи сүйлөмдө (4) болсо бирдей эле түзүлүштөгү ошол сөздөр (элиме, жериме) толуктоочтук милдет аткарып калышты.

Бул талданып өтүлгөн мисалдарга карата эмне себептүү бирдей эле милдет аткарып турган сөздөр (1, 2-сүйлөмдөр жөнүндө сөз жүрүп жатат) ар башка маанилерде турушат, же болбосо бирдей эле түзүлүштөгү сөздөр (3, 4-мисалдар) бир учурда толуктоочтук милдет аткарып турушса, башка бир шартта орун бышыктоочтук милдет аткарып, алар ар башка синтаксистик категориялардын милдетин аткарып турушат деген сыяктуу маселелер алдыбызга тартылат.

Мында, биринчиден, баарыдан мурда, бул, же тигил сөз белгилүү бир синтаксистик милдет аткарганда, алардын өзүлөрүнө мүнөздүү семантикалык мазмундуулуктары кошо сакталып кала бере тургандыгы жөнүндө белгилөөгө тийишпиз, ошол себептүү сүйлөмдүн бул мүчөсү мындайча мааниде болот, тигил мүчөсү түкүндөйчө мааниде турат деген сыяктуу чектөө жетишсиздик кылат. Сөз түркүмдөрүнүн семантикалык табиятынын эске алынышы зарыл.

Экинчиден, сүйлөм мүчөлөрүнүн (айкындооч мүчөлөрдүн) грамматика-семантикалык жактан классификацияланышында багыныңкы сынар болуп түшкөн сөздөрдүн да семантикалык табияты айрыкча ролдо ойнойт. Сүйлөм мүчөлөрүн аныктоодо мына ушул кырдаалдар эске алынган болсо гана, сүйлөм мүчөлөрүнүн табияты, чеги туура да, так да ажыратылышы мүмкүн.

Кыскасы, сүйлөм мүчөлөрүнүн бул, же тигил мааниде турушунда, же алардын бул, же тигил мүнөздөгү синтаксистик милдеттеринин реализацияланышында сөз түркүмдөрүнүн семантикалык табияты менен айкалышта турган сөздөрдүн бири-бирине тийгизген таасири башкы орундардын бирин ээлөөчү маанилүү фактор катары пайдаланылышы тийиш.

Мисалы: 1. Аргымак айгыр кече албас
Агын **суудан** кечмек бар (А. О.).

2. Эр жигит **эл четинде, жоо бетинде** (эл макалы). 3. Ал **шаардан** окуйт. 4. Бул бала **шаардан.**

5. **Тескейге** жайсам коюмду,
Телмирттиң таппай оюмду (эл оозунан).

6. Биздин тоолор **тескей-күңгөйгө, кокту-колотторго** бай келет ж. б.

## Сүйлөм мүчөлөрүнө берилүүчү суроолор.

**§ 29.** Мына ушул жогоруда белгиленип өтүлгөн кырдаалдарга байланыштуу сүйлөм мүчөлөрүнө берилүүчү суроолорго да кылдаттык менен мамиле кылынышы талап кылынат. Башкача

айтканда, сүйлөм мүчөлөрүн аларга берилүүчү суроолоруна ка-
рата ажыратуу аларды грамматикалык жактан сүйлөмгө мүч
боло албаган сөздөрдөн айырмалоо маселесин гана өз кучагын
толук түрдө камтый алат. Ал эми, сүйлөм мүчөлөрүнүн түрлөрү
өз ара айырмалоо ишинде чечүүчү жекеден-жеке норма болуп
саналбайт. Нормативдик грамматикаларда гана практикалык
максатта окуучулардын өздөштүрүш жактары жеңил болсун үчүн
тийиштүү суроолордун колдонулушу, сунуш кылынышы этибар
Анткени, сүйлөм мүчөлөрү алардын милдетин аткарып тур
ган сөз түркүмдөрүнүн табиятына, түзүлүшүнө жараша, башка
башка синтаксистик милдет аткарып турушкан болсо да, бир
дей эле суроолорго жооп берип калышы да ыктымал.

Мисалы: 1. **Кайың** күрөк менен эгин жакшы сапырылат.
2. **Кайың** — жыгач. 3. Бул —**кайың.**

Бул берилген мисалдарда атооч жөндөмөдөгү **кайың** деге
сөз айкындоочтук да, ээлик да, баяндоочтук да милдет аткары
турат жана бул үч учурда тең аларга бирдей эле суроо коюлуш
ыктымал.

4. **Жакшы** тилек адамды эмгекке, баатырдыкка шыктанды
рат, арамзанын тилеги **жаман,** жүрөгү **кара** ж. б.

Мында болсо бирдей эле түзүлүштөгү жана бирдей эле су
роого жооп берүүчү **жакшы** деген сөз айкындоочтук милдет ат
карып турат да, **жаман, кара** деген сөздөр сүйлөмдүн баяндоо
мүчөлөрү болуп келишти.

Ошондуктан сүйлөм мүчөлөрүн ажыратуу ишине карай бе
рилүүчү суроолор айкалышта турган сөздөрдүн катыш өзгөчө
лүктөрү менен байланышта алынганда гана, сүйлөмдү мүчө
лөштүрүү иши туура негизде коюлган болот. Себеби сүйлөм мү
чөлөрүнүн функционалдык табияты аларга берилүүчү суроолор
го карай эмес, алардын өз ара болгон катыш бөтөнчөлүктөрүнө
жараша коррективделип турат.

## Сүйлөм мүчөлөрүнүн калыпташында сөз түркүмдөрүнүн ролу.

**§ 30.** Ар бир сөз түркүмүнүн бул, же тигил синтаксистик ка
тегориялардын милдетин аткарыш даражалары ар кыл келет.
Бир сөз түркүмү бир түрдүү синтаксистик категориялардын мил
детин көбүрөөк даражада аткаруу касиетине ээ болуп турса,
башка бир сөз түркүмдөрү дагы бир башкачараак мүнөздөгү
синтаксистик категориялардын милдеттерин көбүрөөк даражада
аткарышат. Кыскасы, ар бир сөз түркүмүнүн өзүнө мүнөздүү
ролу, бөтөнчөлүгү болот. Ошондуктан сүйлөм мүчөлөрүн, жа
грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдү
табиятын белгилөөдө айкалышта турган сөздөрдүн карым-ка
тыштарын эске алуу менен катар, алардын дал ошол сүйлөмдү
курулуш материалдары болуп келген сөздөрдүн структуралык



семантикалык касиетине жараша тилде бекемделген белгилүү бир үлгүнүн негизинде турары этибар кылынбай, көз жаздымында калууга тийиш эмес.

Маселен, зат атоочтор менен ат атооч сөздөр, же заттык мааниде колдонулган башка сөз түркүмдөрү өзүлөрүнүн түзүлүш, катыш бөтөнчөлүктөрүнө жараша басымдуу көпчүлүк учурларда ээлик, толуктоочтук, орун бышыктоочтук жана баяндоочтук милдет аткарышат да, сын, сан атооч сөздөр, көбүнчө, аныктоочтук, баяндоочтук милдет аткарышат. Тактоочсөздөр, негизинен, бышыктоочтук милдет аткарышып турушат. Ал эми, этиш сөздөр чак формасында, же негиз түрүндө турган болсо, баяндоочтук милдет аткарышат да, чакчыл формада турган болсо, баяндоочтук да, бышыктоочтук да милдет аткара берет, же чакчыл түрмөктүн негизги уюштуруучу бөлүгү катары келишет.

Этиш сөздөр атоочтук формада турган кездерде, көбүнчө, сүйлөмдүн ээси, же аныктооч мүчөсү болуп түшкөн болот.

Өз алдыларынча турганда тийиштүү лексикалык мааниге ээ боло албаган сөздөр болсо (катыштык сөздөр) өз беттеринче туруп сүйлөмдүн бул, же тигил түрдөгү мүчөсү болуп түшө алышпайт, сүйлөм мүчөлөрүнө, же сүйлөмдүн жалпы жонуна ар кыл катыштык, же кошумча маани берүү функциясында болушат. Айрым шарттарда гана заттануу аркылуу толук маанилүү сөздөрдүн эсебинен сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарып калышы ыктымал.

Принципиалдуу алганда, толук маанилүү сөздөр гана сүйлөм мүчөлөрү болуп келише алат. Анткени, сүйлөм мүчөлөрүнүн синтаксистик милдеттерин шарттоочу тийиштүү синтаксистик катыштары толук маанилүү сөздөрдүн ортосунда гана болушу мүмкүн.

## Сүйлөм мүчөлөрүнүн составы.

**§ 31.** Сүйлөм мүчөлөрү бир сөздөн болушу да мүмкүн. Мисалы: **Космонавттар — элдин, партиянын сыймыгы.**

Берилген сүйлөмдө ар бир сөз өз алдынча туруп тийиштүү синтаксистик милдет аткарып турат. Маселен, **космонавттар** деген сөз ээлик, **сыймыгы** деген сөз баяндоочтук милдет аткарды да, **элдин, партиянын** деген сөздөр аныктооч болуп келишти. Же сүйлөм мүчөлөрү өз ара ажыралгыс түрдө тутумдашып турган эки, же андан да көп толук маанилүү сөздөрдүн комплексинен, же толук маанилүү сөздөр менен катыштык сөздөрдүн айкалышынан турушу да ыктымал.

Мисалы: 1. **Жекшемби күнү** барабыз. 2. **Ал күнү** эч ким келген жок. 3. **Өңчөй жаштар** чогулушкан. ж. б.

Бул келтирилген мисалдарда **жекшемби** жана **күнү** деген толук маанилүү сөздөр менен **ал** жана **күнү** деген толук маанилүү сөздөр өз ара ажыралгыс биримдикте турушуп, сүйлөмдүн

айкындоочмүчөлөрү болуп келишти да, **өнчөй** деген катышты
сөз менен **жаштар** деген толук маанилүү сөздөр да ажыралгы
биримдикте турушуп, ээлик милдет аткарды.

Мына ошол себептүү сүйлөмдө катышкан ар бир сөз өз а
дынча жеке-жекеден туруп гана мүчөлүк милдет аткарат эке
деген түшүнүк жетишсиздик кылат.

Айрым бир учурларда ар бир сөз өз бетинче туруп мүчөлү
милдет аткарса, башка бир шарттарда бир нече сөздүн ажыра
гыс биримдиги, комплекси сүйлөмдүн бир гана мүчөсү болуп к
лиши да ыктымал.

### Сүйлөм мүчөлөрүнүн түрлөрү.

§ 32. Сүйлөмдө мүчө болуп келген сөздөр өз ара аткарга
синтаксистик милдеттеринин өзгөчөлүктөрүнө жараша баш ж
на айкындоочмүчөлөрдүн түрлөрүнө бөлүнүшөт.

Булардын ичинен сүйлөмдүн баш мүчөлөрү негизги борб
катары келишет да, айкындооч мүчөлөр болсо баш мүчөлөрд
бул, же тигил мүнөздөгү кырдаалдарын айкындоо, тактоо ш
не карай пайда болгон жана колдонулган сүйлөм мүчөлөрү бол
саналат. Ошондуктан алар (айкындоочтор) ар дайым баш
мүчөлөрдүн бирине тике, же кыйыр түрдө багынынкы абалда
лушат.

а) Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн бири, маселен, ээлик м
дет аткаруучу сөздөр, грамматикалык жактан башка синта
систик категорияларга багынбаган, атооч жөндөмөдөгү сөз
болуп, алар сүйлөмдө сөз болуп жаткан нерселердин, кубул
тардын, окуялардын аттары катары келишет.

Мисалы: 1. **Эр** — эли менен эрке. 2. **Ар-намыс** — адам
артык сапаты. 3. **Эмгек** — адамдын да, турмуштун да кө
4. **Билеги күчтүү** бирди жыгат, **билими күчтүү** минди жыгат (
макалы).

Сүйлөм ээлери, негизинен, **ким, эмне, кайсы** деген сыяк
суроолорго жооп болуп түшүшөт.

б) Ээлик милдет аткаруучу сөздөргө грамматикалык жак
багынынкы абалда болуп, анын (ээ болуп түшкөн сөздөрд
аракетин, абалын, сын-сан кырдаалдарын, ким-эмнелигин,
гы ушулар сыяктуу бөтөнчөлүктөрүн баяндап турган сөз
сүйлөмдүн баяндооч мүчөсү болот.

Мисалы: 1. Жашоо дегенибиз — **күрөшүү, түзүү, женүү**
лот. 2. Баатыр—улуу иш, ыйык күрөштүн **үлгүсү, жарчысы.** 3. Б
тыр энеден баатыр болуп **туулбайт,** аны эл **тарбиялайт,** коом
турмуш **жаратат.** 4. Адам эмгеги менен **сулуу.** ж. б.

Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү **эмне кылды, эмне кылат,** к
**кимде, эмне, эмнеден, кандай, канча, канчанчы** деген сы
туу суроолорго жооп беришет.

Сүйлөмдүн бул баш мүчөлөрүнүн бири (ээ) сөз болуп ж



жан нерселердин, кубулуштардын, окуялардын аттары катары келип, экинчиси (баяндооч) анын түрдүү кырдаалдарын билдирип, баяндап, ал экөөнүн биримдиги сүйлөмдүн негизи, уюткусу катары келгендиги үчүн булар сүйлөмдүн баш мүчөлөрү деп аталат.

в) Грамматикалык жактан сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн бирине (тике, же кыйыр түрдө) багынып, аларга айкындык, тактык, бышыктык берип турган сөздөр сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү болот. Мисалы: 1. **Жатып** өлгөнчө, атып өл (эл макалы). 2. **Атты** баксаң **жакшы** бак, **жоого** алдырбас **тар жерде** (эл макалы). 3. **Алын** билбеген алек (эл макалы). ж. б.

Айкындооч сөздөр **кандай, кантип, качан, качандан бери, кимге, эмнеде, кайдан, кайсы** деген сыяктуу суроолорго жооп берип турушат.

Бирок бул өйдөтөдө аталып өтүлгөн сүйлөм мүчөлөрүнө берилүүчү суроолор ал сөздөрдүн катыш бөтөнчөлүктөрү менен байланышта, биримдикте пайдаланылганда гана алардын функционалдык табияты туура негизде аныкталышы мүмкүн.

### Синтаксистик категориялар жана алардын абстракцияланышы.

§ 33. Ар бир сөз өзүнчө жеке алынганда атоо, же аракет, белги, сан маанилеринде, же ушулар сыяктуу дагы бир башка түрдөгү маанилерде болушат. Айрым гана түшүнүктүк маанилерди билдиришет. Мына ошол ар кыл табияттагы сөздөр тилдин грамматикасынын (синтаксисинин) карамагына түшкөндө гана, тийиштүү тартипте грамматикалык жактан абстракцияланышып, өз алдыларынча турушкандагыларындай атоо, же аракет, сын, сан, дагы ушулар сыяктуу маанилерди билдирүү касиетинде гана турушпастан, ар бир жекече алынган тилдин закон ченемдүүлүгүнө ылайык ой жүргүзүү ишинде анын — сүйлөмдүн, материалдык оболочкасы, курулуш материалдары катары келишет. Кай бирлери сөз болуп жаткан нерселердин аттары катары, дагы бир башкалары алардын абалын, кимдигин, аракетин, дагы ушулар сыяктуу кырдаалдарын билдирип, баяндап турган грамматикалык категориялар катары келишсе, дагы бир үчүнчүлөрү алардын түрдүү кырдаалдарына айкындык берүү милдеттерин аткарып турушат.

Мына ушул негизде тилдин синтаксиси сүйлөмдө катышкан сөздөрдү алардын аткарып турган милдеттерине жараша сүйлөм мүчөлөрүнө жана грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло алышпаган сөздөрдүн түрлөрүнө ажыратат.

Сүйлөмдө катышкан сөздөр, мейли зат жана сан, сын, ат атооч болушсун, мейли этиш, же башка бир сөз түркүмдөрү болушсун, тилдин синтаксиси алардын ар биринин жекече алынгандагы табиятын таанытпайт, аларды сүйлөмдөгү аткарган мил-

деттерине карай абстракциялап, сүйлөмдүн бул, же тигил мүчөсү катары, же мүчө боло албаган сөздөр катары гана таанылат.

Кайсы гана синтаксистик категорияны албайлы, алар кайсы сөз түркүмдөрүнөн болушса да, тилдин синтаксиси сүйлөмдө катышкан сөздөрдү бул, же тигил сөз түркүмү катары карабастан, аларды аткарып турган милдеттерине жараша сүйлөмдүн бул, же тигил мүчөсү катары, же грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр катары билет.

Албетте, синтаксистик категориялар менен морфологиялык категориялар (сөз түркүмдөрү) аз ара тийиштүү карым-катыштарда болушат, бирок алардын ортосунда параллелдүүлүк жок болот.

Сүйлөмдүн тутумунда анын курулуш материалдары катары келген сөздөр дал мына ушул негизде мүчөлөштүрүлөт, жана грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн түрлөрүнө (каратма, кириндi, сырдык сөздөргө) ажыратылат.

## КОРУТУНДУ.

1. Сүйлөм бир сөздөн, же бир нече сөздүн айкалышынан болушу мүмкүн. Ал, мейли бир сөздөн болсун, мейли бир нече сөздүн айкалышынан турсун, баары бир, айрым бир бүткөн ойду билдирет.

Сүйлөмдүн бул коммуникативдик касиетин туура түшүнүү, баарыдан мурда, анын спецификалык табиятын эмнелер түзөрүн, интонациянын ролун аныктоо ишине тыгыз түрдө байланыштуу болот.

Аны дал мына ушул планда алганда, анын составындагы курулуш материалдары болуп келген сөздөрдүн ролун, функциясын белгилөө иши баа жеткис чоң маанiге ээ. Бул синтаксистик категориялардын, башкача айтканда, сүйлөмдүн тутумунда катышып турган сөздөрдүн андагы аткарган синтаксистик милдеттеринин өзгөчөлүктөрүнө жараша сүйлөм мүчөлөрү менен грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн түрлөрүнө бөлүнүшүн изилдөө болуп, булардын ар бирине мүнөздүү болгон касиетин, бөтөнчөлүктөрүн белгилөө дегенибиз сүйлөмдүн материалдык оболочкасынын, спецификасынын табиятын негизи эмнеде экендигин ачуу, туура түшүнүү дегендикке жатат.

2. Сүйлөм составы менен түзүлүшү жагынан бир составдуу, же эки составдуу болушу мүмкүн. Булардын ичинен бир составдуу сүйлөмдөрдүн бардык эле түрлөрү сүйлөм мүчөлөрүнө, же грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн түрлөрүнө ажыратыла бербейт.

Мисалы: 1. **Түн. Бороон-чапкын. Көзгө сайса көрүнгүс карангы. 2. Ай, сени, арыкты семиз кылган май сени!** (эл макалы). ж. б.



Ошондуктан сүйлөмдүн составдык бөлүктөрүн мүчөлөштүрүү, же башка түрдөгү синтаксистик категориялардын түрлөрүнө ажыратуу иши, негизинен, эки составдуу сүйлөмдөргө мүнөздүү келет.

3. Сүйлөм мүчөлөрү дегенибиз анын (сүйлөмдүн) тутумунда өз ара бири-бири менен тийиштүү бир синтаксистик катыштарда турушкан сөздөр, же ажыралгыс сөз тизмектери (айкалыштары) түрүндөгү комплекстер болуп, алар өзүлөрүнүн аткарган милдеттерине жараша кандайдыр бир суроолорго жооп берип турушат.

Мисалы: 1. **Бала ыйлабай, эмчек кайда** (эл макалы).

2. **Элдүү түлкү ачка өлбөйт** (эл макалы).

3. **Эл ичи — алтын бешик, андан жай таппаган — ууру-кески, бузук.**

Келтирилген мисалда катышкан сөздөр өз ара тийиштүү синтаксистик катыштарда турушуп, алардын ар бири өз алдыларынча кандайдыр бир мүчөлүк милдет аткарышты да, өзүлөрүнүн ошол аткарган милдеттерине туура келген тийиштүү бир суроолорго жооп берип турушат.

4. Сүйлөмдүн негизги уюткусу сүйлөм мүчөлөрү болот. Алар сүйлөмдөгү билдирилүүчү ойдун спецификалык борбору катары келишип, сүйлөмдүн бүткөн бир ойду билдириши, ырааттуулугу, негизинен, ошол мүчө болуп түшкөн сөздөрдүн табияты менен шартталган болот. Ал эми, башка бир синтаксистик категориялар, маселен, грамматикалык жактан мүчө боло албаган сөздөр менен атоочтук түрмөктөр, чакчыл түрмөктөр болсо булар да узак мезгилдер ичинде калыпташкан, сүйлөм мүчөлөрүнөн, же башка бир мүнөздөгү синтаксистик конструкциялардан пайда болгон категориялар болуп, алар азыркы кыргыз тилинин шартында сүйлөм мүчөлөрүнөн тышкары өз беттеринче колдонулушу мүмкүн эмес. Алар сүйлөмгө ар кыл кошумча маани берүүчү синтаксистик каражат катары, сүйлөмдүн негизги структурасын түзүп турган сүйлөм мүчөлөрүнө карай гана колдонулушу ыктымал.

Сүйлөм мүчөлөрү болбой жана ал тийиштүү даражада изилденбей туруп, бул же тигил мүнөздөгү синтаксистик категориялардын пайда болушу жана анын табияты жөнүндө, демек, жалпы эле, сүйлөмдүн ар тараптан өнүгүш, калыптаныш процесси жөнүндө ойлоого да, туура корутундуга келүүгө да мүмкүн эмес. Сүйлөмдү мүчөлөштүрүү жана аны изилдөө ишинин зарылчылыгы да, мааниси да мына ушунда. Ансыз, сүйлөмдүн көп кырдуу табияты жөнүндө туура элестетүүгө, түшүнүүгө жана туура тыянакка келүүгө болбойт.

5. Грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр (каратма, кириндi жана сырдык сөздөр) синтаксистик категориялардын белгилүү бир түрлөрү болуп эсептелет. Булардын да өзүлөрүнө мүнөздүү функционалдык бөтөнчөлүктөрү бо-

лот. Маселен, грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр жалпысынан алганда сүйлөмдө катышкан кандайдыр бир сөзгө багынынкы абалда болбойт, дал ушул табиятына жараша башка бир сөздөр менен тийиштүү бир синтаксистик катыштарда да турушпайт. Алар, канчалык, башка сөздөр менен катышта болушпастан, сүйлөмдүн жалпы жонуна таандык болуп турушкандан кийин, сүйлөм мүчөлөрү сыяктуу кандайдыр бир суроолорго да жооп болуп түшө алышпайт. Мисалы: 1. **Балам,** кайдан келдин, райондонбу? (К. Б.). 2. **Кокуй,** бала жыгылат! 3. **Кантсе да,** эстүүлүк кылды.

Бул келтирилген мисалдардагы **балам** деген каратма, **кокуй** деген сырдык жана **кантсе да** деген киринди сөздөр кандайдыр бир сурооло жооп бере алышпайт. Анткени, сүйлөмдүн тутумундагы башка сөздөр менен катышта турбагандан кийин, алардын кандайдыр бир сөзгө карата суроо коюлушу да мүмкүн эмес.

6. Сөздөр өз беттеринче жеке-жекеден алынганда, айрымдары нерсе, атоо, аракет маанилеринде болушса, башка бирлери белги, сан, дагы ушулар сыяктуу маанилерди гана билдиришет. Алар сүйлөм үчүн ар түрдүү сапаттагы, касиеттеги курулуш материалдары болуп гана саналат. Түшүнүктүк гана маанилерди билдиришет.

Ал сөздөр тилдин грамматикасынын (синтаксисинин) карамагына түшкөндө, тийиштүү тартипте абстракцияланат да, алар өзүлөрүнчө турушкандагыларындай атоо, белги, аракет, сан, ж дагы ушулар сыяктуу маанилерде гана колдонулбастан, сүйлөмдөгү башка сөздөр менен болгон катыш бөтөнчөлүктөрүнө жараша кай бирлери сөз болуп жаткан нерселердин аттары к тары келишип, экинчи бир түрлөрү алардын ар түрдүү кырдаа дарын баяндашып, дагы бир башкалары алардын бул, же тигил мүнөздөгү кырдаалдарын толукташып, дагы ушулар сыяктуу ар кыл касиетте болушуп, алар өз ара сүйлөм мүчөлөрүнүн жана грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн, же тийиштүү синтаксистик түрмөктөрдүн түрлөрүнө бөлүнүшөт.

Мына ушинтип, тилдин синтаксиси сүйлөмдө катышкан сөздөр зат, сан, же сын атоочторбу, же этишпи, же башка бир сөз түркүмдөрүбү, кыскасы, алар кандайча касиеттеги сөздөр бо лушса да, алардын ар биринин андайча алынган жекече мү нөздөгү табияттарын тааныбайт, алар кайсы сөз түркүмүнөн бо лушса да, аларды бул, же тигил милдеттеги сүйлөм мүчөлөрү катары гана, же грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө бол албаган синтаксистик категориялар катары гана билет.

Сөз түркүмдөрү менен синтаксистик категориялардын орт сунда тийиштүү карым-катыштардын болгону менен, алардын ортосуна параллелдик белги коюлбайт.

7. Сүйлөмдө мүчө болуп келген сөздөр синтаксистик аткар



тан милдеттеринин өзгөчөлүктөрүнө жараша өз ара баш жана айкындооч мүчөлөрдүн түрлөрүнө бөлүнөт.

Мисалы: 1. **Ар-намыс** — азамат шерти, **эмгек** — адам көркү. **Меймандостук** эзелтеден бери келаткан биздин элдин салты болот. 2. Бекерликке үйрөнгөнчө, бекер иштеген **жакшы.** 3. **Атты** баксаң, **жакшы** бак, **жоого** алдырбас **тар жерде** (эл макалы) ж. б.

---

# II БӨЛҮК

## СҮЙЛӨМДҮН ЭЭСИ

### I ГЛАВА

### Ээнин табияты жана анын кыргыз тилинин синтаксисинде алган орду.

**§ 34.** Кыргыз тили, дүйнө жүзүнө таралган көп сандаган элдердин тилдери сыяктуу эле, кыргыз улут коллективинин тили, маанилүү байланыш куралы болуп, ал белгилүү бир тарыхый шартта пайда болгон жана башка коомдук көрүнүштөр сыяктуу өнүгүп, өсүп олтурган, бир нече доордун продуктусу болуп саналат.

Кандайча курулуштагы тил болсо да жана ал кандайча өнүгүш даражасында турган болсо да, ал ошол тилге ээ болгон коллективдин, элдин практикалык аң-сезими, байланыш куралы болуп саналат. Анткени, адамзаттын аң-сезими практикалык жактан тил аркылуу регистрацияланат жана билдирилет, кабыл алынат. «Аң-сезим сыяктуу эле, тил да байыркы; тил башка адамдар үчүн анык жашоочу практикалык, дал ошон үчүн менин өзүм үчүн да жашоочу чыныгы аң-сезим жана аң-сезим сыяктуу эле, тил адамдардын керектөөсүнөн барып өз ара үздүксүз түрдө байланышуу муктаждыгынан келип чыгат».[1]

Тил аркылуу гана адамдар бир-бирин түшүнүшүп, өз ара байланыш жасай алышат. Адамдардын мына ошол өз ара пикир алышып, катнашып турушу туруктуу зарылчылык болуп, ал тилде сүйлөмдөр аркылуу жүзөгө ашырылат.

Ошондуктан тил таануу илиминде тилдин синтаксисине, башкача айтканда, сүйлөм жөнүндөгү окуугa зор маани берилет. Ал, тилдин синтаксиси, ар бир жекече алынган тилге мүнөздүү сүйлөмдөрдүн түрлөрүн изилдөөчү илим болуп, аны изилдөөдө, жүзөгө ашырууда сүйлөмдүн спецификалык бөтөнчөлүгүн түзүүчү составдык бөлүктөрүнүн табиятынын аныкталышы башкы орунга коюлат. Мына ушинтип, сүйлөмдүн табиятын туура түшүнүү, баарыдан мурда, анын ар кыл кылдат-кылдат маани бөтөнчө-

[1] К. Маркс, Ф. Энгельс, Соч., т. IV, 20-21-беттер.



лүктөрүнө туура келүүчү составдык бөлүктөрүнүн касиетин, түзүлүшүн аныктоо дегендик болот. Ошол себептүү сүйлөм жөнүндөгү окууда сүйлөм мүчөлөрү, грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр анын негизги объектиси катары келип, алардын касиетин жана ал табиятына туура келген түзүлүшүн үйрөнүү иши талап кылынат.

**§ 35.** Сүйлөмдүн мазмуну менен составы, түзүлүшү диалектикалык биримдиктеги көрүнүш болуп, бири экинчисине карай шартталып турган болот.

Маселен, сүйлөмдүн кандай гана түрүн албайлы, алар (эки составдуу сүйлөмдөр жөнүндө сөз жүрүп жатат — А. Ж.) тийиштүү сүйлөм мүчөлөрү менен грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло алышпаган сөздөрдүн тобунан турган болушуп, сүйлөмдүн ар кыл кылдат-кылдат маани өзгөчөлүктөрү мына ушулардын табияты, ролу менен тыгыз түрдө байланыштуу келет. Анда булардын ичинен баш мүчөлөр негизги уюштуруучу бор-бор катары келишет да, айкындооч мүчөлөр болсо алардын бирине грамматикалык жактан багынынкы абалда турушуп, сүйлөм ээсинин, же баяндоочунун белгилүү бир кырдаалдарын толуктоо, тактоо, бышыктоо, дагы ушулар сыяктуу милдеттерди аткарышат.

Мисалы: 1. Сендей жоокер уулу менен мендей **атаң сыймыктана, мактана алат** (К. Б.). 2. Тынч убакта жумушка чыкпаган **абышка-кемпирлер** жапырт жумушка **чыгышты** (К. Б.).

Бул келтирилген мисалдардагы сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрү — **атаң сыймыктана, мактана алат, абышка-кемпирлер чыгышты.**

**Сендей жоокер уулу менен мендей, тынч убакта жумушка чыкпаган** деген сөздөр айкындоочтук милдет аткарып турушат.

Ал эми, грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр болсо белгилүү бир сүйлөм мүчөсүнө таандык болуп айтылбайт, сүйлөмдүн жалпы жонуна гана тиешелүү болуп турат.

Мисалы. 1. Ук, **жер жүзү,**

Бүгүн турмуш жаңырды (Ж. Т.).

2. **Адам, мейли орус, мейли кыргыз болсун,** кедейлерге байлардан пайда жок экен го (К. Б.).

Кыскасы, сүйлөмдө катышкан сөздөр, мейли сүйлөм мүчөсү болуп түшүшсүн, мейли грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр катары келишсин, алар өз ара бири-бири менен тыгыз байланышта болушуп, жалпысынан сүйлөмдүн мааниси мына ушулардын касиетине карай шартталып турган болот.

**§ 36.** Бул синтаксистик категориялардын ичинен баш мүчөлөр сүйлөмдүн грамматикалык структурасынын негизин түзүп турат. Бирок сүйлөмдүн бардык эле түрлөрүндө баш мүчөлөрдүн катышып турушу милдеттүү түрдөгү норма эмес. Баш мүчө-

лөр, негизинен, эки составдуу сүйлөмдөргө мүнөздүү синтаксистик категория.

Мисалы: 1. **Баатыр** ар дайым **жеңет** (Д. Ф.). 2. **Биз — эл, эл — алп** (Д. Ф.).

3. Жетилиң **Ленин куткарды**
Жезиттин жаккан отунан
(Токтогул).

2. **Өнөр — өмүр чырагы.**
**Өнөр көккө жеткирет** (Т. У.).

Ушундайча, сүйлөмдүн баш мүчөлөрү дегенибиз бири-бири менен ажыралгыс түрдө байланышкан эки грамматикалык категориянын (ээ менен баяндоочтун) биримдиги болуп, анын бири (баяндооч) ээнин белгисин көрсөтөт, түрдүү абалын баяндайт. Экинчиси болсо (ээ) ошол белгиге ээ болуп, баяндалып турган нерсе, же жак болуп, кеп жүрүп жаткан нерсенин аты иретинде атоо маанисинде айтылган сөз болот. Мына ушинтип, **баш мүчөлөр ойдун сөзүбүз аркылуу билдирилиш актысы болгондугу үчүн сүйлөмдүн негизги уюткусун түзөт.**

**§ 37.** Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн аныктоо сүйлөмдүн спецификалык жактарын белгилөө ишине тыгыз түрдө байланыштуу болгондуктан, ал, дээрлик, бүт түрк тилдерин изилдөөчүлөрдүн көңүлүн буруп келе жаткан актуалдуу маселелердин бири катарында алдыбызга тартылат. Анткени, алар, баш мүчөлөр, сүйлөмдүн жалпы эле түрлөрүн, табиятын белгилөөдө негизги фона катары алынуучу грамматикалык категория болуп эсептелет. Мына ошондуктан баш мүчөлөрдүн табиятынын жеткиликтүү даражада чечилиши сүйлөм жөнүндөгү окуунун кыймылдаткыч күчүн ачуу, аны илимий негизге коюу дегендикке жатат.

Түрк жана алыскы тектеш монгол тилдеринде баш мүчөлөрдүн ичинен сүйлөм ээсинин табияты жөнүндө окумуштуулардын басымдуу көпчүлүгү көз караштары жагынан бири-биринен анчалык деле кескин түрдө айырмаланбайт, деталдаштыруу жагына келгенде гана өз ара анча-мынча бири-биринен айырмаланып турат.[1]

[1] «Берилген сүйлөмдө билдирилип жаткан нерсенин аты ээ деп аталат» (Н. П. Дыренкова, Грамматика шорского языка, М.-Л., 1941, 259-бет). «Баяндооч тарабынан билдирилип турган аракет кылып жаткан, аракет кылуучу жак, же жактын аты ээ деп аталат» (Н. П. Дыренкова, Грамматика ойротского языка, М.-Л., 1940, 228-бет). «Сүйлөмдө белгиленип жаткан нерсенин аты, жак, же түшүнүк түрүндөгү сүйлөмдүн өзгөчө мүчөсү ээ болот» (А. Н. Кононов, Грамматика современного узбекского литературного языка, М.-Л., 1960, 383-бет).
«Баяндооч тарабынан билдирилүүчү кандайдыр бир белгиге ээ болуп турушу перселик маанидеги сүйлөмдүн баш мүчөсү ээ деп аталат». (М. Б. Балакаев, Современный казахский язык, Алма-Ата, 1959, 122-бет).
«Синтаксистик ык боюнча сөзүбүздүн субъектиси билдирилген сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн бири ээ болот» (Е. И. Убрятова, Исследования по синтаксису якутского языка, М.-Л., 1950, 91-бет). ж. б.



Ачыгыраак айтканда, дээрлик, бардык изилдөөчүлөр сүйлөм ээлерин жак маанисиндеги, же перселик маанидеги сөздөр катары карашы жагынан бирдей көз карашта турушат да, аларды классификациялоо ишинде, материалдын изилдениш денгээли жагынан бир аз, айрым шарттарда кескин түрдө да бири-биринен айырмаланып турган учурлар кездешет.

Чындыгында да, сүйлөмдө ээ болуп түшүшкөн сөздөр, же жактар анда, канчалык, сөз жүрүп жаткан перселердин аттары катары келишкендиктен, ар дайым объектилик, заттык мааниде колдонулары танылгыс чындык эмеспи.

Анткени, биз бир нерсе жөнүндө айтканыбызда, анда кимдир бирөө жөнүндө, же кандайдыр башка бир нерсе жөнүндө билдиребиз. Ошол сөз болуп жаткан нерсе (сөз болуп жаткан нерсенин аты), мейли зат атооч сөз болсун, мейли ат атооч, же башка сөз түркүмдөрүнөн болушсун, алар биздин талкуулап, сөз козгоп жаткан объектибиздин аттары катары келишкендиктен, кайсы сөз түркүмүнөн болушса да, заттык мааниде колдонулары бышык.

Мисалы: 1. Түркүн гүлү таалайдын
Түбөлүккө ачылды (Ж. Б.).
2. Кандай аял тууду экен,
Лениндей уулду (Токтогул).
3. **Ырыстын алды**—ынтымак (эл макалы). 4. Булардын **экөө**—элүүлөргө аяк басып калган эркек (Т. С.). 5. **Эстүү** — көпчүл, **эселек** — тууганчыл (эл макалы). 6. Ойлонуп туруугa **мүмкүнчүлүк** жок, тагдырды **тездик** гана чечүү керек (А. Т.).

Ушундайча, ээ дегенибиз сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү тарабынан түшүндүрүлүп, билдирилип, баяндалып жаткан, демек, белгилүү бир касиетке, белгиге ээ болуп турган перселердин, көрүнүштөрдүн, кубулуштардын аттары болуп келген сөздөр болгондуктан, анын семантикасы зат атооч сөздөрдүн табияты менен тыгыз түрдө байланыштуу болот.

Айрым бир изилдөөчүлөр сүйлөм ээлеринин аныктамасын дагы толугураак белгилөө максатын коюшуп, ага (ээ) карай берген эрежелеринде баяндооч сөздөрдүн катышы кошо камтылып жүрөт. (Н. П. Дыренкова, Гр. ойр. яз., 228-бет), Г. Д. Санжеев, Гр. бур.-монг. яз., 142-бет). М. Б. Балакаев, Совр. каз. яз., 122-бет).

Сүйлөмдүн кайсы гана мүчөсүн албайлы, алардын бул, же гигил мүнөздөгү синтаксистик милдеттери сүйлөмдө катышкан башка сөздөр менен болгон синтаксистик катыштарына карата шартталып, коррективделип турган болот. Мына ошол сыяктуу эле, ээ болуп түшкөн сөздөрдүн милдети да аны менен тийиштүү синтаксистик катышта, байланышта турган баяндооч сөздөргө карай коррективделет да, анын тетирисинче, өз учурунда баяндооч сөздөрдүн функционалдык табияты ээлик милдет ат-

каруучу сөздөр менен болгон катышына карай шартталып, коррективделип турган болот.

Демек, синтаксистик категориялардын аныктамалары алардын бири-бирине карай болгон байланыштуулугуна карай алынып олтурган болсо, ар бир синтаксистик категориянын эрежеси алда канча татаалдашып кеткен болор эле.

Ошондуктан сүйлөм ээси жөнүндөгү эреже баяндооч сөздөрдүн да кошо камтылышы аны (эрежени) деталдаштыруу жагын гана коё алат, анын (баяндооч сөздүн) ээ жөнүндөгү эрежеде орун алышы милдеттүү түрдөгү норма да эмес, муктаждык да эмес.

## II ГЛАВА

## ЭЭНИН ТҮЗҮЛҮШҮ (ФОРМАСЫ).

**§ 38.** Биз бир нерсе жөнүндө айтканыбызда, анда кимдир бирөө, тийиштүү бир жак жөнүндө, же кандайдыр бир нерсе, кубулуш, окуя жөнүндө сөз козгогон болобуз. Сөзүбүздөгү ошо кеп кылынып жаткан жактар, же аттар, нерселер кандай сөз түркүмдөрүнөн турган сөздөр болсо да, алар речибиздин субъектиси катары келгендиги үчүн ар дайым атоо, нерселик маанide турган болот. Анын мындайча мүнөздөгү табияты ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн түзүлүш жана баяндооч мүчөлөр менен болгон синтаксистик катыш өзгөчөлүгүнө карай шартталат.

Башкача айтканда, ээ болуп келген сөздөрдүн сүйлөмдө катышкан башка сөздөргө грамматикалык жактан багынбаган абалы жана ошол багынбаган абалына туура келген атооч жөндөмөлүк түзүлүшү анын касиетин шарттап турган белгиси катары келет.

Бирок бул маселеге карай изилдөөчүлөрдүн ортосунда кандайдыр бир биримдик көз караштын жок экендиги байкалат. Ал болсо белгилүү даражада морфологиялык жөндөмө категориясынын анчалык тактала электигине байланыштуу экендиги көрүндү.

Маселен, академик В. А. Гордлевский, профессорлор Н. К. Дмитриев, А. Н. Кононов, Е. И. Убрятова жана П. М. Мелиоранский сыяктуу окумуштуулар тарабынан «белгисиз», же «негизги» жөндөмө деген сыяктуу терминдер киргизилип, бул жөндөмөгө атооч жөндөмөдөгү сөздөр менен катар, жөндөмө уландылары көмүстө калган табыш, илик жөндөмөлөрдөгү сөздөр да киргизилип жиберилген. Мына ушундан барып атоо жөндөмөдөгү сөздөрдүн чеги бөлүнбөй, алар кыйыр жөндөмөдөгү сөздөр менен аралашып кеткен. Натыйжада, айрым бир изилдөөчүлөр түрк тилдеринде ээ болуп келген сөздөрдүн, ошондой эле, башка айкындооч мүчөлөрдүн да өзүлөрүнө мүнөздүү



туруктуу формасы жок болот деген пикирге келишкен. Түрк тилдеринде сүйлөмдүн номинативдик болорун танууга чейин барышкан.

Маселен, филология илимдеринин доктору профессор Е. И. Убрятова: «Якут тилинде ээнин формасы жагынан сүйлөм номинативдик деп аталышы мүмкүн эле. Бирок бардык түрк системасындагы тилдерде атооч (номинатив) жөндөмөсү жок болгон сыяктуу эле, мында да атооч жөндөмөсү жок болгондуктан, бул терминди якут тилине карай колдонуу кыйын. Якут тилинде жана башка түрк тилдеринде ээнин жөндөмөлүк формасынын синтаксистик функциясы өтө кенири келип, атооч жөндөмө деген түшүнүккө дал келбейт. Ошондуктан бул жөндөмөлүк форма бул тилдерде «неопределенный», «основной», «неоформленный» жөндөмө деп аталып жүрөт («иссл. по синт. якут. яз., М.-Л., 1950, 19-бетти караңыз), — дейт да, андан ары улантып, жалпы эле сүйлөм мүчөлөрүнүн чеги жок болот деген сыяктуу талкуулайт да, «Көбүнчө, ээ неоформленный жөндөмөдө турган ар түрдүү атоочтордон болот. Бирок бул жөндөмөлүк форма ээнин белгиси болуп түшө албайт, анткени, бул формадагы сөздөр сүйлөмдүн аныктооч, толуктооч, бышыктоочтору да болуп келишип, сүйлөмдүн башка түрдөгү мүчөлөрүнүн милдеттерин да аткарышып турушу мүмкүн» (жогорудагы аталган эмгек, 91—92 беттерди караңыз), — деп бүтүрөт.

Бул жерде якут тили жөнүндө айта албасак да, бул пикирдин кыргыз тилине туура келбей тургандыгы жөнүндө, бул көз караш алда небак сынга алынган[1] пикир экендиги жөнүндө айта кетүүгө мажбур болуп олтурабыз. Мында автор илик жана табыш жөндөмө уландыларынын көмүстө калыш себептерин үңүлө карабаган, байкас албаган сыяктанат. Дал ушундан барып изилдөөчүнүн сүйлөм ээлери түзүлүшү жагынан сүйлөмдүн аныктооч, толуктооч жана бышыктооч мүчөлөрүнө да окшош келет, бирдей эле түзүлүштөгү сөздөр ар башка синтаксистик милдет аткарат деген жаңылыш түшүнүгү түзүлгөн, кандайдыр бир туюк нерсе сыяктанып көрүнгөн.

Эгерде, биз сүйлөм ээсин «белгисиз» жөндөмө деген терминдин духунда талкуулаган болсок, анда ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн атооч жөндөмөдө турушун жокко чыгаруу менен, алардын уландылары көмүстө калган табыш, илик жөндөмөлөрдө да турат деп түшүнүү менен, анын (ээнин) сүйлөмдө багынбаган абалын да кошо танар элек да, ушундан келип атрибутивдик катыштагы сөздөр да ээ болот деген сыяктуу жаңылыш көз карашка эриксизден келген болор элек. Ошондо ээлик

---

[1] Бул жөнүндө И. А. Батмановдун «Грамматика киргизского языка» (I, II, III вып.; Фрунзе—Казань, Киргосизд., 1939, 1940 г.), «Части речи в кирг. яз.» (Фрунзе, 1936) деген эмгектерине арналган А. Жапаровдун «Тил илимин бурмалап, туюкка каптаган грамматика» (Жур., «Советтик Кыргызстан», 1952, № 4, 51—59-беттер) аттуу сын макаласын караңыз.

милдет аткаруучу сөздөр сүйлөмдө сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары келишери жөнүндө айтуу да, ээнин формасы, анын башка грамматикалык категориялардан бөлүнүп турган чеги жөнүндө айтуу да кыйын болуп калар эле.

Бул бир жагынан болсо, экинчи жагынан, автор жөндөмө уландылардын жалганып, же көмүстө калыш учурлары түрк тилдеринде стилдик каражат катары пайдаланыла тургандыгын абайлабагандай көрүнөт. Чындыгында, жөндөмө уландылардын жалганып турушу аркылуу жекече алынган белгилүү бир заттардын так, айкын мүнөздөгү катыштары билдириле, берилe тургандыгын (1. **Оюнду** көрдүк. **Катты** алдык 2. **Колхоздун** чарбасы өркүндөдү), жөндөмө уландылардын көмүстө калтырылышы аркылуу нерселердин жалпы мүнөздөгү, анчалык айкын эмес катыштары тейлене тургандыгын (1. **Оюн** көрдүк. **Кат** алдык. 2. **Колхоз** чарбасы өркүндөдү) этибарга алган эмес. Дал ушунун натыйжасында ээлик милдет аткаруучу сөздөр менен айкындоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн ортосундагы чеги жоюлуп, чаржайыттыкка орун берилип калган.

Бул маселе алтай тилинин грамматикасында: «...Табыш жөндөмө уландысы жалганып турган атоочтор жеке алынган, белгилүү бир нерселерди билдирет, — дейт да, — табыш жөндөмө уландылары жок болсо, белгилүү бир нерселер эмес, нерселердин жалпы аты, ошол нерсе да кируучу жалпы нерселер билдирилет»[1] — деп, небак эле туура чечилген болчу.

Ошондойчо эле, профессор Э. В. Севортян да: «Байыркы замандан бери эле өлүп жок болгон жана азыр жашап турган тирүү, архаисттик структурадагы тилдерден тартып, узактан бери жазуу традициясы бар азыркы өнүккөн тилдерге чейин түрк тилдери структурасы жагынан номинативдик түзүлүштөгү сүйлөмдүү тилдерге кирет»,[2] — десе, профессор З. И. Будагова: «Башка түрк тилдери сыяктуу эле, азербайжан тилинде да сүйлөм номинативдик курулушта болушу менен мүнөздөлүп, ээнин ролундагы атоочтор дайыма атооч жөндөмөдө болот»,[3] деген корутундуга келет. Жөндөмө категорияларына карата профессор Е. Д. Поливанов да: «...именительный деп аталган жөндөмө... өзбек тилиндеги безсуфиксалдык (атооч жөндөмөдөгү — А. Ж.) жөндөмөгө туура келет»[4] — деп, анын чегин так бөлгөн.

---

[1] Грамматика алтайского языка, составл. алтайск. мисс., Казань, 1869, 140—141-беттер.

[2] Э. В. Севортян, О некоторых вопросах структуры предложения в тюркских языках, сб., Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков, АН СССР, М., 1961, 5-бет.

[3] З. И. Будагова, Простое предложение в современном азербайджанском литературном языке, авт. д., Баку, 1963, 18-бет.

[4] Проф. Е. Д. Поливанов, Русская грамматика в сопостовлений с узбекским языком, Ташкент, 1934, 56-бет.



Сүйлөм ээсинин табиятын шарттап турган жекеден-жеке белгиси катарында аны атооч жөндөмөлүк формасын гана алуу да жетишсиздик кылат.

Андай болгондо сүйлөмдүн зат, же башка атоочтордон болгон кай бир мүчөлөрү, айталы, аныктооч, баяндооч жана бышыктооч мүчөлөрү менен каратма сөздөр, айрым бир функционалдык сырдык сөздөр түзүлүшү жагынан атооч жөндөмөдө болору белгилүү. Көрсөтүлгөн синтаксистик категориялардын сүйлөм ээлери менен болгон окшоштуктарын тануу кыйын. Эгерде, биз сүйлөм мүчөлөрүн сырткы түзүлүшү жагына карата гана ажыратуу принцибинде турган болсок, анда бул белгиленген синтаксистик категорияларды бири-биринен ажыратуу жагы, алардын чегин бөлүү жагы өтө чиелешип, татаалдашып кеткен болор эле.

Ал эми, иш жүзүндө болсо бул синтаксистик категориялардын түзүлүш жагынан болгон окшоштугу, бир жагынан, белгиленип жаткан синтаксистик категориялардын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасынын базасындагы көрүнүш болсо, экинчи жагынан, алардын калыптаныш процессине байланыштуу маселе болуп эсептелет. Бирок бул синтаксистик категориялар форма жагынан окшош болгону менен, алардын бири багынбаган абалына карай, маселен, ээ, экинчиси багындыруучу сөзгө карай предикативдик катышта болушу жагынан, маселен, баяндооч, же бул категориялардын дагы бир башка түрлөрү багындыруучу сөздөргө карай бул, же тигил мүнөздөгү аттрибутивдик катыштарда турушу аркылуу, маселен, айкындооч сөздөр, бири-биринен аткарган синтаксистик милдеттери жагынан айырмаланып турушат. Алардын форма жагынан болгон окшоштуктары, ушинтип, бул синтаксистик категориялардын катыш өзгөчөлүктөрүнө жараша корректив-делип турган болот.

Грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр болсо (каратма жана сырдык сөздөр) түзүлүшү жагынан мүчөлүк милдет аткаруучу синтаксистик категорияларга окшош болгон менен, сүйлөмдө катышкан башка сөздөр менен тийиштүү синтаксистик катышта болбогондуктары жагынан, сүйлөмдүн жалпы жонуна таандык болуп айтылышы жагынан сүйлөм мүчөлөрүнөн айырмаланып турат.

Түрк тилдеринин нормативдик грамматикалары менен жогорку окуу жайларына арналган окуу китептеринде, куралдарында сүйлөм ээлеринин түзүлүшү (формасы) атооч жөндөмөдө болору менен мүнөздөлүшү анын теориялык гана негиз эмес, баарыдан мурда, иш жүзүндө сыналган негизги багыт экендигин айкын көрсөтүп олтурат. Ал эми, айрым бир өзгөчөлүктөр болсо тилдин өнүгүшүнө байланышта турган фактор катары гана орун алышы мүмкүн.

§ 39. Тилдин лексикалык составы менен фонетикасы жана морфологиялык курулушу сыяктуу эле, анын синтаксистик курулушу да дайыма үздүксүз түрдө өнүгүп, өсүп, өркүндөп олтурат да, кылдат-кылдат ар түрдүү маанилерди билдирүү үчүн сүйлөмдүн улам жаңы, түркүн-түркүн түрлөрү пайда болуп турат. Ушундайча, азыркы кыргыз тилиндеги сүйлөмдөрдүн түзүлүшүнүн көп кырдуулугу, типологиялык ар түрдүүлүгү жана анын ошол түзүлүш бөтөнчөлүктөрүнө туура келген маани жагынан болгон ар кылдуулугу сүйлөмдүн мына ушул узак мезгилдер бою өнүгүш процессинин жыйынтыгы болуп саналат.

Сүйлөмдүн өнүгүшү дегенибиз анын курулуш материалдары катары келүүчү сөз түркүмдөрүнүн семантика-структуралык базасында бул, же тигил мүнөздөгү милдет аткаруучу синтаксистик категориялардын өнүгүшү дегендикке жатат. Анткени сүйлөмдүн структуралык көп кырдуулугу жана ал түзүлүшүнө туура келген типологиялык ар кырдуулугу · анын мына ошол составдык бөлүктөрү болуп түшкөн синтаксистик категориялардын табияты менен байланыштуу болуп, ошол себептүү сүйлөмдүн белгилүү бир түзүлүшү, же типологиясы жөнүндө сөз козгоо, баарыдан мурда, анын составдык бөлүктөрүнүн сапаты жөнүндө сөз жүргүзүү дегендик болот.

Сүйлөмдүн спецификасын, негизин түзүүчү анын составдык бөлүктөрү сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасынын базасында өз ара ар түрдүү ыкмалар боюнча ар кыл формаларда турушуп айкалышкан сөздөрдүн тобу болот да, ал синтаксистик категориялардын улам соңку өнүгүш процессинде кандайдыр бир айкалыш формалары, жаңы түзүлүштөр пайда болуп олтурат, башка бир айкалыш формалары жоголуп кетип же чектелген санда колдонулат, же болбосо башка бир синтаксистик категориялардын адепки формалары менен соңку пайда болгон, үлгүлөшкөн формалары белгилүү бир кырдаалдарда параллель жашап турушу да ыктымал.

Ушинтип, сүйлөм өзүнүн составдык бөлүктөрүнүн өнүгүшүнө өзгөрүшүнө жараша улам барган сайын, өтө акырындык менен болсо да, үздүксүз түрдө өнүгүү, калыпташуу абалында болуп кандай гана сүйлөмдү, же синтаксистик категорияларды албаса лы, алардын белгилүү бир басып өткөн жолу, бүгүнкү күн абалы жана келечекки өнүгүш багыты болот.

Азыркы тилдердеги сүйлөмдүн форма жана типология жагынан болгон көп кырдуулугу анын ошол басып өткөн узак жолунун жыйынтыгы, бүгүнкү күндөгү көрүнүшү болуп, анда жаңы пайда болгон, калыпташкан формалар менен катар, руд мент түрүндө сакталып калган адепки формалардын да сакталып калышынын, же параллель жашашынын себеби мына ушул



болот. Ошондуктан сүйлөмдүн, анын курулуш материалдары болуп келишкен составдык бөлүктөрүнүн табиятын бүгүнкү күндөгү абалына карата гана изилдөө жетишсиздик кылат, анын тарыхый өнүгүш жолуна да үңүлө кароо иши талап кылынат. Ошондо гана сүйлөмдүн структуралык, типологиялык табияты жетиштүү даражада чагылыштырылышы ыктымал.

Сүйлөмдүн жана анын составдык бөлүктөрүнүн мына ушул жогоруда белгиленип өтүлгөндөй өнүгүш, калыптаныш кырдаалдарынын сүйлөм ээлерине да белгилүү даражада тиешеси бар.

Азыркы кыргыз тилинин абалында сүйлөм ээлеринин грамматикалык формасы ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн атооч жөндөмөдө турушу менен мүнөздөлөт. Бирок айрым бир түзүлүштөгү сүйлөмдөрдө илик жана барыш жөндөмөлөрдөгү сөздөр грамматикалык жактан сүйлөм ээлери болуп түшө алышпаса да, демек ээге коюлуучу талапка жетиштүү даражада жооп бериште алышпаса да, андай сөздөрдүн логикалык жактан аракет кылуучу жактар катары келген учурлары да көп кездешет.

Мисалы: 1. **Менин** окугум келип турат. 2. **Сага** коркууга болбойт. ж. б.

Берилген мисалдарда кыйыр жөндөмөлөрдө турган I, II жактардагы **менин, сага** деген сөздөр логикалык жактан аракет кылуучу жактар катары келишти. Бирок булар **окугум, болбойт** деген сөздөргө карай багынынкы абалда турушат, сүйлөмдүн грамматикалык ээлери катары түшө алышпайт.

Бул белгиленип өтүлгөндөй сүйлөмдөрдө **окугум** деген сөздү айрым бир изилдөөчүлөр анын грамматикалык ээси катары карап жүрүшөт.

Эгерде, биз жогоруда көрсөтүлгөндөй сүйлөмдөрдүн тутумундагы **окугум** деген сөздү анын грамматикалык формасына карата ээлик милдет аткруучу сөз катары алган болсок, анда **келип турат** деген сөздү баяндооч мүчө катары алышыбыз тийиш болуп чыгат. Ал эми, бул сүйлөмдө **келип тургандыгы жөнүндө** баяндалып жатабы, же **окугусу келгендиги, окууга ниеттенгендиги жөнүндө** баяндалып жатабы, муну окуучунун калыстыгына сала-сал кылып туралы дейли.

Бул сүйлөмдөрдө аракет кылуучу жактар кайсылар жана анда ким, же эмне жөнүндө сөз жүрүп жатат? Бул жагына келгенде токтолбой туруп эле **менин деген** сөз аракет кылуучу жак катары келди деп айта алабыз.

Ошондуктан бул жерде сүйлөм мүчөлөрүн талдоо ишинде алардын жалаң гана формасына таянуу жетишсиздик кыларын айта кетүүгө туура келет. Эмне жөнүндө, же кимдин аракети жөнүндө баяндалып жатат, мына ушул маселени да назарга алышыбыз тийиш болуп чыгат. Ошондо **окугум келип турат** деген комплекс сүйлөмдүн баяндооч мүчөсү катары алынган болот да, анын тутумундагы **окугум** деген сынары ээ жөнүндө

билдирилүүчү, баяндалуучу аракеттердин негизги, предикатив-
дик бөлүгү катары каралган болот.

Мындайча түзүлүштөгү сүйлөмдөр жөнүндө мындайча мү-
нөздөгү тыянакка келүүгө болот: сүйлөм мүчөлөрүнүн кайра
калыпташуу процессинде кыймыл атоочторго жалганып турган
**таандык уландылар жак уландыларынын** милдетин аткарып
калышкан болуп, мындай таандык уландыдагы кыймыл атоочтор
баяндоочтук комплекстин негизги предикативдик бөлүгү болуп
түшөт да, ал эми таандык уландылар атооч сөздөргө жалганып
турган болсо, андай атооч сөздөр өз беттеринче турушуп тийиш-
түү бир синтаксистик милдет аткара тургандыктары жөнүндө
айтууга тийишпиз.

Бул белгилүү бир морфологиялык категориянын (форма-
нын) акырындап өзгөрүлүшү, анын кандайдыр бир жаңы са-
паттык касиетке ээ болушу, же эски формага мүнөздүү сапат
менен жаңы формага мүнөздүү сапаттын параллель жашаш
болуп,[1] мындай учурду, сөзсүз, морфологиялык синтаксистик
категориялардын кайра калыпташуу процессинде пайда болгон
көрүнүш катары кароого тийишпиз. Бирок мунун кайсынысы
баштапкы, кайсынысы сонку форма экендигин азырынча кес-
айтуу өтө кыйын. Дагы изилдениш талап кылынат.

Ошондой болсо да, азыркы кыргыз тилинин фактысына ка-
раганда алардын синтаксистик орду жана милдеттерине карата
белгиленип өтүлгөндөй комплекстердин айрым өзгөчөлүктөрү-
касиеттерин жетиштүү эле даражада аныкталышы мүмкүн
экендиги байкалды.

Мындай сүйлөмдөрдө аракет кылуучу жак катары келген
сөздөр азыркы кыргыз тилинин шартында, ошондой эле, баш-
түрк тилдеринде да илик жөндөмө уландысы түшүп калып да эки-
түрдүү вариантта колдонула, айтыла берет.

Айрым бир изилдөөчүлөр, маселен, профессор М. Б. Бала-
каев[2] бул эки варианттагы логикалык субъект болуп түшкөн
сөздөрдүн илик жөндөмө уландысынын түшүп калган учурларын
сонку пайда болгон форма катары карап, андай сөздөр (илик
жөндөмө уландысы түшүп калган сөздөр) сүйлөмдүн граммати-
калык ээси болорун белгилейт. Кыргыз тилинин фактысына ка-
раганда да мында чындыктын уругу бардай сыяктанат.

Маселен, азыркы кыргыз тилинде буларга окшогон
түзүлүштөгү сүйлөмдөрдүн аракет кылуучу жак катары келген
сындарларынын илик жөндөмө уландылары түшүп калып, азыр-
кы шарты боюнча илик жөндөмө формаларынын жалганып ал-
тылышы таптакыр мүмкүн болбой калган учурлар да кездешет.

---

[1] Б. М. Юнусалиев, Киргизская лексикология, ч. I, Фрунзе, 1959, 5 бетти караңыз.

[2] М. Б. Балакаев, Основные вопросы синтаксиса простого предложения в современном казахском языке, Алма-Ата, 1950, 16—17-беттерди караңыз.



Мисалы: 1. **Мен** өз **оюмду** кандайча баштоом керек. Өз оюмду **мен** кандайча баштоом керек.

2. **Жапар** чалгынга бүгүн гана **чыгып олтурган жери жок** (К. Б.).

3. **Мен милдетимди** аткарбасам болобу (К. Б.).

Келтирилген мисалдардын биринчи сүйлөмүндө **мен** деген сөз грамматикалык ээ болуп түштү. Ал сөз (**мен** деген сөз) грамматикалык жагы боюнча **баштоом керек** деген баяндоочтук комплекстин негизги сынары болуп келген **баштоом** деген кыймыл атоочко жалганып турган таандык уландыга карай илик жөндөмөдө турушу тийиш болсо да, же анын илик жөндөмө уландысы көмүстө калды деген тыянак чыгарылышы мүмкүн болсо да, азыркы турушу боюнча аны атооч жөндөмөдөгү сөздөрдүн катарына кошуудан башка экинчи жол жок. Көрсөтүлгөн мисалдардын экинчи сүйлөмүндө да **жери** деген сөзгө жалганып турган таандык уландыга карай **Жапар** деген ээлик милдет аткаруучу сөздүн илик жөндөмөдө турушу жөнүндө айтууга болор эле, бирок мында да **жери** деген сөздүн катыштык сөздөр категориясына өтүшүнүн натыйжасында ага жалганып турган таандык уландынын ролу таптакыр жоголуп кеткен, ошондуктан ээлик милдет аткаруучу **Жапар** деген сөздүн илик жөндөмөдө болушу жөнүндө сөз жүрүшү да мүмкүн эмес. Үчүнчү сүйлөмдө болсо ээлик милдет аткаруучу **мен** деген сөз, кандайдыр, үстүртөдөн караганда **милдетимди** деген таандык уландыдагы айкындооч сөз менен тийиштүү катышта тургансыйт. Бирок иш жүзүндө анын ал сөз менен (милдетимди деген сөз менен) эч кандай байланышы жок. **Милдетим** деген сөз башка бир илик жөндөмөдөгү сөз менен (маселен, **өзүмдүн** деген сөз менен) катышта болушу гана ыктымал. Ошондуктан буга окшогон сүйлөмдөр сырткы түрү жагынан жогоруда талданып жаткан сүйлөмдөргө окшош болгон менен, структурасы боюнча бул талданып өтүлгөн сүйлөмдөрдүн (1, 2-мисалдардын) түрүнө кирбейт.

Бул белгиленген мисалдардын ичинен, айрыкча, биринчи сүйлөм көңүл бурарлык, биздин сөз кылып жаткан объектибиздин борбору катары келүүчү конструкциядагы сүйлөм болуп саналат. Мындайча конструкциядагы сүйлөмдөр азыркы кыргыз тилинин оозеки речинде да, жазуу речинде да өтө кеңири таралган. Анын кыргыз тилинде ар кыл структуралык багытта өнүккөндүгү байкалат.

Дал мына ушундайча түзүлүштөгү сүйлөмдөрдөн барып төмөндөгүчө сүйлөмдүн түрлөрү чыккандай сыяктанат.

Мисалы: 1. Жаңы сырдаш тапканча качан (К. Б.).

2. Ал каттын жазылганына мына эми үч айдын жүзү болот (К. Б.).

Көрсөтүлгөн мисалдардын биринчи сүйлөмүндө логикалык аракет кылуучу жак бул турушу боюнча такыр белгисиз, башта

илик жөндөмөдөгү сөз болуп, кийин барыш жөндөмөгө өтүшү да ыктымал. Азыркы шарты боюнча анда **мен** деген ээлик милдет аткаруучу сөздүн катышып айтылышы да мүмкүн. Бирок бул турушу боюнча жаксыз сүйлөмдөрдүн тобуна киргизилиши гана мүмкүн.

Буларга окшогон сүйлөмдөрдүн башка бир түрдөгү вариантта айтылган учурлары да кездешет.

Мисалы: Менин сырдаш жолдош тапканымча качан.

Бул сүйлөм болсо табияты жагынан талданып өтүлгөн биринчи сүйлөмгө окшош келет. Бирок анын параллели эмес, өзгөчө түзүлүштө турат.

Ушундайча, буларга окшогон сүйлөмдөргө конкреттүү шартына жараша мамиле кылынуу керек.[1]

Сүйлөмдүн составдык бөлүктөрүнүн айрым элементтерини кыргыз тилинде гана эмес, башка тилдерде да структурал жагынан, демек, ал структурасына туура келген табияты жагынан өнүгүп, өзгөрүлүп, кайра калыпташып олтурушу сүйлөмдү өнүгүшүндөгү закондуу көрүнүш болуп саналат. Анткени, ти аң-сезим, ойлоо категориясына тыгыз байланыштагы маанилү коммуникативдик курал катары, ал ар кыл, кылдат-кылдат айкын, курч түшүнүктөрдү, элестерди билдирүү үчүн, бир жагынан, улам жаңы түшүнүктөрдү бериш талабына карата үздүк сөз түрдө лексикалык жагынан өнүгүп, өсүп, байып турса экинчи жагынан, ойдун улам дагы жаңыча, өзгөчө кырдаалдарын билдирүү ишине байланыштуу анын грамматикалык түзүлүшү да өркүндөп, эрежелерин жакшыртып олтурушу тийиш. Өйдөтө талданып өтүлгөн сүйлөмдөрдүн структуралык табиятынын өзгөрүлүшү мына ушул кырдаалдар менен түшүндүрүлөт.

Маселен, синтаксистик категориялардын мындайча мүнөздөгү өнүгүшү, кайра калыптанышы жөнүндө профессор

---

[1] Бир жагынан, илик жөнүндө уландысынын түшүп калышынын натыйжасында белгиленип өтүлгөндөй эки составдуу сүйлөмдөрдүн (эгерде, мен сен, ал деген сөздөр катышып турган болсо) пайда болуш жагы каралса, экинчи жагынан, бир составдуу жаксыз сүйлөмдөрдүн белгилүү бир структуралык түрү чыккан болуп, дал ушундан барып атоо, атама сүйлөмдөрдүн айрым бир түрлөрү пайда болгондой, чыккандай көрүнөт.

Мисалы: 1. Жайдын толуп турган кези (А. Ү.). 2. Менин ала барман кызим (А. Ү.) ж. б.

Бирок бул белгиленип жаткан сүйлөмдөрдүн төмөндөгүчө түзүлүштөгү атама сүйлөмдөр менен пайда болуш жагынан кандайдыр бир жалпылыгы жок сыяктанат.

а) 1. Августтун аяк чени (К. Б.). 1918-жылдын күзү (К. Б.).

б) 1. Жайкы кеч (Ж. Б.). 2. Кыжы-кыйма эл. Түн. Салкын аба.

Эгер, орус тил илиминде атама сүйлөмдөр баяндооч сөздөрдүн түшүп калышынын натыйжасы катары каралса, кыргыз тилинде бул фактыларга караганда атама сүйлөмдөр баяндооч сөздүн, же ээ катары келүүчү сөздүн түшүп калышы аркылуу, же мына ушул жогоруда белгиленип өтүлгөндөрдагы бир башка тартипте, үлгүдө пайда болгондугу, калыпташкандыгы өнүккөндүгү байкалат.



Э. В. Севортяндын «...грамматикалык кайра үлгүлөнүү негизинде, ошондойчо эле, атрибутивдик катыштардан предикативдик катыштар тарыхый жагынан да өнүгүп турган жана азыр да өнүгүп жатат, мына ушунун натыйжасында атрибутивдик айкалыш ээге жана баяндоочко ажырап кетет (1. **Мен алганым бар)** из Менин алганым бар (или **Мен алганым жок)** из Менин алганым жок, **(Мен алышым керек)»**,[1] — деген жыйынтыкка келген.

Сүйлөмдүн составдык бөлүктөрүнүн мындайча мүнөздөгү структуралык жактан дайыма кыймылдуу болушу, өзгөрүлүп турушу жөнүндө алыскы тектеш жана башка типологиядагы тилдерден байкалган фактылар да танылгыс далил катары алдыбызга тартылат.

Маселен, илгерки немец тилинде сүйлөм ээлеринин кыйыр жөндөмөдө турушу кенири таралган форма болгон. Орто-жогорку (средневерхнемецкие) мезгилиндеги, ал тургай XIX кылымдын жазуу эстеликтеринде да кыйыр жөндөмөдө турган сүйлөм ээлери көп учурайт. Мындай калдыктар азыркы немец тилинин (айрым диалектилеринде) оозеки речинде да колдонулуп жүргөн учурлар да аз эмес экендиги байкалган (Л. Р. Зиндер, Т. В. Строева,Современный немецкий язык, М., 1957, 244-бетти караңыз).

Профессор Г. Д. Санжеевдин көрсөтүүсүнө караганда байыркы монгол тилинде сүйлөм ээлери түзүлүшү жагынан атооч жөндөмөдө гана турган эмес, чыгыш жөндөмөдөгү сөздөр да, **менен** деген жөлөкчүл айкалышып турган сөздөр да ээлик милдет аткарып турган (Г. Д. Санжеев, Гр. бурят-монг. яз., М.—Л., 1941, 142-бетти караңыз).

## ЖАТЫШ ЖӨНДӨМӨДӨГҮ ЛОГИКАЛЫК СУБЪЕКТ.

**§ 40.** Илик жана барыш жөндөмөлөрдөгү аракет кылуучу жактар катарында келген сөздөргө аздыр-көптүр назар салынып жүргөнү менен, жатыш жөндөмөдөгү логикалык субъект катары келүүчү сөздөр кыргыз тилинде күнү бүгүнкүгө чейин байкоосто калууда.

Мисалы: 1. **Ар кайсы жерде** өзүнчө тамаша, өзүнчө күлкү (К. К.). 2. Кинонун батыш жагында Каракол суусу (К. Б.). 3. Шаар багынын **дал орто жеринде** «Ударник» киносу (К. Б.). 4. **Пароходдо** армияга кетип бара жаткан жаштар (К. Б.).

Бул келтирилген мисалдарда сүйлөмдүн грамматикалык ээлери катышкан жок. Бул, же тигил сөз ээ болуп түштү деп эч кимибиз айта да албайбыз. Буларга окшогон сүйлөмдөрдө

---

[1] Э. В. Севортян, О некоторых вопросах структуры предложения в тюркских языках, сб., Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков, АН СССР, М., 1961, 7-бет.

кандайдыр бир ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн катышып туру-
шу да талап кылынбайт.

Бирок мындайча түзүлүштөгү сүйлөмдөрдө **ар кайсы жерде, батыш жагында, дал орто жеринде, пароходдо** деген сөздөр комплекстер логикалык субъект болуп келишти. Алар грамматикалык жактан сүйлөм ээлерине коюлуучу талапка жооп бербей албайт, анткени, сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнө карай багынычы абалда, аттрибутивдик катышта турат, сөз болуп жаткан нерсенин аты катары келе албайт.

Азыркы кыргыз тилинде мындай мүчөлөрдүн эки түрдөгү варианты параллель жашай тургандыгы жөнүндө да айта кетүү керек. Башкача айтканда, бул жатыш жөндөмөдөгү логикалык субъект болуп түшкөн сөздөрдүн айрым бир шарттарда атооч жөндөмөдө туруп, сүйлөмдүн грамматикалык ээлери катары келген кездери да кеңири таралган.

Мисалы: 1. **Кинонун алды** — азан-казан эл (К. Б.). 2. **Ар кайсы жер** өзүнчө тамаша, өзүнчө күлкү. 3. Кинонун **батыш жагы** — Каракол суусу. 4. **Зал** — толтура эл. ж. б.

Берилген мисалдарда **кинонун алды, ар кайсы жер, батыш жагы, зал** деген сөздөр атооч жөндөмөдө турушуп сүйлөмдүн грамматикалык ээси болуп келишти. Мындай сүйлөмдөр, сөзсүз, эки составдуу сүйлөмдөрдүн түрүнө киришет.

Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бул белгиленип жаткандай эки түрдүйдун ар башка кырдаалдарын, бөтөнчөлүктөрүн так, айкын түрдө билдирүү ишине байланыштуу өнүккөн жана дал ушу табиятына ылайык алардын эки түрдөгү варианты тең сакталып параллель түрдө жашап калгандай сыяктанат.

Бирок, ошондой болсо да, мындай сүйлөмдөрдө жатыш жөндөмөдөгү сөздөрдүн бирде логикалык субъект, башка бир шартта атооч жөндөмөдө туруп, грамматикалык ээ катары келишинин тийиштүү бир себеби да, чеги да бар көрүнөт.

Азыркы кыргыз тилинин оозеки, ошондой эле, жазуу речинин кездешкен материалдарга караганда айрым шарттарда атооч жөндөмөдөгү грамматикалык ээлердин катышып турушу талап кылынса, башка бир шарттарда атооч жөндөмөдөгү грамматикалык ээлердин айкын, так маани бере албай тургандыгы байкалат, натыйжада, мындай учурларда анын жатыш жөндөмөдө турушу талап кылына тургандыгы көрүндү.

Маселен, логикалык субъект катары келүүчү орун-аралык семантикадагы сөздөрдүн жатыш жөндөмөдө туруп колдонулушу анын грамматикалык ээ катары атооч жөндөмөдө туруп колдонулушуна караганда алда канча так да, айкын да маани билдирери, берери, сүйлөмдүн мааниси ырааттуу да болору көрүнөт. Мисалы, **орто жери — «Ударник» киносу, зал-толтура эл, үй-толтура киши,** — деген сүйлөмдөргө караганда бул сүйлөмдөрдөгү атооч жөндөмөдөгү грамматикалык ээлердин (орт



жери, зал, үй деген сөздөрдүн) **орто жеринде, залда, үйдө** түрүндө айтылышы так да, айкын да маани берет.

Аны менен бирге, мындайча түзүлүштөгү сүйлөмдөр өзгөчө мүнөздөгү маани бөтөнчөлүктөрүнө да ээ болуп турушат. Башкача айтканда, жатыш жөндөмөдөгү логикалык субъектилер бүтүндүн бөлүгү катары келишет да, ал эми, алар атооч жөндөмөдө турушуп, грамматикалык ээ катары келишкен болсо, бүтүн нерсеге толук таралган болот.

Мисалы, Аалынын башында мол акыл, Аалынын башы мол акыл, — деген сүйлөмдөрдү салыштырып карагыла.

Мында биринчи сүйлөмдө **акыл баштын** касиетинин бир бөлүгүн гана билдире алат да, экинчисинде **бүт башы акыл** катарында билдирилген болот.

Көрсөтүлгөндөй түзүлүштөгү сүйлөмдөрдүн дагы бир башкачараак мүнөздөгү өзгөчө түрлөрү да болот.

Мисалы: Күчүбүз жете турганын, жүрөк каалаганын күн мурун тандаганыбызда түзүк болмок (Ш. Б.).

Бул келтирилген сүйлөм да табияты жагынан жогорудагы эле белгиленип өтүлгөн сүйлөмдөрдүн түрүнө туура келет, башкача айтканда, **түзүк болмок** деген комплекс баяндоочтук милдет аткарат да, **тандаганыбызда** деген сөз логикалык субъект катары түшөт. Эгерде, ал сөз (логикалык субъект катары келген сөз) **тандаганыбыз** түрүндө айтылган болсо, сүйлөмдүн грамматикалык ээси болуп түшкөн болор эле.

Бирок бул талданып өтүлгөн мисалдын мурда белгиленип өтүлгөн сүйлөмдөргө караганда айрым бир өзгөчөлүктөрү да бар. Тагыраак айтканда, мындай түзүлүштөгү сүйлөмдө башка бир шарттарда **биз** (биздин), же **бизге** деген атооч, же илик, барыш жөндөмөлөрдөгү сөздөрдүн катышып турушу да ыктымал (1. **Бизге** күчүбүз жете турганын, жүрөк каалаганын күн мурун тандаганыбызда түзүк болмок. 2. **Биз** (биздин) күчүбүз жете турганын, жүрөк каалаганын күн мурун тандаганыбыз дурус болмок). Мындай учурда **бизге, биздин** деген сөздөр логикалык аракет кылуучу жактар катары келишкен болот да, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн дагы бир башкача түзүлүштөгү түрүн түзүп калган болор эле. Ошол себептүү буларга окшогон сүйлөмдөргө алардын жекече шартына жараша мамиле кылынышы талап кылынат.

### Сүйлөм ээсинин орун тартиби да анын грамматикалык формасы катарында.

**§ 41.** Сүйлөм ээсинин багынбаган абалына туура келген анын атооч жөндөмөлүк түзүлүшүн ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн бүт табиятын өз кучагына камтып турган жекеден-жеке грамматикалык формасы катары түшүнүү да жетишсиздик кылат. Белгилүү бир кырдаалдарда, атоочтук сүйлөмдөрдө,

ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн позициялык абалы да аны маанилүү грамматикалык формасы катары түшөт. Аны төмөндөгүчө мүнөздөсөк болот:

а) Кыргыз тилинде, ошондойчо эле, башка түрк тилдеринде кара сөздө ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнөн мурда келиши негизги норма болуп саналат да, стилдик ыкма катары айрым шарттарда гана баш мүчөлөр орун абалдарын өз ара өзгөртүп турушу ыктымал. Бул баш мүчөлөрдүн инверсиясы деп аталып жүрөт.

Мында сүйлөмдүн баш мүчөлөрү орун абалдарын дайым эле өз ара алмаштырыша беришеби, дайым эле инверсия боло береби, же анын да белгилүү бир чеги, нормасы болобу деген сыяктуу маселе алдыбызга коюлат.

Сөзсүз чеги болот. Ал чеги болсо сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасына карата шартталган болот. Башкача айтканда, сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү тийиштүү бир синтетикалык баяндоочтук формаларда турушкан болсо (1. Мен **студентмин.** 2. Бул силердин **үйбү?** 3. **Барасыңбы?** ж. б.), же аналитикалык баяндоочтук формаларда турушкан болсо (1. Жолдошум эстүү **жигит сыяктанат.** 2. Ал **биздики го** ж. б.), аларга окшогон баяндооч сөздөр туруктуу баяндоочтук формага, белгиге ээ болуп турушкан болуп, алардын (баяндооч сөздөрдүн) орду эркин өзгөрөт, бул кырдаал, анын ээге карай орун абалынын өзгөрүлүшү, стилдик каражат катары пайдаланылган болот, бирок баш мүчөлөрдүн функционалдык табиятына таасир этилбейт. Инверсия гана болот. Мындай учурларда ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн сүйлөмдөгү катышкан башка сөздөргө карай көз каранды эмес абалы жана ошол абалына туура келген атоочтук жөндөмөлүк формасы жекеден-жеке белгиси катары келет.

б) Ал эми, башка бир учурларда сүйлөмдүн атооч сөздөрдө турган баяндооч мүчөлөрү III жактагы ээлик милдет аткаруучу сөздөр (жактар, нерселер, кубулуштар, окуялар ж. б.) менен байланышта болушу мүмкүн. Буларга окшогон атоочтук сүйлөмдөрдө баяндооч сөздөрдүн синтаксистик милдеттери ээге карай алган соңчул орун тартиби аркылуу шартталган болуп, түрк тилдерин изилдөөчүлөр тарабынан, ошондой эле, орус тил илиминде да баяндооч мүчөлөрдүн мындайча мүнөздөгү түзүлүшү нолдук баяндоочтук форма катары белгиленип жүрөт.

Мисалы: 1. Капар — **аспирант.** 2. Бул доска **күрөң.** 3 Анын китеби **эки.** 4. Аалы — бул. ж. б.

Белгиленип жаткандай түзүлүштөгү сүйлөмдөрдө баяндооч сөздөрдүн ээге карай алган соңчул орун тартиби анын (баяндоочтун) функционалдык табиятын шарттап турган грамматикалык формасы катары келгендиктен, баяндооч болуп түшкөн андай сөздөрдүн орун абалынын өзгөрүлүшү синтаксистик милдетинин да өзгөрүлүшүнө алып келет, мындай шарттарда баяндооч



мүчөлөрдүн ортосунда инверсиянын болушу да мүмкүн эмес. Себеби, алардын синтаксистик милдети орун абалына көз каранды болуп турат. Бул кырдаалды дээрлик бүт изилдөөчүлөр танылгыс факт катарында көрсөтүшөт. Ушинтип, «Инверсия грамматиканын чегинен тышкары турат».[1] Ал стиль маселесине байланыштуу болот.

Бирок сүйлөм ээсине келгенде бул маселе аягына чейин жеткирилбей, чыгарылбай жүрөт. Тагыраак айтканда, мындайча түзүлүштөгү сүйлөмдөрдө, эгерде, биз баяндооч сөздөрдүн ээге карай алган соңчул орун тартибин анын (баяндоочтун) функционалдык табиятын шарттап турган формасы катары алган болсок, эмне үчүн ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн жалаң гана түзүлүш жагы (атооч жөндөмөдө турушун) менен багынбаган абалын гана анын синтаксистик милдетин шарттап турган жекеден-жеке формасы катары карашыбыз тийиш. Атооч сөздөрдөн болгон баяндооч мүчөлөрдүн ээге карай алган соңчул орун абалы анын баяндоочтук формасы катары келген сыяктуу эле, мындайча атоочтук сүйлөмдөрдө ээ болуп келген сөздөрдүн баяндооч сөздөргө карай алган төрчүл орун абалы ошондойчо эле даражадагы анын (ээнин) функционалдык табиятын шарттап турган формасы катары каралууга мүмкүн болбосун. Белгиленип жаткандай атоочтук сүйлөмдөрдө баяндооч сөздөрдүн ээге карай алган соңчул орун тартибинин алмашылышы канчалык даражада баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн функционалдык табиятынын өзгөрүлүшүнө алып келген болсо, мында деле ошол эле ээ болуп түшкөн сөздөрдүн баяндооч мүчөлөргө карай ээлеген төрчүл орун тартибинин алмашылышы да ошончолук эле даражада ээлик милдет аткаруучу сөздүн да синтаксистик милдетинин өзгөрүлүшүнө алып келери талашсыз.

Маселен, жогоруда келтирилген мисалдардагы сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрүнүн орун тартиби: 1. **Аспирант Капар,** 2. Бул **күрөң доска.** 3. Анын **эки китеби.** 4. **Бул — Аалы** түрүндө алмашылган болсо, 1, 3-мисалдардагы айкалышып турган сөздөр өз ара атрибутивдик катышта туруп калышкан болор эле да, 4-мисалда **бул, Аалы** деген сөздөрдүн синтаксистик аткарган милдеттери өз ара алмашылып кеткен болор эле. Ал эми, 2-мисалда келтирилген сөздөрдүн айкалышы болсо, белгилүү бир шартта сүйлөм катары, башка бир шартта атрибутивдик катыштагы айкалыш катары (сөз тизмеги катары) каралган болор эле.

Ошондуктан мындайча составдагы сүйлөмдөрдө, атоочтук сүйлөмдөрдө, баяндооч сөздөрдүн ээге карай алган соңчул орун тартибин анын баяндоочтук формасы катары алган болсок, ошондойчо эле даражада ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн да

---

[1] Н. К. Дмитриев, Детали простого предложения, сб. Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков, АН СССР, М., 1961, 19-бет.

баяндооч мүчөлөргө карай ээлеген төрчүл орун тартибин аны
функционалдык табиятын шарттап турган грамматикалы
(ээлик) формасы катары алышыбыз тийиш болуп чыгат.

Демек, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн табияты сүйлө
дүн бардык эле түрлөрүндө бирдей каралууга, стандарттык би
дей үлгүнүн негизинде талкууланууга тийиш эмес. Анын кур
луш материалдары болуп келген сөздөрдүн сапатын
структурасына тыгыз байланышта аныкталышы зарыл. Мы
ошондо атоочтук сүйлөмдөрдө ээлик милдет аткаруучу сөздө
дүн сүйлөмдүн атооч жөндөмөдөгү баяндооч мүчөлөрүнө кара
алган төрчүл орун абалы анын белгилүү бир грамматикалы
формасы катары[1] каралууга тийиш. Атоочтук сүйлөмдөрд
ушинтип, «Бул пландa ээнин өзү байланышыл турган сүйл
мүчөлөрүн эсепке албай туруп, ээнин орду жөнүндө да айтуу
болбойт».[2]

### Сүйлөм ээлеринин катышып турушу, көмүстө калышы жана такыр эле жок болушу.

**§ 42.** Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн ичинен баяндооч сөздө
дүн грамматикалык ролу өтө зор. Кыргыз тилинде, ошонд
эле, башка түрк тилдеринде да, баяндоочтук формалар айрык
өнүккөн грамматикалык түзүлүш болуп, мына ушул кырдаал
байланыштуу, айрым бир шарттарда ээлик милдет аткару
сездөрдүн сүйлөмдө катышып турушу кандайдыр бир зарыл
лык болбой калган, анын текшерисинче, анын (ээнин) көмүстө
лышы, же такыр түшүп калышы милдеттүү түрдөгү норма
айланып кеткен учурлар да өтө кеңири таралган.

Маселен, эгерде, сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү I жана
жактардагы сүйлөм ээлери менен байланышып турган бол
буларга окшогон баяндооч сөздөргө жалганган жак уланды
ры сүйлөмдө кандай сөздөрдүн аракет кылуучу жактар бол
келишерин айкын түрдө көрсөтүп турат. Ошондуктан мынд
түзүлүштөгү сүйлөмдөрдө ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн
тышып турушу дайым эле зарылчылык боло бербейт, аракет

[1] Бирок сүйлөмдүн атооч жөндөмөдөгү атоочтордон болгон баяндоо
мүчөлөрүнүн ээге карай алган сончул орун тартиби дайыма эле анын фу
ционалдык табиятын шарттап турган грамматикалык формасы катары
бербейт, төмөндөгүчө учурларда стилдик талапка карай орун абалдарын
кин түрдө өзгөртө беришет: а) Сүйлөмдө ээлик милдетти атоочтуктар
карышып турган болсо:

1. **Жоо аяган жаралуу** (эл макалы) — **Жаралуу жоо аяган.**
2. Эл ыйык, **элден чыккан бузук** (эл макалы) — **бузук элден чыккан.**

б) **Мына** деген сөз баяндоочтук милдет аткарып турса:

1. Жайнап өскөн гүл мына,
   Жашыл сайма түр **мына** (Ж. Б.).
2. **Мына** анын каты, окуп көр (К. Б.).
3. **Мына** кубанч, **мына** сүйүү (К. Б.)

[2] Н. К. Дмитриев, Детали простого предложения, Сб. исследова
по сравнительной грамматике тюркских языков, АН СССР, М., 1961, 20-бе



луучу жактарды дааналап, бөлүп белгилөө максаты коюлганда гана, ээлик милдет аткруучу сөздөр катышат да, башка бир шарттарда сүйлөмгө өзгөчө маани берүү ыкмасы катарында ээлик милдет аткаруучу сөздөр көмүстө калтырылат, же сүйлөмдүн ырааттуулугу үчүн ээ речте бир жолу колдонулгандан кийин, андан кийинки сүйлөмдөрдө анын көмүстө калтырылышы зарылчылыкка айланат. Кыскасы, сүйлөм ээлеринин катышып турушу, же көмүстө калтырылышы речибизде стилдик ыкма катарында пайдаланылган болот.

Мисалы: 1. Силер эркиндик үчүн, элдин таалайы үчүн **күрөшсөңөр,** кубанычтын, үмүттүн, эркиндиктин кучагына **батасынар.** 2. **Биз** улуу бурулуш доорунда туулдук, боордош элдин кылымдар бою көксөгөн оюн, тилегин жүзөгө ашыруу үчүн **күрөшөбүз.**

Бул берилген мисалдарда **силер, биз** деген ээлик милдет аткаруучу сөздөр катышты. Алардын (ушул эле ээ болуп түшкөн сөздөрдүн) башка бир шарттарда ушул сүйлөмдөрдүн эле өзүндө көмүстө калтырылышы да толук мүмкүн. Буларга окшогон баяндоочтору жак уландыларында турган сүйлөмдөрдө ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн катышып турушу аларды дааналап, бөлүп көрсөтүү ыкмасы катары келген болот да, көмүстө калтырылышы аракет кылуучу жактарга каймана, жалпы мүнөз берүү каражаты катары пайдаланылат.

Сүйлөм ээлеринин катышып турушу, же көмүстө калтырылышы көрсөтүлгөндөй түзүлүштөгү сүйлөмдөрдө алардын табиятын өзгөртө албайт, сүйлөмдүн жаңы бир түрүн да пайда кылбайт, стилдик гана ыкма катарында пайдаланылат.

Профессор А. Н. Кононовдун[1] мындай сүйлөмдөрдө I жана II жактардагы ат атоочтордон болгон ээлердин факультативдик мүнөзгө ээ экендигин белгилеши бекер жеринен эмес.

Бирок мындайча составдагы, түзүлүштөгү сүйлөмдөрдүн ээлеринин көмүстө калтырылышы башка бир авторлордо өзгөчө талкууланып жүргөнүн да айта кетиш керек.

Маселен, Н. П. Дыренкова[2] алтай тилинин грамматикасында жогоруда талданып өтүлгөндөй сүйлөмдөрдүн ээлери көмүстө калтырылган болсо, ээсиз (бесподлежащие) сүйлөм деп атайт да, ээлери катышып турган болсо, ээлүү сүйлөм катары белгилеген.

Ал эми, профессор Е. И. Убрятова[3] болсо якут тилинде ат атоочтордон болгон сүйлөм ээлери көмүстө калган болсо, андай сүйлөмдөрдү кемтик сүйлөмдөрдүн катарына кошот. Филология

[1] А. Н. Кононов, Грамматика современного узбекского литературного языка, М.-Л., 1960, 348-бетти караңыз.

[2] Н. П. Дыренкова, Грамматика ойротского языка, М.-Л., 1940, 229-бетти караңыз.

[3] Е. И. Убрятова. Исследование по синтаксису якутского языка, М.-Л., 1950, 86, 87-беттерди караңыз.

илимдеринин кандидаты Г. И. Донидзе[1] да хакас тили боюнча жүргүзген өзүнүн изилдөөсүндө ушундайча эле көз карашта талкуулаган.

Ал тургай, айрым авторлордун эмгектеринде гана эмес, түрк тилдеринин бир топ нормативдик грамматикаларында да кемтик сүйлөмдөрдүн табияты мына ушул негизде талкууланып жүрөт.

Бул аталып өтүлгөн авторлордун эмгектериндеги жетишсиздиктери, биздин пикирибизче, мына мында:

а) Жактама ат атоочтордон болгон ээлер стилдик ыкмага жараша көмүстө калтырылган болсо да, алардын кандай сөз болору баяндооч мүчөлөргө жалганып турган жак уландылары аркылуу билинип, белгилүү болуп турса да, эгерде, буларга окшогон сүйлөмдөрдү кемтик сүйлөм катары алып олтурган болсок, анда диалог иретинде айтылган сүйлөмдөрдүн бардыгы тең эле кемтик сүйлөм катары талкууланышы тийиш болор эле.

Натыйжада, толук сүйлөм менен кемтик сүйлөмдөрдүн ортосундагы чеги жок болуп калар эле.

Иш жүзүнө келгенде, диалогдордо аракет кылуучу жактарды дааналап, өзгөчөлөп бөлүп көрсөтүү талабы коюлганда гана ээлик милдет аткаруучу сөздөр катыштырылат да, аракет кылуучу жактар жалпы, каймана мүнөздө белгилениши талап кылынган учурларда сүйлөм ээлери көмүстө калтырылган болот. Же экинчи бир шарттарда сүйлөм ээлери речте бир жолу айтылгандан кийин, анын андан кийин дагы кайталанып айтылышы артыктык кылып калат, бирдей ээлердин кайталанып айтылышы, речтин ырааттуулугун, көркөмдүгүн бузуп, аны тантык кылып таштайт.

Ошондуктан кемтик сүйлөмдөрдүн табияты андагы катышкан ээлердин көмүстө калышына карата аныкталышы жетишсиздик кылат. Андай болгондо толук сүйлөмдөр менен кемтик сүйлөмдөр бири-биринин параллели болуп калат, толук жана кемтик сүйлөмдөр деп ажыратуунун муктаждыгы жок болуп калат.

Чындыгында, толук сүйлөмдөргө маани жагынан көз каранды абалда болгон, демек, өз алдыларынча турушуп тийиштүү сүйлөмдүк мааниге, структурага ээ боло албаган номинативдик касиеттеги сөздөр, же комплекстер кемтик сүйлөмдүн негизги белгиси, формасы катарында алынышы тийиш. Ошондо гана толук сүйлөмдөр менен кемтик сүйлөмдөрдүн табияты туура негизде талкууланган болот.

б) Ал эми, ээлери көмүстө калган сүйлөмдөрдү ээсиз сүйлөм катары талкуулоо болсо бир составдуу сүйлөмдөр менен эки составдуу сүйлөмдөрдүн чегинин жоюлушуна алып келет, чарпайыттык туудурат. Анткени, бул сөз болуп жаткан сүйлөмдөрдүн ээлери стилдик талапка ылайык гана көмүстө калтырылган, эки составдуу сүйлөмдөрдүн белгилүү бир конструкциялык формасы болуп саналат. Бир составдуу сүйлөм боло албайт. Анын үстүнө, бул ээсиз сүйлөм деген термин өтө чаржайыт. Түрк тилдеринде бир составдуу сүйлөмдөргө карай да, ээси көмүстө калтырылган сүйлөмдөргө карай да колдонулуп жүрөт.

Ошондуктан бул аталган терминдин бул жерде орун ала тургандай эч кандай негизи деле, муктаждыгы деле жок сыяктанат.

[1] Г. И. Донидзе, Безличные предложения в хакасском языке, Абакань, 1957, 23-бетти караңыз.



**§ 43.** Түркологиялык адабияттардын басымдуу көпчүлүгүндө жөнөкөй сүйлөмдөр **жактуу** жана **жаксыз** сүйлөмдөр болуп эки негизги топко бөлүнүп берилген. Анын биринчисине (жактуу сүйлөмдөргө) ээлик милдет аткаруучу сөздөрү катышып турган, же стилдик функциясына карай көмүстө калган сүйлөмдөр менен кайра калыпташуу процессинде ээси таптакыр эле түшүп калган, анын (ээнин) речте колдонулушу мүмкүн болбой калган сүйлөмдөр киргизилген да, экинчисине болсо, жаксыз сүйлөмдөргө болсо, грамматикалык ээси жок жана сүйлөм ээлеринин болушу да талап кылынбаган сүйлөмдөр камтылган.

Бул маселелердин айкындалышы да сүйлөмдүн табиятын дагы толугураак, туура түшүнүү мүмкүнчүлүгүн бермекчи. Башкача айтканда, сүйлөмдүн бардык эле түрлөрүндө ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн болушу нормабы, же калыптаныш абалына жараша сүйлөм ээлеринин жок болушу да мүмкүнбү деген сыяктуу маселелер коюлат. Ошондуктан бул аталып өтүлгөн сүйлөмдөрдүн түрлөрү жөнүндө да азыраак маалымат бере кетели.

## ЖАКТУУ СҮЙЛӨМДӨР

**§ 44.** Жактуу сүйлөмдөр аракет кылуучу жактарга карай (ээлерге карай) баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн тийиштүү жак уландыларында турушу менен, же нолдук жак формаларында болушу менен мүнөздөлөт. Бирок жактуу сүйлөмдөрдүн бардык түрлөрүнүн тең эле табияты бирдей эмес. Алар составдык жана структуралык жагынан ар түрдүү келишет. Мына ошол түзүлүш бөтөнчөлүктөрүнө жараша алар дагы өз ара толук сүйлөм (же эки составдуу сүйлөм) жана жандама жактуу сүйлөм, туюк жактуу жана аныктама жактуу сүйлөмдөр болуп (бир составдуу) төрт негизги топко бөлүнөт. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн типологиялык көп түрдүүлүгү, негизинен, жактуу сүйлөмдөрдүн дал ушундайча мүнөздөгү структуралык түзүлүшүнүн ар кылдуулугунун базасында турган болот.

1) Ээлик милдет аткаруучу сөздөр катышып турган, же сүйлөм ээлери речте катышпай турушкан болсо да, стилдик ыкма катары гана көмүстө калтырылган болсо, буларга окшогон жактуу

сүйлөмдөрдүн түрлөрү **толук сүйлөм (же эки составдуу сүйлөм)** болушат.

Мисалы: 1. Эл ичинде **эл жүрөт,** жат ичинде **эр жүрөт** (эл макалы). 2. Аргымак мойнун **ок кесет,** азамат мойнун **жок кесет** (эл макалы). 3. Уулум, малды жакшы баксаң, этти да, сүттү да, жүндү да мол бересиң, эл алдында уятка калбайсың. 4. Асман мелжиген алп денелүү, көк тукаба жамынган кең өрөөндүү, берекеси төгүлгөн **Ала-Тоодонбуз,** меймандос **кыргыз элденбиз.**

Бул келтирилген мисалдарда биринчи жана экинчи кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы ар бир жөнөкөй сүйлөмдө ээлик милдет аткаруучу сөздөр катышып турат да, үчүнчү жана төртүнчү сүйлөмдөрдө болсо **сен, биз** деген ээлик милдет аткаруучу сөздөр көмүстө калган. Бирок бул сүйлөмдөрдө баяндооч сөздөргө жалганып турган **-ң, -биз** деген жак уландылары аркылуу көмүстө калтырылган ээлердин кандай сөз болору белгилүү болуп турат, алар стилдик ыкма катарында гана көмүстө калтырылган. Башка бир шарттарда, эгерде, аракет кылуучу жактарды (ээлерди) өзгөчөлөп, дааналап, бөлүп көрсөтүү максаты коюлган болсо, алардын (ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн) сүйлөмдө катышып турушу милдеттүү түрдөгү норма катары да келген болор эле.

2) Сүйлөмдүн бул, же тигил мүчөлөрүнүн өнүгүш жана бул, же тигил түрлөрүнүн калыптаныш процессинде жогоруда белгиленип өтүлгөндөй ээси көмүстө калган сүйлөмдөр бара-бара акырындап үлгүлөшүп отуруп, **жамдама жактуу** жөнөкөй сүйлөмдөргө айланышкан болуп, андай сүйлөмдөрдө ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн түшүп калышы милдеттүү түрдөгү норма болуп калган.

Мисалы: 1. **Барабыз дедим барабыз** (Ш. Б.). 2. Атаганат, ушундайда атасынын **жоктугун карачы** (К. Б.). 3. **Барса барам.**

Берилген мисалдардын биринчи жана үчүнчү сүйлөмдөрүндө баяндооч сөздөргө жалганып турган жак уландылар аркылуу **биз** жана **мен** деген сөздөрдүн ээ болуп түшөрү, экинчи сүйлөмдө **сен** деген сөздүн ээ болуп келери белгилүү болуп турат. Бирок бул келтирилген мисалдарда сүйлөм ээлеринин түшүп калышы нормага айланып, алардын көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдө катышып турушу мүмкүн болбой калган. Дал ушуларга окшогон сөздөрдүн функционалдык ажыралгыс биримдиктеги айкалыштарынан барып, же алардын туруктуу фразеологиялык айкалыштүрүндө калыптанышынан барып жамдама жактуу сүйлөмдөрдүн пайда болгондугу белгиленет.

Мисалы: 1. **Атты мингенде мактаба, түшкөндө макта** (эл макалы). 2. **Ат, аттан кийин жат** (эл макалы). 3. **Эмне сепсең, ошону оросуң** (эл макалы). 4. **Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө** (эл макалы). 5. **Жаманды өзүм дебе, жакшыны жатым дебе** (эл макалы). 6. **Суу көрсөң, бутуң чеч, тоо көрсөң таяк кес** (эл макалы). 7. **Сууну сиңген жерге куй, сөздү укканга айт** (эл макалы). 8. **Атты баксаң, жакшы бак, жоого алдырбас тар жерде** (эл макалы). 9. **Бак-бак эткен текени суу кечкенде көрөрбүз, бышыксынган келинди үй чечкенде көрөрбүз** (эл макалы).



Жамдама жактуу сүйлөмдөрдүн баяндооч мүчөлөрү, мейли I, же II жактарда турушсун, мейли III жакта турсун, баары бир, үч жакка тең бирдей даражада таандык болуп айтылат. Ошондойчо эле, мейли жекелик санда турсун, мейли көптүк санда турсун, мейли буйрук этиштер баяндоочтук милдет аткарып турушсун, баары бир, мында да жамдалып, жалпыга, көпчүлүккө таандык болуп турган болот. Анын (жамдама жактуу сүйлөмдөрдүн) дал ушундайча мүнөздөгү табиятынын негизинде ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн түшүп калышы зарылчылыкка айланган сыяктанат.

Жамдама жактуу сүйлөмдөр макал, ылакаптарда кеңири орун алган. Ал элдин коллективдик тажрыйбасынын жыйынтыгы болуп, мына ошол себептүү жекече аракет кылуучу жакка эмес, жалпыга тийиштүү аракеттерди, акыл-насааттарды, элдин дүйнөгө көз карашын кучагына камтыган учкул сөздөр, макалдар анын негизги ядросун түзүп калган. Сүйлөм ээлеринин өз ичине киришине жол бербей турушунун себеби да мына ушул кырдаалга тыгыз байланыштуу болсо керек.

3. **Туюк жактуу** сүйлөмдөр да сырткы түзүлүшү боюнча толук (эки составдуу) сүйлөмдөр менен жамдама жактуу сүйлөмдөргө окшош болот. Анын пайда болуш жагы да, жамдама жактуу сүйлөмдөрдөй эле, толук сүйлөмдөрдүн ээлеринин түшүп, речте колдонулбай калышынын натыйжасы болуп, бул жагынан жамдама жактуу сүйлөмдөргө табияты жагынан жакын да, окшош да болуп кетет.

Башкача айтканда, а) толук сүйлөмдөрдө стилдик ыкма катары сүйлөм ээлери бирде речте катышып турса, башка бир шарттарда көмүстө калат. б) Жамдама жактуу сүйлөмдөрдө болсо сүйлөм ээлеринин түшүп калышы биротоло калыпташып кеткен, анда баяндооч сөздөргө жалганып турган жак уландылары аркылуу кандай сөздөрдүн ээ болуп түшөрү белгилүү болуп турса да, анын сүйлөмдө орун алышы, колдонулушу мүмкүн болбой калган.

в) Туюк жактуу сүйлөмдөр да, жамдама жактуу сүйлөмдөр сыяктуу эле, сүйлөм ээлеринин речте түшүп калышынын калыпташып кетишинен барып пайда болот, анын жамдама жактуу сүйлөмдөргө окшоштугу мына ушунда. Бирок жамдама жактуу сүйлөмдөрдө баяндооч сөздөргө жалганган жак уландылары аркылуу башта кандай сөздөрдүн ээ болгондугу белгилүү болуп турат. Ал эми, туюк жактуу сүйлөмдөрдө болсо грамматикалык жактан III жактагы баяндоочтор аркылуу кандайдыр бир III жакка тиешелүү сөздөрдүн ээ болору белгилүү болуп

турса да, кандай сөздөрдүн ээ болору так, айкын болбойт, тую болот. Болжолу, бул III жактын атайын жак уландысынын жо болгондугуна байланыштуу көрүнүш болсо керек.

Мисалы: 1. **Экөөбүздүн ортобузга чок салыптыр.** 2. **Куш салганына кубанбайт, алганына кубанат** (эл макалы). 3. **Сөзүнө беш тыйынга да санабайт.** 4. **Жигит келишсе, кыз качпайт, тапанч атты байгеге чаппайт** (эл макалы) ж. б.

Көрсөтүлгөн мисалдарда баяндооч сөздөргө карай III жактагы сөздөрдүн ээлик милдет аткара тургандыгы жөнүндө айтуу болот. Бирок кандай сөздөрдүн ээ болуп түшөрү белгисиз болуп турат, айкын эмес — туюк, каймана. Ошондуктан буларга окшогон сүйлөмдөр толук жана жамдама жактуу сүйлөмдөргө, бир жагынан, жакын, байланыштуу болсо, экинчи жагынан, бул белгиленген табияты боюнча аларга параллель коюлушу да мүмкүн эмес. Алардын өзгөчө мүнөздөгү сүйлөмдүн түрү болушу жагынан айырмаланып турат.

Ошондой болсо да, сүйлөмдүн бул белгиленип жаткан түрүнүн белгилүү бир шарттарда толук сүйлөмдөр менен табият жагынан өтө окшош болуп кеткен учурларын да тануура болбойт.

Маселен, мына ушул эле жогоруда талданып өтүлгөн түзүлүштөгүдөй (туюк жактуу) сүйлөмдөргө айрым кездерде ээлик милдет аткаруучу сөздөр катышып турган учурлар да болот. Албетте, мындай шартта буларга окшогон сүйлөмдөр эки составдуу сүйлөмдөрдүн тобуна киришкен болот.

Же болбосо дагы бир башка шарттарда белгиленгендей эле түзүлүштөгү (ээ катышпаган) сүйлөмдөр ээлик милдет аткаруучу сөздөр катышпай турушкан болсо да, контекске карап ээлери көмүстө калган эки составдуу сүйлөмдөр катары каралышы да ыктымал.

Ошол себептүү сүйлөмдүн бул түрүнүн табияты дагы аныкталууга, чектелүүгө, деталдаштырылууга тийиш.

Деги, сүйлөмдүн бул түрүнүн (туюк жактуу сүйлөмдөрдүн) табиятына көз чаптырганда анын түзүлүш жагы да көп кырдуу экендиги, калыптанып жагы да түркүн-түркүн экендиги көзгө чалдыгат. Маселен, алды жакта туюк жактуу сүйлөмдөрдүн калыпташып кетишкен айкалыштардан, туруктуу фразеологиялык айкалыштардан, макал, ылакаптардан болору белгиленди эле. Иш жүзүндө, туюк жактуу сүйлөмдөрдүн сферасын бул белгиленип өтүлгөн факторлор менен чектеп коюуга мүмкүн эмес экендиги байкалды. Азыркы кыргыз тилинин шартында сөздөрдүн эркин мүнөздөгү, абалдагы айкалыштарынан жасалган туюк жактуу сүйлөмдөр да массалык түрдө учурай тургандыгы көрүндү.

Мисалы: 1. **Мыкты окуган студенттерди экскурсияга жиберишти.** 2. **Шаарда ооз ачпай туруп сатып алат.** 3. **Мыкты иштегендерге өтмө кызыл туу, баалуу сыйлыктар берет, ырахмат айтат.** 4. **Бүткөн боюмды чыйрыктырып турат** ж. б.



4) Жактуу сүйлөмдөрдүн төртүнчү түрү **аныктама жактуу** сүйлөмдөр деп аталат. Бир составдуу сүйлөмдөрдүн бул түрүнө алды жакта талданып өтүлгөн илик, барыш жана жатыш жөндөмөлөрдөгү грамматикалык ээ болуп түшө албаган, логикалык субъект катары келишкен сөздөр катышкан бир составдуу сүйлөмдөр кирет.

Мисалы: 1. **Бизге эч нерседен коркууга болбойт.** 2. **Менин дагы окугум келип жүрөт.** 3. **Шаардын дал ортосунда республикабыздын илимдер академиясы.**

Себеби, буларга окшогон сүйлөмдөрдө **бизге, менин, дал ортосунда** деген сыяктуу сөздөр үч жактын биринде турушуп, тийиштүү аракет кылуучу жактар катары келишет да, логикалык жактан сөз болуп жаткан нерселердин аттары мына ушул сөздөр аркылуу тейленип турат. Булар грамматикалык жактан гана сүйлөм ээлери болуп түшө алышкан жок. Ошондуктан мындайча түзүлүштөгү сүйлөмдөрдө, канчалык, аракет кылуучу тийиштүү жактар белгилүү, аныктама жактуу сүйлөмдөр деп алышыбыз туура болор деген ойдобуз.

Тилекке каршы, бул маселелерге арналган айрым бир атайын изилдөө иштеринде бир составдуу сүйлөмдөрдүн, анын ичинде мына ушул сөз жүрүп жаткан жактуу, жаксыз сүйлөмдөрдүн да табияты жетиштүү даражада такталган эмес. Чаржайыттык орун алгандыгын да айта кетүү керек. Бир составдуу сүйлөмдөрдүн жалпы табияты, ошондойчо эл, структуралык жактары орунсуз талкууланган, аларга чек коюу жактары ушунчалык чиелешип кеткендиктен, сүйлөмдүн бул түрлөрүн бири-биринен ажыратуу ишинде кандайдыр бир айкын негиз табуу жагы өтө кыйын.

Маселен, профессор З. И. Будагова аныктама жактуу сүйлөмдөрдү жаксыз сүйлөмдөр менен бирге карап, аны мындайча мүнөздө талкуулайт: «Анда субъектинин жок болушу милдеттүү эмес, анткени, жак жана субъект — эки башка түшүнүк. Ал тургай, жаксыз сүйлөмдөрдө субъект боло берет да, грамматикалык ээ формасында гана тура албайт».[1] Мында автор сүйлөмдүн бул түрүн бөлүп чыккан эмес.

Же болбосо жогорудагы эле аталган изилдөөчүнүн туюк жактуу сүйлөмдөргө карай көз карашына бир аз назар салганда ал туюк жактуу сүйлөмдөрдө ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн жок болушун «айтуучу кандайдыр бир объективдик, же субъективдик себептер менен аракет кылуучу жактарды айткысы келбесе, же белгилүү бир жакты көрсөтүү жагы кыйын бол-

[1] З. И. Будагова, Простое предложение в современном азербайджанском литературном языке, авт., Баку, 1963, 36-бет.

гон учурларда»[1] орун алат деп түшүндүрөт. Бул, мүмкүн, жа
сыз сүйлөмдөрдүн пайда болуш жагына келгенде бир аз чы
дыкка жакын келер, бирок азыркы шарты боюнча биротоло
калыпташып кеткен сүйлөмдүн түрү болгондуктан, айтуучу
пикирин мындай айтайын, тигиндейче курулуштагы сүйлөм а
кылуу билдирейин деп ойлоп олтурбас дейм. Андай болгон
сүйлөмдүн бул түрүнүн өзүнчө бир тип катары калыпташы жө
нүндө сөз болушу да мүмкүн болбой калар эле. Бул айтуучунун
каалоосуна жараша эмес, субъективдик эмес, тилдин белгил
бир өнүгүш процессинде пайда болгон, биротоло калыпташка
сүйлөмдүн түрү катары каралышы тийиш эле.

Экинчи бир түрдөгү жетишсиздиктер айрым бир изилдө
чүлөрдүн бир составдуу сүйлөмдүн табиятын жетиштүү д
ражада жеткире изилдебегендиги менен мүнөздөлөт. Сүйлөм
дүн бардык түрлөрүнүн ортосуна кандайдыр бир параллелдү
белги коюлуп кеткен сыяктанып элестеп турат. Мындай талаш
тартыш болуп келаткан, али толук айкындала элек маселелер
катары, бир жагынан, атама, кемтик сүйлөмдөр, экинчи жагы
нан, сөз — сүйлөм (слова — предложения) деп аталган синтак
систик единицалар кирет. Булардын табияты, өзгөчөлүктөр
жөнүндө төмөндөгүлөрдү айтмакчыбыз.

1) **Атама сүйлөм жөнүндө.** Атама сүйлөмдөрдүн табия
кандайдыр бир нерсени, көрүнүштү, окуяны, мезгилди, абал
билдирүүчү сөз, же сөздөрдүн айкалыш тобу боло тургандык
менен мүнөздөлүп, аны тийиштүү синтаксистик категориялар
дын (баш мүчөлөрдүн) түрлөрүнө ажыратууга мүмкүн эместиги
дээрлик бардык түрк тилдерин изилдөөчүлөр тарабынан белги
ленген.

Бирок бул маселенин түрк тилдериндеги орун алган жалп
агымга карама-каршы көз караштa талкууланып жүргөндүгүн
да айта кетүү керек.

Маселен, филология илимдеринин докторлору З. И. Будагова менен М. З. Закиев жолдоштор бир составдуу сүйлөмдөр жөнүндө көп баалуу пикирлер айтуу менен бирге, бул аталган авторлордун эмгектеринде атоо иретинде айтылган бир составдуу сүйлөмдөр да, мисалы, атама сүйлөмдөрдө да, предикативдүүлүк орун алат деген жаңылыш пикирлерин байкоста калтырууга болбойт.

Профессор З. И. Будагова: «Бир составдуу сүйлөмдөр баш мүчөлөрдүн биреөнүн гана базасында түзүлөт да, анда ойдун субъектиси, предикаты ажыратылбаган бир гана форманың ичинде болот. Ошондуктан мындай учурда «ээ, баяндооч» деген термин шарттуу мүнөздө болот»,[2]—дейт да, бир составдуу сүйлөмдөрдү ээнин базасында түзүлгөн бир составдуу сүйлөмдөр менен баяндоочтун базасында түзүлгөн бир составдуу сүйлөмдөргө ажыратат. М. З. Закиев болсо аны деталдаштырып келип: «Бир составдуу сүйлөмдүн (атама сүйлөмдүн) баш мүчөсү зат атоочтон (Кыш. Буран. Салкын һава), сын атоочтор менен тактоочтордон хәзер соң инде, аннан соң салкын, карангы — сейчас уже поздно, потом холодно и темно. Монда бик тынчу — здесь очень душно) болот. Сөз-сүйлөмдөрдө әйеда, шулай-так, дөрес — правильно, ярар — ладно, юк, түгел — нет деген сөздөр баш мүчө болуп келет»,[1] — деген жыйынтыкка келет.

Бул көрсөтүлгөн авторлордун айрым бир пикирлери бир составдуу сүйлөмдүн чыгыш жагына келгенде гана бир аз чындыкка жакындабаса, азыркы түрк тилдеринин шартында теориялык жактан да, практикалык жактан да объективдүү эмес.

Изилдөөчүлөрдүн жаңылыштыктары предикативдүүлүк деген термин менен жалпы эле сүйлөм деген түшүнүктү параллель коюшунан келип чыккан маселе болуп олтурат. Кандайча негизде биз эч кандай баяндоочтук формага ээ болбогон бир эле сөз ээнин да, баяндоочтун да касиетин өз ичине камтып турат деп айта алабыз. Андай болгондо бир составдуу сүйлөмдөр менен эки составдуу сүйлөмдөрдүн ортосуна параллель белгисин койсок деле болбойбу.

Мында синтаксистик категориялардын, анын ичинде сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн да, синтаксистик табияты, милдети алардын ар биринин өзүнө мүнөздүү тийиштүү формалары жана ал формаларына туура келген башка сөздөр менен болгон синтаксистик катыштарына карай шарттары изилдөөчүлөр тарабынан көңүлгө алынган эмес. Же болбосо буларга окшогон бир составдуу сүйлөмдөрдү кайсы негизде баш мүчөлөрдүн суммасына, ички биримдүүлүгүнө параллель коюуга болот. Анткени, буларга окшогон сүйлөмдөр кандайдыр бир праммтикалык форма бөтөнчөлүктөрүнө да ээ эмес, айрым бир сүйлөм мүчөлөрүнө да ажыратылышы мүмкүн эмес. Себеби, аларды бул, же тигил синтаксистик категория катары шарттап турган формасы да жок, алардын башка бир сөздөр менен тийиштүү катыштарда турушкан жерлери да жок. Булар интонациянын катышы, жардамы аркасында гана тийиштүү бир сүйлөмдүк касиетке ээ болуп турган сөздөр, же комплекстер болуп саналат.

Экинчиден, филолопия илимдеринин доктору М. З. Закиевдин да, З. И. Будагова сыяктуу эле, атама сүйлөмдөргө карай келтирген мисалдарын да жаксыз сүйлөмдөр (хәзер соң инде, аннан соң салкын, карангы—сейчас уж поздно, потом холодно и темно, монда бик тынчу — здесь очень душно) аралашып, кирип кеткен.

---

[1] Ошол эле эмгек, 35-бет.

[2] З. И. Будагова, Простое предложение в современном азербайджанском литературном языке, авт. д., Баку, 1963, 33-бет.



[1] М. З. Закиев, Синтаксический строй татарского языка, авт. док., Казань, 1963, 7-бет.

2) **Сөз-сүйлөмдөр** (слова-предложения) жөнүндө. Аталган авторлордун бул сөз-сүйлөм деген немелери анчалык ынанды-рарлык нерсе көрүнбөй калды. Булардын өзүнчө сүйлөмдүн түрү катары киргизилиши келтирилген фактыларына караганда орунсуз да, шектүү да. Ушул боюнча алганда сөз сүйлөм деп аталган неме менен кемтик сүйлөмдөрдүн чеги жок болуп кал-гыдай, эмне муктаждыктан келип буларды сүйлөмдүн өзүнчө бир түрү катары киргизишкендиктерин түшүнө ал-бадык.

Кемтик сүйлөм дегенибиз толук сүйлөмдөргө, же контекске көз каранды абалда турган, өз бетинче туруп сүйлөмдүк табият-ка ээ боло албаган сүйлөмдүн бир өзгөчө конструкциялык түрү, формасы болуп эсептелет. Ал эки составдуу сүйлөмдүн бир өзгө-чө конструкциялык түрү, формасы болуп эсептелет. Ал эки составдуу сүйлөмдөрдөн да, аныктама жамдама жана туюк жактуу сүйлөмдөр менен жаксыз бир составдуу сүйлөмдөрдөн да пайда болушу жана сүйлөмдүн дал ушул түрлөрүнө маани жактан көз каранды абалда болушу, турушу мүмкүн. Анын атоо ире-тинде айтылган сүйлөмдөрдөн (маселен, атама сүйлөмдөн) маанилүү бир өзгөчөлүгү диалог мүнөзүндөгү речтерде орун алышы менен мүнөздөлөт. Бул, кемтик сүйлөмдөр, грамматика-стилдик планда пайда болгон сүйлөмдүн түрү болуп саналат.

Эгерде, кемтик сүйлөмдүн табиятына дал мына ушул негиз-де көз жүгүрткөн болсок, ошондо өз беттеринче туруп сүйлөм-дүн бул, же тигил мүчөсүн тактоо маселесине карай колдонул-ган сөз, же сөздөрдүн айкалыш тобу кемтик сүйлөм катары алынышы тийиш болуп чыгат.

Буларга окшогон кемтик сүйлөмдүк милдет аткаруучу сөз-дөр, же сөз айкалыштары лексикалык жагы боюнча алынганда толук маанилүү сөздөрдөн болушу мүмкүн, же айрым бир жоопчулдар деп аталган катыштык сөздөр да кемтик сүйлөмдөр-дүн милдетин аткарып турушу ыктымал.

Ал эми, аталган окумуштуулардын сөз-сүйлөм катары көрсөтүшкөн татар (Әйе—да, шулай—так, дөрес—правильно, ярар—ладно, юк-түгел—нет) жана азербайжан (бәли, һә (да), һеч—нисколько) тилдеринен келтирген мисалдары диалогдордо гана колдонулуп, кемтик сүйлөм катары каралышы мүмкүн бу-лардын кемтик сүйлөмдөрдөн кандайча айырмасы бар экендигин ажыратуу жагы кыйын. Эгерде, бул көрсөтүлгөн сөздөр диалог-до эмес, жалпы эле контексте туруп сүйлөмдүк милдет аткарып турушкан болсо, кандайдыр жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өзүнчө бир түрү катары алышка да мүмкүн болор эле. Бул туруштары боюнча кемтик сүйлөмдөрдүн өзгөчө бир лексикалык составдагы түрү катары каралышы гана ыктымал.

Ырас, булардын ичинен, авторлордун сөз-сүйлөмдөргө карай



келтирген фактыларынын ичинен, салам айтуу, коштошууга ка-рай колдонулуучу сөздөр гана өзгөчө абалда турушат.

## Жаксыз сүйлөмдөр

**§ 45.** Жаксыз сүйлөмдөр жактуу сүйлөмдөрдөн, мейли ээси көмүстө калган толук сүйлөмдөрдөн болсун, же жамдама жак-туу сүйлөмдөрдөн болсун, мейли туюк жактуу сүйлөмдөрдөн болсун, тийиштүү аракет кылуучу жактардын таптакыр жок, же белгисиз болушу менен айырмаланып турат. Маселен, ээси стил-дик ыкма катары көмүстө калган толук сүйлөмдөр гана эмес, жактуу сүйлөмдөрдүн ичинен грамматикалык ээлеринин түшүп калышы калыпташып кеткен, нормага айланган жамдама жак-туу сүйлөмдөр менен туюк жактуу сүйлөмдөрдү алсак да, сүй-лөмдүн бул түрлөрүндө ээлик милдет аткаруучу сөздөр катыш-паса да, баяндооч мүчөлөр аркылуу кандай, кайсы жактардагы сөздөрдүн ээ болуп келишери, же башта кандай сөздөрдүн ээ болгондугу белгилүү болуп турат.

Ал эми, жаксыз сүйлөмдөрдө болсо грамматикалык ээси та-за эле белгисиз болот, жок болот жана андай сүйлөмдөрдө ээнин болушу да талап кылынбайт.

Мисалы: 1. **Мында абдан жакшы.** 2. **Эртең барыш керек бол-чу** 3. **Токойдо салкын да, ным да болот.** 4. **Бул ишти кантип бир күндө бүтүрүүгө болот?** ж. б.

Бул кырдаалга караганда, болжолу, жаксыз сүйлөмдөр да, жактуу сүйлөмдөрдөн барып пайда болгондой сыяктанат. Ми-салы: 1. **Бүгүн ысык.** 2. **Кечинде жыйналыш экен.** ж. б.

Эгерде, бул келтирилген жаксыз сүйлөмдөр төмөндөгүчө конструкцияда айтылган болсо, андай сүйлөмдөрдү туюк жактуу сүйлөмдөрдүн тобуна кошкон болор элек: 1. **Бүгүн ысык болуп турат.** 2. **Кечээ муздак эле.** 3. **Бүгүн жылуу экен.**

Бул жагынан алганда жаксыз сүйлөмдөр, кандайдыр, туюк жактуу сүйлөмдөргө өтө эле окшош. Мүмкүн, туюк жактуу сүй-лөмдөрдөн барып өнүгүп чыккан болор.

Ошондуктан булардын дагы изилдениши, дагы такталышы зарыл сыяктуу, азырынча кесе айтуу кыйын.

Ошондой болсо да, жаксыз сүйлөмдөр сүйлөмдүн составдык бөлүктөрүнүн өнүгүш процессинде, кайра курулуш процессинде пайда болгон жаңы типологиядагы сүйлөм экендиги танылгыс факт катарында кала берет.

Кыргыз тилинен байкалган материалдарга караганда жаксыз сүйлөмдөрдүн төмөндөгүчө тартипте калыпташкандыгы, пайда болгондугу көрүнөт:

1) Туюк жактуу сүйлөмдөрдүн соңку өнүгүшүнөн барып: 1. **Силерге айтыш керек эле.** 2. **Жылдын бул мезгилинде мүмкүн эмес.** 3. **Көчөлөрдө ызы-чуу, кыраан-каткырык.**

2) Адепки мезгилдерде ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн кандайдыр кийин бара-бара акырындап олтуруп толук мааниле лүүлүк семантикалык мазмундуулугунан ажырап, баштапкы баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөр менен ажыралгыс биримдикте туруп бир баяндоочтук комплекске айланышынан барып: 1. **Итке темирдин кереги жок** (эл макалы). 2. **Кандай жакпай калган жерибиз бар?** 3. **Иш кылбай, далдактап басып жүрүүнүн кереги эмне!** ж. б.

3) Мүмкүн, башта баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн түшүп калып, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн баяндоочтук милдет аткарып калышынан барып: 1. **Бүгүн «Ударникте» кызык кино.** 2. **Эртең базар болот.** 3. **Азыр бизде жаз.** 4. **Азыр мектепте жыйналыш экен.** ж. б.

Мына ушул жогоруда талданып өтүлгөн жактуу жана жаксыз сүйлөмдөргө караганда сүйлөмдүн бардык эле түрлөрүндө грамматикалык ээлердин болушу милдеттүү түрдөгү норма эмес экендиги айкын түрдө көрүнүп олтурат. Сүйлөм ээлеринин түшүп калышы, же такыр эле жок болушу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн белгилүү бир багытта өнүгүш процессине байланыштуу көрүнүш болуп, анын маани жана типологиялык жактан жаңы өзгөчөлүктөргө ээ болушунун негизинде турган кубулуш, фактор экендиги белгиленет.

Ошондуктан сүйлөмдүн бардык эле түрлөрүнүн табиятын, структурасын бир ченем боюнча белгилөөгө мүмкүн эмес, андайча көз караш сүйлөмдүн табиятын туура түшүнүүгө да туура тыянакка да алып келбейт. Сүйлөмдүн составдык бөлүктөрүнүн бул, же тигил тартипте өзгөрүшү, составдык жагынан ар кыл болушу анын (сүйлөмдүн) маани жана ошол маанисине туура келүүчү типологиялык жаңы бөтөнчөлүктөрүн пайда кылышы мүмкүн. Мына ушул жагын эске алганда сүйлөмдүн форма жагынан болгон ар кылдуулугуна, структуралык абалына кылдаттык менен мамиле кылынуу жагы, жекече шартынын, табиятынын эске алынышы актуалдуу маселелер катары алдыбызга коюлат.

Бул кырдаал сүйлөмдүн жаңы маани, жаңы типтеринин өнүгүшүнүн, пайда болушунун негизинде турган көрүнүш, багыт болуп саналат.

## КОРУТУНДУ

1. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү бири-бирине тыгыз байланышта турган грамматикалык категориялар болуп, алардын бири (маселен, ээ) сүйлөмдө сөз жүрүп жаткан, тийиштүү белгиге, сапатка ээ болуп турган нерсе, же аракет кылуучу жактар катары келүүчү синтаксистик категория да, экинчиси (баяндооч) аның (ээнин) аракет, ким-эмнелигин, сынын, иретин, дагы ушулар



сыяктуу кырдаалдарын билдирип, баяндап турган синтаксистик категория болуп эсептелет.

2. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн ар бири өзүнүн сүйлөмдөгү аткарган синтаксистик милдетине тийиштүү бир семантикалык мазмундуулукка жана ошол маанисине туура келген белгилүү бир форма, катыш бөтөнчөлүктөрүнө ээ болуп турат.

Алардын ичинен сүйлөм ээси мындайча грамматика-семантикалык табиятка ээ болуп турушу менен мүнөздөлөт.

Сүйлөмдө сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары, кубулуштар, окуялар сүйлөмдүн ээси болуп түшөт да, мына ушул кырдаалга байланыштуу кайсы гана сөз түркүмү ээлик милдет аткарбасын, алар, канчалык, сөз болуп жаткан нерселердин, көрүнүштөрдүн аттары катарында келишкенден кийин, объективдик мааниде турган, заттанып кеткен болот. 1. **Ашыкпаган араба менен коёнго кууп жетиптир** (эл макалы). 2. **Ачуу — душман, акыл — дос, акылыңа акыл кош** (эл макалы). 3. **Акылдуу отту карайт, акмак казанды карайт** (эл макалы). 4. **Жашоо — күрөшүү**).

3. Сүйлөм ээлеринин сүйлөмдө сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары келиши алардын ошол табиятына туура келген форма жана катыш бөтөнчөлүктөрү менен шартталган.

а) Биз сөзүбүздө кандайдыр бир нерселер, көрүнүштөр, окуялар жөнүндө билдиребиз. Ал билдирилип жаткан нерселер атооч жөндөмө формасындагы сөздөр болушат. Ошондо гана алар сөз болуп жаткан нерселердин аттары катары келише алат (1. **Жер** — планета. 2. **Окумуштуу, жазуучу** — элдин сыймыгы).

Ал эми, сүйлөмдө катышкан сөздөр кыйыр жөндөмөлөрдө турган болсо, анда алар башка бир сөздөргө карай багынынкы абалда болуп, сүйлөмдө сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары келе албайт.

б) Бирок сүйлөм ээлеринин атооч жөндөмөлүк түзүлүшү анын жекеден-жеке грамматикалык формасы эмес, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн багынбаган абалы зор мааниге ээ. Дал ушул абалына карата гана түзүлүшү жагынан өзүнө окшош келген башка түрдөгү синтаксистик милдет аткаруучу атрибутивдик, предикативдик катыштардагы сөздөрдөн айырмаланып турат.

в) Атоочтук сүйлөмдөрдө ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн багынбаган абалын шарттап турган формасы жана катыш каражаты катары анын баяндооч сөздөргө карай алган төрчүл орун тартиби эсептелет.

Мындайча составдагы сүйлөмдөрдө баш мүчөлөрдүн орун абалдарынын өзгөрүлүшү алардын синтаксистик милдетинин да өзгөрүлүшүнө алып келет.

4. Сүйлөмдүн ээси менен баяндооч мүчөлөрү өз ара тыгыз байланыштагы, бири-биринин милдетин, табиятын шарттап турган синтаксистик категориялардан болуп саналат.

Алар өз ара катышта турган учурда гана, бири сүйлөмдө сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары келет да, экинчиси анын ар кыл кырдаалдарын баяндоочу функционалдык единица катары келген болот.

Он жана терс заряддар бириктирилмейинче — электр кубаты пайда болбогон сыяктуу, бул жагынан алганда, ээ менен баяндоочтун өз ара катыш биримдиги гана алардын ар биринин функционалдык табиятын шарттап, алар ойдун сөзүбүз аркылуу билдирилиш актысы болгон үчүн сүйлөмдүн негизги уюткусун түзөт.

7. Сүйлөмдүн өнүгүшү дегенибиз анын (сүйлөмдүн) составдык бөлүктөрү, курулуш материалдары болуп келген сөздөрдүн, синтаксистик категориялардын сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасынын базасында тийиштүү тартипте калыптанышы болуп, сүйлөм мүчөлөрү дал ошол калыптаныш, өнүгүш абалына жараша ар кыл структуралык бөтөнчөлүктөргө ээ болуп турушат. Сүйлөмдүн типологиялык жана ошол курулушуна туура келген маани жагынан болгон көп түрдүүлүгү мына ушул кырдаалдар менен тыгыз түрдө байланыштуу болот. Демек, сүйлөмдүн типологиялык көп кырдуулугу жөнүндө сөз козгоо дегенибиз, баарыдан мурда, анын мына ошол составдык бөлүктөрү болуп келген синтаксистик категориялардын өзгөчөлүктөрүн аныктоо дегендикке жатат.

Сүйлөм ээлеринин бир түрдүү түзүлүштө, логикалык аракет кылуучу жактардын дагы бир башка түрдө, баяндооч, же айкындооч мүчөлөрдүн дагы-дагы, өзгөчө-өзгөчө формаларда болушу ушул кырдаал менен түшүндүрүлөт да, мына ушундан барып ал синтаксистик категориялардын аныкталышы актуалдуу маселелер катары алдыбызга тартылат.

5. Жөнөкөй сүйлөмдөр жалпы жонунан жактуу жана жаксыз сүйлөмдөр болуп эки негизги топко бөлүнөт.

Булардын ичинен жактуу сүйлөмдөр структуралык табиятына жараша дагы өз ара толук сүйлөм (эки составдуу) жамдама жактуу сүйлөм жана туюк жактуу сүйлөмдөр (бир составдуу) болуп үч түргө ажыратылат.

а) Жактуу сүйлөмдөр, жалпысынан, аракет кылуучу жактарга карай баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн тийиштүү жак уландыларында турушу менен, же нолдук жак формасында болушу менен мүнөздөлөт да, алардын ичинен жактуу толук сүйлөмдөр ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн сүйлөмдө катышып турушу менен, же стилдик ыкма катарында ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн көмүстө калтырылышы менен жамдама жана туюк жактуу сүйлөмдөрдөн айырмаланып турат. (1. **Аргымак мойнун ок кесет, азамат мойнун жок кесет** (эл макалы). 2. **Уулум, ишинди жакшы иште, эл алдында уятка калба).**



б) Сүйлөмдүн составдык бөлүктөрү болуп келген сөздөрдүн, синтаксистик категориялардын, өнүгүш жана калыптаныш процессинде стилдик ыкма катары ээлери көмүстө калган сүйлөмдөр бара-бара акырындап үлгүлөшүп олтуруп жамдама жактуу сүйлөмдөргө айланышкан болуп, мындай сүйлөмдөрдө ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн түшүп калышы милдеттүү түрдөгү норма болуп калган. (1. **Барабыз дедим барабыз** (Ш. Б.). 2. **Атаганат, ушундайда атасынын жоктугун карачы** (К. Б.). 3. **Атты мингенде мактаба, түшкөндө макта** (эл макалы). 4. **Ат, аттан кийин жат** (эл макалы).

Жамдама жактуу сүйлөмдөрдүн баяндооч мүчөлөрү кайсы гана жакта турушпасын, кайсы гана санда турушпасын, алар баары бир, үч жакка тең бирдей даражада, жалпыга, көпчүлүккө таандык болуп айтылган болот.

Сүйлөмдүн бул түрү элдин коллективдик тажрыйбасынын жыйынтыгы болуп, макал, ылакаптарда кеңири орун алган да, мына ошол себептүү көпчүлүккө, жалпыга таандык болуп айтылып, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн өз ичинен орун алышына жол бербей калган.

в) Туюк жактуу сүйлөмдөр да сырткы түзүлүшү, өнүгүшү, пайда болушу жагынан жамдама жактуу сүйлөмдөргө жакын да, окшош да болот (1. **Кушту салганына кубанбайт, алганына кубанат (эл макалы). 2. Экөөбүздүн ортобузга чок салыптыр. 3. Сөзүндү беш тыйынга да санабайт).**

Бирок жамдама жактуу сүйлөмдөрдө баяндоочко жалганып турган жак уландылары аркылуу кандай сөздөрдүн ээ болору белгилүү болуп турат, калыптаныш абалына жараша гана анын сүйлөмдө орун алышы, колдонулушу гана мүмкүн болбой калган.

Ал эми, туюк жактуу сүйлөмдөрдө болсо баяндооч сөздөр аркылуу III жактагы сөздөрдүн ээ болору белгилүү болуп турса да, кандай сөздөрдүн ээ болуп келишери айкын болбойт, туюк болот. Бул III жактын атайын жак уландыларынын жок болушуна байланыштуу пайда болгон бөтөнчөлүк болуп эсептелет.

г) Жаксыз сүйлөмдөр жактуу сүйлөмдөрдөн, мейли ээлери көмүстө калган толук сүйлөмдөрдөн болсун, мейли жамдама жактуу, же туюк жактуу сүйлөмдөрдөн болсун, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн таптакыр жок болушу менен айырмаланып турат. Маселен, жактуу сүйлөмдөрдө ээлик милдет аткаруучу сөздөр сүйлөмдө катышып турбаса да, баяндоочторго жалганып турган жак уландылары аркылуу кандай сөздөрдүн ээ болуп келери, же башта кандай сөздөрдүн ээ болгондугу белгилүү болуп турат. Ал эми, жаксыз сүйлөмдөрдө болсо грамматикалык ээ белгисиз болот, жок болот жана андай сүйлөмдөрдө ээнин болушу да талап кылынбайт (1. **Мында абдан жакшы. 2. Эртең барыш керек болчу. 3. Токойдо салкын да, ным да болот. 4. Бул ишти кантип бир күндө бүтүрүгө болот?).**

## III глава

# ЭЭЛИК МИЛДЕТ АТКАРУУЧУ СӨЗДӨР.

**§ 46.** Ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн табияты анын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасы менен тыгыз түрдө карым-катышта, биримдикте турган маселелерден болуп саналат.

Маселен, ээлик милдет аткаруучу сөздөр жөнүндө сөз жүргүзүү, баарыдан мурда, сүйлөмдө сөз болуп жаткан кандайдыр бир кубулуштардын, окуялардын, нерселердин аттары катары келүүчү сөздөр жөнүндө сөз козгоо болуп, бул жагынан алганда, речибизге нерселик мааниде гана колдонулуучу сөздөр жөнүндө, башкача айтканда, зат атоочтор жөнүндө, же заттык мааниде колдонулуучу башка сөз түркүмдөрү, же сөз айкалыштары жөнүндө сөз кылуу дегендикке жатат.

Мисалы: 1. **Базар көркү** — бакал, **адам көркү** — сакал (эл макалы). 2. **Жакшы сөз** жан семиртет, **жаман сөз** жан кейтет. 3. **Өнөр алды** — кызыл тил (эл макалы). 4. **Ашың** калса да, **ишиң** калбасын (эл макалы). 5. Жолоочунун **жолдо болгону** жакшы, жолдо болбосо, **үйдө болгону** жакшы (эл макалы). 6. **Алтоо** — алатоолук туйгундар. 7. **Жашоо** — күрөш, эмгек. ж. б.

**§ 47** Ээлик милдет аткаруучу сөздөр жөнүндө кыргыз тилинде, ошондойчо эле, башка түрк тилдериндеги адабияттарда да изилдөөчүлөрдүн, негизинен, бирдей көз караштa турушкандыктары белгиленет.

а) Изилдөөчүлөрдүн басымдуу тобу атооч жөндөмөдөгү жекелик, көптүк сандарда, таандык уландыларда турушкан атооч сөздөр менен атоочтуктардын ээлик милдет аткарыша тургандыктарын орундуу белгилешет.

б) Ал эми, изилдөөчүлөрдүн башка бир бөлүгү болсо көрсөтүлгөн сөз түркүмдөрүнүн ээлик милдет аткарышарын белгилөө менен бирге, аны дагы толугураак көрсөтүү максатында ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн нерселик маанилерде болушарын кошо камтышат.

в) Айрым бир изилдөөчүлөр бул маселелерди дагы өнүктүрүшүп, аны (ээни) деталдаштыруу жагына айрыкча назар салышат.

Түркологиялык адабияттардын кай бирлеринде ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн бир жагына көбүрөөк көңүл бурулган болсо, башка бирлеринде анын дагы бир өзгөчө маселелери көбүрөөк даражада каралган.

Бул эмгектер биздин бул ишибизде чоң жардам болду. Мында биз аларды дагы тактоо, деталдаштыруу жагын гана алдыбызга коюп олтурабыз. Мына ушул планда ээлик милдет аткаруучу сөздөрдү сөз түркүмдөрү боюнча төмөндөгүчө көрсөтүүгө болот.



**§ 48** Сүйлөмдө ээлик милдетти, негизинен, атооч жөндөмөдө турган зат атоочтор аткарышат.

Мисалы: 1. **Жапар «Өрнөк» колхозуна келди** (К. Б.). 2. **Алмазбек** — ата-энесинин эрмеги, кубанычы. 3. Көл жактан **жел** сокту (Т. С.). 4. **Эмгек** гана таалайга жеткирет.

Бул берилген мисалдарда атооч жөндөмөдө турган **Жапар, Алмазбек** деген энчилүү зат атоочтор менен **жел, эмгек** деген жалпы зат атоочтор ээлик милдет аткарып турушат.

5. **Чарбаңар** болсо чачылган жок, **үйүңөр** болсо үстүңөрдө (К. Б.). 6. Тойчубек, деги сенин **ырысың** бар экен, минтип **уулың** аман-эсен келип отурат (К. Б.).

Келтирилген мисалдарда болсо таандык уландылардагы **чарбаңар, үйүңөр, ырысың, уулың** деген атооч жөндөмөдөгү зат атоочтор ээ болуп келишти.

7. **Мектеп деген** — жанагы мен айткан өнөр-билимдин ачкычы (К. Б.).

Мында **деген** түрүндөгү катыштык мааниге өткөн атоочтук **мектеп** деген атооч жөндөмөдөгү зат атооч менен ажыралгыс биримдикте туруп, сүйлөмдүн ээси болуп түштү.

Сүйлөм ээлери башка сөз түркүмдөрүнөн болушу да мүмкүн. Бирок башка сөз түркүмдөрүнөн болгон ээлик милдет аткаруучу сөздөр, алардын сөз болуп жаткан нерселердин аттары катары келишине байланыштуу, заттанып кетишкен болот.

Мисалы: 1. **Биздикилер** душманды кырып, чегинтип, куугун кетип бара жатышат. 2. **Экөө тең** өз оюнда кала беришти (К. Б.). 3. **Аныңыз** жакшы экен, карындаш, бирок бул **ишиңиз начар** (К. Б.). 4. **Сулуу** сулуу эмес, **сүйгөн** сулуу (эл макалы). ж. б.

Көрсөтүлгөн мисалдарда **биздикилер** деген ат атооч (зат атоочтун көптүк **-лар** уландысынын таасири астында) **экөө тең** деген сан атооч (сан атоочтор үчүн гана колдонулуучу **-оо** түрүндөгү таандык уландынын таасири астында[1]), **аныңыз** деген ат атооч (**-ңыз** деген таандык уландынын таасири астында) жана **сулуу** деген сын атооч менен **сүйгөн** деген атоочтуктар (затка мүнөздүү сөз өзгөрүү формаларында турушпастан эле) сөз негизи түрүндө турушуп эле заттык мааниге өтүшүп, сүйлөмдүн ээси болуп келишти.

Сүйлөмдүн ээси сөз жүрүп жаткан нерсенин, кубулуштун, жактын аттары катары келишкен сөздөр болот, ал эми, башка сөз түркүмдөрү ээлик милдет аткарышканда, алардын сөз жүрүп жаткан нерсе, кубулуш жана башкалардын аттары маанисинде турушу үчүн заттык, объект маанилеринде колдонулушу шартталат да, ошондо гана алар грамматикалык жактан сүйлөмдүн тутумунда катышкан башка сөздөргө багынбаган абалга

---

[1] —**ОО** уландысы жамдама сан атоочту да уюштурат, таандык уланды катары да келет.

келишип, сүйлөм ээлеринин милдетин аткаруу касиетине ээ бо-
ло алышат. Аны сөз түркүмдөрү боюнча мындайча мүнөздөсө
болот:

**§ 49. Ат** атоочтордун басымдуу көпчүлүк түрлөрү ээлик мил-
дет аткарышат. Себеби, алар зат атоочтордун, же башка сө
түркүмдөрүнүн ордуна колдонулгандыктан, бир нерсенин, көрү
нүштүн (маселен, аракеттин, же белгинин, же объектинин жан
башкалардын) ордуна колдонулуучу сөз катары келишет да
семантика жагы боюнча белгилүү даражада заттанып турушка
болот.

а) жактама ат атоочтор ээлик милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Биз** жоого кол куушуруп баш ийбейбиз (К. М.).
2. Силер азыр студентсиңер, алдыңарда чоң турмуш күтүп ту-
рат. 3. **Бул** — Гүлбарчын тарткан сүрөт, **ушул** биринчи сыйлык-
ка татыктуу болгон.

Берилген мисалдарда **биз, силер** деген беттеме, **бул, ушул**
деген шилтеме ат атоочтор ээ болуп түшүштү.

б) Өздүк ат атоочтор да ээ болот.

Мисалы: 1. Биз **өзүбүз** уялып калдык (К. Б.). 2. **Өз** аяйт-
тирликсин, оңолсун дейт. 3. **Өзүң** өлсөң да, **сөзүң** өлбөсүн (эл
макалы).

Мында **өзүбүз, өзү, өз** деген өздүк ат атоочтор ээлик милдет
аткарышты.

в) **Ким, эмне, каяк, каер** деген сурама ат атоочтор, кай бир
**кайсы** деген сурама ат атооч да ээлик милдет аткарат. Анткени
мына ушул сурама ат атоочтор гана, өзүлөрүнө мүнөздүү ти-
йиштүү суроо маанилерин билдирүү менен бирге, басымдуу көп-
чүлүк учурларда зат атоочтордун ордуна колдонулушуп
объектилик маани берип турушат.

Мисалы: 1. **Ким** эркиндик үчүн күрөшүүнү каалайт, **ал** ал-
дыңкы катарда жүрөт. 2. Бүгүн **эмне** иштелди? 3. **Кайсы** жарак-
туу? 4. **Каяк** алыс?

Келтирилген мисалдарда **ким, эмне, кайсы, каяк** деген су-
рама ат атоочтор менен **ал** деген жактама ат атооч сөз ээлик
милдет аткарды.

Сурама ат атоочтордун башка түрлөрү **таандык,** же көптүк —
**-лар** уландыларында турушканда гана зат атоочтордун ордуна
колдонулуучу сөз катары келишип, сүйлөмдүн ээси болуп түше
алышат. Мисалы: 1. **Кандайы** жарашыктуу? 2. **Кайдагысы** кө-
нүлүнө жакпай турат? ж. б.

г) **Эч ким, эч нерсе** деген сөздөрдөн башка тангыч жана
аныктама ат атоочтор **таандык,** же көптүк **-лар** уландыларында
турушканда гана ээлик милдет аткара алышат. Анткени, эч
**ким, эч нерсе** деген ат атоочтор гана ар дайым заттык мааниде
колдонулунат да, булардын көрсөтүлгөндөй негизде заттанышы
талап кылынбастан эле ээлик милдет аткара бериши мүмкүн,



калгандары болсо заттануу аркылуу гана ээлик милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Ар бири** сааттын тетигиндей так жана кылдат. 2. Аны **эч ким** жыга албайт (Д. Ф.). 3. Анын **эч качаны** менен **ар качаны** бүтпөй турган болду. 4. **Эч нерсе** таба албадым.

Мында **ар бири, эч ким, эч качаны, ар качаны, эч нерсе** деген сөздөр ээ болуп келишти.

д) **Баары, бардыгы, бүткүл** деген жалпылагыч ат атооч сөздөр ээлик милдет аткарышат.

Мисалы: 1. Андай эмес, иничек, **айыптын баары** алардын өздөрүндө (К. Б.). 2. Чоң-кичине, кары-жаш дебей, **баарыңар** да оруу-жыюу жумушуна чыккыла (К. Б.). 3. **Бардыгы** эмгегиңе байланыштуу.

Көрсөтүлгөн мисалдарда **баары, баарыңар, бардыгы** деген сөздөр ээ болуп түшүштү.

е) Жалпы таандык ат атоочтор да ээлик милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Биздики** шаардан алыс турат. 2. **Алардыкы** жакын.

Берилген мисалдарда **биздики, алардыкы** деген **сөздөр ээлик** милдет аткарып турушат.

§ 50. Сын атооч сөздөр ээлик милдет аткарышканда да, заттык мааниге өтүшүп, сөз болуп жаткан нерселердин, көрүнүштөрдүн, белгинин аттары катары келишет.

а) Атооч жөндөмөдө турган сын атоочтор ээлик милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Акылдуу** айлынын камын көрөт, **акмак** жанынын камын көрөт (эл макалы). 2. Сарыдан **жашыл** жарашыктуу.

Берилген мисалдарда **акылдуу, акмак, жашыл** деген сөздөр ээлик милдет аткарып турушат.

б) Сын атооч сөздөр зат атоочтордун **таандык** жана **көптүк -лар** уландысынын таасири астында заттык мааниге өтүшкөн учурларда да ээлик милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Кой семизи** койчудан (эл макалы). 2. **Сарылар** — бышкандары. 3. **Маласы** көйнөккө ылайыктуу экен.

Мында таандык жана көптүк **-лар** уландылары жалганып турган **кой семизи, сарылар, маласы** деген сөздөр, комплекстер ээ болуп түшүштү.

в) Кай бир ээлик милдет аткаруучу сын атоочтор узак мезгилдер бою заттык мааниде колдонулуунун натыйжасында азыркы кыргыз тилинин шартында биротоло заттык категорияга өтүп кетишкен.

Мисалы: 1. **Эр азамат** эл четинде эл коргойт да, жоо тороит. 2. Азыр бизде **жарды** жок. 3. **Актар** чегинишип, **кызылдар** чабуул коюшту. 4. Бизде **чоңдор** да, **кичинелер** да өлкөнүн ээси, коммунизмдин курууучулары. 5. **Баатыр** бир өлөт, **коркок** миң өлөт (эл макалы). ж. б.

лары боюнча төмөндөгүчө белгилөөгө болот.

Жай сын атоочтор эе болуп түшөт: 1. Магазиндеги алчам, 2. **Жумуруу** керек го. **Ээ — таттуу, жумуруу.**

Салыштырма сын атоочтор да ээ болот: 1. **Сарычы** — ушул далалыктын белгиси. 2. **Көгүш** жарашыктуу экен. 3. **Күрөөнүрөөгү** жарайт. **Ээ — сарычы, көгүш, күрөөнүрөөгү.**

Күчөтмө сын атоочтор ээлик милдет аткарышат:

1. **Өтө жаман** өзүн мактайт (эл макалы). 2. **Кайгандай чоңу** алыптыр. **Ээ — өтө жаман, кайгандай чоңу.**

**§ 51.** Сан атоочтор ээлик милдет аткарышат.

Мындай ээлик милдет аткаруучу сан атоочтор да, сын атоочтор сыяктуу эле, сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары келишкендигине байланыштуу, перее, объект маанисинде болушат.

Мисалы: 1. **Үч** так сан эмес. 2. Булардын **экөө** элүүлөрдө аяк басып калган эркек. (Т. С.).

Мында **үч, экөө** деген сөздөр ээлик милдет аткарышты.

Ээлик милдет аткаруучу сан атоочторду алардын түрлөрү боюнча мындайча көрсөтүүгө болот:

а) Эсептик сан атоочтор сүйлөмдүн ээси болуп келет: 1. **Жүз** экиге жана бешке бөлүнөт. **Ээ — жүз,** сөз жүрүп жаткан объектинин аты болуп түштү.

2. Бул айдын **ону** жуманын кайсы күнү? **Ону** жекшемби күн. **Ээ — ону,** таандык уландынын таасири астында объектилик маанеге өттү.

3. Шылтоо кылып иштебей жүргөндөрдүн **бири,** мугалим балам, сенсиң (К. Б.). **Ээ — бири.**

Мындай учурларда таандык уландыда турган сан атоочтор затка ыкташын анын санын көрсөтө алышпайт, кайра өзүлөрү заттык мааниде туруп калышкан болот.

б) Иреттик сан атоочтор да сөз негизги түрүндө турушуп, сөз өзгөрүү формасына учурабай туруп, же зат атоочтордун таандык жана көптүк **-лар,** уландыларынын таасири астында заттык мааниге өтүшүп, сүйлөмдүн ээси болуп келишет:

1. **Он үчүнчү** — бул. 2. **Экинчилер** саат бирде тарашкан. 3. **Үчүнчүсү** — алтымыштардан ашып калган аял (Т. С.). **Ээ — он үчүнчү, экинчилер, үчүнчүсү.**

в) Жамдама сан атоочтор ээлик милдет аткарышат: 1. **Бирөө** кары экен, **бирөө** жаш экен (эл жомогунан). 2. Кыргыз жерине бул **алтоо** биринчи жолу учушат (А. Т.). 3. Жок, бул **алтоо** жаңы келишти (А. Т.). **Ээ — бирөө, алтоо.**

г) Синтетикалык, же аналитикалык ыктар боюнча жасалган чамалама сан атоо[illegible]ык милдет аткара алышат.

Мисалы: 1. **О[illegible]йырма чактысы** анда калды-



2. **Онобуз** күтөт барабар. **Он бештен ашуунун** алдында бул керде жүрөт. **Ээ — онобуз, жыйырма чактысы, онобуз, он бештен ашуун.** 3. **Жүздөн** көбү кыязы өлүү чамалуусу—балдар. **Ээ—жүздөн көбү, өлүү чамалуусу.** 4. **Он-он беши** келгенден болду.

Акыркы сүйлөмдө **он-он беши** деген чамалоо маанисиндеги жамдама сан атоочтор сөз эзлик милдет аткарды.

д) Болжоолук сан атоочтор да эзлик милдет аткарышат. Булар да сүйлөмдүн эези болуп түшкөндө, сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары келишет.

Мисалы: 1. **Экиден бир** — бүтүндүн, же белгилүү бир суммanын жартысы. 2. Катышуучулардын **ондон бири** жогорку билимдүүлөр эле. **Ээ — экиден бир, ондон бири.**

2. Төп сандар таандык уландыда турушканда гана ээ болуп келе алышат: 1. **Беш-бештени** калтырылды да, **үчтөн-үчтөнү** жыйналып алынды. **Ээ — беш-бештени, үчтөн-үчтөнү.**

**§ 52.** Атоочтуктар эзлик милдет аткарышат. Атоочтуктар сүйлөмдүн эези болуп келишкенде, ар дайым заттык мааниде турушат.

Мисалы: 1. **Иштеген** — тиштейт (эл макалы). 2. **Ашыкпаган** араба менен көбүнө күүп жетиштир (эл макалы). 3. **Ийне саптай албаган** деп тандайт (эл макалы). 4. **Көп жашаган** билбейт, **көптү көргөн** билет (эл макалы). 5. **Кыймылдаган** кыр ашат (эл макалы). 6. **Чегирткеден корккон** эгин экпейт (эл макалы). ж. б.

Мында **иштеген, ашыкпаган** деген атоочтуктар сөз негизи түрүндө турушуп эзлик милдет аткарышты да, **ийне саптай албаган, көп жашаган, көптү көргөн** деген комплекстердин атоочтуктан болгон бөлүктөрү да сөз негизи түрүндө турушуп, **ийне, көп, көптү** деген сөздөр менен ажыралгыс биримдикте тутумдашышып, эзлик милдет аткарышын турушат.

7. Эки айрыктан **баскан-тургандар** көз алдыда дайын турду (Т. С.). 6. **Билгени** ушу болсо, мен ыраазымын. 8 .Ичибизден **кат тааныганы** мен, Чурка экөөбүз элек М. Г.).

**Ээ — баскан-тургандар, билгени, кат тааныганы.**

Бул келтирилген мисалдардагы биринчи сүйлөмүндө (7) атоочтук зат атоочтун көптүк **-лар** уландысынын таасири астында заттык мааниге өтүп, эзлик милдет аткарды да, экинчи, үчүнчү сүйлөмдөрдө (6, 7) таандык уландылардын таасири астында заттык мааниге өтүшүп, эзлик милдет аткарып турушат.

**§ 53.** Кыймыл атоочтор да ээ болуп түшүшөт.

Мисалы: 1. **Билим алуу** дүйнөнү тануу болот. 2. **Маданияттуу болуш**—ар бир советтик адамдын милдети. 3. **Көмөктөшүш**—ар бирибиздин милдетибиз. 4. Жандуу организмдердин **жашоосу** суу, аба жана тамак заттары менен байланыштуу.

**Ээ — билим алуу, маданияттуу болуш, көмөктөшүш, жашоосу.**

Бул берилген мисалдарда жогоруда көрсөтүлгөн эзлик милдет аткаруучу өз алдыларынча турган кыймыл атоочтор жана

билим, маданияттуу деген сөздөр менен ажыралгыс тур... тутумдашып турган кыймыл атоочтук комплекстер заттык ма... ниде турушуп, сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катар... келишти.

Ээси кыймыл атоочтордон болгон сүйлөмдөрдө баяндоо... сөздөр өтө чоң ролдо ойношот.

Эгер, сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү **мүмкүн, ылайык** де... модалдык маани берүүчү сөздөр менен этиш сөздөрдөн бол... кыймыл атоочтор белгилүү бир шартта атооч жөндөмөдө тур... шуп, сүйлөмдүн грамматикалык ээси болуп түшөт да (1. **Ка... айтуу** жарабайт. 2. **Жакын барыш** мүмкүн эмес ж. б.), баш... бир учурларда ошол баяндооч болуп келген сөздөргө башкар... лып, кыйыр жөндөмөдө туруп калышат да, грамматикалык ж... гынан сүйлөм ээсине коюлуучу талапка жооп бере алышпа... калат, логикалык субъект катары келишет.

Мисалы: 1. **Талашууга мүмкүн эмес.** 2. **Калп айтууга жара... байт.** 3. **Жакын барышка ылайык келбеди.**

Сүйлөмдүн мындайча составдагы баяндооч мүчөлөрүнө, к... бүнчө, терс маани берүүчү (терс) уландылар, же тануу маанис... берүүчү **эмес** деген сөз кошо айкалышып айтылат. Ал эми, сү... лөмдүн баяндооч мүчөлөрү атооч сөздөрдөн болсо, кыймы... атоочтук ээлердин кыйыр жөндөмөлөрдө турушун талап кыл... албайт, ар дайым атооч жөндөмөдө турушат да, грамматикалы... аракет кылуучу жак катары келишкен болот.

Мисалы: 1. **Ушак айтыш уят иш.** 2. **Жашоо — күрөш.** 3. **Кал... айтыш — уятсыздык.** ж. б.

**§ 54.** Тактооч сөздөр өз касиеттери, өз семантикалары боюнч... турганда, сүйлөм ээсинин милдетин аткара алышпайт. Алар... заттык мааниде турган болушса гана сүйлөмдүн ээси болуп ке... ле алышат.

Тактооч сөздөр, негизинен, таандык уландылардын жардамы... аркылуу гана заттык мааниге өтүшүп, сүйлөмдүн ээсинин мил... детин аткарышат. Мисалы: 1. **Көбү** бүтүп, **азы** калды. 2. **Кеми...** жакында алынат, **ошончосу** кайра тапшырылат. 3. **Кыргызчасы...** чыкты. 5. **Өйдө-төмөнү** жок, **баары** тегиз бирдей. 6. Эринчээктин... **эртеңи** бүтпөйт (эл макалы).

**§ 55.** Сүйлөм ээлери дайым эле толук маанилүү сөздөрдөн... боло беришпейт. Өзүлөрүнчө турушканда толук мааниге э... боло албаган катыштык сөздөр да ээлик милдет аткара бери... шет. А тургай, айрым уландылар, тыбыштар да сүйлөмдүн... грамматикалык ээси катары келиши ыктымал.

Буларга окшогон өз алдыларынча турганда тийиштүү се... мантикалык мааниге ээ боло албаган сөздөр, уландылар, ты... быштар, канчалык, сүйлөмдөгү сөз жүрүп жаткан нерселердин... аттары катары келишкенден кийин, алар объектилик мааниге... өтүшүп, толук маанилүү сөздөр сыяктуу эле тийиштүү сурооларго жооп берип турушат да, сүйлөм ээлерине коюлуучу та...



лапка толук түрдө жооп берип турушкан, заттанып кетишкен болот.

а) Байламта жана жардамчы сөздөр сүйлөмдө сөз болуп жаткан объект катары, анын аты катары келишип, сүйлөмдүн грамматикалык ээси болуп түшүшөт.

Мисалы: 1. **Жана** бириктирүүчү байламта да, **экен, го** — жардамчы сөздөр.

2. **Менен,** бир жагынан, бириктирүүчү байламтага кирсе, экинчи жагынан, жөлөкчүл сөз да болуп саналат.

Мында өзүлөрүнчө турганда тийиштүү семантикалык мааниге ээ боло албаган **жана, экен, го, менен** деген байламта жана жардамчы сөздөр ээлик милдет аткарып турушат. Булар толук маанилүү сөз болушпаса да, сөз болуп жаткан объектилердин аттары катары келишип, заттанып кетишкен болуп, мына ошол себептүү гана ээлик милдет аткаруу касиетине ээ болуп турушат.

б) Сырдык жана тууранды сөздөр да сөз болуп жаткан объектинин аттары катары келишип, ээлик милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Ой, ий** — чочугандыкты, кубангандыкты, жактырбагандыкты, таңыркагандыкты билдирүүчү сырдык сөздөр. 2. **Тра-та-тасы** көбөйүп кетти эле, **тра-та-та** угулбайт го.

Бул келтирилген мисалдарда **ой, ий, тра-та-тасы, тра-та-та** деген сөздөр ээлик милдет аткарышты, анткени, дал ушул сөздөр жөнүндө сөз жүрүп жатат.

в) Этиш сөздөр да дал эле ушул негизде заттык мааниде колдонулуп, сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары келишип, сүйлөмдүн грамматикалык ээси болуп түшүшөт.

Мисалы: 1. **Окудум** — биринчи жактагы берки өткөн чакта турган этиш сөз. 2. **Барамыны** көбөйүп кетти. 3. **Кел** — буйрук этиш. **Ээ — окудум, барамыны, кел.**

г) Уланды, куранды жалгоолор да сөз болуп жаткан объектинин аттары катары келишип, объектилик мааниде турушат да, сүйлөмдүн грамматикалык ээси болуп түшүшөт.

Мисалы: 1. **-ым** —таандык уланды да, **-лар** —көптүк уланды. 2. **-чы** зат атоочтук кесипти көрсөтүүчү, же бир жакка, багытка таандыгын көрсөтүүчү курандысы. Мындагы ээ болуп келишкен жалгоолор — **-ым, -лар, -чы.**

д) Айрым учурларда өзүнчө жеке турган тыбыштар да сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары келишип, сүйлөм ээсинин милдетин аткарып турган учурлар болот.

Мисалы: 1. **А** — тилге карай жоон, жаакка карай кең, эринге карай ачык үндүү. 2. **Л** — капталчыл, дирилдеме үнсүздөргө кирет. **Ээ — А, Л.**

Кыскасын айтканда, биз эмне гана жөнүндө сөз козгобойлу, ошол биздин сөз жүргүзүп жаткан объектибиздин аттары болуп келишкен сөздөр, мейли толук маанилүү сөздөр болушсун, мейли катыштык сөздөр, уландылар, айрым турган тыбыштар болуш-

сун, алар кандайча табияттагы сөздөр, сөз түркүмдөрү болуш
да, канчалык, биздин талкуулап, айтып жаткан предметибизд
объектибиздин, нерселердин аттары катары белгиленип жаты
кандан кийин, белгилүү даражада заттанып кетишкен болуш
да, мына ушул себептүү гана сүйлөмдүн грамматикалык ээс
нин милдетин аткаруу касиетине ээ болуп турушкан болот.

## КОРУТУНДУ

Сүйлөмдө ээлик милдетти, негизинен, атооч жөндөмөдө ту
ган зат атооч сөздөр аткарышат: 1. **Салкын жел согуп тура
2. Мектеп — илим-билимдин ачкычы.** ж. б.

Ошондойчо эле, сүйлөмдө сөз жүрүп жаткан нерселер
аттары катары келишип, башка сөз түркүмдөрү да ээлик милд
аткарып турушу мүмкүн. Бирок аларга окшогон ээлер, кан
лык, биздин сөз козгоп жаткан объектибиз катары келиш
турушкандыктан, көбүнчө, заттанып кетишкен болот.

а) Жактама, шилтеме, өздүк ат атоочтордун бардык тур
рү менен **ким, эмне, кайсы** деген сурама ат атоочтор жана ба
**ры, бардыгы** деген жалпылагыч ат атоочтор ээлик мил
аткарышат: 1. **Биз жоого кол куушуруп, баш ийбейбиз** (К. М
2. **Өз өлтүрбөйт, жат жарытпайт** (эл макалы). 3. **Ким айт
4. Баары келишти.** ж. б.

Ат атоочтордун башка түрлөрү болсо зат атоочтордун та
дык, же көптүк **-лар** уландыларында турганда гана, же заттан
айтылганда гана сүйлөмдүн ээси болуп келе алышат.

б) Сын жана сан атооч сөздөр да зат атоочтордун таанд
көптүк уландыларында турушканда гана, же айрым учурлар
өз алдыларынча эле атооч жөндөмөдө турушуп да, сүйлөмд
ээси болуп түшүшөт. Бул сөз түркүмдөрүнөн болгон ээлер
көбүнчө, заттанып кеткен болот: 1. **Акылдуу айтса — кулак са
2. Көгү көйнөккө жарашыктуу.** 3. **Актар артка чегиништ
4. Төрт — так сан.** 5. **Үчүнчүсү — алтымыштардан ашып калга
аял.**

в) Тактооч сөздөрдөн болгон сүйлөм ээлеринин дээрлик ба
дык түрү заттанып кетет: 1. **Көбү бүтүп, азы калды. 2. Биз
ылдамы керек. 3. Өр унаага кыйынчылык келтирет.** ж. б.

г) Атоочтуктар жана кыймыл атоочтор да ээлик милдет а
карышат. Сүйлөмдүн бул атоочтуктар менен кыймыл атоочтор
дон болгон ээлеринин синтаксистик милдети, көбүнчө, алардын
баяндооч мүчөгө карай алган төрчүл орун тартиби менен шар
талат: 1. **Ийне саптай албаган жип тандайт** (эл макалы
2. **Жашоо эмгек кылуу, түзүү, күрөшүү, умтулуу болот.**

д) Сүйлөмдүн грамматикалык ээлери өз алдыларынча тур
толук мааниге ээ боло албаган катыштык сөздөрдөн, же ула
дылардан, же айрым тыбыштардан болушу да ыктымал. Мында
учурларда алар биздин сөз кылып жаткан нерселерибиздин а



тары, объектибиз катары келишет да, заттануу, объекттешүү маанисинде болушат: 1. **Экен, эмес — жардамчы сөздөр. 2. -лык — куранды. Е — ичке үндүү тыбыш.**

Кыскасы, биз эмне гана жөнүндө сөз козгобойлу, ошол биздин сөз жүргүзүп жаткан объектибиздин аттары кайсы гана сөз түркүмү болбосун, алар атооч жөндөмөдө турушуп, атоо маанисинде айтылган болсо, сүйлөмдүн грамматикалык ээсинин милдетин аткара алышат.

IV ГЛАВА

## СҮЙЛӨМ ЭЭЛЕРИНИН МААНИЛЕРИ (СЕМАНТИКАСЫ).

### Жалпы маалымат.

§ 56. Сүйлөмдө мүчөлүк милдет аткаруучу сөздөр ар түрдүү сөз түркүмдөрүнөн болушат да, ошол курулуш материалдары болуп келген сөздөрдүн сапатына, табиятына карай алар форма жагынан да, маани жагынан да ар кыл келишип, сүйлөмдүн түркүн-түркүн, кылдат-кылдат маанилери, типологиялык көп кырдуулугу анын мына ошол составдык бөлүктөрүнүн касиетине тыгыз түрдө байланыштуу болот.

Сүйлөм мүчөлөрүнүн ичинен анын бир түрү болгон сүйлөм ээлери да өзүнө мүнөздүү тийиштүү формага жана аткарган милдетине, анын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн грамматика-семантикалык табиятына жараша бул, же тигил мүнөздөгү маани бөтөнчөлүктөрүнө ээ болуп турушат. Анын мына ошол маани өзгөчөлүктөрү, бир жагынан, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн, курулуш материалдарынын, сапатына байланыштуу болсо, экинчи жагынан, функционалдык табияты менен алардын башка сөздөр менен болгон катышына да тыгыз түрдө байланыштуу болот.

Маселен, сүйлөм ээлери зат атоочтордон, же заттык маанилерде колдонулган сын, сан, ат атоочтор менен башка сөз түркүмдөрүнөн да болушу ыктымал.

Зат атооч сөздөр лексика-семантикалык жагынан алганда нерсе, көрүнүш, кубулуш жана башкалардын аттары катары келишкен сөздөр болушкандыктан, сүйлөмдө ээлик милдет аткарышканда, негизинен, объектилик, нерселик мааниде болушат. Аны менен бирге, зат атооч сөздөрдүн семантикалык мазмундуулугунун ар кыл болгондугуна байланыштуу, башкача айтканда, кээ бир зат атоочтор нерселик, объектилик мааниде турушса (китеп, кездеме, Асан ж. б.), кай бирлери орун (шаар, өрөөн, талаа), мезгил (жыл, ай, күн, кылым, доор), же өлчөм, аралык (километр, метр, грамм), дагы ушулар сыяктуу ар кыл маанилерде болушуна байланыштуу, алар ээлик милдет аткарышканда, бир жагынан, сүйлөмдө сөз жүрүп жаткан объекти-

нин аттары катары келишип, нерселик мазмунда турушса, экинчи жагынан, көп учурларда ал сөздөргө мүнөздүү болгон орун, объект, мезгил, өлчөм маанилери да кошо сакталып кала бериши мүмкүн. Ошондуктан ээлик милдет аткаруучу зат атооч сөздөрдүн бардыгынын тең эле маани жагы бир түрдүү болот экен деп түшүнүү жетишсиздик кылат.

Мисалы: 1. **Көз** коркок, **кол** баатыр (эл макалы). 2. **Соң-Көл** — жакшы жайлоо. 3. **Биздин кылым** — атомдук энергиянын, космосту өздөштүрүүнүн, улуу прогресстин кылымы.

Берилген мисалдардын биринчи сүйлөмүндө ээлик милдет аткаруучу сөз нерселик гана мааниде турат да, экинчи сүйлөмдө орун, үчүнчү сүйлөмдө мезгил маанилерин да кошо билдиришип турушат.

Ошондойчо эле, зат атоочтордон башка сөз түркүмдөрү (маселен, сын, сан атоочтор, тактоочтор ж. б.) сүйлөмдүн ээси болуп келишкенде да, алар да сүйлөмдө сөз болуп жаткан нерселердин, көрүнүштөрдүн аттары катары келишип, объектилик мааниде колдонулган менен, ушул аталып жаткан сөз түркүмдөрүнө мүнөздүү болгон семантикалык мазмундуулуктарына жараша сын, сыпат, сан, ирет жана башка дагы ушулар сыяктуу маанилерди да кошо билдиришет.

Мисалы: 1. **Акылдуу** иши менен, сөзү менен акылдуу. 2. **Бешинчи** — бул. ж. б.

Мында болсо ээлик милдет аткаруучу сөздөр объектилик мааниде туруу менен бирге, сыпат, ирет маанилерин да кошо билдирип турушат.

Же болбосо баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөргө көз чаптырып көрөлүк. Баяндооч сөздөр грамматикалык жактан ээлик милдет аткаруучу сөздөргө багынынкы абалдагы сүйлөм мүчөлөрү болуп, алар (баяндоочтор), бир жагынан, өзүлөрүнүн милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык семантикалык табиятына карай, экинчи жагынан, тийиштүү форма бөтөнчөлүктөрүнө карай сүйлөм ээлеринин ар кыл, түркүн-түркүн кырдаалдарын баяндоо касиетине ээ болуп турушат.

Бирок баяндооч мүчөлөрдүн ээ жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилерин анын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн негизги семантикалык мазмундуулугу менен эле, башкача айтканда, заттык баяндоочтор сүйлөм ээлеринин ким-эмнелигин, сын атоочтук баяндоочтор сынын, сан атоочтук баяндоочтор санын, же иретин баяндап турат деген сыяктуу тыянак менен чектелүүгө мүмкүн эмес. Ар бир сөз түркүмүнө кирген сөздөрдүн ич ара семантикалык жактан дагы ар кыл даражалары, өзгөчөлүктөрү болот. Баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөр да дал ушул бөтөнчөлүктөрүнө жараша сүйлөм ээлеринин дагы-дагы, өзгөчө-өзгөчө кырдаалдарын баяндоо касиетине да кошо ээ болуп турушат.



Бул бир жагынан болсо, экинчи жагынан, баяндооч сөздөр ар түркүн баяндоочтук формаларга (синтетикалык, аналитикалык, же орун тартиби формаларына) ээ болуп турушу мүмкүн. Алардын мына ошол түзүлүш жактары да сүйлөм ээлеринин дагы бир башка-башка кырдаалдарын баяндоо, билдирүү ишинде чоң ролдо ойнойт. Ошондуктан, мейли сүйлөм ээси жөнүндө сөз жүрсүн, мейли баяндооч мүчөлөр жөнүндө сөз болуп жатсын, баары бир, алардын маани бөтөнчөлүктөрүн билдирүүчү маанилерин ээлик, же баяндоочтук милдет аткаруучу ар бир жекече алынган сөз түркүмдөрүнүн семантикалык табиятына карата чек коюу жетишсиздик кылат.

Мына ушинтип, сүйлөм ээлеринин ар кыл маани бөтөнчөлүктөрүн белгилөө, же ошондойчо эле, сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн да сүйлөм ээси жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу ар түркүн маани өзгөчөлүктөрүн белгилөө теориялык гана кызыкчылык эмес, анын, баарыдан мурда, практикалык мааниси өтө зор. Бул маселени изилдөөнүн төмөндөгүчө практикалык ролун санап, белгилеп өтүүгө болот:

а) Баяндооч мүчөлөрдүн ар кыл формасына жана анын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн семантикалык табиятына туура келүүчү маани өзгөчөлүктөрү белгиленбей туруп, анын (баяндоочтун) сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү кылдат-кылдат маанилеринин толук даражада аныкталышы мүмкүн эмес.

б) Сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүнүн өз ара болгон окшоштуктарын, өзгөчөлүктөрүн ажыратууда чоң роль ойнойт. Маселен:

1) Сүйлөмдүн кыйыр жөндөмөлөрдөгү (барыш, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү) толуктооч жана орун бышыктооч мүчөлөрү көп учурларда тышкы көрүнүшү жагынан бири-бирине окшош келишет. Сүйлөмдүн мындайча түзүлүшү жагынан окшош болгон айкындооч мүчөлөрү өз ара бири-биринен, бир жагынан, өзүлөрүнүн семантикалык бөтөнчөлүктөрүнө карата, экинчи жагынан, алардын өзүлөрү катышта турган багындыруучу сынар болуп келген сөздөрдүн семантикалык табиятына карата айырмаланып, коррективделип турушат.

Мисалы: 1. **Жайлоого** баратканыбызда ушул **Миң-Капталга** жете кондук. 2. Бетегеси белден буралган **Миң-Капталга** көнүлүбүз эргип, жүрөгүбүз толкуду.

Бул берилген мисалдардын биринчи сүйлөмүндө **Миң-Капталга** деген орун семантикасындагы барыш жөндөмөдө турган айкындоочтук милдет аткаруучу сөз орун маанисинде колдонулуп, сүйлөмдүн орун бышыктооч мүчөсү болуп келди. Экинчи сүйлөмүндө болсо ушул эле барыш жөндөмөдөгү **Миң-Капталга** деген айкындооч сөз багындыруучу сынар болуп түшкөн **эргип** деген сөз менен болгон катышына жараша заттын атын белгилеп, сүйлөмдүн толуктооч мүчөсү болуп түштү.

3. Чымчыктар **алмага** барып конду. 4. **Алмага** дары себилд
Келтирилген мисалдардын биринчи сүйлөмүндө (3) алмаг
деген сөз орун бышыктоочтук милдет аткарып турат да, экинч
сүйлөмүндө (4) толуктоочтук милдет аткарып калды.

Жогорудагы талданып өтүлгөн мисалдардан эмне үчүн бир
дей эле түзүлүштөгү сөздөр бир учурда заттын атын белгиле
толуктоочтук милдет аткарып турса, башка бир шартта ору
бышыктоочтук милдет аткара тургандыгын байкоо, эгерде, б
бул сөздөрдүн өзүлөрүнүн маани бөтөнчөлүктөрүнө жана ала
менен катышта турган сөздөрдүн маани өзгөчөлүктөрүнө наза
салган болсок, анчалык деле кыйын маселе эмес.

Мында айкалышта турган сөздөрдүн семантикалык мааниле
ри чоң ролдо ойноп турат. Башкача айтканда, бир жагына
кыйыр жөндөмөдө турган сөздөрдүн семантикалык табияты ба
кы ролдордун биринде ойносо, экинчи жагынан, аны **өзүлөрү**
багындырып, тийиштүү катышта турган сөздөрдүн семантика
лык табиятынын ролу андан (багыныцкы сөздөн) артык бо
босо, кем эмес экендиги байкалат. Экинчи сөз менен айтканда
багындыруучу сынар болуп келген сөздөр орун-аралык сема
тикадагы сөздөрдөн болсо, мындай сынарларга багынык
абалда болгон сөздөрдүн орун, аралык катышта болору белги
ленет да, багындыруучу сынарлар физикалык аракет, сыпат
сүйлөө аракеттерин билдирген, же ушулар сыяктуу башка түр
дөгү маанилерде турган сөздөр болсо, кыйыр жөндөмөлөрдөг
сөздөр объектилик катышта болору белгиленет.

2) Окуу процессинде көп учурларда окуучулар, студентте
мезгил, өлчөм жана орун семантикаларындагы сөздөрдөн бол
гон сүйлөм ээлерин жаңылыш талдашат.

Мисалы: 1. (Бир) **жыл** өттү. 2. **Көп** айткандан кийин, ал
назар салуу керек. 3. Бир **километр** мин метр болот. 4. Бу
**өрөөн** малга жайлуу, эгинге мол.

Берилген мисалдардагы ээлик милдет аткаруучу мезгил
семантикасындагы **жыл,** өлчөм семантикасындагы **көп, кило**
**метр,** орун семантикасындагы **өрөөн** деген сөздөрдү окуучулар
дын мезгил, өлчөм, орун бышыктоочтор катарында талдаган
учурлары аз кездешпейт. Анын себеби күнү бүгүнкүгө чейин
кыргыз тилинде, айрым бир маалыматтарды эске албаганда,
сөз түркүмдөрүнүн семантикалык топторго бөлүнбөгөнүнө
Синтаксисте болсо сөз түркүмдөрүнүн ошол семантикалык
өзгөчөлүктөрүнүн карым-катыштарын эске албагандыкта.

Адатта, тилдин лексикасы менен анын морфологиялык ку
рулушун изилдеп жаткан жолдоштор бул сөз түркүмү мындай
ча түрдөгү семантикалык мазмундуулукка ээ, анын түкүндөйчө
мүнөздөгү сөз өзгөрүү формалары, баландайча мүнөздөгү сөз
жасоо үлгүлөрү болот деген сыяктуу маселелерди белгилөө
менен чектелишет. Бул кырдаал сөз түркүмдөрүнүн табиятын
толук түрдө өз кучагына камтыбаса да, сөз түркүмдөрүнүн



морфологиялык табиятын аныктоо тилдин синтаксисине караганда көбүрөөк даражада изилденгендигин моюнга алууга мажбур кылат. Ошондой болсо да, сөз түркүмдөрүнүн ич ара болгон семантикалык табиятына келгенде, бар болгону, айрым эпизоддук пикирлерди гана учуратабыз, бул маселе али бузула элек дын, дагы-даты көп эмгек талап кылчуудай. Мына ушул маселенин тилдин грамматикасында өзүнүн законду ордун ээлеши, аныкталышы, сүйлөмдүн, башкача айтканда, тилдин синтаксистик курулушунун көп маселелеринин чечилишинде баа жеткис мааниге ээ болор эле, баа жеткис салым болор эле.

Тилдин синтаксисинде болсо сөз түркүмдөрүнүн сүйлөмдө реализацияланышы бул сөз түркүмү мындайча формада туруп, түкүндөйчө синтаксистик милдет аткарат, тигил сөз түркүмү баландайча түзүлүштө туруп, дагы бир башка түрдөгү синтаксистик милдет аткарат деген сыяктуу гана жалпы мүнөздөгү тыянак менен аякталат.

Изилдөөчүлөрдүн айрым эпизоддук мүнөздөгү көз караштары болбосо, негизинен, тилдин синтаксисин изилдеп жүргөн жолдоштор морфология боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөр кайра лексика менен морфологиянын өзүлөрү үчүн иштелип жаткандай сыяктанып кетет. Алардын (сөздөрдүн) сүйлөмдүн курулуш материалы экендигин, аталган изилдөөлөрдө дал ошол курулуш материалдарынын сапаттары аныкталып жаткандыгын эске албай, пайдаланбай туруп, биздин пикирибизче, сүйлөмдүн тийиштүү структураларына, типологияларына туура келүүчү анын ар кыл, түркүн-түркүн маанилеринин да жетиштүү түрдө чечилиши мүмкүн эмес.

Тилдин синтаксисинде ар бир сөз түркүмүнүн семантикалык табияты кандайча ролдо ойносо, анын структуралык табиятынын ролу, андан жогору турбаса, кем эмес. Ошондуктан сүйлөмдүн касиетин аныктоодо анын курулуш материалдары болуп келген сөздөрдүн семантикалары да, форма бөтөнчөлүктөрү да тилдин материалдык оболочкасы катары биринчи планга коюлат. Тилдин лексикасы менен морфологиясы боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөр сүйлөмдүн табиятын белгилөө ишине карай пайдаланылганга чейин чийки материал гана болуп саналат. Алар тилдин синтаксисинде реализацияланганда гана, мына ушул факторлор эсепке алынганда гана, сүйлөмдүн спецификасынын туура чагылыштырылышы мүмкүн.

Бул жагынан сөз болуп жаткан маселенин аныкталышы өз алдынча жекече алынган тилдин закон ченемдүүлүгүн камтуу менен эле чектелбейт. Тилдин логикадан, демек, грамматикалык сүйлөмдүн логикалык ой жүргүзүүнүн закондорунан айырмасы анын (грамматикалык сүйлөмдүн) закондорунун жалпы адам-

заттык эмес, улуттук экендигинде болуп, сүйлөмдө тийиштүү бир бүткөн ойдун ар бир жекече алынган, же тектеш тилдерде бирдей, же башка-башка ыкмалар, формалар аркылуу тейленишти менен мүнөздөөлөрүн, анын (сүйлөмдүн) мына ошол составдык бөлүктөрү болуп түшкөн сөздөрдүн семантика, форма жагы сүйлөмдүн мазмунуна туура келүүчү негизги фактор катары келип, грамматикалык сүйлөмдү логикалык ой жүргүзүүнүн закондорунан ажыратып турган, демек, формалдык логиканы тилден айырмалап турган башкы спецификалык бөтөнчөлүк болуп саналарын да өз кучагына камтып турат.

Сүйлөмдүн составдык бөлүктөрү болуп келген сөздөрдүн, комплекстердин сыңарларынын өз ара карым-катыштарынын изилденишинин, белгиленишинин мааниси мына ушунда турат.

Ошондо гана, бир жагынан, сүйлөмдүн ар кыл формаларына туура келүүчү түркүн-түркүн маанилерин кеңири көлөмдө түшүнө алабыз, экинчи жагынан, тил менен логиканын, демек, грамматикалык сүйлөм менен логикалык ой жүргүзүүнүн закондорунун ортосуна параллелдик койбостон, бирин улуттук форма катары, экинчисин жалпы адамзаттык категория катары чек койгон болобуз.

в) Сүйлөм мүчөлөрүнүн ар түркүн маанилерде турушу анын милдетин аткарып турган сөздөрдүн семантикалык мазмундуулугуна гана жараша шартталган деп түшүнүү да жетишсиздик кылат. Айкалышта турган сөздөрдүн өз ара болгон карым-катыштарына таянбай туруп, сүйлөмдүн жалпы табиятты жана составдык бөлүктөрүнүн касиети жөнүндө туура корутундунун чыгарылышы мүмкүн эмес. Мында да комплекстердин тутумундагы сыңарларынын карым-катыштарынын, семантикалык табиятынын белгилениши өтө зарыл маселелерден болуп саналат.

Маселен: 1) Айрым бир шарттарда грамматикалык жактан ээ болуп түшүүгө тийиш болгон атооч жөндөмөдөгү сөздөр өз алдыларынча турганда, сүйлөм ээлерине коюлуучу талапка жетиштүү даражада жооп бере алышпайт. Андай ээлер тартип катары өз беттеринче турганда, тийиштүү бир толук семантикалык мазмундуулукта болушпайт. Өзүлөрүнө багыныңкы болуп турган башка бир сөздөргө семантика жагынан көз каранды абалда турушат. Ошол багыныңкы сыңар болуп түшкөн сөздөр менен ажыралгыс биримдикте туруп ээлик милдет аткарышат да, андай комплекстин сүйлөм ээсине коюлуучу талапка жооп берүүчү грамматикалык формасы катары келишет.

Буларга окшогон ээлик милдет аткаруучу комплекстер, биринчиден, ошол составдык бөлүктөрүнүн табиятына жараша дагы бир өзгөчө мүнөздөгү семантикалык мазмундуулукка ээ болуп турушкан болуп, бул кырдаал сүйлөм мүчөлөрүнүн табиятын белгилөөдө анын милдетин аткарып турган сөздөрдүн



карым-катыштарына айрыкча назар салуу жагын дагы бир жолу алдыбызга тартат. Экинчиден, атооч жөндөмөдөгү сүйлөм ээлерине коюлуучу талапка жооп берип турган сөздөрдүн бардыгын тең эле ээ катары ала берүүгө да мүмкүн эместигин алдыбызга коюп, мына ушундан барып сүйлөмдүн жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлөрүнүн чегин, табиятын белгилөө ишинде да чоң мааниге ээ.

2) Сүйлөм ээлерине багыныңкы абалда турган сөздөр (айрыкча, айкындооч мүчөлөр) аны менен (ээ менен) ажыралгыс биримдикте туруп, сүйлөмдүн тийиштүү бир тутумдаш мүчөсү болуп келишпесе да, аны менен (ээ менен) болгон карым-катыштарына жараша сүйлөм ээлеринин бул, же тигил мүнөздөгү ар кыл мааниде болушунда өзүлөрүнүн тийиштүү таасирин тийгизбей койбойт.

3) Бирдей эле сөздөрдөн болгон (айрыкча, бирдей түзүлүштөгү) баш мүчөлөрдүн ырааттуулукка келишинде да айкындооч сөздөрдүн ролу өтө чоң болот. Бул да ошол мүчөлүк милдет аткарып турган сөздөрдүн табиятына байланыштагы маселе болуп эсептелет.

Мына ушунтип, сүйлөм ээлеринин маанилери алардын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн табиятына карата жана алардын башка сөздөр менен болгон катыш бөтөнчөлүктөрүнө карата ар кыл келип, анын мына ушул жактарын изилдөө сүйлөмдүн табиятын, анын составдык бөлүктөрүнүн табиятын тереңирээк түшүнүүдө манилүү ролдо ойнойт.

Сүйлөмдө ээ болуп келген сөздөрдүн семантикалык мазмундуулуктарын алардын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрү боюнча жана ажыралгыс биримдикте турган комплекстер боюнча, сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнүн мына ошол ээ болуп түшкөн сөздөргө тийгизген таасирлерине карата төмөндөгүчө көрсөтүүгө болот. Бул өтө татаал маселени түшүнүү жагын жеңилдетүү максатында сүйлөм ээлеринин маанилери анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү боюнча берилди.

г) Сүйлөмдө катышкан сөздөрдүн лексикалык маанисинин ролун белгилөөнүн жана алардын бири-бирине тийгизген таасирлерин белгилөөнүн стилистика үчүн да мааниси өтө зор. Башкача айтканда, стилистиканын лексикалык каражаттары менен грамматикалык каражаттарынын табиятын туура түшүнүү жана пайдалануу ишинде, демек, сүйлөмдүн кылдат-кылдат маанилерин түшүнүүдө, же аны түзүүдө да башкы орундардын бирин ээлейт.

д) Азыркы шартта «акылдуу, котормочу» машиналар башка тилдерден эне тилине которуу ишинде улам барган сайын кеңири арым шилтөөдө.

Сөз түркүмдөрүнүн сөз өзгөрүү формалары менен сөз жасоо үлгүлөрүнүн так жана жетиштүү түрдө аныкталышы кандайча ролдо ойносо, бул биздин козгоп олтурган сөздөрдүн се-

мантикалык табияты, айкашуучулук нормалары жана бири-бирине карай болгон карым-катыштары, андан артык болбосо кем эмес мааниге ээ, бул кырдаал жетиштүү даражада белгиленбей туруп, «укмуш» машиналардын бизге кызмат кылышы жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эмес.

**§ 57.** Түркологиялык адабияттарда сүйлөм мүчөлөрүнүн аткарган милдеттерине туура келген түзүлүш өзгөчөлүктөрү ар тараптан белгиленген, ал эми, алардын бири-бирине карай болгон карым-катыштары, маани жана катыш бөтөнчөлүктөрү болсо синтаксистик планда али атайын изилдөө объектиси катарында карала элек. Бирок, ошондой болсо да, анын айрым маселелери, элементтери, эпизоддук мүнөздө болсо да, окумуштуулардын назарын буруп келген, азынак, чачыранды мүнөздө болсо да, бир топ окумуштуулардын эмгектеринде орун алып жүргөндүгүн айта кетүү керек:

а) Маселен, профессор А. Н. Кононов[1] сүйлөм, же сөз тизмеги түрүндөгү «ат айбан» деген айкалышты алып, мында «ат» деген сөздүн нейтралдык мааниде болорун, «бир ат» деген комплексти алып, мында болсо туюк мааниде болорун белгилесе, доцент К. Дыйканов[2] «Жусуптар» деген көптүк сандагы эчилүү аттын жамдоо маанисинде колдонуларын белгилейт. Филология илимдеринин кандидаты С. Кудайбергенов[3] «ат чабылат» деген айкалышты алып, «ат» деген сөздүн көптүктү билдирерин, ошондойчо эле, «үймөк-үймөк, чанач-чанач, дарыдармек, абысын-ажын» деген комплекстердин да көптүк мааниде колдонуларын көрсөтөт. Профессор Н. К. Дмитриев[4] канда гана кош айтылган сөздөр болсо да, көптүк мааниде болору белгилеп, аларды классификациялап чыгат.

б) Академик В. А. Гордлевский[5] менен Н. Ф. Катановдор жана алтай тилинин грамматикасында[7] сүйлөм мүчөлөрү алардын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн семантикалык табиятына жараша сапаттык, өлчөмдүк, көлөмдүк, сыпаттык же нерселик, материалдык, орундук маанилерде болушары белгилешет. Аталган окумуштуулардын эмгектеринде бул масе-

[1] А. Н. Кононов, Грамматика современного турецкого литературного языка, М.-Л., 1956, 97-бетти караңыз.
[2] К. Дыйканов, Имя существительное в киргизском языке, Фрунзе, 1955, 27-бетти караңыз.
[3] С. Кудайбергенов, Кыргыз тилиндеги мамиле категориясы, Фрунзе, 1959, 9—18-беттерди караңыз.
[4] Н. К. Дмитриев, Грамматика башкирского языка, М.-Л., 1948, 74—79-беттер.
[5] В. А. Гордлевский, Грамматика турецкого языка. М., 1928, 75-бетти караңыз.
[6] Н. Ф. Катанов, Опыт исследования урянхайского языка, Казань, 1903, 898-бетти караңыз.
[7] Грам. алтайск. яз., составл. алт. Мисс., Казань, 1869, 113—114, 132—140-беттерди караңыз.



ле жалпы мүнөздө берилген болсо да, деталдаштыруу жактарын өз алдыларына максат кылып коюшпаган болушса да, сүйлөм мүчөлөрүнүн ар кыл мааниде болушу алардын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн табиятына байланыштырылышы баа жеткис салым болуп саналат.

в) Профессор Г. Д. Санжеев[1] да монгол тилинде жана профессор З. И. Будагова[2] азербайжан тилине карай ээлик милдет аткаруучу сөздөр алардын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн касиетине жараша көрүнүш, процесс, аракет, сан жана сапат маанилеринде болушарын орундуу көрсөтүшөт.

г) Филология илимдеринин кандидаты А. С. Сафаев[3] өзбек тилине карата ээлик милдет аткаруучу сөздөр пассивдик субъект маанисинде (Уйкум келет, алышым мүмкүн — алынган мисалдары орунсуздай сыяктанат), активдүү субъект (Дадам окумакчы, жолборс коркунучтуу), жансыз нерселер (Жамгыр жаады), аракеттин объектиси (Китеп окулду), аракеттин аты (Үйгө кетиш—эртең, мындай ойлош ката), белгисиз жак (Бирөө күтүп турат), жамдалган жак (Мындайда киши уялып калат, мындайдын кереги жоктугу баарыга маалим) маанилеринде болушарын белгилейт. Бирок автор буларды сөз түркүмдөрү боюнча жана айкалышта турган сөздөрдүн бири-бирине карай болгон карым-катыштарына жараша тийиштүү системага келтирүүгө чейин жеткен эмес.

Жалпысынан, түркологиялык адабияттарда сөз түркүмдөрүнүн табиятына карата баяндооч мүчөлөрдүн ээ жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилери кеңирээк берилген. Бул эмгегибизде сүйлөм ээси болуп түшкөн сөздөрдүн, же комплекстердин маани бөтөнчөлүктөрүн биринчи жолу гана системага келтирүү максатын коюп олтурабыз. Ошондуктан анын айрым маселелери калпыс анчалык айкын болбой калышы да ыктымал.

### Зат атоочтук ээ

Зат атооч сөздөрдөн болгон сүйлөм ээлери, негизинен, объект, нерсе маанилеринде болушат. Аны менен катар, ошол ээлик милдет аткаруучу зат атоочтордун семантикалык табиятына жараша кошумча түрдө башка маанилерге ээ болуп турушу да ыктымал.

**§ 58.** Орун, багыт жана аралык семантикасындагы зат атооч сөздөр ээлик милдет аткарышканда, алар сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары келишип, объект маани-

[1] Г. Д. Санжеев, Грамматика бурят-монгольского языка, М.-Л., 1941, 142-бетти караңыз.
[2] З. И. Будагова, Простое предложение в современном азербайджанском литературном языке, авт., Баку, 1963, 18-бетти караңыз.
[3] А. С. Сафаев, Главные члены простого предложения в современном узбекском литературном языке, Ташкент, 1958, 14, 15-беттерди караңыз.

синде турушат жана андай ээлер өзүлөрүнүн милдетин аткары
турган ошол зат атоочтордун семантикалык мазмундуулугу
рына жараша орун, багыт жана аралык маанилерин да кош
билдиришет.

Мисалы: 1. Жайлоого эшикти ушул **Миң-Каптал** ачып, ка
ра күзүндө өзү жабат (Ш. С.). 2. **Талас**—Манастын мекен
кыргыздын берекелүү асыл жери (К. К.). 3. **Чүй боору** мен
**көл** балдарыбыздан айрылып өлгөнчө, чогуу өлгөнүбүз жак
деп кол курап жатышат дейт (К. К.)

Бул келтирилген мисалдарда **Миң-Каптал, Талас, Чүй бо
ру, Көл** деген ээ болуп келген сөздөр нерселердин аттары ка
ры келишти орун маанилерин да кошо билдирип турушат, ка
деген суроого жооп болуп түшүшөт.

Бирок мындай орун, аралык семантикасындагы зат атоо
сөздөр ээлик милдет аткарганда, дайым эле орун маанисин
боло бербейт. Башка сөздөр менен болгон катышы да көңү
алынууга тийиш. Маселен, айрым бир шарттарда баяндооч,
айкындооч сөздөрдүн таасири астында жогоруда белгилен
өтүлгөндөй орун маанисиндеги, же башка бир түрдөгү маа
деги сөздөрдөн болгон ээлер объект маанисинде гана тур
калышы да ыктымал.

Мисалы: 1. **Көк шибери** көйкөлөт (Н. Б.) 2. **Көк майк
акырын соккон желден күнгө алда нече чагылышат, түрк
күлпурат.

Мында **көк шибер, көк майкан** деген ээлик милдет аткар
турган сөздөр объект маанисинде турушат, **эмне** деген сурооо
жооп беришет.

3. Тетиги жаткан **көк майкан** — биздин жайыт.

Берилген мисалда болсо аныктооч болуп келген сөздүн (т
тиги) жана орун семантикасындагы баяндооч болуп келге
сөздүн (жайыт) таасири астында **көк майкан** деген сөз ор
маанисин билдирип турат, **каер** деген суроого жооп берет.

Эгерде, сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү физикалык арак
абал, сүйлөө, психологиялык семантикасындагы этиш сөздө
дөн болушса, ээ болуп түшкөн орун семантикасындагы сөзд
объектилик мааниде болушат да, баяндооч мүчөлөр бага
орун семантикасындагы этиштерден болушса, орун семантик
сындагы заттардан болгон ээлер орун маанисинде турушат.

Мисалы: 1. **Жол** жакшы салынды. ЭЭ — **жол,** объектил
мааниде турат, **эмне** деген суроого жооп берет. 2. **Жол** эл
жык толуптур.

Мында да **жол** деген сөз ээлик милдет аткарып турат, ор
маанисин билдирет, **каер** деген суроого жооп берет.

Орун семантикасындагы жандооч мүчөлөр менен ажыра
гыс биримдикте турган зат атоочтук ээлик комплекстер мене
орун семантикасындагы заттардан жасалган объектилик ма
нидеги сөздөр ээлик милдет аткарышканда да, орун маанис



билдирип турушу ыктымал, бирок мындай учурда сүйлөм ээлеринин объектилик маанилүүлүгү басымдуулук кылып кетет.

Мисалы: 1. **Кең-Кол болушундагылар** бир жумадан бери кабарларды алып турушту (К. К.). 2. **Суусамырлыктар** кышка жем-чөптү мол камдашты. 3. **Тоодогулар** чыдамсыздык менен күтүп жатышат ж. б.

**§ 59.** Мезгил семантикасындагы жыл, ай, күн, доор, кылым, жаз, жай, күз, кыш, жума, сутка, түн, саат, минута, семестр, август, сентябрь деген сыяктуу зат атоочтор ээлик милдет аткарып турушкан болсо, андай ээлер, бир жагынан, сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары келишип, объектилик мааниде турушат да, экинчи жагынан, өзүлөрүнүн семантикалык мазмундуулугуна байланыштуу мезгил маанисин да кошо билдирип турушат.

Мисалы: 1. **Август** келди, эми кирүү экзамендери башталат. 2. Арадан **жыл** өттү (К. К.). 3. **Доор** өтсө да, эл өзү үчүн кызмат кылган уул-кыздарын унутпайт.

Бирок мезгил семантикасындагы зат атоочтордон болгон ээлердин бардыгы тең эле мезгил маанисин билдире беришпейт, объект маанисинде, же мезгил маанисинде болушу да мүмкүн, бул кырдаал алардын баяндооч сөздөр менен болгон катышына, же өз формаларына тыгыз түрдө байланыштуу болот.

Мисалы: 1. **Күндөр** өттү (Аб. Т.). 2. **Жыл** он эки айдан турат. 3. **Заманым** жыргал, көңүлүм шат.

Мында **жыл** деген ээ баяндоочтун таасири астында объектилик гана мааниде турат да, **күндөр, заманым** деген ээлер зат атоочтун көптүк **-лар,** таандык **-ым** уландыларынын таасири астында объектилик маани билдиришти.

**§ 60.** Өлчөм семантикасындагы зат атоочтор ээлик милдет аткарып турушканда да, андай сөздөрдөн болгон ээлер жогоруда белгиленгендей эле тартипте объект жана өлчөм маанилеринде болушат.

Мисалы: 1. **Центнер** көтөрүүгө оордук кылат. 2. **Чакырым** илгерки аралык өлчөмү эле. 3. **Килограмм** миң граммдан турат. 4. **Кадак** килограммдан эки жарым эсе аз. ж. б.

**§ 61.** Абал, сыпат, белги семантикаларындагы зат атооч сөздөр ээлик милдет аткарып турушса да, бир жагынан, сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары келишип, объектилик мааниде турушса, экинчи жагынан, өз семантикаларына жарама-ша абал, сыпат, белги маанилерин да кошо билдирип турушат.

Мисалы: 1. **Жиндилиги** түбүнө жетти. 2. **Менменсингендиги** жакшы эмес. 3. **Жамандыгы** болбосо, **жакшылыгы** калган жок. 4. **Кедейлик** кемтик эмес (эл макалы). 5. **Дымактуулугу, шайырдыгы** куду жаш күнүндөгүдөй (К. К.). 6. **Күчтүүнүн күч-**

**түүсү, баатырдын баатыры, күлүктүн күлүгү** сыналат жана бүт элге таанылат (К. К.).

**§ 62.** Объектилик семантикадагы зат атоочтордон болгон, маселен, нерселердин, буюмдардын, адамдардын, айбандардын жана башка заттардын аттарын билдирүүчү сөздөрдөн болгон ээлер, негизинен, объектилик мааниде турушат.

Мисалы: 1. **Көр оозуна такалып турган немелер** өлүмдөн коркушаар эмес (К. К.). 2. Анда **эл** эңгиреп турган кез (К. К.). 3. Кундуздай кара **чачы** эки өрүлүп артында (Т. С.). 4. **Токтогул** — элибиздин булбулу жана сыймыгы.

**§ 63.** Айрым шарттарда ээлик милдет аткаруучу сөздөр кем семантикалык мазмунда болуп, маани жагынан өзүнө багынынкы абалдагы сөзгө көз каранды болуп турушу ыктымал.

Мисалы: 1. **Айыл ичи** бейкут (К. К.). 2. **Жумушчу табы** түп көтөрө чыкса, Россиянын дыйкандары гана эмес, тоо элдери да козголууга мүмкүн экендигин сезе баштады (К. К.). 3. **Өлбөгөн баш,** кайда барса да, күнүн көрөт (Ш. Б.).

Бул келтирилген мисалдарда грамматикалык жактан **ичи, табы, баш** деген сөздөр ээ болуп түшүүгө тийиш болсо да, алар маани жагынан өзүлөрүн ажыралгыс түрдө айкалышып турган **айыл, жумушчу, өлбөгөн** деген айкындооч сөздөргө көз каранды абалда болушуп, **сөз айыл, жумушчулар, өлбөгөндөр жөнүндө жүрүп жатат.**

Буларга окшогон комплекстерден болгон ээлер, көбүнчө, туруктуу айкалыштарга айланып кетишкен, калыпташып кетишкен сөз топтору болуп саналат. Ошондуктан мында ээлик милдетти **айыл ичи, жумушчу табы, өлбөгөн баш** деген комплекстер аткарып турат.

4. Чиркин, **бала деген** кыйын экен (К. Б.). 5. **Айымкан аттуубуз** — ушул келин.

Берилген сүйлөмдөрдө катышкан тутумдаш ээлер да жогорудагы эле көрсөтүлгөн курулуштагы комплекстик ээлердин башка бир түрү болуп саналат. Бирок бул көрсөтүлгөндөй ставдагы ээлердин тутумундагы кем семантикадагы бөлүгү **(деген, аттуубуз)** ээнин грамматикалык формасы катарында келген жок, булар катыштык сөздөрдүн функциясында турушат, **бала, Айымкан** деген сөздөрдүн өзүлөрү эле атооч жөндөмөдө турушуп, сүйлөм ээлерине карай коюлуучу талапка толук түрдө жооп берип турат, ал эми катыштык сөздөр болсо аларга жамдоо, жалпылоо маанилерин берүүчү каражат катары кызмат кылып турат.

**§ 64.** Ал эми, дагы бир башка учурларда **бир** деген кем семантикадагы сөз ээлик милдет аткаруучу толук маанилүү сөздөргө төрчүл орун тартибинде ажыралгыс түрдө тутумдашып, бул катыштык сөз ээ болуп келген сөздүн капылеттик, туюк, белгисиз мааниде болушун шарттап турат.



Мисалы: 1. **Бир карыя** адам акыл айта баштады (К. К.). 2. Жолдош, Жапар, сизди он сегизинчи палатада жаткан **бир жоокер** чакырат (К. Б.). 3. Анда кандайдыр **бир баатырдык** пайда болду (К. Б.). 4. **Бир ит** көрүп үрөт, **бир ит** көрбөй үрөт (эл макалы).

**§ 65.** Ээлик милдет аткаруучу толук маанилүү сөздөргө бөлүкчө сөздөрдүн функциясында турган **«болсо»** деген сөз да таандык болуп айтылышы ыктымал. Бул катыштык сөз өзү таандык болуп турган сүйлөм мүчөлөрүнүн ажыратылып көрсөтүлүш, бөлүп көрсөтүлүш жана жамдоо маанисинде турушун шарттайт. Бирок аны менен биримдикте туруп сүйлөмдүн тутумдаш мүчөсү болуп келе албайт.

Мисалы: 1. **Жамийла** б о л с о шайыр, суйкайган жароокер кыз (К. Б.). 2. **Биз** б о л с о к алда качан эле барганбыз. ж. б.

**§ 66.** Кай бир учурларда сүйлөмдө ээлик милдет аткарып турган сөздөр өз алдыларынча турганда, баяндооч сөздөр менен ырааттуу байланышта боло алышпайт. Андай ээлердин баяндооч сөздөр менен болгон катышы ээ болуп келген сөздөргө багынынкы абалдагы айкындооч сөздөрдүн катышып турушуна көз каранды болот. Ошондо гана сөз жүрүп жаткан нерсенин аттары катары келише алышат.

Мисалы: 1. Бир болсо, силерге **ошол** киши акыл таап берет (К. К.). 2. **Акындын келиши** менен тоо элине береке кирди, **жүргөн жери** — той-тамаша (К. К.).
3. Кандай аял тууду экен.
Лениндей уулду (Токтогул).

Башка бир шарттарда сүйлөмдүн ээси да, баяндоочу да бирдей сөздөрдөн болушуп, андай сүйлөмдөрдө да ээ жана баяндооч болуп келген сөздөрдүн байланышы, ырааттуулугу ошол баш мүчөлүк милдет аткарып турган сөздөргө багынып туруучу айкындооч мүчөлөрдүн катышып турушуна көз каранды абалда болот. Ансыз, бирдей сөздөрдөн болгон баш мүчөлөр таптакыр эле сүйлөмдүк касиетке ээ боло албай калышат.

Мисалы: 1. **Бул колхоз — алдыңкы колхоз.** 2. **Тигил студент отличник студентпи?**

Эгерде, берилген мисалдарда баш мүчөлөргө айкалышып турган **бул, алдыңкы, тигил, отличник** деген айкындооч сөздөр катышышпаган болсо, **колхоз-колхоз, студент, студентпи** деген айкалышуулар сүйлөм катары келише албас эле, дал ушул белгиленип жаткан айкындоочтордун таасири астында гана бул көрсөтүлгөн баш мүчөлөр тийиштүү ырааттуулукка келишип, айрым бир бүткөн ойду билдиришип, сүйлөм катары түшүштү.

**§ 67.** Кай бир сүйлөмдөрдө баштапкы ээ болуп келген сөздөр азыркы шарты боюнча өз алдынча туруп ээлик милдет аткара албай калган. Өзүнө багынып турган сөз менен биригип кетип баяндоочтук, же айкындоочтук комплекс болуп келет. Бул кырдаал андай айкалыштардын туруктуу фразеологиялык

айкалыштарга айланып кетишине байланыштагы көрүнүш болуп саналат.

Мисалы: 1. Атам заманында салынган үйдө олтурганы менен **иши эмне** (Ш. Б.). 2. Ал эми, көңүлү жайдарыланып турганда, **андан сонун киши жок** (Ш. Б.). 3. Ушу меничи, мени, токмоктоп өлтүрчү **киши жок** (Аб. Т.). 4. Отун-суу белен, ундун **эсебин алган киши жок** (К. К.). 5. Киши болгон соң ар кимдин өзүнүн ою, кичинедир-чондур **максаты болуш керек да** (Аб. Т.). 6. Машинасынын **сөөгү—сөпөт, устаканы—упат** (Ш. С.).

Ошондуктан буларга окшогон курулуштагы сүйлөмдөрдө сүйлөмдүн грамматикалык ээлеринин болушу, мааниси жөнүндө сөз козголушу да мүмкүн эмес.

### Сын атоочтук ээ.

**§ 68.** Сын атооч сөздөрдөн болгон ээлер, бир жагынан, сүйлөмдө биздин сөз кылып жаткан объектибиз катары келишкендигине байланыштуу объектилик, нерселик мааниде турушат да, экинчи жагынан, алардын өзүлөрүнүн семантикалык мазмундуулуктарына жараша ар кыл сын даражалык маанилерди да кошо билдиришет.

а) жай сын атоочтордон болгон ээлер сөз болуп жаткан тийиштүү объектинин аттары катары келүү менен бирге, булардга окшогон сын атооч сөздөргө мүнөздүү өң, сапат, тулку жана башка түрдөгү семантикалык мазмундуулуктары да кошо сакталат.

Мисалы: 1. **Сулуу** сулуу эмес, сүйгөн сулуу (эл макалы). 2. **Улуубуз да, калбаттуубуз** да Асылбек эле. ж. б.

б) Салыштырма[1] сын атоочтор ээлик милдет аткарып турганда да, бир жагынан, сөз болуп жаткан нерселердин аттары катары келишип, объектилик мааниде турушса, экинчи жагынан, аларга мүнөздүү болгон салыштыруу даражалары кошо билдирилет, башка заттарга караганда тийиштүү даражадагы айырмалуулуктары белгиленет.

Мисалы: 1. Күзгүнүн **калың**ыраагы эле жакшы экен. 2. Тил **көгүшү** көйнөккө ылайыктуу көрүнөт, **саргычы** көп жараша лет. ж. б.

в) Күчтөмө сын атоочтор ээлик милдет аткарып турушса да, сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары келишип, объектилик мааниде болушат жана күчөтүү маанисиндеги сын даражасы да кошо сакталып турат.

Мисалы: 1. **Өтө жаман** өзүн мактайт (эл макалы). 2. Мага **чымкый карасы** жакпай турат. ж. б.

[1] Курандылардын жардамы аркылуу жасалган сын атоочтордун дээрлик бардык түрү, мейли башка сөз түркүмүнөн жасалсын, мейли бир сын атоочтон экинчи бир сын атооч жасалсын, баары бир, ар дайым салыштыруу маанисинде болушат.



### Сан атоочтук ээ.

**§ 69.** Сан атооч сөздөр ээлик милдет аткарып турушканда да, бир жагынан, сүйлөмдө сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары келишип, объектилик мааниде колдонулуп турса, экинчи жагынан, бул сөз түркүмүнө мүнөздүү болгон сан, ирет жана башка сан-өлчөм даража маанилери кошо сакталып турат.

Мисалы: 1. **Он үч** жуп сандарга бөлүнбөйт. 2. **Экинчиси** — кең далылуу, төшү жайык, чап жаак, оор басырык абышка (К. Б.). 3. **Экөө бирдей** жарыша жооп беришти (К. Б.). 4. Ал ак таштын **бирөө** бизде, мына бу Миң-Капталда (Ш. С.). 5. **Ондоюбара** турган болду, **он бешчеси** келирки жылы барат. 6. **Ондон беш** бир бүтүндүн жартысы ж. б.

### Тактоочтук ээ.

**§ 70.** Кандай гана тактооч сөздөр ээлик милдет аткарышпасын, алар объектилик, заттык мааниде турушкан болот. Аны менен бирге, тактоочтордун түрлөрүнө мүнөздүү болгон тийиштүү семантикалык мазмундуулуктары да кошо сакталып кала берет. Аны тактооч сөздөрдүн түрлөрү боюнча мындайча көрсөтүүгө болот:

а) Сүйлөмдө ээлик милдетти мезгил тактоочтор аткарып турушса, андай ээлер объектилик мааниде болушат да, ошол ээлик милдет аткаруучу сөздөргө мүнөздүү болгон мезгил мааниси да кошо сакталып турат.

Мисалы: 1. **Ийгиликтин кечи** жок (эл макалы). 2. Бүгүнкүнүн **эртеңкиси** бар (эл макалы) ж. б.

б) Орун тактоочтордон болгон ээлер да объектилик мааниде колдонулат да, орун маанисин да билдирип турат.

Мисалы: 1. **Өр** жүктүү унааларга кыйынчылык келтирди. 2. **Жогору** жол жүргөнгө оор да, **төмөн** жорго салдырганга оор. ж. б.

в) Сын жана өлчөм тактоочтордон болгон ээлер да, бир жагынан, сөз жүрүп жаткан объектинин аттары катары келишип, объектилик мааниде турушса, экинчи жагынан, алардын өзүлөрүнө мүнөздүү сыпат, өлчөм маанилери да сакталып кала берет.

Мисалы: 1. Аттын **ылдамы** жакшы. 2. **Көп**—көл, **жок**—чөл (эл макалы). 3. **Аз** кордук эмес, **ач** кордук (эл макалы). ж. б.

### Ат атоочтук ээ.

**§ 71.** Ат атооч сөздөр ар түрдүү сөз түркүмдөрүнүн ордуна колдонулуучу сөз түркүмү болуп саналат. Мына ошол табиятына жараша анын маани жактары да ар кыл келет. Ат атооч

сөздөр сүйлөмдө ээлик милдет аткарышканда, алардын мына ошол түркүн-түркүн семантикалык мазмундуулуктары да сакталып кала берет. Башка атоочтордон болгон сүйлөм ээлеринен ат атоочтордон турган сүйлөм ээлери дал ошол өзгөчөлүктөрү боюнча айырмаланат.

Ат атоочтук ээлердин маанилерин алардын түрлөрү боюнча мындайча мүнөздөсөк болот:

а) Жактама ат атоочтордон болгон сүйлөм ээлери ар дайым объектилик, нерселик мааниде турушат. Себеби, жактама ат атоочтор аракет кылуучу үч жактын, объектинин орduна келүүчү сөздөр болушуп, мааниси боюнча аракет кылуучу жак катары, демек, нерсе, объект катары келишкен болот.

Мисалы: 1. **Сиз** учкуч экенсиз, ушул жерде жатасызбы? — деди (А. Т.). 2. **Сен** мага атынды бергин, **мен** сенин каалаганынды колуңа тийгизем (М. Л.). 3. **Алар** жогору чыгышканда, жамгыр себелей баштады (Н. О.). ж. б.

б) Ээлик милдет аткаруучу сурама ат атоочтор мындайча маанилерде болушат:

1) **Ким, эмне** деген сурама ат атоочтор ээлик милдет аткарып турса, булар зат атооч сөздөрдүн ордуна колдонулуучу сөздөр болгондуктан, бир жагынан, нерселик, объектилик мааниде болушат да, экинчи жагынан, өз семантикаларына жараша тийиштүү объектини аныктоого карай берилген суроо маанисин да кошо билдиришет.

Мисалы: 1. **Кимдер** булар жана аларга **эмне** керек? (А. Т.). 2. Экөөнөн билимдүү бул айылда **ким** бар? (Ш. Б.). ж. б.

Профессор Е. Д. Поливанов[1] орус жана өзбек тилдерин тең салмак коюп, жактама ат атоочтор менен **кто, это** деген сурама ат атоочторду кокусунан заттык ат атоочтор деп атаган эмес көрүнөт.

2) Бирок бул **ким, эмне** деген сурама ат атоочтордон болгон ээлер айрым шарттарда сүйлөмдөгү катышып турган башка сөздөр менен болгон синтаксистик катышына карай, же бир сүйлөмдүн экинчи бир сүйлөмгө карай болгон катышына карай суроо маанисин билдире албай калышы да ыктымал. Мындай учурларда ээлик милдет аткаруучу **ким, эмне** деген сөздөр абстрактык объект маанисинде туруп калат.

Мисалы: 1. Ажалдан талашып, адамдардын өмүрүн сактап калып жүргөн чоң таланттуу кишини **ким** жаман көрмөк (Аб. Т.).

2. **Ким** билет кимдин арманын,
Көтөргөн билет салмагын (эл оозунан).

3. **Эмне** айтылмак эле, айтыла жүргөн сөздөр да.

---

[1] Проф. Е. Д. Поливанов, Русская грамматика в сопоставлений с узбекским языком, Ташкент, 1934, 84-бет.



3) **Ким, эмне** деген сурама ат атоочтордун кош айтылган учурлары да болот. Мындайча кошо айтылган **ким-ким, эмне-эмне** деген ат атоочтук ээлер объектилик маани да, объектиге карай колдонулган суроо маанисин да, көптүк, жамдоо маанилерин да билдиришет.

Мисалы: 1. **Ким-ким** келди? 2. **Эмне-эмнелер** иштелди? ж. б.

Айрым шарттарда мындайча кош айтылган **ким** деген ат атоочтун биринчи сыңары жатыш жөндөмөдө туруп айтылышы да ыктымал.

Мисалы: 1. **Кимде-ким** талыкпай иштесе, ал алдына койгон максатына жетүү жолунда бараткан болот. 2. Ал эми, **кимде-ким** өз эмгеги менен жетишилбеген жеңил турмуштун үлпөтүндө жашаса, анын басып өткөн жолу чиелешкен тор, келечеги— белгисиздик, умутсуздук болот.

Буларга окшогон түзүлүштөгү биринчи сыңары жатыш жөндөмөдөгү кош айтылган сурама ат атоочтордон болгон ээлер жамдоо, көптүк жана чектөө маанилерин билдиришет.

4) **Канча, кандай, канчанчы, неченчи** деген сурама ат атоочтор зат атоочтун көптүк **-лар**, же таандык уландыларда турганда гана ээлик милдет аткара алышат. Ошондуктан бул сөздөрдөн болгон ээлер, канчалык, зат атоочтордун уландыларында турушкандан кийин, объектилик мааниде болушат, экинчи жагынан, өз семантикаларына жараша тийиштүү суроо маанилерин да кошо билдирип турушат.

Мисалы: 1. **Канчасы** келди? 2. **Кандайы** алынды? 3. **Кандайлары** биринчи сорт катары өткөрүлөт? 4. **Неченчиси** керек эле?

5) **Кайсы** деген сурама ат атооч ушул эле турушу боюнча да, же таандык, көптүк (-лар) уландыларында туруп да ээлик милдет аткарат да, объектилик маани берип турат, суроо маанисин да кошо сактап калат.

Мисалы: 1. **Кайсы** алынды? 2. **Кайсынысы** мурдагысы? 3. **Кайсылар** керек? ж. б.

в) Жалпылагыч ат атоочтордон болгон ээлер төмөндөгүчө маанилерде болушат:

1) Нерселик (объектилик) жана көптүк, өлчөм маанилеринде турушат.

Мисалы: 1. **Бардыгы келишти.** 2. Сени чычкандардын **баары** билет (М. Б.). ж. б.

2) Контекске карай абал маанисинде колдонулушу да ыктымал.

Мисалы: 1. **Бардыгы** өзүндүн аракетине байланыштуу. 2. **Баары**—ойго келбеген окуялар.

Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү абал, көрүнүш, сан маанилериндеги сөздөрдөн болушса, мындай баяндоочтор менен калеринде турган жалпылагыч ат атоочтордон болгон ээлер абал маанисинде болушат да, баяндооч сөздөр аракетти, сыпатты,

иретти, нерсени билдирүүчү сөздөрдөн болушса, андай баян доочтор менен катышта турган жалпылагыч ат атоочтордон жасалган ээлер объект маанисинде турушуп, өлчөм, көптүк маанилерин да кошо билдиришет (**Баары** айтты. **Бардыгы** — балдар. **Баары** төртүнчүдө. ж. б.).

3) **Бүт, бүткүл** деген ат атоочтор ээлик милдет аткарышканда, заттанып кетишет да, объект жана өлчөм маанилеринде болушат.

Мисалы: 1. **Бүт** келди. 2. **Бүт** макул болушту.

г) Сүйлөмдө ээлик милдетти өздүк ат атоочтор (**өз — өзүм, өзүң, өзү, өзүбүз, өзүңөр, өзүлөрү, өзүңүз, өзүңүздөр**) аткарып турушса, алар тийиштүү аракет кылуучу жактардын ордуна колдонулгандыктан, дайыма объектилик мааниде болушат.

Мисалы: 1. Өз башыбызга **өзүбүз** ээбиз (Ш. Б.). 2. Алардын тосмолорун, турумдарын **өзүм** жасачумун (Ш. С.). 3. Өзү акыркы күндөрдө уяла турган болду (Ш. Б.). 4. Өз өлтүрбөйт, жат жарытпайт (эл макалы). ж. б.

Мындай өздүк ат атоочтордон болгон ээлерге жактама ат атоочтор тутумдашып айтылган учурлар да көп кездешет.

Мисалы: 1. **Мен өзүм** барам. 2. **Ал өзү** айтсын.

Буларга окшогон түзүлүштөгү сүйлөмдөрдө сырткы түзүлүшү жагынан **өзүм, өзү** деген өздүк ат атоочторго айкалышып турган **мен, ал** деген жактама ат атооч сөздөр атооч жөндөмөдө турушкансыйт. Бирок өздүк ат атоочторго жалганып турган таандык уландылар аркылуу **мен, ал** деген жактама ат атоочтордун илик жөндөмөдө тургандыгы белгилүү болуп турат.

Мисалы: 1. **Сен өзүң көрдүңбү?** 2. **Сен өзүң айтпадыңбы.** 3. **Мен өзүм айтпадымбы.** ж. б.

д) **Эч ким, эч нерсе** деген тангыч ат атоочтордон болгон ээлер, бир жагынан, тануу маанилеринде болушса, экинчи жагынан, объектилик мааниде колдонулат.

Мисалы: 1. Ким жибергенин **эч ким** айткан жок (К. К.). 2. Бизди **эч нерсе** токтото албайт (Ш. Б.). 3. Жоокерлердин **эч кимиси** мындан корккон да, качкан да жок (К. Б.).

ж) **Ар ким** деген аныктама ат атоочтон болгон сүйлөм ээси объектилик жана жамдоо маанилеринде болот.

Мисалы: 1. Мындайда **ар ким** керт башын калкаласа, элден эл калабы, абийирден абийир калабы. 2. **Ар кимиси** өз ойлорун айтышты. ж. б.

Ат атоочтордун башка түрлөрү да ээлик милдет аткарышып, өзүлөрүнүн табиятына мүнөздүү бул, же тигил түрдөгү маани бөтөнчөлүктөрүнө ээ болуп турушат.

Мисалы: 1. **Кээ бири** келди, кээси келе элек. 2. **Ар бирибиз** ушундайча түшүнгөн, иштеген болсок, жеңишке чейин бир гана кадам калган болор эле. 3. **Эч бири** үн каткан жок. 4. Анына **эч кандайы** жага турган көрүнбөйт. 5. **Бир канчасы** окуп билим алып жатышат (Аб. Т.).



Бирок буларга окшогон ат атоочтор зат атоочтордун тийиштүү сөз өзгөрүү формаларында (таандык жана көптүк -лар уландыларында) турганда гана ээлик милдет аткара алышат. Ошого карай алар объектилик мааниде болушат. Ошондуктан буларга окшогон ат атоочтук ээлерди өзүлөрүнчө бөлүп, алардын тийиштүү түрлөрү боюнча белгилөөнү зарылчылык деп тапкан жокпуз.

### Атоочтуктардан болгон ээлер.

§ 72. Сүйлөмдүн атоочтуктардан болгон ээлери, биринчиден, атоочтуктарды жасоочу жалгоолорго карай, экинчиден, ошол атоочтук формада турган этиш сөздөрдүн семантикалык мазмундуулуктарына жараша, үчүнчүдөн, сүйлөмдө катышкан башка сөздөрдүн таасирине, катышына карай ар кыл маанилерде колдонулат. Мына ушул кырдаалдарга жараша атоочтуктардан болгон ээлердин маани бөтөнчөлүктөрүн атоочтуктарды жасоочу жалгоолор боюнча төмөндөгүчө белгилесек болот:

а) Атоочтуктун — **ган** жалгоосунун жардамы аркылуу жасалган атоочтуктар ээлик милдет аткарышканда, алар канчалык, көмүстө калган зат атоочтордун эсебинен сүйлөмдө сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары келишкендиктен, объектилик мааниде болушат. Ал эми, **-ган** уландысына карай өткөн мезгилге мүнөздүү белги, сыпат, абал маанилерине ээ болуп турушат.

Мисалы: 1. Элдин **үрөйүн учурган** — кургакчылык жана солдатка алынган балдардын коболону (К. К.). 2. Менин көзүмдү ачып, падышанын торунан **куткарган** да ошолор( К. К.). 3. Кожокенин эшигин **кеңири ачкан** — анын орто чарбалыгы, карапайымдыгы жана меймандостугу (К. К.). 4. Үй толгон кишинин ичинен сүйлөп жана баарын **күлдүрүп олтурган** — Токтогул гана (К. К.). 5. **Кыйшык-куйшук жүргөн** жаман, адам түз жүрүү керек (Ш. С.).

1) Ээлик милдет аткаруучу **-ган** уландысындагы атоочтуктар таандык уландыда турушу да ыктымал. Андай ээлер өзтар таандык уландыларынын семантикаларына карай жана таандык уландылардын таасири астында объект, абал, сыпат, мезгил маанилеринде болушат.

Мисалы: 1. Атай үчүн анын **ырдаганы** бир тең, ага көңүл бир тең эле (К. К.). 2. Токтогул Кең-Кол тарапка **кайбурганы** ырас (К. К.) 3. Аккыздын **жол тоскону** кана? (К. К.). **рылганы**

Бул келтирилген мисалдардагы ээлердин объектилик маанисин басымдуулук кылып турат.

4. Жоонун колуна түшкөнсүп, түнү менен **тынчы кеткени** да ырас (К. К.). 5. Бирок канча **жол басканым** билинбейт (Ш. С.). 6. **Эртелеп баштаганыбыз** биз үчүн да жакшы (Ш. Б.).

Мындагы таандык уландыдагы ээлердин сыпат маанилүүлүгү басымдуулук кылып турат.

7. Бардыгынын **тилегени** жакшылык, жакшылык... (К. К.). 8. Мамбеттин **кеткени** качан, август айында эле Фрунзе шаарын көздөй зымыраган (Аб. Т.). 9. **Издегени** ырчы менен комуз 10. Калипанын **самаганы** — ошол хирург (Аб. Т.).

Берилген мисалдардагы ээлердин абал маанилери басы дуураак келишет.

11. **Быякка келгени** таза айыгыптыр (Ш. Б.).

Көрсөтүлгөн мисалда ээнин мезгил маанилүүлүгү басы дуулук кылып турат.

2) Ээлик милдет аткаруучу **-ган** жалгоосундагы атоочтук тар зат атоочтун көптүк **-лар** уландысында турушу да мүмкү Мындай ээлер ошол ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн сема тикалык бөтөнчөлүктөрүнө жараша ар кыл маанилерде бол шат.

Мисалы: 1. Ошентип **ойлоп жүргөндөр** да бар (К. К. 2. Тартышып **жүргөндөрү** — жип (К. К.) ж. б.

Бул көрсөтүлгөн мисалдардагы ээлер объект жана сыпа абал маанилеринде турушат.

3) Айрым кездерде бир эле атоочтук сүйлөмдүн ээси баяндоочу да болуп келген учурлар да жолугат. Ага окшог ээлердин абал мааниси басымдуу келет жана объектилик ма ниде да турушкан болот.

Мисалы: 1. **Илгерилеген** илгерилеген да, **калган** калга 2. **Илгерилегениң** илгерилеген, артың кандай болор экен? ж.

4) Көп учурларда этиштерден пайда болгон атоочтук фо мадагы катыштык сөздөр башка бир толук маанилүү сөздөр ажыралгыс түрдө тутумдашып, сүйлөмдүн составдык мүчөл рүн түзүп калышат. Мындайча составдагы ээлердин тол маанилүү сөздөрдөн турган бөлүктөрү негизги сөз жүрүп жа кан нерселердин аттары катары келишет да, атоочтук формад гы катыштык бөлүктөрү аларга жамдоо, жалпылоо маанилер берип калышат, же тийиштүү байланыш каражаты катар келишет.

Мисалы: 1 Тирүү жүрүп **өлөт деген** — ушул (Ш. С. 2. **Илим деген** ийне менен кудук казгандай (эл макалы 3. **Мария дегенибиз** — ушул. ж. б.

б) Сүйлөмдө ээлик милдетти **-ар** жалгоосундагы атоочтук тар да аткарышат. Аларга окшогон ээлер, көбүнчө, тааны уландыда болушат. Мындай ээлер ошол **-ар** уландысынын та сири астында баштала элек белги, сыпат, абал семантикал рында болушуп, объектилик мааниде турушат.

Мисалы: 1. Антип баштабаса, бир **балээ чыгарары** ыра (К. К.). 2. Бирок кимдин үйүнө **токтоору** белгисиз (К. К. 3. Баланчаныкына ырчы келиптир десе, айылда киши калбай баары түп көтөрө **ошол үйдө болору** кыргыз үчүн ырасим (К. К.). ж. б.

в) Сүйлөмдүн ээси **-бас** жалгоосундагы атоочтуктарда



болушса, андай ээлер, канчалык, сөз болуп жаткан нерселердин, көрүнүштөрдүн аттары катары келишкендиктен, объектилик мааниде болушат да, ошол ээ болуп түшкөн сөздөрдүн семантикалык бөтөнчөлүктөрүнө жараша сыпат, абал, белги маанилеринде турушат. Ал эми, **-бас** уландысына карай баштала элек терс мазмундагы аракет кылуучу жак, же нерсе катары келишет.

Мисалы: 1. Азыр жай толугунда бул жерлерде **айыл болбосу** маалим (Ш. С.). 2. **Тойбос** тогузга да ыраазы болбойт (эл макалы). ж. б.

г) Атоочтуктун **-уучу** жалгоосундагы сөздөрдөн болгон ээлер да объект, белги, сыпат маанилеринде болушат.

Мисалы: 1. Ырас, жалпы жумурай журттун амандыгын тилеп жана ал жөнүндө **кам көрүүчүлөр** да бар (К. К.). 2. **Сүйлөөчүлөр** кол көтөрүштү. 3. **Баруучу** сен сыяктанып жайбаракат олтурмак беле. ж. б.

### Кыймыл атоочтук ээ.

§ 73. Кыймыл атоочтордон болгон ээлер төмөндөгүчө маанилерде турушат:

а) Сүйлөмдө ээлик милдетти **-ыш** уландысындагы кыймыл атоочтор аткарып турушса, андай ээлер объект, сыпат маанилеринде болушат. Ал эми, баяндоочтук милдет аткарып турган сөздөр болсо алардын белгисин, сыпатын, дагы ушулар сыяктуу кырдаалдарын баяндап турушкан болот.

Мисалы: Токтогулдун **комуз кармашы, чертиши** да башкараак (К. К.). 2. Мамбеттин **алкашы** эп (Аб. Т.). 3. Эл аралап шаңкылдап **ырдап жүрүшү** анын зоболосун ого бетер жогору көтөрдү (К. К.). 4. Минтип **бара беришим** болбойт (Ш. Б.).

б) Эгерде, сүйлөмдүн ээси **-уу** жалгоосундагы кыймыл атоочтордон болушса, андай ээлер абстрактык, туюк объект маанисинде болушат да, баяндооч болуп түшкөн сөздөр алардын белги, сыпат, дагы ушулар сыяктуу кырдаалдарын баяндашат.

Мисалы: 1. Көздөгөн **максатка жетүү** кандай бактылуулук (Аб. Т.). 2. Демейде тоо элин бир жерден **баш коштуруу** кыйын (К. К.). 3 .Совет өкмөтү болбогондо, сенин мындай **адам болууң** күмөн эле (К. Б.). 4. Анын айланага **кумарлануусу** ого бетер артты (Ш. Б.). ж. б.

в) Ээлик милдетти **-мак** жалгоосундагы кыймыл атоочтор аткарып турушса да, буларга окшогон түзүлүштөгү ээлер да объект, абал маанилеринде болушат.

Мисалы: 1. **Жетмек** оңой эмес. 2. **Бармагым** кыйын болду да, **келмегим** оңой болду. 3. **Баш кесмек** бар, **тил кесмек** жок (эл макалы). ж. б.

## КОРУТУНДУ

1. Сүйлөм ээлеринин маани бөтөнчөлүктөрүн алардын с таксистик аткарган милдетине жараша гана бир жактуу шүнүү жетишсиздик кылат. Ээлик милдет аткаруучу сөз бир жагынан, синтаксистик аткарган милдетине жараша, эк чи жагынан, анын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрү грамматика-семантикалык табиятына жараша, үчүнчү алардын сүйлөмдө катышкан башка сөздөр менен болгон тыш, байланыш абалдарына, бөтөнчөлүктөрүнө жараша кыл маани өзгөчөлүктөрүнө ээ болуп турушат.

а) Маселен, сүйлөм ээлери зат атооч сөздөрдөн, же зат мааниде колдонулган сын, сан, ат атооч сөздөр менен баш сөз түркүмдөрүнөн да болушу ыктымал.

Зат атооч сөздөр лексика-семантикалык жагынан алга нерсе, көрүнүш, кубулуш жана башкалардын аттары кат келген сөздөр болушкандыктан, сүйлөмдө ээлик милдет карышканда, негизинен, объектилик, нерселик мааниде бо шат. Аны менен бирге зат атооч сөздөрдүн семантикалык м мундуулугунун ар кыл болгондугуна байланыштуу, башк айтканда, кээ бир зат атоочтор **нерселик** мааниде турушу (китеп, кездеме ж. б.), кээ бирлери **орун** (шаар, өрөөн, тала **мезгил** (жыл, ай, күн, кылым, доор), же **өлчөм, аралык** (ки метр, метр, грамм, кадак), дагы ушулар сыяктуу ар кыл маан лерде болушуна байланыштуу, алар ээлик милдет аткарышка да, объектилик мааниде турушуп, сүйлөмдө сөз болуп жат нерселердин аттары катары келүү менен бирге, алардын ору мезгил, жана башка семантикалык мазмундуулуктары да ко сакталып кала берет (1. **Көз** коркок, **кол** баатыр (эл макалы 2. **Соң-Көл** — жакшы жайлоо. Биздин **кылым**—улуу кыл атомдук энергиянын, космосту өздөштүрүүнүн, улуу прогре тин кылымы).

б) Ошондойчо эле, зат атоочтордон башка сөз түркүмдө ээлик милдет аткарышканда да (маселен, сын, сан атооч менен тактоочтор, ж. б.), алар да сүйлөмдө сөз болуп жат нерселердин аттары катары келишип, нерселик, объектил мааниде болушат, аны менен катар, ошол сөз түркүмдөрүн семантикалык мазмундуулуктарына жараша алардын сын, с пат, сан, ирет жана башка ушулар сыяктуу маанилери да ко сакталып кала берет (1. **Акылдуу** иши менен, сөзү менен акы дуу. 2. **Бешинчибиз** — бул. ж. б.).

Сүйлөм ээлеринин мына ушул маани жагынан болгон к түрдүүлүгүн ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн семантикас на жана башка сөздөр менен болгон карым-катыштарына кар та кыскача төмөндөгүчө жыйынтыктоого болот.

2. Нерселик, объектилик маанидеги зат атоочтордон болго ээлер объект маанилеринде болушат да (1. **Алма** бышып ту



ган убак. 2. Айрыкча, эмки **жаштар** ойчул келишет эмеспи (Аб. Т.), орун, багыт жана аралык семантикаларындагы зат атоочтордон болгон ээлер орун жана багыт, аралык маанилерин билдиришет (1. **Жайлооого** эшикти ушул Миң-Каптал ачып, кайра күзүндө өзү жабат (Ш. С.). 2. **Талас** — Манастын мекени (К. К.).

Бирок башка бир сөздөр менен болгон катышына карай объект, нерсе маанисинде туруп калышы да мүмкүн (Биздин тоолордо **кокту-колот, бет, тескей, күңгөн** көп болот), же тескерисинче, объектилик семантикадагы сөздөрдөн болгон ээлер башка сөздөр менен болгон катышына карай орун маанисинде туруп калышы ыктымал (Тигил жаткан көк шибер — биздин колхоздун жайыты).

3. Мезгил семантикасындагы сөздөрдөн болгон ээлер мезгил маанилерин билдиришет да (**Кылым** өтсө да, эл эрдин, акылдуунун, акындын сөзүн да, ишин да эсинен чыгарбайт), өлчөм семантикасындагы сөздөрдөн болушкан ээлер өлчөм маанилеринде турушат (кадак төрт жүз граммдан турат).

4. Абал, сыпат, белги семантикаларындагы сөздөрдөн болгон ээлер, биз жагынан, сөз болуп жаткан нерселердин аттары катары келишип, объектилик мааниде турушса, экинчи жагынан, абал, сыпат, белги маанилерин да кошо билдиришет (1. **Жиндилиги** түбүнө жетти. 2. **Жамандыгы** болбосо, **жакшылыгы** калган жок. 3. **Кедейлик** кемтик эмес (эл макалы).

5. Айрым шарттарда ээлик милдет аткаруучу атооч жөндөмөдөгү сөздөр маани жагынан башка сөздөргө көз каранды абалда болушат. Андай учурларда аларга окшогон сыңарлар өз ара ажыралгыс биримдикке келишип, сүйлөмдүн тутумдаш ээси болуп түшүшөт да, андай ээлердин тутумундагы айкындооч сөздүн семантикалык мазмундуулугу басымдуулук кылып кетет (1. **Айыл ичи** бейкут (К. К.). 2. **Жумушчу табы** түп көтөрүлө чыкса,... ).

6. Ээлик милдет аткаруучу сөздөргө **бир** деген катыштык сөз төрчүл орун тартибинде айкалышып турса, андай ээлер күтүүк, белгисиздик мааниде болушат да (1. **Бир карыя** сизди түп турат. 2. **Бир ишим** бар эле), атоочтук формасындагы деген түрүндөгү катыштык сөз айкалышып турган ээлер жамдоо, жалпылоо, же эркелетүү, жектөө маанилеринде болушат (1. Чиркин, **бала деген** кыйын экен) (К. Б.). 2. **Акай** дегени-**биз** — бул жигит), ал эми, **болсо** деген катыштык сөз ээлик милдет аткаруучу сөзгө таандык болуп турса, бул сөз (болсо) сүйлөмдө сөз жүрүп жаткан нерсенин атын (ээни) бөлүп, өзгөчөлөп, ажыратып көрсөтүү, же жамдоо каражаты катары пайдаланылат (1. **Жамийла** б о л с о шайыр, суйкайган жаркер кыз (К. Б.). 2. **Биз** б о л с о к алда качан эле барганбыз).

7. Эгерде, сүйлөмдүн баш мүчөлөрү бирдей сөздөрдөн туруп

калышкан болсо, андай баш мүчөлөрдүн маанилеринин ыра туулугу жана байланыш биримдиги айкындооч сөздөрдүн ка шы аркылуу жүзөгө ашырылат (**Бул колхоз — алдыңкы к хоз**).

8. Сын атооч сөздөрдөн болгон ээлер, бир жагынан, сүйл дө сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары келишет экинчи жагынан, алардын өзүлөрүнүн семантикасына мүнөз өң, сапат, тулку (**сулуу** сулуу эмес, сүйгөн сулуу (эл мака же салыштыруу (**көгүш** көйнөккө жарашыктуу), же күч (**өтө жаман** өзүн мактайт (эл макалы) маанилери кошо са лып турат.

9. Сан атооч сөздөрдөн болгон ээлер да сүйлөмдө сөз рүп жаткан нерселердин аттары катары келишип, объекти мааниде туруу менен бирге, бул сөз түркүмүнө мүнөздүү с ирет, өлчөм маанилери да кошо сакталып калат (**Тогуз** сандарга бөлүнбөйт. 2. **Экинчиси** — узун бойлуу гит ж. б.).

10. Кайсы гана тактооч сөз ээлик милдет аткарбасын, а заттанып кетишет да, объектилик мааниде турушат. Аны ме катар, тактоочтордун түрлөрүнө мүнөздүү семантикалык м мундуулуктары да сакталып кала берет. Башкача айтка тактоочтук ээлер мезгил да (1. **Ийгиликтин кечи** жок (эл м лы). 2. Бүгүнкүнүн **эртеңкиси** бар (эл макалы), орун-багы (**Өр** жүк көтөрүүгө оор), сан-өлчөм да (1. Иштин **ылдамы** ж шы. 2. **Аз** кордук эмес, **ач** кордук (эл макалы) маанилерия шо билдиришет.

11. Ат атооч сөздөр ар түрдүү сөз түркүмдөрүнүн орд колдонулуучу сөз түркүмү болгондуктан, анын маани жакт да ар кыл келет. Экинчи сөз менен айтканда, ат атоочтук ээ бир жагынан, объектилик мааниде, тийиштүү аракет кылу жактар маанисинде турушса (1. **Сиз** учкуч экенсиз (Аб. Т 2. **Мен** сенин каалаганынды колуна тийгизем (М. Л.), эки жагынан, суроо (**кимдер** булар жана аларга **эмне** ке (А. Т.), же жамдоо (**ким-ким** келди?), же чектөө да, жам да маанилеринде (**кимде-ким** талыкпай аракет кылса, а колунан урабай турган зоо, алынбай турган жоо, жыгыл турган туу жок), же жалаң гана объектилик мааниде (1. Б **дагы** келишти. 2. Өз башыбызга **өзүбүз** ээбиз (Ш. Б.) же нуу (1. Бизди **эч нерсе** токтото албайт (Ш. Б.). 2. Ким жиб генин **эч ким** айткан жок (К. К.), дагы ушулар сыяктуу маа лерде болушат.

12. Сүйлөмдө ээлик милдетти атоочтуктар аткарып тур са, андай ээлер, биринчиден, атоочтуктарды жасоочу жалг лорго жараша, экинчиден, ал сөздөрдүн семантикалык мазм дуулуктарына карата, үчүнчүдөн, башка сөздөр менен бол катыштарына жараша ар кыл мааниде болушат.



Маселен, **-ган** жалгоосундагы атоочтуктардан болгон ээлер, бир жагынан, объектилик маани билдиришсе, экинчи жагынан, өткөн мезгилге мүнөздүү белги, абал, сыпат маанилерин да берип турушат (1. Элдин **үрөйүн учурган** — кургакчылык жа на солдатка алынган балдардын коболоңу (К. К.). 2. Атай үчүн анын **ырдаганы** бир тең, ага **көңүл бургану** бир тең эле (К. К.). 3. **Илгерилеген** илгерилеген да, **калган** калган).

Ошондойчо эле, **-ар** жалгоосундагы атоочтуктардан болгон ээлер да объектилик да, келечек да, абал да, сыпат да маанилерин билдиришет (Антип баштабаса, бир **балээ чыгарары** рас (К. К.). 2. Бирок кимдин үйүнө токтоору белгисиз (К. К.). ж. б.).

Сүйлөмдө ээлик милдетти **-бас** жалгоосундагы атоочтуктар аткарып турушса да, объектилик, абал, сыпат, маанилеринде болушат да (1. Бу жерде айыл болбосу маалим (Ш. С.). 2. **Той-бос** тогузга да ыраазы болбойт (эл макалы) ж. б.), ээлик милдетти **-уучу** жалгоосундагы атоочтуктар аткарып турушса да, объект, сыпат, белги маанилеринде болушат (1. Эл жөнүндө **кам көрүүчүлөр** да бар (К. К.). 2. **Баруучу** сен сыяктанып жайбаракат олтурабы? ж. б.).

Бирок биринчиси терс мааниде болот да, экинчиси түз, өз маанисинде колдонулат.

14. Кыймыл атоочтордон болгон ээлер төмөндөгүчө маанилерде турушат:

а) Ээлик милдетти **-ыш** уландысындагы кыймыл атоочтор аткарып турушса, андай ээлер объект, сыпат маанилеринде болушат. Ал эми, баяндоочтук милдет аткарып турган сөздөр болсо алардын белгисин, сыпатын, дагы ушулар сыяктуу кырдаалдарын баяндап турушкан болот (1. Токтогулдун **комуз кармашы, чертиши** да башкараак (К. К.). 2. Эл аралап шаңкылдап **ырдап жүрүшү** анын зоболосун ого бетер жогору көтөрдү (К. К.). ж. б.).

б) Эгерде, сүйлөмдүн ээси **-уу** жалгоосундагы кыймыл атоочтордон болушса, андай ээлер абстрактык, туюк объект маанисинде болушат да, баяндооч болуп түшкөн сөздөр алардын белги, сыпат, дагы ушулар сыяктуу кырдаалдарын баяндашат (1. Көздөгөн **максатка жетүү** кандай бактылуулук (Аб. Т.). 2. Демейде тоо элин бир жерден **баш коштуруу** кыйын (К. К.). 3. Совет өкмөту болбогондо, сенин мындай **адам болуун** күмөн эле (К. К.). ж. б.).

в) Ээлик милдетти **-мак** жалгоосундагы кыймыл атоочтор аткарып турушса да, ээлик милдет аткаруучу сөздөр объект, абал маанилеринде болушат (1. **Жетмек** оной эмес. 2. **Барганым** кыйын болду да, **келмегим** оной болду. 3. **Баш кесмек** бар, **тил кесмек** жок (эл макалы). ж. б.).

V ГЛАВА

## ЭЭНИН ТУТУМУ (СОСТАВЫ).

**§ 74.** Сүйлөмдө ээ болуп түшкөн сөздөр атооч жөндөмөдөгү зат атоочтордон, же башка сөз түркүмдөрүнөн болот.

Мисалы: 1. **Күлүя Капаровна** өзү тарбиялагандардын ичи дүйнөсүн туура багыттай билүүчү («КП»). 2. **Дабыш угулбай отургандар** тынчсыздана башташты («КП»). 3. Анын **аман-эсен жүргөндүгү**, душманды **сүрүп бараткандыгы** Ажарды ишине чоң дем болду («ЛЖ»). 4. **Сөз атасы** — кулак, **суу атасы** — булак (эл макалы).

Бул келтирилген мисалдарда **Күлүя Капаровна, дабыш отургандар, аман-эсен жүргөндүгү, сүрүп бараткандыгы,** сөз атасы суу атасы деген сөздөр, комплекстер ээлик милдет аткарып турушат.

Мына ушул ээ болуп келген сөздөргө назар салсак, алардын составдык жактарынын бирдей эмес экендиги байкалат.

Сүйлөмдө ээлик милдет аткаруучу сөздөр, же комплекстер өзүлөрүнүн ошол составдык өзгөчөлүктөрүнө карай жеке-жеке турган сөздөр ээлик милдет аткарып турабы, же эки, же бир нече сөздүн ажыралгыс биримдиктеги тобу ээ болуп келдиби дал ошол составдык жагына жараша жөнөкөй ээ жана тутум даш ээ болуп эки негизги түргө бөлүнөт.

Мисалы: 1. **Турмуш — толкуган океан, жазуучу анын тол кунунда жүрүп, аны көрүп, байкап, көркөм сөз аркылуу ал дыбызга тартат.**

Мында **турмуш, жазуучу** деген сөздөр ээлик милдет атка рышты, ар бири өз алдынча турат, жөнөкөй ээ болуп келишти

2. **Кой семизи койчудан** (эл макалы). 4. **Найза саймак эр диктен, ат жоорутмак тердиктен** (эл макалы). 5. **Мокок бычак кол кесет** (эл макалы).

Берилген мисалдарда болсо өз ара ажыралгыс түрдө ту тумдашып турган **кой семизи, найза саймак, ат жоорутмак, мо кок бычак** деген комплекстер тутумдаш ээ болуп келишти.

Сүйлөмдө ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн атооч жөндө мө формасы анын синтаксистик милдетин шарттап турган, де мек, анын сүйлөмдө сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары ка тары келишин шарттап турган негизги белгиси болуп саналат Бирок тутумдаш ээлердин составына кирген сөздөр түзүлүш составы жагынан ар кыл келишет. Анын тутумундагы акыр сөзү гана (сынары) атооч жөндөмөдө болот да, аны мене ажыралгыс түрдө тутумдашып турган составдык бөлүктөрү к тыштык сөздөрдөн, же атооч, же кыйыр жөндөмөлөрдөгү толу маанилүү сөздөрдөн болушу ыктымал. Тутумдаш ээлердин составындагы ошол атооч жөндөмөдөгү соңку бөлүгү, аны грамматикалык формасы катары келип, башкы формант катары



келет да, тутумдаш ээлер мына ушул соңку бөлүгү аркылуу гана сүйлөм ээлерине коюлуучу грамматикалык талапка жооп берип турган болот, ээнин сүйлөмдө сөз болуп жаткан нерселердин аттары катары келишин шарттап турган болот.

**§ 75.** Сүйлөмдүн жөнөкөй жана тутумдаш ээлери кыргыз жана башка түрк тилдеринин синтаксистик курулушун изилдеген окумуштуулардын дээрлик бардыгынын эмгектеринде каралган. Булардын ичинен жарыкка чыккан айрым бир эмгектерге көз чаптырганыбызда алар, жөнөкөй ээлер, айрыкча, тутумдаш ээлер, анчалык тактала электиги чалдыгат. Алар кай бир авторлордо бир түрдүү талкууланып жүрсө, башка бир эмгектерде дагы бир башкача мүнөздө берилип жүрөт. Айрыкча классификация, термин жактары чаржайыт, өзгөчө тутумдаш мүчөлөр жөнүндө изилдөөчүлөрдүн ортосунда кандайдыр бир жалпы, бирдей көз караштын жок экендиги, же айрым авторлордо такыр эле каралбагандыгы байкалды.

а) Академик В. А. Гордлевский[1] **бир, төрт** деген сан атоочторду алып, бул сөздөр өзүлөрү тутумдашып, таандык болуп турган сыңарлар менен ажыралгыс биримдикте туруп (бір гун, дөрт ай түрүндө туруп), сүйлөмдүн бир гана ээси болуп келерин белгилейт.

Мында автор сүйлөмдүн жөнөкөй жана тутумдаш ээлерин ажыратуу, аларды классификациялоого чейин барган эмес, бул максатты өз алдына койбогондой да сыяктанат.

Доцент Ш. С. Айляров[2] **арпа быша турган жер** түрүндөгү айкалышка токтолуп, мунун **арпа быша турган** деген бөлүгү өз ара ажыралгыс биримдикте туруп, сүйлөмдүн жайылма (развернутый) аныктоочу болорун, Galisan adam түрүндөгү айкалышта болсо багыныңкы сынары (Жалишан — работающий) жөнөкөй аныктооч болорун туура көрсөтөт. Бирок баш мүчөлөрдү мындайча мүнөздөгү классификацияга салган эмес.

Соңку кездерде түрк тилдеринин синтаксистик курулушун аныктоо ишинде профессор Е. И. Убрятованын якут тили боюнча жүргүзгөн изилдөөлөрү көрүнүктүү орундардын бирин ээлейт. Бирок автор классификациялаган эмес, сүйлөм мүчөлөрүнүн бир нече сөздүн ажыралгыс биримдигинен да болорун көрсөтүү менен чектелген[3].

б) Профессор А. Н. Кононов сүйлөм мүчөлөрүн алардын составдык өзгөчөлүктөрүнө жараша жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлөрдүн түрлөрүнө ажыратат.

Бул дээрлик бүт түрк тилдеринин нормативдик граммати-

---

[1] В. А. Гордлевский, Грамматика турецкого языка, М., 1928, 61-бетти караңыз.

[2] С. Айляров, Учебник турецкого языка, М., 1954, 290-бетти караңыз.

[3] Е. И. Убрятова, Исследование по синтаксису якутского языка, М.-Л., 1950, 39-бетти караңыз.

каларында, ошондой эле, көпчүлүк илимий эмгектерде ор
алган негизги классификациялык багыт болуп саналат.

Сүйлөмдүн тутумдаш мүчөлөрүнө келгенде автор өз ар
ажыралгыс биримдикте турган сөз тизмектери айрым шар
тарда сүйлөмдүн бир гана мүчөсү болорун белгилеп кели
андан ары аны деталдаштыруу жагына өтөт. Маселен, сүйлөм
дүн тутумдаш ээлери **бир** деген толук маанилүүлүгүнөн ажы
рап калган катыштык сөздүн толук маанилүү сөз менен ажы
ралгыс биримдикте турушунан жасаларын, же айрым бир са
атоочтор да ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн ажыралгы
составдык бөлүгү катары келишип да (iki qardeş eke gelmişler
сүйлөмдүн тутумдаш ээлери болуп түшүшөрүн белгилейт[1].

Ошондойчо **эле, экен, болгон** деген катыштык сөздөр ажы
ралгыс биримдикте турган тутумдаш ээлерди жайылма (ра
вернутый) ээ деп атаган[2].

Албетте, мында автордун алган фактылары орундуу, бирок
аны жайылма ээ деген ат менен берүүнүн муктаждыгы дел
жок эле. Анткени, жайылма мүчө дегенибиз сүйлөмдүн состав
дык мүчөлөрүнүн өзгөчө бир формасы (түрдүк формасы) болу
гана саналат. Эгерде, мындайча принцип боюнча классифика
циялап олтурган болсок, тутумдаш мүчөлөрдү составдык
структуралык бөтөнчөлүктөрүнө карата дагы бир нече түр
бөлүүгө туура келер эле. Бул болсо теориялык гана кызыкчы
лык болбосо, практикалык жагын алганда оор да, принципиал
дык негизи жок болуп да калган болор эле. Анын үстүн
термин жагынан да чаржайыттыкка жол берген болор элек.

Профессор А. Н. Кононов сүйлөмдүн тутумдаш мүчөлөрү
изилдөөдө жогоруда көрсөтүлгөндөй баалуу салымдар кошу
менен бирге, ээнин табиятына байланыштуу айрым бир масел
лерди үстүртөдөн калпыс да карап койгон[3]. Маселен, «Биринчи
тынчтыкты бузган мен болдум» (Первым, кто нарушил молча
ние оказался я) деген сүйлөмдү алып, муну эки ээлүү сүйлөм
деп көрсөтөт. Ошондойчо эле, «Бул жерде иштеген кыз, бир
сулуу кыз, алты ай жатты» деген сүйлөмдү ар башка айкын
доочтуу (аныктоочтуу) кайталанма ээлүү (сөздүү) сүйлөм деп
белгилейт. «Аттуулар жакындады, аттуулар»[4] деген сүйлөмдү
келтирип, булар да кайталанма ээлүү сүйлөм болот деген тыя
накка келет.

Мында автордун сүйлөм мүчөлөрүнүн составдык, структура
лык табиятына тийиштүү бөтөнчөлүктөр менен сүйлөмдүн ти

---

[1] А. Н. Кононов, Грамматика современного турецкого литературного языка, М.-Л., 1956, 373-бетти караңыз.
[2] А. Н. Кононов, ушул эле эмгектин 285-бетин караңыз.
[3] А. Н. Кононов, Грамматика современного турецкого литературного языка, М.-Л., 1956, 285-бетти караңыз.
[4] Орус тил илиминде ээге акцент берүүчү ыкма катарында каралган (Грамматика русского языка, II., синт., АН СССР, 1954, 371-бетти караңыз.



пологиялык түрлөрүн шарттоочу ыкмаларды аралаштырып жибергендиги чалдыгат. Булар сүйлөмдүн типологиясын белгилөө ишине карай изилденүүгө тийиш болгон объект болуп саналат.

в) Н. П. Дыренкова[1] жана филология илимдеринин доктору З. И. Будагова[2] ээлик милдет аткаруучу сөздөрдү алардын составдык өзгөчөлүктөрүнө жараша жөнөкөй ээ жана тутумдаш (составдык) ээлер деп эки түргө бөлөт да, тутумдаш ээлердин анын грамматикалык формасы катары келүүчү атооч жөндөмөдөгү бөлүгүнөн жана башка бир ага башкарылып, же ыкташып турган сыңарлардын аны менен ажыралгыс биримдикте болушунан барып жасаларын көрсөтөт.

г) Коллектив тарабынан жазылган азыркы казак тили аттуу эмгекте[3] сүйлөм ээлери жөнөкөй жана тутумдаш (күрдөлі) ээлер болуп, эки түргө бөлүнүп берилген. Булардын ичинен сүйлөмдүн тутумдаш ээлерине кайрылганда анын (тутумдаш ээлердин), биринчиден, ээлик милдет аткаруучу сөздөргө кыйышуу байланышында турган сыңарлардын ажыралгыс биримдикте турушунан (милиция бастыгы, кедейлер тобы, үйдің иши), экинчиден, жалпылагыч сөздөрдүн айкалышып турушу аркылуу (Самат екеүміз, сен екеүміз сыяктуу) жасалары белгиленет.

д) Профессор М. Б. Балакаев[4] өзүнүн азыркы казак тили аттуу эмгегинде сүйлөм мүчөлөрүн башкачараак мүнөздө классификациялайт. Ал сүйлөм ээлерин составына карата жөнөкөй ээ, татаал( сложный) ээ жана жайылма (развернутый) ээ деп үч түргө бөлөт. Автор өтө кеңири планда караган. Аны менен катар, автордун классификациясы талаш-тартыш туудурбай койбойт. Ошондуктан адегенде автордун татаал жана жайылма ээлерге карай келтирген фактыларына көз жүгүртө өтөлү да, андан кийин тийиштүү тыянакка келсек дурус болор.

1. Татаал (тутумдаш) ээлердин төмөндөгүчө түзүлүштө болору белгиленген:

1) Экинчи типтеги изафеттик комплекстерден (милиция бастыгы, кедейлер табы, коммунист партиясы, таң белгиси, эгин талаасы, взвод командири).

2) Катыштык функциядагы атоочтор (служебные имена) тутумдашып турган атооч сөздөрдөн (Үйдің иши (тынчтанды), каланын иши, үңкүр иши ж. б.).

---

[1] Н. П. Дыренкова, Грамматика ойротского языка, М.-Л., 1940, 227, 230, 261-беттерди караңыз.
[2] З. И. Будагова, Простое предложение в современном азербайджанском литературном языке, авт., Баку, 1963, 19-бет.
[3] Казіргі казак тили, Каз. ССР Гылым Акад, Алматы, 1954, 413-бетти караңыз.
[4] М. Б. Балакаев, Современный казахский язык, Алма-Ата, 1959, 122, 128-беттерди караңыз.

3) Татаал кыймыл атооочтордон (өлкөгө чыккынчылык кылуу, кат ташуучу).

4) Татаал аттардан (Казак ССР соода министрлиги).

5) Өзү (-м, -н) деген сөз айкалышкан комплекстерден (**Балка өзү** урат, **көрүк өзү** үйлөп турат, **биз экөөбүз** тура калдык, биз жолдошубуз экөөбүз жатканбыз).

6). Аныктоочтуу атоочтордон болгон комплекстерден (**Кыска жип** күрмөөгө келбейт (макал), **өгөй шеше, сүйрөп кошкон тайган** түлкү албайт (макал), **социалисттик жарыш, салт аттуу** ж. б.).

2. Жайылма комплекстерден болгон сүйлөм ээлерин жайылма ээ деп атаган (**тамагы токтук, жумушу жоктук** адамды жаздырар. **Көлүгү барлар** дайындалсын. ж. б.).

Бул жерде автордун жетишкендиги сүйлөм ээлеринин түзүлүшүнүн ар кыл бөтөнчөлүктөрүн белгилешинде турат. Бирок бул жерде түрк тилдеринде кабыл алынып жүргөн сүйлөм мүчөлөрүнүн жөнөкөй жана тутумдаш (же татаал) мүчөлөр болуп экиге бөлүнүш схемасын бузуунун деле зарылчылыгы жок эле. Анткени, автордун жайылма ээ деп берген конструкциясы сүйлөмдүн тутумдаш мүчөлөрүнүн өзгөчө бир структуралык түрү гана болуп саналат. Эгерде, сүйлөмдүн тутумдаш мүчөлөрүн түзүлүш өзгөчөлүктөрүнө карата бөлүп олтурсак, тутумдаш мүчөлөр кандайча түзүлүштөгү толук маанилүү сөздөрдөн турушат, же толук маанилүү сөздөр менен катыштык сөздөрдүн айкалышынан турушабы, аларды дал ушул составдык өзгөчөлүктөрүнө жараша дагы бир нече түрлөргө ажыратууга мажбур болор элек.

Ошондойчо эле, татаал мүчө деген терминдин кийрилиши да аны морфологиялык татаал сөздөр категориясына параллель коюуга, бул терминди түшүнүк жагын чаржайыттыкка алып келүүгө себепчи болмокчу. Маселен, фактыны алыс жерден издебей, кыргыз тилине эле кайрылсак да, айрым авторлордун татаал сөздөрдү сүйлөмдүн татаал мүчөсү болот деп түшүнүшүп жүрүшкөндүгүн, ал тургай аны башкаларга да тануулап жүрүшкөндүгүн айта кетүү керек[1].

Изилдөөчүнүн татаал ээлерге карай пайдаланган классификациясы да жетишсизирээктей сыяктанат. Маселен, калыпташып кеткен фразеологиялык айкалыштарды (1, 4, 6-пункттарды караңыз) бир эле жерге топтоп, андан кийин барып түзүлүшүнө, өзгөчөлүктөрүнө жараша өз ара классификацияласа деле болмок экен.

Ушундай эле, өздүк ат отоочтор (5-пункт), же жалпылама сөздөр айкалышып турган комплекстердин ээ болушу жөнүндө-

[1] С. Кудайбергенов, Ы. Жакыпов, М. Мураталиев, Кырг. тили, 8—10 кл. үчүн, Фрунзе, 1958, 61-бетти караңыз, ж. б.



гү пикири да толук ачылган эмес, дагы такталышы тийиш сыяктанып турат.

Албетте, айрым жетишсиздиктерине карабастан, бул тутумдаш мүчөлөрдү изилдөө ишинде чоң арым.

### Жөнөкөй ээ.

**§ 76. Сүйлөмдө ээлик милдетти башка сөздөр менен тутумдашпай, өзүнчө жеке турган сөз аткарып турса, жөнөкөй ээ деп аталат.**

Мисалы: 1. Бекердин **чолосу** жок (эл макалы). 2. **Эл ыйык,** элден чыккан бузук (эл макалы). 3. **Ойчу** ойлоп бүткөнчө, **тобокелчи** иштеп бүтүрүптүр (эл макалы).

Келтирилген мисалдарда **чолосу, эл, ойчу, тобокелчи** деген сөздөр ээлик милдет аткарып турушат. Булардын ар бири өз алдынча туруп ээлик милдет аткарды, башка сөздөр менен ажыралгыс биримдикте туруп составдык мүчө болуп келген жери жок.

Сүйлөмдүн жөнөкөй ээлерин анын милдетин аткарып турган сөздөрдүн составдык жагына карата алганда, мейли жөнөкөй сөздөр болсун, мейли татаал сөздөр болсун,[1] алар баары бир сүйлөмдүн жөнөкөй ээси болуп келишет.

Мисалы: 1. **Окуу**— түгөнбөс гүл азык (Ш. Б.). 2. **Ысык-Көл** жыл бою тоңбойт. 3. Ач кадырын **ток** билбейт (эл макалы).

Мында **окуу, ток** деген жөнөкөй сөздөр менен **Ысык-Көл** деген татаал сөз жөнөкөй ээ болуп түшүштү. Анткени, алардын ар бири өз алдыларынча турушуп ээлик милдет аткарышты. Составдык ээлер сыяктуу сүйлөмдө катышкан башка сөздөр менен ажыралгыс биримдикте турушкан жери жок.

Бирок татаал сөздөрдөн болгон жөнөкөй ээлерди ал сөздөрдүн пайда болуш, чыгыш жактарына байланыштуу эки, же андан да көп үнгулардан турушуна карата сүйлөмдүн тутумдаш мүчөлөрүнө параллель коюуга болбойт. Анткени, татаал сөздөр составы жагынан эки, же андан да көп үнгулардан тургандыктары менен, алар маани жагынан, сүйлөмдөгү синтаксистик ролу жагынан жөнөкөй сөздөрдөн эч кандай айырмасы жок болот. Ошол себептүү сүйлөмдүн бул, же тигил мүчөлөрү, мейли жөнөкөй сөздөрдөн, мейли татаал сөздөрдөн болушсун, алар өз алдыларынча турушуп, тийиштүү милдет аткарып турушкандан кийин, сүйлөмдүн жөнөкөй мүчөлөрү катары гана келет.

**§ 77.** Сүйлөмдүн жөнөкөй ээлерин алардын милдетин ат-

[1] Бир гана үнгудан турган сөздөр жөнөкөй сөздөргө киришет да, эки, же андан да көп үнгулардын биригип кетишинен пайда болгон сөздөр татаал сөздөргө киришет.

каруучу жөнөкөй жана татаал сөздөргө карай мындайча белгилөөгө болот:

а) 1. **Өнөр** көккө жеткирет (эл макалы). 2. **Он** экиге, бешке жана онго бөлчөксүз бөлүнөт. 3. Бетине **кызыл** жүгүрүп, кубанганынан күлүп жиберди.

Мында **өнөр, он, кызыл** деген жөнөкөй сөздөр ээ болуп келишти.

б) Татаал сөздөрдөн болгон жөнөкөй ээлерди алардын түрлөрү боюнча төмөндөгүчө көрсөтүүгө болот:

1) Кошмок сөздөр жөнөкөй ээ болуп келишет.

Мисалы: 1. **Көк-Бел** — жакшы жайлоо. 2. **Көк карга** келгин куштардан.

2) Кош сөздөр да жөнөкөй ээ болуп келишет.

Мисалы: 1. **Субай-салтандар** өргө моюн бере коюшкан жок. **кемпир-чалдар** кыйналышты. 2. **Кайгы-капабыз** жок, **эси-дартыбыз** тынчтыкта жашоо. ж. б.

### Тутумдаш ээ.

§ 78. Сүйлөмдө аткарган синтаксистик милдеттерине карай өзүлөрүнчө турган **эки, же андан да көп сөздөр өз ара бири-бири менен ажыралгыс түрдө тутумдашып турушуп ээлик милдеп аткарышса, тутумдаш ээ деп аталат.**

Мисалы: 1. Канчалык алыс жүрсөң да, **туулган жер** көз алдында, колун булгалап чакырат (Ш. С.). 2. **Конок күтүү** түнү менен шандуу өттү (К. К.). 3. **Көптү көргөн** көп билет ж. б.

Келтирилген мисалдарда **туулган жер, конок күтүү, көптү көргөн** деген комплекстер тутумдаш ээ болуп келишти. Бул тутумдаш ээлердин ар бири өзүнчө турган эки-эки сөздөн турушат. Алар сүйлөмдөгү аткарган синтаксистик милдетине карай өз ара ажыралгыс түрдө тутумдашып кетишкен.

§ 79. Сүйлөмдүн тутумдаш ээлери өзүлөрүнүн составдык бөлүктөрү болуп келген сөздөрдүн табиятына карай жана алардын калыпташуудагы лексика-синтаксистин бөтөнчөлүктөрүнө карай ар түрдүү түзүлүштө болушат.

Мисалы: 1. Сени окутуп, тарбиялап, маданияттуу **адам кылып чыгарган** Совет өкмөтү болот (К. Б.). 2. **Көптү билген** акылын айтат, **көптү көргөн** бай тажрыйбасын, өмүр жолун айтат. ж. б.

Берилген мисалдарда толук маанилүү сөздөр өз ара ажыралгыс түрдө тутумдашып, сүйлөмдүн тутумдаш ээси болуп түшүштү.

3. **Жалтануу, коркуу деген** Жапарда болобу! (К. Б.). 4. **Өнчөй студенттер** чогулушкан.

Мында толук маанилүү сөздөр менен катыштык сөздөр өз ара ажыралгыс түрдө тутумдашып, булар да сүйлөмдүн дагы бир өзгөчө составдагы тутумдаш ээлери болуп келишти.



5. **Көк туйгун** учат көл бойлоп (фольклордон). 6. **Жоо аяган** жаралуу (эл макалы).

Көрсөтүлгөн мисалдарда болсо туруктуу фразеологиялык айкалыштар тутумдаш ээлик милдет аткарып турушат.

Мына ушундайча, сүйлөмдүн тутумдаш ээлерин алардын составдык бөлүктөрү болуп келген сөздөрдүн өзгөчөлүктөрүнө карата бир нече түргө бөлүп көрсөтүүгө болот.

### Толук маанилүү сөздөрдөн жасалган тутумдаш ээлер.

§ 80. Толук маанилүү сөздөр көп учурларда синтаксистик аткарган милдетине карай өз ара ажыралгыз турдө тутумдашып, сүйлөмдүн тутумдаш ээси болуп келишет. Андай тутумдаш ээлер структурасы жагынан ар кыл болушат, башкача айтканда, тутумдаш ээлердин составына кирген сөздөрдүн бири атооч жөндөмөдө туруп, анын (ээнин) негизги грамматикалык формасын түзөт да, башкалары болсо атооч, же кыйыр жөндөмөлөрдө турушуп, аны менен ажыралгыз биримдикте тутумдашып турган болот.

Сүйлөмдүн тутумдаш ээлерин анын ошол грамматикалык формасын түзүүчү атооч жөндөмөдөгү бөлүгүнө башкаруу байланышы боюнча айкалышып турган сөздөр ажыралгыс түрдө тутумдашып тутумдаш ээлер жасалат.

Мисалы: 1. **Билим алуу** — дүйнөнү таануу. 2. Адамга **тарбия берүү** сыймык жана өтө татаал, анткени, өзүбүз адам болуп туруп башка адамды тарбиялоо, анын сезимине жеткидей акыл айтып, жүрүш-туруштун үлгүсүн көрсөтүү дегендик болот. 3. **Билим алуу** ийне менен кудук казгандай (эл макалы).

б) Сүйлөмдүн тутумдаш ээлеринин составындагы анын грамматикалык формасы катары келүүчү атооч жөндөмөдөгү бөлүгүнө багынынкы абалда турган сыңары кыйышуу байланышында да болот.

Мисалы: 1. Чачкын кыргыздар үчүн ушинтип **баш коштуруу-нун өзү** — чоң нерсе (К. К.). 2. **Киров пароходу** билинер-билинбес чайпалып көлдүн үстүндө (К. Б.). 3. **Бакылдын багы** көгөрбөйт (эл макалы). 4. **Август айы** келип калды. 5. **Ырыстын алды** — ынтымак (эл макалы). 6. Бүтүрүүчүлөргө арналган чоң **кеченин арты** түн ортосу оогондо бүттү (Аб. Т.).

в) Сүйлөмдүн тутумдаш ээлеринин составындагы атооч жөндөмөдөгү негизги бөлүгүнө багынып турган сыңарлары ыкташуу байланышында да турушу ыктымал.

Мисалы: 1. Анын кайсы айылда жүргөнүн **башка жердегилер** үзгүлтүксүз угуп турушту (К. К.). 2. **Коңкогой мурун би-**

лем дегенсип тишин жаркыратты (К. К.). 3. Кызык уйкудагы баланы **кимдир-бирөө** кулактан чоё тарткандай болду (К. К.). 4. **Болбос бала** он сегизинде жаш болот (эл макалы).

1) Ээлик милдет аткаруучу атооч жөндөмөдөгү сөздөр бир нече сөз катары менен ыкташып турушу да мүмкүн. Мын дай шарттарда логикалык басым эң акыркы ыкташып турга сөзгө түшөт да, ошол гана сөз ээлик милдет аткаруучу сө менен ажыралгыс биримдикте туруп, сүйлөмдүн тутумдаш ээс болуп келет. Калгандары болсо өз алдыларынча турган аны тооч мүчө катары келишет.

Анткени, «Көбүрөөк даражадагы органикалык белги катар келген аныктооч аныкталгычтын жанына коюлат да, негизг белги эмес, убактылуу, же кокустук белги катары келген аны тоочтор аныкталгычтан алыскы орундарда жайгашат».[1]

Мисалы: 1. Аны менен бирге өткөргөн балдай таттуу, бал**дай ширин күндөрү,** нечен мунду айтышып, нечен сырды түйүш көн жайкы **айлуу түндөрү** бүгүнкүсүндөй Жапардын көз ал дында турбайбы (К. Б.). 2. Ийри-буйру **бырыш сызыктар** үрпөйгөн **буурул каш** токсондун каардуу белеги сыяктана (Ш. Б.).

2) Тутумдаш ээлердин составындагы ыкташып турган сөздөрдүн ролу көп кырдуу болот. Алар, биринчиден, өзүлөрү багынып турган сөздөргө (атооч жөндөмөдөгү ээлик милдет аткаруучу сөздөргө) кошумча ат маанисин беришет.

Мисалы: 1. **Жээрде кашка бышты** өрдөк мойнун көтөрүп алчыланып жөнөгөндө, Шарипке өзүнчө бир ыракат сезилип турган (Ш. Б.). 2. **Фашисттик жырткычтар** жалгызымдан ажыратты (К. Б.).

Экинчиден, атооч жөндөмөдөгү ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн баяндооч сөздөр менен болгон ырааттуу түрдөгү байланышын тейлөөчү каражат катары да келишет.

Мисалы: Көрсө, **бу кат** менин соңку жазган катыма жазган жообу экен (К. Б.).

Үчүнчүдөн, ыкташуу байланышындагы сөздөр бирде ээлик милдет аткаруучу сөздөр менен ажыралгыс түрдө тутумдашып, сүйлөмдүн тутумдаш мүчөлөрү катары келишсе (1. Практика-да **тың адам** окуганда деле кыйын билет (Ш. Б.). 2. Өзүлөрү эле келген **аттуу-тондуу кишилер** да толуп жатат (Н. Б.). Башка бир шарттарда алардын ар бири өзүлөрүнчө туруп тийиштүү синтаксистик милдет аткарышат (1. **Тың студенттерибиз — булар.** 2. **Аттуу адамдар тигил четке чыккыла**).

Ошондуктан ар дайым жекече алынган шартына жараша мамиле кылуу керек.

[1] Н. К. Дмитриев, Детали простого предложения, сб. Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков, АН СССР, М., 1961, 30-бет.



Төртүнчүдөн, тутумдаш ээлердин составындагы ыкташып турган сөздөр маани жагынан басымдуулук кылышып, атооч жөндөмөдөгү багындыруучу сөздөр аларга маани жактан көз каранды абалда болушу да ыктымал.

Мисалы: 1. Сапардын окууга баруусун **колдоп жаткан себеби** да ушундан (Ш. Б.). 2. Анын өз жери Чүйгө **барбай жүргөн себеби** ушул экен (Ш. Б.). 3. Ачмыйган **кара неме** тиктеди да калды.

3) Сүйлөмдүн тутумдаш ээлеринин дагы бир башкачараак составдагы конструкциялары да болот. Андай тутумдаш ээлер мындайча мүнөздө болот: ээлик милдет аткаруучу сөздөргө эсептик сан атоочтор менен көптүк маани билдирүүчү кай бир тактооч сөздөр ыкталышып турушканда, сүйлөм ээлери көптүк сан формасында (**-лар** формасында) турушпайт, себеби, андай ээлерге аталып өтүлгөн сөздөр көптүк маани берип турушат. Ошондуктан сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү аларга окшогон ээлерди көптүк сан формасында туруп ээрчишет.

Мисалы: 1. Найзаларын мелтирете кармашкан **эки баатыр** атка камчы урушту (К. К.). 2. Айлалары кетип, **эки коңшу** кенеш курушат («Эки коңшу», жомок). 3. Элүү чакты кой айдашкан **үч жолоочу** чоң жолдун чаңын буруксутуп жайбаракат баратышат (К. К.).

Мына ушул келтирилген мисалдардагы **эки, үч** деген ыкташып турган сөздөрдү, бир жагынан, өз алдыларынча турган сүйлөм мүчөлөрү катары алууга да болор эле. Экинчи жагынан караганда, алар (эки, үч) аныкталып турган сүйлөм ээлеринен (баатыр, коңшу, жолоочу) ажыратылып ташталган болсо, баш мүчөлөрдүн ортосунда тийиштүү байланыш биримдиги бузулуп калат, алар ырааттуулук маанилеринен ажырап калышат. Ошол себептүү мындайча составдагы ээлерди, шарттуу түрдө болсо да, сүйлөмдүн тутумдаш мүчөлөрү катары кароого ниеттенебиз, бирок кесе айта албайбыз, дагы изилдениши, такталышы керек сыяктанып турат.

4) Жандоочтук аныктоочтор тутумдашып турган комплекстер сүйлөмдүн дагы бир өзгөчө түрдөгү тутумдаш ээлери болуп келишет.

Мисалы: 1. **Эчки капыр** тамырына доо кетирди (Ш. Б.). 2. Учурунда **Огомбай маркум** да чертчү экен (К. К.) 3. Үнүн кырылдаткан **Кара ырчы,** өлгөндү күлдүргөн **Айдараалы жөргөлөк,**[1] Сарбарпысын ойдолоткон **Оторбай молдо** Токтогулду исат менен тосуп алышты (К. К.). 4. **Аалы карыя** күндөгүсүнөн эрте турган. 5. **Сайкал апа** сөзүн улантты (К. М.) 6. Элжатса да, **Элебай акем** жатпайт (эл макалы).

[1] Кара ырчы, Айдараалы жөргөлөк, Оторбай молдо деген сыяктуу жандоочтук комплекстер энчилүү атка айланып кетишкен. Ошондуктан тутумдаш мүчө катары келе алышпайт.

Эгерде, белгиленип өтүлгөн жандооч сөздөр сүйлөм ээлери не карай төрчүл орун тартибинде жайгашкан болушса, анда комплекстер сүйлөмдүн тутумдаш ээси боло алышпайт.

Мисалы: 1. **Врач Жамал ишмердиги, мамилеси менен элди сыйга жетишти.** 2. **Уста Акмат убадасына жетти.**

Себеби, мындайча курулуштагы сүйлөмдөрдө **врач, уста** деген сөздөр ээ болуп келген **Жамал, Акмат** деген сөздөрдүн заттык катыштарын билдиришип, өз алдыларынча турушка сүйлөм мүчөлөрү болуп келишет.

**§ 81.** Сүйлөмдүн тутумдаш ээлери кош айтылган сурама ат атоочтордун жамдалып айтылышы аркылуу жасалышы да мүмкүн.

Мисалы: 1. **Кимде-ким** көргөн, билген болсо, кабар айт көргүлө. 2. **Ким-ким** келди? 3. **Эмне-эмнелер** иштелди, ошолор жөнүндө айт.

Көрсөтүлгөн мисалдарда **кимде-ким, ким-ким, эмне-эмнелер** деген комплекстер тутумдаш ээ болуп келишти.

**§ 82.** Сүйлөмдүн толук маанилүү сөздөрдөн жасалган тутумдаш ээлеринин дагы бир өзгөчө түрүн жайылма комплекстерден[1] болгон тутумдаш ээлер түзүшөт.

Бул тутумдаш ээ болуп келген жайылма комплекстердин тутумуна кирип, ажыралгыс биримдикте турган толук маанилүү сөздөр өз ара башкаруу байланышында да, же ыкташуу, же кыйышуу байланыштарында да болушпайт. Алар өз ара тең байланышта турган комплекстер да эмес.

Жайылма комплекстер сырткы түзүлүшү жагынан сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнө окшоп кетишет, башкача айтканда, бирде атооч жөндөмөдө туруп, сүйлөмдүн ээсине окшоп кетсе, экинчиси түзүлүшү жагынан баяндооч мүчөлөргө окшош болуп турат.

Бирок алар, андай комплекстер, азыркы кыргыз тилинин шартында өз алдыларынча турган сүйлөм катары келе алышпайт. Анткени, анын тутумундагы эки сыңары биригип келип сүйлөмдүн башка бир мүчөсүнө ыкташып, же башкарылып аныктоочтук, же толуктоочтук, же дагы бир башка түрдөгү сүйлөмдүн мүчөсү болуп келет. Өз алдынча сүйлөмдүк милдет аткаруучу комплекстерге (баш мүчөлөргө) мындайча мүнөздөгү багынуучулук мүнөздүү эмес.

Бул бир жагынан болсо, экинчи жагынан, жайылма комплекстерде сүйлөмгө мүнөздүү интонациялык бөтөнчөлүктөр да жок болот. Ошондуктан жайылма комплекстерди сүйлөмдүн бул, же тигил мүчөсү катары кароого туура келет.

Жайылма комплекстердин составдык жагы ар түрдүү болот. Жайылма комплекстерден болгон тутумдаш ээлерди мына

[1] К. К. Сартбаев, Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси. Фрунзе, 1957, 64—69-беттерди караңыз.



ошол сыңарларынын составына карата сөз түркүмдөрү боюнча мындайча белгилөөгө мүмкүн:

а) Жайылма комплекстерден болгон тутумдаш ээлердин биринчи сыңарлары зат атооч, экинчи сыңарлары атоочтук болот: 1. **Калк сүйгөн** кадырлуу болот, **эл сыйлаган** эрке болот. 2. **Уяты чыккан** жер карайт, **уурулук кылган** жар карайт (эл макалы).

б) Биринчи сыңарлары ат атооч, экинчи сыңарлары атоочтук болот: 1. **Биз көргөн** бул эмес. 2. **Сен айткан** ушул китеппи?

в) Биринчи сыңарлары зат атооч, экинчи сыңарлары сын атооч болот: **Эрки күчтүү** кыйынчылыкка чыдайт, азап-тозоктон коркпойт.

г) Биринчи сыңарлары зат атооч, экинчи сыңарлары **бар, жок, аз, көп** деген сөздөрдөн болот: **Абийири бар** жатык болот, **арманы көп** жашык болот.

д) Биринчи сыңарлары зат атооч, экинчи сыңарлары сан атооч болот: **Номери отузунчу** — биздин үй ж. б

## Толук маанилүү сөздөр менен катыштык сөздөрдүн айкалышынан жасалган тутумдаш ээлер.

**§ 83.** Сүйлөмдүн тутумдаш ээлери толук маанилүү сөздөр менен катыштык (жардамчы) сөздөрдүн айкалышынан да жасалат.

Мындайча составдагы тутумдаш ээлерди катыштык сөздөрдүн түрлөрү боюнча төмөндөгүчө көрсөтүүгө болот:

а) Күчөтмө сөздөр айкалышып турган **толук маанилүү** сөздөр сүйлөмдүн тутумдаш ээси **болуп келишет.**

Мисалы: 1. **Өтө жаман** өзүн мактайт, **өтө коркок** жашынарга жер таппайт (эл макалы). 2. **Өңчөй жаштар** чогулган.

б) Толук маанилүү сөздөргө функционалдык, же башка түрдөгү катыштык сөздөр айкалышып турушуп да, аларга октогон комплекстер сүйлөмдүн тутумдаш ээлери болуп келишет.

Мисалы: 1. **Биерге дейре** биздин жер. 2. Алар **балдар экени** алыстан эле таанылды (К. К.). ж. б.

Бирок буларга окшогон толук маанилүү сөздөр менен катыштык сөздөрдүн айкалышынан турган тутумдаш ээлер толук маанилүү сөздөрдүн айкалышынан болгон тутумдаш ээлерге караганда өзгөчөрөөк абалда болушат, сүйлөмдүн тутумдаш ээлерине коюлуучу талапка белгилүү даражада туура келе бербейт. Анткени, тартип катары, катыштык сөздөр толук маанилүү сөздөрдүн аналитикалык формалары катары келишет. Бирок, ошондой болсо да, алар өз алдынча турган лексикалык единицалардын айкалышынан тургандан кийин, сүйлөмдүн тутумдаш мүчөлөрү катары берүүнү туура таптык.

## Туруктуу фразеологиялык айкалыштардан болгон тутумдаш ээлер.

§ 84. Туруктуу фразеологиялык айкалыштар да сүйлөмдүн тутумдаш ээлери болуп келишет.

Мисалы: Жанагы үзүктөй ак таштын алдынан **көк тут** бургуйт (Ш. С.). 2. **Береген колум** алаган (эл макалы). 3. **Оо менен орок оргон** — ушул жигит.

Анткени, туруктуу фразеологиялык айкалыштар бир нече сөздүн айкалышынан турса да, баары биригип келип, сүйлөмдүн бир гана мүчөсү болуп түшүшөт.

Сүйлөмдүн тутумдаш ээлери алардын милдетин аткаруу туруктуу фразеологиялык айкалыштардын калыпталыш даражаларына жараша ар кыл табиятта болушат.

Мисалы, тутумдаш ээ болуп келген туруктуу фразеологиялык айкалыштардын айрым сыңарлары башка сөздөр менен алмаштырылып турушу ыктымал.

Мисалы: 1. **Ак шумкар** алар чабыттап
Айдың көлдүн өрдөгүн (А. У.).
2. Ашыгы болсо **ак кептер**
Ак туйгундун көктөгү (фольклордон).
3. **Ак булуттар** таарынып, ажырашкан балдардай болуп бөлүнүп үзүлө баштады (К. Б.).

Бул келтирилген мисалдардагы **ак шумкар, ак туйгун, ак булут** деген фразеологиялык айкалыштар **көк шумкар, көк туйгун, боз туйгун, көк кептер, кара булут** түрүндө да учурашы мүмкүн.

Же сүйлөмдүн тутумдаш ээлери өзүнүн тутумундагы бул же тигил сыңарын башка сөздөр менен алмаштырууга мүмкүн болбогон фразеологиялык айкалыштардан болушу да мүмкүн.

Мисалы: 1. Ошондо да, **курган жаш жүрөк** сени эстейт (К. Б.). 2. **Күлгүн жаш** бир келет, ал кичүүлөрдү чоң турмуштун үзүрүнө жетүүгө, өзүнөн улуулардын мыкты сапаттарын өздөштүрүүгө, туурооого бөпөлөйт. 3. **Кара жамгыр** ак жаанга айланды.

Тутумдаш ээлер тутумундагы сыңарларын таптакыр башка сөздөр менен алмаштырууга мүмкүн болбогон жана ал сыңарлардын ажыралгыс биримдиги (комплекси) өз маанилерине туура келбеген (башка маани билдирүүчү) туруктуу фразеологиялык айкалыштардан да болушу ыктымал.

Мисалы: 1. **Оозунун салы жогу** ошол. 2. **Кызыл кекиртек** уялабы, анын мурдун балта чаппайт. 3. **Сиркеси суу көтөрбөгөнү** анын оорулуулугунан. ж. б.

Туруктуу фразеологиялык айкалыштарга башка сөздөр ажыралгыс түрдө тутумдашып туруп да, тутумдаш ээ болуп келе бериши мүмкүн.



Мисалы: 1. Оозун араандай ачып олтура берсе, **кол жууду болуу** кыйын эмес. 2. **Кой оозунан чөп албаган неме** капарына албагандай көрүнөт. ж. б.

§ 85. Татаал аттар да (мекеме, уюм, чарба ж. б. аттары) сүйлөмдүн тутумдаш ээлери болуп келишет.

Мисалы: 1. Райондун борборунда жалгыз гана **орто мектеп** бар (Ш. Б.). 2. **Сегиз жылдык мектеп** биздин райондо өтө көп. 3. **Жогорку Совет** — закон чыгаруучу эң жогорку орган ж. б.

Татаал аттар да туруктуу фразеологиялык айкалыштардын өзгөчө бир түрү болуп саналат. Алар канча сөздөн турушса да, бир гана түшүнүктүк маани билдиришет, бул жагынан алганда татаал сөздөргө өтө окшош келишет, бирок булар лексикалашкан эмес. Ошондуктан сүйлөмдүн тутумдаш мүчөлөрү болуп саналат.[1]

Татаал аттардан болгон тутумдаш ээлердин структуралык жагы ар түрдүү болот. Башкача айтканда, татаал аттар сөздөрдүн кыскартылбай толук түрдө айтылышынан да, же муун, же башкы тыбыштарынан да кыскартылып айтылышынан да жасалышы ыктымал, мына ошого карай татаал аттардан жасалган тутумдаш ээлердин да структуралык жагы ар кыл болушу мүмкүн.

Мисалы: 1. **Советтик Социалисттик Кыргыз Республикасы** — Советтер Союзунун тең укуктуу он беш союздук республикасынын бири. 2. **ВЛКСМ** — Коммунисттик партиянын резерви. 3. **Профсоюз** — коммунизмдин мектеби (В. И. Ленин). 4. **«Мектеп» басмасы** жылдан-жылга китептерди да көп чыгарууда жана алардын сапат жактары да жакшырууда. ж. б.

## Сүйлөмдүн тутумдаш ээлеринин маанилери.

Сүйлөмдүн жөнөкөй ээлери анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн семантикалык мазмундуулугуна карай, же ал ээлер катышта турган баяндооч, же айкындооч сөздөрдүн таасирине карай ар кыл маани бөтөнчөлүктөрүнө ээ болуп турушкан сыяктуу эле, тутумдаш ээлер да алардын тутумуна кирген сөздөрдүн бири-бирине тийгизген таасири астында ар кыл маани өзгөчөлүктөрүнө ээ болуп турушат.

Аларды тийиштүү байланыш формаларына карата төмөндөгүчө көрсөтүүгө болот.

§ 86. Сүйлөмдүн тутумдаш ээлеринин составына кирген сөздөрдүн атооч жөндөмөдөгү негизги бөлүгүнө багынынкы

---

[1] Кайсы бир муундан кыскартылган татаал аттардын лексикалашуу тенденциясы басымдуулук кылып баратат (профсоюз, комсомол, обком, вуз ж. б.). Эгерде, мындай комплекстер бүтүн сөз (лексикалашып кеткен сөз) катары каралган, алынган болсо, анда аларга окшогон ээлерди сүйлөмдүн жөнөкөй ээси катары караган болор элек.

абалда турган сыңарлары башкаруу байланышында тур
болсо, андай тутумдаш ээлер сыпаттык, абал маанилери
болушат: 1. **Эне сүтүн эмген** эрке, **элге ишинен жаккан** э
2. **Алын билбеген** алек (эл макалы). 3. **Эр сыйлаган** эшик
калбайт, **ат сыйлаган** жөө калбайт (эл макалы).

Мындай мүнөздөгү тутумдаш ээ болуп келген комплекстин атооч жөндөмөдөгү багындыруучу сыңары, негизинен атоочтуктар менен кыймыл атоочтордон болушат.

§ 87. Сүйлөмдүн тутумдаш ээлеринин составына кир
сөздөрдүн атооч жөндөмөдөгү бөлүгүнө багыныңкы абал
турган сыңарлары ыкташуу байланышында турушса, алар
окшогон тутумдаш ээлер объектилик да, белги да, өлчөм
да, сыпаттык да маанилерде болушат.

Мисалы: 1. Өзүң билесиң, колхоздо азыр жумушка жара
лык **эр бүлө** аз (К. Б.). 2. Асманда **алтын ай** ак булуттар
жиреп жылып бара жаткандай (К. Б.). 3. **Жарым күндү**
ушул. 4. **Эринчээк адам** теринчээк (эл макалы).

§ 88. Сүйлөмдүн тутумдаш ээлеринин составындагы баш
ныңкы сыңарлары кыйышуу байланышында турган бол
андай ээлик комплекстер мындайча маанилерде болушат:

а) Тутумдаш ээлер объектилик мааниде болушат: 1. Ту
**муштун ачкычы** адамдын өз колунда (Т. Т.). 2. **Эр эмге**
жерде калбайт (эл макалы). 3. **Эл достугу** көз жетпеген ас
дай, **жат достугу** кодура чыккан арпадай (эл макалы).

б) Тутумдаш ээлер белги, сыпат, мезгил маанилеринде
болушат: 1. **Эл алды** уйкуга кирип калган. 2. **Балдарынын ал**
алтыда, арты жаңыдан эле тамтаңдап басууга жеткен э
(«КК»). 3. **Кыштын эртеси** адамга да, айбанга да жакш
жок. 4. **Атаңдын** баласы болбо, **адамдын баласы** бол (
макалы).

в) Объектилик мааниде болушуп, кызматтык даража, ун
аттары катары келишет: 1. **Пионер уюму** өзүнүн кучагына ми
деген, миллиондогон өспүрүмдөрдү бириктирет («КП»
2. **Директордун орун басары** доклад жасады.

г) Бүтүндүн бөлүгүн билдиришет: **Үйдүн төбөсү** ремонт
толду.

д) Мезгил маанисин билдиришет: 1. **Окуу жылы** башта
ды. 2. **Март айы** келди. 3. **Жай убак** жакшы мезгил.

ж) Белгилүү бир нерсеге арналган объект аттары катар
келишет: 1. **Окуу залы** курулду. 2. **Балдар үйлөрү** көбөйү
3. Бизде **автомобиль заводу** курулуп жатат.

е) Сыпат, объект маанилеринде турушуп, анын бир жакш
таандык экенин, же анын тийиштүү байланыш тамырын билди
ришет: 1. **Партия адам** эмгектин, үй-бүлөнүн сонун үлгүсү
көрсөтүү керек. 2. **Профсоюз уюмдары** эмгек тартибин сакто
ишине чакырылган.



## КОРУТУНДУ

1. Сүйлөмдүн ээси өзүнчө жеке турган бир сөздөн болушу мүмкүн. (2. Қымкап кыярат, **кызыл** оңот (эл макалы). 2. **Турмуш** — учу-кыйрына көз жетпеген океан), же өзүлөрүнчө турган бир нече сөз сүйлөмдөгү аткарган милдетине карай өз ара ажыралгыс биримдикте туруп, бир гана ээ болуп түшүшү ыктымал (1. **Найза саймак** эрдиктен, **ат жоорутмак** тердиктен (эл макалы). 2. Анын кайсы айылда жүргөнүн **башка жердегилер** үзгүлтүксүз угуп турушту (К. К.).

Сүйлөмдүн ээлери мына ушул составдык бөтөнчөлүктөрүнө карай жөнөкөй ээ жана тутумдаш ээ болуп экиге бөлүнөт.

2. Сүйлөмдө ээлик милдетти башка сөздөр менен тутумдашпай, өзүлөрүнчө жеке-жеке турган сөздөр аткарып турушса, жөнөкөй ээ деп аталат (1. **Эл** — ыйык. 2. **Окуу** — түгөнбөс гүл азык (Ш. Б.). 3. **Ысык-Көл** жыл бою тоңбойт).

3. Жөнөкөй сөздөр да, татаал сөздөр да сүйлөмдүн жөнөкөй ээлери болуп келишет. Себеби, татаал сөздөр пайда болуш жагынан эки, же андан көп сөздөрдөн турган менен, алар азыркы кыргыз тилинде лексикалашып кетишкен, бир гана сөз болуп саналышат, башка сөздөр менен аткарган синтаксистик милдети жагынан тутумдашып турушкан жери жок (1. **Өнөр** көккө жеткирет (эл макалы). 2. **Кайгы-капабыз** жок, **эси-дартыбыз** — коммунизмди куруу. 3. **Көк-Бел** — жакшы жайлоо ж. б.), ошондуктан сүйлөмдүн жөнөкөй ээси катары пана келишкен болот.

4. Сүйлөмдө өзүлөрүнчө турган эки, же андан да көп сөздөр аткарган синтаксистик милдеттерине карай өз ара бири-бири менен ажыралгыс түрдө тутумдашып туруп ээлик милдет аткарышса, сүйлөмдүн тутумдаш ээси болуп келет (1. **Көптү көргөн** көп билет. 2. Канчалык алыс жүрсөң да, **тууган жер** көз алдыңда, колун булгалап чакырат (Ш. С.). **Жалтануу, коркуу деген** Жапарда болобу! (К. Б.). 4. **Жоо аяган** жаралуу (эл макалы).

5. Сүйлөмдүн толук маанилүү сөздөрдүн айкалышынан турган тутумдаш ээлеринин сыңарлары өз ара башкаруу байланышында турушу ыктымал (1. Адамга **тарбия берүү** ардактүү да, кыйын да иш. 2. **Билим алуу** ийне менен кудук казгандай (эл макалы), ж. б.), же кыйышуу (1. **Ырыстын алды** — ынтымак (эл макалы). 2. **Үч-Төр жайлоосу** оттуу да, салкын да, малга жайлуу да келет.), же ыкташуу байланышында турушу да мүмкүн (**Бул жак** малга да, эгинге да бай, сууга мол келет).

6. Сүйлөмдүн тутумдаш ээлери кош айтылган сурама ат атоочтордон да болушат (1. **Ким-ким** келди. 2. **Эмне-эмнелер** бүттү. 3. **Кимде-ким** кечигип калса, эртең келсин).

7. Жайылма комплекстер да сүйлөмдүн тутумдаш ээлери болуп келишет (1. **Эр сыйлаган** эшикте калбайт, **ат сыйлаган**

жөө калбайт (эл макалы). 2. **Уяты чыккан** жер карайт, **ууруу кылган** жар карайт (эл макалы). 3. **Арманы көп** жашык болот, 4. **Куш аяган** көк карайт, **ат аяган** жер карайт (эл макалы).

8. Тутумдаш ээлер толук маанилүү сөздөр менен катышып (жардамчы) сөздөрдүн айкалышынан болушу да мүмкүн (1. **Өтө жаман** өзүн мактайт (эл макалы). 2. Алар **балдар эк**ени алыстан эле таанылды (К. К.).

10. Турукту фразеологиялык айкалыштар да тутумдаш э болуп келишет (1. **Кара жамгыр** ак жаанга айланды. 2. К**оозунан чөп албаган неме** капарына да алган жок. 3. **Советтик Социалисттик Кыргыз Республикасы** эгинге, малга, мадан эсүмдүктөргө, кенге өтө бай).

---

# III БӨЛҮК

## БАЯНДООЧ

### I ГЛАВА

### Баяндооч мүчөлөрдүн кыргыз тилинин синтаксисинде алган орду.

§ 89. Баяндооч сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн бири болуп, грамматикалык жактан ээлик милдет аткаруучу сөздөргө багынынкы абалда болот да, анын (ээнин) **аракетин** (Жигит **келишсе**, кыз качпайт (эл макалы), абалын (Күн **жылыды**), **кимдигин, эмнелигин** (1. **Торгой элем,** басылдым. **Тобурчак элем,** басындым (Токтогул). 2. Күн — планета), **сынын сан**иретин (1. Кыргызстандын эли **эки миллион. 2.** Эл чогула келгенде, элиришке мен **кызык** (Токтогул). 3. Сен **билимдүүсүң**), дагы ушулар сыяктуу ар кыл кырдаалдарын баяндап турат.

Баяндооч мүчөлөрдүн бул сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилеринин ар кылдуулугу, бир жагынан, баяндоочтук милдет аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн семантикалык табиятына байланыштуу болсо, экинчи жагынан, анын, баяндооч болуп келген сөздөрдүн, **түзүлүш (форма) өзгөчөлүк**төрүнө да тыгыз түрдө шартталган болот.

**§ 90.** Түрк тилдеринде баяндооч сөздөрдүн изилдениш даражалары бирдей деңгээлде эмес жана анын аныктамасы да бир кыл эмес, белгилүү бир системага келтирилген эмес.

а) Маселен, Н. П. Дыренкова[1] баяндоочтун аныктамасын этиштик баяндоочторго карай гана негиздейт. Анда баяндоочтук милдет аткаруучу башка сөз түркүмдөрүнүн ээ жөнүндө баяндоочу маанилери назарга алынган эмес.

---

[1] «Ээнин аракетин, абалын билдирүүчү сүйлөм мүчөсү баяндооч деп аталат» (Н. П. Д., Грамматика ойротского языка, М.-Л., 1940, 234-бетти караңыз).
«Баяндооч сүйлөмдүн субъектисин мүнөздөө жагын кучагына алат, сүйлөмдө билдирилип жаткан (сөз болуп жаткан — А. Ж.) нерсенин, же жактын аракетин, абалын билдирет, ошондойчо эле, нерсенин, же жактын бар экенин, же жоктугун көрсөтөт» (Н. П. Д. Грамматика шорского языка, М.-Л., 1941, 252-бетти караңыз).

б) профессор А. Н. Кононов тарабынан: «Ээ жөнүндө к... дайдыр бирдеме билдирүүчү сүйлөмдүн өзгөчө мүчөсү — ба... дооч»,[1] боло тургандыгы белгиленет.

в) Профессор М. Б. Балакаев[2] баяндоочтун табиятын то... гураак мүнөздөйт. Ал: «Ээ тарабынан болуучу ар кыл аракет... абалды, же башка бир белгини билдирүүчү баш мүчөлөрд... бири баяндооч», — боло тургандыгын көрсөтөт.

Бул берилген аныктамаларда баяндооч сөздөрдүн белги... ри кеңири, жакшы берилген. Ошондой болсо да, анын ээ... карай, сөз түркүмдөрүнө карай болгон катышын да кошо бер... артыкчылык кылат го деп ойлойбуз.

**Сүйлөм ээсине грамматикалык жактан багыныңкы абал... туруп, анын кыймыл-аракетин, абалын, ким-эмнелигин, белги... менен сан-иретин, дагы ушулар сыяктуу кырдаалдарын баянд... турган баш мүчөлөрдүн бири баяндооч мүчө деп аталат.**

Албетте, бул аныктама да баяндооч мүчөлөрдүн көп к... дуу табиятын толук түрдө өз кучагына камтый албайт. Мын... баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн, башкача айтканд... баяндооч мүчөлөрдүн сүйлөм ээлерине карай болгон багыны... кы абалы жана анын ээ жөнүндө билдирүүчү негизги маани... ри гана алынган болот.

Соңку мезгилдерде орус тил илиминде[3] баяндооч сөздөр... аныктамасы анын багыныңкы абалына, анын милдетин ат... руучу сөз түркүмдөрүнө жана алардын тийиштүү формаларын... карата берилип жүрөт.

Чынында да, баяндоочтук милдет аткаруучу бардык с... түркүмдөрү саналып өтүлбөсө да, баяндоочтордун түзүлү... (формасы) кошо камтылган болсо, эреже толугураак да, та... раак да болор эле. Бирок андай болгондо эреже өтө узун бол... кеткен жатат, анткени, түрк тилдеринде баяндоочтук формал... орус тилине караганда саны жагынан алда канча көп кырд... келип, толук эреженин берилиши теориялык кызыкчылык га... болбосо, практикалык жактан анын өздөштүрүү ишин татаа... даштырууга алып келер эле.

**§ 91.** Баш мүчөлөрүнүн ичинен сүйлөмдүн баяндооч мүчөл... рүнүн ролу айрыкча чоң.

Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн структуралык көп түрдүүлүгү, ти... тери демек, ар кыл кылдат-кылдат маанилерди билдириши, не... гизинен, баяндооч мүчөлөрдүн структурасы, табияты мене... тыгыз түрдө байланыштуу болот. Ошондуктан баяндооч мүч... лөрдүн табиятын айкын түрдө элестетпей туруп, сүйлөмдү...

---

[1] А. Н. Кононов, Грамматика современного турецкого литературн... языка, М.-Л., 1958, 386-бетти караңыз.

[2] М. Б. Балакаев, Современный казахский язык, синт., Алма-Ат... 1959, 131-бетти караңыз.

[3] Грамматика русского языка, ч. II, АН СССР, М., 1954, 386-бетти кар... ңыз.



бул, же тигил мүнөздөгү касиеттерин аныктоо иши да толук ийгиликке ээ боло албайт. Ушинтип, сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн илимий жактан аныкталышы теориялык да, практикалык да мааниге ээ. Сүйлөм жөнүндөгү окуунун туура жарык болушунда баяндооч сөздөрдүн ролу мына ушундайча.

а) Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнө арналган атайын монографиялык изилдөөлөр азыркы кыргыз тилинде жүргүзүлө элек. Нормативдик грамматикаларда гана жалпы мүнөздөгү маалыматтарды учуратабыз.[1]

Аларда мектеп балдарынын жаш жана билим өзгөчөлүктөрүнө ылайыкталып, баяндоочтун аныктамасы, анын милдетин аткаруучу сөздөр, ээ менен болгон байланышы берилген. Илимий жагынан терендетилген эмес.

Мына ушул кырдаалдар сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн табиятын терең түшүнүү жагын гана эмес, баяндооч мүчөлөргө байланышта чечилүүгө тийиш болгон синтаксистин башка маселелерин тактоодо да белгилүү даражадагы жолтоолук болуп келе жатат.

Маселен, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн структуралык өзгөчөлүктөрүнүн, типтеринин алигиче жетиштүү түрдө аныктала электиги, сөзсүз, баяндооч мүчөлөрдүн илимий жактан жарык кылынбагандыгынын натыйжасы болуп саналат. Ошондойчо эле, кошмо сүйлөмдөрдүн да структуралык жагы менен функционалдык түрлөрүнүн айрым бир түрлөрүнүн айкындалбай талаш-тартыш маселелер катары келе жатышы, сөзсүз, бир жагынан, сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн табиятынын жетиштүү даражада чечилишине байланыштуу болсо, экинчи жагынан, кошмо сүйлөмдөрдүн табияты да анын курулуш материалдары болуп келүүчү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрүнүн жетишерлик деңгээлде иштелип чыга электигине байланыштуу көрүнүш экендиги талашсыз маселе.

б) Адабий тилибизде[2] жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бир нече түрү гана белгиленип жүрөт. Алар: атама, толук, кемтик, жалаң, жайылма, ээсиз, кыскартылган баяндоочтуу, бироңчөй жана жалпылагыч мүчөлүү, түшүндүрмө мүчөлүү сүйлөмдөр менен каратма, кириндi, сырдык сөздөр катышкан жөнөкөй сүйлөмдөр. Анын үстүнө, булар орто мектептин окуучуларына ылайыкталып берилгендиктен, алардын табияты толук ачылбаган, терендетилип илимий деңгээлде берилген эмес.

Жогоруда көрсөтүлгөн жөнөкөй сүйлөмдөр анын бардык түрлөрүн өз кучагына ала албайт.

---

[1] Т. Актанов, **Грамматика, II, синт.,** педагогия оку жайлары үчүн, Фрунзе, 1940; Н. Макешев, К. Бакеев, Т. Актанов, Кырг. тил. гр., II синт., Фрунзе, 1940; Н. Макешев, К. Бакеев, Т. Актанов, Кырг. тил. гр., II синт. VI—VI—VII кл. үчүн, Фрунзе, 1948; А. Жапаров, Кырг. тил. гр., II синт. VI—VII кл. үчүн, Фрунзе, 1950. А. Жапаров, Кырг. тил. гр. II синт., педагогикалык окуу жайлары үчүн, Фрунзе, 1951.

[2] Мектеп грамматикалары жөнүндө сөз жүрүп жатат.

Маселен, ээсиз сүйлөмдөрдү алсак, мында, жөнөкөй с
лөмдүн бул түрүнө, ээлик милдет аткаруучу сөздөр катышпа
сүйлөмдөрдүн бардык түрлөрү киргизилген. Же атама сүйл
дөргө көз чаптырып көрөлү. Атама сүйлөмдөргө да бир сост
дуу сүйлөмдөрдүн өзгөчө түрү катары алынууга тийиш бол
атоо маанисинде колдонулуучу мекеме, газета, журнал, мак
аттары да кошо камтылып кеткен. Ошондойчо эле, эки сост
дуу сүйлөмдөрдүн да бир кыйла түрлөрү али бөлүнө э
Маселен, тартип катары бардык учурларда сүйлөмдүн бул,
тигил түрүндө, мейли сүйлөм ээлери катышып турсун, мейли
болуп түшкөн сөздөр көмүстө калышсын, же өзгөчө ыкма ка
ры сүйлөмдө катышуу мүмкүнчүлүгү жок болуп турсун, бар
учурда андай сүйлөмдөрдүн бардыгы бирдей касиеттеги с
лөмдүн түрү катары алынып жүрөт. Эмдигиче жактуу, жакс
жамдама жактуу, туюк жана аныктама жактуу сүйлөмдөр
түрлөрү бөлүнүп чыгарыла элек.

Маселен, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бир нече түрлөрүнө азы
кы талдоо жүргүзүп көрөлү.

1. **Бул жөрөлгөңөр жакшы** (Ш. Б.). **Бул качып келе жат
керек** (К. Ж.).

Бул сүйлөмдөр — баш мүчөлөрү бүт катышкан толук с
лөмдөр.

2. **Күү чертип эркин сайраган**
**Күкүк элем, наалыдым.**
**Күжүрмөн тынбай чуркаган**
**Күлүк элем, талыдым** (Токтогул).

Берилген мисалдарда сүйлөм ээлери көмүстө калышы
кайсы сөздөрдүн ээ болуп келишери **күкүк элем, наалыды
күлүк элем, талыдым** деген баяндоочторго жалганып турга
жак уландылары аркылуу билинип турат. Булар — ээлери к
мүстө калган толук сүйлөмдөр болуп саналат.

3. **Жакшыны жатым дебе, жаманды өзүм дебе** (эл макалы
**Акмактын артында жүр, акылдуунун алдында жүр** (эл м
калы).

Мында болсо сүйлөм ээлери катышкан жок, баяндоочтор
аркылуу гана экинчи жакта турган сөздөрдүн ээ болору бил
нип турат. Бирок мында баяндоочтор жамдама мүнөзгө ээ б
луп турушкандыктан, сүйлөм ээлерин жекелик санда турга
сен деген сөз деп кароо жетишсиздик кылат, мындайча сүй
лөмдөрдө ээнин түшүп калышы нормага айланып, жамдам
жактуу сүйлөмдөр пайда боло баштаган.

4. **Аракет кылса—берекет** (эл макалы). 5. **Жоготконго кү
йүнөт, жок тапканга** сүйүнөт.

Мында да сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү аркылуу III жак
та турган сөздөрдүн ээ болуп келишери билинип турат де
айтууга болот, бирок ал белгисиз, күдүк маани билдирүү ыгы
катарында речте колдонулбай калган. Аракет кылуучу жак



белгисиз, туюк мазмундагы сөз болуп туюк жактуу сүйлөмдүн түрү пайда болгон.

6. **Эл ичинде кыдырган**
**Эшен болот дечү эле** (Токтогул).

7. **Ал ашууну Улуу-Чат ашуусу дейт** (К. Ж.).

Бул көрсөтүлгөн мисалдарда болсо грамматикалык жактан сүйлөмдүн кош кабат предикативдик формадагы баяндооч мүчөлөрү аркылуу III жакта турган сөздөрдүн ээ болорун белгилөөгө мүмкүн болсо да, практикада сүйлөм ээлери колдонулбайт. Бул да туюк жактуу сүйлөмдөрдүн жасалышынын дагы бир ыгы болуп саналат.

8. **Акмакка корогон кайран сөз.** 9. **Душмандан коркууга болбойт.** 10. **Какаганга муштаган** (эл макалы). 11. **Жаман адаттан качыш керек.**

Бул берилген мисалдарда ээлик милдет аткаруучу сөздөр катышкан жок, алардын кайсы жактагы сөздөр экендиги да белгисиз. Ал эми, башка бир учурларда алардын баш мүчөлөргө ажыратылышы такыр эле мүмкүн болбой турат.

12. **Менин иштегим келип турат. Сенин да окугуң келдиби?**

Мында болсо логикалык жактан аракет кылуучу жактар (**менин, сенин**) белгилүү болуп турушса да, алар грамматикалык жактан сүйлөм ээлерине коюлуучу бул, же тигил мүнөздөгү талапка жооп бере алышпайт.

13. **1920-жыл, күз айлары, түн, коңур салкын жел беттен сылайт.**

Көрсөтүлгөн мисалда үч атама сүйлөм катышты. Бирок бул турушу боюнча жөнөкөй сүйлөм эмес — кошмо сүйлөм.

в) Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн илимий жактан аныкталышы жөнөкөй сүйлөмдүн табиятын терең түшүнүү мүмкүнчүлүгүн берүү менен бирге, кошмо сүйлөмдөрдүн грамматикалык структурасын тактоо, жөнөкөй сүйлөмдөр менен кошмо сүйлөмдөрдүн ортосуна тийиштүү чек коюу ишинде да чоң ролдо ойнойт.

Кыргыз тили жана башка түрк тилдери боюнча кошмо сүйлөмдүн синтаксисине арналган изилдөөлөрдө, көбүнчө, профессор Н. К. Дмитриевдин башкыр тилинин кошмо сүйлөмүнүн синтаксисине карай берген көз карашы үстөмдүк кылууда. Ар бир изилдөөдө бул, же тигил мүнөздөгү салымдар кошулуп жатат. Ошондой болсо да, ал изилдөөлөрдүн көпчүлүгүндө кошмо сүйлөмдүн синтаксисинин табияты бир жактуу талкууланууда. Анын негизги себептери, биздин пикирибизче, мындайча:

Профессор Н. К. Дмитриевдин башкыр тилинин грамматикасында багынынкы кошмо сүйлөмдөрдүн негизи, норма катары анын тутумундагы ар бир жөнөкөй сүйлөмдүн өз алдыларынча баш мүчөлөрүнүн болушу каралган. Айрым учурларда гана сүйлөм ээлеринин түшүп калышына жол берилет.

Албетте, кошмо сүйлөмдүн негизги белгиси катары анын

тутумундагы ар бир жөнөкөй сүйлөмдүн өз алдынча баш мү
лөрүнүн болушун алуу туура маселе. Бекеринен кыргыз жа
башка түрк тилдеринин нормативдик грамматикаларынын с
малык жагы дал ушул негизде турган жери жок. Сөзсүз, б
башкы да, туура да багыт болуп эсептелет.

Бирок бул ченем кошмо сүйлөмдүн синтаксисинин түркү
түркүн бөтөнчөлүктөрүн жетиштүү даражада өз кучагы
камтый албайт.

Кошмо сүйлөмдүн курулуш материалдары — жөнөкөй сү
лөмдөр. Демек, кошмо сүйлөмдөрдүн табиятын аныктоо
ошол курулуш материалдарынын сапатына назар салбай ко
га болбойт.

1. Дайым эле кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сү
лөмдөрдүн ар биринин өз алдынча баш мүчөлөрү болобу, ж
бул норма жетишсиздик кылабы деген маселе туулат. Албет
андай норма жетишсиздик кылат. Анткени, баш мүчөлөрү т
лук болгон да, толук болбогон да, же ээси такыр эле жок бо
гон да ар кыл курулуштагы жөнөкөй сүйлөмдөр кошмо сү
лөмдөрдүн составдык бөлүктөрү болуп келиши ыктымал.

Мисалы: 1. **Калипа экзаменге жакшы даярданды эле,** бе
**деген баа алды. 2. Мен эртең ат менен келсем, сени тоого ко
ала кетем. 3. Айнысахан бүтүн Кашкарды басып чыккан сулу
бирок акылга тайкы** (К. Ж.).

Бул көрсөтүлгөн мисалдарда ар бир кошмо сүйлөмдө би
ден гана ээ катышты, ар бир ээ анын (кошмо сүйлөмдүн) т
тумундагы эки жөнөкөй сүйлөмгө тең таандык болуп турат.

Мындай орток ээлүү кошмо сүйлөмдөрдө ээ болуп түшкө
сөздөрдүн эки жолу колдонулушу кыргыз тилинин стилд
нормасына туура келбейт. Ушинтип, мындай сүйлөмдөрдө
ээнин бир гана жолу колдонулушу тийиштүү норма, закон ч
немдүүлүгү болуп саналат.

1. **Атты арыганда көр, эрди карыганда көр** (эл макалы
2. **Бир саат сабактан калсаң, далайга сандалгандайсың** (Ш. Б.
3. Көптү көргөндөн сөз оку, көөнөрбөс кылып бөз току (эл м
калы). 4. **Укпайт деп ушак айтпа, билбейт деп ууру кылба** (э
макалы). 5. **Кыздын сулуулугун айтпа, ай десе—аркы, күн десе—
көркү жок** («Береке, Туруке, Кулуке», жомок).

Бул мисалдардагы берилген кошмо сүйлөмдөрдү орток
ээлүү кошмо сүйлөм катары кароого болбойт. Мында сүйлөм
дүн баяндооч мүчөлөрү аркылуу кандай сөздөрдүн ээ болор
белгилүү болуп турса да, алардын речте колдонулушуна жо
берилбейт. Анткени, ал ээлердин түшүп калышы жекелик маан
билдирүүнүн ордуна көптүктү, жамдоо, жалпылоо маанилерин
билдирүү каражаты катары кызмат аткарат, ошондуктан алар
дын түшүп калышы нормага айланып кеткен.

Кошмо сүйлөмдүн мындайча түрлөрү жамдама жактуу же



нөкөй сүйлөмдөрдүн кошмо сүйлөмдүн составдык бөлүгү ката
ры келишинин натыйжасында барып пайда болгон.

Башка бир учурларда жаксыз сүйлөмдөр, же болбосо грам
матикалык ээси болбогон жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бул, же тигил
түрлөрү кошмо сүйлөмдөрдүн составдык бөлүгү катары келиши
ыктымал. Андай болгондон кийин, албетте, кошмо сүйлөмдө
дүн тутумундагы ар бир жөнөкөй сүйлөмдүн өзүнчө ээсинин бо
лушу жөнүндө сөз жүрүшү да мүмкүн эмес. Мисалы: 1. **Андан
маулай жазма стол кебетеленип жабылган алда качанкы бут ма
шина, анын тегерегинде эки отургуч** (Ш. Б.) 2. **Бала, баланын
иши чала** (эл макалы). **Он жетимдеги кезим эле.** 3. **Кайран эр
дин ойлоп тапканы,** башкалар келесоо бекен. 4. Ал кожоюн
жана бек, анын айтканы айткан, дегени деген (К. Ж.). 6. **Же
жандарына баткандыктанбы,** биологдор чыр башташты
(Ш. Б.). 8. **Жакшылыкка жакшылык,** менден эмне каалайсың
(«Кулдун уулу жана зымырык куш», жомок).

2. Кошмо сүйлөмдүн табиятын аныктоодо атоочтук түрмөк
төрдүн айкындалышы да чоң мааниге ээ.

Түрмөктөр кошмо жана жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочтук
структураларын аныктоодо жана айкындооч мүчөлөргө тийиш
түү чек коюуда чоң роль ойнойт. Ошондуктан белгилүү бир сөз
айкалыштары кандайча шартта түрмөк катары, кандайча шарт
та—багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочтору катары, же айкын
дооч катары, же айкындооч мүчө катары каралууга тийиш, мы
на ушул маселелерге айрыкча назар салынуу керек.

Көп учурларда кошмо сүйлөм турпатындагы айрым бир сөз
айкалыштары кошмо сүйлөмдүк милдет аткара алышпайт.
Мисалы: 1. **Айласы түгөнгөндө** Көчөр менен Сатардыкына ба
рып кечкиртти (Ш. Б.). 2. **Таң атарда** аран уктады (Ш. Б.).
3. Үйгө **күн чыкканда** келди, — деген сыяктуу сүйлөмдөрдү ал
сак, мында грамматикалык жагы боюнча **айласы, күн, таң** де
ген сөздөр турпатына карай сүйлөм ээлери катары, **түгөнгөндө,
чыкканда, атарда** деген атоочтуктар баяндооч мүчөлөр катары
каралууга тийиш эле. Бирок бул белгиленген комплекстер кош
мо сүйлөмдөрдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөм болуп келе
алышпайт, алар сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү болуп түшүш
түү. Себеби , мындай комплекстер туруктуу фразеологиялык
айкалыштарга айланып кетишип, тийиштүү сүйлөмдүк маани
берүү касиетинен ажырап калышкан.

Ушинтип, мындан кошмо сүйлөмдөрдү анын тутумундагы
сөздөрдүн ээлик, же баяндоочтук турпатта турушуна карай
аныктоо жетишсиз ченем экендиги көрүнүп олтурат. Мында
сүйлөм ээсинин, же баяндооч формасындагы атоочтуктардын
катышып турушуна карата кошмо сүйлөмдөрдүн табиятын
аныктоого мүмкүн эместиги ачык-айкын көрүнүп турат.

**§ 92.** Кыргыз жана башка түрк тилдеринде баяндооч мүчө
лөр—өтө өнүккөн синтаксистик категория. Ал синтаксистик

ролу жагынан башка синтаксистик категориялардын ичинен алда канча бөлүнүп турат.

Жаксыз жана жамдама, туюк жактуу сүйлөмдөрдө ээлик милдет аткаруучу сөздөр түшүп калышса да, же таптакыр эле жок болушса да, баяндооч мүчөлөрдүн өзүлөрүнчө турушуп эле айрым бир бүткөн ойду билдириши, ошондойчо эле, эки составдуу сүйлөмдөрдө ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн, айрыкча I, II жактарда факультативдик мүнөздө болушу баяндооч сөздөрдүн кыргыз тилиндеги синтаксистик орду көп нерселерди айтып турат, анын сүйлөмдөгү ролу ээге караганда алда канча кеңири экендиги көрүнүп турат.

Бирок баяндооч мүчөлөрдүн ролуна анчалык ашыра баа берүүгө да болбойт. Сүйлөмдө ар бир синтаксистик категориянын өзүнө мүнөздүү ролу, мааниси бар. Ошондуктан сүйлөмдүн табиятын дээрлик баяндоочтун касиетине байланыштыруу аша чабуучулукка гана алып келет.

Маселен, филология илимдеринин кандидаты А. С. Сафаев өзбек тилинде баяндооч мүчөлөр катышпай туруп сүйлөмдүн да болушу мүмкүн эмес[1] деген тыянакка келет. Андай болгондо тийиштүү сүйлөм мүчөлөрүнүн түрлөрүнө ажыратууга мүмкүн болбогон сүйлөмдөрдү, маселен, атама жана башка түрдегү номинативдик сүйлөмдөрдү сүйлөм жөнүндөгү окуунун системасынан чыгарып жиберишибиз тийиш болуп чыгабы (1. **Кыш. Бороон-чапкын. Тун. 1943-жылдын кыш айлары.** 2. **Үчүнчү көрүнүш. Колхоз талаасы. Жайкалган эгиндер.** 3. **Ай сени, арыкты семиз кылган май сени...** (эл макалы). б. ж.) Албетте, мындай көз карашка макул болууга мүмкүн эмес.

### Баяндооч жана баяндоочтук (сказуемость) жөнүндө.

**§ 93.** Ээ менен баяндооч сүйлөмдүн негизги борбору болуп саналат. Сүйлөмдүн табияты, ушундайча, мына ушул баш мүчөлөрдүн ички биримдүүлүгү — синтаксистик катышы менен шартталган.

Оң жана терс заряддар бириктирилмейинче, электр тогу пайда болбогон сыяктуу, бул синтаксистик башкы эки категория болмоюнча, ээ менен баяндооч болмоюнча, принципиалдуу алганда, эки составдуу сүйлөмдөрдүн да болушу мүмкүн эмес. Ушинтип, сүйлөм дегенибиз ээ менен баяндоочтун синтези болуп саналат.[2]

Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү ээ болуп келген сөздөргө грамматикалык жактан багынынкы абалда турган сөздөр болушуп, анын ээ менен болгон катыш биримдиги, формасы ээлик

[1] А. С. Сафаев, Главные члены простого предложения в современном узбекском литературном языке. Ташкент, 1958, 3, 76-беттерди караңыз.
[2] Н. К. Дмитриев, Грамматика башкирского языка, М.-Л., 1948, 202-бетти караңыз.



милдет аткаруучу сөздөрдүн жак жана сан өзгөчөлүктөрүнө карай шартталат[1], маселен, ээ I, II жактардагы сөздөр болушса, баяндоочтор да ошол жак формаларында болушат да, ээлик милдет аткаруучу сөздөр II жакта турушса, баяндооч мүчөлөр нолдук жак формасында турушат.

Мисалы: 1. **Биз азыр студентпиз. Келечекте ар бирибиз өз бетибизче иштейбиз. 2. Силер жашсыңар, өсөсүңөр, келечектин ээси болосуңар.** ж. б.

Бул берилген мисалдарда баяндооч сөздөр тийиштүү жак уландыларында турушат. Ал жак уландылары алардын баяндоочтук формасы катары да, байланыш формасы катары да кызмат кылып турат.

3. **Түштүктүн байлыгы — жемиш. Тянь-Шандыкы — эт** (Ш. Б.). 4. **Улуусунун аты — Кулуке, ортончусу — Туруке, кичүүсү — Береке** («Береке, Туруке, Кулуке», жомок). 5. **Менин балам — ушул** («Бала менен сыйкырчы», жомок). 6. **Ушундай сонун элдин балдарын тарбиялоо — сыймык, даңк** (Ш. Б.).

Келтирилген мисалдарда болсо баяндооч сөздөрдүн ээге карай алган сончул орун тартиби алардын баяндоочтук формалары катары келишти да, дал ошол орун абалы алардын синтаксистик милдетин шарттап турат.

Ошондойчо эле, **көмөкчү сөздөр** менен кудук **-дыр,** суроолуу **-бы** уландылары да баяндоочтук форма катары келе беришет.

Мисалы: 7. **Сандаган кыргыз калың эл**
**Сагынгандыр үнүмдү** (Токтогул).

8. **Бул анын башынан өтүп жаткан биринчи окуя эмес** (Ш. Б.). 9. **Көрсө, атты сатып алган Өкүш сыйкырчы экен** («Бала менен сыйкырчы», жомок).

Мына ушундайча, бул талданып өтүлгөн мисалдардан баяндооч сөздөрдүн синтаксистик милдети жана ал милдетине туура келген, шарттап турган формалары алардын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн табиятына байланыштуу болуп, ал «Сөздөрдүн негизги түрлөрүнүн айырмасы алардын грамматикалык милдетинен, **грамматикалык табиятынан, формаларынан** (разряд меники—А. Ж.) көрүнүп турат».[2]

Өз учурунда, сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү ээлик милдет аткаруучу сөздөргө канчалык даражада көз каранды абалда

[1] Кай бир түрк тилдеринде бул норма сакталбай калган учурлар да кездеше берет. Маселен, алтай, тувин жана башка кээ бир түрк тилдеринде (А. П. Дыренкова, Грамматика ойротского языка, М.-Л., 1940, 236-бетти караңыз. Н. А. Баскаков. Система справ. или изм. слов по лицам тюркск. гр., Жыйнак. Иссл. по ср. гр. тюркс. яз. II морфолог., М., 1956, 265—257-бет. А. Н. Кононов, Грамматика турецкого языка, М.-Л., 1940, 44-бетти караңыз; Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка. М.-Л., 1948, 53-бетти караңыз). Бул жөнүндө баяндоочтун түзүлүшү берилген бөлүктү караңыз.
[2] В. В. Виноградов. Русский язык., М., 1947, 31-бет («Различия между основными типами слов сказываются в их грамматических функциях в. их грамматической природе, в их формах»).

болушса, андан кем эмес, ошондойчолук эле даражада сүйлөм эөлери да баяндооч сөздөргө көз каранды абалда болушат.

Маселен, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн багынбаган абалына туура келүүчү атооч жөндөмөлүк формасы, алардын сүйлөмдө сөз болуп жаткан нерселер, кубулуштар жактагы окуялар катары келиши толук түрдө баяндооч мүчөлөрдүн сүйлөмдө катышып турушу менен шартталган. Баяндооч сөздөр катышмайынча, бул, же тигил сөздөрдүн сүйлөмдө сөз болуп жаткан нерселер катары келиши, сүйлөм ээлери болуп түшүшү жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эмес.

Ал эми, сүйлөм ээлери болбой туруп, сүйлөм жалаң баяндооч мүчөлөрдүн гана тобунан болушу толук мүмкүн. Дээрлик бүт түрк тилдерин изилдөөчүлөр бекеринен баяндооч мүчөлөрдү сүйлөмдүн предикативдик борбору катары коюшуп жүрүшкөн эмес да.

Кыскасы, баяндооч мүчөлөрдүн ролу зор жана анын ошо табиятын шарттап турган бөтөнчөлүктөрү да көп кырдуу.

**§ 94.** Кийинки мезгилдерде баяндооч сөздөрдүн табиятын жана ал касиетин шарттап турган формалары (жак уландылары, орун тартиби, күдүк -дыр , суроолуу -бы уландылары, аналитикалык формалары) изилдөөчүлөрдүн назарын айрыкча бөлүүдө. Ар бир окумуштуу аздыр-көптүр бул, же тигил мүнөздөгү салымдарын кошуп жатышат. Айрымдары бул маселеге карай өз терминдерин да кошо сунуш кылып жүрүшөт.

Бирок ал изилдөө иштеринин ортосунда анчалык принципиалдуу кескин түрдөгү айырмачылыктар жок болгону менен, улам барган сайын баяндооч (сказуемое) жана баяндоочтук (сказуемость) деген термин, түшүнүк чиелешип да, чаржайыт-раак болуп да бара жатат. Мына ошол себептүү бул маселени өзүнчө атайын бөлүп алып талдоону туура көрүп олтурабыз.

а) Профессор Н. К. Дмитриев[1] баяндоочтук категория деген термин морфологиялык жак уландылары экендигин белгилеп келип, алардын нагыз синтаксистик милдет аткарыша тургандыгын, башкача айтканда, баяндооч сөздөрдүн синтаксистик милдетин шарттоочу, белгилөөчү формасы, белгиси катары келе тургандыгын көрсөтөт.

б) Профессор З. В. Севортян: «Баяндоочтук дегенибиз эң грамматикалык категориянын катышы болуп, анын бири баяндооч болот да, ал белгини көрсөтөт, ошол белгиге ээ болуп турган нерсе катары, же жак катары келүүчү ээ менен биригип турат»,[2]—деген аныктама берет да, баяндоочтук катары жалаң жак уландыларын гана алуу менен чектелбестен, сөздөрдүн орун тартибин да, көмөкчү сөздөрдү да кошо камтып, аны кеңирээк планда талкуулайт.

в) Профессор Н. А. Баскаков бул маселенин айкындалышында бир топ салымдар кошкон.

Маселен, автор морфологиялык категориялар менен синтаксистик категориялар бири-бирине аралаштырылбоо, чаташтырылбоо маселеси козгоп келип, **-ды**[1] (кыргыз тилинде -т) уландысы жак категориясына кирбей тургандыгын, ошондойчо эле, **эдим, эдиң, эди**[2] деген катыштык сөздөрдү жаңылыштан аффикс категориясына кошуп жибербөө керектигин, алардын ар биринин өз аттары боюнча жак, чак уландылар, модалдык сөздөр түрүндө аталышы тийиш экендигин орундуу көрсөтөт. Уландылардын ичинен жак уландылары гана баяндоочтук деген термин менен берилиши, аталышы мүмкүн экендигин белгилейт да, андан башка баяндоочтук форма түзүүчү уландыларды, же сөздөрдү бул терминдин кучагына камтуунун ылайыгы жок, зарылчылык эмес деп табат. Мына ушундан барып: «Жак уландылары субъект менен предикаттын синтаксистик катышын тейлөөчү морфологиялык каражат катары келгендиги үчүн аны, категориялардын бул системасын, синтаксистик предикативдик категория менен аралаштырууга, бирдей карооого болбойт»,[3] — деген жыйынтыкка келет.

Изилдөөчүнүн бул көз карашына каршы турууга мүмкүн эмес. Негизинен, орундуу талкууланган.

Бирок мында айрым бир карама-каршылыктардын да, аша чабуучулуктун да бир аз орун алгандыгы жөнүндө айтпай кетүүгө да мүмкүн эмес.

Биринчиден, изилдөөчүнүн корутундусу, негизинен, аты аталбаса да, Э. В. Севортяндын баяндоочтук деген терминге карай берген аныктамасына каршы келет, баяндоочтук деген нерсени предикативдик деген түшүнүккө параллель коюуга каршы келет. Чындыгында да, профессор Э. В. Севортяндын аныктамасы анчалык айкын, так болбой калган. Баяндооч сөздөргө мүнөздүү касиеттүүлүктү жак уландысына берүү, демек, уланды категориясынын керт башын ээнин да, баяндоочтун да касиетин өз кучагына камтып турган табиятка ээ болот деп түшүнүү, албетте, орунсуз эле го деп ойлойбуз. Анткени, профессор Э. В. Севортяндын бул баяндоочтук деп аталган нерсеге карай берген аныктамасы менен сүйлөмдүн негизги борбору катары келүүчү баш мүчөлөргө карай берген аныктамасын бири-

---

[1] Н. К. Дмитриев, К истор. аффр. сказуемости, жыйнак, Иссл. по сравн. грамматике тюрк. языков. II, морф., М., 1956, 5—6-беттерди караңыз. Н. К. Дмитриев, Грамматика башкирского языка, М.-Л., 1948, 51-бетти караңыз.

[2] Э. В. Севортян, Категория сказуемости, жыйнак, Иссл. по сравн. гр. тюркск. яз., II., Морф., М., 1956, 16-бет.

[1] Н. А. Баскаков, Система спряжения или измен. слов по лицам в яз. тюркск. группы, жыйнак, Иссл. по сравн. гр. тюркск. яз., II морф., М., 1956, 276-бетти караңыз.

[2] Ушул эле эмгек, 277-бетти караңыз.

[3] Жогорудагы эле эмгек, 264-бетти караңыз.

биринен айырмалоо кыйын.[1] Бирок аны андан ары үңүлө карганда автордун жак уландылары жөнүндө, жак уландыларга гана эмес, жалпы эле баяндоочтук форма түзүүчү башка түрдөгү уланды категориялар менен катыштык сөздөр жөнүндө токтолуп, булар да баяндоочтук форма түзөрүн белгилеп жаканына караганда, буларды предикативдик борборго параллелкойгон деп күнөлөө жагы кыйын.

Чындыгында, бул жерде баяндоочтук форма түзүүчү морфологиялык категориялардын ичинен жак уландыларын өзгөчөлөп бөлүп алуунун деле зарылчылыгы жок эле. Бул баяндоочтук форма түзүүчү категориялардын чөйрөсүн тарайтат. Албетте, баяндоочтук форма катарында келүүчү башка категорияларга караганда жак категориясынын ролу зор дечи. Бул кырдаал өзүнүн закондуу ордун ээлеши тийиш дечи. Ошондой болсо да, жак уландылары баш мүчөлөрдүн жак биримдигин тейлөөчү форма катарында гана эмес, баарыдан мурда, баяндоочтук форма түзүүчү категория катарында биринчи планга коюлат, ошондо аларды баяндоочтук форма түзүүчү башка морфологиялык категориялардын тобунан бөлүп салыштын эч кандай муктаждыгы жок болуп олтурат. Дал эле ушундайча көз караштан барып баяндоочтук форма түзүүчү морфологиялык категориялардын бардыгы белгилүү бир ат менен бириктирилиши мүмкүнбү, зарылчылыкпы, же эч кандай муктаждыгы жокпу деген маселе да келип чыгат. Эгерде, аларды бириктирүү муктаждыгы бар деп табылган болсо, анда эмне үчүн аларды баяндоочтук, же баяндоочтун формасы, же түзүлүш деген сыяктуу аттар менен берүүгө мүмкүн болбосун.

Мына ошондо биз баяндоочтук деген термин алдында анын (баяндоочтун) табиятын шарттап турган формалары жөнүндө түшүнүшүбүз тийиш болуп чыгар эле.

Иш жүзүндө, баяндоочтук форма түзүүчү категориялардын бардыгынын бириктирилип, шарттуу бир ат менен берилиши чачкындуулуктан гана куткарат. Мындан морфологиялык категориялардын эбактан бери колдонулуп келген бекемделген аттарынын чеги жоюлбайт, морфологиялык табияты танылбайт, алар сүйлөмдүн курулуш материалдары катары гана аткарган милдеттерине жараша топтолгон болот.

Кыскасы, мейли жак уландылары болсун, мейли чак, күдүк жана суроолуу уландылар болсун, мейли көмөкчү сөздөр болсун, же толук маанилүү (атооч) сөздөрдүн тийиштүү орун тартиби (ээге карай алган сончул орун тартиби) баяндоочтук форма катары келишсин, эгерде, алар баяндооч мүчөлөрдүн синтаксистик аткарган милдетин шарттап турган формалары катары

[1] Э. В. Севортян, О некоторых вопросах структ. предл. в тюркск. яз-сб., Иссл. по сравн. грамм. тюркск. яз., III синт, АН СССР, М., 1961, 5-бетти караңыз.



келишкен болушса, эмне үчүн алардын бири-биринен өзгөчөлөп, айырмалап карашыбыз тийиш, алар жалпы жонунан бир ат менен берилиши зарылчылык гана эмес, милдеттүү да түрдөгү норма болуп да саналбайбы.

**§ 95.** Кыргыз жана башка түрк тилдеринде жак уландылары өтө өнүккөн баяндоочтук форма болуп саналат. Мына ошол себептүү, эгерде, сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү жак уландыларында турган болсо, ээ болуп келген сөздөрдүн сүйлөмдө катышып турушу анчалык деле зарылчылык эмес. Анткени, жак уландылары аркылуу I жана II жактардагы ат атоочтордон болгон сүйлөм ээлери белгилүү болуп турушат. Ал гана эмес, баяндооч сөздөргө жалганып турган жак уландылар аркылуу аракет кылуучу жактар белгилүү болуп тургандан кийин, айрым шарттарда стилдик талапка ылайык ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн көмүстө калтырылышы зарылчылыкка айланып кеткен учурлар да аз эмес.

Ошондойчо эле, суроолуу **-бы,** күдүк **-дыр** уландылары менен **чак уландылары** да өзүлөрү жалганып турган сөздөрдүн баяндоочтук формасы катары келишет.[1] Ошондуктан мындайча түзүлүштөгү баяндооч мүчөлөр да стилдик талапка жараша орун абалын эркин түрдө өзгөртүү касиетине ээ болуп турушат. Бирок бул белгиленген баяндоочтук формалар (уландылар) аркылуу көмүстө калтырылган аракет кылуучу жактардын (ээ болуп түшкөн сөздөрдүн) кандай сөз болушары айкын болбойт. Буларга окшогон түзүлүштөгү баяндооч сөздөр жак уландыларындагы баяндооч сөздөрдөн мына ушул бөтөнчөлүктөрү жагынан айрымаланып турушат.

Изилдөөчүлөрдүн жак уландыларындагы баяндоочторду айрыкча бөлүп, аны башка түрдөгү баяндоочтук формалардан өзгөчөлөп жүрүшкөндүктөрү мына ушул кырдаал менен түшүндүрүлөт. Бирок практика жүзүндө бул маселенин (жак уландыларынын) өзүнчө бөлүнүп алынып баяндоочтук деп аталышынын кандайдыр бир зарылчылыгы деле жок сыяктанат. Анткени, бул термин баяндоочтордун бир түрдөгү гана түзүлүшүнө (формасына) туура келет да, башка түрдөгү сөз өзгөрүү формалары аркылуу, же орун тартиби аркылуу, же катыштык сөздөр аркылуу тейленүүчү баяндоочтук формаларды өз кучагына камтый албайт. Бул жагынан профессор Э. В. Севортян баяндоочтук деп аталган нерсенин сферасын кеңири караган. Ал баяндоочтун түзүлүшүн жак уландылары менен чектөөгө мүмкүн эместигин белгилеп келип, сөздөрдүн тийиштүү орун тартиби менен катыштык сөздөр да тийиштүү баяндоочтук форма катары келишерин туура мүнөздөгөн.

[1] *Кандайдыр, эмнегедир, кимдир, качандыр* деген сыяктуу сөздөр лексикалашып кетишкен.

Бул гана эмес, баяндоочтук деп аталган нерсе дагы такталышы, дагы деталдандырылышы зарыл маселелерден болуп саналат.

Аны баяндооч сөздөрдүн жасалыш өзгөчөлүктөрүнө жараша **синтетикалык формадагы баяндоочтор, аналитикалык формадагы баяндоочтор** жана **локализациялык формадагы баяндоочтор** деп дагы үч түргө бөлүнүп берилиши жеңил да, айкын да болгудай.

Мына ошондо сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн синтаксистик милдетин шарттап турган формалары:

1) Уландылардын жардамы аркылуу (жак, күдүк, суроолуу чак уландылар аркылуу) тейленип турган болсо, синтетикалык түзүлүштөгү баяндоочтор деп, 2) эгерде, катыштык сөздөрдүн айкалышып турушу аркылуу тейленген болсо, аналитикалык түзүлүштөгү баяндоочтор деп, 3) атоочтордун ээ болуп келген сөздөргө карай алган соңчул орун тартиби алардын баяндоочтук формасы катары келген болсо, позициялык (же локализациялык) баяндоочтук формалар деп, үч негизги түргө бөлүнүп берилсе түзүк болчудай.

**§ 96.** Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн, негизинен, төмөндөгүчө кырдаалдарын баяндашат:

1. Ээнин **абалын** баяндайт: **Күн салкын тартты.**

2. Ээнин **аракетин** билдирет: **Аскарбек катты атасына жазды.**

3. Ээнин **ким-эмнелигин** баяндайт: **Мен аспирантмын. Ачуу душман, акыл-дос** (эл макалы). **Уй-мал.**

4. Ээнин **сынын** баяндайт: **Дмитрийдин бою сындуу, бети нурдуу** (Т. С.).

5. Ээнин **иретин, санын, өлчөмүн** баяндайт: **Эмгеги аздын өнмөгү аз** (эл макалы). **Биздин үйдүн номери жетимиш эки. Ал онунчуда.** ж. б.

Баяндооч сөздөрдүн мындайча сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу түркүн-түркүн маанилери, биринчиден, баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн түзүлүш (форма) бөтөнчөлүктөрүнө тыгыз түрдө байланыштуу болсо, экинчиден, ошол баяндоочтук милдет аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн табиятына да, демек, ал сөздөрдүн кандайча семантикалык мазмундуулукка ээ болуп турушуна да байланыштуу болот.

а) Баяндооч мүчөлөрдүн сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу ар кыл табиятына туура келген түзүлүш (форма) жана составдык бөтөнчөлүктөрү жалпысынан мындайча мүнөздөлөт:

1) Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн ээлик милдет аткаруучу сөздөр менен тийиштүү байланыш, катыш биримдигинде болуш муктаждыгынан барып жак уландылары өнүккөн болуп, бул баяндоочтук форма азыркы кыргыз тилинде, ошондойчо



эле, башка түрк тилдеринде да, ушунчалык өнүгүш даражасына жетип, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн сүйлөмдө катышуу-катышпоо жактары көпчүлүк учурларда стилдик каражатка чейин айланган.

2) Кыргыз тилинде III жактын атайын жак уландылары жок болуп, III жактагы ээлик милдет аткаруучу сөздөр менен байланышта турган баяндооч сөздөр нолдук жак формасында болушат. Мындай шартта этиштер үчүн чак уландылары, айрым шарттарда чакчыл уландылар баяндоочтук форма катарында келишет да, атоочтордон, кыймыл атоочтордон, атоочтуктардан болгон баяндоочтордун ээлик милдет аткаруучу сөздөргө карай алган соңчул орун тартиби алардын спецификалык баяндоочтук формалары катары келет.

3) Сүйлөм ээлеринин ар кыл кырдаалдарын баяндоо каражаты, формасы катарында баяндооч мүчөлөрдүн күдүк **-дыр,** суроолуу **-бы** формалары өнүгүп чыккан. Ушул эле негизде айрым бир катыштык сөздөр ар кыл кошумча, модалдык маани түзүүчү баяндоочтук формаларга айланышып, аналитикалык баяндоочтук формалар пайда болгон.

4). Бир гана сөз түркүмүнөн болгон баяндооч мүчөлөр аркылуу ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн түркүн-түркүн, кылдат-кылдат кырдаалдарын, бөтөнчөлүктөрүн баяндоого мүмкүн эмес. Ал эми, аракет кылуучу жактардын ар кыл аракетин, абалын, сапатын, санын, дагы ушулар сыяктуу табиятын баяндоо иши муктаждык болуп саналат. Дал мына ушул кырдаалдан келип, ар түрдүү сөз түркүмдөрүнүн баяндоочтук милдет аткарышы, калыптанышы пайда болгон, сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасына жараша баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн жаңы-жаңы формалары өнүккөн, үлгүлөшкөн.

б) Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү мына ушундайча тартипте өнүгүп-өсүп, калыпташып олтурушуп, сүйлөмдүн эң маанилүү мүчөлөрүнө айланышкан, сүйлөмдүн системасында ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн көп кырдуу табиятын ачуучу, билдирүүчү, баяндоочу башкы синтаксистик категорияга айланган.

Кыргыз, же башка түрк тилдеринде гана эмес, орус тилинде да баяндооч мүчөлөрдүн ролун өтө жогору баалап, орус окумуштуусу Д. Н. Овсянико-Куликовский[1] баяндооч сөздөр болмоюнча, бул, же тигил мүнөздөгү айкалыштар өз алдыларынча турушуп сүйлөм боло албагандыгын белгилейт да, эгерде, баяндооч сөздөр катышып турган болсо, сүйлөмдүн башка бөлүктөрү айтылбаса да, ошол баяндооч сөздөрдүн өзүлөрү эле сүйлөмдүк касиетке ээ болуп турарын көрсөтөт.

---

[1] Д. Н. Овсянико-Куликовский, Синтаксис русского языка, 2-басылышы, С-П., 1912, 51—52-беттерди караңыз.

в) Баяндооч мүчөлөр, интонациянын жана сөздөрдүн т
йиштүү семантикалык мазмундуулуктарынын ролу менен к
тар, сүйлөмдөн модалдык түрлөрүнүн жасалышында да б
жеткис чоң ролдо ойнойт, сүйлөмдүн модалдык типтерин
структуралык негизин түзүп турат.[1]

## КОРУТУНДУ

1. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн кандай гана түрүн албайл
алардын табиятын аныктоо, көз алдыга туура чагылыштыруу
баш мүчөлөрдүн, айрыкча, баяндооч мүчөлөрдүн касиетин т
ра түшүнүү ишине тыгыз түрдө байланыштуу. Ушинтип, баяндооч мүчөлөрдүн касиетин изилдөө теориялык гана кызыкчылык болбостон, баарыдан мурда, чоң практикалык мааниге э

2. Баяндооч мүчөлөрдүн табиятын туура ачуу, бир жагынан, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн структуралык жактарынын, типтеринин илимий негизде чечилишине мүмкүндүк берет. Азыркы кыргыз тилинде жөнөкөй сүйлөмдөрдүн атама, толук, кемтик, жалаң, жайылма, ээсиз, кыскартылган баяндоочтуу, бирөнчө мүчөлүү сүйлөмдөрдүн башка түрлөрүнүн алигиче белгиленбей келе жатышы толук түрдө ээ, баяндооч жана айкындооч сөздөрдүн жетиштүү даражада изилдене электигине байланыштуу маселе. Экинчи жагынан, чакчыл, атоочтук түрмөктөр менен атооч түрмөктөрүнүн, ошондойчо эле, кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочторунун д туура багытта аныкталышында да баяндооч сөздөрдүн синтаксистик ордунун туура чечилиши баа жеткис салым болуп с налат.

3. Кошмо сүйлөмдөрдүн курулуш материалдары — жөнөкөй сүйлөмдөр. Ошондуктан жөнөкөй сүйлөмдөрдүн табиятын толук элестетпей туруп, кошмо сүйлөмдөрдүн касиетин да туура чагылыштыра албайбыз. Бул маселени чечүүдө жөнөкөй сүйлөмдөрдүн, демек, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн составдык бөлүктөрүнүн табиятын изилдөөнүн чоң мааниси бар.

Маселен, кээ бир жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ээси жок болот. эгерде, кошмо сүйлөмдөрдүн кээ бир түрлөрү мына ошолорго окшогон жөнөкөй сүйлөмдөрдөн пайда болушкан болсо, аны тутумундагы ар бир жөнөкөй сүйлөмдүн өзүнчө баш мүчөлөрү болот деген түшүнүк жетишсиздик кылар эле: 1. **Жакшыны жактым дебе, жаманды өзүм дебе** (эл макалы). 2. **Жоготконго күйүнөт, жок тапканга сүйүнөт.** 3. **Кыздын сулуулугун айтпа, ай десе—аркы, күн десе—көркү жок** (жомоктон).

Же кээ бир баш мүчөлүк структура азыркы кыргыз тилинде катып калып, сүйлөмдүк касиетин жоюп жиберген, демек, мындай сөз айкалыштарынын катышып турушуна карай структурасы жагынан кошмо сүйлөмдөргө туура келген айкалыштарды кошмо сүйлөм катары алган болсок, орчундуу жаңылыштык кылган болор элек: 1. **Айласы түгөнгөндө Көчөр менен Сатардыкына барып кечкиртти** (Ш. Б.) 2. **Кеч киргенде барам.** ж. б.

4. Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү ээлик милдет аткаруучу сөздөргө грамматикалык жактан багыныңкы абалда турган синтаксистик категория болуп саналат. Анын (баяндоочтун) синтаксистик милдети ошол ээ болуп келген сөзгө багыныңкы абалына туура келген тийиштүү баяндоочтук формалары аркылуу тейленет. Ал эми, анын ошол баяндоочтук формаларынын өзүлөрү болсо, бир жагынан, баяндоочтук милдет аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасына байланышгуу болсо, экинчи жагынан, баяндоочтук милдет аткаруучу бардык сөз түркүмүнө мүнөздүү атайын уландылар аркылуу да тейленип турушу ыктымал (жак уландылары, күдүк, суроолуу уландылар аркылуу), же кээ бир катыштык сөздөр да тийиштүү баяндоочтук форма катары келе беришет.

5. Баяндооч сөздөр ээ болуп түшкөн сөздөргө карай багыныңкы абалда турушуна байланыштуу ээ болуп келген сөздөр менен тийиштүү жак жана сан биримдигинде болушат да, ал байланыш жана катыш биримдиктери жак уландылары аркылуу, сан уландылары аркылуу (**-лар, -ыш**) жүзөгө ашырылат. Бирок баш мүчөлөрдүн бул байланыш биримдигине стандарттык мүнөз берүүгө да болбойт. Анткени, III жактагы ээлер менен байланышып турган атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтордо белгиленгендей байланыш биримдиги сакталбайт, себеби, III жактагы сөздөрдүн атайын жак уландылары жок болот, ошондуктан сан биримдиги гана сакталып турушу ыктымал (-лар, -ыш уландылары аркылуу).

7. Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн кыймыл аракетин, абалын, сын, сан абалдарын, кимэмнелигин, дагы ушулар сыяктуу ар кыл кырдаалдарын баяндашат.

Баяндооч сөздөр мына ошол ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн кандайча мүнөздөгү кырдаалдарын баяндап турушуна жараша ким, эмне, кимде, эмнеде, кимден, эмнеден, эмне кылды, кандай, кайсы, кайда, канча, канчада, нече, неченчи деген сыяктуу суроолорго жооп беришет.

8. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн ичинен баяндооч сөздөрдүн ролу өтө жогору. Баш мүчөлөрдүн сүйлөмдүн негизги уюштуруучу борбору катары келиши, негизинен, баяндооч сөздөрдүн катышып турушу менен шартталган: баяндооч сөздөр катышпаса, бул, же тигил сөздүн өз алдынча туруп сүйлөмдүн ээси катары келиши да мүмкүн эмес. Анткени, ал (ээ) баяндооч мүчө тарабынан баяндалып турбаса, сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары келиши да мүмкүн эмес. Тетири-

[1] Сүйлөмдүн модалдык түрлөрү берилген бөлүктү караңыз.

синче, сүйлөм ээси катышпаса да, баяндооч сөздөр сүйлөмдүн негизги уюштуруучу борбору катары келе беришет.

9. Баш мүчөлөрдүн ички, биримдүүлүгү баяндооч сөздөрдүн тийиштүү баяндоочтук формалары аркылуу тейленип, түрколгиялык адабияттарда ал баяндоочтук деген термин менен (сказуемость) аталып жүрөт.

Түрк тилдеринде баяндоочтук формалар, айрыкча, I, II жактагы ээлик милдет аткаруучу сөздөр менен болгон байланыш катыш биримдиктерин тейлөөчү баяндоочтук формалар, өзү өнүгүп-өсүп өркүндөгөн форма болуп саналат. Эгерде, сүйлөмдө мындай баяндооч сөздөр катышып турган болсо, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн катышып турушу зарылчылык эмес. Баяндоочтук деген терминдин пайда болушу мына ушул кырдаалга тыгыз байланыштуу. Анын (баяндоочтун) ролу жана ошол табиятына туура келген структурасы жөнүндө сөз жүргөн болот. Ошондуктан баяндоочтук деген терминди сүйлөм катары, же башка бир мүнөздөгү аныктамага карай морфологиялык категория катары түшүнүүгө болбойт. Бул терминдин баяндоочтун түзүлүшү, формасы деген мааниде түшүнүлүшү зарыл.

10. Баяндооч сөздөрдүн ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн ар кыл кырдаалдарын баяндап турушу, бир жагынан, баяндоочтук милдет аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн семантикалык мазмундуулуктарына байланыштуу болсо, экинчи жагынан, баяндооч сөздөргө жалганып турган анын тийиштүү баяндоочтук формаларына (жак, күдүк, суроолуу, көптүк, таандык, жөндөмө уландылары менен көмөкчү сөз болуп түшүүчү катыштык сөздөргө) байланыштуу болот.

## II ГЛАВА

## БАЯНДООЧТУН ТҮЗҮЛҮШҮ (ФОРМАСЫ).

§ 97. Биздин сөзүбүз ар түрдүү курулуштагы сүйлөмдөрдөн турат. Ал сүйлөмдөр өзүлөрүнүн ошол курулуш бөтөнчөлүктөрүнө жараша ар кыл маанидеги айрым бир бүткөн ойду билдиришет. Алар, сүйлөмдөр, грамматикалык жактан тийиштүү тартипте уюшулган, тийиштүү ырааттуу мааниге келтирилген сөз же сөздөрдүн айкалыш тобу болушуп, алардын түркүн-түркүн кылдат-кылдат маанилерди билдириши ошол өзүлөрүнүн түтумунда турган сөздөрдүн семантикалык табияты менен түзүлүш (форма) жана интонациялык бөтөнчөлүктөрүнө тыгыз түрдө байланыштуу болот.

Сүйлөмдүн мына ошол составдык бөлүктөрү болуп келген сөздөрдүн ичинен баяндооч мүчөлөрдүн форма жактары айрыкча чоң ролдо ойноп, алардын, баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн, түзүлүш (форма) жактарынан болгон көп кырдуулугу: а) алардын өзүлөрү (баяндоочтор) багынынкы болуп турган ээлик милдет аткаруучу сөздөр тарабынан коюлуучу байланыш талабына карай, б) баяндоочтук милдет аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасына карай, в) тийиштүү синтетикалык, же аналитикалык баяндоочтук форма түзүүчү кээ бир уландылар менен көмөкчү (катыштык) сөздөргө карай, г) жана баяндооч сөздөрдүн өнүгүш, калыптаныш процессинде пайда болгон айрым бир катып калган конструкциялык өзгөчөлүктөрүнө карай шартталган болот.



Баяндооч сөздөрдүн түзүлүш жагынан болгон ар кылдуулугу мына ушул негизде өнүккөн, калыпташкан болуп, бул факторлордун ар бирин төмөндөгүчө тартипте мүнөздөсөк болот.

§ 98. Бул маселени чечмелөөдөн мурда, баяндооч сөздөрдүн түзүлүшү жөнүндө айрым бир окумуштуулардын изилдөө иштери менен таанышса кетишибиз тийиш.

Жалпысынан алганда, баяндооч сөздөрдүн түзүлүшү жөнүндө изилдөөчүлөрдүн ортосунда анчалык деле кескин түрдөгү айрымачылыктар байкалбайт. Баяндооч мүчөлөрдүн классификацияланыш жагына келгенде гана, изилдениш деңгээли жагынан гана, колдонгон терминдери жагынан гана айрымаланып турат. Тийиштүү бир биримдикке келтирилген эмес.

Маселен, профессор М. Б. Балакаев[1] менен филология илимдеринин кандидаты А. С. Сафаев[2] жолдоштор баяндоочтук формалардын (тагыраак айтканда, сөздөрдүн баяндоочтук милдетинин) үч түрдүү ык боюнча тейленерин көрсөтүшөт.

Профессор М. Б. Балакаев тарабынан сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн синтаксистик милдети, бир жагынан, баяндоочтук форма түзүүчү уландылар аркылуу (аны аффикс сказуемость деп атайт — А. Ж.), экинчи жагынан, сөздөрдүн тийиштүү орун тартиби аркылуу, үчүнчү жагынан, интонация аркылуу тейленери белгиленет.

Ал эми, А. С. Сафаев болсо сөздөрдүн тийиштүү орун тартиби аркылуу тейленген баяндоочтук формаларды баяндоочтордун синтаксистик ык боюнча тейлениши катары карайт да, сөз өзгөрүү формалары аркылуу жасалган баяндоочтук формаларды морфологиялык ык боюнча тейленген баяндоочтор катары алат. Аны менен бирге, ошол эле соңчул орун тартиби баяндоочтук форма болуп түшкөн сөздөрдү, кайра туруп, баяндоочтук формалардын интонациялык ык боюнча берилиши катары да белгилеген («Бу—китаб»).

Эми бул жерде алдыдагы аталган изилдөөчүлөрдүн интона-

---

[1] М. Б. Балакаев, Современный казахский язык, Алма-Ата, 1958, 131-бетти караңыз.

[2] А. С. Сафаев, Главные члены простого предложения в современном узбекском литературном языке. Ташкент, 1958, 5 жана 78-беттерди караңыз.

цияның[1] баяндоочтук форма (белги) катары келиши жөнүндөгү көз караштарына гана токтолуп, калгандарын, улам кайталанып олтуруунун ордуна, башка да ушундайча эле планда талкуулаган изилдөөчүлөрдүн эмгектерине байланышта талдаганыбыз орундуу болоор.

Бардык эле түрк тилдеринде атооч сөздөрдүн ээге карай алган сончул орун тартибинин баяндоочтук форма катары келе тургандыгы — талашсыз маселелердин бири. Ал эми, аны баяндоочтук форманын синтаксистик ык боюнча берилиши деп бир алып, кайра ошол эле форманы баяндоочтук форманын интонация аркылуу тейлениши катары карап, дагы экинчи жолу жаңы форма катары талкуулап олтуруу, бир жагынан, баяндоочтун табиятын аныктоо ишинде баш аламандык, күдүктүк туудурса, экинчи жагынан, интонациянын табиятын туура эмес, тар чөйрөдө сферасын тарытып талкуулоого, түшүнүүгө алып келет.

Чындыгында, интонация жалаң баяндооч мүчөлөргө гана мүнөздүү грамматикалык каражат болбостон, сүйлөмдүн жалпы жонуна таандык синтаксистик категория болуп саналат.

Эгерде, биз интонацияны баяндоочтун гана составдык элементи катары алган болсок, анда кемтик, атама жана башка түрдөгү номинативдик сүйлөмдөрдүн касиетин кандайча планда карамакчыбыз. Буларга окшогон сүйлөмдөрдүн тийиштүү баяндооч мүчөлөрү жок болушса да, алар интонациянын, контекстин жардамы аркылуу сүйлөм катары келише тургандыгын кантип танууга болот.

Ошондойчо эле, баяндоочтору III жактагы атоочтордон болгон сүйлөмдөрдө гана эмес, тийиштүү жак, суроолуу, күдүк чак уландыларында турган баяндооч мүчөлөрдө да интонациянын белгилүү даражада катышы, ролу бар экендигин эске алган болсок да, интонацияны жалаң III жактагы атоочтордон болгон баяндоочтордун карамагына гана берип коюунун мактаждыгы жок экендиги дагы бир жолу көрүнүп турбайбы.

Ошондуктан сөздөрдүн ээге карай алган сончул орун тартибинин тийиштүү баяндоочтук форма катары келерин белгилөө эле толук түрдө жетиштүү болот го деп ойлойбуз.

Соңку кездерде орус тил илиминде мындай III жактагы атоочтордон, же тактоочтордон болгон баяндоочтор катышкан сүйлөмдөрдө ал баяндооч мүчөлөр сүйлөм ээлеринен, ошондой-

[1] Профессор М. Б. Балакаев интонацияны экиге бөлөт, маселен, ал: «Эгерде, сөздөр бириктирүүчү интонация аркылуу байланышып турушса, алар аттрибутивдик катышта болушат да (агаш отын), ажыраттуучу интонация аркылуу байланышып турушкан болсо, предикативдик катышта болушат (Агаш-отын)», — дейт. Биринчиси, биздин пикирибизче интонация болбайт (М. Б. Б., Совр. каз. яз., Алма-Ата, 1958, 13-бетти караңыз), Интонацияны мындайча негизде бөлүүгө болбойт.



чо эле, айкындоочунан да тийиштүү пауза аркылуу бөлүнүп турары белгиленип жүрөт.[1] Бул маселенин түрк тилдерине да тиешеси бар. Ошол себептүү тыным (пауза) менен интонациянын ортосуна параллелдик белги коюуга мүмкүн эмес, баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн ээге карай алган сончул орун тартибинин гана тийиштүү баяндоочтук форма катары келишин белгилөө эле толук түрдө жетиштүү.

Профессор А. Н. Кононов[2] сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү эки түрдүү формада болорун белгилеп, жак уландыларында турган баяндоочторду морфологиялык ык боюнча тейленген баяндоочтук форма катары карайт да, орун тартибине (локализация) карай баяндоочтук милдет аткарып турган сөздөрдү синтаксистик баяндоочтук форма катары (профессор Э. В. Севортян да ушундайча караган[3]) көрсөтөт.

Иш жүзүнө келгенде, баяндооч сөздөрдүн түзүлүшүнүн (формасынын) мындайча синтаксистик жана морфологиялык ыктар боюнча тейленип турушу жөнүндө сөз жүргүзүүнүн татаалдаштыруудан башка, кандайдыр, практикалык мааниси жок сыяктанып калды. Анткени, баяндооч дегенибиз белгилүү бир синтаксистик категория болуп, анын түзүлүшү кандайча түрдөгү фактор менен шартталып турган болсо да, баары бир, ал синтаксистин гана объектисине кирүүчү көрүнүш болуп, демек, анын (баяндоочтун) формасы жөнүндө сөз жүргүзүү дегенибиздин өзү анын ошол синтаксистик милдетин шарттап турган табияты жөнүндө сөз жүргүзүү дегендикке жатат.

Ошондо анын (баяндоочтун) форма жагын морфологиялык, же синтаксистик деп айрым түрлөргө бөлүп олтуруунун эч кандай максаты деле жок болуп чыгат.

Эгерде, уланды жалгоолордун айрым бир түрлөрүн, маселен, жак уландылары өзүлөрү жалганып турган сөздөрдүн баяндоочтук милдетин шарттап турушуна карата андай баяндоочторду морфологиялык ык боюнча жасалган баяндоочтор каторду карай турган болсок, анда этиш сөздөрдө алардын чак, чакчыл уландыларын да, атооч сөздөрдө болсо баяндоочтук милдет аткарып турган сөздөрдүн ээ болуп түшкөн сөздөргө карай алган сончул орун тартибин да эмне себептен морфологиялык ык боюнча жасалган баяндоочтор катары алууга болбосун. Себеби, мындай баяндоочтордун аткарып турган милдеттери сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасына карай шарттал-

[1] Грамматика русского языка. ч. II. т. I. АН СССР, М., 1954, 379-бетти караңыз. Бирок профессор А. М. Пешковский интонацияны баяндоочтук форма (способ выражения сказуемого) катары караган (А. М. Пешковский, Русск. синт. в научн. осв., М., 1956, 152 бетти караңыз).

[2] А. Н. Кононов, Грамматика современного турецкого литерат. языка, М.-Л., 1956, 386—195-беттерди караңыз.

[3] Э. В. Севортян, Катег. сказуем., ж., Иссл. по ср. гр. тюркск. яз., II Морф., М., 1956, 16—21-беттерди караңыз.

Кыскасы, баяндоочтордун түзүлүш өзгөчөлүктөрү сөз түр-
үмдөрүнүн базасына карай шартталган болуп олтурат.

Синтаксистин объектисине кирген маселелердин, категория-
лардын бири морфологиялык ык боюнча, экинчиси синтаксис-
тик ык боюнча жасалып, же шартталып турат деп ажыратылуу-
га тийиш эмес. Биз анын форма өзгөчөлүктөрү жөнүндө гана
сөз жүргүзө алабыз.

Сүйлөмдүн курулуш материалдары болуп келген сөздөр
тилдин синтаксисинин карамагына түшкөндө, бул, же тигил сөз
түркүмү катары каралбастан, бул, же тигил функциядагы син-
таксистик категориялар катары каралган сыяктуу, ал синтак-
систик категориялардын милдетин шарттап турган формалары
да морфологиялык, же синтаксистик деп бөлүнүшүнүн зары-
чылыгы жок.

Ошондуктан сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн түзүлүшү
анын морфологиялык, же синтаксистик ыктар боюнча тейлени-
ши катары алып олтуруунун ордуна, бул кырдаал жалпы эле
сөз түркүмдөрүнүн структуралык табиятына, алардын айка-
шуучулук спецификасына байланыштагы маселе болгондук-
кийин, баяндооч сөздөрдүн табияты тийиштүү форма өзгөч-
лүктөрүнө жараша гана белгилениши тийиш. Биздин пикири-
бизче, сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү түзүлүш бөтөнчөлүктөрү-
нө карата синтетикалык, аналитикалык жана позициялык
(орун тартиби) формаларында болушаары белгиленсе эле то-
лук түрдө жетиштүү болот.

Мындан ары карай да сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү жө-
нүндө мына ушул планда сөз жүргүзмөкчүбүз.

Дал ошондо сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн түзүлүш
синтетикалык баяндоочтук форма катары келүүчү жак, чак
суроолуу жана күдүк уландылары менен локализациялык баян-
доочтук форма катары келүүчү сөздөрдүн ээге карай ээлеген
тийиштүү орун абалына жана аналитикалык баяндоочтук фор-
ма түзүүчү катыштык сөздөргө карай белгилениши тийиш бо-
луп чыгат.

Профессор Е. И. Убрятова баяндоочтун түзүлүшү жөнүндө
«Баяндооч дайыма баяндоочтук аффикстерде (жана баяндооч-
тук аффикстин функциясын аткаруучу таандык (жак—А. Ж.)
аффикстеринде) турушу жагынан ээден айрымаланып ту-
рат»,[1] — деген көз караштa талкуулайт, Автордун сөз өзгөрүү
формаларын гана баяндооч сөздөрдүн табиятын шарттап тур-
ган жекеден-жеке түзүлүшү катары белгилеши, албетте, же-
тишсиздик кылат, мында баяндооч сөздөрдүн синтетикалык
формасы жөнүндө гана сөз жүргөн болот.

Жалпысынан, баяндооч сөздөрдүн түзүлүшү жөнүндө ата-

[1] Е. И. Убрятова, Исследование по синтаксису якутского языка. М.-Л., 1950, 94-бет.



лып өтүлгөн авторлордун белгиленип жаткандай көз караштары, негизинен, башка түрк тилдерин изилдөөчүлөрдүн да пикирлерине туура келет. Ошондуктан аларды улам кайталап олтургандан көрө, биздин негизги изилдөө объектибизге өткөнүбүз дурус чыгаар.

Сүйлөмдө ээ болуп келген сөздөр I, II жактардагы ат атоочторон, же III жактагы ат атооч, же башка сөз түркүмдөрүнөн болушу мүмкүн. Сүйлөм ээлеринин мындайча ар башка жактардагы сөздөрдөн болушу аларга (ээлерге) байланышып турган баяндооч мүчөлөрдүн да багыныңкы абалдарына жараша дал ошол жактарда болушун талап кылат. Баяндооч ээге карай белгилүү бир түзүлүштө турат, бирок ал түзүлүшү болсо өз учурунда баяндоочтук милдет аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн касиетине байланыштуу бир кыл болбостон, ар кыл формада болушу мүмкүн.

Баш мүчөлөрдүн мына ушундайча өз ара байланыш биримдигинде болуш талабынан барып, эгерде, ээлик милдет аткаруучу сөздөр I, II жактардагы ат атоочтордон болушса, баяндооч мүчөлөрдүн I, II жак уландыларында турушу, ээ болуп түшүшкөн сөздөр III жактагы сөздөрдөн болушса, баяндооч мүчөлөрдүн ошого жараша дагы бир тийиштүү жак биримдигинде турушу келип чыгат.

Мисалы: 1. **Мен да кымындай шек санаган эмесмин** (Ш. Б.). 2. **Биз да жолдо жолоочулап баратканбыз** («Кулдун уулу жана зымырык куш», жомок). 3. **Баарыбыз тоо арасындагы колхоздордон келдик** (Ш. Б.). 4. **Сен али жашсың** (Ш. Б.). 5. **Силер эч нерсени билбейт экенсиңер** («Баарынан киши күчтүү», жомок). 6. **Сиз убагында келдиңиз.** 7. **Өзүңүздөр көрүп турасыздар го** (Ш. Б.).

Келтирилген мисалдарда I, II жактардагы ээлик милдет аткаруучу сөздөргө карай сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү I жана II жак уландыларында турушат.

Бул жак уландылары, бир жактан, баш мүчөлөрдүн жак байланышын тейлеп турушса, экинчи жагынан, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн сан маанилерине, же формаларына карай алардын (баш мүчөлөрдүн) сан боюнча болгон байланыш биримдигин да кошо тейлеп турушат.

Ал эми, ээлик милдет аткаруучу сөздөр III жакта турган болсо, баяндооч сөздөрдүн III жак уландысынын жок болгондугуна байланыштуу, баяндооч сөздөр нолдук[1] жак формасында болушат да, стилдик талапка карай айрым бир сөз түркүмдөрү гана тийиштүү сан формалары боюнча байланыш биримдигинде турушу ыктымал.

Мисалы: 1. **Акыл — өмүр шериги, көз — жандын күзгүсү**

[1] А. Н. Кононов, Грамматика современного турецкого литературного языка, М.-Л., 1956, 382-бетти караңыз.

(эл макалы). 2. **Адам акылы, иши менен баалуу да, артык да**
3. **Бардыгы — жаштар** ж. б.

Баяндооч мүчөлөрдүн I жана II жактардагы сүйлөм ээлери менен болгон сан жана жак байланыш биримдиктерин тейлөчү уландылары булар:

| Жактар | Жекелик сан | | | | көптүк сан | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | толук варианты | мисалдар | кыскарган варианты | мисалдар | толук варианты | мисалдар | кыскарган варианты | мисалдар |
| I жак | -мын | окуймун, студентмин | -м, -йын | окудум, окуюн | -быз | окуйбуз | -к, -лы, | окудук, окуйлу окуйлуу |
| II жак | -сын | окуйсуң, студентсиң | -ң | -окудуң | -сыңар | окуйсуңар, студентсиңер окуйсуздар | -нар | окудуңар |
| сылык түрү | -сыз | окуйсуз, студентсиз | -ңыз | окудуңуз | -сыздар | | -ңыздар | окудуңуздар, окуңуздар |

Ушундайча, жак уландылары баяндооч сөздөрдүн эң башкы синтетикалык баяндоочтук формасы катары келишип, алар (жак уландылары) баяндооч мүчөлөрдүн функционалдык табиятын да, ээлик милдет аткаруучу сөздөр менен болгон жак, сан байланыш, катыш биримдигин да тейлеп турушат.

**§ 99.** Бардык эле синтетикалык баяндоочтук форма түзүүчү сөз өзгөрүү формаларынын табияты бирдей эмес. Маселен, суроолуу **-бы,** күдүк **-дыр** уландылары да өзүлөрү жалганып турган сөздөрдүн тийиштүү бир синтетикалык баяндоочтук формасы катары келишет, бирок алар баяндооч сөздөрдүн ээ болуп түшкөн сөздөр менен болгон синтаксистик байланыш биримдигин тейлей алышпайт.

Ал эми, жак уландылары болсо тийиштүү бир синтетикалык баяндоочтук форма катары келүү менен бирге, алар баяндооч мүчөлөрдүн ээ болуп келген сөздөр менен болгон синтаксистик катыш, байланыш биримдигин да кошо тейлеп турушат.

Жак уландыларынын мындайча касиети алардын жактама атоочтордон пайда болушуна байланыштуу болуп (мен>-мын



-м, сен>-сың -ң, биз>-быз -к, силер>-сыңар -ңар, сиз>-сыз -ңыз, сиздер>-сыздар -ңыздар), мына ошондуктан гана алар тийиштүү баяндоочтук форма да, I жана II жактагы сүйлөм ээлери менен болгон байланыш каражаты катары да келип жатышат.

**§ 100.** Дал эле ушул кырдаалга байланыштуу кыргыз тилинде жак уландылары өтө өнүккөн форма болуп, бул жак уландыларындагы баяндооч сөздөр ээ болуп келген сөздөрдүн сүйлөмдө катышып турушуна дайым эле көз каранды боло бербейт. Анткени, жак уландылары аркылуу кандай сөздүн ээ болору белгилүү болуп турат.

Мисалы: 1. **Алдырып коёр бекемин**
Күйүткө акыл-эсимди (Токтогул).

2. **Тоту элем** элге сайраган (Токтогул). 3. Менден төрт жаш **кичүүсүң** (Ш. Б.) 4. Жалаң кыйноодон **өлмөк болдум** («Айдагы кыз», жомок). 5. Балким, жыпар чөптү **таап кайтарсыңар** (Ш. Б.).

Бул берилген сүйлөмдөрдө баяндоочторго жалганып турган жак уландылары аркылуу көмүстө калган **мен, сен, биз, силер** деген ээлер билинип турушат.

1. Жак уландылары аркылуу тейленген баяндоочтук формалардын өтө өнүккөн категорияга айланышынын натыйжасында стилдик ыкма катары ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн түшүп калышы милдеттүү түрдөгү нормага айланып кеткен учурлар да аз эмес.

Мисалы: 1. **Алтымыш күнү от болуп, ажырашаар күнү жат болуп кеттик** (Ш. Б.). 2. **Түбөлүк кул болуп жүрө бересиң** («Бала менен сыйкырчы», жомок). 3. **Жол болсун, жигит, кеп сала олтур** («Береке, Туруке, Кулуке», жомок). 4. **Сенде акыл бар, бирок баласың** (К. Ж.) 5. **Сиздин кызыңыздын колундагы шакек меники, алып бериңиз** («Бала менен сыйкырчы», жомок).

Мына ушундайча мүнөздө ээнин түшүп калышы милдеттүү түрдөгү туруктуу үлгүгө айланып кетишинен барып, жамдама жактуу сыяктуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бир составдуу түрлөрү пайда болгон.

Мисалы: 1. **Ай, шум турмуш, карачы балалуу аркар далбасын** (К. Ж.). 2. **Ой, чунак бала, аракеттенбейсиңби!** 3. **Иштесең — тиштейсиң** (эл макалы). 4. **Жыгылсаң — нардан жыгыл, буйласын кармай жыгыл** (эл макалы). 5. **Акылдуунун алдында жүр, акмактын артында жүр** (эл макалы). 6. **Муздактыгын айтпа** (Ш. Б.).

Андан барып жаксыз сүйлөмдөр да пайда боло баштаган.

Мисалы: 1. **Жанды карч уруп, окуш, үйрөнүш, акылды байытуу керек** (Ш. Б.). 2. **Сага корогон кайран ишенич** (Ш. Б.). 3. **Алдырарда жаздырар** (эл макалы). 4. **Бир комнатада жалгыз өзү** (Ш. Б.).

2) Жак уландыларындагы баяндооч сөздөрдүн ролунун үз-

гүлтүксүз өсүп-өркүндөп олтурушунун натыйжасында бара
бара атооч жөндөмөдөгү ээ болуп түшүүчү сөздөрдүн тең са
мактуулук табиятынан да ажырай башташкан учурлары да а
кездешпейт.

а) Айрым бир шарттарда атооч жөндөмөдөгү грамматика
лык жактан ээ болуп түшүүгө тийиш болгон сөздөр кем сема
тикалуу сөздөргө айланышып, баяндооч сөздөр менен ажыра
гыс биримдикте турушуп, сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочу б
луп келишет.

Мисалы: 1. **Ишене турган кишим жок, сени менен ишим жок**
2. **Аларды караган адам жок** (К. Ж.). 3. **Аны териштирге**
**бир жан жок** (К. Ж.). 4. **Ачуу-мучуунун жыты жок** (Ш. Б.
5. **Убакыттан көп неме жок** (Ш. Б.).

Келтирилген мисалдарда логикалык басым айкындооч се
дөргө түшүп турат, натыйжада, атооч жөндөмөдөгү ээ түзүү
шүндөгү сөздөр кем семантикалык мазмунга келишип, баян
дооч сөздөргө көз каранды абалда турушат да, алар мен
ажыралгыс биримдикте тутумдашып, сүйлөмдүн тутумда
баяндоочтору болуп түшүштү.

б) Акырындык менен мындай тутумдаш комплекстер туру
туу фразеологиялык айкалыштарга айланып кетишип, ато
жөндөмөдөгү ээ болуп келүүгө тийиш болгон сөздөрдүн ро
ноль даражасына чейин жеткен.

Мисалы: 1. **Анын сулуулугунан көз уялат** («Береке, Туру
Кулуке», жомок). 2. **Мындан ары чыдагыдай эч алым жо**
(«Айдагы кыз», жомок). 3. **Жайдак төшүн керип мактанганы**
**чек жок** (Ш. Б.). 4. **Дагы эле көзүм жетпейт** (Ш. Б.).

**§ 101.** Азыркы кыргыз тилинде стилдик ыкма катары а
рым шарттарда баяндооч сөздөргө жалганып турган жак[1] ж
на сан формалары көмүстө калышы да ыктымал:

---

[1] Бирок айрым түрк тилдеринде жак уландыларынын жок болушу сти
дик ыкма катары эмес, норма катары келген учурлары да кездеше бер
Маселен, Н. П. Дыренкова: «Азыркы алтай адабий тилинде атоочтук бая
доочтордун предикативдик аффикс формалары жок болот.

Мен алтай кижи (я алтаец). Силер алтай улус (Вы алтайцы). Сен б
чикчи кижи (Ты грамотный). Биз колхозчылар (Мы колхозники)», — де
айрым учурларда гана атоочтук баяндоочтор жак формаларында тураш
көрсөтөт (Силер бистинь нөкөрибис. Биз өскө улустар эмезибиз (эмес
бис) — мы не чужие люди), Н. П. Дыренкова, Грамматика ойротского яз
ка, М.-Л., 1940, 237—238-беттерди караңыз.

Мунун тетирисинче, профессор Э. В. Севортян менен Н. А. Баскаков
маалыматына караганда, III жактагы атоочтордон болгон баяндоочтордо
ва тили (мал хавуда чор ол—скот пасется на пастбище) менен түрк тили
де (ол түрк ол) жана крымдык татар тилинде жак уландысынын функци
сында III жак ат атоочтун (ол, ул) келе турган учурлары бар экендиги б
калат (Н. А. Баскаков, Сист. спряж. или изм. слов по лицам в яз, тюрк. г
Жыйнак, Иссл. по ср. гр. тюрк яз., II, морф., М., 1956, 266-бет; Э. В. Сев
тян, О некоторых вопр. структ. предл. в тюркск. яз., жыйнак, Иссл. по сра
грам. тюркск. яз., III, синт., АН СССР, М., 1961, 12-бет).



а) Эгерде, ээлик милдет аткаруучу сөздөр I жана II жактардагы жактама ат атоочтордон болушса, андай ээлерге карай багынынкы абалда турган баяндооч мүчөлөрдүн жак уландылары көмүстө калып да айтыла берет. Бирок ээ болуп келген сөздөр аркылуу кандай жак уландыларынын көмүстө калганы белгилүү болуп, билинип турат.

Мисалы: 1. **Биз окуучу** (кесип).
**Биз окуучубуз** (объект).
2. **Силер мугалим** (кесип).
**Силер мугалимсиңер** (объект, милдет).

б) Ээ болуп келген сөздөрдүн көптүк сандык маанисине, же формасына карай баяндооч мүчөлөр көптүк формада турбай калышы да мүмкүн.

Мисалы: 1.**Экөөбүз — казак, үчөөбүз — орус.** 2. **Биз кыргызбыз, булар—өзбек.** 3. **Булар — малчы. Булар — малчылар, кыргыздар.** ж. б.

**§ 102.** «Жак категориясы баяндоочтуктун фундаменти катары»[1] баяндооч сөздөрдүн табиятын шарттоочу негизги форма катары келет да, анын (жак уландыларынын) калыптаныш даражасына жараша толук варианттагы жана кыскарган варианттагы формалары болот.

Толук варианттагы жак формаларына **-мын, -сың,- быз, -сыңар, -сыз, -сыздар** деген уландылар кирет да, булардын кыскарышынан барып чыккан **-м, -ң, (-к), -ңар, -ңыз, -ңыздар** деген уландылар кыскарган варианттагы жак формалары болуп саналат, жана булардын ар биринин өзүнө мүнөздүү колдонулуш орду, чеги болот.

Бирок бул жак уландылары түркологиялык адабияттарда ар башка терминдер менен берилип жүрөт, анын бир жактуу алынышы, сөзсүз, артыкбаштык кылбас эле. Маселен, профессор Е. И. Убрятова[2] жалпы эле жак уландыларын таандык уландылар (аффикс принадлежности), же баяндоочтук аффикс (афф. сказуемости) деген аттар менен берсе, профессор Э. В. Севортян[3] толук варианттагы жак уландыларына карай таандык аффикс, ат атоочтук типтеги аффикс деген термин колдонот. Башка авторлордун эмгектеринде да бул терминдин чаржайыт түрдө колдонулуп жүргөн учурлары аз кездешпейт.

Бул жөнүндө профессор Н. А. Баскаков[4] өтө орундуу талкуулайт. Ал жак уландыларын таандык уланды деген термин

---

[1] В. В. Виноградов, Русский язык, М., 1947, 452-беттн караңыз.
[2] В. И. Убрятова, Исследование по синтаксису якутского языка, М.-Л., 1950, 94-бет.
[3] Э. В. Севортян, Категория сказуемости, жыйнак, Иссл. по ср. гр. тюркск, яз., II, Морф., М., 1956, 17-бет.
[4] Н. А. Баскаков, Сист. спряж. или изм. слов по лицам в яз. тюрк. гр., жыйнак, Иссл. по ср. гр. тюркск. яз., II, Морф., М., 1956, 267—270-беттер.

менен аралаштырууга болбой тургандыгын, алардын ар бири аттары боюнча аталуу тийиш экендигин белгилейт.

Жак уландылары аталышы жагынан гана ар кыл болбо тон, анын табияты айрым изилдөөчүлөр тарабынан өтө тар тылып талкууланып жүрөт. Маселен, профессор Е. И. Убря ва: «Баяндоочтук аффикс (афф. сказуемости) баяндооч атайын формасы (оформители) болуп саналбайт. Алар эз нен баяндоочтун жак боюнча ээрчишүүсүн билдирет...»[1], — де

Ошондойчо эле, профессор Н. А. Баскаков да:[2] «Жакта сөз өзгөрүү системасы катары, бир жагынан, ээ же субъект нин, экинчи жагынан, баяндоочтун, же предикаттын синтакс тик байланышын билдирүүчү формасы болуп саналат», — талкуулайт.

Филология илимдеринин доктору З. И. Будагова да: «...Ж аффикстери баяндоочтун ээ менен болгон предикативдик б ланышын көрсөтүп турган менен, ал баяндоочтук категор катарында эмес, жак категориясын билдирүүчү каражат ка ры гана кала берет»[3] — деп, бул аталган изилдөөчүлөр жа пысынан бир эле уландынын жак, сан байланыш формала катарында да, баяндоочтук форма катарында да келе бе тургандыгын эске алышкан эмес.

**§ 103.** Айрым шарттарда таандык уландылардын ж уландыларынын функциясында колдонулган учурлары да б лот. Бул жөнүндө филология илимдеринин кандидаты А. С. С фаев[4] туура байкаган да, туура корутундуга келген.

Бул маселенин туура багытта чечилиши тийиштүү бир сү лөм мүчөлөрүнүн табиятын аныктоо ишин кучагына алуу мен эле чектелбейт. Сүйлөмдүн типологиялык, өнүгүш бөтөнчөлүгү белгилөөдө да чоң ролдо ойнойт.

Маселен, түрк тилдерин изилдөөчүлөрдүн ичинен профе сор Н. А. Баскаков[5] баш болгон бир жоон топ окумуштуулар дын: **«Менин келишим керек. Менин ичким келди»**, — деге сыяктуу түзүлүштөгү сүйлөмдөрдүн **керек, келди** деген сөздөр рүн баяндооч катары, **келишим, ичким** деген сөздөрдү ээ ката ры жаңылыш карап жүрүшү бекеринен эмес. Мында бул оқу муштуулар мындай сүйлөмдөрдө таандык уландылардын фун

[1] Е. И. Убрятова, Исследование по синтаксису якутского языка, М.-Л. 1950, 94-бет.

[2] Н. А. Баскаковдун жогоруда эле аталган эмгегинин 263, 264-бет терин караңыз.

[3] З. И. Будагова, Простое предложение в современном азербайд жанском литературном языке, авт., Баку, 1963, 10-бет.

[4] А. С. Сафаев, Главные члены предложения в современном узбекском литературном языке. Ташкент, 1958, 33-бетти караңыз.

[5] Н. А. Баскаков, Сист. спряж, или изм. слов по лицам в яз. тюркск гр., жыйнак. Иссл. по ср. гр. тюркск. яз., II, морф. М., 1956, 280-бетти карa ңыз.



циясынын өзгөрүшүн, **анын, таандык уландылардын, жак уландылардын функциясында колдонулушун байкас албай жүрүшөт.**

Бул маселени туура түшүнүүдө иштин түйүнү мына ушул таандык уландылар жалганып турган сөздөрдө жана ал сөздөрдүн башка сөздөр менен болгон катыш бөтөнчөлүктөрүн туура белгилөө ишинде турат. Башкача айтканда, жогоруда көрсөтүлгөндөй түзүлүштөгү сүйлөмдөрдө аракетти билдирүүчү сөздөргө, тагыраак айтканда, кыймыл атоочторго жалганып турган таандык уландылар жак уландыларынын милдетин аткарып калышат да, ага окшогон сөздөр составдык баяндоочтордун тутумундагы негизги сынары катары келишет, андан кийинки сөздөр болсо тутумдаш баяндоочтордун көмөкчү бөлүгү катары түшүшкөн болот.

Мисалы: 1. **Менин эртең жолугушум керек.** 2. **Аалынын барышы тийиш.** 3. **Анын окугусу да, иштегиси да келип жүрөт.** 4. **Сенин да иштегиң бар го.**

Берилген мисалдарда **менин, Аалынын, анын, сенин** деген сөздөр грамматикалык жактан аныктооч болуп келишти да, логикалык жактан алганда аракет кылуучу жактар катары түшүштү. Ал эми, **жолугушум керек, барышы тийиш, окугусу, иштегиси келип жүрөт, иштегиң бар го** деген комплекстер сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочтору катары келишип, булардын негизги сынарлары болуп түшкөн **жолугушум, барышы, окугусу, иштегиси, иштегиң** деген сөздөргө жалганып турган таандык уландылар алардын I, II жана III жактарда турган логидык уландылар алардын I, II жана III жактарда турган логикалык аракет кылуучу жактар менен болгон байланышын тейлеп турушат да, булар негизги баяндалуучу, билдирилүүчү маанини ээлешип, **керек, тийиш, келип жүрөт, бар го** деген сөздөр алардын көмөкчү бөлүгү катары келишти.

Азыркы кыргыз тилинин жана башка түрк тилдеринин шартында мындайча курулуштагы сүйлөмдөрдүн илик жөндөмөдөгү логикалык аракет кылуучу жактарынын кыйыр жөндөмө (илик жөндөмө) формасынын түшүп калып, грамматикалык ээ катары келген учурлары[1] да кеңири таралган.

Мисалы: 1. **Биз окушубуз керек.** 2. **Студенттер барышы керек.**

Мына ушунун өзү эле буларга окшогон составдагы сүйлөмдөрдө **окушубуз, барышы** деген сыяктуу сөздөрдүн өз беттеринче турганда логикалык аракет кылуучу жак катары да, граммтикалык ээ катары да түшө албастыгын айкын көрсөтүп турбайбы. Алар **керек** деген катыштык функциядагы сөз менен өз ара ажыралгыс биримдикте алынганда гана аракет кылуучу жактардын бул, же тигил мүнөздөгү кырдаалдарын баяндоо касиетине ээ боло алышат.

Мындайча түзүлүштөгү сүйлөмдөрдө колдонулган форма-

[1] Ээнин түзүлүшү берилген бөлүктү караңыз.

лар (таандык уландылар) формалдык түрдө гана таанд
уландылар катары каралат да, иш жүзүндө жак уландылар
нын функциясын аткарып турган болот.

Эгерде, таандык уландылар атооч сөздөргө жалганып
рушкан болсо, андай сөздөрдү сүйлөмдүн составдык мүчөлө
нүн тутумундагы негизги бөлүгү катары кароого мүмкүн э
алардын ар бири өз беттеринче туруп, бул, же тигил мүнөзд
синтаксистик милдет аткарып турушкан болот.

Мисалы: 1. **Жолдошум келди.** 2. **Бул биздин студенттик ж
дошубуз эле.** 3. **Мага сиздин китебиңиз керек.** ж. б.

Бирок алды жакта белгиленип өтүлгөндөй, кыймыл ат
торго жалганып турган таандык уландылардын баардыг
тең эле бирдей мүнөз берүүгө мүмкүн эмес. Андайча түзүлү
төгү сүйлөмдөрдүн жекече шартын да эске алуу, ошого жа
ша мамиле кылуу керек.

Мисалы: 1. **Сенин келишиң керек.** Бул берилген мисал
**келишиң керек** деген комплекс сүйлөмдүн тутумдаш баянд
мүчөсү катары келди.

2. **Сенин келишиң өтө керек.** 3. **Менин барышым силерге
керек.**

Мында болсо **өтө керек, керек** деген сөздөр өз беттери
турган баяндооч мүчөлөр катары келишти да, **келишиң, бар
шым** деген сөздөр ээлик милдет аткарып турушат. Булар
окшогон сүйлөмдөрдө таандык уландылар жак уландыларын
милдетинде турушкан жери жок. Ошондуктан бул келтирил
мисалдардагы таандык уландылар жалганган сөздөр сүйл
дүн ээси болуп түшүштү да, **керек** деген сөз менен **өтө кер
деген комплекс катыштык функцияда эмес, өз алдынча тур
толук маанилүү сөз катары келишип, алардын ар бири өз
дыларынча баяндоочтук милдет аткаруу касиетине ээ бол
турат.

**§ 104.** Сүйлөмдүн ээлери III жактагы сөздөрдөн болушса
бул жактын атайын III жак уландыларынын жок болгондугу
байланыштуу, мындай ээлер менен байланышта, катышта т
ган баяндооч сөздөрдүн баяндоочтук формалары алар
(баяндооч сөздөрдүн) милдетин аткарып турган сөз түркүм
рүнүн грамматикалык структурасына жараша ар түрдүү ык
лар аркылуу тейленет жана ар кыл түзүлүштө болушат.

Мисалы: 1. **Акылдуунун сөзү да кыска, айтканы да нус
2. Эл сагынбас эр болбойт, жер сагынбас ат болбойт** (эл м
калы).

Берилген мисалдарда **кыска, нуска** деген сөздөрдүн э
карай алган соңчул орун тартиби алардын баяндоочтук мил
тин шарттап турган формасы катары келди да, **болбойт** дег
сөздүн чак уландысы анын милдетин шарттап турган баяндоо
тук формасы болуп түштү.



3. **Жайнап өскөн гүл мына,**
**Жашыл сайма түр мына** (Ж. Б.).

Мында болсо **мына** деген сөз баяндоочтук милдет аткарып турат. Анын орун абалы кандай түрдө өзгөрүлсө да, синтаксистик милдети өзгөрүлбөйт, буларга окшогон баяндоочтордун орун тартибинин өзгөртүлүшү стилдик каражат катары гана пайдаланылышы ыктымал.

Мына ушундайча, III жактагы ээлик милдет аткаруучу сөздөр менен катышта турган баяндооч сөздөрдүн формаларынын түркүн-түркүн болушу алардын (баяндоочтордун) милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн табиятына тыгыз байланыштуу болот. Мына ушул планда мындай баяндоочтордун түзүлүшү сөз түркүмдөрү боюнча төмөндөгүчө мүнөздөлүшү мүмкүн:

### а) ЭТИШТЕР БОЮНЧА.

1) Чак уландылары баяндоочтук форма катары кызмат кылышат.

Мисалы: 1. **Мына, бүттү**
**Анда сынган кабыргам** (Ж. Т.).
2. **Эл бөөдө өлүмгө ичинен чыккан балдарын жибергиси келбей олтурат** (Ж. Т.).
3. **Таптаган билет шумкарды,**
**Чапкан билет тулпарды** (Ж. Т.).

Мындайча мүнөздөгү баяндоочтук форма катары келген чак уландылары жалганып турган сөздөр (баяндоочтор) стилдик ыкмага карай орун тартибин, жак уландыларындагы баяндоочтор сыяктуу эле, эркин түрдө өзгөртүшө беришет. Андай баяндоочтордун орун абалынын өзгөрүлүшү менен алардын синтаксистик милдеттери өзгөрүлбөйт, себеби, чак уландылары буларга окшогон баяндооч сөздөрдүн синтетикалык баяндоочтук формасы катары түшкөн болот. Академик В. В. Виноградовдун[1] орус тилине карай негизги баяндоочтукту уюштуруучу форма катары жак формалары менен ынгайларды эсептөөгө туура келет деген тыянакка келиши жак уландылары менен чак уландыларынын жогоруда белгиленип өтүлгөндөй касиетине негизделген болуп, бул түрк тилдерине да толук туура келерлигин айтсак болот.

2) Унгу (буйрук) этиштер да нолдук жак формасындагы баяндооч сөз болуп келишет.

Мисалы: 1. **Акылыңардан адашпагыла, журт** (Ж. Т.). 2. **Сен оку, Керим.** 3. **Адам болгуң келсе, эмгекти сүй.** ж. б.

Буларга окшогон этиштерден болгон баяндоочтор II жакка

---

[1] В. В. Виноградов, Русский язык, М., 1947, 453-бетти караңыз.

таандык болуп айтылгандыктан, кандай сөздүн (II жакта сөздөрдүн) ээлик милдет аткарары белгилүү болуп турат.

Бирок II жакта турган ат атоочтор жөнүндө (II жакта аракет кылуучу жактар жөнүндө) сөз жүрүп жаткандыгы бе гилүү болуп тургандыгына карай мындай баяндоочторду жа уландыларындагы (II жак уландысындагы) баяндоочтор сыя туу түшүнүүгө, тагыраак айтканда, II жак уландыларындаг баяндоочторго параллель коюуга болбойт. Жак уландысынд турган баяндооч сөздөр сүйлөмдүн башка бир маанидеги тур түзөт да, жак уландысында турбаган өйдөтө көрсөтүлгөнд баяндооч мүчөлөр сүйлөмдүн дагы бир башка маанидеги тур катары келишет. Мына ошол себептүү көрсөтүлгөндөй түз лүштөгү буйрук түрүндө айтылган этиш сөздөрдөн болго баяндооч мүчөлөрдү нолдук жактагы этиштик баяндооч форма катары карап олтурабыз.

## б) АТООЧТОР БОЮНЧА.

Баяндоочтук милдет аткаруучу атооч жана айрым тактоо сөздөрдүн III жактагы ээ болуп келген сөздөргө карай алга соңчул орун тартиби алардын нолдук даражадагы баяндоочту формасы катары келет.

Мисалы: 1. **Мына бул жер —**
**Мундуулардын энеси,**
**Мына бул жер —**
**Өткөн күндүн элеси** (Ж. Т.).

2. **Эмгектин эркелеткен кызы — ошол сулуу** (Ж. Т.).

3. **Секирмелүү жери бар,**
**Ашуунун өтө жолу тар** (Ж. Т.).

4. **Отличник студенттер кырк беш.** ж. б.

Бул келтирилген мисалдарда **энеси, элеси, сулуу, бар, тар кырк беш** деген сөздөр баяндоочтук милдет аткарышып, алар дын белгиленген синтаксистик милдеттери ээге карай алга соңчул орун абалы менен шартталып турат.

Эгерде, бул сөздөр ээлик милдет аткаруучу сөздөрдөн му да келишкен болсо, алар баяндоочтук милдет аткарышпастан өзүлөрү таандык болуп турган сөздөр менен аттрибутивдик ка тышта болушуп, аныктоочтук милдет аткарып калышкан болор эле, же дагы бир башка шартта сүйлөм ээлери болуп да түш көн болор эле.

Демек, мындан тийиштүү баяндоочтук формалар жак, ча дагы ушулар сыяктуу сөз өзгөрүү формалары аркылуу, же ка тыштык сөздөр аркылуу гана тейленүү менен эле чектелбестен атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтордун III жактагы ээге кара алган соңчул орун тартиби да белгилүү бир баяндоочтук фор ма катары да келе тургандыгын белгилөөгө тийишпиз.



1. **Ырас, курдаш, кайда болсо, кедейлердин көргөн күнү ушул** (Ж. Т.).

2. **Көч жөнөтүп келаткан**
**Те кабылан сындуу жигит ким?** (Ж. Т.).

Мында да **ушул, ким** деген ат атоочтордун баяндоочтук милдеттери алардын ээге карай алган соңчул орун абалына карай шартталган[1].

Ошондуктан мындай баяндоочтор катышкан сүйлөмдөрдө ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн катышып турушу милдеттүү түрдөгү норма болуп саналат. Ансыз баяндоочтун соңчул орун абалынын белгилениши да мүмкүн эмес.

Мына ушундайча, III жактагы ээлер менен байланыштагы атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтордун синтаксистик милдетин шарттап турган формасы интонация эмес, ал сөздөрдүн ээге карай алган соңчул орун тартиби болуп саналат. Интонация болсо сүйлөмдүн кандайдыр бир мүчөсүнүн табиятын шарттап туруучу грамматикалык каражат, форма катарында эмес, сүйлөмдүн жалпы жонуна тиешелүү грамматикалык каражат катары кызмат кылып турган болот. Интонациянын бир составдуу сүйлөмдөрдө да, эки составдуу сүйлөмдөрдө да алардын айрым бүткөн ойду билдирип, толук даражада грамматикалык жактан уюшулушун шарттап турушу анын мына ушул касиети менен түшүндүрүлөт.

**§ 105.** III жактагы сүйлөм ээлери менен байланышта турган атоочтук баяндоочтордун түзүлүш жагын өнүгүш жана калыптаныш абалына карата эки түргө бөлүүгө болот.

а) Атоочтук сүйлөмдөрдө, III жак уландыларынын жок болгондугуна байланыштуу, баяндоочтук милдет аткаруучу атооч сөз түркүмдөрүнүн ээге карай ээлеген соңчул орун тартибинин баяндоочтук форма катары келиши пайда болгон жана калыпташкан. Бул атоочтук баяндоочтордун баштапкы да, эң кенири жайылган да баяндоочтук формасы болуп саналат.

Айрым бир түрк тилдеринде сакталып калган рудаменттерге караганда мындайча баяндоочтордо жак уландысынын ордуна аффикс категориясына айланбаган III жактагы жакта-

---

[1] Бирок кээ бир ат атоочтор менен тактоочтордон болгон баяндоочтордун айрым бир өзгөчөлүктөрү да болот. Мисалы: 1. Шайыр жаштар *мынакей*, эне (Ж. Т.). 2 *Мынакей* биздин көргөн күнүбүз (Ж. Т.). 3. Ата наркы *кана!?* (Ж. Т.). Кана ата наркы!? 4. Биздин үй *жогору*. *Жогору* биздин үй. ж. б. Мындай сүйлөмдөрдө баяндоочтук милдет аткаруучу тактооч сөздөрдүн орду стилдик талапка карай эркин түрдө өзгөрүлө берет.

5. Боздогон инген мына **мен**, кокуй!
Боздоп калган ботом **сен**, кокуй! (Ж. Т.).

Бул келтирилген мисалда болсо мен, сен деген ат атоочтор баяндоочтук милдет аткарып турушат. Алардын жак уландыларынын көмүстө калганы билинип турат. Бирок буларга окшогон баяндоочтордун орун тартиби өзгөрүлүп кетсе, алардын (*мен, сен* деген сөздөрдүн) синтаксистик милдети да өзгөрүлүп кетиши ыктымал.

ма ат атоочтор колдонулуп, алардын жак маанисинде да, ар
кет кылуучу жактарды тактоо милдетин да аткарып турган
гы байкалат.

Маселен, профессор Н. А. Баскаков[1] мына ушундайча
нөздөгү баяндоочтордун үлгүсү катарында тува тилинен: «М
хавуда чор ол — скот пасется на пастбище», — деген, түрк т
линен: «Ол түрк ол — он турок», — деген сыяктуу сүйлөмдө
дү келтирет.

Азыркы кыргыз тилинде, ошондойчо эле, көпчүлүк түр
тилдеринде мындай учур сакталган эмес. Атоочтук баяндоо
тордун ээге карай алган соңчул орун тартиби жекеден-же
баяндоочтук форма катары кызмат кылып калган.

б) Атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтордун баяндоочт
формасынын өнүгүш жана калыптаныш этабынын экинчи б
кычы катары кыйыр жөндөмөлөрдөгү сөздөрдүн баяндоочт
милдет аткарган учурларын алууга болот[2].

Мындайча кыйыр жөндөмөлөрдөгү — жатыш, чыгыш жа
барыш жөндөмөлөрдү, баяндоочтордун калыптаныш даража
рынын бирдей абалда эместиги булардын соңку кездерде га
калыпташа баштаганын айкын көрсөтүп турат.

1) Буларга окшогон түзүлүштөгү баяндоочтордун ичин
жатыш жөндөмөдөгү баяндоочтор көбүрөөк даражада кал
ташкан. Анын мындай белгиси катарында стилдик талапка ж
раша орун тартибинин эркин өзгөрүлүшүн көрсөтүүгө болот

Мисалы: 1. Атам **сексен бирде. Элүү экиде энем** (Ш. Б
2. Баканын бир көзү **көлдө,** бир көзү **чөлдө** (эл макал
3. **Менде** айып, Ажар балам! (К. Ж.).

Бирок жатыш жөндөмө өзгөрүү формасындагы сөз
дайым эле баяндоочтук форма катары келе бербейт. Көбүнч
айкындоочтук милдет аткарышат. Ошондуктан жекече алынга
шартына жараша мамиле кылынуу керек.

2) Чыгыш жөндөмө өзгөрүү формасындагы сөздөр да бая
доочтук милдет аткарышат. Бирок мындай баяндоочтордун
милдети, көбүнчө, алардын ээге карай алган соңчул орун тар
тибине байланыштуу болот.

Мисалы: 1. Бул каталарың синтаксисти **начар өздөштүргөн
дүгүндөн.** 2. Калипа да **шаардан.** 3. Аалы **Суусамырдан,** ма
**Карабалтадан.** ж. б.

Эгерде, бул келтирилген мисалдардагы чыгыш жөндөмөдөгү
баяндооч мүчөлөрдүн орун абалы өзгөрүлүп кеткен болсо, а
чыгыш жөндөмөдөгү сөздөр же айкындоочтук милдет аткарып

---

[1] Н. А. Баскаков, Сист. спряж. или изм. слов по лицам в яз. тюркск. груп., жыйнак, иссл. по ср. грам. тюркск. яз., II, морф., М., 1956, 266-бетти караңыз.

[2] К. К. Сартбаев, Кыргыз тил. кошмо сүйл. синт., Фрунзе, 1957, 1[illegible] бетти караңыз. М. Б. Балакаев, Современный казахский язык, Алма-Ата, 1958, 144-бетти караңыз.



калышкан болор эле да, же аларга окшогон сөз айкалыштары сүйлөмдүк касиетке ээ боло албай калар эле.

Албетте, өтө сейрек учурларда болсо да, чыгыш жөндөмөдөгү баяндооч сөздөрдүн орун тартиби (айрыкча, персонаждардын речинде, диалогдо) стилдик талапка ылайык өзгөрүлүп кетиши да мүмкүн. Бирок, көбүнчө, оозеки речке мүнөздүү келет (**Айылдан** да ал). Анткени, оозеки речке мүнөздүү үндүн ар кыл кыймылы мындай баяндоочтордун табиятын коррективдеп турат.

3) Барыш жөндөмөдө турган сөздөр да баяндоочтук милдет аткарып турушу ыктымал, бирок өтө сейрек кездешет. Мисалы: 1. Бул китеп **магадыр.** 2. Тигил **сага,** ала кой. 3. Мунусу **кимге?** ж.б.

Бул барыш жөндөмө өзгөрүү формасындагы баяндоочтордун толук даражада калыпташа электиги байкалат.

Маселен, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү баяндоочтор тийиштүү жак уландылары боюнча I, II жактардагы сүйлөм ээлерин ээрчип турушат, ал эми, барыш жөндөмөдөгү баяндоочтор болсо жак байланышында боло албайт. Мындай барыш жөндөмөдөгү баяндоочтор, көбүнчө, күдүк **-дыр,** суроолуу **-бы** уландыларында турат, же көмөкчү сөздөрдүн айкалышып турушу аркылуу баяндоочтук формага ээ болуп турат. Бул кырдаал мындай баяндоочтордун кийин гана айкындооч мүчөлөрдүн эсебинен калыпташа баштаганын көрсөтүп турат.

**§ 106.** Жатыш, чыгыш жана барыш жөндөмө уландылары сыяктуу эле, суроолуу **-бы,** күдүк **-дыр** уландылары да синтетикалык баяндоочтук форма катары түшүшү мүмкүн.

Мисалы: 1. **Силердин айтканыңарды терс деп айтар менде ал барбы?** (К. Ж.). 2. **Мүмкүн, бул да сенин ишиңдир.** 3. **Ал IV курстабы?**

### Аналитикалык формадагы баяндооч сөздөр.

**§ 107.** Кээ бир катыштык (жардамчы) сөздөр толук маанилүү сөздөргө айкалышып, алардын аналитикалык баяндоочтук формалары катары келишет. Мындай катыштык сөздөр өзүлөрү айкалышып турган толук маанилүү сөздөр менен ажыралгыс биримдикте турушуп, бир жагынан, алардын грамматикалык баяндоочтук формасы катары түшүшсө, экинчи жагынан, аларга ар кыл кошумча маани да берип турат.

Төмөндөгү катыштык сөздөр толук маанилүү сөздөрдүн аналитикалык баяндоочтук формасы болуп келишет.

1) **Экен, эле** деген катыштык сөздөр толук маанилүү сөздөрдүн аналитикалык баяндоочтук формасы болуп түшүшөт.

Мисалы: 1. Өзүң да **таанымал экенсиң** (Ш. Б.). 2. Алтын Көкүл Раушан **казак кызы эле** (К. Ж.).

Бул катыштык сөздөр толук маанилүү сөздөрдүн эсебинен жак уландылары менен да өзгөрүп турушу да мүмкүн.

Мисалы: 1. Сен тулпардын тукумун **тааныйт экенсиң** (жомоктон). 2. Намыска жарай турган **эргул экенсиз** (Ш. Б.). 3. Бардык өнөргө **бар элем,** бир балага **зар элем** (К. Ж.).

Суроолуу **-бы** уландысы менен да өзгөрө бериши ыктымал. Мисалы: 1. Ой, көк муз, дүйнөдө сенден күчтүү эч нерсе жок **бейм** (жомоктон).

2. Алтын медаль Айшага
**Айылдап барар бекенбиз** (А. О.).

2) **Чыгар** деген катыштык сөз да аналитикалык баяндоочтук форма катары келет.

Мисалы: 1. Эрдин куну, эриштин айыбы болсо да, **бүткөн чыгар** (К. Ж.). 2. Бул, балким, анын өмүрүндөгү колуна биринчи тийген **чоң сумма чыгар** (Ш. Б.).

Аналитикалык баяндоочтук форма түзүүчү бул катыштык сөз да толук маанилүү сөздөрдүн эсебинен жак уландылары менен өзгөрүп турушу мүмкүн.

Мисалы: 1. Сен көргөн, мүмкүн, **мен чыгармын.** 2. Балким, сен андан **билимдүү чыгарсың.** ж. б.

3) **Эмес** деген катыштык сөз да толук маанилүү сөздөр менен айкалышып, алардын аналитикалык баяндоочтук формасы катары келет. Мисалы: 1. Бул аркага урулган балак **кеп эмес** (К. Ж.). 2. Айша **студент эмес.** ж. б.

Бирок бул жардамчы сөздүн синтаксистик милдети жогоруда белгиленген жардамчы сөздөргө салыштырганда алда канча кеңири. Бир жагынан, толук маанилүү сөздөргө тутумдашып алардын аналитикалык баяндоочтук формасы катары келе (1. Ата-бабам даамын **таткан эмес** (Ш. Б.). 2. Коомдук жай ата-энендин **үйү эмес да** (Ш. Б.). 3. Сен **караңгы эмессиң.** 4. Мен **студент эмесмин**), экинчи жагынан, атооч түрмөктөрүн уюштуруучу маанилүү синтаксистик каражат катары да кызмат кылат (1. **Асан эмес,** Аалы келди. 2. **Кызылы эмес,** көгүнө жетпей калды. 3. **Бекерчилик эмес,** эмгек баарына жеткирет)[1].

4) **Тура** деген катыштык сөз аналитикалык баяндоочтук форма катары келет. Бирок жогоруда белгиленип өтүлгөн аналитикалык баяндоочтук форма түзүүчү катыштык сөздөр сыяктуу жак уландылары менен өзгөрбөйт.

Мисалы: 1. **Мааниң чак тура** (Ш. Б.). 2. Ал **Күлбарчын тура.** 3. Бул **мен тура** ж. б.

Бул катыштык сөздүн параллели катарында III жакта **турбайбы, турушпайбы,** I жана II жактарда **турбаймбы, турбайбызбы, турбайсыңбы, турбайсыңарбы, турбайсызбы, турбайсыңдарбы** деген катыштык сөздөр да аналитикалык баяндоочтук форма катары түшүшөт. Мисалы: 1. Айткан **сен турбайсыңбы.** 2. Бул **мен турбаймбы.** 3. Тигил **окуучу турбайбы** ж. б.

5) **Го** деген жардамчы сөз да аналитикалык баяндоочтук форма болуп түшөт.

Мисалы: 1. Көрүнгөн сенин **атың го.** 2. **Асан го** тигил келе жаткан. 3. Ал **студент го.**

Бул **го** деген аналитикалык баяндоочтук форма түзүүчү катыштык сөз аракет кылуучу жактарга карай тийиштүү жак уландылары менен өзгөрбөйт. Суроолуу **-бы,** күдүк **-дыр** уландылары менен да өзгөрбөйт.

6) Жогоруда белгиленип өтүлгөн аналитикалык баяндоочтук форма түзүүчү катыштык сөздөрдүн бир нечеси катары менен айкалышып турушу да ыктымал. Алардын өз ара айкалыш тартиби мындайча болот:

а) Толук маанилүү сөзгө биринчи аналитикалык катмар болуп **эмес** деген катыштык сөз айкалышат. Андан кийин экинчи катмар болуп **экен, эле, го** деген катыштык сөздөр келиши мүмкүн.

Мисалы: 1. **Илим деген чалгы шилтеп кете бергидей иш эмес экен.** (Ш. Б.). 2. **Ал Жеңиш эмес го.** 3. **Бул анын милдети эмес эле.** ж. б.

б) Эгерде, экиден көп катыштык сөздөр катар келишсе, **эмес** деген биринчи катмар болуп түшкөн катыштык сөздөн кийин **экен, же эле** деген катыштык сөздөрдүн бири экинчи катмар болуп түшөт да, **го** деген сөз соңку катмар болуп келет.

Мисалы: 1. **Асан аспирант эмес экен го.** 2. **Ал барган эмес эле го.** 3. **Алмаз токарь экен го.** ж. б.

7) Семантикалык маанисин жоготкон **«де»** деген этиш сөздөн пайда болгон **дейм, бейм** деген катыштык сөздөр да аналитикалык баяндоочтук форма түзүшөт. Бирок бул экөөнүн грамматикаланыш даражалары ар башка. Мына ошол өзгөчөлүктөрүнө жараша алардын синтаксистик орду да ар түрдүү.

а) **Бейм** деген катыштык сөз **«де»** деген этиш сөзгө суроолуу **-бы** жана I жак уландысынын айкалышынан барып, башкы **«д»** тыбышынын түшүп калышынан барып пайда болгон. Бул уландылар болсо (суроолуу **-бы** жана жак уландысы) аны менен (**«де»** деген этиш менен) ажыралгыс биримдикте катып калып, катыштык бүтүн сөзгө айланып кеткен, биротоло грамматикалашып кеткен. Натыйжада, бул **бейм** деген сөздүн составында турган жак уландысы байланыш формасы катары келүү табиятынан ажырап калган да, суроо уландысы суроолуу маанисинен ажырап калган. Башкача айтканда, бул сөз **(бейм)** аналитикалык баяндоочтук форма катары келгенде, ага тутумдашып турган жак уландысы (**-м**) I жактагы сүйлөм ээлери менен болгон синтаксистик байланышын тейлей албайт. Аракет кылуучу жактарга карай тийиштүү жактар боюнча толук маа-

---

[1] *Түгүл, тургай* деген катыштык сөздөр да атооч түрмөктөрүн уюштурушат. Бирок мында баяндоочтук форма түзүүчү катыштык сөздөр жөнүндө сөз жүрүп жаткандыктан, алар жөнүндө токтолбойбуз.

нилүү сөздөр өзгөрөт да, **бейм** деген сөз бир калыпта өзгөрү
сүз кала берет.

Мисалы: 1. **Ак падыша залимге**
**Жазган Током келген бейм.**
**Жети жылы пияда**
**Баскан Током келген бейм** (Токтогул).
**2. Ал азамат Абыл бейм.** 3. **Сен студентсиң бейм.** 4. **Мен кер**
**гип калдым бейм.** 5. **Биз ага тааныш эмеспиз бейм.** ж. б.

б) **«Дейм»** деген аналитикалык баяндоочтук форма түзүү
катыштык сөз эки түрдүү касиетке ээ. Башкача айтканда, б
сөз, бир жагынан, тийиштүү аналитикалык баяндоочтук фор
түзүүчү грамматикалашып кеткен катыштык категория катар
каралса, экинчи жагынан, өзүнчө туруп тийиштүү синтаксист
милдет аткаруучу толук маанилүү сөз катары да кызмат кыла

1. Маселен, **«дейм»** деген сөз азыркы кыргыз тилинде а
рым шарттарда өзүнүн толук маанилүүлүк семантикасын
ажырап калган жана ага биригип кеткен жак (-м) уландысы
тийиштүү жак маанисин жоюп жиберген рудамент катар
келип, буга окшогон комплекс (**дейм**) баяндоочтук милдет а
каруучу толук маанилүү сөздөрдүн аналитикалык баяндооч
формасы катары келиши ыктымал.

Мисалы: 1. **Сен студентсиң го дейм. Биз бара албайбыз**
**дейм.** 2. **Алар түшкө чейин келип калар дейм.** 3. **Тигиниси ж**
**рашыктуубу дейм.**

Бул берилген мисалдарда **«дейм»** деген сөзгө жалган
турган -м жалгоосу баяндоочтук милдеттеги комплекстин с
лөм ээси менен болгон жак байланыш биримдигин тейлей ала
жок. Мында баяндоочтук комплекстин ээге карай болгон жа
байланышы негизги баяндоочтук компонент болуп түшкөн т
лук маанилүү сөздөргө уланып турган I, II жак формалар
(**-сың, -быз**) аркылуу тейленди да, III жакта толук маанилү
сөз нолдук жак формасында турат. Бул турушу боюнча **«дейм»**
деген катыштык сөз болсо, **«бейм»** деген катыштык сөз сыяктуу
эле, катып калган сенек формада болуп, анын тутумундагы
жак (-м) уландысы өзгөрүүсүз түрдө кала берди.

**«Дейм»** деген сөздүн мындайча мүнөздөгү синтаксистик т
бияты анын биротоло грамматикалашып кетишинин, катыштык
сөздөр категориясына өтүп кетишинин көрсөткүчү болуп с
налат.

Бул аналитикалык баяндоочтук форма түзүүчү **«дейм»** дега
катыштык сөзгө **экен, эле, эмес, чыгар** деген жардамчы сөздөр
дүн кабатталып айкалышып турушу да мүмкүн, же бул катыш
тык сөз (**дейм**) тутумдашып турган толук маанилүү сөз (баян
дооч) суроолуу **-бы,** күдүк **-дыр** уландылары менен да өзгөрө
бериши ыктымал. Анын **«бейм»** деген катыштык сөздөн айры
масы мына ушунда.



Мисалы: 1. **Сен баргандырсың дейм.** 2. **Мен алгандырмын дейм.** 3. **Асанкул аспирантпы дейм.** 4. **Сен алдыда чыгарсың дейм.** 5. **Биз студент элек дейм.** 6. **Силер билген эмессиңер го дейм.** ж. б.

2. Эгер, **«де»** деген этиш сөз өзүнүн толук маанилүүлүк семантикалык касиетин сактап, ага жалганып турган жак (**-м**) уландысы анын (**де-й-м**) сүйлөм ээси менен болгон жак байланышын тейлеп турса, **«дейм»** деген этиш сөз аналитикалык баяндоочтук форма түзүүчү катыштык категория катары кел-бейт. Андай учурда ал өз алдынча туруп, тийиштүү синтаксистик милдет аткарат.

Мисалы: 1. **Ленин: «Окуу керек, окуу керек жана окуу керек», — дейт.** 2. **Сен биз коммунизмдин курууучуларыбыз дединг беле.** ж. б.

Бирок бул **«де»** деген этиш сөз барган сайын өзүнчө туруп синтаксистик милдет аткаруу табиятынан ажырап баратат. Анын өз алдынча туруп тийиштүү синтаксистик милдет аткарышы тике сөздөрдө жана тике сөз конструкциясындагы сүйлөмдөрдө гана сакталууда.

Мисалы, **Сени студент дейт, маданияттуу, билимдүү дейт,** — деген сүйлөмдү алсак, мында **дейт** деген сөз өзү таандык болуп турган **студент, маданияттуу, билимдүү** деген сөздөр менен ажыралгыс биримдикте туруп, тутумдаш баяндооч болуп түштү.

**1. Мен сени баягы эле Акматсың дейм.** 2. **Сен бизди эртең келген дейсиңби?**

Бул келтирилген мисалларда да **Акматсың дейм, келгин дейсиңби** деген комплекстер өз ара ажыралгыс биримдикте турушуп, сүйлөмдүн тутумдаш баяндооч мүчөлөрү болуп келишти.

Берилген мисалларда баяндоочтук комплекстердин сүйлөм ээлери менен болгон синтаксистик байланышы **«де»** деген этиш сөзгө уланып турган жак формалары аркылуу тейленди, III жакта болсо нолдук жак формасында турат.

8) Азыркы кыргыз тилинде синтаксистик аткарган милдетине карай катыштык сөздөр категориясына өтүп турган, же семантикалык мазмундуулугун жоюп, биротоло катыштык сөздөр тобуна өтүп кеткен **болучу, көрүнөт, сыяктанат, окшойт, болуп саналат,** болуп эсептелет, **деп аталат, болуп аталат, дейбиз, делет, дейт** деген сыяктуу сөздөр да аналитикалык баяндоочтук форма түзүшөт.

Булар атооч, же этиш сөздөрдөн болгон баяндооч мүчөлөргө тутумдашып, алардын аналитикалык баяндоочтук формасы катары келишет да, ошол толук маанилүү сөздөрдүн эсебинен тийиштүү жак, чак уландылары менен өзгөрүп турушат.

Мисалы: 1. **Жалил котормочу болчу.** 2. **Бул коргошундан да оор көрүнөт.** 3. **Сен окуган сыяктанасың го.** 4. **Биздин өлкө Советтер Союзу деп аталат.** 5. **Анарды орусча гранат дейт.** ж. б.

9. Айрым шарттарда **сыяктуу, жөнүндө, тууралу, чейин, дей**-**ре** деген сыяктуу жөлөкчүл сөздөр тутумдашып турган тол маанилүү сөздөр да сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү бо келишет.

Мисалы: 1. Биринчи семинар — **«Коммунисттик партияны манифести» жөнүндө** (Ш. Б.). 2. Бирок бечарага болуш табияттын күчүнөн Кадырбектин күчү **артылып түшкөн сыя**-**туу** (К. Ж.). 3. Биздин колхоздун чеги тетиги чокудагы **столб чейин.**

Бирок бул жөлөкчүлдөр толук маанилүү сөздөрдүн анал тикалык баяндоочтук формасы катары келе алышпайт.

Жөлөкчүлдөр тутумдашып турган толук маанилүү сөздөр дүн баяндоочтук милдети ошол комплекстердин соңчул орун абалы менен шартталган болот да, ал комплекстердин позицио лык абалы өзгөрүү менен аткарган синтаксистик милдети көп учурларда кошо өзгөрүлөт (1, 3-сүйлөмдөрдүн баяндоо торунун ордун өзгөртүп көрүңүз), же сүйлөмдүк касиетке боло албай калышы да ыктымал (2-мисалдын баяндоочунун ордун алмаштырып караңыз).

10. Жатыш, чыгыш жөндөмө уландыларында турган баяндооч сөздөргө, же аталып өтүлгөн жөлөкчүлдөр айкалышып турган баяндоочтук комплекстерге тийиштүү катыштык сөздөр тутумдашып, алардын аналитикалык баяндоочтук формасы катары келиши да ыктымал.

Мисалы: 1. **Иш анда эмес** (К. Ж.). 2. **Бул суроо көптөн бери Каныбектин жүрөгүндө эле** (К. Ж.). 3. **Жазуудан ката жиберүү жеке эле тил билбегендиктен эмес** (Ш. Б.). 4. **Алардын сөзү Сансызды урматтап көмүү жөнүндө эмес** (К. Ж.) ж. б.

**§ 108.** Шарттуу **-са** уландысы кошмо сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочтук формасы катары келүү менен бирге, жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баяндоочтук формасы катары да келе берет.

Мисалы: 1. **Кайран он сегиз жашым кайрылып бир келсе** (эл оозунан). 2. **Мен да ушул жерде иштесем, окумуштуу болсом.** ж. б.

Бул синтетикалык баяндоочтук форма болуп түшүүчү шарттуу **-са** уландысынан кийин аналитикалык баяндоочтук форма түзүүчү катыштык сөздөр айкалышып турушу да ыктымал. Же суроолуу **-бы,** өтүнүч **-чы** уландыларында туруп да айтыла бериши мүмкүн.

Мисалы: 1. **Жашыл оңбос болсочу,**
**Жаш карыбас болсочу!** (Токтогул).
2. **Бүгүн барсамбы, же коё турсамбы.**
3. **Эрик таңы супа салбай жарк этип,**
**Европада, Индияда атса экен!** (Ж. Т.).
4. **Өз тажрыйбаңыз жөнүндө да айтсаңыз болот.** ж. б.



## КОРУТУНДУ

1. Биз сүйлөмдөр аркылуу өзүбүздүн ар түрдүү оюбузду билдиребиз. Анын мындайча ар кыл мааниде болушу болсо, өз учурунда, алардын составдык жана түзүлүш бөтөнчөлүктөрү менен тыгыз байланыштуу болуп, ошол составдык бөлүктөрү болуп келген сөздөрдүн ичинен баяндооч мүчөлөр башкы орундардын бирин ээлейт да, алардын табияты, түзүлүшү, биринчиден, баяндоочтордун ээ болуп түшкөн сөздөргө карай багыныңкы абалына карата коюлуучу байланыш формасы, биримдиги менен, экинчиден, баяндоочтук милдет аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасына, үчүнчүдөн, баяндоочтук форма түзүүчү синтетикалык жана аналитикалык формаларга, төртүнчүдөн, баяндооч сөздөрдүн өнүгүшүндөгү, калыптанышындагы катып калган айрым бир конструкциялык өзгөчөлүктөрүнө тыгыз түрдө байланыштуу болот.

Баяндооч сөздөрдүн ээ жөнүндө түркүн-түркүн, кылдат-кылдат маанилерди билдириши, баяндашы мына ушул кырдаалдар менен ажыралгыс биримдикте болот.

2. Сүйлөмдө ээлик милдет аткаруучу сөздөр I, II жактагы ат атоочтордон, же III жактагы атоочтордон, же башка сөз түркүмдөрүнөн болушу ыктымал.

Мына ошол сүйлөмдөгү ээ болуп келген сөздөр кайсы жактарда турушса, аларга багыныңкы абалдагы баяндооч мүчөлөрдүн да ошол жактарда болушу талап кылынат. Баш мүчөлөрдүн мына ушундайча өз ара биримдигине байланыштуу жактар уландыларынын тийиштүү бир баяндоочтук форма катары да, байланыш формасы катары да келиши калыпташкан.

3. Бирок III жактагы сүйлөм ээлери менен байланышып турган баяндооч сөздөр жак уландыларында болушпайт, анткени, III жактын атайын жак уландылары жок болот. Ошондуктан атооч сөздөрдүн ээге карай ээлеген соңчул орун тартиби баяндоочтук форма катары келет да, этиштерде болсо, негизинен, чак уландылары нолдук жак формасындагы баяндоочтук белги катары түшөт.

4. Суроолуу **-бы,** күдүк **-дыр** уландылары да синтетикалык баяндоочтук форма катары келишет. Бул уландыларда турган сөздөр, негизинен, баяндоочтук гана милдет аткарышат, айрым шарттарда гана киринди сөздүк милдет аткарып калышы ыктымал.

5. Жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдөгү сөздөр да белгилүү бир шартта ээге карай алган соңчул орун тартибине карай синтетикалык баяндоочтук форма катары келиши мүмкүн. Бирок мындай түзүлүштөгү сөздөргө ар бир учурда жекече шартына жараша мамиле кылуу керек.

Анткени, мындай формадагы сөздөр толуктоочтук да, быштоочтук да милдет аткарып турушу ыктымал. Ошондуктан

андайча жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдөгү сөздөр ээ болуп ке-
ген сөздөр менен предикативдик катышта турушабы, же баш-
сөздөргө карай аттрибутивдик катышта турушабы, мына ушу
жактарына назар салынуу керек.

6. **Экен, эмес, эле, го, тура, чыгар, сыяктанат, көрүнөт** дег-
сыяктуу катыштык сөздөр да аналитикалык баяндоочтук фор-
катары келишет. Аны менен бирге, булардын ичинен **эмес**, г
**эле** деген катыштык сөздөрдүн синтаксистик милдеттери жө-
че шартына байланышта каралууга тийиш. Анткени, **эмес** дег-
катыштык сөз атооч түрмөгүн түзүп турушу ыктымал, ал эм
**эле, го** деген сөздөр бөлүкчө катары келип калышы да ы
тымал.

7. Айрым бир баяндооч сөздөр (комплекстер) өздөрүн
өнүгүш процессинде ажыралгыс түрдө биригип кеткен ба
мүчөлүк комплекстерден да болушу мүмкүн (1. Ачуу-мучуун
**жыты жок** (Ш. Б.). 2. Дагы эле **көзүм жетпейт** (Ш. Б.). Була
га окшогон баяндоочтук комплекстердин басымдуу көпчүл
туруктуу айкалыштарга айланып кетишкен.

8. Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү дайым эле ээ болуп ке
ген сөздөр менен тийиштүү сан биримдигинде боло бербей
Стилдик ыкма катары айрым учурларда ээлик милдет аткар
чу сөздөрдү сан жагынан ээрчибей калышына да жол берил
(1. **Биз мугалим. Силер мугалим** (кесип). 2. **Биз мугалимбиз
Силер мугалимсиңер** (милдет); 3. **Экөөбүз өзбек, үчөө — казак
биз — кыргыз.** 4. **Чымчыктар учту. Чымчыктар учушту. Эл кел
ди. Эл келишти.** ж. б.).

9. Баяндоочтук формалар бардык эле сөз түркүмдөрүнө
бирдей боло бербейт. Айрым бир баяндоочтук формалар баян
доочтук милдет аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн бардыгына м
нөздүү келишсе, башка бир шарттарда ар бир сөз түркүмүнө
жеке керт башына гана мүнөздүү өзгөчө баяндоочтук форм
лары болушу ыктымал.

Маселен, жак, күдүк, суроолуу уландылар менен ан
литикалык баяндоочтук форма түзүүчү катыштык сөздө
бардык сөз түркүмдөрүнүн баяндоочтук формасы катар
келишет.

Ал эми, кээ бир сөз түркүмдөрүндө, маселен, атооч сөз тү
күмдөрүндө алардын ээге карай алган соңчул позициялы
абалы тийиштүү баяндоочтук форма катары түшүшөт (эгерд
III жактагы сүйлөм ээлери менен байланышып турган болсо
Этиш сөздөрдө бүт чак этиштер, белгилүү шарттарда чакчы
уландылар баяндоочтук форма катары келишет.

10. **Бейм жана дейм** деген катыштык сөздөр да аналитика
лык баяндоочтук форма катары келишет. 1. Алты жылы пияз
Баскан Током **келген бейм** (Токтогул). 2. Ал азамат **зары
бейм.** 3. Сен **студентсиң го дейм.** ж. б.



## III ГЛАВА

# БАЯНДООЧТУК МИЛДЕТ АТКАРУУЧУ СӨЗДӨР

Баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөр түркологиялык адабияттардын кай бирлеринде жалпы мүнөздө, башка бирөөлөрүндө толугураак берилген. Мында биз бизге чейинки изилдөөлөрдү эске алып, белгилүү бир системага салып, мүмкүн катары толугураак берүү максатын алдыбызга коюп олтурабыз.

**§ 109.** Этиш сөздөрдүн дээрлик бардык түрлөрү баяндоочтук милдет аткарышат.

Мына ушул баяндоочтук милдет аткаруучу этиш сөздөрдү алардын грамматикалык бөтөнчөлүктөрүнө, курулушуна карата төмөнкүчө топторго бөлүп көрсөтүүгө болот.

I. Чак этиштер баяндоочтук милдет аткарышат:

1) Этиштин **-ды** чак уландысы жалганып турган берки айкын өткөн чактагы этиш сөздөр баяндоочтук милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Мен да ыйлап мөгдөдүм** (Ж. Т.). 2. **Кат узарган, алыстаган сайын, Жапарды кайгы-капа басты, көңүлү бөлүндү** (К. Б.). 3. **Каныбек менен Алым абдан кубанышты** (К. Ж.).

2) Этиштин **-ыптыр** уландысы жалганган берки капыскы өткөн чактагы этиштер да баяндооч болуп келет.

Мисалы: 1. **Аны бекер эле жаш деп жүрүптүрбүз** («Дартына даба болгон экен», жомок). 2. **Заматтын ортосунда куйругумду таштай бекем кармаптырсың** («Баарынан киши күчтүү», жомок). 3. **Коёндун териси бир жылга чарыкка чыдаптыр** (эл макалы). 4. **Өткөн заманда Ала-Тоонун боорунда көзгө атар мергенчи жашаптыр** («Кара таштардын сыры», жомок).

Бул келтирилген мисалдардагы этиш сөздөргө жалганган **-ып + -тыр** (-ыптырмын, -ыптырсың) деген чак уландысынын кыскарган варианты **-ыпмын, -ыпсың** деген сөз өзгөрүү формалары болуп, мына ушул чак уландылары жалганып турган этиштер да баяндоочтук милдет аткарышат жана адабий тилде да жол берилет. Себеби, булар өзгөчө мүнөздөгү маани берүүчү стилдик каражат катары кызмат кылышат, **-ыптыр** деген уландылары жалганган берки капыскы өткөн чак этиштерден болгон баяндоочторго караганда бир аз өзгөчө маани билдиришет.

Мисалы: 1. **Ошентип жатып уктап да калыпмын** («Гүлбара менен Сабира», жомок). 2. **Сапан сарым, жарапсың** (Ш. Б.).

Мындай **-ыпмын, -ыпсың** формаларындагы баяндоочтор III жакта айтылбайт. Бул баяндоочтук форма, көбүнчө, оозеки речке, фольклордук чыгармаларга мүнөздүү келип, анда өзгөчө стилдик ыкма катары пайдаланылат. Адабий тилде болсо персонаждардын речине байланышта гана чектелген санда орун алат.

3) Этиштин **-ган** уландысынын жардамы аркылуу жасал белгисиз өткөн чактагы этиштер да сүйлөмдүн баяндоочу милдетин аткарышат.

Мисалы: 1. **Сени киши болобу деп ойлогом** («Асыл та жомок). 2. **Экөөбүз медициналык мектепте чогуу окуган** (Ш. Б.).

3. **Ак сүтүңдү эмизип,**
**Бооруңа басып жаткансың** (Токтогул).

Этиштин бул түюк өткөн чагынан болгон баяндоочтор күт **-дыр** уландысында турушу да мүмкүн.

Мисалы: 1. **Аны кызым сага айткандыр** («Алтын шаке жомок). 2. **Мүмкүн, көргөндүрмүн.**

4) Этиштин **-чу (-очу)** уландысы аркылуу жасалган а (кайталама) өткөн чактагы этиш сөздөр да баяндоочтук ми дет аткарышат.

Мисалы: 1. **Нечен сонун ырларды ырдап берүүчү** (К. Ж **2. Өгүздү дайым өзүм бакчумун** («Булардын кайсынысы чо жомок). ж. б.

5) Жогоруда белгиленип өтүлгөн белгисиз жана берки көн чак этиштерден болгон баяндооч сөздөргө суроолуу уландысы жалганып да айтыла берет.

Мисалы: 1. **Чыны менен эле Жамила мени унуттубу** (К. Б **2. Кудай мени эмне кыларын биле алдыңбы** («Абышка ме дөө», жомок). 3. **Сүйүндүн тили чыгыптырбы?** (Ш. Б.). 4. А **келгенби** ж. б.

Ошондойчо эле, көрсөтүлгөн өткөн чактардагы этишт баяндоочторго көмөкчү сөздөр тутумдашып, аларга ар к кошумча, модалдык маани берип турушу да ыктымал.

Мисалы: 1. **Илгери бир жигит кыз тандап жүрүп ай десе — айдай, күн десе — күндөй сулуу кызга үйлөнгөн экен** («Мыкач аял», жомок). 2. **Таш эч бир кыймылдап койгон жок** («Бере Туруке, Кулуке», жомок). 3. **Болбосо, мынчалык очорулуп а соочу эмес** (Ш. Б.). 4. **Мен сени бала кылып бактым эле** («Ас таш», жомок).

Эгерде, мындайча курулуштагы баяндоочтук комплекстер суроо уландылары катышып турса, ал суроо уландысы (**-бы** чак уландысынан кийин келбестен, катыштык маани берүүч көмөкчү сөздөргө тутумдашып кетет[1].

Мисалы: 1. **Баягында жебедин беле, кычкыл жакшы нер** (Ш. Б.).

2. **Жаралган белем насипсиз,**
**Кармалып келдим жазыксыз** (Токтогул).

---

[1] Бирок *-бы* уландысы бардык эле катыштык милдеттердеги сөздөр менен бириге бербейт. Бул тууралу «Баяндоочтун ээ жөнүндө билдирүү маанилери» деген бөлүктү караңыз.



6) Учур чак этиштер да баяндоочтук милдет аткарышат. Бул учур чак этиштерди[1] уюштуруучу уландылардын эки түрдүү варианты болот. Анын бири толук варианттагы чак уландысы деп аталат да, экинчиси кыскарган варианттагы чак уландысы деп аталат.

а) Мына ошол толук варианттагы чак уландысы жалганган этиштерден болгон баяндоочтор аракет кылуучу жактарга карай (ээге карай) үч жактын кайсынысы менен болсо да айтыла берет.

Мисалы: 1. **Жазыгым жок, кантейин,**
**Жазаны тартып жүрөмүн** (Токтогул).

2. **Экөөбүз көргөн келечекти эне-атабыз көрө албай жатат** (Ш. Б.).

3. **Эл-журтубуз биздин өмүрүбүздү тилеп, таалайга жетебиз деп алкап олтурушат** («Жыпар чөп», жомок).

б) Ал эми, кыскарган варианттагы чак формасы жалганган учур чак этиштерден болгон баяндоочтор болсо үчүнчү жакта гана айтылат.

Мисалы: 1. **Курушуп барат айдалым** (Токтогул). 2. **Шумкар жетер-жетпес болуп кууп барат** (К. Ж.).

Учур чак этиштерден болгон баяндоочторго да суроолуу **-бы** уландысы, же көмөкчү сөздөр тутумдашып да айтыла берет.

Мисалы: 1. **Сен окуп жүрөсүңбү? 2. Ал дагы эле бара жатабы? 3. Кайым журналда иштеп жүрөт го. 4. Анар байкап жүрөт сыяктанат** ж. б.

Бирок бул катыштык сөздөр учур чак этиштердин чак маанисин өзгөртүп жибериши мүмкүн.

7) Өткөн, учур чактагы этиштер сыяктуу эле, келер чактагы этиштердин да бардык түрлөрү баяндоочтук милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Кимде-ким зымырык кушту тапса, мен ага кандыгымдын жарымын беремин** («Кулдун уулу жана зымырык куш», жомок). 2. **Андан көрө, каалаганыңарды иштеп берейин** («Алтын шакек», жомок). 3. **Кана, экөөбүз акылдашалычы** (Ш. Б.). 4. **Студент менен солдат өз оокатын өзү жасайт** (Ш. Б.). **Сезиминер өсөт, курчуйт** (Ш. Б.).

Эгер, баяндоочтук милдет аткарып турган учур чак этиштерге суроолуу **-бы** уландысы жалганып турган болсо, III жактагы этиштин чак формасы катары келүүчү **-т** уландысы түшүп калат.

Мисалы: 1. **Ал эртең келеби? 2. Акай да барабы?** ж. б.

II. Атоочтуктар ээгекарайсончулорунтартибинде жайлашкан кездегана сүйлөмдүн баяндооч мүчөсүнүнмилдетинаткараалат.

Мисалы: 1. **Ошол сөз сага далай акылды берер** («Гүлбара

---

[1] Экинчи сыңарлары жөнүндө сөз болуп жатат.

менен Сабира», жомок). 2. **Жыпар чөп табылса** (Ш. Б.). 3. **Муштумдай эттен казаны бөксөрүп калбас** (

Айрым шарттарда гана стилдик ыкма катары, же уйкаштык жагына карай атоочтук баяндоочтордун алга өзгөрүлүп кетиши ыктымал. Бирок мындай учур тийиш кон ченемдүүлүгүнүн чегинде гана болот.

Мисалы: 1. Дүйнөдө сулуу чыкпас андан (Ж. Т.). 2. Бүгүн келе койбос ал. Көрсө да, мөксөн[1] досуң. 3. Бербестин ашы бышпас (макалы).

Эгерде, атоочтуктардан болгон баяндоочторго көмөкчү сөздөр тутумдашып турса, андай баяндоочтук комплекстердин позициялык абалы стилдик ыкмага карай эркин түрдө өзгөрүп берет. Себеби, атоочтуктарга айкалышып турган көмөкчү сөздөр анын (атоочтук баяндоочтордун) аналитикалык баяндоочтук формасы катары келишет да, ага туруктуу баяндоочтук мүнөз берип турат.

Мисалы 1. **Көгөргөнү чын болсо,**
**Гүлдөр солбос болсочу** (Токтогул).

2. **Ала-Тоо, Ысык-Көлдүн сыры терең,**
**Теренден термелсе күү, угар белең** (Ж. Т.).

3. **Жылас болгон тура баягы жашыл чатырлар** (Ш. Б.).

III Кыймыл атоочтордагы баяндоочтук милдет аткара алат.

Атоочтуктар сыяктуу эле, кыймыл атоочтордун да ээге ылайык ээлеген соңчул орун тартиби анын баяндоочтук милдетин шарттап турган формасы катары келет, башкача айтканда, кыймыл атоочтор сүйлөмдүн ээсинен кийин келгенде гана баяндоочтук белгиге ээ болуп, баш мүчөлөрдүн ортосундагы предикативдик катышы пайда болот.

Мисалы: 1. **Ушул жактан кара дөө кабылан кармап келме** («Тырнактай чал», жомок). 2. **Бул жети эшендин максаты, кандай да болсо, мал табуу** (К. Ж.). 3. **Ага негизги себепчи Шарип менен Сапардын төрт жылдык институтка кире качышы** (Ш. Б.). 4. **Эгер, малды сатып келгиле десе, кайда болсо дагы кете бермей**[2] (К. Ж.).

Кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор түзүлүшү жагынан формасы жагынан ар түрдүү келет. Аны мына ошол курулушу жагына карай мындайча тартипте көрсөтүүгө болот:

а) **-ыш, -уу** уландыларынын жалганып турушу аркылуу жасалган кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор атоочтук жөндөмөдө туруу менен бирге, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдө болушу да ыктымал.

Мисалы: 1. **Максат бул экөөңү айра билүүдө** (Ш. Б.). 2. **Кызыктуу бериле баштаганына кунттарын коюп тыңшоодо** (Ш. Б.). 3. **Адилет адамдын күчү ак менен караны мөөр баскандай даана айтышта.**

Мындай жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор тийиштүү синтетикалык баяндоочтук белгиге (формага) ээ болот да, речибизде алардын позициялык жайы эркин абалда болуп, стилдик каражат катары пайдаланылат.

б) Кыймыл атоочтордон болгон баяндоочторго көмөкчү сөздөр айкалышып турушу да мүмкүн. Мындай шарттарда көмөкчү сөздөр баяндооч болуп түшкөн кыймыл атоочтордун аналитикалык баяндоочтук формасы катары келишет да, андай баяндоочтук комплекстердин позициялык абалы стилдик милдет аткарып калат.

Мисалы: 1. **Эркек туумак эле, атын Саламат койсун** («Алдаркөсөөнүн ачгемеси», жомок). 2. **Кызымды ким айыктырса, ошого бермек эмес белем мен** («Асыл таш», жомок). 3. **Эми хан алмак болду** («Асан жана Үсөн», жомок). 4. **Сызбоо, мына минтип бүктөбөө керек** (Ш. Б.). 5. **Ырас, азыртан ачык сүйлөшүп коюш керек** (Ж. Т.). 6. **Бармай болду ал.**

в) Кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор суроолуу **-бы, -дыр** уландыларында турушса да, бул уландылар кыймыл атоочтордун синтетикалык баяндоочтук формасы катары түшкөндүктөн, андай баяндоочтордун позициялык абалы да ээге карай стилдик ыкма катары эркин түрдө өзгөрүлө берет.

Мисалы: 1. **Анын ою окуштабы? Окуштабы анын ою?** 2. **Акай, мүмкүн, бармактыр? Мүмкүн, бармактыр Акай?** 3. **Ала бермейби муну? Муну ала бермейби?** ж. б.

г) Кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтордун ичинен **-мак** уландысынын жардамы аркасында жасалган кыймыл атоочтук баяндоочтор өзгөчө касиетке ээ.

Биринчиден, мурда аталып өтүлгөн кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор I жана II жактагы аракет кылуучу жактар (ээлер) менен байланыша алышпаса, бул **-мак** формасындагы кыймыл атоочтук баяндоочтор, I, II жактагы атоочтордон болгон ээлер менен да байланышып, тийиштүү жак уландылары менен өзгөрүп, синтетикалык баяндоочтук формага ээ болуп турат.

Мисалы: 1. **Мен окумакмын.** 2. **Окумаксың сен да.** 3. **Биз бармакпыз.** 4. **Сиз бармаксыз** ж. б.

Экинчиден, **-мак** уландысынын жалганып турушу аркылуу жасалган кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор III жактагы аракет кылуучу жактар менен (ээлер менен) байланышып турушкан болсо да, эгер, ошол ээ болуп түшкөн сөздөр ат, жезат атоочтордон болсо, бу кыймыл атоочтордон болгон баян-

---

[1] Е. И. Убрятова, Исследование по синтаксису якутского языка, М.-Л., 1950, 261-бетти караңыз.

[2] К. К. Юдахин, реценз., С. Е. Малов, Памят. др. тюркск. пись., текст и иссл.., М.-Л., 1951, Труды инст-та яз., лит. и истории, Киргиз ФАН АН СССР, вып. III, 1952, 233—234-беттерди караңыз.

доочтордун орун тартиби кандай түрдө өзгөртүлсө да, ан
баяндоочтук милдети сакталып кала берет.

Мисалы: **Окумак ал. Кечээ келмек Аскарбек** ж. б.

IV Шарттуу -са уландысы жалганып турга
этиш сөздөр да баяндоочтук милдет ат
рышат.

Мисалы: 1. **Тирүү болсом — барганым,**
**Түгөнөр болсо — арманым** (Токтогул).

Мындай баяндоочтук милдет аткаруучу шарттуу этиштер
**-чы** деген бөлүкчө уланды айкалышып турушу да ыктымал.

Мисалы: 1. **Кызыл оңбос болсочу,**
**Кыз бурулбас болсочу** (Токтогул).

Мына ушул шарттуу этиштик баяндоочторго көмөкчү сөз
тутумдашып да айтыла берет.

Мисалы: 1. **Эрик таңы супа салбай жарк этип,**
**Европада, Индияда атса экен** (Ж. Т.).

2. **Атса экен таң, атса экен** (Ж. Т.).

3. **Иши кылып аман жүрсө болгону** (Ш. Б.).

V Алдыда белгиленип өтүлгөн этиштик кат
гориялардын түрлөрүнө кирбеген, өзгөчө фо
мада үлгүлөшкөн этиштик баяндоочтор
болот. Мындай этиштик баяндоочторду алардын калыпта
конструкциясына карай эки негизги түргө бөлүүгө болот.

а) Эки составдуу этиштердин тутумунда турган ар бир с
нары (негизги этиш да, жардамчы этиш да) чак, же ж
формаларында болот да, ал сыңарларды бириктирүүчү кара
катары да деген бөлүкчө сөз колдонулат.

Мисалы: 1. **Ушул баштык асынган жамбашым күн-түн**
**бей ысыйт да турат** (Ш. Б.). 2. **Экөө мындан эптеп бир кыйк**
**табышып, аны аябай урушат, же тилдешет да турушат** («Ай
гы кыз», жомок). 3. **Болбогон кепти баштайсыңар да отур**
**сыңар.**

Мындайча курулуштагы этиштик баяндоочтук конструкц
ны шарттуу түрдө чак формалуу адат баяндоочтор деп ата
быз келет.

б) Өзгөчө мүнөздөгү стилдик ыкма катары сүйлөмд
баяндооч мүчөлөрү бир нече жолу кайталанып айтылышы
ыктымал.

Мисалы: 1. **Ал кете берди, кете берди, акыры бир чоң шаа**
**га туш келди.** 2. **Отур-отур, ашыга турган ишиңер деле жок г**

Бул келтирилген мисалдардын биринчи сүйлөмүндөгү ке
**берди, кете берди** деген баяндооч узакка, тынымсыз созулга
аракетти билдирип турат да, экинчи сүйлөмүндөгү **отур-оту**
деген баяндооч сыпайылык, каалоо, шашуу маанисин бер
турат.

Мындай конструкциядагы этиштик баяндоочторду кайтала
ма формалуу баяндоочтор деп атагыбыз келет.



Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн бул түрү, көбүнчө, оозеки речке, фольклордук чыгармаларга мүнөздүү келет.

VI этиш сөздөрдүн башка түрлөрү сыяктуу эле, уңгу этиштер да сүйлөмдүн баяндооч мүчөсү болуп келе беришет.

Мисалы: 1. **Отуз өлчөп, бир кес (эл макалы).** 2. **Атаңды көргөндөн акыл сура** (эл макалы). 3. **Кылар ишиңди көп ойлоп, көп байка, келечегиңди терең ойлоп, төп байка** (К. Ж.). 4. **Бар, маданияттуу жигитиңдин артынан** (Ш. Б.).

**§ 110.** Этиш сөздөр сыяктуу эле, зат атоочтордун да бардык түрлөрү баяндоочтук милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Узун бойлуу кара киши — Сансыздын досу Карып** (К. Ж.). 2. **«А» группасындагылар — дээрлик тың балдар** (Ш. Б.).

Бул келтирилген мисалдарда **Карып, балдар** деген жөнөкөй зат атоочтор баяндоочтук милдет аткарышты.

1. **Канайдыкы — суу төгүлбөс кара жорго** (Ш. Б.). 2. **Тетиги отургандар — ушулардын ата-энеси** (К. Ж.).

Мында **кара жорго, ата-энеси** деген татаал зат атоочтор сүйлөмдүн баяндооч мүчөсү болуп келишти.

1. **Заардуу тилин укканлар — өңчөй шордуулар** (К. Ж.).

Бул сүйлөмдө болсо **өңчөй** деген күчөтмө катыштык сөз тутумдашкан **шордуулар** деген заттык маанидеги сын атооч сөз баяндоочтук милдет аткарып турат.

2. **Өзү эңсеген максаты — агын суу, аска-зоо, чер токой** (Ш. Б.).

Бул белгиленген сүйлөмдө өз ара ажыралгыс биримдикте турушкан **агын суу, аска зоо, чер токой** деген зат атоочтор сүйлөмдүн бирөңчөй баяндоочу болуп келишти.

Зат атоочтук баяндоочтордун да, этиштик баяндоочтор сыяктуу эле, түзүлүш жагы ар кыл келет. Мына ошол курулуш бөтөнчөлүгүнө карай баяндоочтук милдет аткаруучу зат атоочторду төмөндөгүчө тартипте көрсөтүүгө болот.

1) Атооч жөндөмөдөгү зат атооч сөздөр сүйлөмдүн баяндооч мүчөсү болуп келишет.

Мисалы: 1. **Марксизм-ленинизм негиздери — бардык илимдердин негизи** (Ш. Б.). 2. **Чиркешкен беш төөнү жетелеп келе жаткан — Каныбектин энеси Ажар** (К. Ж.).

а) Мындай атооч жөндөмөдөгү зат атооч сөздөрдүн баяндоочтук милдети алардын ээге карай алган соңчул орун тартиби менен шартталган.

Мисалы: 1. **Мына, ушул — тулпар** («Токтогул ырчынын баласы», болмуш). 2. **Жаңы тартип — быйылкылардын гана энчиси** (Ш. Б.). 3. **Шариптин эртелеп келгендеги эрмеги — Славик** (Ш. Б.).

Эгерде, ушул келтирилген мисалдардагы баяндооч болуп

түшкөн **тулпар, энчиси, Славик** деген атооч жөндөмөдөгү зат атооч сөздөрдүн орду өзгөрүлүп, ээден мурда айтылган болсо **(тулпар ушул, энчиси — жаңы тартип, Славик — эрмеги** түрүндө), ал сөздөр баяндоочтук милдет аткара алышпай калар эле. Анткени, атооч жөндөмөдөгү зат атоочтордун соңчул орун тартиби ошол сөздөрдүн баяндоочтук формасы катары келип тургандыктан, алардын орун абалынын өзгөрүшү аткарган синтаксистик милдетинин да өзгөрүшүнө алып келген болор эле.

Атооч жөндөмөдөгү заттык баяндоочтордун табиятынын мындайча мүнөзү анын III жактагы сүйлөм ээси менен болгон катышына тыгыз түрдө байланыштуу. Башкача айтканда, сүйлөм ээси да атооч жөндөмөдө, баяндооч сөз да ошол эле жөндөмөдө турган сөз болгондуктан, алардын позициялык абалынын өзгөрүшү аткарган синтаксистик милдеттеринин да өз ара өзгөрүшүнө, алмашылышына алып келип жатат.

б) Бирок бардык эле атооч жөндөмөдөгү заттык баяндоочторго бирдей мүнөз берүүгө болбойт. Айрым шарттарда соңчул орун тартибинде жайлашкан атооч жөндөмөдөгү заттык баяндоочтордун позициялык абалы туруктуу мүнөзгө ээ болуп турушу да ыктымал.

Мисалы: 1. **Кызыл-Суунун өйүз-бүйүзү кырка конгон айыл** (К. Ж.). 2. **Ал кыздын короосунда иштегендердин баары — жалаң эле арстан, жолборс, аюу, карышкыр** («Кулдун уулу жана зымырык куш», жомок).

Эми дагы бир экинчи түрдөгү мисалдарды талдап көрөлү.

1. **Жатканым — кроват, асты-үстүм — ак шейшеп, салынганым — матрац, жазданганым — куш жаздык** (Ш. Б.). Мында баш мүчөлөрдүн позициялык абалын өзгөртүүгө болот. Бирок алардын орун тартибинин өзгөрүшү синтаксистик милдетинин да өзгөрүшүнө алып келет. Себеби, мында да заттык баяндоочтун соңчул орун тартиби анын синтаксистик милдетин шарттап турган формасы катары келди.

2. **Атаке, издегеним — колукту** («Береке, Туруке, Кулукей», жомок). 3. **Аларың — диплом** (Ш. Б.). 4. **Кармаганы — темир күрөк** (Ж. Т.).

Бул берилген мисалдарда болсо баш мүчөлөрдүн позициялык абалы өзгөрүлүшү мүмкүн, бирок дал ушул турушу катып бараткан форма сыяктуу көрүнөт.

в) Атооч жөндөмөдөгү зат атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор жак таандык жана жалпы таандык уландыларда турушу да мүмкүн.

Мисалы: 1. **Бул чыгарма — адамзаттын оюнун барып турган эң бийик жемиши** (Ш. Б.). 2. **Кичинекей кара алачык — Чоң Койчунуку** (К. Ж.). 3. **Бул шишик оорунуку эмес, ачкалыктыкы** (К. Ж.).

2) Эгерде, атооч жөндөмөдөгү зат атооч сөздөрдөн болгон



баяндоочтор I жана II жакта турган сүйлөм ээлерине байланышта турган болсо, андай заттык баяндоочтор I, II жак уландылары менен жекелик жана көптүк санда өзгөрүлүп, туруктуу синтетикалык баяндоочтук формага ээ болуп турушат.

Мисалы: 1. **Биз колхозчубуз.** 2. **Силер жумушчусуңар.** 3. **Сен жолдошумсуң.** 4. **Мен кичинекей көпөлөкмүн, кармагандыкымын, шамдагай балдардыкымын, силер, гүлдөр, меникисиңер.**

Ошондуктан мындай баяндоочтордун позициялык абалы стилдик ыкма катары каалаган тартипте алмаштырыла берилишине жол берилет.

Айрым учурларда I, II жактагы сүйлөм ээлерине багынып турган атооч жөндөмөдөгү зат атоочтук баяндоочтордун жак уландылары көмүстө калышы да ыктымал.

Мисалы: 1. **Мен балапан, жетиле элек канаты** (К. Ж.). 2. **Силер студент.** ж. б. Бирок андай баяндоочтордун көмүстө калган жак уландылары аракет кылуучу жактардан (ээлерден) кандай уланды экени белгилүү болуп турат.

3) Зат атооч сөздөр жатыш, барыш жана чыгыш жөндөмөлөрдө турушуп да баяндоочтук милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Көчөнүн көркү майрамда** (А. Т.). 2. **Кандай кылам десең — эрк колунда** (Ш. Б.). 3. **Мунусу сизге болсо керек.**

Бул белгиленген түзүлүштөгү баяндоочтордун ичинен жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдө турган зат атоочтук баяндоочтор аракет кылуучу жактарга карай (ээге карай) тийиштүү жак уландылары менен да өзгөрө беришет.

Мисалы: 1. **Сен отпускадасыңбы?** 2. **Мен шаарданмын, ал колхоздон.**

4) Зат атоочтук баяндоочтор суроолуу **-бы**, күдүк **-дыр** уландыларында турушу да мүмкүн.

Мисалы: 1. **Алым студентпи?** 2. **Көрүнгөн, мүмкүн, биздин малдыр.** ж. б.

5) Зат атоочтук баяндоочторго көмөкчү сөздөр тутумдашып да айтыла берет.

Мисалы: 1. **Ал жигит баягы досу экен** («Асыл таш», жомок). 2. **Бах, ошол чөп ушул жерде болуп калсачы!** (К. Ж.). 3. **Дартына даба болгон экен** (жомок).

Бул көрсөтүлгөн мисалдарда баяндооч болуп келген зат атоочторго тутумдашып турган көмөкчү сөздөр ошол зат атооч сөздөрдүн аналитикалык баяндоочтук формасы катары келишти да, аларга ар кыл кошумча маани берип турушат.

**§ III.** Сын атооч сөздөрдүн бардык түрлөрү, даражалары баяндоочтук милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Адамдардын бардыгы мейримдүү** (К. Ж.). 2. **Анын үстүнө, жол жаман, ошондуктан азыркысы жакшыраак** (К. Ж.). ж. б.

1) Үчүнчү жактагы сүйлөм ээлери менен байланышкан сын

атоочтук баяндоочтордун милдети ошол сын атооч сөздөрдүн эээге карай ээлеген соңчул орун тартиби менен шартталган.

Мисалы: 1. **Ала-Тоо, Ысык-Көлдүн сыры терең** (Ж. Т.).

2. **Азамат эрге табылса,**
**Айнектей сулуу жар кызык** (Токтогул).

3. **Алмалары кыпкызыл жана чоң-чоң.**

Себеби, сын атооч сөздөрдүн III жактагы аракет кылуучу жакка карай болгон соңчул орду анын баяндоочтук формасы катары келет. Бул жагынан алганда сын атоочтук баяндоочтор атооч жөндөмөдөгү зат атоочтук баяндоочтор менен бирдей касиетте болот.

Эгерде, өйдөкү мисалдарда келтирилген сын атоочтук баяндоочтордун орду ээге карай **терең сыры, кызык жар, кыпкызыл чоң-чоң алмалары** түрүндө төрчүл позициялык абалда өзгөртүлгөн болсо, ал сын атооч сөздөр **(терең, кызык, кыпкызыл, чоң-чоң)** баяндоочтук милдет аткара алышпас эле, аныктоо болуп калышар эле. Анткени, мындай сын атоочтук баяндоочтордун синтаксистик милдетин шарттап турган жекеден-жеке формасы анын соңчул орун абалы. Ошондуктан бул сын атоочтордун орун абалы өзгөрүү менен синтаксистик милдети да кошо өзгөрүлүп кетип жатат.

2) Ал эми, I, II жактагы аракет кылуучу жактар (ээлер) менен байланышкан сын атоочтук баяндоочтор болсо өзгөчө абалда болот. Башкача айтканда, алар ээ болуп келген сөздөргө карай тийиштүү жак уланды формалары менен өзгөрүлүп, синтетикалык баяндооочтук формага ээ болуп турушат да, мындай баяндоочтордун синтаксистик милдети ээге карай алган орун тартибине көз каранды болбойт.

Мисалы: 1. **Мен бойлуураакмын.** 2. **Сен билимдүүсүң** ж. б.

Бул белгиленгендей курулуштагы сын атоочтук баяндоочтордун жак уландылары көмүстө калышы да мүмкүн. Бирок көмүстө калган жак формасы сүйлөмдө ээ болуп түшкөн жактама ат атоочтор аркылуу белгилүү болуп турат.

Мисалы:

1. **Эл чогула келгенде,**
**Элиришке мен кызык** (Токтогул).
2. **Эки курбу кошулуп,**
**Эркелешсең — сен кызык** (Токтогул).

3) Сын атооч сөздөрдөн болгон баяндооч сөздөргө суроолуу **-бы,** күдүк **-дыр** уландылары жалганып, синтетикалык баяндоочтук формага ээ болуп турушу да мүмкүн.

Мисалы: 1. **Анын кызы сенден да ашкан сулуубу?** («Бережь Туруке, Кулуке», жомок). 2. **Ал жакта күн азыр жылуудур** ж. б.

Ошондойчо эле, баяндооч болуп түшкөн сын атооч сөздөргө көмөкчү сөздөр айкалышып, бул катыштык сөздөр сын атоочтук баяндоочтордун аналитикалык формасы катары келишет.



Мисалы: 1. **Демисезонный пальтондун бары жакшы экен** (Ш. Б.). 2. **Бул сөзүң ылайыксыз болсо керек** (Ж. Т.). 3. **Уят болуп отургандан көрө өлгөн жакшы да** (Ш. Б.).

**§ 112.** Сан атоочтордун да бардык түрлөрү баяндоочтук милдет аткарышат.

1) Үчүнчү жактагы сүйлөм ээлери менен байланышкан сан атоочтук баяндоочтордун милдети ошол сан атооч сөздөрдүн ээге карай алган соңчул орун тартиби менен шартталган.

Мисалы: 1. **Кыргызстандын эли эки миллион.** 2. **Ал төртүнчү.** 3. **Бул бештен төртү.**

Ал эми, чамалама сан атоочтор баяндооч болуп келишсе, алардын позициялык абалы кандай түрдө өзгөрүлсө да, синтаксистик милдети өзгөрүүсүз кала берет. Мындай кырдаал ээ болуп келген сөздөрдүн көптүк уландыда турушуна байланыштуу көрүнүш болуп саналат. Анткени, эсептик, чамалама сан атоочтор аркылуу аныкталып турган заттар көптүк формада айтылбайт, ал эми, мында болсо заттык ээлер көптүк сан формасында турат, ошондуктан анын орун абалы өзгөрүлүшү менен, алар аттрибутивдик катышта болушпайт, себеби, көптүк санда турганда ыкташпайт, аттрибутивдик катышта болбойт.

Мисалы: 1. **Баары миңче. Студенттер эки жүздөй.** 2. **Миңче баары. Эки жүздөй студенттер.**

2) Эгерде, сан атоочтук баяндоочтор I жана II жактагы ээлерге байланышып, тийиштүү жак уландыларында турушса, андай синтетикалык баяндоочтук формага ээ болуп турган баяндооч сөздөрдүн орун тартиби стилдик ыкмага карай эркин түрдө өзгөрүлө берет.

Мисалы: 1. **Биз онбуз, силер он экисиңер.** 2. **Сиз жетинчисиз.** ж. б.

3) Сан атоочтук баяндоочтор жатыш жөндөмөдө, өтө сейрек учурларда болсо да, чыгыш жөндөмө өзгөрүү формасында болушу да мүмкүн.

Мисалы: 1. **Ал он сегизде.** 2. **Биз экиденбиз** ж. б.

4) Сан атооч сөздөрдөн болгон баяндоочторго суроолуу **-бы,** күдүк **-дыр** уландылары менен ар кыл көмөкчү сөздөр тутумдашып да айтыла берет.

Мисалы: 1. **Чогулганыбыз отуз болду, бардыгыбыз элүүчө келет.** 2. **Ал ондобу, мүмкүн, тогуздадыр?**

**§ 113.** Ат атооч сөздөрдүн басымдуу көпчүлүк түрлөрү баяндоочтук милдет аткарышат.

1) Беттеме ат атоочтор баяндоочтук милдет аткарат. Бул беттеме ат атоочтордон болгон баяндоочтор ар дайым I жана II жактан турган ат атооч сөздөр болушкандыктан, алар жак уландылары менен өзгөрүлүп, синтетикалык баяндоочтук формага ээ болуп турушкан болот.

Мисалы: 1. **Ушундай ыракатка жеткирген сизсиз, жезде**

(«Ал экөө кайра жаралган экен», жомок). 2. **Өзүн өзү сооротуп келген Жолой менмин** (К. Ж.).

2) III жакта турган шилтеме ат атоочтор ээге карай сонҷул орун тартибинде орун алганда гана баяндоочтук милдет аткара алышат.

Мисалы: 1. **Сенден сураганым — ушул** («Айдагы кыз», жомок). 2. **Жолдошум — бул.**

3) Сурама ат атоочтор баяндоочтук милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Ал ким? 2. Айтсаң, ал эмне жөнүндө?** (Ш. Б.). 3. **Мунусу кандай, уяты кайда?**

4) Өздүк, жалпы таандык ат атоочтор баяндоочтук милдет аткарышат. Ал эми, тангыч ат атоочтор болсо көмөкчү сөздөр тутумдашып турса гана, баяндоочтук милдет аткара алышат.

Мисалы: 1. **Буга күнөөлүү эч ким эмес, күнөөлүү өзүлөрү.** 2. **Ошондуктан оболку сөз меники** («Дартына даба болгон экен», жомок). 3. **Бул эч нерсе эмес.** 4. **Докладчы өзү.**

**§ 114.** Тактоочтордун төмөнкү түрлөрү баяндоочтук милдет аткарышат.

1) Сыпат тактоочтордун көпчүлүгү баяндоочтук милдет аткарат.

Мисалы: 1. **Кимдин ким экенин билүү азырынча кыйын** (Ш. Б.). 2. **Кишиге көрбөгөндүн баары сонун** (Ж. Т.). 3. **Назгүл жарынын мандайына аман-эсен жеткенине ыраазы** (Ш. Б.).

2) Сан-өлчөм тактоочтордун бардык түрлөрү баяндоочтук милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Ажыке, айта турган арман көп эле** (К. Ж.). 2. **Каалоочулар чанда. 3. Клуб бүткөндөн бери, жумуштан кийин үйүнө ашыккан жаштар аз.**

3) Орун тактоочтор баяндоочтук милдет аткарат.

Мисалы: 1. **Районубуз шаардан алыс.** 2. **Сиз ыраактансыз го. 3. Үйүм жогору.**

4) Айрым шарттарда кээ бир мезгил тактоочтор да баяндооч болуп келиши мүмкүн. Бирок мындай баяндоочтор субстантташып кетишкен болот.

Мисалы: 1. **Азыр күн эрте.** 2. **Ал кечээ болчу.** 3. **Анын бүтүүчү жылы быйыл.** 4. **Анын убадасы эртең.**

5) I жана II жактагы аракет кылуучу жактар (ээлер) менен байланышта болгон тактоочтук баяндоочтор тийиштүү жак уландылары менен өзгөрүлүп, синтетикалык баяндоочтук формага ээ болуп турушат.

Мисалы: 1. **Бул сынына азыр эле жооп берүүгө даярмын** (Ш. Б.). 2. **Балам, сен эмне мынчалык сузсуң?** («Айткан акылдын пайдасы», жомок). Мындай тактоочтук баяндоочтор туруктуу синтетикалык баяндоочтук белгиге ээ болуп турушкандыктан, стилдик талапка жараша позициялык абалы эркин түрдө алмаштырыла берет.



6) Ал эми, III жактагы аракет кылуучу жактар (ээлер) менен байланышта болгон тактоочтук баяндоочтордун табияты болсо, I жана II жактагы сүйлөм ээлерине байланышып турган тактоочтук баяндоочторго караганда, өзгөчөөк абалда болот. Мындай кырдаал ошол баяндоочтук милдет аткарып турган тактооч сөздөрдүн табияты менен шартталган.

а) Маселен, III жактагы сүйлөм ээлери менен байланышта болгон кээ бир тактоочтук баяндоочтордун ээге карай алган орду стилдик талапка ылайык эркин түрдө алмашыла берет.

Мисалы: 1. **Эркеайым болсо Каныбекке коркок-билиш** (К. Ж.). **Коркок-билиш Эркеайым Каныбекке.** 2. **Анын үйү жогору. Жогору анын үйү.**

б) III жактагы сүйлөм ээлерине байланышта болгон кээ бир тактоочтук баяндоочтордун синтаксистик милдети алардын ээге карай алган соңчул орун тартиби менен гана шартталган болот.

Мисалы :1. **Надя болсо жайдары** (Ш. Б.). 2. **Төшөнчү-орунубуз сонун** (Ш. Б.). 3. **Эл абдан көп.**

Эгерде, бул келтирилген мисалдардагы баяндооч болуп түшкөн тактооч сөздөрдүн орду ээге карай **жайдары Надя болсо, сонун төшөнчү-орунубуз, абдан көп эл** түрүндө төрчүл позициялык тартипте өзгөрүлгөн болсо, ал сөздөр **(жайдары, сонун, абдан көп)** баяндоочтук милдет аткара алышпай, аныктоочтук милдет аткарып калган болор эле да, мындай комплекстер сүйлөмдүк милдет аткарбай, сөз тизмеги катары келишкен болор эле.

7) Тактоочтук баяндоочтор суроолуу **-бы, күдүк -дыр** уландыларында турушуп, синтетикалык баяндоочтук формага, же аларга көмөкчү сөздөр айкалышып, аналитикалык баяндоочтук формага ээ болуп турушу да ыктымал.

Мисалы: 1. **Өзүңүз да таанымал экенсиз** (Ш. Б.). 2. **Алардын бардыгы тааныш эле** (К. Ж.). 3. **Чегилген аттар да окшош болсун** («Асыл таш», жомок). 4. **Ал киши, мүмкүн, бөлөктүр.** ж. б.

Бул көрсөтүлгөн мисалдардагы синтетикалык жана аналитикалык баяндоочтук формага ээ болуп турган тактоочтук баяндоочтор стилдик талапка карай орун тартибин эркин түрдө өзгөртө беришет. Себеби, мындай баяндоочтордун синтаксистик милдетин алардын жекеден-жеке ээге карай алган позициялык абалы шарттап турган жери жок. Белгиленген уландылар жана көмөкчү сөздөр бул тактоочтордун туруктуу баяндоочтук милдетин шарттоочу формасы катары келишти.

**§ 115. Бар, жок, керек** деген сөздөр да баяндоочтук милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Мен бар — ырысың бар** (Ш. Б.). 2. **Тобокелге кайгы жок** (эл макалы). 3. **Силерге билим керек.**

Мындай **бар, жок, керек** деген сөздөрдөн болгон баяндооч-торго көмөкчү сөздөр айкалышып турушу да мүмкүн.

Мисалы: 1. **Бул дүйнөдө Шаттык аттуу шаар бар экен** («Ал экөө кайра жаралган экен», жомок). 2. **Булар да бизге керек болот.** 3. **Душманыбыз көп, тууганыбыз жок турбайбы** («Эки дос», жомок). 4. **Балам, элде-журтта эмне кеп, эмне жаңылык бар экен** («Алдаркөсөөнүн аңгемеси», жомок).

Бул **бар, жок, керек** деген сөздөрдөн болгон баяндоочторго суроолуу **-бы,** күдүк **-дыр** уландылары жалганып турушу да ыктымал.

Мисалы: 1. **Менден да ашкан сулуу бардыр** («Береке, Туруке, Кулуке», жомок).

2. **Менсинген талаа бетинде,**
**Жатайын, ачык көр жокпу** (Ж. Б.).

3. **Мүмкүн, сага ушулар керектир.**

Жогоруда келтирилген мисалдарда суроолуу **-бы,** күдүк **-дыр** уландылары жана көмөкчү сөздөр баяндоочтук милдет аткарган сөздөрдүн синтетикалык, же аналитикалык баяндоочтук формалары катары келишти. Мындай туруктуу баяндоочтук белгиге ээ болуп турган сөздөрдүн позициялык абалы стилдик каражат катары кызмат кылат.

Ал эми, аталып өтүлгөн **бар, жок, керек** деген сөздөргө көрсөтүлгөн аналитикалык, же синтетикалык баяндоочтук форма түзүүчү грамматикалык категориялар айкалышпай турган болсо, бул сөздөрдүн ээ болуп түшкөн сөзгө карай ээлеген соңчул орун тартиби гана жекеден-жеке баяндоочтук формасы катары келген болот.

Мисалы: 1. **Менин колумда эмне эрким бар?** (К. Ж.). 2. **Эмесе, сага, колукту тургай, таш-балакет да жок** («Береке, Туруке, Кулуке», жомок). 3. **Бизге ак ниет адамдар керек.**

Эгерде, мына ушул берилген мисалдардагы баяндооч болуп келген сөздөрдүн позициялык абалы ээге карай **бар эрким, жок таш-балакет, керек адамдар** түрүндө төрчүл орунга коюлган болсо, бул сөздөр **(бар, жок, керек)** ушул турушу боюнча баяндоочтук милдет аткара алышпас эле[1].

Ошондуктан мындай синтаксистик милдети позициялык абалы менен шартталган сүйлөм баяндоочторунун ордун стилдик ыкма катары бул, же тигил орунга алмаштыра берүүгө мүмкүн эмес.

Аны менен катар, бул **бар, жок, керек** деген сөздөрдүн ээге карай болгон соңчул позициялык абалы дайым эле алардын баяндоочтук милдетин шарттап турган формасы болуп келе бербейт.

---

[1] Оозеки речке мүнөздүү болгон интонациялык бөтөнчөлүктөр көңүлгө алынбаганда.



Соңчул позициялык абалдагы бул **бар, жок, керек** деген сөздөрдү ар дайым жекече шартына байланышта талдоо керек. Маселен, бул сөздөр айрым шарттарда өз алдынча турган сүйлөмдүн бул, же тигил мүчөсү болуп келе албай калган учурлар да болот; катыштык сөздөр категориясына өтүп, баяндоочтук милдет аткарып турган башка толук маанилүү сөздөрдүн аналитикалык баяндоочтук формасы катары келиши да ыктымал.

Мисалы: 1. **Мында келип өзүмчө иштешим жаман болгон жок** (К. Ж.). 2. **Бир чагым бар болсо керек** (К. Ж.). 3. **Экөөбүздү зарлатып ажыраткандардын өзүлөрү зарлап ажырагысы бардыр** (К. Ж.).

**§ 116.** Сүйлөмдө баяндоочтук милдетти толук маанилүү сөздөр аткарышат. Бирок баяндооч болуп келүүчү сөздөрдүн сферасын жалаң гана толук маанилүү сөздөрдүн табияты менен чектеп коюуга болбойт. Айрым шарттарда өзүнчө турганда бул, же тигил түрдөгү семантикалык маани бере албаган катыштык сөздөр, же уландылар, курандылар, тыбыштар, тамгалар да, баяндоочтук милдет аткарып турушу мүмкүн.

Мисалы: 1. **Мындагы сырдык сөздөр — бах, бали.** 2. **Этиштерден чыккан жардамчы сөздөр—экен, эле, тура.** 3. **Зат атоочтун эң кеңири жайылган сөз жасоочу курандыларынын бири —чы.** 4. **Бул тамга—а, тигил—б.**

Мындайча өзүлөрүнчө турганда семантикалык мааниге ээ болбогон сөздөрдүн баяндооч болуп келишине карай аларды толук маанилүү сөздөргө параллель коюуга да мүмкүн эмес.

Буга окшогон көрүнүш катыштык сөздөрдүн, же айрым тыбыш, же уландылардын толук маанилүү сөздөр сыяктуу атооч түшүнүгүндө колдонулгандыгынын натыйжасы болуп саналат. Башкача айтканда, өзүнчө турганда семантикалык мааниге ээ болбогон сөздөр атоо маанисинде туруп, сөз жүрүп жаткан, же баяндалып жаткан нерселердин аттары катары келүү аркылуу заттык мааниге өтүп, толук маанилүү сөздөр катары эле сүйлөм ээлеринин аты-жөнүн баяндоо касиетине ээ болуп турган болот.

Мына ушинтип, өз алдынча турганда тийиштүү семантикалык мааниге ээ боло албаган сөздөрдүн, же тыбыштар менен уландылардын сүйлөмдүн бул, же тигил мүчөсү болуп келиши алардын номинативдик мааниде, атоо маанисинде колдонулушу, заттанышы менен шартталган.

**§ 117.** Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү курулушу жагынан ар кыл келген номинативдик маанидеги, же предикативдик түзүлүштөгү туруктуу фразеологиялык, же аткарган синтаксистик милдети жагынан ажыралгыс биримдикте турган айкалыштардан болушу да мүмкүн. Мына ушул туруктуу фразеологиялык жана функционалдык жагынан биримдиктеги айкалыштардан болгон баяндоочторду курулуш өзгөчөлүктөрүнө

карай мындайча үч негизги түргө бөлүүгө болот: а) 1. **Бул—ак сөз** (К. Ж.). 2. **Деги адамды чырпыктай туураган согуш жерге кирсинчи** (Ш. С.). 3. **Нечен тил уктум, нечен таяк жедим** (К. Ж.).

1. **Айбадак Алтын көкүл Раушанга аябай кейигенин билдиргендей көзүнө жаш алды** (К. Ж.). 2. **Айрыкча Түгөлдүн каткырыгы там жарды** (Ш. Б.). 3. **Ынтымактуу төртөө кыр көрсөтө башташты** (Ш. Б.).

в) 1. **Башка сабактарынарга тоскоолдук кылып жүрбөсүн** (Ш. Б.). 2. **Окуу башталарга үч күн калды** (Ш. Б.). 3. **Алар абдан акылдуулук кылган экен** (К. Ж.).

## КОРУТУНДУ

1. Баяндоочтук милдетти дээрлик толук маанилүү сөз түркүмдөрүнүн бардыгы тең аткарышат. Бирок алардын ичинен кээ бир толук маанилүү сөз түркүмдөрүнүн бардык түрлөрү баяндоочтук милдет аткара алышпайт.

Кыскасы, баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн табияты сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасына байланыштуу болуп, бир сөз түркүмү бир түрдүү формада туруп баяндоочтук милдет аткарышса, башка бир сөз түркүмү дагы бир өзүнө мүнөздүү башка бир формада туруп баяндоочтук милдет аткарат.

Баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдү алардын мына ушул жогоруда белгиленип өтүлгөндөй өзгөчөлүктөрүнө карата тийиштүү сөз түркүмдөрү боюнча төмөндөгүчө жыйынтыктоого болот.

2. Этиш сөздөр баяндоочтук милдет аткарышат:

а) Чак уландыларында турган (**-ды, ыптыр, -ган, -чу** ж. б.) этиш сөздөрдүн бардыгы сүйлөмдөн баяндооч мүчөсү болуп келишет: 1. **Коёндун териси бир жылга чарыкка чыдаптыр** (эл макалы). 2. **Мен да ыйлап мөгдөдүм.** (Ж. Т.). 3. **Шүмүрбайүп четте калган күн болгон** (Ж. Т.).

4. **Мага окшогон жалгызды.**
**Зарлап жүрүп тапкансың** (Токтогул).

б) Атоочтуктар менен кыймыл атоочтор ээге карай сонку орун тартибинде жайгашкан учурда гана баяндоочтук милдет аткара алышат: 1. **Муштумдай эттен казаны бөксөрүп калбас** (К. Ж.). 2. **Дүйнөдө сулуу чыкпас андан ашып** (К. Ж.). 3. **Ушул жактан Кара дөө кабылан кармап келмек** (жомоктон). 4. **Тилеги окуу, адам болуу.** 5. **Кызыл оңбос болсочу** (Токтогул). ж. б.

в) Шарттуу **-са** уландысындагы этиш сөздөр да баяндоочтук милдет аткарышат: 1. **Түгөнөр болсо арманым** (Токтогул). 2. **Атса экен таң атса экен** (Ж. Т.). 3. **Илимдүү адам болуу үчүн университетте окусам** ж. б.



г) Буйрук этиштер да баяндооч болуп келишет. 1. **Отуз өлчөп, бир кес** (эл макалы). 2. **Жөнө ишиңе.** 3. **Атаңды көргөндөн акыл сура** (эл макалы). ж. б.

д) Суроолуу **-бы,** күдүк **-дыр** уландыларында турган, же көмөкчү сөздөр айкалышып турган этиш сөздөрдүн, ошондойчо эле, башка сөз түркүмдөрүнүн да бардык түрлөрү баяндоочтук милдет аткарышат:

1. **Эрик таңы супа салбай жарк этип,**
**Европада, Индияда атса экен** (Ж. Т.).
2. **Тирүү болсом — барганым** (Токтогул). 3. **Ырас, азыртадан сүйлөшүп коюш керек** (Ж. Т.).

3. Зат атооч сөздөрдүн бардык түрлөрү баяндоочтук милдет аткарышат. Баяндоочтук милдет аткаруучу зат атоочтор төмөндөгүчө түзүлүштө болушат:

а) Атооч жөндөмөдө турушуп баяндоочтук милдет аткарышат. Мындай атооч жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон баяндоочтор I, II жактагы сүйлөм ээлери менен байланышып турушкан болсо, алар тийиштүү жак уландыларында турушат да, орун тартиби стилдик ыкма катары эркин өзгөрүлөт. Алэми, баяндооч сөздөр III жактагы сүйлөм ээлери менен байланышып турган болсо, андай атооч жөндөмөдөгү зат атоочтордун баяндоочтук милдети ээге карай алган соңчул орун тартиби менен шартталат: 1. **Узун бойлуу кара киши — Сансыздын досу Карып** (К. Ж.). 2. **Өзү эңсеген максаты — агын суу, асказоо, чер токой** (Ш. Б.). 3. **Биз колхозчубуз.**

б) Жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү зат атоочтор да баяндоочтук милдет аткарышат: 1. **Көчөнүн көркү майрамда** (А. Т.). 2. **Кандай кылам десең — эрк колуңда** (Ш. Б.). 3. **Мен шаардамын.** 4. **Сиз отпускадасызбы?** ж. б.

4. Сын жана сан атооч сөздөр баяндоочтук милдет аткарышат:

а) Атооч жөндөмөдө турушуп баяндоочтук милдет аткарышат. Мындай баяндоочтор да I, II жактагы сүйлөм ээлери менен байланышып турушса, тийиштүү жак уландыларында турушуп, орун тартибине көз каранды болушпайт (1. **Сен байлуурааксың.** 2. **Биз жыйырма бешпиз.** ж. б.). Ал эми, III жактагы сүйлөм ээлери менен байланышып турушкан болсо, алардын баяндоочтук милдети да, формасы да ээге карай алган соңчул орун тартиби менен шартталган болот: 1. **Адамдардын бардыгы мейримдүү** (К. Ж.). 2. **Ала-Тоо, Ысык-Көлдүн сыры терең** (Ж. Т.). 3. **Сиз билимдүүсүз.**

4. **Эл чогула келгенде,**
**Элиришке мен кызык** (Токтогул).
5. **Кыргызстандын эли эки миллион.** 6. **Биз онбуз, силер он бешсиңер.**

б) Сын жана сан атооч сөздөр жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдө турушуп да баяндоочтук милдет аткарышат: 1. **Ал он**

сегизде. 2. **Биз экиденбиз.** 3. **Кыздын көзү кызылда** (эл макалы). ж. б.

5. Ат атооч сөздөрдүн басымдуу көпчүлүк түрлөрү баяндоочтук милдет аткарышат:

а) Беттеме, шилтеме, сурама, өздүк ат атоочтордун бардыгы түрлөрү баяндоочтук милдет аткарышат. Буларга окшогон баяндоочтордун да синтаксистик милдети, эгерде, III жактагы сүйлөм ээлерине багынынкы абалда турушкан болсо, ээге карай алган сончул орун тартиби менен шартталган (Беттеме ат атоочтордон башкалары) болот: 1. **Өзүн өзү сооротуп келген Жолой менмин** (К. Ж.). 2. **Жолдошум — бул.** 3. **Ал ким?** 4. **Айткан өзү.** 5. **Докладчы да өзү** ж. б.

б) Тангыч ат атоочтор көмөкчү сөздөр айкалышып турушканда гана сүйлөмдүн баяндооч мүчөсү болуп келе алат. **Бул эч нерсе эмес.**

6. Тактооч сөздөрдүн төмөнкү түрлөрү баяндоочтук милдет аткарышат:

а) Сыпат тактоочтордун көпчүлүк түрлөрү, сан-өлчөм тактоочтор менен орун тактоочтордун бардык түрлөрү баяндоочтук милдет аткарышат: 1. **Кимдин ким экенин билүү азырынча кыйын** (Ш. Б.). 2. **Үйүм жогору, шаардан алыс.** 3. **Каалоочулар чанда** ж. б.

б) Мезгил тактоочтор затталуу абалында болушкан учурларда гана сүйлөмдүн баяндооч мүчөсү катары келе алышат: 1. **Анын бүтүүчү жылы быйыл.** 2. **Күн азыр эрте.**

7. Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн милдетин өз алдынча турганда толук мааниге ээ боло албаган катыштык сөздөр, же айрым уландылар, тыбыштар да аткарып турушы ыктымал. Мындай учурларда ал катыштык сөздөр, же уландылар, же айрым тыбыштар сүйлөм ээси жөнүндө билдирилип баяндалып жаткан нерсе, же нерселердин аттары катары келишет. Заттанып кетишкен болушат: 1. **Бул зат атоочтун курандысы -чы.** 2. **Сырдык сөздөр — бах, төх, ой.** 3. **Тигил — а.** ж. б.

8. Туруктуу фразеологиялык айкалыштар менен татаал аттар да сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү болуп келе беришет: 1. **Деги адамды чырпыктай туураган согуш жерге кирсин** (Ш. С.). 2. **Нечен тил уктум, нечен таяк жедим** (Ш. Б.). 3. **Бул — ак сөз** (К. Ж.). 4. **Бизде эң жогорку закон чыгаруучу орган — Жогорку Совет** ж. б.

## IV ГЛАВА

## СҮЙЛӨМДҮН БАЯНДООЧ МҮЧӨЛӨРҮНҮН ЭЭ ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮЧҮ (БАЯНДООЧУ) МААНИЛЕРИ

**§ 118. Баяндооч дегенибиз грамматикалык жактан ээ болуп келген сөздөргө багынып турган жана алардын (ээнин) аракетин, белгисин, ким-эмнелигин, санын, абалын, дагы ушулар сыяктуу кырдаалдарын баяндап турган сүйлөм мүчөсү болуп саналат.**

Бирок баяндооч сөздөрдүн ээ жөнүндө билдирүүчү маанилери анын бул кырдаалдарды баяндап турушу менен эле чектелбейт. Ээнин семантикалык мазмундуулугу анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн грамматика-семантикалык касиетине байланыштуу ар кыл болгон сыяктуу, баяндооч сөздөрдүн да ээ жөнүндө баяндоочу маанилери да, бир жагынан, анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн семантикалык табиятына карата, экинчи жагынан, анын баяндоочтук формалары болуп келүүчү категориялардын ар кылдуулугуна карата жана сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнүн тийгизген таасири алдында түркүн-түркүн болуп, сүйлөм ээсине караганда алда канча көп кырдуу келет. Бул этиштик баяндоочтор ээнин аракетин, заттык баяндоочтор ээнин ким-эмнелигин, сын атоочтук баяндоочтор ээнин сын-белгисин, сан атоочтук баяндоочтор ээнин санын, иретин баяндайт деген сыяктуу түшүнүк баяндооч сөздөрдүн билдирүүчү маанилеринин жалпыланып алынышы болуп гана эсептелет.

Ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн ар кыл кырдаалдарын баяндоо муктаждыгынан келип, баяндооч мүчөлөрдүн, мына ушундайча, ар түрдүү сөз түркүмүнүн баяндоочтук милдет аткарышы, алардын ар түркүн формаларда болушу калыпташкан. Анын ээлик милдет аткаруучу сөздөр жөнүндө баяндоочу маанилеринин талданышынын мааниси мына ушунда.

**§ 119.** Түркологиялык адабияттарда баяндооч мүчөлөрдүн түзүлүшү, составы жана милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү менен катар, ээ жөнүндө баяндоочу маанилерине да көңүл бурулуп келген. Бирок алардын көпчүлүгүндө[1] жалпы мүнөздө талданган. Профессор М. Б. Балакаев[2] гана бир топ кеңири берет. Маселен, ал атоочтук баяндоочтор ээнин заттык белгисин (1. **Алтын уям — мектебим.** 2. **Ал — бригадир**), жекече нерсенин жалпы нерсеге катышын (1. **Жыгач — отун**), метафоралык **кырдаалдарын (Сөзүң — бал, тилиң — маржан)** баяндаарын, этиштик баяндоочтор болсо ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн буйрук, өтүнүч түрүндөгү аракетин, же абалын, каалоосун баяндаарын белгилейт да, аларга формант катары

---

[1] А. Н. Кононов, Грамматика современного турецкого литературного языка. М.-Л., 1956, 97-бет.

Е. И. Убрятова, **Исследование по синтаксису** якутского языка, М.-Л., 1950, 98—99, 261, 281-беттерди караңыз.

А. С. Сафаев, Главные члены простого предложения в современном узбекском литературном языке, Ташкент, 1958, 15—16, 20—28-беттерди караңыз. ж. б.

[2] М. Б. Балакаев, Современный казахский язык, Алма-Ата, 1959, 143—154, 134—142-беттерди караңыз.

келген сөздөр тутумдашып турса, аракеттин баштапкы этабын **(кал, отыр, жатыр, кел, баста, жөнел)** негизги этиш тарабынан билдирилүүчү аракеттин абалын **(тур, кел, бер, жүр, кой, түс)**, аракеттин бүтүшүн **(кал, жибер, бер)**, кайталанма аракетин **(бер, кой, жатыр, отыр, түс)** баяндаарын белгилейт.

### Этиштик баяндооч

**§ 120.** Баяндоочтук милдетти кайсы гана сөз түркүмү аткарып турбасын, алардын ээ жөнүндө билдирүүчү, баяндооч маанилери эки түрдүү факторго карата сөздөрдүн лексикалык мааниси менен грамматикалык табиятына карата негизделет.

Биринчиден, баяндооч сөздөрдүн сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү түркүн-түркүн маанилери алардын баяндоочтук формалары аркылуу, же көмөкчү сөздөрдүн тутумдашып турушу аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Же болбосо айкындооч сөздөрдүн аларга тийгизген таасири астында ар кыл маани бөтөнчөлүгүнө ээ болуп турушу ыктымал. Бул, башкача айтканда, баяндооч мүчөлөрдүн синтетикалык жана аналитикалык баяндоочтук формалары аркылуу, же айкындооч сөздөрдүн таасири астында кылдат-кылдат маанилерге ээ болуп турушу алардын табиятынын грамматикалык факторлор менен шартталышы болот.

Экинчиден, баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн ар кыл табияты анын милдетин аткарып турган сөз түркүмүнүн семантикалык мазмундуулугуна, бөтөнчөлүгүнө карата шартталып турган болсо, бул лексикалык фактор болуп саналат.

Этиштик баяндоочтордун ээ жөнүндө билдирүүчү маанилерин белгилөөдө мына ушул эки фактор негиз катары алынды. Бирок лексикалык фактор, алардын али семантикалык топторго бөлүнбөгөндүгүнө байланыштуу, анчалык толук берилген талданган жок.

**§ 121.** Этиштин берки айкын өткөн чагын жасоочу -ды уландысы жалганып турган этиштик баяндоочтор сүйлөм ээлеринин айкын мүнөздөгү анык болгон аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Бала өз жолун улантты** («Асыл таш», жомок). 2. **Ошону менен бала кайдадыр жөнөп кетти** («Айткан акылдын пайдасы», жомок. 3. **Укмак турсун, эки жолу көрдүм** (К. Ж.).

Бирок бул бардык эле берки айкын өткөн чак этиштерден болгон баяндоочтордун ээ жөнүндө баяндоочу маанилери бирдей болбойт.

Алар бир составдуу этиштерби, же эки составдуу этиштерби, мына ошол составдык жактарынын да ролу болот, же болбосо айкындооч сөздөр да белгилүү даражада таасир этип турат.



### § 112. Бир составдуу этиштер боюнча

1) Көрсөтүлгөн чак уландысында турган баяндоочтор ээнин азыр эле жаңы аяктагандай аракеттерин баяндап турушу мүмкүн.

Мисалы: 1. **Уруксатты дагы бердим** («Ал экөө кайра жаралган экен», жомок). 2. **Ала-Тоо бүгүн кулпунду** (Ж. Т.).

Бул келтирилген мисалдарда баяндооч сөздөргө **дагы, бүгүн** деген айкындооч мүчөлөр чоң таасир тийгизип, жакында эле аяктаган аракетти билдирүүдө.

2) Логикалык басым түшүп турган узак мезгил семантикасындагы айкындоочтордун таасири астында баяндооч сөздөр ээнин аяктаганына көп болгондой аракеттерин баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Тордомун, айлар жылып, жылга айланды** (Ж. Т.). 2. **Ал эчак кетти.**

Мында жылга, **эчак** деген айкындоочтордун таасири астында баяндоочтор ээнин аяктаганына көп убакыт болгондой аракеттерин билдирип турушат.

3) Этиштик баяндоочтордун жакында бүткөн, же аяктаганына көп болгон аракеттерди баяндашында логикалык басым түшкөн ээ болуп келген сөздөрдүн да ролу бар.

а) Эгер, логикалык басым түшкөн ээлер узак мезгил, же аралык маанисиндеги сөздөрдөн болушса, баяндооч сөздөр анын алда качан болгондой аракеттерин баяндашат. Мисалы: 1. **Ошондон бери көп жылдар өттү** («Ысык-Көл жөнүндө сөз», жомок). 2. **Каныбек Зуннахунга келгенден бери, бир далай убакыт өттү** (К. Ж.).

б) Логикалык басым түшкөн сүйлөм ээлери объектилик, белги, же сыпат семантикасындагы сөздөрдөн турган болсо, баяндооч мүчөлөр анын жакын арада болгондой аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Жолдошум келди.** 2. **Биздин даңкыбызды бүт аалам укту** («Чыныбек», жомок). 3. **Сенин жүрүш-турушуң бузулду** (К. Ж.).

4) Логикалык басым түшкөн ар кыл айкындооч мүчөлөрдүн, же башка түрдөгү синтаксистик категориялардын өзүнө мүнөздүү бул, же тигил кырдаалдагы таасирлери болот.

Мисалы: 1. **Асфальтталган даңгыр жолдор күзгүдөй жалтырады** (Ш .Б.). 2. **Жол таба албай кутулуу аргасын издеген сыңар мүйүз аркар сымалданып жалооруду** (Ш. Б.).

Мында сыпат бышыктоочтордун таасири астында жакында эле болгондой аракет баяндалды.

3. **Кыйнооо түштүм, кантейин** (Токтогул). 4. **Торго чалынган жаш сулуунун элесин эстеди.**

Бул мисалдарда **кыйнооо, элесин** деген айкындооч сөздөр менен **кантейин** деген сырдык сөздүн таасири астында **түштүм,**

эстеди деген баяндоочтор өтүп кеткен аракетти гана эмес, азыр да болуп жаткандай аракетти элестетип турат.

5. **Эселек, неге мынча көптүң** (Ж. Т.).

Мында болсо **көптүң** деген баяндоочтун карым-катышы аркылуу азыр да болуп жаткандай туруктуу аракет баяндалды.

6. **Эгер, орус чегине өтүп алса, Ажар менен Каныбектин тилеги орундалды** (К. Ж.).

Көрсөтүлгөн мисалда **орундалды** деген баяндооч өткөн чак формасында турган менен, багыныңкы сүйлөмдүн таасири астында баштала электей, болочок аракет маанисинде турат.

## § 123. Эки составдуу этиштер боюнча

Бир составдуу берки өткөн чак этиштик баяндоочторго логикалык басым түшкөн айкындооч мүчөлөр менен ээлик милдет аткаруучу сөздөр кандайча таасир тийгизсе, эки составду берки өткөн чак этиштик баяндоочторго деле ошондойчо эле даражада таасир этишет. Ошондуктан мында аларды кайталап олтуруунун ордуна берки өткөн чактагы эки составдуу этиштик баяндоочтордун өзгөчөлүктөрү жөнүндө токтолгонубуз гана дурус болор.

1) Эки составдуу (татаал) этиштердин негизги (биринчи) сыңарлары чакчыл **-ып**, же **-а** уландыларында болот. Алардын мына ошол негизги сыңарларына жалганып турган чакчыл категориялардын ролун белгилебей туруп, жалаң берки өткөн чак уландысы аркылуу мындай сөздөрдөн болгон баяндоочтордун табиятынын толук ачылышы мүмкүн эмес.

а) Эгерде, баяндоочтук милдет аткаруучу берки өткөн чактагы эки составдуу этиштердин негизги сыңары чакчыл **-ып** уландысында турган болсо, андай этиштик баяндоочтор ээнин айкын өткөн, ал аракет узакка созулгандай, кандайдыр азыркы мезгилге чейин да улантылып жаткандай аракетин билдирет.

Мисалы: 1. **Куду эле дудук катары мемиреп отура берди** («Байлык, бакыт, акыл», жомок). 2. **Жаңы коңшулар менен тааныштык бекемделе берди** (Ш. Б.). 3. **Сабыры суз тартып кабагы бүркөлө баштады** (К. Ж.). 4. **Күндөр өтө берди** («Чыңгыз ныбек», жомок).

б) Ал эми, берки өткөн чактагы эки составдуу этиштик баяндоочтордун негизги сыңары чакчыл **-ып** уландысында турса, мындай баяндоочтор аркылуу ээнин бүтүп калган жана узакка созулбаган аракети баяндалат. Мисалы: 1. **Аңгыча күү жаап жиберди** («Жээренче чечен», жомок). 2. **Жалаң өзүм ишеп жүрдүм** («Дартына даба болгон экен», жомок). 3. **Көпчүлүк эл мындай жөнү бар сөздү колдоп кетти** («Акылдуу кыз», жомок).

2) Этиштик баяндоочтор үч, же төрт составдуу болушу да ыктымал.



Мындай этиштик баяндоочтор да, алды жакта белгиленгендей эле, негизги (биринчи) сыңарлары чакчыл -а уландысында турса, узакка созулган аракет билдирилет да, чакчыл -ып уландысында турган болсо, созулуңку, бирок бүткөн аракети баяндалат.

Ал эми, үчүнчү, же төртүнчү сыңарлары болсо көмөкчү сөз катары келишкен болот.

Мисалы: 1. **Бир күнү Шарип куду өзүндөй чокчондоп секирип жүрө турган бака сатып келип берди** (Ш. Б.). Мында **сатып келип берди** деген баяндооч сөз кыска мөөнөттө бүткөн аракетти билдирип турат.

2. **Желмогузду өлтүрүшкө Жайыл ыгын келтире албай жүрдү** («Жайыл мерген», жомок). Бул мисалда болсо ээнин узакка созулган өткөн чакта болгон аракети баяндалды.

3) Берки өткөн чактагы эки составдуу этиштерден болгон баяндоочтордун, негизги сыңары сыяктуу эле, экинчи сыңары да толук маанилүүлүгүн али жоюп жибере элек сөздөрдөн да болушу ыктымал.

Мисалы: 1. **Мындан бир ай мурун күйөөсү — экөө келип кетишти** (К. Ж.). 2. **Не көрбөдү азиз баш,**
**Нелер келип кетпеди** (Ж. Т.).
3. **Кайгырбай, апа, үйгө бар,**
**Кантейин, барып келейин** (Токтогул).
4. **Берсе — бербесе да, жообун алып кел** («**Алтын шакек**», жомок). Мындай этиштик баяндоочтор аркылуу сүйлөм ээлеринин ошол баяндоочтук милдет аткарып турган татаал этиштин эки сыңарынын тең маанисине туура келген аракет баяндалат.

4) Эгер, берки өткөн чактагы этиштик баяндоочтор бирдей үңгудан турган татаал формалуу комплекстер болсо, андай баяндоочтор каалабоочулук, жактырбагандык, өкүнүч маанилеринде турушат.

Мисалы: 1. **Айтканын айтты.** 2. **Иштегенин иштедим.** 3. **Барарын бардың.** ж. б.

**§ 124.** Этиштин капыскы өткөн чагын жасоочу **-ыптыр** жалганып турган баяндооч мүчөлөр аркылуу аракет кылуучу жактардын (ээнин) өзүлөрү үчүн унутулуп калгандай аракеттери баяндалат.

Мисалы: 1. **Мен алыптырмын.** 2. **Сен алыптырсың.** 3. **Ал алыптыр.**

Бул **алыптырмын, алыптырсың, алыптыр** деген баяндоочтор аркылуу унутулуп калгандай, же башка бирөө тарабынан маалыматталгандай аракеттер билдирилди.

Берки капыскы өткөн чак этиштерден болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин мындайча мүнөздөгү кырдаалдарын баяндашат:

1) Айтуучу үчүн, аракет кылуучу жак үчүн, күтүлбөгөн капысынан болгон аракет билдирилет, баяндалат.

Мисалы: 1. **Чор тамандар айлы менен качып кетиптир** (К. Ж.). 2. **Ал окуптур.**

2) Айтуучу үчүн узак мезгилдер мурда болгондой ээнин аракети баяндалат, бирок мындай учурда капыстык маанисе жоюлуп кетет.

Мисалы: 1. **Байыркы заманда беш эчкиси, жалгыз кара кашка текеси бар кемпир-чал болуптур** («Тырнактай чал» жомок). 2. **Көзгө атар Жайыл мерген жолдошу Эмил менен кийикке чыгыптыр** («Жайыл мерген», жомок).

3) Айрым шарттарда оозеки речте, фольклордук чыгармаларда, көркөм адабияттарда болсо, көбүнчө, персонаждардын речинде биринчи жана экинчи жактагы аракет кылуучу жактарга байланышкан берки капыскы өткөн чак этиштик баяндоочтор **-ыпмын (-ыпбыз), -ыпсың (-ыпсыңар, -ыпсыз, -ыпсыңдар)** уландыларында турушу да мүмкүн.

Мисалы: 1. **Жаралыппыз, калың журт,**
**Зулумдардын жемине, ай!** (Токтогул).
2. **Сапаным, жарапсың** (Ш. Б.).

Мындай түзүлүштөгү этиштерден болгон баяндоочтор капыскы өткөн аракет маанисин билдирүү менен катар, кийпейилдүүлүк, жактыргандык эркелетүү, аёо маанилерин да берип турушат.

**§ 125.** Бул берки өткөн чак этиштерден болгон баяндоочтор терс **-ба** уландысы менен суроолуу **-бы** уландыларында да туруп айтыла берет.

1) Берки айкын жана капыскы өткөн чак этиштерге жалганып турган суроолуу **-бы** уландысы андай баяндооч сөздөрдүн узакка созулган өткөн чак жана белгисиздик, туюк маани берип турат.

Мисалы: 1. **Кокус, ооруп калдыбы** («Дартына даба болгон экен», жомок). 2. **Ал келиптирби?**

2) Ушул эле чак этиштерден болгон баяндоочторго терс **-ба** уландысы жалганып турса, андай этиштер өз семантикаларына карама-каршы келген аракеттерди баяндашат.

Мисалы: 1. **Укпадым элдин кабарын** (Токтогул). 2. **Андан ары же онтоп, же ыйлап жатканы билинбей калды** («Дартына даба болгон экен», жомок). 3. **Убагында келе албадым.**

3) Эгерде, бул терс -ба уландысы эки составдуу этиштик баяндоочтордун эки сынарына тең жалганып турган болсо, мындай кош кабат терс уландыда турган баяндоочтор терс маани билдирбейт, аракеттин аныктыгын, чындыгын белгилөө ыкмасы катарында кызмат кылат.

Мисалы: 1. **Анын Түркүн чалга боор толгоосу бар экенин Шарип билбей койбоду** (Ш. Б.). 2. **Ал келбей койбойт.**



4) Берки өткөн чак этиштик баяндоочторго суроолуу **-бы** уландысы да, терс **-ба** уландысы да жалганып турушу ыктымал. Мындай суроолуу **-бы,** терс **-ба** уландыларындагы баяндооч мүчөлөр төмөндөгүдөй маанилерди баяндашат:

а) Терс **-ба** менен суроолуу **-бы** уландылары бир составдуу этиштерге, же эки составдуу этиштердин бир гана сынарына жалганып турган болсо, андай этиштерден болгон баяндоочтор терс маани да билдирбейт, суроо маанисинде да боло албай калат.

Мисалы: 1. **Кокуй ай, коюңду карышкыр кырып салбадыбы!** («Чыныбек», жомок). 2. **Анын үстүнө, анын таламын талашкандар кыйла кубаттантып таштабадыбы** (Ш. Б.). 3. **Көңүлүм тынчый түшпөдүбү** («Дартына даба болгон экен», жомок).

б) Ал эми, ушул уландылар (-бы ,-ба) эки составдуу этиштердин эки сынарына тең жалганып турган болсо, мындай баяндоочтор терс маани да, суроо маанисин да билдирип турушат.

Мисалы: 1. **Жолдошуң келбей калдыбы? 2. Ал окубай коюптурбу?** ж. б.

в) Эгерде, эки же үч составдуу этиштер болуп, анын эки сынарына тең терс **-ба** уландысы жалганып, анын үстүнө көмөкчү сынары дагы суроолуу **-бы** уландысында турган болсо, мындай берки өткөн чактагы этиштик баяндоочтор терс мааниде болушат, бирок суроо маанисин билдире албайт.

Мисалы: 1. **Булардын келерин билбей калбадымбы** (К. Ж.). 2. **Баятан бери айта албай олтурбадымбы** (Ш. Б.).

**§ 126.** Берки өткөн чактагы этиштерден болгон баяндоочторго ар кыл катыштык сөздөр айкалышып, алардын аналитикалык формасы катары келет да, төмөндөгүчө кошумча маани беришет:

а) **Эле, беле** деген катыштык сөз айкашып турган чак этиштердин болгон баяндоочтук комплекстер бүткөнүнө көп убакыт болгондой аракетти баяндашат.

Мисалы: 1. **Суу менен жууду эле** («Аксанатай менен карасанатай», жомок). 2. **Мен бул китепти окудум эле.** 3. **Ал барыптыр эле.** 4. **Айнаш укту беле?** 5. **Сен көрдүң беле?** 6. **Мен сага айттым беле?** 7. **Керим билиптир беле?**

Эгерде, мындай баяндооч сөздөр терс **-ба** уландысында турган болсо, **беле** деген катыштык сөздүн суроо мааниси басандап кетет да, а эми, сөзүбүз риторикалык мүнөздө болсо, суроо мааниси таптакыр эле жоюлуп кетет.

Мисалы: 1. **Баягыда эле сага айтпадым беле!** (Ш. Б.). 2. **Ушул жөнүндө аябай дегдешпеди беле** (Ш. Б.). 3. **Экөөбүз кызматта да ажырашпайбыз дебедик беле!** (Ш. Б.). 4. **Айылдагыдай чычайганды коёлу дебедик беле** (Ш. Б.). ж. б.

б) **Экен** деген жардамчы сөз өз алдынча туруп берки өткөн чак этиштерге айкалыша албайт. Ал суроолуу **(-бы)** уланды

менен биригип кеткен болсо гана, аналитикалык баяндоочтук форма катарында айкалышып, андай баяндоочтук комплекстер суроо маанисиндеги капысынан болгон аракетти баяндашат.

Мисалы: 1. **Ал макулдашты бекен?** 2. **Сен окууга өттүң бекен?** ж. б.

в) Берки өткөн чак этиштик баяндоочторго **го**[1] деген катыштык сөз айкалышып турса, мындай баяндоочтук комплекстер ээнин берки өткөн чакта болгон аракетине күдүктүк маани берип турат.

Мисалы: 1. **Балдар келди го.** 2. **Биз да бармай болдук го.** 3. **Ал сүйлөшүптүр го.**

г) Берки өткөн чак этиштик баяндоочторго **окшойт, көрүнөт, сыяктанат** деген сыяктуу катыштык сөздөр айкалышып турган болсо, буларга окшогон баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин жакында болгондой болжол, түкшүмөл, шектенүиретиндеги аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Досуң барды окшойт.** 2. **Силер айттыңар көрүнөт.** ж. б.

**§ 127.** Берки өткөн чактагы этиштик баяндоочторго **да** деген бөлүкчө таандык болуп айтылышы да мүмкүн. Бул да бөлүкчөсү өзү таандык болуп турган баяндоочторго каалабагандык, өкүнүч, же кошумча аракет маанилерин берип турат.

Мисалы: 1. **Эстен чыкпас кордукту**
**Эл кыдырып көрдүм да,**
**Амалсыздан көндүм да** (Токтогул).
2. **Силерди сагынып да калдым** (Ш. Б.). 3. **Окуп да бүттүм.** 4. **Мен окудум да.**

**§ 128.** Атоочтуктун **-чу** (-очу -оочу, -чуу) уландысынын жардамы аркылуу жасалган этиштин адат өткөн чагынан[2] болгон баяндоочтор, биринчиден, аракет кылуучу жактардын (ээлердин) аракетинин бүткөнүнөн бери көп убакыт өткөндүгүн билдирсе, экинчи жагынан, ал аракеттин кайталанма мүнөзүндө болгондугун баяндайт.

Мисалы: 1. **Мен эрте барчумун.** 2. **Ал сен жөнүндө айтчу** ж. б.

Мындай баяндоочтор, тактап айтканда, сүйлөм ээлеринин төмөндөгүчө кырдаалдарын баяндашат:

1) Сүйлөм ээлеринин алда качан өтүп кеткен туруктуу мүнөздөгү аракетин баяндашат. Мындайча өткөн чак этиштик баяндоочтор, негизинен, бир составдуу болот.

---

[1] *го* деген бөлүкчө да бар. Мисалы: 1. Мен го бардым, сенчи? 2. Мен баарын айттым го. Эми сөз сенде. 3. Болор иш болду го, эми эмнесине кайгырасың.

[2] Б. О. Орузбаева, Формы прош. вр. в кирг. яз., Фрунзе, 1955, 43—46-беттерди караңыз.



Мисалы: 1. **Жел жүрчүү, муң көбөйгөн жерге барчуу,**
**Армандын миң толгоолуу күүсүн чалчуу** (Ж. Т.).
2. **Досуң ушул жерде иштечү.**

2) Ал эми, баяндоочтук милдет аткаруучу мындай этиш сөздөр эки составдуу болсо, андай баяндоочтор аракеттин туруктуу мүнөзүн билдиришине караганда, кайталануу маанисин билдирүү жагы басымдуулук кылып турат.

Мисалы: 1. **Зымырык куш дүйнө жүзүндө эмне болуп жатканын күн сайын эртең менен айтып турчу** («Кулдун уулу жана зымырык куш», жомок). 2. **Атай да ушул жерде иштеп жүрчү.** 3. **Биз барып турчубуз.**

3) Эгерде, адат өткөн чактын **-чу** уландысы баяндоочтук милдет аткаруучу атооч, этиш жана тактоо сөздөргө көмөкчү сөз болуп келген **«бол»** деген катыштык сөзгө жалганып турса, андай баяндоочтук комплекстер ээнин адат өткөн чактагы аракетин баяндай алышпайт. **-Чу** уландысы жөн гана өткөн чак маанисин билдирүүчү форма катары гана келген болот.

Мисалы: 1. **Бул сырдын бардыгы ушул жерде гана кала турган жашырын сыр болчу** (К. Ж.). 2. **Бул убадам элдин баарына белгилүү болчу.** («Асыл таш», жомок). 3. **Анын кабагынын бүркөлүшү да ушул болчу** (К. Ж.). 4. **Энем сексен беште болчу.** 5. **Буларга ушул керек болчу** (Ж. Т.).

Келтирилген мисалдарда **болчу** деген көмөкчү сөз баяндоочтук милдет аткаруучу зат, сын, сан, ат атоочтор менен тактооч, этиш сөздөргө айкалышып, аларга өткөн чак маанисин гана берүүчү аналитикалык форма катары келди. Анткени, мында баяндоочтук милдетти атооч, тактооч жана этиш сөздөр аткарышып, сүйлөм ээлеринин сапаттык, белгилик, сан-өлчөмдүк кырдаалдары баяндалды да, **«болчу»** деген катыштык сөз алардын чак форманты катары гана келди. Ошондуктан ал туруктуу, кайталануу мүнөзүндөгү аракетти билдирүү касиетине ээ боло албай турат.

4) Баяндоочтук милдет аткаруучу адат өткөн чак этиштерге **болду**[1] деген көмөкчү сөз айкалышып турса, мындай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин узакка созулган, же азыркы мезгилге чейин да созулуп тургандай, кайталанма, туруктуу мүнөздөгү аракетин баяндашат.

Мисалы: 1. **Кичинекей Чырак атасынын бараң мылтыгы менен кекилик, чил, кыргоол атып келүүчү болду** («Кара таштардын сыры», жомок). 2. **Дары-дармегин бекер берүүчү болду** (К. Ж.).

5) Адат өткөн чактагы этиштик баяндоочторго **эле, эмес,**

---

[1] Эгерде, бул «бол» деген функционалдык катыштык сөзгө терс *-ба* уландысы жалганып турса, *-уучу* уландысындагы этиштер атоочтук табиятында болот да, мындай комплекстер кайталанма өткөн чак маанисинде турбайт, келер чак маанисинде болот. Мисалы: 1. Билгенинди жашыруучу болбо. 2. Касыңа сырың айтуучу болбо. ж. б.

**экен, го** деген сыяктуу көмөкчү сөздөр тутумдашып да айтыла берет:

а) Адат өткөн чак этиштерге **экен** деген көмөкчү сөз айкалышып турган болсо, андай баяндоочтук комплекстер ээнин бүткөнүнөн бери көп убакыт өткөндөй адат өткөн аракетти билдирет да, кандайдыр башка бирөө тарабынан айтылган билдирилгендей маалымат маанисинде болуп турат.

Мисалы: 1. **Уулу акылсыз чыгып, атасы ага эң эле көп кайгырчу экен** («Айткан акылдын пайдасы», жомок). 2. **Манасты Чоюке мыкты айтчу экен.** 3. **Сен пристанга күн ара барып турчу экенсиң.**

б) Адат өткөн чак этиштерден болгон баяндоочторго **эмес** деген көмөкчү сөз тутумдашып турган болсо, мындай баяндоочтук комплекстер ээнин адат өткөн кайталама аракетин тануу маанисин берет да, **го** деген көмөкчү сөз тутумдашып турган болсо, ээнин адат өткөн күдүк аракети баяндалат.

Мисалы 1. **Ал ырдачу да, бийлечү да эмес.** 2. **Ал катташып жүрчү го.** 3. **Сен айтчусуң го.**

в) Адат өткөн чактагы этиштерден болгон баяндоочторго **эле** деген көмөкчү сөз тутумдашып турса, буларга окшогон баяндоочтук комплекстер ээнин кайталанма адат өткөн аракетинин алда качан болгондугун билдирет.

Мисалы: 1. **Мен көп көрчү элем.** 2. **Ал айтчу эле.**

г) Адат өткөн чак этиштик баяндоочторго бир нече катыштык сөз (эмес, эле, экен, го) катары менен айкалышып турушу да мүмкүн. Мындай учурда алардын ар бири өзүнө мүнөздүү кошумча модалдык маани берүү касиетин сактап турат.

Мисалы: 1. **Сен барда энең үй кызматында жүрчү эмес беле** (К. Б.). 2. **Досуң барчу эмес экен.** 3. **Өзүң жактырчу эмес элең го.** 4. **Ал билчү эмес экен го.** ж. б.

6) **«Де»** деген жарым семантикалуу этиш сөз адат өткөн чакта туруп, баяндоочтук милдет аткаруучу башка бир өткөн учур, келер чак жана шарттуу этиштер менен атоочторго көмөкчү сөз болуп келген болсо, мындай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин кайталанма, адат аракетин баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Арманыңды чеч, эне,**
**Ак сүтүңдү кеч, эне,**
**Ак кепиндеп, аруу жууп,**
**Ардагым көмсө дечү эле** (Токтогул).
2. **Аны бир көрсөм дечүмүн.** 3. **Ал окуйм дечү.** 4. **Асан андан күндүк-түштүк акылдуу дечү.** 5. **Бардым дечүмүн.** 6. **Токон инженер болом дечү.** ж. б.

Анын себеби бул **де** деген этиш али толук маанилүүлүгүн жогото элек, функционалдык табияты боюнча гана катыштык милдет аткарып турат. Ал эми, мурда талданып өтүлгөн **-чу** уландысындагы **бол** деген көмөкчү сөз болсо функционалдык



жагына карата биротоло катыштык сөздөр категориясына өтүп, адат өткөн чак маанисин бербестен, башка чак этиштердин маанилерин период жагынан кошумчалап турган аналитикалык баяндоочтук форма катары келет.

**§ 129.** Атоочтуктун **-ган** уландысы аркылуу жасалган белгисиз өткөн чактагы этиштерден болгон баяндоочтор аракет кылуучу жактардын (сүйлөм ээлеринин) период жагынан белгисиз мезгилде бүткөн аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Он жылдыкта бирге окуганбыз.** 2. **Бул кандай, баарыңар эле кергиштеп калгансыңар** (Ж. Т.). 3. **Бул маселе бюродо макулдашылган** (Ш. Б.). 4. **Үлпүлдөгөн жука сары жибек көйнөгүнүн далысы нечак эле чылпылдай түшкөн** (Ш .Б.).

Эгерде, мына ушул баяндоочтордун ар бирин жекече алып талдаган болсок, **окуганбыз** деген баяндооч кандайдыр бүткөнүнө көп убакыт болгондой аракетин билдирет да, **кергиштеп калгансыңар** деген баяндооч өткөн мезгилдеги, бирок азыр да улантылып жаткандай, **макулдашылган, чылпылдай түшкөн** деген баяндоочтор болсо белгисиз мезгилде болгон аракетти баяндап турушат.

Белгисиз өткөн чак этиштерден болгон баяндоочтордун ээ жөнүндө билдирүүчү маанилери өтө көп кырдуу. Анын бул маани бөтөнчөлүктөрү, бир жагынан, ошол этиш сөздөрдүн семантикалык мазмундуулугу менен чак формасына байланыштуу болсо, экинчи жагынан, ээ жана айкындооч сөздөрдүн да таасири өтө чоң болот.

Белгисиз өткөн чактагы этиштерден болгон баяндоочторго ар кыл көмөкчү сөздөр айкалышып да айтыла берет. Булар да ар түркүн модалдык кошумча маани беришет.

Аны төмөндөгүчө мүнөздөсөк болот:

1) Белгисиз өткөн чактагы этиштерден болгон баяндоочтор ээнин аяктаганына көп болгон, же белгисиз мезгилде аяктаган аракеттерин баяндап турушу мүмкүн.

Мисалы: 1. **Кургак чечен далай-далай сайраган,**
**Тилин бүлөп, бекеринен кайраган** (Ж. Т.).
2. **Илгери бир мергенчи жашаган** («Жайыл мерген», жомок).
3. **Ал барган.** ж. б.

Мында **далай-далай, бекеринен, илгери** деген айкындооч сөздөрдүн таасири астында баяндооч сөздөр аяктаганынан бери көп убакыт өткөн аракетти баяндап турушат. Ал эми, айкындооч сөз катышпагандан кийин, **барган** деген баяндооч белгисиз убакта болгон аракетти билдирет.

Кыскасы, белгисиз өткөн чак этиштик баяндоочтор конкреттүү мезгил өлчөмүн билгизүүчү айкындооч сөздөрдүн таасири астында айкыныраак мүнөздөгү аракетти баяндашат да, мезгил маанисин бербеген айкындооч сөздөр катышпаса, белгисиз мезгилде болгон аракетти баяндашат.

2) Белгисиз өткөн чак этиштерден болгон баяндоочтордун табияты ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн алда качан болгон же жакында болгон, же белгисиз мүнөздөгү аракеттерин баяндоо менен эле чектелбейт. Эгерде, баяндооч сөздөргө, сыпат бышыктоочтор менен табыш жөндөмөдөгү толуктоочтор багынып турган болсо, бул айкындооч сөздөрдүн таасири астында мындай баяндоочтордун белгилүү бир мезгил периодун билдиришине караганда ээнин сыпатын баяндоо жагы басымдуулук кылып турат.

Мисалы: 1. **Жер бети кардан мамык оронгон** (К. Ж.). 2. **Кубанганы, капаланганы да белгисиз, үйдө да, тышта да бир мүнөздө жүрө турган** (К. Ж.). 3. **Кең ачылган дарбазадан эшек араба кылдырттап кирип калган** (Ш. Б.). 4. **Жерге карлар ак кымкаптай жарашкан** (Ж. Т.). 5. **Бири кул, бири күн катары иштеше турган** (К. Ж.). 6. **Кийиз өтүк, баары тегиз кийген тон** (Ж. Т.).

3) Баяндоочтук милдет аткаруучу физикалык, психологиялык семантикадагы белгисиз өткөн чак этиштерге сыпат жана себеп, максат бышыктоочтор менен барыш, чыгыш жөндөмөлөрдөгү толуктоочтор багынып турушкан болсо, бир жагынан өз семантикаларына жараша, экинчи жагынан, аталган айкындооч мүчөлөрдүн таасири астында мындай баяндоочтор ээнин белги, сыпат, абал мүнөзүндөгү өткөн аракетин баяндоо жагы басымдуулук кылып турат да, мезгил (периоддук) жагы сонун планда турган болот.

Мисалы: 1. **Кийинки бирөөнүн келишин күтүп, үксүгүй кирпиктүү кой көзүн эшикке кадап калган** (Ш. Б.). 2. **Аппак чесучадан боюна кыналта костюм кийген, желкесине жеткен көмүр кара чачын суналта таранган** (Ш. Б.). 3. **Мугалим досун туугандары менен тааныштырып коюуга ниеттенген** (Ш. Б.).

4) Эми баяндоочтору белгисиз өткөн чак этиштерден болгон дагы бир башка түрдөгү мисалдарды талдап көрөлү.

1. **Бил, жер жүзү,**
**Бүгүн турмуш жаңырган** (К. Ж.).

2. **Чоң терезенин түбүндө кичирээк стол, эки отургуч коюлуп, экөөнүн кагаз-кечеси жайылган** (Ш. Б.).

Бул келтирилген мисалдарда **бүгүн** деген айкындоочтун таасири астында жакында болгондой аракет баяндалды да, логикалык басым түшкөн **турмуш, кагаз-кечеси** деген ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн таасири астында бул баяндоочтордун сыпат, абал, өлчөм кырдаалдарын баяндоо жагы басымдуулук кылып турат.

Төмөндөгү мисалдар жөнүндө да ушунун өзүн эле айтууга болот.

Мисалы: 3. **Каалгасы бөлөк бир комната үйдүн төрүнө таар, анын үстүнө төшөк салынган** (Ш. Б.).



4. **Кетип барам айдалып,**
**Кишенге бутум салынган** (Токтогул).

5) Кээ бир **-ган** уландысындагы баяндоочтор алда качан болгон, азыр да бүтө электей аракетти баяндап турушу да ыктымал.

Мисалы: 1. **Береген колум алаган** (эл макалы). 2. **Жалынганы жалынган** (К. Ж.). 3. **Айтканым айткан** (Ш. Б.). 4. **Барганым барган**, ж. б.

Баяндоочтордун мындай туруктуу чак, белги, абал маанисинде турушунун үстөмдүк кылышы буларды чак уландысындагы баяндоочтор катарында эмес, атоочтуктардан болгон баяндоочтор катары каралышын коёт. Бул абал, кырдаал көрсөтүлгөн мисалдардын туруктуу фразеологиялык айкалыштарга өтүп кетишине[1] байланыштуу сакталып калган болуу керек.

**§ 130.** Белгисиз өткөн чактагы этиштик баяндоочторго көмөкчү сөздөр айкалышып да айтыла берет. Андай көмөкчү сөздөр тутумдашып турган белгисиз өткөн чак этиштерден болгон баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин төмөндөгүчө кырдаалдарын баяндашат:

1) Эле деген көмөкчү сөз айкалышып турган белгисиз өткөн чак формасындагы этиштик баяндоочтук комплекстер, жалаң **-ган** уландысындагы баяндоочторго караганда, алда канча мурда болгон, бирок айкын мүнөздөгү аракеттерди баяндашат.

Мисалы: 1. **Уруш чыгар жылы кайта аны түштүк жакка алып кеткен эле** (К. Б.). 2. **Ал кетерин айткан эле. 3. Мен билген элем.**

2) Ал эми, **экен** деген көмөкчү сөз айкалышкан белгисиз өткөн чак этиштерден болгон баяндоочтук комплекстер капысынан болгон, бирок белгисиз өткөн чактагы эмес, айкын мүнөздөгү өткөн аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Үйдүн көлөкөсүндө жатып көзүм илинип кеткен экен («Койлубай», жомок). 2. Ал эми, баласы болсо беш-алты кадак семирген экен («Акылдуу бала», жомок). 3. Учей-фу шерменделигин кылган экен** (Ж. Т.).

---

[1] Ээлик милдет аткаруучу сөздөр менен байланышта, предикативдик катышта турган этиштердин *-ган* уландысы чак форма катары келет да, этиш сөздөр аттрибутивдик катышта турса, *-ган* уландысы атоочтуктун формасы катары түшөт:

Ленин жолу түбөлүккө чептелген,
Кирпичтери эмгекчи үчүн эптелген (Ж. Т.).

Эгерде, чептелген жол, эптелген кирпич түрүндө айтылган болсо *-ган* уландысындагы сөздөр атоочтук болуп калар эле.

Мындай сөздөрдүн орун тартибинин өзгөрүлүшү чоң мааниге ээ. Антке-ни, орун тартибинин өзгөрүшү менен — *ган* уландысынын табияты да кошо өзгөрүлөт. Айрым шарттарда гана жөнөкөй сүйлөмдөрдүн жаңы түрлөрүнүн пайда болушуна байланыштуу *-ган* уландысындагы сөздөр орун абалын өзгөртөт: 1. Бул ким, кыйкырып жаткан. 2. Бооз бээ болчу, кулундай турган убактысы жетип калган.

3) Белгисиз өткөн чактагы этиштик баяндоочторго эмес деген катыштык сөз тутумдашып турган болсо, андай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин белгисиз мүнөздөгү эмес, айкын мүнөздөгү болгон аракеттерин танып турушат.

Мисалы: 1. **Токтогул аны билгиси да келген эмес, аны атайылап ойлогон эмес** (А. Т.). 2. **Ал айткан да, жолуккан да эмес.** 3. **Мен сүйлөшкөн эмесмин.** 4. **Сен көргөн эмессиң.**

Ушул эле белгиленгендей баяндоочтук комплекстерге да деген бөлүкчө тутумдашып айтылган кездер да болот.

Мисалы: 1. **Ачкылсыз, аксыз кыргыздын күнү өткөн эмес да** (Ш. Б.). 2. **Өзүң окуган эмессиң да.**

Мындай учурда да деген бөлүкчө өзү таандык болуп турган сөзгө, же комплекстке ишендирүү, жооп маанилерин берип турат.

4) **Го** деген жардамчы сөз тутумдашып турган белгисиз өткөн чак этиштерден болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин белгисиз өткөн чактагы күдүк аракеттерин баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Болот окуган го.** 2. **Сен да окугансың го.** ж. б.

Мындай баяндоочторго бир нече катыштык сөз катары менен айкалышып турушу да ыктымал. Андай учурларда ар бир катыштык сөз баяндоочтук милдет аткаруучу белгисиз өткөн чак этиштерге өзүнө мүнөздүү бул, же тигил түрдөгү кошумча мазмун берип турат.

Мисалы: 1. **Ал башта келген эмес экен.** 2. **Алмаз бирге өскөн жолдошторуна бир нече жылдан бери жолуккан эмес эле.** 3. **Ал барган эмес го.** 4. **Бизден мурда эле бүтүрүп койгон экен го.** 5. **Аларга айткан элек го.** ж. б.

5) **Жок** деген толук маанилүү сөз да айрым шарттарда синтаксистик аткарган милдетине карай катыштык сөздөр категориясына өтөт да, өзү тутумдашып турган белгисиз өткөн чак этиштик баяндоочтордун белгисиз мүнөздөгү эмес, айкын мүнөздөгү болгон тануу маанисиндеги аракеттерин баяндашып шарттап турат.

Мисалы: 1. **Балам, сени мен кул, же малай кылууга сатып алган жокмун** («Дартына даба болгон экен», жомок). 2. **Орунтай деле мугалим болуп жүргөн уулун институтка жиберген эткен жок** (Ш. Б.). 3. **Баланы алууга эч ким чыккан жок** («Бала менен сыйкырчы», жомок). 4. **Теректин сырын эч ким биле алган жок экен** («Эки дос», жомок).

Бул белгиленип жаткан **жок** деген функционалдык катыштык сөздүн мааниси **эмес** деген катыштык сөзгө жакын келет. Бирок алардын ар биринин өзүнө мүнөздүү ар башка колдонулуш тартиби бар.

5. **Болду эми, кызындын өлгөн жери жок** (Ж. Т.). 6. **Бул сөз деле Баканы жибитип жиберген жери жок** (Ш. Б.). 7. **Менин карап турган жерим жок.** ж. б.

Мында катыштык функцияда турган **жери** деген сөз менен



тутумдашып, белгисиз өткөн чак этиштик баяндоочторго тануу маанисин берүү менен катар, жактырбагандык, жөлөмөлөө маанилерин да кошо билдирип турат.

6) **Сыяктуу** деген катыштык сөз тутумдашып турган белгисиз өткөн чак этиштерден болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин күдүк, болжол жана адат, көнүмүш, сыпат маанилериндеги өткөн аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Мындай таяктын далайын көргөндүктөн, ал бышыгып калган сыяктуу** (К. Ж.). 2. **Бирок бечарага болушкан табияттын күчүнөн Кадырбектин күчү артылып түшкөн сыяктуу** (К. Ж.). 3. **Ал бул ишти билген сыяктуу.** 4. **Аалы да барган сыяктуу.**

7) Белгисиз өткөн чак этиштерге **тура, турбайбы, турбаймбы, турбайсыңбы** деген катыштык сөздөр айкалышып да айтыла берет. Бул катыштык сөздөр тутумдашып турган белгисиз өткөн чак этиштик баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин белгисиз өткөн чакта кокусунан, күтүлбөгөн шартта болгон аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Көксөгөн эрик таңы аткан тура,**
**Көйкөлүп жарык нурун чачкан тура** (Ж. Т.).
2. **Мен өзүмдүн жаш өмүрүмдү бекерге жабыктырып жүргөн турбаймбы** («Ал экөө кайра жаралган экен», жомок). 3. **Сен барган турбайсыңбы.** 4. **Ал көргөн турбайбы.**

Бул белгисиз өткөн чактагы этиштерден болгон баяндоочторго тутумдашып турган **тура** деген көмөкчү сөз билдирүүчү мааниси жагынан **экен** деген көмөкчү сөзгө бир аз жакын келет. Бирок алардын бири **(экен)** мурдараак болгон, көп айкын эмес аракетти билдирүү каражаты катары келет да, экинчиси **(тура)** андан кийин болгон айкыныраак аракетти билдирүү ишин тейлейт, жана алардын ар биринин өзүнө гана таандык колдонулуш тартиби, стилдик мааниси бар.

8) Белгисиз өткөн чак этиштерден бологон баяндоочторго **көрүнөт, сыяктанат, окшойт** деген катыштык сөздөр тутумдашып турушса, мындай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин өткөн мезгилдеги болжол жана сыпат мүнөзүндөгү аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Кыз эки чакасын ийин баканына илип алып бараткан сыяктанат** («Айдагы кыз», жомок). 2. **Журтбек кадыресе кеңеш сурап жаткан сыяктанат** (Ш. Б.). **Сен Жапардын чолок болгонуна кош көңүл болуп жаткан көрүнөсүң** (К. Б.). 4. **Алым начар, эл-журтту көрө ала турган көрүнбөйм** (К. Б.). 5. **Буту уюй түшкөн окшойт** (Ш. Б.).

6. **Кор боло турган окшоду**
**Сары алтындай кебим, ай** (Токтогул).

9) Азыркы кыргыз тилинде синтаксистик аткарган милдетине карай **бол, кыл, дейт, дешет** деген этиш сөздөрдүн катыш-

тык сөздөр категориясына айлануу жагы улам барган сайын күч алууда.

Белгисиз өткөн чактагы этиштерден болгон баяндоочторго мына ушул **бол, кыл, дейт, дешет, деген** функционалдык катыштык сөздөр да айкалышып турушу мүмкүн.

Составында бул белгиленген катыштык сөздөр болгон баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин төмөнкүчө кыр-даалдарын баяндашат:

а) **Бол** деген көмөкчү сөз келер чак формасында **(болот, болушат)** туруп, белгисиз өткөн чак этиштерден болгон баяндоочторго тутумдашып турса, мындай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин сыпат мүнөзүндөгү белгисиз мезгилде болгон аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Ар ким өздөрүнчө жоруган болушат** (К. Ж.). 2. **Болсо эле, аны Искендер баштаган болот да** (К. Ж.).

Же андай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин туруктуу адат, көнүмүш мүнөзүндөгү белгисиз өткөн чакта болгон аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Жан-алакетке түшүшүп чиймелеп калган болушат** (Ш. Б.). 2. **Аны көргөндө иштеген болуп калат.** 3. **Бардыгы уктап, же жылуу жерде жашынып жатып калышкан болот** («Айдагы кыз», жомок).

б) **Бол, кыл** деген көмөкчү сөздөр берки айкын өткөн чак **(болду, кылды)** формасында турушуп, белгисиз өткөн чактагы этиштерден болгон баяндоочторго тутумдашып турушса, буларга окшогон баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин сыпат, абал маанисиндеги белгисиз өткөн чактагы аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Өзү басып, өзү жүрө турган болду** (К. Б.). 2. **Чалгынга барса да, бирге бара турган болду** (К. Б.). 3. **Аны айтпай турган кылды, биле турган кылды.**

в) Ал эми, бул **бол, кыл** деген көмөкчү сөздөр белгисиз өткөн чак **(болгон, кылган)** формасында турушуп, белгисиз өткөн чактагы этиштик баяндоочторго тутумдашып турган болсо, андай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин белгисиз өткөн чактагы абал мүнөзүндө болгон аракеттерин баяндашат (**бол** аркылуу), же башка бирөө аркылуу иштелген абал, же сыпат мүнөзүндөгү аракет баяндалат (**кыл** аркылуу).

Мисалы: 1. **Ал бара турган болгон.** 2. **Аны иштей турган кылган.** 3. **Аны да бара турган кылганбыз.**

г) Белгисиз өткөн чак этиш сөздөрдөн болгон баяндоочторго тутумдашып турган келер чак формасындагы **(болор, болот)** **бол** деген көмөкчү сөзгө кабатталып **эле** деген катыштык сөз да кош кабат айкалышып айтыла берет. Мындай составдагы баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин белгисиз өткөн чакта болгон өкүнүч мазмунундагы абалын баяндашат.



Мисалы: 1. **Уркуя болбогондо, Жамила, балким, Жапарды күткөн, тилегине жеткен болор эле** (К. Б.). 2. **Окуй берсе, ал эмдигиче жогорку билимге жеткен болор эле.** 3. **Эмгиче билген болот эле**[1]. ж. б.

д) Белгисиз өткөн чак этиштерден болгон баяндоочторго **дейт, дешет** деген функционалдык катыштык сөздөр айкалышып турушса, буларга окшогон баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин башка бир жак тарабынан билдирилген белгисиз мезгилде болгон аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Булардын билгичтигине өтө ыраазы болуп, үчөөнө ат мингизип, тон кийгизип узаткан дешет** («Үч бир тууган», жомок). 2. **Улукман ооруларды түрдүү чөптөр, гүлдөр, тамырлар, жемиштер менен дарылаган дейт.**

Мунун себеби, де деген сөз али өзүнүн семантикалык маанисин жоё элек, катыштык сөздөр категориясына биротоло өтө элек. Ошондуктан ээ жөнүндө баяндалып жаткан аракет башка бир үчүнчү жактын билдирүүсү катары айтылды. Баяндоочтук милдет аткарып турган белгисиз өткөн чактагы этиштерди чак маанилерине да таасир эте алган жок.

§ 131. Этиштин белгисиз өткөн чагын жасоочу атоочтуктун **-ган** уландысынан кийин **-дай**[2] курандысы жалганып турушу да мүмкүн. Мындай этиштерден болгон баяндоочтордун ээ жөнүндө билдирүүчү маанилери ар кыл келет. Баяндооч сөздөрдүн сүйлөм ээлеринин бул, же тигил түрдөгү кырдаалдарын баяндоо жагы, негизинен, контекске байланыштуу болот.

1) **-ган** уландысы белгисиз өткөн чак формасы катары келген болсо, ага жалганып турган **-дай** курандысы баяндооч сөздөргө божомол, түкшүмөл жана сыпат маанилерин берип турат.

Мисалы: 1. **Ал кечээ баргандай.** 2. **Керим сабактарын окубай койгондой.** ж. б.

2) Эгерде, **-ган** атоочтуктун уландысы катары келген болсо, ага уланып турган **-дай** жалгоосу дагы эле болжолдоо маанисин берет. Бирок мындай баяндоочтор өткөн чак маанисинде эмес, келер чак маанисинде болот.

Мисалы: 1. **Сүйлөшсөң — ал баргандай.** 2. **Ал окугандай, эгер, силер макул болсоңор.**

3) **-ган** жана **-дай** жалгоолорунун биригип кеткен түрү — **гы-дай (-гыдай)** уландысы болуп, бул кыскарган варианттагы **-гыдай**[3] уландысы атоочтуктарды жасоочу форма катары келет да, мындай баяндоочтор келечекте болуучу болжол, сыпат, мүнөзүндөгү аракеттерди баяндайт.

---

[1] Өтө сейрек учурайт.

[2] *-дай* курандысы мында салыштыруу маанисин билдирбейт.

[3] Н. П. Дыренкова, Грамматика ойротского языка, М.-Л., 1940, 238-бетти караңыз. Грамматика алтайского языка, составл. алтайск. Миссион., Казань, 1869, 69-бетти караңыз.

Мисалы: 1. **Жумаш баргыдай. Жиберсек окугудай.**

Бул талданып өтүлгөн **-ган, -дай** жана **-гыдай** уландыларындагы баяндооч сөздөргө **эмес** деген көмөкчү сөз айкалышып турса, андай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин тануу маанисиндеги болочокто болуучу, бирок анчалык ишенимсиздүү болбогон, күдүк аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Стипендиябыз колдон чыккыдай эмес** (Ш. Б.). **2. Аның эртең баргандай эмес.**

б) Мына ошондойчо эле түзүлүштөгү баяндооч сөздөргө **экен** деген катыштык сөз айкалышып турган болсо, ага окшогон баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин айкын эмес, болжолдуу түрдөгү келечекки аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Ал иштегидей экен.** 2. **Мен үйрөнгүдөй экемин.**

в) Белгиленип өтүлгөн **-ган, -дай** жана **-гыдай** уландыларындагы баяндоочторго **көрүнөт, сыяктанат** деген көмөкчү сөздөр айкалышып турган болсо, мындай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин чегүү, түкшүмөлдөө, болжоо маанилеринде болушун шарттайт да, эгер, **-ган** уландысы өткөн чак формасы катары келсе, баяндоочтор өткөн чак маанисинде болуп, атоочтуктун уландысы катарында келген болсо, баштапкы элек келечекки аракетти баяндашат.

Мисалы: 1. **Шаршен баргандай көрүнөт.** 2. **Бул ага баткандай сыяктанат. 3. Сен алгандай сыяктанасың.** ж. б.

г) **-ган**[1] жалгоосу аркылуу жасалган атоочтуктар да тааныдык уландыда туруп (ганы) баяндоочтук милдет аткарышат. Мындай баяндоочтор сүйлөм ээлеринин белгисиз өткөн учурда тартып азыркы сөз болуп жаткан мезгилге чейин созулган абал, сыпат, себеп мүнөздөрүндөгү кырдаалдарын баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Бозойдун мыйыгынан күлгөнү—селкисинин оюн билгени** (К. Ж.). 2. **Бул—туугандардын эмне кылганы!** (Ш. Б.). 3. **Кыздын кыя тартып басканы — кыйбасына сөз айтканы, бурaң белдин кайгыга батканы — бозойдун кабарсыз жатканы** (К. Ж.). 4. **Бул — менин шум энемдин кылганы** («Кулдун уулу жана зымырык куш», жомок). 5. **Бул — тымызын жазалап отурганы** (К. Ж.).

**§ 132.** Белгисиз өткөн чак этиштерден болгон баяндооч сөздөр күдүк **-дыр** уландысында турушу да мүмкүн. Мындай баяндооч мүчөлөр сүйлөм ээлеринин белгисиз чакта болгон күдүк, же суроо, же божомол мүнөздөгү аракеттерин баяндап турушат.

---

[1] Мында чакчыл *-ганы* уландысы жөнүндө сөз жүргөн жок (1. Эмнеге менин күчүм жеткени турат (Ж. Т.). 2. Кандын кичи токолу төрөгөнү жатат («Баласыз кан», жомок) 3. Онбогон чычым, азгырганы жүргөн экен (Ш. Б.). Мындай учурда -ганы уландысындагы сөздөр илик жөндөмөдөгү сөздөр менен байланыша албайт, ошондуктан *-ы* таандык уланды катары каралышы мүмкүн эмес.



Мисалы: 1. **Омор аке, менин узун сабак баяным, балким, сизди тажата баштагандыр?** (Т. С.).

2. **Армандуу энем жүргөндүр,**
   **Ардагым деп жол карап** (Токтогул).
3. **Кайгырып ыйлап жүргөндүр**
   **Каргадай болгон чырагым** (Токтогул).

**§ 133.** Сүйлөмдүн учур чактагы этиш сөздөрдөн болгон баяндооч мүчөлөрү аракет кылуучу жактардын (сүйлөм ээлеринин) башталган, бирок азыр да болуп жаткан, аяктала элек аракеттерин, абалын баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Оюма алып баратам**
**Айланып элге барышты** (Токтогул).

2. **Силер жакшы иштеп жатасыңар.** 3. **Жүзүндө күрөш оту балкып турат** (Ж. Т.).

Бул берилген мисалдарда **оюма алып баратам** деген функционалдык биримдиктеги айкалыш менен **иштеп жатасыңар** деген татаал этиш сөздөр учур чакта турушуп, сүйлөм ээлеринин так ушул сөз болуп жаткан мезгилге таандык аракеттерин баяндап турушат да, **балкып турат** деген этиш сөз абалын баяндап турат.

Этиштердин учур чагынын толук варианттагы чак формасы, кыскарган варианттагы чак формасы болот.

Эгерде, сүйлөмдө баяндоочтук милдетти кыскарган вариант чак формасындагы этиш сөздөр аткарып турган болсо, андай баяндооч сөздөрдүн чак маанилери анчалык так болбойт. Контекстке көз каранды болуп турат.

Мисалы: 1. **Шумкар жетер-жетпес болуп кууп барат** (К. Ж.). 2. **Курушуп барат ай далым** (Токтогул). 3. **Туйгун өрдөктүн артынан кууп келет.**

Бул баяндооч мүчөлөр контекстке карай бирде учур, же өткөн чактарда, башка бир шарттарда келер чак маанисинде туруп калышы мүмкүн. Ошондуктан мындай баяндоочтородун жекече шартына айрыкча назар салынуу керек.

Баяндоочтук милдет аткаруучу учур чак этиштердин составдык бөлүктөрүнүн семантикалык мааниси алардын бул, же тигил мүнөздөгү периоддук маани билдиришинде чоң ролдо ойнойт.

1) Баяндоочтук милдет аткаруучу эки составдуу учур чак этиштердин, эгерде, биринчи (негизги) сынары **бол** деген абал семантикасындагы, **кел** деген орун аралык семантикадагы, же физикалык аракеттерди билдирүүчү этиш сөздөрдөн болуп, экинчи сынары (көмөкчү бөлүгү) **жат** деген этиш сөз болсо, мындайча составдагы комплекстерден турган баяндооч сөздөр сүйлөм ээлеринин дал ошол речь айтылган мезгилдеги аракеттерин баяндоо касиетине ээ болуп турушат.

Мисалы: 1. **Короонун төр жагында бир аял от жагып жатат**

(К. Ж.). 2. **Сибирдеги акылман туткундардын айткан белгилери келип жатат** (К. К.).

2) Ал эми, баяндоочтук милдет аткаруучу мындай эки составдуу этиштердин экинчи сынарлары (көмөкчү бөлүгү) **олтур, тур, жүр** деген этиштерден болсо, биринчи сынарлары кандай семантикадагы этиш сөз болсо да, андай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин башталганына көп убакыт болгон учур чактагы аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Эл-журтубуз бизди алкап олтурушат.**

2. **Үстүндө бир үйрүп салар кийим жок,**
**Атакелеп балаң турат жалдырап** (Ж. Т.).

3. **Билем, сага ыктуу кыз табылбай жүрөт** (Ш. Б.). 4. **Ал окуп да, иштеп да жүрөт.**

3) Үч составдуу, же төрт составдуу учур чак этиш сөздөрдөн болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин башталганынан бери көп убакыт өткөн жана азыр да узакка созулуучудай аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Өзүм да кагырдай кууран кетип баратам** (Ш. Б.). 2. **Ар бир кылымдын асыл уулу, алтындай кыз-келиндери көздөгөнүнө жете албай зарлап өттү жана зарлап өтүп дагы жатат** (К. Б.).

Учур чак этиштерден болгон баяндоочтор суроолуу **-бы**, терс **-ба** уландыларында турушу да мүмкүн.

4) Учур чак этиштердин негизги сынарына терс **-ба** уландысы жалганып турса, мындай баяндоочтор сүйлөм ээлеринин терс аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Жаныш барбай жатат.** 2. **Ал айтпай жатат.**

Ал эми, учур чак этиштик баяндоочторго суроолуу **-бы** уландысы жалганып турган болсо, сүйлөм ээлеринин нак сөз жүрүп жаткан мезгилдеги суроо маанисиндеги аракеттери баяндалат.

Мисалы: **1. Ал ырдап жатабы?** 2. **Асан келе жатабы.** 3. **Сен уктап олтурасыңбы?** ж. б.

а) Учур чак этиштерге терс **-ба**, суроолуу **-бы** уландылары катары менен жалганып турган болсо, алардын бири-бирине тийгизген таасири астында ага окшогон баяндоочтор терс маани да, суроо маанисин да билдире алышпайт. Сүйлөм ээлеринин башталганынан бери көп болгон азыркы кездеги болуп жаткан аракеттерин баяндашат, угуучуну ишендирүү, чегүү же нааразылык билдирүү маанилерин да кошо берип турушат.

Мисалы: 1. **Биздин күнүмдүк тыйынга кызыгып жатпайбы** (Ш. Б.). 2. **Аларга биздин орто билимибиз эле кол жеткис мунара сезилип жатпайбы** (Ш. Б.). 3. **Сыртка чыга элек балдарды таңыркатпай коёбу** (Ш. Б.).

б) Эки составдуу учур чак формасындагы этиштердин көмөкчү (экинчи) сынарлары терс **-ба** уландысында турган болсо,



учур чакты билдирбейт, өткөн чак маанисинде болуп калат: 1. **Ал окуп да койбойт.** 2. **Жок дегенде, адамга айтып да койбойт.**

5) Учур чак этиштерден болгон баяндоочторго **көрүнөт, окшойт, сыяктанат, го** деген көмөкчү сөздөр айкалышып да айтыла берет. Мындайча составдагы баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин учур чактагы[1] болуп жаткан болжол, күдүк маанилериндеги аракеттерин баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Ал окуп жатат көрүнөт.** 2. **Аалы да иштеп жүрөт окшойт.** 3. **Бүбү да окуп жатат го.** ж. б.

**§ 134.** Сүйлөмдүн келер чактагы этиш сөздөрдөн болгон баяндооч мүчөлөрү, негизинен, сүйлөм ээлеринин баштала элек аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Кыйынчылыкка чыдаган, көздөгөн максаты үчүн бардык күчүн жумшаган адам гана сыймыкка, даңкка бөлөнө алат** («КП»). 2. **Эртең Эсен акеме кат жазам** (Ш. Б.). 3. **Сен түштөн кийин келээрсиң.** ж. б.

Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү аркылуу ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн баштала элек, келечеки аракеттерин баяндоо ыкмалары көп түрдүү болот. Маселен, ээнин али баштала элек аракеттерин бир составдуу келер чак этиштерден болгон баяндооч сөздөр билдирип турушу мүмкүн, же эки составдуу этиштерден болгон баяндоочтор, же үңгу этиштерден болгон баяндоочтор билдирип калышы да ыктымал. Айрым шарттарда бул, же тигил этиш сөздөргө көмөкчү сөздөрдүн айкалышып турушу аркылуу да ээнин али баштала элек аракеттери баяндала берет.

Булардын тетирисинче, кээ бирде келер чак формасындагы этиштик баяндоочтор аракет кылуучу жактардын болочоку аракетин баяндабастан, өтүп кеткен, же учур чактагы аракеттерин баяндап калган кездери да аз учурабайт.

Баяндооч сөздөрдүн, мына ушундайча, сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу көп кырдуу маанилерин алардын түзүлүш жана составдык жактарына карата төрт негизги түргө бөлүп көрсөтүүгө болот.

Алар:

а) Бир составдуу келер чак этиштик баяндоочтордун ээ жөнүндө баяндоочу маанилери,

б) эки составдуу этиштик баяндоочтордун ээ жөнүндө билдирүүчү маанилери,

в) үңгу этиштерден болгон баяндоочтор,

г) атоочтуктун уландыларынын жардамы аркасында жа-

---

[1] Себеби, бул катыштык сөздөрдүн өзүлөрү да (көрүнөт, окшойт, сыяктанат) учур чак формасындагы этиштерден чыгышкан, ошондуктан алар учур чак этиштердин чак маанисин өзгөртө алышкан жок. Ал эми, бул сөздөр өткөн чак формасында турган болсо, көрсөтүлгөн баяндооч сөздөр өткөн чак маанисин берип калар эле.

салган келер чак этиштик баяндоочтордун ээ жөнүндө билдирүүчү маанилери.

Бул белгиленип жаткан баяндоочтордун ээнин ар кыл кырдаалдарын билдирүүдө айкындооч, көмөкчү жана бөлүкчө сөздөрдүн да таасири чоң болот. Ошондуктан мында алардын ролу да кошо берилет.

### Бир составдуу келер чактагы этиштик баяндоочтор

Бир составдуу келер чак этиш сөздөрдөн болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин мындайча кырдаалдагы аракеттерин баяндашат:

1) Аракет кылуучу жактардын бул али баштала элек аракеттерин баяндашы, бир жагынан, алардын чак формалары аркылуу шартталса, экинчи жагынан, аларга ээ жана айкындооч мүчөлөрдүн тийгизген таасири да чоң болот. Үчүнчүдөн, ал сөздөрдүн семантикасы менен контексттин ролу да аз эмес.

а) Баяндоочтук милдет аткаруучу этиш сөздөрдүн чак уландылары аркылуу тейленет.

Маселен: 1. **Мен барам.** 2. **Сен барасың.** 3. **Ал барат.** ж. б.

б) Мындай баяндоочтордун ээ жөнүндө болочоку аракетти билдириши айкындооч мүчөлөр аркылуу такталат жана бекемделет.

Мисалы: 1. **Бүгүн үйөздөн киши келет** (Ж. Т.). 2. **Эми мен айтайын** («Аксанатай менен карасанатай», жомок).

Мында **бүгүн, эми** деген айкындооч сөздөрдүн таасири астында көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдүн баяндооч мүчөлөрү сүйлөм ээлеринин келечекте айкын, так маалда болуучу аракеттерин баяндап турушат.

3. **Кайсы күнү чыгарат**
**Көкүрөктө дартымды** (Токтогул).

Бул мисалда болсо **чыгарат** деген баяндооч сөзгө белгисиз мезгил маанисиндеги **кайсы күнү** деген айкындооч сөз багынып, дал ушул айкындооч сөздүн таасири менен сүйлөмдүн аталган баяндооч мүчөсү ээнин келечеки, бирок белгисиз убакта болуучу аракетин баяндап турат.

4. **Партиянын ишеничин ар убакта актаймын** (Ш. Б.).

Берилген сүйлөмдө туруктуу мезгил маанисиндеги **ар убакта** деген айкындооч сөздүн таасири аркылуу **актаймын** деген баяндооч мүчө ээнин туруктуу, узакка созулуучу келечеки аракетин баяндап турат.

Дагы төмөндөгүчө айкындооч мүчөлөрдүн таасири туруктуу келет.

в) Чакчыл уландыдагы сыпат бышыктоочтор менен максат бышыктоочтордун таасири астында келер чак этиштик баяндооч сөздөр ар дайым сүйлөм ээлеринин али башталбаган, болочоку аракеттерин баяндап турушат.



Мисалы: 1. **Мына, өсүш деген так ушинтип башталат** (Ш. Б.). 2. **Эр чегишпей бекишпейт** (эл макалы).

3. **Кара боор залимден**
**Кантип алам кегимди** (Токтогул).

г) Келер чак этиштик баяндоочтордун туруктуу түрдө ээнин болочоку аракетин баяндашында ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн да ролу аз эмес.

1) Ээ болуп келген сөздөр абал, сыпат семантикасындагы сөздөрдөн (же комплекстерден) болсо, же абстрактык маанидеги сөздөр ээ болуп түшсө, келер чак этиштик баяндоочтор ар дайым аракет кылуучу жактардын баштала элек болочоку аракеттерин баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Санаасы жок сары сууга семирет** (эл макалы). 2. **Эми мени темтеңдеткениң болбойт** (Ш. Б.). 3. **Сага ушул мугалимдик эле жетишет** (Ш. Б.). 4. **Мени ээрчигин, издегениң табылат** («Береке, Туруке, Кулуке», жомок). 5. **Колго тийген коёнду коё берген оңобу** (оңорбу) (эл макалы).

2) Ээлик милдет аткаруучу сөздөр аныктооч мүчөлөрдүн таасири астында да абал, же сыпат маанилеринде туруп калышы мүмкүн. Мындай ээлер менен байланышкан келер чак этиштик баяндоочтор да аракет кылуучу жактардын келечеки боло турган туруктуу аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Тулпарды тапкан киши таптайт, мага бериңиз** («Токтогул ырчынын баласы», жомок). 2. **Айыгар оорунун дарысы өзү табылат** (эл макалы). 3. **Садагасы, өсөт чалгын канатың** (Ж. Т.).

д) Келер чак этиштерден болгон баяндоочторго да деген бөлүкчө сончул позициялык абалда айкалышып турушу ыктымал. Мындай составдагы келер чак этиштик баяндоочтор сүйлөм ээлеринин чектөө маанисиндеги баштала элек аракеттерин баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Чөнтөк билет да** (Ш. Б.). 2. **Досуң чечет да.** 3. **Алың билет да.**

ж) Кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөрдүн таасири астында да баш сүйлөмдүн баяндоочтору сүйлөм ээлеринин баштала элек келер чактагы аракеттерин баяндап турушу ыктымал.

Мисалы: 1. **Жел келсе — желем, кокту келсе — коном** («Элчи бала», жомок). 2. **Кетсек-койсок өзүбүз билебиз** (Ж. Т.). 3. **Суусуз барса, андагы экөөнөн таяк жейт** («Айдагы кыз», жомок). 4. **Кимде-ким түндүгүнөн түтүн чыгарат экен, ал айып туу болот, даргага асылат, же башы алынат** («Кара таштардын сыры», жомок). 5. **Элдин жонунан сатып жүргөн сен кылбаганда, мен кыламбы** (Ж. Т.). 6. **Таптаса — шумкар учпайбы, Бакса — тулпар чыкпайбы** (Ж. Т.).

е) Келер чак формасындагы этиш сөздөрдөн болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин өткөн чакта болгон, же өткөн чактан

тартып азыркы сөз жүрүп жаткан мезгилге чейин созу
аракеттерин да баяндашат. Мындай кырдаал айкындооч с
дөрдүн ролуна, же ошол этиш сөздүн семантикасына,
контекстке байланыштуу болот.

Мисалы: 1. **Түндөсү оюнга кирем** (Ш. Б.). 2. **Муну ко
дуктар көп билет** («Дартына даба болгон экен», жомок). 3.
**алда качандан бери билет.** 4. **Жыгып алып сабай баштага
билем.**

Мында айкындооч сөздөр роль ойноп турат.

4. **Алар көрүнбөйт да.** 5. **Кабары угулбайт да.** 6. **Анын с
лөбөйт да.** Берилген мисалдарда этиштин өз семантикасы ме
да деген бөлүкчөнүн ролу башкы орунда турат.

7. **Мага аркарга окшогон бирдеме көрүнөт** («Жээре
чечен», болмуш). 8. **Алдымдан нымдуу сыз өтөт** (Токтогу
9. **Көзгө сайса көрүнгүс түнт токой жолугат** («Эки дос»,
мок). 10. Биринен бири өтөт (Ш. Б.).

11. **Суусун берет, чайы жок,**
**Амалым жок ичемин** (Токтогул).

Келтирилген мисалдарда контекстин ролу биринчи пла
турат.

3) Келер чак формасындагы этиш сөздөрдөн болгон ба
доочтор сүйлөм ээлеринин өткөн чак да, келер чак да маани
ринде турушу да ыктымал.

Мисалы: 1. **Бирок тондун тонун, аттын атын, кишинин к
шисин эл билет** (К. Ж.). 2. **Тим эле мээге жетет** (Ш. Б
3. **Сен — экөөбүздүн арманыбызды алты жылы айтканыбы
менен түгөнөбү** (К. Ж.). 4. **Жамандык жерде жатабы, уйга ж
гөн катабы** (эл макалы).

Сүйлөм ээлеринин мындайча мүнөздөгү туруктуу аракет
рин билдирүүдө баяндоочтор, көбүнчө, **-ба** деген терс уланды
турат.

Мисалы: 1. **Жалган жалаа менен бирөөнү бирөө айыптабай
(К. Ж.). 2. Студентке мындан артык тамак болбойт** (Ш. Б
3. **Эсинен чыкпайт Токондун**
**Элинен алыс калганы** (Токтогул).

Мына ушул көрсөтүлгөндөй курулуштагы баяндоочтор м
кал-ылакаптарда кеңири орун алган.

Мисалы: 1. **Сөз жакшысын кулак билет, кыз жакшысы
ынак билет** (эл макалы). 2. **Айрөк-айрөк тилиң кантет** (эл м
калы). 3. **Акыл оошот, ырыс жугушат** (эл макалы). 4. **Ит эмне
ге үрбөйт, түшкө эмне кирбейт** (эл макалы) ж. б.

и) Келер чак этиштерден болгон баяндоочторго катыштык
сөздөр да айкалыша беришет. Ал катыштык сөздөр мын
ошол өзүлөрү тутумдашып турган баяндоочтук милдет атка
руучу этиштерге ар кыл кошумча маани берет, же алардын чак
маанилерин өзгөртүп жиберген да болот.



Мисалы: 1. **Эми ат айдалат экен** (К. Ж.). 2. **Анын азабын бөлөк куштар тартат экен** («Айнек сулуу менен күкүк»).

Бул берилген мисалдарда **айдалат, тартат** деген келер чак этиштерден болгон баяндоочторго **экен** деген көмөкчү сөз айкалышып, ээ жөнүндө билдирилүүчү аракетке капыстык маани бериштн жана контекске карай биринчи сүйлөмдө ээнин баштала элек аркаети, экинчи сүйлөмдө аяктаган аракети баяндалды.

3. **Аны-муну ойлойт окшойт** (Ш. Б.). 4. **Калп айтат көрүнөт.**

Көрсөтүлгөн мисалдарда болсо **окшойт, көрүнөт** деген көмөкчү сөздөр өзүлөрү тутумдашып турган **ойлойт, айтат** деген келер чак этиштерден болгон баяндоочторго болжоо, түкшүмөл маанилерин берди.

5. **Чоң Ийри-Суу, Кең-Арым**
**Жерим калат окшодуң,**
**Бармактайдан бир өскөн**
**Теңим калат окшоду** (Токтогул).

Мында да калат деген баяндоочко айкалышып турган **окшодуң** деген көмөкчү сөз кошумча маани берип турат, бирок чак маанисин өзгөртө алган жок.

6. **Ал барат эле.**

Келтирилген мисалда болсо **эле** деген көмөкчү сөз **барат** деген баяндоочтун чак маанисин өзгөртүп жиберди. Бул **барат эле** деген баяндоочтук комплекс ээнин өткөн чакта болгон аракетин баяндап калды.

7. **Кайдагы бир дайынсыз түштү көрүп алып ыраакы шаарга барат имиш** («Молдонун азабы», жомок).

Бул мисалда **барат имиш** деген баяндооч сөз контекске карай ээнин же өткөн чакта болгон, же келечекте боло турган аракетин баяндап турушу ыктымал.

8. **Дүйнөдө ар кыл окуя боло берет эмеспи** («Азрет-Султан жана кедей кыз», жомок).

Берилген мисалда **боло берет эмеспи** деген баяндоочтук комплекс сүйлөм ээсинин туруктуу мүнөздөгү аракетин баяндап турат.

### Эки составдуу келер чактагы этиштик баяндоочтор

Эки составдуу[1] келер чак этиштерден болгон баяндоочтор да сүйлөм ээлеринин баштала элек болочоку аракеттерин, абалын баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Ар ким өз алын ченей билет** (Ш. Б.). 2. **Ата-эне бапестеп өстүргөн баласын эч качан жерип кете албайт**

---

[1] Мында формант, аналитикалык форма катары келүүчү жатат, турат, олтурат, жүрөт деген сөздөр жөнүндө сөз жүргөн жок.

(Ш. Б.). 3. **Баары бир, силер мындан кутула албайсы** («Жайыл мерген», жомок).

Бир составдуу келер чак этиштерден болгон баяндоо сыяктуу эле, эки составдуу этиштик баяндоочтор да түзүл жагынан ар түрдүү болушат жана сүйлөм ээлеринин түр түркүн кырдаалдарын баяндашат.

Бул жагынан алганда бир составдуу баяндоочторго окш келишет.

Мисалы: 1. **Карыдан уккан бир болмушту айтып бер** (Ш. Б.). 2. **Кайда качарымды билбей калам** («Баарынан к күчтүү», жомок). 3. **Ал кызды сенден башка эч ким айыкт албайт** («Асыл таш», жомок). 4. **Сага эч ким даай алб** («Ысык-Көл жөнүндө баян», жомок).

Ал эми, эки составдуу этиштердин эки сыңары тең т уландысында **(-ба)** турушкан болсо, андай баяндоочтор сүй ээлеринин өз семантикасына туура келген түз аракетт баяндашат.

Мисалы: 1. **Эми биротоло жок кылбасак, бизди өлтүр тынбайт** («Ал экөө кайра жаралган экен», жомок). 2. **Искен Искендер эле бойдон болсо, бул тополонду баштабай койб** (Т. Ж.).

Баяндоочтук милдет аткаруучу келер чактагы татаал эт терден кийин да деген бөлүкчө айкалышып турган болсо, ан баяндоочтор сүйлөм ээлеринин келечекте болуучу чечкин мүнөздөгү аракеттерин баяндап калышат.

Мисалы: 1. **Заманды бара көрөбүз да** (Ж. Т.). 2. **Ошон ала берем да** («Ал экөө кайра жаралган экен», жомок). ж.

### Буйрук этиштерден болгон баяндоочтор

Буйрук иретинде айтылган (үңгу) этиштер да баяндоочт милдет аткарышат. Андай буйрук этиштерден болгон баяндо тор II жактагы сүйлөм ээлеринин баштала элек буйрук түр дөгү, же официалдуу мүнөздөгү болочоку аракеттерин бил ришет, же күчтүү сезимди билдиришет.

Мисалы: 1. **Эңкейгенге эңкейгин, башың жерге тийгенч чалкайганга чалкайгын, төбөң көккө тийгенче** (эл макалы 2. **Убадаңа бекем тур, аксакал** (Ш. Б.). 3. **Кет, мындан.** ж. б.

Келер чакта турган, же үңгу түрүндө турган этиштик бая доочторго **-чы** деген бөлүкчө уланды жалганып турушу да ы тымал. Мындай баяндоочтор сүйлөм ээлеринин суроо, ж кагуу, өтүнүү, эркелетүү маанилериндеги болочоку аракеттер баяндашат.

Мисалы: 1. **Эт бүткөндө, кимибиз канча семирет экенбиз ошону билеличи** («Акылдуу бала», жомок). 2. **Эгер, менин кайгымды жоготору чын болсо — ичеличи.** («Ал экөө кайр жаралган экен», жомок). 3. **Аны өзүбүз көрсөтөлүчү** («Үч бар



тууган», жомок). 4. **Кана эми, кууп жетчи** («Токтогул ырчынын баласы», болмуш). 5. **Турчу ары. Мындан кетчи.** 6. **Болдучу деги, барсаңчы.**

### Атоочтуктардын уландылары аркылуу жасалган келер чак этиштерден болгон баяндоочтор

Атоочтуктун **-ар, -бас** уландыларынын жардамы аркылуу жасалган келер чак этиштерден болгон баяндоочтор да сүйлөм ээлеринин баштала элек болочоку аракетин баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Бала аман болсо, окуп киши болуп келер** (Аб. Т.). 2. **Атамды эптеп ыкка көндүрөрбүз** (Ш. Б.). 3. **Бул кылган жакшылыгыңар көкүрөктөн калбас** (К. Ж.).

Мындай баяндоочтор сүйлөм ээлеринин төмөнкүчө кырдаалдарын баяндашат:

а) Атоочтуктун **-ар** уландысындагы келер чак этиштик баяндоочтор ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн баштала элек келечеки болуучу арсар аракетин баяндайт.

Мисалы: 1. **Дагы акылдаша жатарбыз** (Ш. Б.). 2. **«Ат баспайм деген жерин үч басат», — деген макал чын болсо, келермин, же чоңойгондо сен мага барарсың** (К. Ж.). 3. **Бир кезде керегиң тиер** (Ш. Б.). 4. **Эбепке себеп болор** (К. Ж.).

Мындай **-ар** уландысындагы баяндооч сөздөргө **эмес, экен, эле** деген сыяктуу көмөкчү сөздөр, же суроолуу **-бы** уландысы айкалышып турушу да мүмкүн.

Мисалы: 1. **Анын ушундай абалда калганын асмандагы ай менен жымыңдаган жылдыздардан бөлөк эч ким көрөр эмес** («Айдагы кыз», жомок). 2. **Эх, кандай сонун болор эле** (К. Ж.)! 3. **Жалгыз өзүң жеңе алар белең?** («Мыкачы аял», жомок). 4. **Заман кандай болор экен?** (Ж. Т.).

5. **Кантип алар экемин**
   **Керимбайдан кегимди, ай** (Токтогул).
6. **Ал барар бекен?** ж. б.

Бул көмөкчү сөздөр да этиштин башка чактарынан болгон баяндоочторго кандай кошумча маани берип турса, буларга да ошондойчо эле мүнөздөгү ар кыл кошумча маани берип турат.

б) Атоочтуктун терс **-бас** уландысындагы келер чак этиштик баяндоочтор сүйлөм ээлеринин баштала элек терс мааниде ги арсар аракетин, же туруктуу кескин аракетин баяндашат.

Мисалы: 1. **Алар менен ыгы келишпес** (Ш. Б.). 2. **Эми силердин акыңарды жебес** (Ж. Т.). 3. **Бирок сүйүү ишинде күң менен кул болбос** (К. Ж.).

Бул **-бас** уландысындагы чак этиштерге **эле, экен** деген көмөкчү сөздөр айкалышып, мындай баяндоочторго жогоруда көрсөтүлгөндөй эле кошумча маани берип турат.

Мисалы: 1. **Ал барбас бекен.** 2. **Өзүң болсо айтпас элең** ж. б.

Ал эми, **бол** деген сөз катыштык формант катары келгенде болсо, мындай баяндоочтук комплекстер **бол** деген сөздүн чак формасына карай өткөн чак, же келер чак маанисиндеги аралыкеттерди да баяндап калышат.

Мисалы: 1. **Жоо начар болсо, андан эч ким өлбөйт турбайбы деп ойлодум да, ошондон кийин коркпос болдум** («Жаныбек кан жана Мырза Төлө», болмуш). 2. **Ашык досуң мал менен мүлктү эч качан күтпөс болот** («Эки дос», жомок).

3. **Кайран өмүр жыйырма беш**
**Жашка барар болсочу!**
**Кайран жанды кол менен**
**Жасап алар болсочу** (Токтогул).

4. **Тирүү болсом — барганым,**
**Түгөнөр болсо арманым** (Токтогул).

**§ 135.** Атоочтуктар да баяндоочтук милдет аткарышат. Бирок баяндоочу кырдаалдарынын мүнөзү жагынан чак этиштик баяндоочторго окшош болот. Келер, же учур чактагы, же өтүп кеткен абал, белги, сыпат мүнөздөрүндөгү ар кыл маанидеги аракеттер баяндалат.

Мисалы: 1. **Аманчылык болсо, дагы бир жолу кезеги келер** (Ш. Б.). 2. **Акыл-эси болсо, мурунку мага берген убадасында турар** (К. Б.). 3. **Ай, ал айтканынан кайта койбос.** 4. **Күн эбак чыккан** (К. Ж.). 5. **Адабиятчы, тилчилердин кыйласы марксизм-ленинизм негиздеринин кабинетинин бир ыптасындагы столдорду дээрлик ээлеген** (Ш. Б.). 6. **Касым көкүрөгүн дагдайта керип, көрсө да көрмөксөн** (Ш. Б.). 7. **Ал билсе да, билмексен. 8. Анархандын сөзүн укмаксан болду** (К. Ж.). 9. **Сураса, билмексен болуп кал.** 10. **Билсем да, билмексен болом.**

Акыркы үч сүйлөмдөгү көмөкчү сөздөр белгиленген атоочтуктардан болгон баяндоочтордун чак маанилерин өзгөртүп, аларга кошумча маани берип турушат.

**§ 136.** Кыймыл атоочтордун бардык түрлөрү баяндоочтук милдет аткарышат. Мындай кыймыл атоочтук баяндоочтор ээ жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маани бөтөнчөлүктөрүнө карай үч топко бөлүнөт: анын биринчи түрүнө **-ыш, -уу** уландылары аркылуу жасалган кыймыл атоочтор, экинчисине **-мак** уландысы аркылуу жасалган, үчүнчү түрүнө **-май** уландысы аркылуу жасалган кыймыл атоочтор киришет.

1. **-Уу** уландысынын жардамы аркылуу жасалган кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин төмөндөгүчө кырдаалдарын баяндашат:

а) Эгерде, **-уу** уландысы аркылуу жасалган кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор атооч жөндөмөдө турган болсо, андай баяндоочтор сүйлөм ээлеринин максат, тилек, сыпат мүнөзүндөгү аракеттерин баяндашат. Мисалы: 1. **Азыркы максат — эптеп эле институттун партасына олтуруу** (Ш. Б.).



2. **Биринчиси — группада орус тили кружогун уюштуруу.** (Ш. Б.). 3. **Анын ою — шаарга баруу, окуу.**

б) **-уу** уландысы аркылуу жасалган кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор жатыш, же чыгыш жөндөмөлөрдө турушу да мүмкүн. Андайча кыйыр жөндөмөлөрдөгү кыймыл атоочтук ээлик милдет аткаруусу сөздөрдүн мындайча кырдаалдарын баяндашат.

1) Сүйлөм ээлеринин кыймыл аракет мүнөзүндөгү абалы баяндалат.

Мисалы: 1. **Чаң уюлгуп асманга чыгууда** (К. Ж.). 2. **Кызыктуу кылып айткан жомокторун бардык ынтаалары менен угушууда** (К. Ж.). 3. **Факультет-факультет болуп өзүнчө колонналарга тизилүүдө** (Ш. Б.).

2) Сүйлөм ээлеринин сыпат мүнөзүндөгү абалы баяндалат.

Мисалы: 1. **Күлүкан менен Ажар көздөрүнүн жашын көл кылууда** (К. Ж.). 2. **Ушинтип, ишенич данакерленүүдө** (Ш. Б.). 3. **Каныбектин оюн онго, санаасын санга бөлүүдө** (К. Ж.). 4. **Жүрөктүн үшүн алар имиштер күндөн-күнгө күч алууда** (К. К.).

3) Сүйлөм ээлеринин себеп мүнөзүндөгү абалы баяндалат.

Мисалы: 1. **Терең билим алуу тырышып окуудан.** 2. **Продукциянын сапаты менен санын арттыруу мыкты иштөөдөн, техниканы жакшы өздөштүрүүдөн.**

в) Кыймыл атоочтордон болгон баяндоочторго көмөкчү сөздөр айкалышып да айтыла берет. Алар мурда көрсөтүлгөн этиштик баяндоочторго кандайча мүнөздөгү кошумча маани берип турушкан болсо, кыймыл атоочтордон болгон баяндоочторго деле ошондойчо эле мүнөздөгү ар кыл кошумча маани берип турушат.

Мисалы: 1. **Адам деген бир айткан сөзүндө туруу керек** (К. Ж.). 2. **Алга умтулушуңар керек** (Ш. Б.). 3. **Анын ою барууда эмес.** 4. **Антип баргандагы максатым Карыпка жардам берүү болчу** (К. Ж.). 5. **Алардын аракети ошол ишти бүтүрүү жөнүндө эмес эле.**

2. **-ыш** уландысынын жардамы аркылуу жасалган кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор да, **-уу** уландысынын айкалышы аркылуу жасалган баяндоочтор сыяктуу эле, негизинен, сүйлөм ээлеринин максат, тилек, сыпат мүнөзүндөгү аракеттерин баяндашат.

Алар, **-ыш, -уу** уландыларынын жардамы аркылуу жасалган кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор, өз ара мындайча бөтөнчөлүктөрү жагынан бири-биринен айрымаланып турушат:

а) Бири бир түрдүү стилдик ыкмада, экинчиси дагы бир башка түрдөгү стилдик ыкмада көбүрөк колдонулат.

б) **-ыш** уландысындагы кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор **-уу** уландысындагы кыймыл атоочтордон болгон баян-

доочторго караганда айкыныраак, чечкиндүүрөөк маанiге ээ болуп турат.

в) **-ыш** уландысындагы кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор чечкиндүү, же одоно маанiге ээ болуп турушу да мүмкүн, ага караганда, **-уу** уландысындагы кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор жамдалып, жылмаланып айтылган бир аз сылыгыраак мүнөздөгү аракетти билдирет.

Мисалы: 1. **Анын максаты шаарга барыш, билим алыш.** 2. **Баланын эси-дарты ойнош болот.** 3. **Колдон келе турган ишке белди бууш, билекти түрүш керек** (Ш. Б.).

Эгерде, бул келтирилген мисалдардагы баяндоочтор **-уу** уландысында турган болсо, билдирилип, баяндалып жаткан аракет жалпы мүнөздө болуп, жамдалып, жылмаланып айтылган болор эле.

3. **-мак** уландысынын жардамы аркылуу жасалган кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор аракет кылуучу жактардын, сүйлөм ээлеринин, өткөн мезгилде бир ишти иштөөгө ниеттенгенин баяндашат. Ошол иштөөгө ниеттенилген аракеттин болгон-болбогондугу туюк мааниде болот, же аракеттин болбой калгандыгы өкүнүч, же кубаныч маанисинде билдирилет.

1. **Ал шаарга бармак.** 2. **Мен районго бармакмын.** 3. **Сен да келмексиң.**

Мында өткөндө иштөөгө ниеттенилген аракет билдирилди. Бирок ал аракеттин аткарылган-аткарылбагандыгы туюк мааниде турат, ниет боюнча гана калгандай болуп турат.

Айрым шарттарда контекске карай, же айкындооч сөздөрдүн таасири астында мындай кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор келечеки болуучу аракетти баяндап калышы да мүмкүн[1].

Мисалы: 1. **Бирок качан, кайсы күнү келмек** (К. Ж.). 2. **Кимкимди жеңмек** (К. Ж.).

Бул **-мак** уландысындагы кыймыл атоочтордон болгон баяндоочторго **-чы** деген бөлүкчө уланды жалганып турушу да ыктымал. Мындай түзүлүштөгү баяндоочтор аркылуу тийиштүү аракетти иштөөгө карай болгон ниеттенүү, каалоо маанилери күчөтүлүп айтылат.

Мисалы: 1. **Түгөл орусча китеп окуудан баштамакчы** (Ш. Б.). 2. **Мен бармакчымын.**

**-мак** уландысы аркылуу жасалган кыймыл атоочтордон болгон баяндоочторго да көмөкчү сөздөр айкалыша берет. Мында да көмөкчү сөздөр ошол өзүлөрү тутумдашып турган баяндоочторго ар кыл кошумча маани берип турушат.

---

[1] Б. О. Орузбаева *-мак* уландысындагы этиштерди келер чак маанисинде болот деп караган (Б. О. О., Форма прош. вр. в кирг. яз., Ф., 1955, 59-бет). Фактыга караганда мындайча түзүлүштөгү баяндоочтор өткөн мезгилде болгон, же келечекте боло турган аракеттерди баяндап турушу мүмкүн сыяктанат. Кандайдыр чак жагынан туюктук маани басымдуулук кылат.



Мисалы: 1. **Ак дөө менен кармашмак элем** («Тырнактай чал», жомок). 2. **Заман кандай болмок эле** (Ж. Т.). 3. **Эртең бармак элем.** 4. **Анын аягы сай таба турган күнү болмок беле** (Ж. Т.). ж. б.

Бул келтирилген мисалдардагы баяндоочтор контекске карай сүйлөм ээлеринин ниеттенүү маанисиндеги өткөн, өтүп кеткен, же баштала элек келечеки аракетин баяндап турушу ыктымал.

4. **-май**[1] уландысынын жардамы аркылуу жасалган кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор аракет кылуучу жактардын (сүйлөм ээлеринин) келечеки баштала элек адат (көнүмүш) кайталанма мүнөздөгү аракеттерин баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Бизге жиберген жакка бара бермей.** 2. **Оку десе, окуй бермей.** ж. б.

Мындай баяндоочтордун баштала элек аракетти билдириш жагы туруктуу келет. Бирок айрым шарттарда адат, кайталанма мүнөздөгү мааниси билдирилбей калышы да ыктымал.

Мисалы: 1. **Чынарбай коюн кайтарып жөнөмөй болду** («Алдаркөсөөнүн ачгемеси», жомок). 2. **Ар түрдүү кийим-кечек жүктөп жөнөмөй болду** («Алтын шакек», жомок). 3. **Чиркин эркиндик кымбатка турмай болдуң го** (Ж. Т.). 4. **Койлубайдын тарууcу күйүп кетмей болду** («Койлубай», жомок).

**§ 137.** Шарттуу **-са** уландысынын жардамы аркылуу жасалган шарттуу этиштер да баяндоочтук милдет аткарышат. Андай шарттуу этиштерден болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин баштала элек тилек, өтүнүч маанилериндеги аракеттерин баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Сабакка киргенден кеткенге чейин баарыңар бири-бириңер менен орусча гана сүйлөшсөңөр** (Ш. Б.). 2. **Тартынуу, кысынуу, шылдыңдоо деген такыр болбосо** (Ш. Б.).3. **Ал бул ишке эрте барса.** ж. б.

Эгерде, көрсөтүлгөндөй баяндоочтук милдет аткаруучу шарттуу этиштерге **-чы** деген бөлүкчө уланды жалганып турган болсо, ага окшогон түзүлүштөгү шарттуу этиштик баяндоочтор сүйлөм ээлеринин өкүнүч, же тилек маанисиндеги баштала элек, же өткөн аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Жадегенде, чунак балдар бир ооз айтып коюшсачы** (Ш. Б.).

2. **Ат арыбас болсочу,**
   **Жаш карыбас болсочу** (Токтогул).

---

[1] Бул кыймыл атоочтук уланды (-май) эбак эле профессор К. К. Юдахин тарабынан белгиленип, аны кыймыл атоочтордун тобуна кошуу керек экендиги туура көрсөтүлгөн болчу (К. К. Юдахин, рец. С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, тексты и исследования, М.-Л., 1951. Труды института языка, литературы и истории Киргиз. ФАН АН СССР, вып. III, 1952, 233—234-беттерди караңыз). Бирок эмне үчүндүр кыргыз тилинин морфологиясын изилдеп жүргөн жолдоштор али капарга алыша элек.

3. **Жок дегенде, мен барсамчы,** 4. **Сен барып келсеңчи.** ж. б.

Ал эми, мындай шарттуу этиштерден болгон баяндоочтор суроолуу **-бы** уландысында туруп калган болсо, ошол **-бы** уландысынын таасири астында тилек маанисин билдире албай калат.

Мисалы: 1. **Өзүм барсамбы, же силерди жибersемби?** 2. **Же Аалы барсабы?**

Шарттуу этиштерден болгон баяндоочторго көмөкчү сөздөр айкалышып да айтыла берет.

1. Эгерде, шарттуу этиштерге **экен** деген жардамчы сөз айкалышып турса, андай көмөкчү сөз тутумдашып турган баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин тилек, өтүнүч маанисиндеги баштала элек аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Алдыңкы көч ашууну ашып кетсе экен** (Ж. Т.). 2. **Гүлбара жөнүндөгү сөздү айтып берсеңиз экен** («Гүлбара менен Сабира», жомок).

2. Шарттуу этиштерге **боло** деген катыштык функциядагы этиш сөз көмөкчү сөз катары келсе, мындай составдагы баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин баштала элек күчөтүлгөн тилек, каалоо, өтүнүч маанилериндеги аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Казан-аякка менин колумду тийгизбей эле койсоң боло** (Ш. Б.). 2. **Токтогул черткен жаш кыял**
**Тындасаң боло, Алымкан!**
**Ак шайы жоолук колго алып**
**Булгасаң боло, Алымкан!** (Токтогул).

3. Бул шарттуу этиштерден болгон баяндоочторго көмөкчү сөз болуп түшкөн **боло** деген катыштык функциядагы этиш суроолуу **-бы** уландысында турса, андай баяндоочтук комплекс сүйлөм ээлеринин чечкиндүүлүк мүнөзүндөгү тандануу маанисиндеги аракеттерин баяндашат. Бирок алардын ээ жөнүндө билдирүүчү баяндоочу суроо, өтүнүч, өкүнүч, тилек маанилери жоюлуп кетет.

Мисалы: 1. **Мен ал милдетимди аткарбасам болобу** (К. Б.). 2. **Кубанганымдан күлүп жибersем болобу** (Ш. Б.).

4. Ал эми, шарттуу этиштик баяндоочторго көмөкчү сөз болуп келген **боло** деген катыштык этиш суроолуу **-бы,** терс **-ба** уландыларында турган болсо, андай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин баштала элек ички сезимди билдирүүчү күчөтүлгөн тилек маанисиндеги аракеттерин баяндашат. Бирок суроолуу **-бы** уландысына карай суроо мааниси да, терс **-ба** уландысына карай терс маани да сакталбайт. Бул уландылар **(-бы, -ба)** тилек маанисин күчөтүүчү каражат катары гана келишкен болот.

Мисалы: 1. **Боомдун ичин жаңыртып**
**Экспресс өтсө болбойбу** (Ж. Т.).
2. **Бат эле келсең болбойбу** (эл оозунан).



5. Шарттуу этиштерден болгон баяндоочторго **керек** деген көмөкчү сөз айкалышып турса, мындай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин өткөн чакта болгон болжол маанисиндеги аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Кыясы, комуз чертүүгө жеңилдегени болсо керек** (Ш. Б.). 2. **Бул качып келе жатса керек.**

6. Шарттуу этиштерден болгон баяндоочторго **болот, эле** деген катыштык сөздөр көмөкчү сөз катары келишсе, буларга окшогон бул эки көмөкчү сөз катары менен тутумдашып турган баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин өкүнүч маанисиндеги, айрым шарттарда бир аз тилек да, өкүнүч да маанисиндеги аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Атаганат, ушундайда атасынын жоктугун карачы, көрүп калса болот эле** (К. Б.). 2. **Балам, үйгө ак элечек кийрисең болот эле** (Ш. Б.). 3. **Аны сен сурабасаң, мен айтпасам болот эле** («Асан жана Үсөн», жомок).

7. Шарттуу этиштерден болгон баяндоочторго **болду, болгону** деген функционалдык катыштык сөздөр көмөкчү сөз болуп келиши да ыктымал. Мындай сөздөр тутумдашып турган баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин мындайча кырдаалдарын баяндашат:

а) Сүйлөм ээлеринин тилек маанисиндеги баштала элек аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Орто жолдо калышпаса болду** (Ш. Б.). 2. **Сиз элиңизди чубатып эле берсеңиз болду** («Үч бир тууган», жомок). 3. **Келип калышса болгону.**

б) Ээнин чектөө мүнөзүндөгү аракетин баяндайт. Мисалы: 1. **Сен да мага окшоп жердин астындагы мен жаткан үңкүргө жатсаң эле болгону** («Аксанатай менен карасанатай», жомок). 2. **Бул сырды бир эле киши укса болгону** (К. Ж.).

**§ 138.** Этиштик баяндоочтордун өзгөчө курулуштагы түрлөрү да болот. Андай баяндоочторду составы жагынан алганда алдыда талданып өтүлгөн этиш категориясынын бир да түрүнө окшобойт.

Сүйлөмдүн буга окшогон баяндооч мүчөлөрүнүн кээ бир түрлөрү синтаксис менен лексиканын чегинде турган туруктуу фразеологиялык айкалыштарга кирсе (сүйлөйт да олтурат, айтты да калды, айт да кет), кээ бир түрлөрү түзүлүшү боюнча бир өңчөй мүчөлөргө окшош келишет, бирок бири-биринин лексикалык маанисин күчөтүү үчүн колдонулуучу синтаксистик конструкциялар болуп саналат (токто-токто, жүрүп олтурат, жүрүп олтурат ж. б.).

Аларды составдык жана түзүлүш бөтөнчөлүктөрүнө карата төмөнкүчө көрсөтүүгө болот:

а) Эки составдуу этиштердин эки сыңары тең (негизги этиш да, көмөкчү этиш да) чак уландысында турат да, аларды

өз ара бириктирүүчү каражат катары да деген бөлүкчө сөз кызмат кылат.

Мындай конструкциядагы баяндоочтор:

1) Сүйлөм ээлеринин туруктуу мүнөздөгү кайталанма аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Асылдым да калдым,** алмайынча кетпейм («Алдаркөсөөнүн ангемеси», жомок). 2. Адамдын **башын айландырасыңар да отурасыңар** (Ж. Т.). 3. Күн дыр эттире жаап өтсө, белден баткак **болот да калат** (К. Ж.). 4. Жаш балдарды көргөндө **асылат да калат** (Ш. Б.).

2) Же ээнин туруктуу кайталанма аракети баяндалбастан, күчөтүү маанисиндеги бир жолку аракети баяндалып турушу ыктымал.

Мисалы: 1. Акмат бир маасысын чечип, экинчисин чечпеген бойдон күүнү тыңшап **катты да калды** (К. Ж.). 2. Ал **олтурду да калды. 3. Алам да коём.**

б) Уңгу түрүндө турган эки составдуу этиштер **да** деген бөлүкчөнүн таасири астында өз ара ажыралгыс биримдикке келишип да, баяндоочтук милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Жат да кет** («Алдаркөсөөнүн ангемеси», жомок). 2. **Ал да кайт.** ж. б.

Же болбосо эки сыңары тең чак уландысында турган тең укуктуу этиш сөздөр да өз ара ажырагыс биримдикте турушуп баяндоочтук милдет аткарышат[1].

Мисалы: 1. **Туулдук — өлдүк** (Ж. Т.). 2. **Бардык — алдык. 3. Жоголду — бүттү.**

Мына ушул жогорудагы белгиленгендей синтаксистик конструкциядагы баяндоочтор сүйлөм ээлеринин чечкиндүү жана ишеничтүү мүнөздөгү аракеттерин билдиришет, баяндашат.

в) Бир эле этиш сөз кош кайталанып айтылат да, анын бири шарттуу уландыда турат, экинчиси болсо чак уландысында болот. Мындайча курулуштагы өз ара ажыралгыс биримдикте турган комплекстерден болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин арсар, кош көңүл мүнөздөгү аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. Азыр жумасына үйгө бир **келсе — келем,** келбебесем жок. 2. Макул, **барса — барам.** Мейли, **келсе — келсин.** ж. б.

г) Айрым учурларда баяндооч сөздөр бир нече жолу кайталанып айтылышы да мүмкүн. Андай баяндооч сөздөр курулушу жагынан да, аткарган милдети жагынан да бирдей болушат. Бирок алар сүйлөмдүн биринчи мүчөлөрү болуп саналбайт. Мындай составдагы баяндоочтор биринин маанисин бири толуктап, күчөтүп турушат.

---

[1] Мындай баяндоочтук комплекстер составы менен маани жагына караганда кошмо сүйлөмдөрдөн пайда болгондой сыяктанат.



1) Сүйлөм ээлеринин узакка созулган аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Окуй берет, окуй берет,** чарчаганда гана уктайт. 2. **Сүйлөй берет, сүйлөй берет,** жедеп жадаганда токтойт. 3. **Алкете берет, кете берет,** акыры бир чоң шаарга кез болот. 4. **Иштей берем, иштей берем,** бир жыйынтык чыгарам. ж. б.

2) Сүйлөм ээлеринин жактырылбаган мүнөздөгү аракеттери баяндалат. Бирок мында да баяндоочтордун сүйлөм ээлеринин узакка созулган аракетин билдирүү касиети сакталып кала берет.

Мындай баяндоочтордо ал кайталанып жаткан сөздөрдү байланыштыруучу каражат катары **эле** деген бөлүкчө колдонулат.

Мисалы: 1. **Тысылдайт эле тысылдайт,** эмнеси бар? 2. Досуң таң аткандан бери **бакылдайт эле бакылдайт** ж. б.

д) Кээ бирде баяндооч сөздөр кош айтылып турушу да ыктымал. Андай кош айтылган баяндоочтор сүйлөм ээлеринин сыйлоо, ашыгуу, ачууланууу маанисиндеги аракеттерин баяндашат.

Мисалы: 1. **Отур-отур,** кайда барат элең. 2. **Кел-кел,** төргө өт. 3. **Жөнө-жөнө,** кечигесиң. 4. **Токто, токто,** азыр чыгат. 5. **Кет-кет,** сөз бүттү.

ж) Айрым шарттарда жогоруда белгиленгендей кош айтылган, же кайталанма баяндоочтуу сүйлөмдөрдө каратма сөздөр да катышып турушу мүмкүн. Мындай учурларда норма катары сүйлөм ээлери көмүстө калышат. Ал эми, кош айтылган, же кайталанма конструкциядагы баяндоочтор болсо сүйлөм ээлеринин узакка созулган аракеттерин баяндоо менен катар, айтуучунун ички сезимин билдирүү касиетине да ээ болуп турушат. Кубануу, кайгыруу, кубаттоо, үндөө, дагы ушулар сыяктуу маанилерди берип турушат.

Мисалы: 1. **Иштей бер,** балам, **иштей бер.** 2. Азаматым, **оку, оку!** 3. **Сүйлө, балам, сүйлө.** ж. б.

Албетте, мындайча курулуштагы сүйлөмдөрдө каратма сөздөрдүн катышып турушу, же көмүстө калышы жөнүндө кандайдыр бир норманын белгилениши мүмкүн эмес.

Мисалы: 1. **Оку, оку,** кызык экен! 2. **Барагой, барагой,** кийин сүйлөшөбүз! 3. **Оку, оку,** киши бол! ж. б.

**§ 139.** Баяндоочтук милдет аткаруучу этиш сөздөрдү, бир жагынан, этиштердин семантикалык топтору менен ыңгайларына карай, экинчи жагынан, ошол баяндооч болуп түшкөн сөздөрдүн сүйлөмдүн башка мүчөлөрү менен болгон катышына карай сүйлөм ээлеринин дагы төмөнкүчө кырдаалдарын баяндай тургандыгын белгилөөгө болот:

а) Таңдануууну билдирет: 1. **Өзү берип турганын кара** (Ж. Т.). 2. **Каныкканын көр** (Ш. Б.). 3. **Боюн көр да, оюн көр** (Ш. Б.).

б) Тилекти билдирет: 1. **Шарибиңди аман-эсен кечирип чыта көр** (Ш. Б.). 2. **Кош, энеке, жакшы тур.** 3. **Көптү тамшандыра турган уул бол** (Ш. Б.).

в) Жактырбагандыкты билдирет: 1. **Ошол досуң менен куру. 2. Ошондон ары кет.**

г) Сурануунуну, өтүнүүнү билдирет: 1. **Аты ким, ошону айт** (Ш. Б.). 2. **Мени жибер.** 3. **Абылдан сура.**

д) Сүйлөм ээлеринин акыл, кеңеш, насаат иретиндеги аракеттери да билдирилет: 1. **Сөздү билгенге айт** (Ж. Т.). 2. **Атаңды көргөндөн акыл ук** (эл макалы). 3. **Элди кыдыр, ар кимдин акылын ук** («Айткан акылдын пайдасы», жомок).

ж) Сүйлөм ээлеринин аракеттери жайынча гана баяндоо, түшүндүрүү, билдирүү маанисинде да баяндалат: 1. **Учуп баратып оң жагыма карасам — эт бер, сол жагыма карасам — суу бер** («Кулдун уулу жана зымырык куш», жомок). 2. **Коё тур, анан бир жолу кет.** 3. **Эми сен биздин канатыбыздын алдына жат** («Кулдун уулу жана зымырык куш», жомок). 4. **Адабият теориясы менен тааныш** (Ш. Б.).

е) Күчтүү сезимди билдирет: 1. **Токтот сөзүңдү. Чаап ал, кетсең—өзүң кет** (Ш. Б.). 2. **Бас үнүңдү** (К. Б.). 3. **Кеңеш берчү немече сөз аңдыганды коюп, жогол мындан** («Элчи бала», жомок). 4. **Кел, садагасы, өйдө өт.** ж. б.

## ЗАТ АТООЧТУК БАЯНДООЧ

**§ 140.** Биз башка бирөөгө өз оюбузду билдирген учурда, угуучуга, же окуучуга бир нерсе жөнүндө айтабыз, же жазабыз. Ал сөз болуп жаткан нерселер сүйлөмдүн ээси деп аталат.

Мына ошол ээ болуп түшкөн сөздөр түркүн-түркүн касиетке ээ болуп турушу ыктымал. Маселен, сүйлөм ээлери нерсенин аттары, көрүнүштөр, кубулуштар, окуялар, заттар, аракет кылуучу жактар болушу мүмкүн. Ал эми, баяндооч сөздөр болсо ага грамматикалык жактан да, маани жактан да багынынкы, көз каранды абалдагы сөздөр болуп, алар (баяндоочтор) ээнин ар кыл кырдаалдарын баяндап турушат: ээ болуп түшкөн сөздөрдүн аракетин, абалын, белгисин, сан-өлчөмүн, иретин, кимдигин, эмнелигин, дагы ушулар сыяктуу ар түрдүү кырдаалдарын баяндашат. Сүйлөм ээлеринин ошол ар кыл касиетин, абалын, аракетин билдирүү, баяндоо үчүн баяндооч сөздөрдүн да ар түрдүү мааниде, курулушта болушу талап кылынат. Баяндооч сөздөрдүн ар башка сөз түркүмдөрүнөн болушу, алардын форма жагынан да түркүн-түркүн болушу мына ушул кырдаалдар менен тыгыз түрдө байланышта болот.

Маселен, этиш сөздөрдөн болгон баяндоочтор, негизинен, сүйлөм ээлеринин абалын баяндашат **(Темир ысыды, суу тонду)**, же аракет кылуучу жактар (ээ) тарабынан иштелүүчү, же



иштелген, же иштелип жаткан аракеттер баяндалат **(Мен окудум, сен окуп жатасың, ал окуйт.** ж. б.).

Ал эми, атооч сөздөр, же тактоочтор баяндоочтук милдет аткарып турушса, алар аркылуу сүйлөм ээлеринин өз аракеттери билдирилбейт, баяндалбайт[1]. Булар сүйлөм ээлеринин, негизинен, ким-эмнелигин (зат атоочтон болгон баяндоочтор), сын-сыпатын, өлчөмүн, сан-иретин, белгисин (сын, сан жана тактооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор) баяндашат.

Мына ушундайча, эгерде, ар кыл сөз түркүмдөрү баяндоочтук милдет аткарып турушпаган болсо, бир эле сөз түркүмүнөн болгон баяндоочтор аркылуу сүйлөм ээлеринин белгиленип өтүлгөндөй көп кырдуу бөтөнчөлүктөрүн билдирүү, баяндоо иши мүмкүн болбос эле.

Баяндоочтук милдет аткаруучу атоочтор менен тактоочтордун бул көрсөтүлгөн сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилери алардын жалпы түрдө жондото алынган гана табияты болуп саналат. Чындыгында, баяндоочтук милдет аткаруучу ушул сөз түркүмдөрүнүн кайсы гана түрүн албайлы, алардын сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилери алда канча кеңири. Маселен, зат атоочтук эле баяндоочторго назар салып көрсөк, мындай зат атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин ким-эмнелигин баяндоо табияты менен эле чектелбей тургандыгы, аны көп түрдүү кубулуш бөтөнчөлүгү менен семантикалык мазмундуулугуна жараша сүйлөм ээлери жөнүндө баяндоочу маанилери да ар кыл экендиги байкалат.

Сүйлөмдүн бул зат атоочтордон болгон баяндоочтору ошол баяндоочтук милдет аткарып турган сөздөрдүн семантикалык мазмундуулугу менен грамматикалык түзүлүшүнө жараша жана айкындооч мүчөлөрдүн аларга тийгизген таасирине карай сүйлөм ээлеринин төмөндөгүчө кырдаалдарын баяндашат.

### Атооч жөндөмөдөгү заттык баяндоочтор

**§ 141.** Атооч жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон баяндоочтор ошол баяндоочтук милдет аткарып турган сөздөрдүн семантикалык мазмуунунун өзгөчөлүгүнө карай сүйлөм ээлеринин төмөнкүчө кырдаалдарын баяндашат:

а) Сүйлөм ээлеринин кимдигин, эмнелигин билдирет.

Мисалы: 1. **Жакшы болсо эки жар, биринин бири — канаты** (эл макалы). 2. **Сабырдын түбү — сары алтын** (эл макалы).

---

[1] Башка жак тарабынан билдирилген сүйлөм ээлеринин түрдүү кырдаалдары баяндалат. Бул жагынан алганда этиштик баяндоочтор менен байланыштагы сүйлөм ээлерин аракет кылуучу жактар катары кароого мүмкүн болсо да, атоочтордон болгон баяндоочтор менен байланышкан сүйлөм ээлери аракет кылуучу жак катары келе алышпайт, бул термин туура келбейт.

3. **Сен, балам, менин жарык дүйнөдө жалгыз досумдан калган жалгыз жетимсиң** («Асыл таш», жомок). 4. **Сабыр — студент.** 5. **Бул — аэростат.** ж. б.

Мындайча мүнөздөгү сүйлөм ээлеринин кимдигин, эмнелигин билдирүүчү баяндоочтор нерсенин, буюмдун, адам, айбан, өсүмдүктөрдүн аттарын билдирүүчү объектилик, нерселик маанидеги заттардан болушат.

б) Эгерде, атооч жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон баяндоочтору орун-аралык семантикадагы сөздөрдөн болушса, андай баяндооч сөздөр сүйлөм ээлеринин ким-эмнелигин билдирүү менен катар, сүйлөм ээлеринин орду, багыты катары да келишет, же сүйлөм ээлеринин жалаң гана ордун, багытын баяндап турушу да ыктымал.

Мисалы: 1. **Булар — шаардыктар, фрунзеликтер** (Ш. Б.). 2. **Ошондон бери менин сүйгөн жерим — ушул асканын башы** (К. Ж.). 3. **Награ-Чалдыдан ары — Зымкына, келе жаткан жагым — кыбыла** (К. Ж.).

Мындай баяндоочтор, негизинен, жер-суу аттарын билдирүүчү, же багыт маанисиндеги сөздөрдөн болушат.

в) **Километр, чакырым, кадак, килограмм, тонна** деген сыяктуу өлчөм семантикасындагы зат атоочтор, же **чака** (чака алма), **кап** (кап буудай), **чанач** (чанач кымыз), **ороо** (ороо эгин) деген сыяктуу өлчөм маанисинде колдонулуучу[1] зат атооч сөздөр баяндоочтук милдет аткарып турушса, мындай заттардан болгон баяндооч сөздөр сүйлөм ээлеринин өлчөм кырдаалын баяндашат.

Мисалы: 1. **Бүтүн элдин акысы —**
**Өмүрүндүн жарымы** (Токтогул).
2. **Бул кочкорумдун баасы — беш жүз кой** («Алдаркөсөөнүн аңгемеси», жомок). 3. **Күн чыгыш менен күн батыштын ортосу — бир күнчүлүк** («Акылдуу кыз», жомок). 4. **Биздин үйдөн университетке чейин бир километр.** ж. б.

г) **Доор, кылым, жыл, ай, күн** деген сыяктуу мезгил семантикасындагы зат атоочтор баяндоочтук милдет аткарып турушса, буларга окшогон баяндооч сөздөр сүйлөм ээлеринин мезгил өлчөмү мүнөзүндөгү кырдаалдарын баяндап турушат.

---

[1] Бул чөнтөк (чөнтөк конфета), чака (чака ун), кочуш (кочуш буудай) деген сыяктуу өлчөм семантикасында колдонулуучу сөздөргө чексиз мүнөз берүүгө болбойт, өлчөм семантикадагы гана сөздөр деп түшүнүүгө жарабайт. Булар — объектилик маанидеги сөздөр. Бирок айрым бир шарттарда өлчөм маанисин да билдирип калышат.

Мисалы: 1. Бул—чака. 2. Ал—сабаа.

Бул келтирилген мисалдарда чака, сабаа деген баяндоочтор объектилик мааниде колдонулуп, сүйлөм ээлерин эмнелигин баяндап турушат.

3. Бардык алмасы эки чака. 4. Болгон кымызы бөксө сабаа, ал баарына жете бербес.

Мында болсо чака, сабаа деген баяндоочтор сүйлөм ээлеринин өлчөмүн баяндап турушат.



Мисалы: 1. **Мөөнөт эки күн** (Ш. Б.). 2. **Самсахундун кеткенине бүгүн үч күн** (К. Ж.). 3. **Азыр жыйырманчы кылым. 4. Ал кезде алдуулар алдап, күчтүүлөр зордоп алып турган убак** (К. Ж.). 5 .**Он сегиз — өмүрдүн байчечекейдей жайнап турган убагы** (Ш. Б.). 6. **Анда менин жайнап турган жаш кезим** («Гүлбара менен Сабира», жомок). 7. **Эмки доордо билими күчтүү жеңип калган учур** (Ш. Б.).

Бул келтирилген мисалдардын ичинен 4, 5, 6, 7 — сүйлөмдөрдүн баяндоочторунун тутумуна кирген **кез, убак, учур** деген сөздөр катыштык сөздөр категориясына өтө башташкан, ошондуктан алар өз беттеринче турушуп баяндоочтук милдет аткара алышкан жок. Бирок алар өз алдыларынча баяндоочтук милдет аткара алышпаганы менен, ошол баяндооч сөздөрдүн сүйлөм ээлеринин мезгил маанисиндеги кырдаалын билдиришин, баяндашын шарттап турушат.

д) Атооч жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон баяндоочтордун сүйлөм ээлеринин дагы ар кыл өзгөчөлүктөрүн баяндап турушу ошол баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн төмөнкүчө табияты менен шартталган:

зат атооч сөздөр жогоруда көрсөтүлгөндөрдөн тышкары да бул, же тигил мүнөздөгү семантикалык мазмунга ээ болуп турушу мүмкүн. Андай зат атооч сөздөр сүйлөмдүн баяндооч мүчөсү болуп келгенде, алар өздөрүнүн семантикалык мазмундуулугуна жараша, же сүйлөмдүн башка мүчөлөрү менен болгон катышына карай сүйлөм ээлеринин жогоруда көрсөтүлгөндөрдөн башка да мындайча кырдаалдарын баяндашат.

1) Зат атоочтук баяндоочтор сыпат, белги, салыштыруу маанисинде колдонулган сөздөрдөн болушу мүмкүн. Мындайча атооч жөндөмөдөгү заттык баяндоочтор сүйлөм ээлеринин сын-сыпат, салыштыруу маанилериндеги кырдаалдарын баяндашат.

Мисалы: 1. **Жоолуктун экөө тең ак жибек** (К. Ж.). 2. **Түбүң ылай, ошон үчүн бузукулук кылып жүрөсүң. 3. Илгеркилер айткандай, ал ай десе-ай, күн десе-күн** (Ш. Б.). **Мээң бөксө айбансың** (Ш. Б.).

4. **Зар ыйлаткан күнөөсүз**
**Залимдердин боору таш** (Токтогул).

2) Сүйлөм ээлеринин атын билдиришет: 1. **Бул — Асыл.** 2. **Көлдүн аты — Айдың-Көл** (К. Ж.). 3. **Союздун бир уулу — Кыргызстан** (Ж. Т.).

3) Сүйлөм ээлеринин тегин, түркүмүн баяндашат: 1. **Алча — жемиш. 2. Карагай — жыгач.**

4) Сүйлөм ээлеринин абалын баяндашат: 1. **Бул — жыргалчылык. 2. Экөөң бири бириңе эриш-аркак** («Дартына даба болгон экен», жомок). 3. **Дүйнө — материалдык. Бул — чыныгы**

**революция.** 4. **Кырк чакырым алыстагандан кийин адам баласы мусапыр** (Ш. Б.).

5) Ээ болуп түшкөн сөздөрдүн аткарган милдетин, кесибин билдиришет: 1. **Ал — студент.** 2. **Мен мугалиммин.** 3. **Сен аспирантсың.**

6) Сүйлөм ээлеринин эмнелигин түшүндүрөт:

1. **Ай — планета, Марс да планета**[1]. 2. **Бул — алма.**

7) Сүйлөм ээлеринин эмнеге жумшаларын билдирип турушу да ыктымал. 1. **Ошол көк дөбөттүн өтү — бардык ооруга дары** («Карасанатай менен аксанатай», жомок). 2. **Жемиш — тамак.** 3. **Билим — акыл, өнөр.** ж. б.

ж) Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү заттанып кетишкен (субстантташкан) башка сөз түркүмдөрүнөн болушу да мүмкүн. Көбүнчө, сын атооч сөздөр заттанып кетишет. Мындай заттанып кеткен сын атооч сөздөрдөн болгон баяндооч мүчөлөр сүйлөм ээлеринин белги, сыпат мүнөзүндөгү кырдаалдарын баяндашат.

Мисалы: 1. **Ашка келген меймандарга кызмат кылгандар — өңчөй байкуш шордуулар** (К. Ж.). 2. **Менин мингеним — сүмбөдөй болуп чаткаяктан суурулган Карагер** (Ш. Б.). 3. **Азыраак макоолугу болгон менен, жүрөгү таза ак көңүл калдаке** (Ш. Б.). 4. **Үч-Таш — какшаал тараптагы жайлоолордун атактуусу** (К. Ж.). 5. **Андайлар — адамдын макоосу** (Ш. Б.).

е) Зат атоочтор курандылардын жардамы аркылуу да жасалат. Ошол өзүлөрүн жасап турушкан курандылардын таасири астында андай заттар баштапкы маанисине караганда дагы бир башка мүнөздөгү семантикалык мазмундуулукка ээ болуп турушат. Буларга окшогон зат атоочтордон болгон баяндоочтор аларды жасап турган ошол курандылардын бөтөнчөлүгүнө карай сүйлөм ээлеринин дагы бир башка-башка түрдөгү кырдаалдарын баяндашат.

Мисалы: 1. **Ышкыбоздордун кумарын таркаткан — тартайган баланын шамдагайлыгы** (Ш. Б.). 2. **Бирок ага таасир кылган сайма эмес, жоолуктун аппактыгы жана куунун тыбытындай жумшактыгы** (К. Ж.). 3. **Анда жигиттин кайратынын жоктугу** (Ж. Т.). 4. **Көзүңөргө көрүнбөй сырымды айтпай жүрүшүм — менин жамандыгым, ыгы жок сактыгым** (К. Ж.).

Бул келтирилген мисалдарда баяндооч болуп келген сөздөр сүйлөм ээлеринин абал, сын-сыпат мүнөзүндөгү кырдаалдарын баяндап турушат.

5. **Ал эмне деген адепсиздик?** (К. Ж.). 6. **Жолойдун ишенгени сыр-бараң жана өзүнүн мүчөсүнө бүткөн баатырдык** (К. Ж.). 7. **Экөө тең менчик** (Ш. Б.).

---

[1] Мындай учурда ээнин түркүмү катары баяндалып турушу да мүмкүн.



Мында да баяндооч болуп түшкөн сөздөр сүйлөм ээлеринин, сын, белги мүнөзүндөгү кырдаалдарын баяндап турушат.

8. **Акмат, Дыйкан алдамчы,**
**Атакан, Миңбай жалганчы.**
**Эгемберди, Бактыяр**
**Эл жегенге жардамчы** (Токтогул).

Берилген мисалдардагы баяндоочтор да сүйлөм ээлеринин сыпат мүнөзүндөгү кырдаалын баяндап турушат.

9. **Ата-энеси кайсы бир райондо кызматчы** (Ш. Б.).

10. **Ал — жумушчу, мен колхозчу.**

Көрсөтүлгөн мисалдарда баяндоочтор сүйлөм ээлеринин кесибин баяндап турушат.

11. **Ал бүгүн жумушчу, эртең мамлекеттик ишмер.**

Бул мисалда болсо баяндооч сөз сүйлөм ээсинин сапаттык, даражалык кырдаалын баяндап калды.

**§ 142.** Баяндооч сөздөрдүн сүйлөм ээлеринин бул, же тигил мүнөздөгү кырдаалдарын баяндашында ага (баяндоочко) багынып турган сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүнүн да ролу чоң.

1) Логикалык басым зат атоочтордон болгон баяндоочторго багынып турган аныктоочторго түшкөн болсо, андай баяндоочтордун сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу мааниси басандап калат да, сүйлөм ээлеринин кырдаалын, кандайдыр, логикалык басым түшкөн аныктооч сөздөр баяндап турушкансып кетет.

Мисалы: 1. **Атасы Канат — колунан көөрү төгүлгөн уста адам** (Ш. Б.). 2. **Ороз кең пейилдүү, өзүм дегенде жанын аябаган март адам** (Ш. Б.). 3. **Менин энем — эптүү киши** («Дартына даба болгон экен», жомок). 4. **Ойлочу, мунун баары — караңгылыктын кесепети** (Ш. Б.).

Келтирилген мисалдарда **адам, киши, кесепети** деген баяндоочтор экинчи планда калып, сүйлөм ээлеринин кырдаалдарын, кандайдыр, **уста, март, эптүү, караңгылыктын** деген аныктооч сөздөр баяндап тургансып кетишет.

2) Башка бир шарттарда мындайча логикалык басым түшкөн аныктооч сөздөр семантикалык мааниси кемий баштаган заттык баяндоочтор менен тутумдашып турушу ыктымал. Мындай учурда белгиленгендей сыңарлар функционалдык жагынан өз ара ажыралгыс биримдикке келишип, сүйлөм ээлери жөнүндө баяндалуучу маанилерди аныктооч сөздөр билдирип калышат.

Мисалы: 1. **Кыз асемдүү күлүктөй чалпоо нерсе** (Ш. Б.). 2. **Берки болсо үйлүү жайлуу неме** (Ш. Б.). 3. **Энем анык аңкоо жан** («Ал экөө кайра жаралган экен», жомок).

Бул мисалдарда **кыз, берки, энем** деген сүйлөм ээлеринин чалпоолугу, үйлүү-жайлуулугу, аңкоолугу баяндалып турат.

Бирок бул көрсөтүлгөн фактыларга карай аныктооч сөздөргө логикалык басым түшүп турса, заттык баяндоочтор дайым

эле экинчи планда туруп калат экен деп түшүнүүгө да болбойт.

Мисалы: 1. **Бизде улууларды эжеке, апаке деген чексиз урмат** (Ш. Б.). 2. **Айланасы — толгон эл** (Ш. Б.). 3. **Ал — эмне деген түш?** («Чыныбек», жомок).

Бул берилген мисалдарда **урмат, эл, түш деген** баяндооч сөздөр логикалык басым түшкөн аныктооч сөздөргө көз каранды эмес.

Мындайча атооч жөндөмөдөгү заттык баяндоочтордук сүйлөмдүн логикалык басым түшкөн аныктооч мүчөлөрүнө көз каранды болуп турушу, негизинен, ошол баяндоочтук милдет аткаруучу зат атооч сөздөрдүн семантикалык маанисинин кемий башташына, же сүйлөмдөгү катышына карай конкреттүү заттардын атын билдирүүнүн ордуна абстрактуу мааниге ээ болуп турушуна байланыштуу көрүнүш болуп саналат. Андай баяндоочтор сүйлөм ээлери жөнүндө баяндалуучу негизги маанини билдире албаган менен, аныктоочтор аркылуу баяндалып жаткан кырдаалдарды жөлөмөлөө, жумшартуу милдетин аткарып турушат.

Мисалы: **Ал — орой адам. Жумаш — акылдуу киши.** Бул келтирилген мисалдарда — **орой, акылдуу** деген сөздөр өз алдынча туруп баяндоочтук милдет аткарышкан болсо, сүйлөм ээлеринин тийиштүү кырдаалдары кескин түрдө баяндалган болор эле. Ал эми, буларды багындырып турган **адам, киши** деген заттык баяндоочтор алардын маанисин жумшартып, жөлөмөлөп турушат.

2) Кээ бир атооч жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон баяндооч сөздөр өз алдыларынча турушуп сүйлөм ээлери менен байланыша алышпайт. Андай баяндоочтор өзүлөрүнө багынып турган айкындооч сөздөрдүн жардамы аркасында гана ыраттуу мааниге ээ болушуп, сүйлөм ээлеринин тийиштүү кырдаалдарын баяндоо касиетине ээ боло алышат.

Мисалы: 1. **Ал эмне деген кебиң?** (Ж. Т.). 2. **Бул кандай жорук!** (Ж. Т.).

3) Айрым шарттарда бир эле сөз сүйлөмдүн ээси да, баяндоочу да болуп түшкөн учурлар да болот.

Мисалы: 1. **Шаар-шаар, айыл-айыл да** (Ш. Б.). 2. **Бирок экөөбүздүн убадабыз — убада** (Ш. Б.). 3. **Сенин жаның — жан, элдин жанычы!** (Ж. Т.). 4. **Сөзүм — сөз, убадам — убада.** ж. б.

Мындай баяндоочторго көмөкчү сөздөр айкалышып турушу да ыктымал.

Мисалы: 1. **Өнөрүң өнөр экен** (К. Ж.). 2. **Максут баягы эле Максут эмеспи** (Ж. Т.).

Азыркы кыргыз тилинин оозеки жана адабий речинде көрсөтүлгөндөй курулуштагы сүйлөмдөрдүн баяндооч мүчөлөрүнө тийиштүү аныктооч сөздөр тутумдашып айтылат да, дал ошол аныктооч мүчөлөр баяндооч сөздөрдү ыраттуулукка келтирип,



алардын сүйлөм ээлери менен тийиштүү байланышта болушун тейлөөчү каражат катары кызмат кылышат.

Мисалы: 1. **Ленин жолу — ташка тамга баскан жол, Нечен кыя, белестерди ашкан жол** (Ж. Т.). 2. **Ленин жолу — эрик жолу жайнаган** (Ж. Т.). 3. **Бул совхоз — мыкты совхоз.** 4. **Бул бала — акылдуу бала.** ж. б.

Буларга окшогон баяндооч сөздөр сүйлөм ээлерин өзгөчөлөп бөлүп, дааналап көрсөтүү, белгилөө каражаты катары келишип, ошол ээ болуп түшкөн сөздөргө угуучунун, же окуучунун көңүлүн буруу үчүн колдонулат.

**§ 143.** Сүйлөмдө ээ болуп түшкөн сөздөр I, II жактагы ат атоочтордон, же III жактагы ат атооч, зат атооч, же заттык маанидеги башка сөз түркүмдөрүнөн болушу мүмкүн.

Заттардан болгон баяндооч сөздөрдүн аткарган синтаксистик милдети жана ээ жөнүндө билдирүүчү маанилери белгилүү даражада да мына ошол сүйлөм ээлеринин кайсы жакта турган сөз экендигине да тыгыз байланыштуу болот.

а) Эгерде, сүйлөмдүн ээлери I жана II жактардагы ат атоочтордон болушса, андай ээлерге багынып турган баяндооч сөздөр тийиштүү жак уландыларында турушат. Ал жак уландылары ошол баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн туруктуу синтетикалык баяндоочтук формасы катары келишет да, стилдик талапка карай аларга окшогон баяндоочтордун позициялык абалы эркин түрдө өзгөрүлө берет.

Сүйлөмдүн мындай баяндооч мүчөлөрү сүйлөм ээлеринин ким-эмнелигин, милдетин жана кесибин баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Адал эмгегим менен жан баккан адаммын** (Ш. Б.). 2. **Экөөбүз тең партиянын мүчөлүгүнө кандидатпыз** (Ш. Б.).

3. **Жаңы шартта туулган,**
**Садагасы,**
**Сен таалайлуу баласың** (Ж. Т.).

4. **Сиз азыр баланын атасысыз** (Ш. Б.). ж. б.

б) Ал эми, сүйлөм ээлери III жакта турган атооч сөздөрдөн болушса, баяндооч сөздөрдүн синтаксистик милдети алардын соңчул позициялык абалы менен шартталган[1]. Ошол ээге карай алган соңчул орду алардын баяндоочтук формасы да болуп саналат.

Мисалы: 1. **Ленин — жолу коммунизм куралы** (Ж. Т.). 2. **Тайманбастыгы, таш булчуң балбандыгы — анын эрдик сыпаттары.** 3. **Алар — аспиранттар.** ж. б.

Мына ушул келтирилген мисалдардагы баяндоочтордун **(куралы, сапаттары, аспиранттар)** орду ээге карай төрчүл позиция

[1] Мындай баяндоочтордун ээ жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилери алдынкы параграфта берилди. Ошондуктан бул жерде кайталап олтуруунун зарылдыгы жок.

ция да турган болсо, бул баяндооч болуп түшкөн сөздөр ээлик милдет аткарып калышар эле.

Ушинтип, III жактагы сүйлөм ээлери менен байланышта турган заттык баяндоочтор жак уландыларындагы заттык баяндоочторго караганда өзгөчө абалда болушат[1].

---

[1] III жактагы сүйлөм ээлери менен байланышта турган атооч жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон баяндоочторду тийиштүү баяндоочтук формага ээ эмес деп түшүнүүгө болбойт. Андай III жактагы сүйлөм ээлерине багынык абалда турган атооч жөндөмөдөгү заттык баяндоочтордун ээ болуп түшкөн сөздөргө карай алган соңчул орун тартиби алардын баяндоочтук түзүлүшү болуп саналат. Аларга окшогон сөздөрдүн синтаксистик аткарган милдети (баяндоочтук милдети) ээге карай ээлеген соңчул орун тартиби менен шартталып турган болот.

Бул маселе орус тил илиминдеги айрым изилдөөлөрдө башкача каралган. Маселен, филология илимдеринин доктору А. Н. Сухотин баяндоочтору атооч жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон сүйлөмдөрдү ээ болуп түшкөн сөз менен бириктирип туруп сөз тизмеги катары карайт (сб. Вопр. синт. совр. рус. яз., М., 1950, 127-бетти караңыз). Ал эми, А. М. Пешковский болсо связкага жогору баа берип, атоочтордон болгон баяндоочтордун табияты ошол связкалар аркылуу шартталарын, ошол связкалар гана алардын баяндоочтук белгиси (формасы) катары келерин көрсөтөт да, баяндоочтук милдет аткаруучу атооч сөздөрдү перселик, же второстепендик предикативдик мүчө деп атайт (А. М. П., Русск., синт. в науч. осв., М. 1956, 165, 225-беттерди караңыз). Орус тилинде атооч сөздөрдөн болгон баяндоочторду составдык баяндооч катары карап жүрүшү да (мейли связка катышпаса да) мына ошо себептен. Москва университети тарабынан чыгарылган орус тилинин синтаксисинде да (совр. русс. яз., синт. М., 1958, 155—178-беттерди караңыз) связканын ролуна айрыкча баа берилет.

Бул орус тилине мүнөздүү бөтөнчөлүк. Ошондуктан аны кыргыз жана башка түрк тилдеринин табиятына да туура келген закон ченемдүүлүгү катары түшүнүүгө болбойт.

Кыргыз тилинде атооч сөздөрдөн болгон баяндооч мүчөлөр төмөндөгүчө табияты жагынан өзгөчөлөнүп турушат:

а) Атооч жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон баяндоочтор, эгерде, I жана II жактагы ат атоочтук сүйлөм ээлери менен байланышып турушса, баяндооч сөздөр тийиштүү жак уландылары менен өзгөрүшөт да, ал жак уландылары синтетикалык баяндоочтук форма катары түшкөн болот. Ошондуктан мындайча түзүлүштөгү баяндоочтордун табиятын кандайдыр бир бул, же тигил мүнөздөгү кырдаал, шарт менен байланышта болот деп түшүнүүгө да, ойлоого да мүмкүн эмес.

б) Ал эми, III жактагы сүйлөм ээлерине байланышкан атооч сөздөрдөн турган баяндоочтордун табияты болсо ээге карай алган соңчул орун абалы менен шартталат да, андай баяндоочторго көмөкчү сөздөр айкалышып турушкан болсо, баяндооч мүчөлөрдүн аналитикалык баяндоочтук формасы катары келишет да, ар кыл кошумча, модалдык маани берип турушат. Бирок атооч жөндөмөдөгү атооч сөздөрдүн баяндоочтук милдетин шарттап турган жекеден-жеке формасы анын ээге карай алган соңчул орун абалы болуп саналат.

Демек, көмөкчү сөздөр тийиштүү аналитикалык баяндоочтук форма катары келүү менен бирге, баяндооч сөздөргө кошумча маани берүүчү форма катары гана кызмат кылып турушат. Бирок сүйлөм ээлери жөнүндө билдирилүүчү, баяндалуучу маани бөтөнчөлүктөрүнө карай атооч жөндөмөдөгү заттык баяндоочтор көмөкчү сөздөрдүн катышып турушун дайыма эле талап кыла беришпейт.

Ушинтип, көмөкчү сөздөр атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтордун модалдык маани түзүүчү аналитикалык формасы катары гана келишкен болот.



**§ 144.** Атооч жөндөмөдөгү зат атоочтор жак таандык жана жалпы таандык уландыларда турушуп да баяндоочтук милдет аткарышат.

а) Жалпы таандык уландыдагы атооч жөндөмөдөгү зат атоочтордон турган баяндоочтор сүйлөм ээлеринин ошол баяндоочтук милдет аткаруучу таандык уландыдагы сөздөргө таандык, тийиштүү экендигин билдиришет, баяндашат, же баяндооч болуп түшкөн сөздөргө арналгандыгын билдиришет.

Мындай баяндоочтор сүйлөм ээлеринин ким-эмнелигин баяндай алышпайт.

Мисалы: 1. **Бул китеп Асектики.** 2. **Мына, аксакал, бул — атандыкы, мунусу — бөбөктөрүнкү, а бул болсо — көрөр көзүнө менен уулундуку** (Ш. Б.).

б) Ал эми, жак таандык уландыдагы атооч жөндөмөдө турган зат атоочтордон болгон баяндоочтор болсо сүйлөм ээлеринин ким-эмнелигин баяндашат. Таандык уланды болсо ошол баяндооч болуп түшкөн сөздүн башка бир айкындооч сөз менен болгон катышын көрсөтүүчү формасы катары гана келет.

Мисалы: 1. **Тынчтык — элдин тилеги, партия — элдин жүрөгү.** 2. **Ал — менин мыкты досум.** 3. **Сен жолдошумсуң,** ж. б.

**§ 145.** Сүйлөм жана анын мүчөлөрү үздүксүз өнүгүп-өсүп олурат. Анын мына ошол өнүгүш процессине байланыштуу сүйлөмдүн улам жаңы түрлөрү да пайда болуп олурат.

Ошондуктан сүйлөм мүчөлөрүнө кандайдыр бир стандарттык үлгү боюнча мамиле кылууга мүмкүн эмес. Маселен, атооч жөндөмөдөгү зат атооч сөздөрдөн болгон сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү дайым эле тийиштүү сүйлөм ээлери менен байланышта боло бербей тургандыгы байкалат. Кээ бир баяндооч мүчөлөрү атооч жөндөмөдөгү зат атооч сөздөрдөн болгон сүйлөмдөрдүн грамматикалык ээлери жок болот. Андай сүйлөмдөр жалаң баяндооч жана айкындооч сөздөрдөн турушат.

Мисалы: 1. **Бурчта этажерка, анын үстүнкү эки полкасында марксизм-ленинизм классиктеринин эмгектери, үчүнчүсүндө кооз адабий** (Ш. Б.). 2. **Бутунда туюк ултарган бийик такалуу оймологон кызыл соору өтүк** (К. Ж.).

Бул келтирилген мисалдарда **этажерка, эмгектери, адабий, өтүк** деген атооч жөндөмөдөгү зат атоочтор баяндоочтук милдет аткарып турушат. Бирок сүйлөм ээлери катышкан жок. Аларды (ээлерди) көмүстө калды деп айтууга да болбойт.

Ошондой болсо да, мындайча курулуштагы сүйлөмдөрдүн баяндоочторунун сүйлөм ээлери менен таптакыр эле байланышы жок деп карооого да болбойт. Бул белгиленгендей сүйлөмдөрдө логикалык жактан орун—аралык семантикадагы жатыш жөндөмөдөгү айкындооч сөздөр сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүн өзүлөрүнө байланыштырып турушат.

Мисалы: 1. **Чоң суунун бойлорунда тукул токой** (К. Ж.).

2. **Барак-барак кагаздардын беттеринде машинкага басылган фамилиялар** (Ш. Б.).

Берилген мисалдарда **токой, фамилиялар** деген сөздөр баяндоочтук милдет аткарышып, логикалык жактан **бойлорунда, беттеринде** деген жатыш жөндөмөдөгү айкындооч сөздөргө байланышып турушат. Анткени, алар кыйыр жөндөмөдө турушкан менен, сөз жүрүп жаткан нерселердин логикалык аттары катары келишти. Бирок бул жатыш жөндөмөдөгү сөздөр грамматикалык жактан сүйлөм ээлери болуп түшө алышпайт.

Биздин колубузда болгон материалдарга караганда сүйлөмдүн бупа окшогон түрү атооч жөндөмөдөгү сүйлөм ээлеринин өзгөрүлүп кетишинен барып пайда болгондугу байкалат.

Мисалы: 1. **Короонун орто ченинде көл, көлдүн айланасы — кырка сайылган кара тал** (К. Ж.). 2. **Көчөнүн эки бети — жыш бакалчылардын жана касапчылардын майда дүкөндөрү** (К. Ж.).

Бул мисалдарда **көл, кара тал, дүкөндөрү** деген сөздөр баяндоочтук милдет аткарып турушат. Ал эми, биринчи сүйлөмдө **орто ченинде** деген сөз **орто чени** түрүндө айтылып, сүйлөмдүн грамматикалык ээси болуп түшүшү да мүмкүн. Же **айланасы** деген сүйлөм ээси айланасында түрүндө айтылып, грамматикалык жактан сүйлөм ээси боло албай калышы ыктымал. Ошондойчо эле, экинчи сүйлөмдөгү **бети** деген сүйлөм ээси да **бетинде** түрүндө айтылып, грамматикалык жактан сүйлөмгө ээ боло албай калышы мүмкүн. Мына ушинтип, азыркы кыргыз тилинде мына ушул көрсөтүлгөндөй сүйлөмдөрдүн эки түрдүү форманты тең параллель жашайт.

Бул көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдүн жаңы түрүнүн пайда болушунда мындайча мүнөздөгү закон ченемдүүлүгү белгиленет:

а) Орун-аралык семантикадагы сөздөрдүн атооч жөндөмөдө туруп ээлик милдет аткарышы адепки грамматикалык форма болгон. Мындай ээлер сөз жүрүп жаткан нерселердин аттары катары да келишкен, орун маанилерин да кошо билдиришип турушкан.

б) Кийинки ээ болуп түшкөн сөз тарабынан билдирилүүчү орун-аралык кырдаалдарды тагыраак берүү муктаждыгынан барып айрым бир атооч жөндөмөдөгү ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн жатыш жөндөмөдө туруш формасы пайда болот. Бул форма, көбүнчө, атооч жөндөмөдөгү ээлер аркылуу айкын, так билдирүүгө мүмкүн болбогон учурларда кеңири орун алган.

в) Азыркы кыргыз тилинде бул эки форма тең адабий тилдин бирдей даражадагы укуктан пайдаланышат. Бирок алардын ар бирин речибизде кылдаттык менен пайдаланышыбыз керек. Анткени, белгиленгендей формадагы сөздөрдүн ар биринин өзүнө мүнөздүү колдонулуш чеги бар, өзүнө мүнөздүү маани өзгөчөлүгү бар.

Мисалы: 1. **Короонун ичи-тышы — толтура эл. Короонун ичи-тышында толтура эл.**



Бул келтирилген мисалдарда **ичи-тышы** деген сөз атооч жөндөмөдө да, жатыш жөндөмөдө да колдонулуп турат.

2. **Түпкү бурчта кийим салгыч эски шифанер** (Ш. Б.). 3. **Плитага жакын жерде эби-сыны жок далдайган жыгач сандык** (Ш. Б.).

Бул берилген эки сүйлөмдөгү **бурчта, жакын жерде** деген жатыш жөндөмөдөгү сөздөрдүн атооч жөндөмөдө туруп айтылышы мүмкүн эмес. Анда сүйлөмдүн мааниси так болбой калат. Так мына ушундайча курулуштагы сүйлөмдөрдүн маани жагын айкыныраак, тагыраак берүү ыкмасы катарында сүйлөмдүн мына ушул жаңы түрү пайда болгон[1].

**§ 146.** Алдыңкы параграфта белгиленген сүйлөмдөрдөн башка да жалаң айкындооч мүчөлөр менен атооч жөндөмөдөгү заттык баяндооч сөздөрдөн турган түйлөмдөр да болот. Мындай сүйлөмдөрдүн курулуш жагы да башкача, пайда болуш жагы да башкача. Аларга окшогон сүйлөмдөрдө ээлик милдет аткаруучу сөздөр жок болот жана ээнин сүйлөмдө катышып турушу, болушу да талап кылынбайт.

Мисалы: 1. **Бүгүн семинар** (Ш .Б.). 2. **Ай, сенин жеңилдигиң, ай!** (Ш. Б.). 3. **Кеткенине бүгүн туура отуз күн** (К. Ж.). 4. **Доско күлкү, душманга таба** (К. Ж.). ж. б.

Буларга окшогон сүйлөмдөрдүн кээ бирлери анын тутумундагы сөздөрдүн эркин түрдөгү абалдагы айкалышынан турушса, кээ бирлери туруктуу фразеологиялык айкалыштарга айланып кетишкен.

Сөзсүз, адепки мезгилдерде мындайча түзүлүштөгү сүйлөмдөрдүн ар биринин өз алдынча ээлери, баяндоочтору болгон. Сүйлөмдүн синтаксисинин өнүгүп-өркүндөп өсүп олтурушунун натыйжасында алардын бири кыскарып кетип, бул турушу боюнча жалаң баяндооч жана айкындооч сөздөрдөн турган сүйлөмдүн жаңы бир түрү, жаксыз сүйлөмдөр пайда болгон.

Сүйлөмдүн алгачкы мезгилдердеги курулушу менен бүгүнкү күндөгү курулушунун ортосунда параллелдик жок. Ал өнүгүп өсүп олтурган тарыхый категория. Сүйлөмдүн алдыда белгиленгендей структуралык, типологиялык көп түрдүүлүгү мына ушул кырдаалдар менен гана түшүндүрүлөт.

---

[1] Курулушу жагынан кыскартылган баяндоочтуу сүйлөмдөр сүйлөмдүн бул белгиленип жаткан түрүнө окшошуп кетет. Бирок бул экөө эки башка курулуштагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрү болуп саналат. Маселен, кыскартылган баяндоочтуу сүйлөмдөрдө баяндооч сөз көмүстө калат да, ошол эле сүйлөмдүн кырдаалынан кайсы сөз баяндооч болору билинип турат. Сүйлөм ээлери болсо катышып турат. Мисалы: 1. Эрге—намыс, коёнго—камыш (эл макалы).

2. Куралсын колун, куралсын,
Майданга, достор, майданга (Ж. Т.).

3. Бардыгынар—шайлоолорго. Бардык күч—жазгы жумуштарга. ж. б.

Жогорудагы белгиленген сүйлөмдүн түрүндө болсо баяндооч сөз катышып турат да, баштапкы ээлик милдет аткарган атооч жөндөмөдөгү сөз гана жатыш жөндөмөдө туруп, айкындоочтук милдет аткарып калган.

Биз тартип катары, баяндооч сөздөр сүйлөм ээлеринин бул же тигил мүнөздөгү кырдаалдарын баяндап турушат, сүйлөмдүн баяндооч мүчөсү болгон жерде анын ээси да болуу керек деп түшүнөбүз. Ал эми, бул фактыларга таянганыбызда бардык эле баяндооч мүчө катышкан сүйлөмдөрдө ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн болушу милдеттүү эмес экендиги байкалат.

Демек, сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү болгон жерде сүйлөм ээлеринин да болушу негизги багыт болуп, сүйлөмдүн басымдуу көпчүлүк учурларына гана туура келет. Бирок, бул жогоруда келтирилген фактыларга караганда, сүйлөмдүн бардык эле түрлөрүн бир калып, ченем боюнча аныктоого мүмкүн эместиги ачык-айкын көрүнүп турат.

### Жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү заттык баяндоочтор

**§ 147.** Зат атооч сөздөр жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдө турушуп да баяндоочтук милдет аткарышат. Сүйлөмдүн мындайча түзүлүштөгү (жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдөгү) баяндооч мүчөлөрү атооч жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон баяндооч сөздөргө караганда сүйлөм ээлеринин башкачараак мүнөздөгү кырдаалдарын баяндашат.

Маселен, сүйлөмдүн атооч жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон баяндоочтору ээ болуп түшкөн сөздөрдүн ким-эмнелигин, заттык катышын, абалын баяндап турушса, чыгыш жана жатыш жөндөмөлөрдөгү заттык баяндоочтор сүйлөм ээлеринин орун абалын, чыгыш ордун, жасалган материалдарын (эмнеден жасалганын), жөнүн баяндап турушат.

Жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү заттык баяндоочтордун сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу мындайча маанилери, бир жагынан, ошол жөндөмө уландыларынын табиятына тыгыз түрдө байланыштуу болсо, экинчи жагынан, алардын семантикалык мазмундуулугу менен шартталып турган болот.

**§ 148.** Жатыш жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин ар кыл кырдаалдарын баяндап турушат. Анын ал ээ жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилери, биринчиден, ошол баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн жөндөмө уланды категориясына жана семантикалык мазмундуулугуна байланыштуу болот, экинчиден, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн лексика-семантикалык мазмундуулугу менен шартталат.

а) Жатыш жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон баяндоочтор объектилик маанидеги заттардын, нерселердин аттарын билдирүүчү сөздөрдөн болушса, сүйлөмдүн мындай сөздөрдөн турган баяндооч мүчөлөрү ээ болуп түшкөн сөздөрдүн себебин, объектилик маанидеги орун абалын, багытталыш тарабын (объектисин) баяндап турушат.



Мисалы: 1. **Кеп өпкөдө** (К. Ж.). 2. **Китеп Акайда.** 3. **Калган малыбыз Бегайымдын колунда** (К. Ж.). 4. **Бегайымдын эки көзү жалжылдап Каныбекте** (К. Ж.).

б) Жатыш жөндөмөдөгү баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөр абстрактык маанидеги, же сүйлөмдөгү катышына карай абстрактык маанide колдонулуучу зат атоочтордон болушса, же заттык маанидеги башка сөз түркүмдөрүнөн болушса, андай баяндоочтор сүйлөм ээлеринин мындайча кырааалдарын баяндашат:

1) Себебин баяндайт: 1. **Кеп анын жолду билбегендигинде эмес, анын кулдугунда** (К. Ж.). 2. **Маселе жолдун алыстыгында.** 3. **Айыбы кулдугунда** (К. Ж.).

2) Абалын баяндайт: 1. **Алар бал уйкунун койнунда** (Ш. Б.). 2. **Бардык нерсе табияттын таң алдындагы таттуу уйкусунун тынч кучагында** (К. Ж.).

3. **Бүгүн кыргыз**
**Коммунизм жолунда** (Ж. Т.).
4. **Сенин этти жакшы көрөм деп айтканың эсимде** (К. Ж.).

3) Ээ болуп түшкөн сөздөрдүн сыпат мүнөзүндөгү абалын баяндашат: 1. **Ээги, оозу, мурду — баары тең жайында** (Ш. Б.). 2. **Келгенден бери түтүн катарындамын** (К. Ж.). 3. **Тулпар түшунда, күлүк күнүндө** (эл макалы).

в) Эгерде, баяндоочтук милдет аткаруучу жатыш жөндөмөдөгү зат атоочтор орун, аралык семантикасындагы сөздөрдөн болушса, буларга окшогон баяндооч сөздөр сүйлөм ээлеринин орун абалын билдирип турушат.

Мисалы: 1. **Үчөө тең Ташкентте** (Ш. Б.). 2. **Азаматтын орду эл четинде, жоо бетинде** (эл макалы). 3. **Чоңдор ар күнү котолоп Чоң тамандардын айлында** (К. Ж.). 4. **Таятамдыкы Чоң-Таштан кырк чакырымдай ары Кең-Сууда** (М. Э.). 5. **Бирок көпчүлүгү Самсахун менен Ошурахундун айланасында** (К. Ж.).

г) Эгерде, орун-аралык семантикадагы сөздөр ээлик милдет аткарышып турушса, мындай сүйлөм ээлери менен байланышып турган жатыш жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон баяндооч сөздөр, кандай семантикадагы сөз болсо да, ар дайым сүйлөм ээлеринин орун абалын билдирип, баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Баарынан жакшы жери**[1] **институттун мандайында** (Ш. Б.). 2. **Айлы тетиги түздө.** 3. **Үйүм Свердловдо.** 4. **Мектебибиз көрүнгөн боз чапта.** ж. б.

**§ 149.** Чыгыш жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон баяндоочтор да сүйлөм ээлеринин ар кыл кырдаалдарын баяндашат. Мындай чыгыш жөндөмөдөгү зат атоочтук баяндоочтордун сүйлөм ээлеринин бул, же тигил мүнөздөгү кырдаалдарын билдирип, баяндап турушу, бир жагынан, ошол чыгыш жөндөмө улан-

---

[1] Эгер, *жери* деген сөз орун маанисинде колдонулбаса, анда баяндооч сөз себеп маанисин билдирип калат.

дысынын табияты менен, экинчи жагынан, баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн лексика-семантикалык мазмундуулугу менен шартталат. Бирок андайча баяндоочтору чыгыш жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон сүйлөмдөрдө ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн семантикалык мазмундуулугунун эч кандай ролу жок болот. Мына ушул жагынан баяндоочтору жатыш жөндөмөдөгү зат атооч сөздөрдөн болгон сүйлөмдөрдөн айырмаланып турушат. Ачыгыраак айтканда, сүйлөм ээлери кандайча семантикадагы сөздөрдөн болушса да, чыгыш жөндөмөдөгү баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөргө таасир тийгизе алышпайт. Чыгыш жөндөмөдөгү баяндооч сөздөр өз табиятына жараша гана ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн бул, же тигил мүнөздөгү кырдаалдарын баяндап турушат.

а) Чыгыш жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон баяндоочтор орун, багыт семантикасындагы сөздөрдөн болушса, мындай баяндоочтор сүйлөм ээлеринин чыгыш ордун, башталыш ордун, же жөн эле ордун билдиришет, баяндашат.

Мисалы: 1. **Биз шаарданбыз.** 2. **Сурмаш Жар-Таштан.** 3. **Сен Алматыдансыңбы?**

б) Чыгыш жөндөмөдөгү зат атоочтук баяндоочтор нерселик объектилик семантикадагы, же абстрактык мааниде колдонулган сөздөрдөн болушса, мындай баяндоочтор сүйлөм ээлеринин төмөнкүчө кырдаалдарын баяндашат.

1) Сүйлөм ээлеринин чыгыш объектисин, кимден экендигин баяндашат: 1. **Бул кат Түлкүбектен** (К. Ж.). 2. **Алдагы белек жолдошумдан** ж. б.

2) Контекске карай сүйлөм ээлеринин чыгыш ордун, же чыгыш объектисин баяндап турушу ыктымал: 1. **Бул эски досторумдан.** 2. **Тигилер бирге иштешкен жолдошторумдан.** ж. б.

3) Сүйлөм ээлеринин себебин баяндашат: 1. **Түркүн чалдын кыйытып айткан сөзү да ушул себептен** (Ш. Б.). 2. **Бат сакайып кетиши жакшы дарыдан.** 3. **Бул тырык октон.** 4. **Сабакка жетише албаганың сенин түшүнбөгөндүгүңдөн.** 5. **Терең билим алуу тырышып окуудан.** ж. б.

4) Сүйлөм ээси болуп түшкөн сөздөрдүн материалын, эмнеден жасалгандыгын, тегин баяндашат: 1. **Бул сыя челек мрамордон.** 2. **Бул жоолук чыттан.** 3. **Бул чертмек арчадан, абдан үндүү.**

в) Чыгыш жөндөмөдөгү зат атоочтордон болгон баяндоочтор мезгил семантикасындагы сөздөрдөн болушса, сүйлөм ээлеринин мезгил өлчөмүн баяндашат да, жалпы эле өлчөм семантикасындагы сөздөрдөн болушса, сүйлөм ээлеринин аралыкты салмак, дагы ушулар сыяктуу өлчөм кырдаалдарын баяндашат.

Мисалы: 1. **Бул конфеттер килограммдан.** 2. **Тигил кездеменин метри он сомдон.** 3. **Кезүүбүз бир айдан.** ж. б.

т) Жогоруда белгиленип өтүлгөн атооч, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү зат атоочтук баяндоочтор суроолуу **-бы, күдүк -дыр** уландыларында турушу да ыктымал. Бул уландылар ошол өзүлөрү жалганып турган атооч, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдөгү баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөргө суроо, же күдүктүк маани берип турушат.

Мисалы: 1. **Мүмкүн, сен ошол айылдандырсың.** 2. **Кайратсыз адам уулбу!** (Ж. Т.). 3. **Ал азыр шаардабы?** ж. б.



### Катыштык (көмөкчү) сөздөр тутумдашып турган зат атоочтук баяндоочтор

Атооч, барыш, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү зат атоочтордон болгон баяндоочторго көмөкчү сөздөр тутумдашып да айтыла берет. Ал көмөкчү сөздөр ошол өзүлөрү тутумдашып турган зат атоочтук баяндоочторго ар түрдүү кошумча маани беришет, чак маанилерин өзгөртүшөт. Мына ушундайча составдагы баяндоочтук комплекстерди көмөкчү сөздөрдүн түрлөрүнө карай төмөнкүчө көрсөтүүгө болот:

**§ 150.** Атооч, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү зат атоочтордон болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин бул, же тигил мүнөздөгү учур чактагы кырдаалдарын баяндашат. Башка бир шарттарда ушул эле жөндөмөлөрдө турган баяндоочтор сүйлөм ээлеринин ар кыл мүнөздөгү өткөн чактагы, же келер чактагы кырдаалдарын баяндап калышы да мүмкүн, заттык баяндоочтордун сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү мындайча маанилери көмөкчү сөздөрдүн жардамы аркылуу жүзөгө ашырылат.

1) Эгерде, зат атооч сөздөрдөн болгон баяндоочторго **эле** деген көмөкчү сөз айкалышып турса, андай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин өткөн чакта ким-эмне экендигин, ордун, материалы эмнеден экендигин жана өкүнүүнү билдирип турушат.

Мисалы: 1. **Күкүгүң эле Токтогул,**
**Күн тийбес жерге айдалды** (Токтогул).
2. **Тулпар элем чабылган** (Токтогул).
3. **Кедей жашы, кандай, ага берген жаш элең,**
**Кедей каны, кандай, ага берген кан элең** (Ж. Т.).
4. **Ал колхоздо эле.** 5. **Жоголгон комузум өрүктөн эле.**

2) Зат атоочтордон болгон баяндоочторго көмөкчү сөздүк милдет аткаруучу **сыяктуу** деген жөлөкчүл сөз тутумдашып турса, мындай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин сыпат, болжоо мүнөзүндөгү заттык белгисин баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Сурнай тарттырып тамаша салуу адат болгон**[1] **сыяктуу** (К. Ж.). 2. **Барагы бүктөлгөн китеп кабыргасы сынган адам сыяктуу** (Ш. Б.).

---

[1] Мында *болгон* деген көмөкчү сөз белгиленген баяндоочтук комплекске өткөн чак маанисин берип турат.

3) Сүйлөмдүн зат атоочтук баяндооч мүчөлөрүнө **сыяктанат, көрүнөт** деген көмөкчү сөздөр айкалышып турган болсо, буларга окшогон баяндоочтук комплекстер ээ болуп түшкөн сөздөрдүн күдүк мүнөздөгү белгисин, сапатын баяндашат жана бул көмөкчү сөздөрдүн чак формасына карай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин өткөн, келер, учур чактардагы кырдаалдарын баяндашып турушу да мүмкүн.

Мисалы: 1. **Элдин ишине жарай турган азамат көрүнөт** («Элчи бала», жомок). 2. **Ал колдон сыяктанат.** 3. **Жумаш Чатыр-Көлдө көрүнгөн.**

4) Зат атоочтук баяндоочторго **тура, турбайбы** деген көмөкчү сөздөр айкалышып турушса, аларга окшогон баяндоочтор ээ болуп келген сөздөрдүн айтуучу тарабынан капысынан байкалган салыштыруу мүнөздөгү заттык абалын баяндашат.

Мисалы: 1. **Даакылуу тайлактай тартайган неме тура** (Ш. Б.). 2. **Ой, Сапар, сен киши сөлөкөтү бар куурай турбайсыңбы** (Ш. Б.). 3. **Ал баягы Асан тура.**

5) Атооч, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү зат атоочтук баяндоочторго **экен** деген катыштык сөз көмөкчү сөз болуп келсе, мындай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин төмөндөгүчө кырдаалдарын баяндашат.

а) Сүйлөм ээлеринин капысынан байкалган заттык кырдаалы баяндалат.

Мисалы: 1. **Деги өзү тың жигит экен** (Ж. Т.). 2. **Сен сыяктуу баладан сыр жашырып жүргөндүгүм ыксызыраак сактык экен** (К. Ж.). 3. **Сулуу кыз турган кедей айыл жакын арадагы тоону этектеп аккан кичине суунун боюнда экен** (Ысык-Көл жөнүндө сөз», жомок). 4. **Өнөрдүн алды окууда экен** (К. Ж.). 5. **Ал шаардан экен.**

б) Сүйлөм ээлеринин капысынан байкалган сыпат мүнөздөгү заттык кырдаалы баяндалат.

Мисалы: 1. **Чыныбек, сен анык акылман, ашкан баатыр экенсиң** («Чыныбек», жомок). 2. **Ал абдан мыкты сыйкырчы экен** («Айдай Айнек жана күкүк», жомок). 3. **Сегиз саат кыймылдабай тактада олтуруу тозок экен** (Ш. Б.). 4. **Демек, кулдун өлүмү иттин өлүмү экен** (К. Ж.). 5. **Чачы чач экен.**

в) Айрым шарттарда **экен** деген көмөкчү сөз тутумдашып турган зат атооч сөздөр катыштык сөздөр категориясына өтүп кеткен учурлар да болот. Сүйлөмдүн мындай комплекстерден турган баяндоочторун зат атоочтук баяндоочтор катары карого болбойт.

Мисалы: 1. **Долу Музарт кузгундан**
**Күзгү кирген чагы экен** (Ж. Т.).
2. **Адам чындап айран калчуу иш экен** («Койлубай», жомок).
3. **Илгери жоокерчилик убак экен** (К. Ж.).

Ошондуктан буларга окшогон баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин заттык катыштарын баяндай алышпайт.



6) Сүйлөмдүн зат атоочтордон болгон баяндооч мүчөлөрүнө **эмес** деген көмөкчү сөз тутумдашып да айтылат. Бул көмөкчү сөздүн төмөнкүчө ролу бар:

а) **Эмес** деген көмөкчү сөз тутумдашып турган зат атоочтук баяндоочтор сүйлөм ээлеринин баяндооч тарабынан белгиленип турган заттык сапатын, же кырдаалын танат.

Мисалы: 1. **Коомдук жай ата-энеңдин үйү эмес да** (Ш. Б.). 2. **Бул жер колхоз эмес да, досум** (Ш. Б.). 3. **Кедейлик уят эмес, байлык мурас эмес** (эл макалы).

б) **Эмес** деген көмөкчү сөз тутумдашып турган заттык баяндоочтор сүйлөм ээлеринин заттык сапатын төмөндөтөт, кемитет.

Мисалы: 1. **Аларда эч кандай адамгерчилик жок, алар адам эмес** (К. Ж.). 2. **Деги өзү киши эмес.** 3. **Сага бул бир чети эне эмеспи** («Эки дос», жомок).

в) Бул **эмес** деген көмөкчү сөз баш мүчөлөрдү байланыштырып ырааттуулукка келтирип туруучу каражат катары да кызмат кылат.

Мисалы: 1. **Кулдун колу отко күймөк турсун, өзү өлсө дагы, Карабайга кеп эмес** (К. Ж.). 2. **Аның деги адам эмес. 3. Экөө өмүрүндө мындай жаман-жакшы айтышып урушкан жан эмес** (Ш. Б.). ж. б.

г) Бул зат атоочтордон болгон баяндоочторго айкалышып турган **эмес** деген көмөкчү сөздөн кийин **экен, го** деген көмөкчү сөздөр да айкалыша беришет.

Мындай учурларда сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнө бул көмөкчү сөздөрдүн ар бири өзүлөрүнө мүнөздүү болгон бул, же тигил түрдөгү ар кыл кошумча маанилерди берип турушат.

Мисалы: 1. **Бул оңой иш эмес экен** («Аксанатай менен Карасанатай», жомок). 2. **Керим Ташкенден эмес экен го.** ж. б.

7) Атооч, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү зат атоочтордон болгон баяндоочторго **«бол»** деген этиш сөз да көмөкчү сөз болуп түшүшү мүмкүн.

а) Бул **«бол»** деген көмөкчү сөз зат атоочтук баяндоочтордун аналитикалык чак формасы катарында кызмат кылат.

Мисалы: 1. **Ак эмгектен жегениң аш болот** («Акылдуу бала», жомок).
2. **Азууларын аркайтып,**
**Ат өлүгү тоо болду** (Ж. Т.).

б) Зат атоочтук баяндоочторго көмөкчү сөз болуп келген **«бол»** деген катыштык этиш тийиштүү чак уландыларында, суроо уландысында, кыймыл атоочтук формада, атоочтук формада турушу да ыктымал. **«Бол»** деген көмөкчү сөздүн дал ушул абалына (формаларына) карата зат атоочтук баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин дагы бир башкача мүнөздөгү түркүн-түркүн кырдаалдарын баяндап туруу касиетине ээ болуп турушат.

Мисалы: 1. **Максаты—хирург болуу** (Ш. Б.). 2. **Ал Түгөл болчу** (Ш. Б.). 3. **Биз дагы киши көргөн адамдардан болобуз** (Ж. Т.). 4. **Тилиңерге тишиңер күбө болсун** (Ж. Т.).

5. **Эл үчүн курман болорбуз,**
**Чабыша келсе, чабышып** (Ж. Т.).

в) Зат атоочтук баяндоочторго көмөкчү сөз болуп түшкөн **«бол»** деген сөздөн кийин башка бир этиштер да көмөкчү сөз катары айкалышып турушу мүмкүн.

Мындай баяндоочтук комплекстер ошол көмөкчү сөз болуп келген этиштердин семантикалык мазмундуулугуна жана чак формаларына карата сүйлөм ээлеринин дагы-дагы, башка-башка түрдөгү кырдаалдарын баяндоо касиетине ээ болуп турушат.

Мисалы: 1. **Биздин бактыбызга, жездең мейримдүү эпчил жигит болуп чыкты** (К. Ж.). 2. **Бир заманда байлык, бакыт, акыл — үчөө жолдош болуп жүрүштү** («Байлык, бакыт, акыл», жомок). 3. **Алай тараптан бутташып келген бир мергенчи болуп жүрөм** (К. Ж.). 4. **Тил коомдук көрүнүш болуп саналат.** ж. б.

г) Заттык баяндоочторго тутумдашып турган бул белгилеңип өтүлгөн көмөкчү сөздөрдөн кийин дагы башка түрдөгү көмөкчү сөздөр да айкалыша беришет. Ошол көмөкчү сөздөргө карай зат атоочтук баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин дагы өзгөчө түрдөгү кырдаалдарын баяндоо касиеттерине ээ болуп турушат.

Мисалы: 1. **Асанкайгы абдан акылдуу киши болгон экен** («Жаныбек хан жана Мырзатөлө», жомок). 2. **Бул кайсы жазуучу болду экен** (Ш. Б.). 3. **Кымырылбаган кыз болчу беле** (Ш. Б.). ж. б.

8) Атооч, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдөгү зат атоочтук баяндооч мүчөлөргө «де» деген этиш да көмөкчү сөз болуп келет. Мына ушул «де» деген катыштык категорияга өтүп кеткен көмөкчү сөз тутумдашып турган зат атоочтук баяндоочтор сүйлөм ээлеринин төмөндөгүчө заттык кырдаалдарын баяндашат:

а) Зат атоочтук баяндоочтор өзүлөрүнө айкалышып турган «де» деген көмөкчү сөздүн чак формаларына карай сүйлөм ээлеринин тийиштүү чактагы (өткөн, же учур чактардагы) заттык кырдаалдарын баяндашат. Ал эми, бул «де» деген көмөкчү этиштин өзү болсо жак уландылары менен да өзгөрүп турат да, анын (көмөкчү сөздүн) мына ошол жак уландыларына карай сүйлөм ээлеринин заттык кырдаалдары тийиштүү жактар тарабынан (I жак, же II жак тарабынан, же III жак тарабынан) билдирилген маалымат катары баяндалат.

Мисалы: 1. **Группанын старостасы Кармыш Супаев дегенмин** (Ш. Б.). 2. **Ушундай болуп Искендер чекеге чыккан чыйкан деңиз** (Ж. Т.). 3. **Мени билгендер баатыр Жолой дейт** (К. Ж.). 4. **Күң дебейин, гүл дейин** (К. Ж.).



б) Мындай баяндоочтук комплекстер суроолуу **-бы** уландысында турушу да ыктымал. Андай учурда **-бы** уландысы «де» деген көмөкчү этиш менен биригип кетет.

Мисалы: 1. **Биздин өгүзүбүздү алган неме кичине бойлуу сары киши бейм** («Үч бир туугап», жомок). 2. **Аның шаарда бейм.** ж. б.

в) Буларга окшогон зат атоочтук баяндоочторго көмөкчү сөз болуп түшкен «де» деген катыштык этиштен кийин башка этиш сөздөр да көмөкчү сөз катары келе беришет.

Мисалы: 1. **Тиги чыгыштагы чоң коктуну Демей деп коёбуз** (К. Ж.). 2. **Биздин республика Советтик Социалисттик Кыргыз Республикасы деп аталат.**

Азыркы кыргыз тилинде көп учурларда мындайча курулуштагы баяндоочтук комплекстердин составындагы «де» деген катыштык бөлүгү түшүп калып да айтыла берет.

Мисалы: 1. **Ошондуктан эл аны Ысык-Көл атаптыр** («Ысык-Көл жөнүндө сөз», жомок). 2. **Коомдун, жаратылыштын көрүнүшү, касиети, өнүгүшү жөнүндө бардык илимдерге туура багыт берүүчү илим марксизм-ленинизм аталат.**

г) «Де» деген көмөкчү сөз тутумдашып турган зат атоочтук баяндоочтордон кийин башка көмөкчү сөздөр да айкалыша беришет. Алардын ар бири сүйлөмдүн зат атоочтук баяндоочторуна өзүлөрүнө мүнөздүү бул, же тигил түрдөгү ар кыл кошумча маанилерди берип турушат.

Мисалы: 1. **Туура сөздү билбеген**
**Жалганчы бар дечүү эле** (Токтогул).
2. **Тиги жерди башта Жарды-Суу дечү элек.** 3. **Суусу аз болгондугу үчүн Жарды-Суу дечү экен.** ж. б.

в) Зат атоочтук баяндоочторго **жатат, турат** деген катыштык этиштер да көмөкчү сөз болуп келишет. Мындай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин себебин билдирип турушат.

Мисалы: 1. **Маселе ушунда жатат** (Ш. Б.). 2. **Сөз Асейинде турат.** ж. б.

9) Жөлөкчүл сөздөр тутумдашып турган зат атоочтор да баяндоочтук милдет аткарышат. Мындай жөлөкчүл сөздөр айкалышып турган зат атоочтордун баяндоочтук милдети андай комплекстердин сөнчүл орун тартиби менен шартталган. Антке-ни, жөлөкчүл сөздөр көмөкчү сөз катары келе алышпайт. Зат атоочтук баяндоочтордун аналитикалык баяндоочтук формасы катары кызмат кыла алышпайт. Алар ошол баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөргө кошумча лексикалык, же катыштык гана маани беришет да, баяндоочтук милдет аткаруучу зат атоочтор менен ажыралгыс биримдикке келишип, субстантташып кетишкен болот.

Мисалы: 1. **Биринчи семинар «Коммунисттик партиянын манифести» жөнүндө** (Ш. Б.). 2. **Биздин багытыбыз шаарды карай.** 3. **Сага берилген бул сыйлык жакшы ишиң үчүн.** ж. б.

10) Тууранды зат атоочтор[1] да баяндоочтук милдет аткарышат. Башка зат атоочтор сыяктуу эле, тууранды зат атоочтордун да баяндоочтук милдети алардын сөнчүл орун тартиби менен шартталган. Тууранды зат атоочтордон болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин тууроо, белги, сын мүнөзүндөгү кырдаалдарын баяндашат.

Мисалы: 1. **Базар ичи — ызы-чуу, кыжы-кужу** («Алтын шакек», жомок). 2. **Эл арасы — уу-дуу)** (Ш. Б.). 3. **Айланасы — опур-топур, кыжы-кужу, уу-чуу** (Ш. Б.). 4. **Бул кандай кыйкырык.**

Тууранды зат атоочтордон болгон баяндоочторго көмөкчү сөздөр айкалышып да айтыла берет.

Мисалы: 1. **Кумаранын оозун ачса, толгон алтын жарк эте түшөт** («Молдонун азабы», жомок). 2. **Суу сепкендей жалп этеби жаш көңүл** (Ж. Т.). 3. **Кайрат мулуң этти** (Ш. Б.). 4. **Анын бүткөн бою ымыр-чымыр болуп кетти** (К. Ж.).[2]

## Барыш жөндөмөдөгү заттык баяндоочтор

**§ 151.** Барыш жөндөмөдөгү заттык, же ат атоочтук баяндоочтор III жактагы сүйлөм ээлери менен гана байланышта болушат да, анын (сүйлөм ээлеринин) жумшалыш объектиси, же орду, же мезгили катары түшүшөт.

Мисалы: 1. **Бул иштер эртеңкиге, булары азыркыга.** 2. **Бул китеп Аманга. Тигил эгиндер заготпунктка бы?** 3. **Булар жолдошторуна, анысы өзүнө.** 3. **Тигил оюнчуктар кимге?** ж. б.

Барыш жөндөмөдөгү зат, же ат атоочтордон болгон баяндоочтор жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү заттык баяндоочторго караганда өзгөчө касиетке ээ. Анын мындайча мүнөздөгү касиети болсо, мындан мурдагы баяндоочтук түзүлүшү жана баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөр бөлүктөрүндө көрсөтүлгөндөй, барыш жөндөмөдөгү сөздөрдүн баяндоочтук милдети кийин гана калыпташа баштагандыгы менен мүнөздөлөт. Аталып өтүлгөн сөз түркүмдөрүнөн болгон барыш жөндөмөдөгү баяндооч сөздөрдүн, негизинен, I жана II жактагы ээлик милдет аткаруучу сөздөр менен байланышта, катышта сейрек учурларда гана кездешиши мына ушул кырдаал менен түшүндүрүлөт.

---

[1] Кыргыз тилинде тууранды сөздөр өзүнчө сөз түркүмү катары алынып жүрөт (Д. Исаев, Кырг. тил. гр., I, морфология, Ф., 1960), буга арналган айрым илимий эмгектер да бар (С. Кудайбергенов, Кыргыз тилиндеги тууранды сөздөр, Ф., 1959). Албетте, жогоруда көрсөтүлгөн эмгектерге тууранды сөздөрдүн өзүнчө сөз түркүмү катары алынышына каршы эмеспиз. Өзүнчө сөз түркүмү катары алынышы анын практикалык жактан өздөштүрүлүш жагын жеңилдетет. Ошондой болсо да, бул көрсөтүлгөн тууранды сөздөр табияты жагынан зат атооч сөздөрдүн касиетине туура келип тургандыктан, тууранды зат атоочтор деген термин менен бердик.

[2] Тууранды зат атоочтор, көбүнчө, кош айтылат; жеке сынар түрүндө айтылганда, көп учурларда көмөкчү сөздөр тутумдашып турат.



Бул барыш жөндөмөдөгү зат жана ат атоочтук баяндоочтор суроолуу **-бы,** күдүк **-дыр** уландыларында турушу да, же алар-га көмөкчү сөздөр айкалышып турушу да ыктымал.

Мисалы: 1. **Ой, жигит, алдагы жүктөр силердин колхозуңарга болсо керек.** 2. **Баары бизгеби?** 3. **Бүт эле силергедир.** ж. б.

Мындай учурларда белгиленип өтүлгөн уландылар менен катыштык сөздөр, бир жагынан, сүйлөмдүн барыш жөндөмөдөгү баяндооч мүчөлөрүнө суроолуу, күдүк жана башка ар кыл кошумча маани берип турушса, экинчи жагынан, толук түрдө предикативдик касиетке, формага ээ болуп турушун шарттоочу каражат катары да кызмат кылышат.

## Сын атоочтук баяндооч

Сын атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор өзүлөрүнүн грамматика-семантикалык табиятына карай сүйлөм ээлеринин төмөндөгүчө кырдаалдарын баяндашат.

**§ 152.** Түп сын атоочтордон болгон баяндоочтор, негизинен, сүйлөм ээлеринин сапат, өң, тулку мүнөзүндөгү кырдаалдарын баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Күч бербеген тулпардан сүт берген уй жакшы** («Жээренче чечен», жомок). 2. **Ушинтип чиренип калмай адетиң жаман** (Ш. Б.).

3. **Күрпөң-күрпөң жүгүртүп,**
**Күлүктү минсең—бир кызык,**
**Ай далынды кубантып,**
**Асылды кийсең — ал кызык** (Токтогул).

4. **Анын үстүнө, биринчи курстарда материал татаал жана арбын** (Ш. Б.).

Бул келтирилген мисалдарда баяндооч сөздөр сүйлөм ээлеринин сапат кырдаалдарын баяндашты.

1. **Алтын сары, жез сары,**
**Колоо сары, мис сары** (К. Ж.).

2. **Көзү кара, өңү акжуумал** (Ш. Б.).

Берилген мисалдарда сүйлөм ээлеринин өңү баяндалды.

1. **Булардын кайсынысы чоң** («Булардын кайсынысы чоң», жомок). 2. **Үйү тар жана жапыс.** 3. **Билериги жумуру.**

Мында болсо баяндооч сөздөр сүйлөм ээлеринин көлөм, өлчөм, тулку кырдаалдарын баяндап турушат.

1. **Алачык ичи өтө эле ала көлөкө** (К. Ж.). 2. **Аудитория жымжырт** (Ш. Б.). 3. **Булар али жаш** (Ш. Б.).

Бул мисалдарда баяндооч сөздөр сүйлөм ээлеринин абал мүнөзүндөгү кырдаалдарын баяндап турушат.

**§ 153.** Сын атооч сөздөр курандылардын жардамы аркылуу да жасалат. Андай курандылардын жардамы аркылуу жасалган жасалма сын атоочтордон болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин мындайча кырдаалдарын баяндашат:

а) Бир сын атооч сөздөн экинчи бир сын атооч сөз жасоочу курандылардын жардамы аркасында жасалган сын атоочтук баяндооч мүчөлөр сүйлөм ээлеринин салыштырма сынын баяндашат.

Мисалы: 1. **Айлыбыз чачырандыраак.** 2. **Бул тигинден көгүш.** 3. **Анысы акчыл да, тигиниси саргылт, а бул болсо кызгылтым.** ж. б.

б) Курандылардын жардамы аркылуу башка сөз түркүмдөрүнөн жасалган сын атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор ошол сын атооч жасоочу куранды жалгоолордун табиятына карай сүйлөм ээлеринин ар түрдүү кырдаалдарын баяндашат.

1) **-луу** курандысынын жардамы аркылуу жасалган сын атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин заттын сапатын, заттык белгисин баяндашат.

Мисалы: 1. **Менден жазгы жамгыр күчтүү** («Баарынан күчтүү», жомок). 2. **Баарысы тең көңүлдүү, шайыр** (Ш. Б.). 3. **Кыргызстандын жери тоолуу.** 4. **Бирок ал жол өтө коркунучтуу** (Ш. Б.).

Айрым учурларда зат атоочтордон башка сөз түркүмдөрүнөн да **-луу** курандысынын жардамы аркылуу сын атооч сөздөр жасалат. Бирок, кандай сөз түркүмү болсо да, **-луу** жалгоосунда туруу менен заттанып кетет. Ошондуктан **-луу** курандысынын жардамы аркылуу зат атоочтордон жасалган сын атоочтук баяндоочтор сүйлөм ээлеринен кандайча мүнөздөгү кырдаалдарын баяндап турушкан болсо, мындай сын атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор да сүйлөм ээлеринин ошондойчо мүнөздөгү эле кырдаалдарын баяндоо касиетине ээ болуп турушат.

Мисалы: 1. **Бул касиет куттуктоого татыктуу** (Ш. Б.). 2. **Бети кызылдуу, денеси чымыр.** 3. **Айтор, толукшуган жаш жигиттин тулку бою көзгө толумдуу** (Ш. Б.).

2) Сын атооч сөздөр **-сыз** курандысынын жардамы аркылуу да жасалат. Бука окшогон **-сыз** жалгоосунун жардамы аркылуу жасалган сын атоочтук баяндоочтор да сүйлөм ээлеринин заттык сапатын, белгисин баяндашат. Бирок **-луу** жалгоосундагы сын атоочтук баяндоочторго караганда карама-каршы маанилүү болушат. Башкача айтканда, **-луу** курандысынын жардамы аркылуу жасалган сын атоочтордон болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин тийиштүү заттык сапатка, же белгиге ээ экендигин баяндап турушса, **-сыз** курандысынын жардамы аркылуу жасалган сын атоочтордон болгон баяндоочтор, анын тетирисинче, сүйлөм ээлеринин тийиштүү заттык сапатка, же белгиге ээ эмес экендигин билдиришет.

Мисалы: 1. **Байкасам, ал күнөөсүз** (Ш. Б.). 2. **Ал жер суусуз да, чөпсүз да.** 3. **Досуң жаткан акылсыз** ж. б.

3) **-дай** курандысынын жардамы аркылуу жасалган сын атоочтордон болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин салыштыруу түрүндөгү кырдаалдарын баяндашат.



Мисалы: 1. **Бою ноода чыккан кырчын талдай, кашы жаңы тууган айдай** (К. Ж.). 2. **Аттары ыргайдай, өздөрү торгойдой.** («Эки дос», жомок). ж. б.

**§ 154.** Сүйлөмдүн күчөтмө сын атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтору, бир жагынан, ээ болуп түшкөн сөздөрдүн күчөтүлгөн сапат, өң, тулку мүнөзүндөгү кырдаалдарын баяндап турушса, экинчи жагынан, сүйлөм ээлеринин салыштыруу мүнөзүндөгү кырдаалдарын баяндоо касиетине да ээ болуп турушат.

Мисалы: 1. **Эмгек этип жашыңдан,**
**Элге жаксаң—эң кызык** (Токтогул).
2. **Ал абдан кызыл.** 3. **Бул өтө бийик.** ж. б.

Бул берилген мисалдарда сүйлөмдүн **эң кызык, абдан кызыл, өтө бийик** деген баяндооч мүчөлөрү жай сын атоочтордон болгон баяндооч сөздөргө караганда сүйлөм ээлеринин өң, сапат, тулку кырдаалдарын салыштыруу иретинде күчөтүп көрсөтүп турушат.

Сүйлөм ээлеринин сапат, өң, тулку жана башка мүнөздөгү салыштыруу иретиндеги күчөтүлгөн кырдаалдарын билдирүүчү, баяндоочу күчөтмө сын атоочтук баяндооч сөздөр төмөнкүчө курулушта болушат:

а) Жай сын атооч сөздөргө, **эң, өтө, абдан** деген жардамчы (бөлүкчө) сөздөрдүн тутумдашып турушу аркылуу: 1. **Максатың абдан жакшы** (Ш. Б.). 2. **Дайыма суунун ичинде жүрүп иштөө өтө оор да** (К. Ж.). 3. **Кайра жараштырып коёлу дегениңиз эң жакшы** (К. Ж.).

б) Жай сын атооч сөздөргө функционалдык күчөтмө катыштык сөздөрдүн айкалышып турушу аркылуу: 1. **Ал аябагандай жүрөктүү, шумдуктуудай чыдамкай.** 2. **Ал шумдук кызыл.** ж. б.

в) Жай сындардын кайталанып кош айтылышы (редупликация) аркылуу: 1. **Алмаларынын баары кызыл-кызыл, чоң-чоң экен.** 2. **Зымылдап ичи таптаза, салкын.** ж. б.

**§ 155.** Айрым бир шарттарда жай сын атоочтордон болгон баяндоочтор да сүйлөм ээлеринин салыштыруу мүнөзүндөгү сапат, өң, тулку жана башка кырдаалдарын баяндап калышы мүмкүн. Андай баяндоочтордун сүйлөм ээлеринин салыштыруу мүнөзүндөгү күчөтүлгөн сапат, өң, тулку кырдаалдарын билдиришинде айкындооч мүчөлөр чоң роль ойнойт.

Мисалы: **Улак алда канча шандуу, элпек** (Ш. Б.).

Мында **алда канча** деген айкындооч сөздүн таасири астында **шандуу, элпек** деген баяндооч сөздөрдүн маанилери күчөтүлүп турат.

Эгерде, жай сын атоочтордон болгон баяндоочторго чыгыш жөндөмөдөгү айкындооч сөздөр багынып турган болсо, андай баяндооч сөздөр сүйлөм ээлеринин салыштырма мүнөздөгү сапат, өң, тулку кырдаалдарын баяндашат.

Мисалы: 1. **Ормон Асандан акылдуу жана билимдүү.** 2. **Бул тигинден көк.** ж. б.

Же жай сын атоочтордон болгон баяндооч сөздөргө **көрө** деген катыштык сөз тутумдашып турган чыгыш жөндөмөдөгү айкындооч сөздөр, **караганда** деген функционалдык катыштык сөз тутумдашып турган барыш жөндөмөдөгү айкындооч сөздөр багынып турушса да, ошол айкындоочтук комплекстердин таасири астында сүйлөмдүн жай сын атоочтук баяндоочтору ээ болуп түшкөн сөздөрдүн салыштыруу мүнөзүндөгү өң, сапат, тулку кырдаалдарын баяндап калышат.

Мисалы: 1. **Андан көрө бул жакшы.** 2. **Абылга караганда Абдыш өтүмдүү.** 3. **Көктөн көрө сары жарашыктуу.** ж. б.

**§ 156.** Сын атооч сөздөрдөн болгон баяндоочторго көмөкчү сөздөр айкалышып турушу да мүмкүн. Андай көмөкчү сөздөр тутумдашып турган сын атоочтук баяндоочтук комплекстер ошол көмөкчү сөздөрдүн өзгөчөлүгүнө карай сүйлөм ээлеринин төмөнкүчө кырдаалдарын баяндап турушат:

а) Сын атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин ошол сөз жүрүп жаткан мезгилдеги (учур чактагы) кырдаалдарын баяндашат. Ал эми, **эле** деген көмөкчү сөз айкалышып турган болсо, аларга окшогон сын атоочтук баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин өткөн мезгилдеги өң, сапат, тулку жана башка мүнөздөгү кырдаалдарын баяндашат.

Мисалы: 1. **Анын ичи кайгы, кабагы бүркөө эле** (К. Ж.). 2. **Башта бул өтө кызыл эле.** ж. б.

б) Баяндоочтук милдет аткаруучу сын атоочторго **экен** деген көмөкчү сөз айкалышып турса, мындайча составдагы баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин башка бирөө тарабынан белгилүү болгон, же айтуучу тарабынан капысынан байкалган сапат, өң, тулку мүнөзүндөгү кырдаалдарын баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Ал билимдүү экен, ишеничибизди актаар.** 2. **Балам, жаш экенсиң, тилегениңе жетээрсиң.** 3. **Жапалактын зайбы күн десе күндөй, ай десе — айдай сулуу экен** («Жапалактын зайбы», жомок). 3. **Угушума караганда, ал жигит акылдуу экен, өмүрүндө кор болбос.**

в) Баяндоочтук милдет аткаруучу сын атоочторго **эмес** деген көмөкчү сөз айкалышып турса, бул **эмес** деген көмөкчү сөздүн таасири астында сүйлөм ээлеринин негизги баяндоочтук сыпар болуп түшкөн сын атооч тарабынан белгиленип турган сапат, өң, тулку сын кырдаалдары танылып турат.

Мисалы: 1. **Мындан бул кызыл эмес.** 2. **Бөтөн жерде жүргөнүбүз жакшы эмес экен** («Эки дос», жомок). 3. **Ал анчалык чон эмес.**

Эгерде, **эмес** деген көмөкчү сөз суроолуу **-бы** уландысында турган болсо, мындай сын атоочтук баяндоочтор сүйлөм ээлеринин тийиштүү сын даражасын тануу касиетине ээ боло алышпай калат. Кайра аның тетирисинче, сүйлөм ээлеринин тийиштүү сын даражаларын билдирүүчү, баяндоочу сөздөргө бышыктык маани берип турушат.



Мисалы: 1. **Сенин көзүң курч эмеспи, карачы, тиги эмне экен?** («Эки дос», жомок). 2. **Өңү боз эмеспи, чаң басканы көп билинбейт.** 3. **Балам, акылдуу эмессиңби, жиндиге теңелбе.**

г) Баяндоочтук милдет аткаруучу сын атоочторго **окшойт, сыяктанат, көрүнөт, го** деген көмөкчү сөздөр айкалышып турушса, буларга окшогон сын атоочтук баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин болжолдуу, күдүк мүнөздөгү сын даражаларын баяндап калышат. Мисалы: 1. **Баарынан үмүт улуу окшойт** («Дартына даба болгон экен», жомок). 2. **Ал жигит кайраттуу көрүнөт.** 3. **Эшик азыр ысык го.** ж. б.

д) **«Бол»** деген катыштык функциядагы этиш сөз да сын атоочтордон болгон баяндоочторго көмөкчү сөз болуп түшөт. Бул көмөкчү сөз («бол») тийиштүү чак формалары менен өзгөрүп, өзү тутумдашып турган сын атоочтук баяндоочтук комплекстердин сүйлөм ээлеринин өтүп кеткен, же учур чактагы, же келечеки сын даражаларын баяндап турушун шарттап турат.

Мисалы: 1. **Сенин жолуга калганың жакшы болду** («Дартына даба болгон экен», жомок). 2. **Кыз боорукер болот** («Дартына даба болгон экен»). 3. **Бир аздан кийин кызыл болот.** 4. **Азыр силерге оор болуп жатат.** ж. б.

Жогоруда белгиленип өтүлгөн көмөкчү сөздөр сын атоочтордон болгон баяндооч мүчөлөргө тийиштүү мүнөздөгү кошумча маани берүү менен бирге, алардын аналитикалык баяндоочтук формасы катары да келишет. Натыйжада, көрсөтүлгөндөй сын атоочтук баяндоочтук комплекстер туруктуу баяндоочтук формага ээ болушуп, алардын орун тартиби стилдик ыкмага карай эркин түрдө өзгөрүлө берет.

**§ 157.** Баяндоочтук милдет аткаруучу сын атооч сөздөр I, II жактардагы ат атоочтордон болгон сүйлөм ээлерине байланышып турушса, ошол ээ болуп келген сөздөргө карай баяндооч сөздөр тийиштүү жак уландылары менен өзгөрүп турушат.

Мисалы: 1. **Сен андан чыдамдуусуң.**
2. **Атка салган дилдейсиң,**
**Ачылган кызыл гүлдөйсүң** (Токтогул).

Бул жак уландылары болсо ошол сын атоочтук баяндоочтордун синтетикалык баяндоочтук формасы катары келишет.

Сын атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор суроолуу **-бы, -дык -дыр** уландылары менен да өзгөрүлө беришет. Бул уландылар андай баяндоочтордун суроо, же мааниде болушун шартташат.

Мисалы: 1. **Эшикте суукпу?** 2. **Мүмкүн, ал кино кызыктыр?** ж. б.

Мындай учурда да бул көрсөтүлгөн суроолуу жана күдүк уландылары сын атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтордун синтетикалык баяндоочтук формасы катары келишкен болот.

Жалпысынан, сын атооч сөздөр бул, же тигил түрдөгү сөз өзгөрүү формаларына учурабай турган болсо, алардын баяндоочтук милдети сончул орун тартиби менен шартталат. Ал эми, сын атооч сөздөр жак, суроолуу, күдүк, уландыларында турган болсо, бул сөз өзгөрүү формалары алардын синтетикалык баяндоочтук формасы болуп түшөт. Көмөкчү сөздөр болсо сын атоочтук баяндоочтордун аналитикалык баяндоочтук формасы катары келишкен болот.

Сын атоочтук баяндоочтордун сүйлөм ээлеринин бул, же тигил мүнөздөгү кырдаалдарын баяндашында мына ушул белгиленген структуралык бөтөнчөлүктөрү маанилүү ролдо ойношот.

## Сан атоочтук баяндооч

**§ 158.** Сан атооч сөздөрдөн болгон баяндооч мүчөлөр, негизинен, сүйлөм ээлеринин санын, иретин баяндап турушат. Бирок сан атоочтук баяндоочтордун сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилерин бул көрсөтүлгөн ченем менен чектеп коюуга болбойт. Дайым эле ээ болуп түшкөн сөздөрдүн так санын, иретин баяндап турат деп түшүнүү жетишсиздик кылат. Сүйлөм ээлеринин чамалуу, болжолдуу санын, же бүтүндүн бөлүгү экендигин билдирип турушу да мүмкүн. Баяндоочтук милдет аткаруучу сан атоочторго көмөкчү сөздөр айкалышып, же алар жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдө, суроолуу **-бы**, күдүк **-дыр** уландыларында турушуп да, сүйлөм ээлеринин дагы-дагы өзгөчө мүнөздөгү кырдаалдарын баяндашат.

Мына ушинтип, сан атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтордун сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилери ар түрдүү болот.

**§ 159.** Эсептик сан атоочтордон болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин эсебин, санын баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Отуз миң солдат, мен жалгыз,**
**Он ооз тилин билбедим.**
**Кырк миң солдат, мен жалгыз,**
**Кыжылдайт, тилин билбедим** (Токтогул).
2. **Убада бирөө гана** (Ш. Б.). 3. **Биз эки жүз элүү миллионбуз.** ж. б.

Синтетикалык жана аналитикалык ыктар боюнча жасалган чамалама, бөлчөктүк сан аточтор да жалпы жонунан эсептик сан атоочтордун түрү болуп саналат. Ошондуктан мындай сан атоочтордон болгон баяндоочтор да сүйлөм ээлеринин спецификалык мүнөздөгү санын, эсебин баяндап турушкан болот.

1) Эгерде, сүйлөмдө чамалама сан атоочтор баяндоочтук милдет аткарып турушса, андай баяндооч сөздөр сүйлөм ээлеринин чамалама, болжолдуу түрдөгү санын баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Экскурсияга барууну каалоочулар он бештей.**



2. **Биз ончобуз.** 3. **Менде болгону он чакты, сенде канча?** 4. **Бардыгыбыз жүзгө жакынбыз.** ж. б.

2) Бөлчөктүк сан атоочтордон болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин бүтүндүн тийиштүү өлчөмдөгү бөлүгү экендигин баяндашат.

Мисалы: 1. **Биздики төрттөн үчү.** 2. **Бүтүндүн жартысы жай бөлчөк менен экиден бир да, ондук бөлчөк менен ондон беш.** 3. **Жыйырма беш жыл бир кылымдын төрттөн бири.** ж. б.

**§ 160.** Иреттик сан атоочтордон болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин тийиштүү иретин баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Анын катары экинчи.** 2. **Мен жыйырманчымын, сен тогузунчусун.** ж. б.

**§ 161.** Сан атооч сөздөр жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдө, суроолуу, күдүк уландыларында турушуп да баяндоочтук милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Жашы жыйырма бештерде** (К. Ж.). 2. **Ар бир группабыз отуздан.** 3. **Кенже жетинчидедир.** 4. **Бардыгы отуз бу?** ж. б.

**§ 162.** Сан атооч сөздөрдөн болгон баяндоочторго көмөкчү сөздөр айкалышып да айтыла берет. Андай сан атоочтук баяндоочтор ошол көмөкчү сөздөрдүн катышы аркылуу сүйлөм ээлеринин дагы бир өзгөчөрөөк, башкачараак мүнөздөгү кырдаалдарын билдирүү, баяндоо касиетине ээ болуп турушат.

Мисалы: 1. **Жашы отуздан ашып калган** (К. Ж.). 2. **Баруучулар жүздөн көп, келүүчүлөр элүүгө жакын.**

Бул берилген комплекстик баяндоочтор сүйлөм ээлеринин чамалама санын билдирип турушат.

3. **Сөзүң эки болбосун, каным** («Акылдуу кыз», жомок). 4. **Биздин райондо эң биринчи жогорку билим алган ушул экөө болот** (Ш. Б.). 5. **Азыр бардыгы сегиз жүз болду.** 6. **Алар он жети экен.** ж. б.

Бул мисалдарда болсо көмөкчү сөздөр сан атоочтук баяндоочторго ар кыл чак жана модалдык маани берип турушат.

**§ 163.** Сан атоочтор таандык уландыларда турушуп да баяндоочтук милдет аткарышат.

Мисалы: 1. **Бир группанын активи да, баш көтөргөнү да экөөбүз** (Ш. Б.). 2. **Биздин орун он бешинчиси.** ж. б.

Сүйлөмдүн мындай таандык уландыда турган баяндоочтору ошол таандык уландылардын таасири алдында заттанып кетет.

**§ 164.** Көп учурларда сан атооч сөздөрдөн болгон аныктооч сөздөр аткарган милдетине карай зат атоочтук баяндоочтор менен ажыралгыс биримдикте болгон баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин сан өлчөмүн баяндап калышат.

Мисалы: 1. **Айылга чейин он сегиз чакырым.** 2. **Бир кылым — жүз жыл.** 3. **Центнер — жүз килограмма.** 4. **Алмасы эки чака.** ж. б.

**§ 165.** Ат атооч сөздөр да, башка сөз түркүмдөрү сыяктуу эле, ар кыл түзүлүштө турушуп, сүйлөмдүн баяндооч мүчөсү болуп келишет.

Мисалы: 1. **Адамдын негизги сапаты эмнеде?** 2. **Өлгөн ат чын кашка болсо — мереки, сыр кашка болсо — сиздики** («Ардаркөсөөнүн ангемеси», жомок). 3. **Эже — жездемдин ою кандай?** ж. б.

Бул келтирилген мисалдарда ат атооч сөздөр атооч, кыйыр жөндөмөлөрдө, таандык уландыда турушуп, баяндоочтук милдет аткарышты.

Ат атоочтордон болгон баяндоочторго көмөкчү сөздөр, жасуроолуу **-бы,** күдүк **-дыр** уландылары айкалышып турушу да ыктымал.

Мисалы: 1. **Сенин достугуң ушул экен да** («Эки дос», жомок). 2. **Бир көрпөнү бекер берип, же акысын кечип койсо — эмне болот** (К. Ж.). 3. **Ага сүйүнүп куттуктоочу сенби** (Ш. Б.). ж. б.

Бирок бардык эле ат атоочтор баяндоочтук милдет аткарып беришпейт. Маселен, аныктагыч, тангыч ат атоочтор сүйлөмдүн баяндооч мүчөсү болуп келе алышпайт. Алар таандык уландысы турганда гана, баяндоочтук милдет аткарышы мүмкүн.

Ат атооч сөздөрдүн түрлөрү да өтө көп, алардын ошол түрлөрүнө жараша билдирүүчү маанилери да ар түрдүү.

Ат атоочтор баяндоочтук милдет аткарган учурда, ошол белгиленип өтүлгөн түрлөрүнө жана алардын семантикалык мазмундуулугунун ар түрдүүлүгүнө карай сүйлөм ээлеринин ар кыл кырдаалдарын баяндашат.

**§ 166.** Жактама ат атоочтордон болгон баяндоочтор ээ болуп түшкөн сөздөрдүн мындайча кырдаалдарын баяндашат:

а) Сүйлөм ээлеринин кимдигин, эмнелигин, заттык абалын баяндашат. Анткени, жактама ат атоочтор зат атооч сөздөрдүн ордуна колдонулат, же башка сөз түркүмдөрүнүн ордуна келген болсо да, заттанып кетишкен болот.

Мисалы: 1. **Ошол Жолой менмин, балдарым** (К. Ж.). 2. **Берки биздин эки балага жол баштаган сенсиң** (Ш. Б.). 3. **Украиналыктардын «Жалбырак түшкөн айы» — ушул** (Ш. Б.).

б) Бирок үчүнчү жактагы жактама (шилтеме) ат атоочтордун түрү да көп жана табияты да ар кыл келет.

Маселен, **ал** деген ат атооч сөз бир түрдүү касиетке ээ болуп турса (бул ат атоочтун (**ал**) баяндоочтук милдет аткарган учурларына караганда ээлик милдет аткарган учурлары басымдуулук кылат), **бул, тигил, ошол, тетигил** деген сыяктуу жактама ат атоочтор **ал** деген ат атоочко караганда дагы бир өзгөчөөлөк мүнөздөгү касиетке ээ болуп турушат (бул атоочтордун аткаруучу ээлик, баяндоочтук милдеттери тең салмактуу келет).



Бул ат атоочтордун семантикалык мазмундуулугу да ар түрдүү. Дал ушул табиятына карай алар сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү болуп келишкенде, ээ болуп түшкөн сөздөрдүн төмөндөгүчө кырдаалдарын баяндоо касиетине ээ болуп турушат.

1) Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү **ушул, бул** деген ат атоочтордон болушса, мындай баяндоочтор ээ болуп түшкөн сөздөрдүн белги, заттык, объектилик, орун аралык кырдаалдарын баяндашат жана ал ээ болуп түшкөн нерсенин бет алдыда, жакын арада, жанында экендигин билдиришет.

Мисалы: 1. **Биздин ал-жай болсо — ушул** (Ш. Б.). 2. **Эр жетип, турмуш тизгинин өз колубузга алганыбыз — ушул** (Ш. Б.). 3. **Мендеги сыр ушул, айтаар акыл — насаатым да ушул.** 4. **Сенден сураарым — бул** («Айдагы кыз», жомок). 5. **Аалы — бул.** ж. б.

2) Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн милдетин **тигил, тетигил** деген сыяктуу ат атоочтор аткарып турушса, мындай баяндоочтор да сүйлөм ээлеринин белги, заттык, объектилик, орун-аралык кырдаалдарын баяндашат, бирок **бул, ушул** деген сөздөрдөн болгон баяндоочторго караганда сүйлөм ээлеринин бир аз ары, качыгыраак экендиги билдирилет.

Мисалы: 1. **Аалы — тигил.** 2. **Биздин айыл — тетигил.** ж. б.

3) Сүйлөмдүн баяндооч мүчөсү **ошол** деген ат атооч сөздөн болсо, мындай баяндооч ээ болуп түшкөн сөздөрдүн заттык, орун аралык кырдаалдарын баяндоо менен катар, аның (ээнин) алыс экендигин, же бул жерде жок экендигин да кошо билдирет.

Мисалы: 1. **Шайтандай азгырган ошол** (Ш. Б.). 2. **Сенин китебиң — ошол.**

4) Бул белгиленип өтүлгөн шилтеме ат атоочтордон болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин жалаң сыпат мүнөздөгү абалын баяндап турушу да мүмкүн.

Мисалы: 1. **Өгүзүңөр чөп жебесе, суусап калганы ошол** («Булардын кайсынысы чоң», жомок). 2. **Амалсыз турмуш деген ушул** (К. Ж.). 3. **Эр жигиттин мүнөзү ушул да** (Ш. Б.). 4. **Айбандын иши ошол да.** ж. б.

в) Жактама ат атоочтор жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдө турушуп да баяндоочтук милдет аткарышат.

1) Эгерде, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү жактама ат атоочтордон болгон баяндоочтор орун семантикасындагы зат атоочтордун ордуна колдонула турган болсо, андай баяндоочтор сүйлөм ээлеринин орун абалын, же чыккан, башталган ордун баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Чыныгы демократия бизде.** 2. **Ал ошерден.** 3. **Аалы ошондо.** ж. б.

2) Ал эми, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдөгү жактама ат атоочтордон болгон баяндоочтор объектилик семантикадагы зат атооч сөздөрдүн ордуна келген болсо, аларга окшогон баян-

доочтор сүйлөм ээлеринин объектилик ордун, кимде, эмнеде, кимден, эмнеден экендигин жана себебин баяндап калышат.

Мисалы: 1. **Адамдын негизги сапаты ушунда.** 2. **Ооба, ошолордонмун** (Ж. Т.). 3. **Маселе мына ушунда** (Ш. Б.). 4. **Бардык касиет мына ушундан, балдар** (К. Ж.). 5. **Шишиги ушундан** ж. б.

г) Жактама ат атоочтордон болгон баяндоочтор суроолуу **-бы,** күдүк **-дыр,** уландыларында турушуп да айтыла беришет.

Мындай уландыларда турган ат атоочтук баяндоочтор суроо, же күдүк мааниде болушат.

Мисалы: 1. **Кара оокатка калп айтып**
**Сатылгандар ушубу?**

2. **Түркүн чалдын балжыйган кемек ооз кызын алчуу менби** (Ш. Б.). 3. **Издегениң, мүмкүн, будур.** 4. **Анын китеби, балким, сендедир.** ж. б.

д) Жактама ат атоочтордон болгон баяндоочторго көмөкчү сөздөр айкалышып турушу да ыктымал. Андай баяндоочтук комплекстер ошол көмөкчү сөздөрдүн табиятына карай сүйлөм ээлеринин төмөндөгүчө кырдаалдарын баяндашат:

1) Жактама атооч атоочтордон болгон баяндоочторго эле деген көмөкчү сөз айкалышып турса, мындай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин өткөн мезгилдеги өкүнүү, эскерүү маанилериндеги объектилик кырдаалдарын баяндашат да, экен деген көмөкчү сөз тутумдашып турган атоочтук баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин капысынан байкалган объектилик кырдаалдарын баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Таңшыган булбул мен элем** (Токтогул).
2. **Алтоонун жашы жалгыз сен экенсиң.** 3. **Буудандын башы бул экен, булбулдун уулу мен элем** («Токтогул ырчынын баласы», жомок).

2) Жактама ат атооч сөздөрдөн болгон баяндоочторго эмес деген көмөкчү сөз өзү тутумдашып турган баяндооч сөзгө тануу маанисин берет да, **сыяктуу, сыяктанат, көрүнөт, го** деген көмөкчү сөздөр айкалышып турган ат атоочтук баяндоочтор күдүк, болжоо маанилеринде туруп калышат.

Мисалы: 1. **Энеси эскерткен шектүү киши дал ушул сыяктанат** («Дартына даба болгон экен», жомок). 2. **Иш анда эмес** (К. Ж.). 3. **Келаткан ошо го.** 4. **Айткан сен көрүнөсүң го.** ж. б.

Эгер, **эмес** деген көмөкчү сөз тутумдашып турган ат атоочтук баяндоочтук комплекстерге суроолуу **-бы** уландысы жалганып турган болсо, андай баяндоочтук комплекстер тануу маанисин билдире албай калат. Кайра анын тетирисинче, сүйлөм ээлеринин объектилик, орун-аралык кырдаалдарын билдирүү, баяндоо жагы бышыкталып турат.

Мисалы: 1. **Чын эле ушул эмеспи** (Ш. Б.).
2. **Биз үчүн таалай талашкан**
**Искендер ушул эмеспи** (Ж. Т.).



Же баяндооч сөздөр бүшүркөө, тандануу, болжолдуу маанилеринде да болушу ыктымал.

Мисалы: 1. **Кечеки жигит сен эмессиңби.** 2. **Чын эле сен эмессиңби.** ж. б.

ж) Мына[1] деген ат атоочтон болгон баяндооч мүчө, мейли атооч жөндөмөдө болсун, мейли жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдө турушсун, баары бир, сүйлөм ээлеринин жакын аралыкта экендигин баяндап турат.

Мисалы: 1. **Куйкалаган жүрөктү**
**Мына кайгы, мына муң** (Ж. Т.).
**2. Анын издеген Анарханы мында, өзү кайда** (К. Ж.). ж. б.

**§ 167.** Сурама ат атоочтордон болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин ким-эмнелиги, сыны, орду, мезгили, саны, ирети жөнүндө суроо маанисинде айтылат.

Мисалы: 1. **Кайдан келе жатасың, атың ким, атаң ким?** («Бөреке, Туруке, Кулуке», жомок). 2. **Аты-жөнүң ким, айта отур** («Алдаркөсөөнүн аңгемеси», жомок). 3. **Булар эмне?** ж. б.

Бул келтирилген мисалдарда сурама ат атоочтордон болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин заттык абалын белгилөөгө карай колдонулду.

1. **Баарыңар канчасыңар? Ордуң неченчи?** 2. **Атаң Жуманын айткан акылы кандай?** (К. Ж.). 3. **Самсахун аке, алың кандай?** (К. Ж.). 4. **Жыргаймын деп көксөп жүргөн Алайдын бейиши кайда?** (К. Ж.). 5. **Бирок ал чындык кана?** (К. Ж.).

Берилген мисалдарда суроо иретинде айтылган сурама ат атоочтордон болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин сан, ирет, сын, абал, орун кырдаалдарын аныктоого карай колдонулду.

Сурама ат атоочтордон болгон баяндоочтор контекске карай суроо маанисинде турбай калышы да мүмкүн.

Андай баяндоочтор ички сезимди билдирүү үчүн, көбүнчө, риторикалык речте кеңири орун алат.

Мисалы: 1. **Биз капа болуп отурган менен Ошурахундун жумушу эмне!** (К. Ж.). 2. **Жокчулук жоодон бетер артындан кубалап жүрсө, айла канча!?** (К. Ж.). 3. **Билгенде амалы канча** (К. Ж.). 4. **Бизге ага жетмек кайда.** ж. б.

Сурама ат атоочтордон болгон баяндоочтор таандык уландыларда турушу да ыктымал.

Мисалы: 1. **О, кокуй, бул эмнеси?** (Ш. Б.). 2. **Ал эмнеңиз?** 3. **Сиздики канчасы?** 4. **Мунусу кандайы?** ж. б.

Мындай түзүлүштөгү баяндоочтор сүйлөм ээлеринин заттык кырдаалдарын аныктоого карай колдонулат.

Сурама ат атоочтордон болгон баяндоочторго көмөкчү сөздөр айкалышып турушу да ыктымал. Ал көмөкчү сөздөр ошол

---

[1] *Мына* деген сөздү шарттуу түрдө ат атооч катары алдык. Тактооч катары алып жүргөндөр да бар.

өзүлөрү тутумдашып турган баяндоочторго ар кыл кошумча маани берип турушат.

Мисалы: 1. **А сенин атаң ким эле?** («Ал экөө кайра жаралган экен», жомок). 2. **Силер кандай дейсиңер?** (Ш. Б.). 3. **Ал эмне экен, Айымкан?** («Алтын шакек», жомок). 4. **Жумаш эртең кайда болот?** 5. **Ал-абалы кандай көрүнөт?** ж. б.

**§ 168.** Жалпы таандык уландыда турган ат атоочтордун бардык түрлөрү баяндоочтук милдет аткарышат. Мындай баяндооч-тор сүйлөм ээлеринин ошол баяндооч болуп түшкөн сөздөргө таандык, тиешелүү экендигин билдиришет.

Мисалы: 1. **Бул үй кимдики?** («Асыл таш», жомок). 2. **Чыныбек баатыр, мөөрөй сеники** («Чыныбек», жомок). 3. **Жыргал ушулардыкы** (К. Ж.). 4. **Бул байлык ар бирибиздики.** ж. б.

Мындай жалпы таандык уландыдагы ат атооч сөздөрдөн болгон баяндоочторго көмөкчү сөздөр айкалышып да айтыла берет.

Мисалы: 1. **Былтыр сатылган миң койдун көбү ошонуку окшойт** («Дартына даба болгон экен, жомок). 2. **Ансыз жан сеники болбойт** («Койлубай», жомок). 3. **Анан ушул байлыктын баары сеники болот деп жиберди** («Ысык-Көл жөнүндө сөз», жомок). 4. **Бул арыкты бузган эч ким эмес, аны суу жеп кеткен.** ж. б.

**§ 169.** Өздүк ат атоочтордон болгон баяндооч мүчөлөр сүйлөм ээлеринин ким-эмнелигин баяндашат.

Мисалы: 1. **Бул — өзүм.** 2. **Бар балакетти чыгарган өзүң эле** (Ш. Б.). 3. **Чабан да өзү, койчу да өзү.** 4. **Баарын кылган өзүңсүң.** 5. **Буга күнөлүү өзүбүз.** ж. б.

## Тактоочтук баяндооч

Тактооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор, бир жагынан, алардын түрлөрүнө жана семантикалык мазмундуулуктарына карай, экинчи жагынан, контекске, же сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү менен ээлеринин таасири астында ээ болуп түшкөн сөздөрдүн ар түрдүү кырдаалдарын баяндап турушат.

**§ 170.** Орун тактоочтордон болгон баяндоочтор өзүлөрүнүн семантикалык мазмундуулугуна карай, же айкындооч сөздөр менен болгон катышына карай сүйлөм ээлеринин мындайча кырдаалдарын баяндашат:

а) Орус тактоочтук баяндоочтор сүйлөм ээлеринин ордун, аралыгын баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Каныбек асканын башында** (К. Ж.). 2. **Славик болсо алдыда турду** (Ш. Б.). 3. **Айлы бир чакырымдан алыс** (К. Ж.). 4. **Ал кийин, Бейилбүбү жогору.**

б) Орун тактоочтордон болгон баяндоочторго абал, белги семантикасында сөздөрдөн турган толуктоочтор багынып турган болсо, мындай айкындооч мүчөлөрдүн таасири астында, же



сүйлөмдүн башка мүчөлөрү менен болгон катышына карай орун тактоочтук баяндоочтор сүйлөм ээлеринин сыпат, белги, абал мүнөзүндөгү кырдаалдарын да баяндап турушат.

Мисалы: 1. **Гүлайым андай жоруктардан алыс** (Ш. Б.). 2. **Абийирим кетип олтургандан көрө өлгөн өйдө** (Ш. Б.). 3. **Институт өз үйүндөй жүрөгүнө жакын.**

**§ 171.** Өлчөм тактоочтордон болгон баяндооч сөздөр сүйлөм ээлеринин өлчөм кырдаалдарын баяндашат.

Мисалы: 1. **Эрдин шыпшынып отургандар андан көп** (Ш. Б.). 2. **Ырас эле, менде күч көп** («Баарынан киши күчтүү», жомок). 3. **Биринчи курстуктар кабинетте, окуу залында жыкжыйма** (Ш. Б.). 4. **Эркектин мындай сулуусу чанда** (Ш. Б.). 5. **Жаңы келгендер аз.** 6. **Жер таштак келип, эгиндин өнүмү кем.** 7. **Иштеп тапканың ушунча, колуңа тиери мынча.** 8. **Үйүм ал жерден кырк метрче.** ж. б.

Айрым шарттарда **аз, чанда** деген өлчөм тактоочтордон болгон баяндоочтор таануу маанилерин да билдирип калышат.

Мисалы: 1. **Жолой үчүн күн менен түндүн айырмасы аз** (К. Ж.). 2. **Сени менен маектешип олтурууга убактыбыз аз** (К. Ж.). 3. **Менин өтүгүмдү жаркылдатып кийбеген шаарда кыргыз баласы чанда** (Ш. Б.).

**§ 172.** Мезгил тактоочтордон болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин мезгил кырдаалдарын баяндашат.

Мисалы: 1. **Али, күн эрте, бирок сага азыр кеч болуп калды.** 2. **Республикабыздын 40 жылдыгы быйыл.** 3. **Экзамен эртең.** ж. б. Бирок бул аталып өтүлгөн тактоочтордун бардык эле түрлөрү баяндоочтук милдет аткара беришпейт.

**§ 173.** Сыпат тактоочтордун көпчүлүк түрлөрү баяндоочтук милдет аткарышат. Андай сыпат тактоочтордон болгон баяндооч-тор сүйлөм ээлеринин төмөнкүчө кырдаалдарын баяндашат:

а) Сүйлөм ээлеринин сын-сыпатын баяндашат:

1. **О-о-о, жери кандай сонун** (К. Ж.). 2. **Кайда болсо, кошо жүргөнүңөр түзүк** (Ш. Б.). 3. **Куйрук-жалы кол менен жасап койгондой сыйда** (Ш. Б.). 4. **Азыр дагы далай жаштын көзүнөн Керечтин көзү кыйын** (К. Ж.). 5. **Жоого келбей тойго келген элден Алтын Көкүл Фаушанды ажыратып алуу оңой** (К. Ж.).

б) Сүйлөм ээлеринин психологиялык абалын баяндашат:

1. **Ызасы көзүндө кайнап алачакмак** (Ш. Б.). 2. **Көчөр менен Сатар ыза** (Ш. Б.). 3. **Жакшылыкты директорунан көргөнүнө чексиз ыраазы** (Ш. Б.). 4. **Бүгүн Касымдын көңүлү куунак** (Ш. Б.). 5. **Самсахундун сабыры суз, кабагы бүркөө** (К. Ж.).

в) Сүйлөм ээлеринин абалын баяндашат:

1. **Карыптык тарттым, кардым ач** (Токтогул). 2. **Канткен менен, жарпы жазылып, чечекейи чеч** (Ш. Б.). 3. **Гүлайым болсо суу чачышып ак чөлмөк талашып ойноп жүргөндөй жайдары** (Ш. Б.). 4. **Көңүлүм ток** (Ш. Б.). 5. **Ар ким**

**өз иши менен алек** («Молдонун азабы», жомок). 6. **Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруубуз зарыл** (К. Ж.).

г) Сүйлөм ээлеринин туруктуу белгиси катары келишет: 1. **Бардыгы кезүү** (К. Ж.). 2. **Калгандары момураган коймаарек** (Ш. Б.). 3. **Ал тордун жанында турууга гана ылайык** (Ш. Б.). 4. **Чык татырбас Чынарбайдын сараңдыгы бүткүл элге маалим** («Алдаркөсөөнүн ангемеси», жомок).

д) Сүйлөм ээлеринин сапаттык кырдаалдарын баяндашат: 1. **Аябай тоңмун да** (Ш. Б.). 2. **Жалгыз айыбы кийими жупуну** (К. Ж.). 3. **Айтчы, Гуличка, менин өңүм серт, ээ** (Ш. Б.). 4. **Аныи жаткан катуу.** ж. б.

е) Сүйлөм ээлеринин макулдук, кош көңүлдүк, табалоо, болжолдоо мүнөздөрүндөгү кырдаалдарын да баяндашат: 1. **Орой сөз болсо деле мейлиби!** (Ш. Б.). 2. **Койду кырса—мейли** («Чыныбек», жомок). 3. **Сага чала** («Чыныбек», жомок). 4. **Бар өкүмүңүзгө кулдук** (К. Ж.). 5. **Бу оюң да ыктымал, мен макулмун.** ж. б.

ж) Сүйлөм ээлеринин сыпат, сапат кырдаалдары күчөтүлүп да, тандануу иретинде да баяндалат: 1. **Татаал жолу бир шумдук** (Ж. Т.). 2. **Психологиянын айтканы чыпачын** (Ш. Б.). 3. **Айрыкча, анын көз карашы тири укмуш** (К. Ж.). 4. **Кыздын сулуулугу, сын-сыпаты ошончолук укмуш** («Ал экөө кайра жаралган экен», жомок). 5. **Капырай, Сабырбайлар ашыра албаган улакты Каныбектин ашыргандыгы укмуш** (К. Ж.).

з) Сүйлөм ээлеринин карама-каршы мааниде, же контрастык кырдаалдарын да баяндашат: 1. **Бул кылганыңар оң, тигининер тетири.** 2. **Айтканы чын, же калп; же оору, же соо.**

Тактоочтук баяндоочтордун дээрлик басымдуу көпчүлүгү контрастык мааниде колдонулат.

и) Сүйлөм ээлеринин салыштыруу, абал мүнөзүндөгү кырдаалдарын да баяндашат: 1. **Табияттын бардык көрүнүшү Каныбек үчүн бүгүн башкача** (К. Ж.). 2. **Айыл үстү күндөгүдөн башкача** (К. Ж.). 3. **Дөбөнүн айланасы түзөң** (К. Ж.). 4. **Каргаңы иле албаган туйгундан жапалак артык** («Жапалактын зайбы», жомок). 5. **Андан бул туура.** ж. б.

**§ 174.** Тактооч сөздөрдөн болгон баяндоочторго көмөкчү сөздөр тутумдашып да айтыла берет. Ал көмөкчү сөздөр тактоочтук баяндоочторго ар кыл кошумча, же чак маанилерин берип турушат.

Мындай баяндоочтук комплекстер бир составдуу тактоочтук баяндоочторго караганда сүйлөм ээлеринин дагы өзгөчөрөөк мүнөздөгү кырдаалдарын баяндоо касиеттерине ээ болуп турушат.

а) Тактооч сөздөрдөн болгон баяндоочторго **эле** деген көмөкчү сөз айкалышып турса, андай баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин бул, же тигил мүнөздөгү өткөн чактагы кырдаалдарын баяндап турушат.



Мисалы: 1. **Бирок Каныбектин ою энесине каршы эле** (К. Ж.). 2. **Алганым чын эле** («Үч бир тууган», жомок). 3. **Ишендирүү кыйын эле** (К. Ж.). 4. **Ал бир этаж төмөн эле.** ж. б.

б) **Экен** деген көмөкчү сөз өзү тутумдашып турган тактооч сөздөрдөн болгон баяндоочторго өткөн чак маанисин берет жана андай баяндоочтук комплекстердин сүйлөм ээлеринин айтуучу тарабынан капысынан байкалган бул, же тигил мүнөздөгү кырдаалдарын баяндап турушун шарттайт.

Эгерде, бул экен деген көмөкчү сөзгө суроолуу **-бы** уландысы тутумдашып турган болсо, ага окшогон баяндоочтук комплекстер айрым бир шарттарда сүйлөм ээлеринин өткөн чактагы капысынан байкалган суроо маанисиндеги тийиштүү кырдаалдарын баяндап турушса, башка бир шарттарда ээ болуп түшкөн сөздөрдүн капысынан байкалган суроо маанисиндеги тийиштүү кырдаалдарын билдире алышпай калышат, баяндоочтук милдет аткарып турган тактооч сөздөргө терс маани берүү касиетине ээ болуп турушу ыктымал.

Мисалы: 1. **Түнкүсүн ээн талаада жалгыз жол жүрүү оңой бекен** («Дартына даба болгон экен», жомок). 2. **Жер кургур ошончолук макоо бекен** (Ж. Т.). ж. б.

в) **Эмес** деген көмөкчү сөз баяндоочтук милдет аткаруучу тактооч сөздөргө тануу маанисин берип турат.

Мисалы: 1. **Үй-бүлөлөрүнүн да кейпи анчалык эмес** (Ш. Б.). 2. **Байгеге сайылган кулдун ким экендиги Түлкүбектен башкага маалим эмес** (К. Ж.). 3. **Программалары да бирдей эмес** ж. б.

Эгерде, эмес деген көмөкчү сөз айкалышып турган тактоочтук баяндоочтор суроолуу **-бы** уландысында турган болсо, аларга окшогон баяндоочтук комплекстер тануу маанисин билдире алышпайт, кайра анын тетирисинче, тактоочтук баяндоочтор тарабынан билдирилип жаткан сүйлөм ээлеринин тийиштүү кырдаалдары бышыкталып, күчөтүлүп турат.

Мисалы: 1. **Бул байкуштуку чын эмеспи!** («Мыкачы аял», жомок). 2. **Ушул ишиң оң эмеспи.** ж. б.

Тактооч сөздөрдөн болгон баяндоочторго бир нече көмөкчү сөз катары менен айкалышып турушу да ыктымал. Андай учурларда ошол тактооч сөздөрдөн болгон баяндоочторго тутумдашып турган көмөкчү сөздөрдүн ар бири өзүлөрүнө мүнөздүү болгон кошумча маани берип турушат.

1. **Жеке баштагы кайгы да оңой эмес экен** (Ш. Б.). 2. **Тирүү малыңдан алтын күмүшүң арбын эмес экен** («Алдаркөсөөнүн ангемеси», жомок). 3. **Бекерден ичи тар болгон эмес экен** (Ж. Т.).

г) Тактооч сөздөрдөн болгон баяндоочторго **бол, де, кел** деген функционалдык катыштык этиштер да көмөкчү сөз болуп түшүшөт.

Мындай көмөкчү сөздөр өзүлөрүнүн тийиштүү чак формаларына карай жана ар биринин жеке башына мүнөздүү болгон

семантикалык мазмундуулугуна карай баяндоочтук милдет аткаруучу тактооч сөздөргө ар кыл кошумча жана чак мааниле-рин берип турушат.

Мисалы: 1. **Шариптин сөзүн мойнуна алууга аргасыз болду** (Ш. Б.). 2. **Сага чала болуптур** («Чыныбек», жомок). 3. **Түгөл-дүн күлкүсү каалаган убагында ооз учунда даяр боло турган** (Ш. Б.).

Бул келтирилген мисалдарда көмөкчү сөздөр өткөн чак фор-маларында турушуп, тактоочтук баяндоочтук комплекстер сүй-лөм ээлеринин өткөн чактагы бул, же тигил мүнөздөгү кырдаал-дарын баяндап турушат.

1. **Атаңа кошулуп менин да ыйлаганым ылайык келбес, уулум** («Дартына даба болгон экен», жомок).

2. **Жаратканы чын болсо,**
**Жай-жайына койсочу** (Токтогул).

3. **Ар кимиси жүткүнүп, тизмеден өзүн табууга жандалбаса бо-луп жатат.** 4. **Деги сен аны айыктыра аларың чын болсо экен** («Асыл таш», жомок).

Мында болсо көмөкчү сөздөр ар кыл формаларда турушуп, баяндооч сөздөргө дагы башкача-башкача мүнөздөгү кошумча маанилер берип турушат.

**§ 175. Бар, жок, керек** деген сөздөр да баяндоочтук милдет аткарышат.

а) Эгерде, сүйлөмдүн баяндооч мүчөсүнүн милдетин **жок** деген сөз аткарып турган болсо, мындай баяндооч мүчө сүйлөм ээлеринин жоктугун баяндайт.

Мисалы: 1. **Акылым бар, акчам жок** (эл макалы). 2. **Аалы азыр жок.** 3. **Жарык дүйнөдө жашаш үчүн өнөрдөн өтөр эч нер-се жок** («Дартына даба болгон экен», жомок).

Же тануу маанисин билдирет, баяндайт.

Мисалы: 1. **Сапарга өрөөн жок** (Ш. Б.). 2. **Бетке айткан сөз-дүн заары жок** (эл макалы). 3. **Колдо бар алтындын баркы жок** (эл макалы).

Берилген мисалдарда **жок** деген баяндооч сөздөр сүйлөм ээлеринин жоктугун баяндашкан жок, **эмес** деген танма маани-деги көмөкчү сөздөрдүн маанисине туура келип турат.

б) Ал эми, сүйлөмдүн баяндооч мүчөсүнүн милдетин **бар** деген сөз аткарып турса, сүйлөм ээлеринин бардыгын билдирет. **Жок** деген сөздөн болгон баяндооч мүчөгө контрастык мааниде турат.

Мисалы: 1. **Быйылкы жаз большевикчил,**
**Бир бөтөнчө сыры бар** (Ж. Т.).

2. **Ырдын да ыры бар го уккан жанга** (К. Ак.). 3. **Сабагым бар, күтө албайм.**

в) Сүйлөмдүн баяндооч мүчөсү **керек** деген сөздөн болсо, сүйлөм ээлеринин керектиги баяндалат.

Мисалы: 1. **Адептүүлүк, тырышчаактык, токтоолук, элпектик, кичипейилдик — мына ушулар керек** (Ш. Б.). 2. **Мага Азим ке-рек.** ж. б.



г) Бул белгиленип өтүлгөн баяндоочтук милдет аткаруучу **жок, бар, керек** деген сөздөргө көмөкчү сөздөр тутумдашып ай-тылышы да мүмкүн.

Мислаы: 1. **Арылар күнү бар бекен**
**Армандуу көздөн аккан жаш** (Токтогул).

2. **Ар нерсенин чеги бар эмеспи** («Ал экөө кайра жаралган экен», жомок). 3. **Ажар жок болуп чыкты** (К. Ж.). 4. **Мугалим-дер институтунда мындай жоруктор жок катары** (Ш. Б.). 5. **Ал-тын шакеги керек экен** («Алтын шакек», жомок). ж. б.

Бул келтирилген мисалдарда баяндооч болуп түшкөн сөздөр-гө көмөкчү сөздөр ар кыл кошумча маани берип турушат.

д) **Жок, бар, керек** деген сөздөрдөн болгон баяндооч мүчөлөр суроолуу **-бы,** күдүк **-дыр** уландыларында турушу да ыктымал. Бул уландылар баяндооч болуп түшкөн сөздөрдүн суроо, же күдүк мааниде болушун шарттап турушат.

Мисалы: 1. **Диплом гана керекпи, башка тилегиң жокпу?** 2. **Мында бир сыр барбы** («Койлубай», жомок). 3. **Булардын ар биринин керемети бардыр** («Асан жана Үсөн», жомок). 4. **Мага окшогон кара борчосу керектир.** ж. б.

## Аналитикалык баяндоочтор

**§ 176.** Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү кайсы сөз түркүмдө-рүнөн болушса, ошол сөз түркүмдөрүнүн табиятына карай ээ болуп түшкөн сөздөрдүн ар кыл (абалын, ким, эмнелигин, сынын, санын, иретин, аракетин) кырдаалдарын баяндап турушат.

Ошол баяндоочтук милдет аткаруучу сөз түркүмдөрү өзүлө-рүнүн семантикалык мазмундуулугу менен грамматикалык структурасына карай ар түрдүү формаларда жана мааниледе болушуп, алар дал ошол маани жана түзүлүш бөтөнчөлүктөрүнө жараша сүйлөм ээлеринин түркүн-түркүн кырдаалдарын баян-доо касиетине ээ болуп турушат. Маселен, зат атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор, бир жагынан, зат атоочтордун семантика-лык мазмундуулугуна карай, негизинен, сүйлөм ээлеринин ким-эмнелигин баяндап турушса, экинчи жагынан, тийиштүү сөз өз-гөрүү формаларына учуроо аркылуу сүйлөм ээлеринин дагы башкачараак мүнөздөгү кырдаалдарын баяндоо касиетине да кошо ээ болуп турушат.

Ал эми, этиш сөздөрдөн болгон баяндоочтор болсо, негизинен, этиштерге мүнөздүү болгон семантикалык мазмундуулукка ка-рай сүйлөм ээлеринин аракеттерин баяндашат да, алардын (этиштердин) сөз өзгөрүү формаларына карай ээ болуп түшкөн сөздөрдүн дагы өзгөчө мүнөздөгү кырдаалдарын (чак, сыпат ж. б.) кошо билдирүү касиетине да ээ болуп турушат.

Мына ушундайча, баяндоочтук милдет аткаруучу ар бир сөз

түркүмүнүн өз керт башына гана мүнөздүү болгон бул, же тигил мүнөздөгү бөтөнчөлүктөрү болот.

Сөз түркүмдөрүнүн дал ушундайча ар кыл өзгөчөлүктөрө ээ болуп турушунун натыйжасында гана баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөр сүйлөм ээлеринин ар түрдүү кырдаалдарын билдирүү, баяндоо мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алышат.

Бирок сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн ээ жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилерин ар бир жекече алынган сөз түркүмдөрүнүн табияты менен гана чектеп коюуга болбойт. Башкача айтканда, зат атоочтор баяндоочтук милдет аткарып турушса, сүйлөм ээлеринин заттык кырдаалдарын баяндашат, сын атоочтук баяндоочтор сүйлөм ээлеринин сын-сыпат кырдаалдарын, этиштик баяндоочтор сүйлөм ээлеринин аракет, абал кырдаалдарын баяндашат деп, ээ жөнүндө билдирилүүчү, баяндалуучу маанилерди ар бир жекече алынган сөз түркүмдөрүнүн табиятына гана байланышта талкуулоо жетишсиздик кылат.

Башка бир шарттарда сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү аткарган милдети жагынан биригип кетишкен, же өз ара биротоло ажыралгыс түрдө тутумдашып кетишкен эки, же андан да көп сөздөрдөн болушу да ыктымал. Бирок сүйлөмдүн андай баяндооч мүчөлөрүн составдык бөлүктөргө ажыратып жиберүүгө мүмкүн эмес. Башкача айтканда, аларга окшогон баяндоочтук комплекстердин тутумундагы бир сынарын баяндоочтук милдет аткарып турган бул, же тигил сөз түркүмү катары, экинчисин аларга айкалышып турган көмөкчү сөздөр катары карооого болбойт.

Мисалы: 1. Толгоп, толгоп **күү чалам,**
Толкундатып **үн салам** (Токтогул).
2. **Кат жазышып турабыз** (Ш. Б.). 3. Кыраан-каткы **күлкү салса болобу** (Ш. Б.). 4. Кан кызып, кадимкидей **күчкө келем** (Ж. Т.).

Бул келтирилген мисалдардагы **күү, үн, кат, күлкү, күчкө** деген сөздөрдү грамматикалык жактан алганда сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү катары карооого болор эле. Бирок анда **чалам, салам, салса, болобу, келем** деген этиштер өз алдыларынча турушуп сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү болуп келе алышпайт.

Бул сөздөр өз ара ажыралгыс биримдикте турушуп **(күү чалам, үн салам, кат жазышып, күлкү салса болобу, күчкө келем түрүндө)** баяндоочтук милдет аткарып турушат.

Ал эми, мындай баяндоочтук комплекстерди сөз түркүмдөрү боюнча талдаганда **күү ,үн, кат, күлкү, күчкө** деген сөздөргө карай атоочтук баяндоочтор катары алууга мүмкүн эмес, себеби, **чалам, салам, жазышып турабыз, салса болобу, келем** деген сөздөр аларга көмөкчү сөздөр катары келишкен жок. Анын тетирисинче, негизги баяндоочтук структураны мына ушул сөздөр түзүп турушат, атооч сөздөр болсо функционалдык жагынан аларга тутумдашып турушат, сүйлөмдүн баяндоочтук структурасын түзө алышпайт, ошондуктан мындай баяндоочтук комплекстерди зат атоочтук баяндоочтор катары карооого да мүмкүн эмес.



Мына ушинтип, бул көрсөтүлгөндөй курулуштагы баяндоочтук комплекстерди бул, же тигил сөз түркүмүнөн болгон баяндоочтор катары алууга болбойт. Булар аналитикалык баяндоочтор болуп саналат. Булар — адепки мезгилдерде ар башка синтаксистик милдет аткарган сөздөрдүн өз ара ажыралгыс түрдө тутумдашып кетишинен пайда болгон баяндооч мүчөлөр.

Түркологиялык адабияттарда сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн өйдөтө көрсөтүлгөндөй спецификалык бөтөнчөлүктөрү ажыратылып берилген эмес. Сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочторуна келгенде, адатта, анын биринчи сынарлары, негизги сынарлары катары алынып, андан кийинкилери болсо анын көмөкчү бөлүктөрү катары каралып жүрөт. Маселен профессор М. Б. Балакаевдин: «Предикативдик маанини атооч сөздөр ээлеп турат»[1], «Бул келтирилген мисалдардын бардыгында (Мен муны не мылсен, бөркү казандай болады (макал) — разряд меники, А. Ж.) баяндоочтордун негизги предикативдик мазмуну атоочтордо топтолгон»[2], — деп берген түшүнүгү, дээрлик бардык эле түрк тилдерин изилдөөчүлөрдүн пикирлерине туура келет. Ошондуктан ар бир изилдөөчүнүн көз карашын айрым-айрым демонстрациялап олтуруштун максаты деле жок го.

Албетте, мындай көз караш жогоруда көрсөтүлүп өтүлгөндөй баяндоочтук комплекстердин спецификалык бөтөнчөлүктөрүн өз кучагына камтый албайт.

Кантип эле биз мына ушул өйдөтө келтирилгендей мисалдарда баяндооч мүчөлөрдүн предикативдик белгиси, мазмуну атооч сөздөргө топтолгон деп айта алабыз. Анын тетирисинче, андай комплекстердин баяндоочтук формасы ал атоочторго тутумдашып турган катыштык сөздөр аркылуу тейленип турбайбы. Предикативдик мазмундуулук болсо алардын ажыралгыс биримдигине карай шартталган.

Мына ошондуктан буларга окшогон баяндоочтук комплекстерди сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн өзгөчө бир спецификалык формасы, түрү катары бөлүп берүүнү туура көрүп олтурабыз.

Техникалык жагынан түшүнүү иши айкыныраак болсун үчүн мындай баяндоочтук комплекстерди биринчи сынарынын кайсы сөз түркүмдөрүнөн турпандыгына жана түзүлүш өзгөчөлүгүнө карай төмөндөгүчө көрсөтүүгө болот:

---

[1] М. Б. Балакаев, Современный казахский язык, Алма-Ата, 1959, 150-бет.

[2] М. Б. Балакаев, Комбинированное управление в казакском языке, жыйнак, Тюрколог. сборник (С. Е. Малову), М.,-Л., 1951, 45—46-беттер.

**§ 177.** Биринчи сынары зат атооч сөздөрдөн болгон аналитикалык баяндоочтор өзүлөрүнүн тутумунда турган сөздөрдүн калыптанышы жагынан ар түрдүү болушат.

Башкача айтканда, аналитикалык баяндоочтордун составдык бөлүктөрү болуп түшкөн сөздөрдүн кээ бирлери функционалдык жагынан гана өз ара ажыралгыс биримдикте турушса, кээ бир аналитикалык комплекстер биротоло калыптанып кетишкен, туруктуу фразеологиялык айкалыштарга айлана башташкан, же башка бир түрлөрү биротоло туруктуу фразеологиялык айкалыштарга өтүп кетишкен, ал тургай, андай аналитикалык комплекстердин кээ бирлеринин татаал сөздөргө айлануу процесси интенсивдүүлүк, басымдуулук кыла баштаган.

а) Адепки мезгилдерде өз алдыларынча айкындоочтук милдет аткарып турган сөздөр бара-бара өз бетинче туруп тийиштүү синтаксистик милдет аткаруу касиетинен ажырашып калышып, баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөргө ажыралгыс түрдө тутумдашышып, алар менен биримдикте турушуп, сүйлөмдүн аналитикалык баяндооч мүчөлөрүнө айланып кетишкен.

Мисалы: 1. **Өзүң, эмне, жандан кечкенсиңби?** («Жаныбек жана Мырза Төлө», жомок). 2. **Касапчы аке, биздин убалыбызга калбаңыз** («Асан жана Үсөн», жомок). 3. **Жол болсо – жок табылган жерден болсун** (К. Ж.).

Берилген мисалдардагы аналитикалык баяндоочтордун тутумундагы этиш бөлүктөрү өз алдыларынча туруп баяндоочтук милдет аткаруу касиетинен ажырап калышкан, ошондойчо эле, кыйыр жөндөмөлөрдөгү атооч сөздөр да өз бетинче синтаксистик милдет аткаруу табиятына ээ боло алышпай, алар өз ара ажыралгыс биримдикте турушуп, сүйлөмдүн предикативдик мүчөсүнүн милдетин аткарып турушат.

Мисалы: 1. Жаш жигиттин, болгондо да, студенттин кызууланганы **алаңгазарлыкка жатат** (Ш. Б.). 2. Көзү ошо замат **ордуна келди** («Аксанатай менен карасанатай», жомок). 3. Көпчүлүктүн кысымы астында Ира аргасыздан **эпке келген болду** (Ш. Б.).

Сүйлөмдүн мындайча составдагы аналитикалык баяндоочтору функционалдык жагынан гана өз ара ажыралгыс биримдикте турушкандыктан, кээ бирлеринин сүйлөмдөн тышкары турган айрым бөлүктөргө (сөздөргө) ажырап кетиши да мүмкүн. Анткени, көрсөтүлгөндөй составдагы биринчи сынарынын жөндөмө уландылары сакталып турган аналитикалык баяндоочтор калыпташуу процессинин биринчи баскычында турушат, белгилүү даражада алардын ортосундагы синтаксистик катыштары да сакталып турушу мүмкүн.

б) Аналитикалык баяндоочтордун экинчи түрүнө анын составындагы сынарлары өз ара ажыралгыс биримдикте турган баяндоочтук комплекстер киришет. Мындай аналитикалык баяндоочтордун тутумундагы биринчи сынарынын жөндөмө уландылары көмүстө, же таза эле түшүп калышкан болот да, экинчи сынарына карай болгон көз карандылыгы ого бетер артылып, алардын ортосундагы синтаксистик байланыш, катыш даражалары жоюла баштаган, же биротоло жоюлуп кеткен болот. Буларга окшогон аналитикалык баяндоочтук комплекстер толук түрдө калыптанып кетишкен, туруктуу фразеологиялык айкалыштарга өтүп кетишкен.

Мисалы: 1. Береке күндөп-түндөп **жол жүрүп олтурду** («Береке, Туруке, Кулуке», жомок). 2. Экинчи бул айылдан эч нерсе уурдабаска **ант беришти** («Алымкул түш көргүч», жомок). 3. Бала эч кандай **шек алган жок** («Асыл таш», жомок). 4. Уулум, мен жаш кезимде улам эле **кыз төрөй бердим** («Акылдуу дыйкан», жомок).

Буларга окшогон баяндоочтук комплекстерде биринчи сынар болуп келген зат атоочтордун жөндөмө уландылары түшүп калгандыктан, алардын экинчи сынарлары менен болгон синтаксистик катышы да жоюлуп кетип, өз алдынча синтаксистик милдет аткаруу табиятынан ажырап калышкан. Экинчи сынарлары менен биримдикте турушуп, бир моналитүү маанияге уюшулган.

Бирок бул экинчи үлгү боюнча жасалган аналитикалык баяндоочтордун бардыгынын эле калыптаныш даражалары бирдей эмес.

Мына ошол калыптаныш даражаларына карай мындай аналитикалык баяндоочтук комплекстерди төрт түргө бөлүүгө болот.

1) Кээ бир аналитикалык баяндоочтордун биринчи зат атооч сөздөрдөн болгон сынарларынын кыйыр жөндөмө уландылары жаңыдан гана жоюла баштаган. Мындай аналитикалык комплекстердин тутумундагы сынарлар ошол сүйлөмдөрдөгү аткарып турган милдеттерине карай гана өз ара ажыралгыс биримдикте турушкан болот. Сүйлөмдөн тышкары турганда алар айрым бөлүктөргө (сөздөргө) ажырап кетишет.

Мисалы: 1. Кыргыздын кызыл жоолук келини таң азандан булактан кылактай тартып **суу алып кетет** (Ш. Б.). 2. Эки күндөн бери түтүк менен **суу сээп жатпайбы** (Ш. Б.).

3. **Кулун жал болсо** мингеним,
   **Кулун тон болсо** кийгеним,
   Куурасам — акыл табышаар.
   **Кумар көз болсо** сүйгөнүм (К. Ж.).

2) Биринчи сынар болуп келген зат атооч сөздөрдүн кыйыр жөндөмө уландылары түшүп калган аналитикалык баяндоочтордун экинчи түрүнө сынарлары өз ара көбүрөөк даражада калыпташкан комплекстер киришет. Мындай комплекстердин тутумундагы сынарлардын ортосундагы синтаксистик катышы жоголо баштаган, туруктуу фразеологиялык айкалыштарга өтө баштаган.

Мисалы: 1. Эч кимиси **жооп беришкен жок** (Ш. Б.). 2. Ала-Тоо асман тиреп **кулач керди** (К. А.). 3. Көчсө—конорун билбеген, консо—көчөрүн билбеген киши да **эл башкарат имиш** («Элчи бала», жомок). 4. Анын уялганын байкаган Каныбек **эчтеме дебеди** (К. Ж.).

Буларга окшогон аналитикалык комплекстерге **кан болду** (койчу кан болду), **бала көрбөптүр** (ал бала көрбөптүр), **кеп сурадым, эчтеме деген жок** деген сыяктуу айкалыштар кирише.

3) Жогоруда белгиленип өтүлгөндөй аналитикалык баяндоочтордун үчүнчү түрүнө анын составдык бөлүгү катары келген сынарларынын ортосундагы синтаксистик катышы биротоло жоюлуп кеткен, туруктуу фразеологиялык айкалыштарга өтүп кеткен комплекстер кирише.

Мисалы: 1. Эр жигит **жолдош болбо** урган менен (Токтогул). 2. **Кол курады** беш каман (Токтогул). 3. Эми мен да **жардам кылышым керек** («Асыл таш», жомок). 4. Эркин сүйлөшүп олтурууга **уруксат кылып турду** («Дартына даба болгон экен», жомок).

Бул көрсөтүлгөндөй аналитикалык комплекстерге **мусапыр болдум, кадам шилтешти, жол берди, кой кайтарам, апенди болуп, дос болом, моюн сунган** деген сыяктуу сөз айкалыштары кирише.

4) Биринчи сынар болуп түшкөн зат атоочтордун жөндөмө уландылары жоюлуп кеткен аналитикалык баяндоочтордун төртүнчү түрү анын составдык бөлүктөрүнүн бир монолиттүү мааниде турушу менен, биротоло туруктуу фразеологиялык айкалыштарга айланып кетиши менен мүнөздөлөт.

Мисалы: 1. Койлубай, кечинде келип **эт жеп кетчи** («Койлубай», жомок). 2. Дагы эле желмогузга **жем болот окшойбуз** («Жайыл мерген», жомок). 3. Жезден да **ок куюп алат экен** («Дартына даба болгон экен», жомок). 4. Бүгүн укмуш **түш көрдүм** («Эки дос», жомок). 5. Уулу он эки жашка чыккан кезде тоголок **жетим калды** («Асыл таш», жомок).

Мындайча мүнөздөгү аналитикалык баяндоочторго **оокат кылуу, күн көрүптүр, жол жүрөт, күлкү болосуң, насия болот, бала болот, киши кылайын, адам кылдың, киши болсун, баш бол, көз бол** түрүндөгү комплекстер кирише.

в) Аналитикалык баяндоочтук комплекстердин үчүнчү тобу алардын биротоло туруктуу фразеологиялык айкалыштарга өтүшү менен белгилүү даражада татаал сөздөргө айлануу тенденциясы басымдуулук кыла баштагандыгы менен мүнөздөлөт. Мындайча түзүлүштөгү аналитикалык комплекстер биротоло калыпташып бүткөн. Бирок, ошондой болсо да, алардын үлгүлөнүш даражалары ар кыл. Мына ошол калыпталыш жагына карай буларга окшогон аналитикалык комплекстерди да үч түргө бөлүүгө болот.



1) Туруктуу фразеологиялык айкалыштардан болгон баяндоочтук комплекстердин тутумундагы этиштик сынарларын белгилүү даражада башка этиштер менен алмаштырууга мүмкүн болсо, буларга окшогон составдык баяндоочтор алды жакта көрсөтүлгөн аналитикалык баяндоочтордун үчүнчү тобунун биринчи түрүнө киришет.

Мындай аналитикалык баяндоочтор **кол берди, кол алышты, кол койду, кол сунду, сөз салды, сөз берди, сөз козгоду, көз жумду, көз салды, көз жиберди, көз жүгүрттү, көз кысты, көз кырын салды, кеңеш салды, кеңеш берди, жол жүрдү, жол баштады, жол тартты** деген сыяктуу туруктуу фразеологиялык айкалыштардан турушат.

2) Бул белгиленген аналитикалык баяндоочтордун экинчи түрүн экинчи этиштик сынарларын чектелген сандагы гана башка этиштер менен алмаштырууга мүмкүн болгон, же такыр эле алмаштырууга болбогон туруктуу фразеологиялык айкалыштардан жасалган аналитикалык комплекстер түзүшөт.

Сүйлөмдүн буларга окшогон аналитикалык баяндооч мүчөсү болуп түшүүчү комплекстерге **өкүм сүрөт, өкүм кылат, аракет кылат, аракет жасайт, кулун таштады, элес албайт, элес кылбайт, кайрат кыл, кайрат бер, кайрат айт, дем ал, дем бер, баш тарт, үн кошту, үн салды, көңүл бур, көңүл сал, көңүл айт, шек кыл, шек алды, моокум бастым, күчтөн тайды, күчтөн кетти, кулак сал, кулак как, жара болду, жара кылды, жетим калды, жаш алды, өзөк жалгашты, үн катты, (каткырыгы) там жарды, там жаңыртты, кыр көрсөттү, кыргын салды, аба жарды** деген сыяктуу туруктуу фразеологиялык айкалыштар кирише.

Бирок бул көрсөтүлгөн фразеологиялык айкалыштардын эки түрү бири-бирине өтө жакын да, окшош да келише. Ошондой болсо да, мунун экинчи түрү биринчисинен бир монолиттүү маанеге уюшулгандыгы жагынан, натыйжада, татаал сөзгө айлануу жагына ооп баштагандыгы менен айрымаланып турат.

3) Сүйлөмдүн аналитикалык баяндоочтору болуп келүүчү туруктуу фразеологиялык айкалыштардын үчүнчү түрү лексикалаша башташы, же лексикалашуу жагы басымдуулук кыла башташы менен мүнөздөлөт.

Буларга окшогон аналитикалык баяндоочтор **эс алды, дем алды,** (тайлар) **оюн салды, таң калды, тил ал, күн көрөт, жан бакты, кам санаба, кам жебе, кулак сал, күч алды, таяк жеди, тил укту, баш кошту, баш ийди, кулун салды, кем болду, бет алды, чер жазды, дем болду, бел байлады** деген сыяктуу туруктуу фразеологиялык айкалыштардан жасалышат.

§ 178. Аналитикалык баяндоочтук комплекстердин биринчи сынарлары сын жана ат атооч сөздөр менен тактооч сөздөрдөн да болушу ыктымал. Буларга окшогон аналитикалык комплекстердин да алардан кийинки соңку сынарлары тартип катары этиш сөздөрдөн болушат.

Мындайча составдагы аналитикалык комплекстер ошол биринчи сынар болуп келген сөздөрдүн семантика-грамматикалык табиятына карай жана экинчи сынар болуп түшкөн этиш сөздөрдүн да өзгөчөлүгүнө карай биринчи сынары зат атооч сөздөрдөн болгон аналитикалык баяндоочторго караганда өзгөчөрөөк түзүлүштө болушат жана дал ошол составдык жагы менен түзүлүш бөтөнчөлүктөрүнө жараша сүйлөмдүн ээси болуп келген сөздөрдүн дагы бир башкача-башкача мүнөздөгү кырдаалдарын баяндоо касиетине ээ болуп турушат. Буларга окшогон аналитикалык баяндоочторду биринчи сынар болуп келүүчү сөздөргө карай аталган сөз түркүмдөрү боюнча мындайча мүнөздөсөк болот.

**§ 179.** Биринчи сынарлары сын атооч сөздөрдөн болгон аналитикалык баяндоочтор алардын тутумундагы сынарларынын калыпталыш даражаларына жараша, негизинен, эки түргө бөлүнөт. Башкача айтканда, биринчи сынарлары сын атоочтордон болгон кээ бир аналитикалык комплекстер биротоло калыпташып кетишип, лексикалашуу жагында турушса, кээ бир аналитикалык комплекстердин тутумундагы сынарлары сүйлөмдөгү аткарган милдетине карай гана ажыралгыс биримдикте турушат. Аналитикалык баяндоочтук комплекстердин калыптаныш даражаларына карата эки түргө бөлүнүшү алардын мына ушул абалына, табиятына негизделет.

а) Биринчи сынарлары сын атооч сөздөрдөн болгон туруктуу фразеологиялык айкалыштардан жасалган аналитикалык баяндоочторго **жакшы көрөм, катуу тийди, кара санаба, күчтүү чыкты** деген сыяктуу комплекстерден турган баяндоочтор киришет.

Мисалы: 1. Чыгымы Чор тамандар уруусуна **катуу тийди** (К. Ж.). 2. Ошол теректин түбүнө ойноону **жакшы көрүүчү** (Ш. Б.). 3. Адамгерчиликтин чоң милдети — бирөөнүн акысын жебөө; бирөөгө **кара санабоо** (К. Ж.). 4. Досканы өчүрүп **агала кылбайын дединби?** (Ш. Б.). 5. Мен кайдан **күчтүү чыгайын** («Баарынан киши күчтүү», жомок). 6. Өмүрүң **узун болсун,** көп жаша. ж. б.

б) Биринчи сынарлары сын атооч сөздөрдөн болгон аналитикалык баяндоочтордун экинчи түрүнө алардын тутумундагы сынарлары сүйлөмдөгү аткарган милдетине карай гана ажыралгыс биримдикте турган комплекстерден жасалган баяндоочтор киришет.

Мисалы: 1. Сен **эстүү, чыдамкай бол** (К. Ж.). 2. Ар ишке **сабырдуу бол** (К. Ж.). 3. Ал **кайраттуу чыккан.** ж. б.

Бирок биринчи сынарлары зат атоочтордон болгон аналитикалык баяндоочтор менен биринчи сынарлары сын атооч сөздөрдөн болгон аналитикалык баяндоочтордун ортосунда түзүлүшү жагынан да, сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилери жагынан да параллелдүүлүк жок. Экинчи сөз менен айтканда, биринчи сынарлары зат атооч сөздөрдөн болгон аналитикалык баяндоочтор жалпы жонунан тутумдаш (составдык) баяндоочтордун түрүнө киришет. Бирок табияты жагынан тутумдаш баяндоочтордун башка түрлөрүнөн ээ болуп түшкөн сөздөр жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилери жагынан айрымаланып турат. Маселен, сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочторунун составына кирген баяндоочтук милдет аткаруучу зат атооч сөздөр сүйлөм ээлеринин бул, же тигил мүнөздөгү заттык кырдаалдарын баяндашат. Ал эми, аларга (заттык баяндоочторго) көмөкчү сөздөр тутумдашып турган болсо, алар (көмөкчү сөздөр) ошол заттык баяндоочторго ар кыл кошумча маани берип турушат. Бирок андай тутумдаш баяндоочтордун, баары бир, ээ болуп түшкөн сөздөрдүн заттык кырдаалдарын баяндоо касиети сакталып кала берет.

Ал эми, биринчи сынарлары зат атооч сөздөрдөн болгон аналитикалык баяндоочтордо болсо ээ болуп түшкөн сөздөрдүн бул, же тигил мүнөздөгү кырдаалдары аналитикалык баяндоочтордун ошол биринчи сынары болуп келген зат атоочтор аркылуу билдирилбейт, башкача айтканда, заттык кырдаалдары баяндалбайт. Аналитикалык комплекстердин тутумундагы сөздөрдүн өз ара болгон биримдигинен жаңы аракеттик маани пайда болуп, сүйлөм ээлеринин таптакыр башкача мүнөздөгү кырдаалдары баяндалат. Дал ушул жагынан биринчи сынарлары зат атооч сөздөрдөн болгон аналитикалык баяндоочтор тутумдаш баяндоочтордун башка түрлөрүнөн айрымаланып турушат.

Биринчи сынарлары сын атооч сөздөрдөн болгон аналитикалык баяндоочтордо болсо сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилери жагынан биринчи сынарлары зат атоочтордон болгон аналитикалык баяндоочторго такыр окшобойт. Ачыгыраак айтканда, мындайча аналитикалык баяндоочтор анын биринчи сынары болуп келген сын атооч сөздөргө карай сүйлөм ээлеринин бул, же тигил түрдөгү кырдаалдарын баяндашат. Бул жагынан алганда биринчи сынарлары сын атооч сөздөрдөн турган аналитикалык баяндоочтор көмөкчү сөздөр тутумдашып турган сын атоочтук, же зат атоочтук составдык (тутумдаш) баяндоочторго окшошуп кетишет.

Бирок биринчи сынарлары сын атооч сөздөрдөн болгон аналитикалык баяндоочтор белгилүү даражада калыпташып кетишкен, туруктуу фразелогиялык айкалыштарга айлана башташкан, же айланып кетишкен. Айрым комплекстери лексикалуу жагында да турушат. Ал эми, кадимки сын атоочтук тутумдаш баяндоочтордо болсо, негизинен, алардын составына кирген сөздөр сүйлөмдөн тышкары турганда айрым бөлүктөргө (сөздөргө) ажырап кетишет.

Биринчи сынарлары сын атооч сөздөрдөн болгон аналитикалык баяндоочтор жалпы эле сын атоочтук тутумдаш баяндоочтордон мына ушул бөтөнчөлүктөрү жагынан айрымаланып турушат.

§ 180. Биринчи сыңарлары ат атооч сөздөрдөн болгон аналитикалык баяндоочтор, негизинен, сурама ат атоочтордун катышуусу аркылуу жасалат.

Мындай биринчи сыңарлары сурама ат атоочтордон турган аналитикалык баяндоочтук комплекстер алардын калыптанышы даражаларына карай эки түргө бөлүнөт:

а) Кээ бир сурама ат атоочтор түзүлүшү жагынан этиш сөздөр менен биригишип кетишкен. Андай сөздөр маани жагынан да өз ара ажыралгыс биримдикте турушуп, бир моналиттүү маани билдиришип, лексикалашуу жагына багыт коюшкан.

Мисалы: 1. Кеп анын ушу жакта **эмне кылып жүргөнүндө** (Аб. Т.). 2. Чөйрөбүз ушул болсо — **эмне кылат** (Ш .Б.). 3. Деги **эмне болуп жатасыңар** (Ж. Т.). 4. Ал муну **эмне кылат эле.**

б) Кээ бир сурама ат атоочтор сүйлөмдөгү аткарган синтаксистик милдетине карай этиш, же башка сөздөр менен ажыралгыс түрдө биригип турушат да, сүйлөмдөн тышкары айрым-айрым сөздөргө бөлүнүп кетишет. Мындай аналитикалык баяндоочтук комплекстер туруктуу фразеологиялык айкалыштар категориясына чейин калыпташып жетишкен эмес. Сүйлөмдөгү функциясына карай гана өз ара ажыралгыс биримдикте турушат.

Мисалы: 1. Мен бирди таптым, сен **кандай дейсиң?** (Ш. Б.). 2. Ал эми сага **эмне жок** («Мыкачы аял», жомок). 3. Сенден бөлөк киши **кайдан билсин** (Ш. Б.). 4. Мен **кайдан билем.**

5. Тырмагың уу бүркүттөй,
Тукумуң **кантип жарысын** (Токтогул).

§ 181. Аналитикалык баяндоочтордун биринчи сыңары болуп келген тактооч сөздөр эки түрдүү формада колдонулат:

а) Аналитикалык комплекстердин биринчи сыңарлары болуп түшкөн тактооч сөздөр жатыш, чыгыш, барыш жөндөмөлөрдө болушат да, ал жөндөмө уландылары катып, сенек болуп калышкан, ошондуктан азыркы кыргыз тилинин шартында да уландылар айкалышта турган сөздөрдүн ортосундагы синтаксистик катышын тейлөөчү формант катары келе алышпайт.

Мисалы: 1. Ырас, мен бүгүн **онумда болдум** (Ж. Т.). 2. Тиги балдарды чакырганды укканда **чалкасынан түшсө болобу** (Ш. Б.). 3. Түгөл мыскыл дегенде **алчысынан түшөт** (Ш. Б.). 4. Шылдындар түбү барып **чынга чалды** (Ж. Т.).

б) Биринчи сыңарлары атооч жөндөмөдөгү тактоочтордон болгон аналитикалык баяндоочтор өтө кеңири таралган. Дээрлик тактооч сөздөрдүн бардык түрлөрү мындай аналитикалык комплекстердин биринчи сыңары болуп келишет. Аналитикалык баяндоочтук комплекстердин бул түрүнүн кеңири орун алышынын себеби тактооч сөздөрдүн азыркы кыргыз тилинде сөз өзгөрүү формасына ээ болбогондугу менен тыгыз байланыштуу.

Мисалы: 1. Бир минута **сабыр эткиле** (Ш. Б.). 2. Силер кантип **аман калдыңар** («Кулдун уулу жана Зымырык куш», жомок). 3. Сени **өйдө көрөмүн** (К. Ж.). 4. **Астын-үстүн кылды** (К. Б.).



Буларга окшогон биринчи сыңарлары атооч жөндөмөдөгү тактоочтордон болгон аналитикалык комплекстердин басымдуу көпчүлүгү туруктуу фразеологиялык айкалыштарга айланып кетишкен, же лексикалаша башташкан.

Мындай баяндоочтук милдет аткаруучу аналитикалык комплекстерге **кут болсун, эп көрдү, аздык кылбайт, жок кылат, маалым болду, кам урду, ырас болду, сынар тизеледи, тим болду, тим турат, макул болду, зарп кылды, шым болду, мыш болду, кабыл алды,** ер талашып, туш болду, жөлөк кыл, жөлөк бол, **кор болду, кор кылды,** жакын келди, жарык кылды, жарык болду, түлөө кылды, мас болду, мас кылды, жут болду, туш келди, кез келди, кез болду, ыраазы болду, ыраазы кылды , шылдың кылды, шылдың болду, тийиштик кылды, жымжырт болду, ашык болду, тирүү калды, кор кылды, таазим кылды, өөн учурайт, этиет бол, сак бол, бой жетти деген сыяктуу айкалыштар киришет.

§ 182. Туруктуу фразеологиялык айкалыштардын кандай гана түрүн албайлы, алардын бардык түрлөрү сүйлөмдүн аналитикалык баяндооч мүчөлөрү болуп келишет. Бирок ал туруктуу фразеологиялык айкалыштардан болгон баяндооч сөздөрдүн бардыгынын тең эле курулушу жана ошол курулушуна туура келген табияты бирдей эмес. Мына ошол өзгөчөлүктөрүнө карата туруктуу фразеологиялык айкалыштардан турган аналитикалык баяндоочторду эки негизги түргө бөлүүгө болот.

1) Аналитикалык баяндоочтордун биринчи түрүнө номинативдик мааниде туруктуу фразеологиялык айкалыштардан болгон баяндоочтук комплекстер киришет. Бул номинативдик мааниде туруктуу фразеологиялык айкалыштардан болгон баяндоочтук комплекстер курулуш бөтөнчөлүктөрүнө карай өз ара дагы экиге бөлүнөт.

а) Туруктуу фразеологиялык айкалыштардан болгон аналитикалык баяндоочтордун биринчи түрүнө алды жакта сөз түркүмдөрү боюнча биринчи сыңарларына карай белгиленип өтүлгөн номинативдик мааниде туруктуу фразеологиялык айкалыштар кирет. Мындай туруктуу фразеологиялык айкалыштар белгилүү даражада лексикалаша башташы менен, же лексикалашуу жагына жакын турушу менен мүнөздөлөт.

б) Сүйлөмдүн аналитикалык баяндооч мүчөлөрү болуп түшүүчү туруктуу фразеологиялык айкалыштардын экинчи түрү да номинативдик мааниде турушу менен мүнөздөлөт.

Мисалы: 1. Карагаты менен бүлдүркөнү болсо **чымчыктын жумурткасындай имиш** (К. Ж.). 2. Ар кайсынын башын бир айтып **эсин эки кылууда** (Ш. Б.). 3. Суусунун **муздактыгын айтпа.** ж. б.

Бирок мындай комплекстерге лексикалашуу процесси мүнөздүү эмес. Мына ошол жагына карата буларга окшогон аналитикалык баяндооч болуп келүүчү туруктуу фразеологиялык айкалыштар өзгөчө структурадагы баяндоочтук комплекстер болуп саналышат.

2) Сүйлөмдүн аналитикалык баяндооч мүчөлөрүнүн экинчи негизги түрү сүйлөм түрүндөгү туруктуу фразеологиялык айкалыштардан жасалат.

Мисалы: 1. Мен, кантken менен, силерден **беш көйнөктү мурда жыртып, беш кабырга мурда сыйрыгандык кылбадымбы** (Ш. Б.). 2. Сен **жолоочуну ээрчип ит өлөт болдуң** (Ш. Б.). 3. Досуң **саламга келбей кетеби!** ж. б.

Бул белгиленгендей составдагы туруктуу фразеологиялык айкалыштардан болгон баяндоочтук комплекстерди айрым сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратууга болбойт. Баары бириктирилип келип бир гана баяндооч мүчө катары алынат.

Мындай сүйлөм түрүндөгү туруктуу фразеологиялык айкалыштардан турган аналитикалык баяндооч мүчөлөр түзүлүш өзгөчөлүгүнө карай өз ара дагы эки түргө бөлүнөт:

а) Сүйлөм түрүндөгү туруктуу фразеологиялык айкалыштардан болгон аналитикалык баяндоочтук комплекстер ошол сүйлөмдө ээ болуп түшкөн сөздөрдү жак, сан жагынан ээрчип турушу ыктымал.

Мисалы: 1. Биз эми **куру кайрат таш жарат болбосок экен** (Ш. Б.). 2. Досум, сен **казды туурап карганын буту сынат болбогун.** 3. Ал байкуш **кара жанын карч уруп, ак эткенден так этчү.** 2. Эми тийсем — **майнеке болоюн** (Ш. Б.).

б) Же сүйлөм түрүндөгү туруктуу фразеологиялык айкалыштардан болгон аналитикалык баяндоочтук комплекстердин тийиштүү грамматикалык сүйлөм ээлери менен байланышы жок болушу да мүмкүн.

Мисалы: 1. Аны **көрөйүн деген көзү жок** (Ш. Б.). 2. Суу алып ичүүгө булардын **эки көзү төрт болду** («Асан жана Үсөн», жомок). 3. Баятан бери ушуну билбей **эсиңер эки болду** (Ш. Б.).

Берилген мисалдарда аналитикалык баяндоочторду өзүлөрүнө багындырып туруучу сүйлөм ээлери катышкан жок, же сүйлөм ээлери көмүстө калды деп айтууга да мүмкүн эмес (фразеологиялык айкалыштардын өз ичиндеги баш мүчөлөрү жөнүндө сөз жүргөн жок).

**§ 183.** Бирок профессор М. Б. Балакаев бул жогоруда сөз болуп жаткан эмгектерине чейин эле түрк тилдеринде биринчи болуп аналитикалык баяндоочтордун табиятын, негизинен, туура байкаган экен. Кандайдыр автордун андан кийинки мезгилдердеги эмгектеринде ал такталган, өнүктүрүлгөн эмес.

Анда автор: «... толуктоочтук топтогу этиштер менен зат атоочтор тутумдашып бир түшүнүктү билдире турганын, башка-башка сөздөр болгон менен, маанисине караганда туташып кет-



кен бир мүчө экенин айкын көрүүгө болот»[1], — дейт да, ага карай **жардам берди, көмөк берди, жардам этти, салам берди** деген сыяктуу мисалдар келтирилет. Андан ары карай буларга окшогон комплекстердин тутумундагы атооч сынарларынын бирде жөндөмө уландылары жалганып турса, бирде түшүп кала тургандыгы жөнүндө белгиленген[2].

Профессор М. Б. Балакаев бул эмгегинде аналитикалык баяндоочтордун негизги белгилерин туура көрсөтүү менен бирге, биздин пикирибизче, анын төмөндөгүчө мүнөздөгү жетишсиз жактары да бар экендиги чалдыгат.

Биринчиден, эмгекте көрсөтүлгөндөй, аналитикалык комплекстер толуктооч мүчөлөргө карай, башкача айтканда, аналитикалык комплекстин тутумундагы атоочтук сынарларынын толуктооч мүчөлөр болбой тургандыгына карай гана изилденген да, алардын калыптаныш жактары, даражалары, фразеологиялык айкалыштарга өтүү маселелери назарга алынган эмес.

Экинчиден, буларга окшогон аналитикалык комплекстердин тутумундагы сынарларынын ички биримдүүлүгүн ача алган эмес. Негизги сынарлары атоочтордон болгон жалпы эле атоочтук, этиштик баяндоочторго параллель коюлуп калган. Маселен, автордун көрсөтүүсү боюнча аналитикалык комплекстердин составындагы биринчи сынарларынын «...Заттык мааниси жоюлуп кыймылдык болбойт, заттык мааниси ошол калыбында сакталат», экинчи сынары болуп келген «Этиштер өздөрүнүн кыймылдык маанисин сактай албай көмөкчүлүк кызматта жумшалат»[3].

**§ 184.** Аналитикалык баяндоочтук комплекстердин табиятын анын составдык бөлүктөрү болуп келген сөз түркүмдөрүнө карата гана бир жактуу талкуулоо жетишсиздик кылат. Анын кесири ошол сынарларынын функционалдык жагын да эсепке алышы тийиш. Анткени, мунун белгилениши мындай комплекстерди өз беттеринче турган мүчөлөрдөн ажыратууда, тийиштүү чек коюуда чоң мааниге ээ. Маселен, аналитикалык баяндоочтордун биринчи сынары болуп түшкөн сөздөр, мүмкүн, адепки мезгилдерде айкындоочтук милдет аткарып турган сөздөрдүн өз алдынча туруп синтаксистик милдет аткаруу касиетинен ажырап калышынан пайда болушу мүмкүн. Же аналитикалык баяндоочтордун биринчи сынарлары адепки мезгилдерде ээлик, же баяндоочтук милдет аткарып турган сөздөрдүн өз беттеринче туруп мына ошол синтаксистик милдеттерди аткарыш касиетинен ажырап калышынын натыйжасында пайда болушу ыктымал. Аналитикалык баяндоочтук комплекстерди мына ошол состав-

---

[1] М. Б. Балакаев, Казак тилиндеги тура толуктауштар, Вестник АН Казахск. ССР, № 10, 1948, 64-бет.

[2] Ушул эле эмгек, № 12, 19—28-беттер.

[3] Ушул эле эмгек, № 10, 64-бет.

дык бөлүктөрүнүн функционалдык өзгөчөлүктөрүнө карата үч түргө бөлүүгө болот.

Алар: **айкындоочтук аналитикалык баяндоочтор, баш мүчөлүк аналитикалык баяндоочтор** жана **кош предикативдик аналитикалык баяндоочтор.**

а) Жогоруда адепки мезгилдерде өз алдынча айкындоочтук милдет аткаруучу сөздөр бара-бара этиш сөздөр менен биригип кетишип, сүйлөмдүн аналитикалык баяндооч мүчөлөрү болуп келери жөнүндө белгиленди эле. Сүйлөмдүн буларга окшогон аналитикалык комплекстерден турган тутумдаш мүчөлөрү айкындоочтук аналитикалык баяндоочтор деп аталат.

Айкындоочтук аналитикалык баяндоочтук комплекстердин түзүлүшү алды жакта жетиштүү даражада талданып өтүлдү. Ошол себептүү бул жерде аны кайталап олтуруунун муктаждыгы деле жок сыяктанат, ошондуктан айкындоочтук аналитикалык баяндоочтордун тутумундагы биринчи сынарлары табыш, барыш, чыгыш жана жатыш жөндөмөлөр менен атооч жөндөмөдө болору жөнүндө белгилөө, башкача айтканда, алардын структуралык жагын гана айта кетсек деле жетиштүү болор.

б) Баш мүчөлүк аналитикалык баяндоочтор да жасалыш принциби жагынан айкындоочтук аналитикалык баяндоочтор сыяктуу эле болушат. Башкача айтканда, адепки мезгилдерде өз алдыларынча ээлик милдет аткарып турган сөздөр бара-бара өз бетинче синтаксистик милдет аткаруу табиятынан ажырап калышып, баяндооч болуп түшкөн сөздөр менен маани жагынан да, курулуш жагынан да ажыралгыс түрдө тутумдашып кетишип, сүйлөмдүн аналитикалык баяндооч мүчөлөрүнө айланып кетишкен.

Мисалы: 1. Жок, бул кызда эч кимдин **акысы жок** (К. Ж.). 2. Буйругун орундабай турган **чаарабыз жок** (Ж. Т.). 3. Түлкүбектин жогорку сөзүн угуп, Ажар менен Карыптардын **жаагы жап болгон** (К. Ж.). 4. Барарын **ким билет,** айта албайм. 4. Көрүнгөн тоонун **ыраагы жок** (эл макалы).

Буларга окшогон баш мүчөлүк аналитикалык баяндоочтордун азыркы кыргыз тилиндеги калыптанышы даражалары ар кыл келет.

Айрым баш мүчөлүк аналитикалык баяндоочтук комплекстер сүйлөмдөгү аткарган милдетине карай гана өз ара ажыралгыс биримдикте турушат. Сүйлөмдөн тышкары айрым-айрым сөздөргө ажыралып кетет. А башка бир түрлөрү болсо биртоло калыпташып кетишкен, туруктуу фразеологиялык айкалыштарга айлана башташкан, же айланып да кетишкен. Айрымдары лексикалашуу жагында да турушат.

Баш мүчөлүк аналитикалык комплекстерди мына ошол калыптанышы даражаларына карата төмөндөгүчө көрсөтүүгө болот:



1) Айрым шарттарда логикалык басым түшкөн ээлер сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүн жандайт да, алардын семантикалык салмагы басандап, маани жагынан баяндооч болуп келген сөздөргө көз каранды абалда боло башташат.

Мисалы: 1. Аны көрсөм, көңүлүм көтөрүлүп, күчүмө **күч кошулуп калчу эле** («Аксанатай менен карасанатай», жомок). 2. Алардын мындай сумсайып суз отурушунда кандайдыр бир **терең сыр бардай** (К. Ж.). 3. Балдар менен кыздардан **жол тийбейт** (Ш. Б.).

Дал ушундайча мүнөздөгү сүйлөм ээлеринин бара-бара акырындык менен семантикалык маанисинин басандап олтурушунун натыйжасында сүйлөмдөгү аткарган милдетине карай ээ менен баяндооч сөз өз ара биригип кетишип, баш мүчөлүк аналитикалык баяндоочтор пайда болгон.

Мисалы: 1. **Атанды деген киши жок** (Ш. Б.). 2. **Пенделик түштү** башыма (Токтогул). 3. Окуу башталарына **саналуу гана күн калды** (Ш. Б.). ж. б.

2) Мындайча курулуштагы аналитикалык баяндоочтук комплекстер практикалык кырдаалда бекемделип, калыпташып олтурушуп, туруктуу фразеологиялык айкалыштарга айлана башташкан.

Мисалы: 1. Кара суу ичем, **алым жок** (Токтогул). 2. Кежилдешип отура турган **алыбыз жок** (Ж. Т.). 3. Ырас, өзүбүздүн элдеги табыптардан такыр **айла болбой калды** («Дартына даба болгон экен», жомок.) 4. Эми айтпаска **айла жок** («Асан жана Үсөн», жомок).

Бара-бара биротоло туруктуу фразеологиялык айкалыштарга өтүшүп, анын тутумундагы ээ формасындагы сөздөрдү сүйлөмдүн грамматикалык ээси катары алууга таптакыр мүмкүн болбой калган.

Мисалы: 1. Кирүү экзаменинин **жаасы катуу экен** (Ш. Б.). 2. Кол баштаган кишиден башканын алууга **акысы жок** (К. Ж.). 3. Кантейин, зордоого **акым жок** (Ш. Б.). 4. Эй, **нысабы жок десе** (Ш. Б.). 5. Менин тиешем жок. 6. Же силерге оокаттын **кереги жокпу** (Ш. Б.). 7. Тузак салып **байлап койгон жерибиз жок** (Ш. Б.).

Кийинчерээк мындайча мүнөздөгү баш мүчөлүк аналитикалык комплекстердин айрымдарынын лексикалашуу жагы басымдуулук кыла баштаган.

Мисалы: 1. Эч кимге **алы жетчү эмес** («Тырнактай чал», жомок). 2. Бул жээкте жыпар чөптүн бардыгына **көзүм жетпейт** (Ш. Б.). 3. Сонун-сонун өтүктөр, туфлилер, ботинкалардан **башы адашты** (Ш. Б.).

Бул белгиленип өтүлгөндөй баш мүчөлүк аналитикалык комплекстерге **күн жок** (бизге күн жок), **жөнү жок, кареги жок, дитим барбайт, дитим батпайт, эси ооду, иңир кирди, тай чабым-**

**дай, айла жок, арга жок, моокум канды** деген сыяктуу айкалыштар киришет.

в) Кош предикативдик аналитикалык баяндоочтор да жасалыш принциби жагынан айкындоочтук аналитикалык баяндоочтор менен баш мүчөлүк аналитикалык баяндоочтор сыяктуу эле болушат.

Кош предикативдик баяндоочтук комплекстер мындайча жасалышат. Башта өз алдыларынча баяндоочтук милдет аткарып турушкан сөздөр сүйлөмдөгү катышына карай өзүнөн кийин келишкен этиш сөздөр менен ажыралгыс тутумдашып кетишип, биринчи баяндоочтук формадагы сөздөр негизги баяндалуучу кырдаалдарды (сүйлөм ээлеринин атын, белгисин, санын, аракетин ж. б.) билдиришет да, андан кийин келишкен баяндоочтук формадагы сөздөр ошол алгачкы сыңарларга кошумча маани берүүчү каражат катары кызмат кылышат. Бул жагынан кандайдыр жалпы эле көмөкчү сөздөр тутумдашып турган составдык баяндоочторго окшоп кетишет. Бирок андай комплекстер, чындыгында, эки баяндооч сөздүн айкалышып турушунан пайда болушкан.

Мисалы: 1. Балдары **күчтүү деп да жатышат** (Ш. Б.). 2. Сенин балдарың **бузук чыкты,** каным («Кулдун уулу жана Зымырык куш», жомок). 3. Бара-бара ал **Чагатай чаң жукпас атыгып кетти** («Алдаркөсөөнүн ангемеси», жомок). 4. Мен **окуйм деп келдим.** 5. Бул **жайылма сүйлөм деп аталат.** 6. Бу хозяйканын **тилин албаса болбойт** (Ш. Б.). 7. Ал **укпаса жакшы болот эле.** ж. б.

Бул кош предикативдик аналитикалык баяндоочтор нерселердин, көрүнүштөрдүн аттарын, касиеттерин түшүндүрүүгө, аныктоого карай, көбүнчө, илимий аныктамаларда кеңири орун ээлешет. Анткени, бир нерсенин, же кубулуштун табиятын билдирүү үчүн анын касиети эмне экенин да, ага карай болгон авторлордун баяндамасын да кошо көрсөтүү иши талап кылынат. Кош предикативдүүлүк мына ушул негизде пайда болгон деп болжолдоого болот.

**§ 185.** Сүйлөмдүн аналитикалык баяндоочторунун жогоруда көрсөтүлгөндөрдөн башка түрлөрү да болот. Аларды түзүлүш конструкцияларынын өзгөчөлүктөрүнө жараша төмөнкүчө түрлөргө бөлүүгө болот:

1) Кээ бир таташал этиштерден болгон баяндоочтордун эки сыңары тең чак жана жак уландыларында турушат да, аларды өз ара бириктирүүчү каражат катары да бөлүкчөсү кызмат кылат.

Мисалы: 1. Адамдын башын **айландырасыңар да турасыңар** (Ж. Т.). 2. Өзү опур-топурдун ортосуна **кирди да кетти** («Ал экөө кайра жаралган экен», жомок). 3. Тапка келген кыргыйдай алга **умтулат да турат** (К. Б.). 4. Күүнү тыңшап **катты да калды** (К. Ж.).



Буларга окшогон конструкциядагы баяндоочтор анын тутумдагы негизги сыңарына логикалык басым берүү үчүн колдонулат. Ошондуктан шарттуу түрдө мындай түзүлүштөгү комплекстерден турган баяндоочторду логикалык басымдуу аналитикалык баяндоочтор деп атасак болот.

2) Кайталанмалуу аналитикалык баяндоочтор да болот.

Мисалы: 1. Көп сүйлөбөй, **жүргүн дегенде жүргүн** («Акылдуу дыйкан», жомок). 2. **Кетебиз дедим кетебиз.** 3. Анын **айтаарын айтты, иштээрин иштеди.** ж. б.

3) Сүйлөмдүн биринчи мүчөлөрүнүн жалпыланып айтылышынан пайда болгон аналитикалык баяндоочтор да кездешет.

Мисалы: 1. Биздин Мырзатөлө малга **кайгырбайт да тарыкпайт** («Жаныбек кан жана Мырзатөлө», жомок). 2. **Жат да кет** («Алдаркөсөөнүн ангемеси», жомок). 3. Туулдук-өлдүк (Ж. Т.). 4. Керкисиз отун **алынбайт да табылбайт** (эл макалы).

4) Биринчи сыңарлары шарттуу **-са** уландысында турган аналитикалык баяндоочтор да болот.

Мисалы: 1. Үйгө жумасына бир **келсе—келем;** келбесем жок (К. Б.). 2. Болуптур, **барса—барайын.** 3. Мүмкүн, ал **айтса—айткандыр.** ж. б.

## Аналитикалык баяндоочтордун тутумдаш баяндоочторго катышы

**§ 186.** Өз алдыларынча жеке-жеке турган сөздөр сүйлөмдөгү аткарган синтаксистик милдеттерине карай өз ара ажыралгыс түрдө тутумдашып, сүйлөмдүн кандайдыр бир мүчөсү болуп келишсе, жалпы жонунан тутумдаш (составдык) мүчөлөр деп аталышат.

Сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочтору дегенибиз да мына ушундайча эле өз алдыларынча турган эки, же андан да көп сөздөрдүн аткарган синтаксистик милдетине карай өз ара ажыралгыс түрдө тутумдашып кетишинен жасалат.

Маселен, тутумдаш баяндоочтор күчөтмө сөздөрдүн толук маанилүү сөздөргө айкалышып турушунан **(өтө баатыр эле, такыр окубайт, абдан жалкоо),** же баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөргө көмөкчү сөздөрдүн тутумдашып турушунан **(Аалы экен, барган го, Асан болчу)** жасалышы ыктымал. Же болбосо эки толук маанилүү сөздүн сүйлөмдөгү аткарган милдетине карай өз ара ажыралгыс түрдө тутумдашып кетишинен да сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочтору жасалышы мүмкүн) эртең **жекшемби күн,** анын досу **ушул жерде.** ж. б.).

Ал эми, аналитикалык баяндоочтор болсо булар да тутумдаш баяндоочтордун бир түрү болуп саналат. Ал, болгондо да, тутумдаш баяндоочтордун өзгөчө бир түзүлүштөгү түрү.

Тутумдаш баяндоочтордун башка түрлөрүнөн аналитикалык баяндоочтор алды жакта көрсөтүлүп өтүлгөндөй түзүлүш, сос-

тавдык жана маани бөтөнчөлүктөрү жагынан айырмаланып турушат. Башкача айтканда, тутумдаш баяндоочтордо алардын негизги сынарлары болуп түшкөн сөздөр сүйлөм ээлери жөнүндө билдирилүүчү, баяндалуучу негизги маанилерди ээлешет да, көмөкчү сынарлары аларга (негизги сынарларына) ар кыл кошумча маани берип турушат.

Аналитикалык баяндоочтордо болсо алардын тутумундагы бир сынары негизги бөлүгү, башка бир сынары көмөкчү бөлүгү катары келишпейт. Алар өз ара тең укукта болушат. Аналитикалык баяндоочтордун дал ушул бөтөнчөлүгү аны тутумдаш баяндоочтордун башка түрлөрүнөн (жогоруда белгиленген түрлөрүнөн) айрымалап турат. Ачыгыраак айтканда, сүйлөм ээлеринин бул, же тигил мүнөздөгү кырдаалдары аналитикалык баяндоочтордо алардын биринчи сынарлары болуп түшкөн сөздөр аркылуу гана билдирилбестен, баяндалбастан, бардык составдык бөлүктөрүнүн биримдигинин ортосунан пайда болгон жаңы маанидеги түшүнүк аркылуу баяндалат, билдирилет. Андай баяндоочтук комплекстерди биринчи сынар болуп келген сөздөргө карай бул, же тигил сөз түркүмүнөн болгон баяндоочтор деп алууга да мүмкүн эмес. Демек, сүйлөм ээлери жөнүндө билдирилүүчү, баяндалуучу маанилерди биринчи сынар болуп түшкөн сөз түркүмдөрүнүн табиятына гана байланышта кароого мүмкүн болбой калат.

Мына ушунтип, тутумдаш баяндоочтор деп жалпы жонунан ар кандай ыктар боюнча өз ара ажыралгыс түрдө тутумдашып турган эки, же андан да көп сөздөрдөн болгон баяндоочторду айтабыз да, аналитикалык баяндоочтор жөнүндө сөз жүргүзүү дегенибиз тутумдаш баяндоочтордун кандайдыр бир өзгөчө түрү жөнүндө сөз жүргүзүү дегендикке жатат.

## КОРУТУНДУ

1. Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү, бир жагынан, кайсы сөз түркүмдөрүнөн тургандыгына жараша ээ болуп турган түркүн-түркүн семантикасына карай, экинчи жагынан, өзүлөрүнүн тийиштүү синтетикалык, же аналитикалык баяндоочтук формаларына карата, үчүнчүдөн, айкындооч мүчөлөрдүн таасири астында, же ээ менен болгон катыш бөтөнчөлүктөрүнө жараша ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн ар кыл кырдаалдарын баяндап турушат.

2. Мына ушул жагынан алганда баяндооч мүчөлөр кайсы гана сөз түркүмдөрүнөн турушса да, алардын ээ жөнүндө билдирүүчү баяндоочу ар түркүн маанилери эки негизги планда, башкача айтканда, лексикалык жана грамматикалык планда жүзөгө ашырылат.

Эгерде, баяндооч сөздөр сүйлөм ээлеринин бул, же тигил мүнөздөгү кырдаалдарын баяндоодо өзүлөрүнө жалганып, же



тутумдашып турган (баяндоочтук форма катары келген) тийиштүү синтетикалык, же аналитикалык формалары белгилүү бир ролдо ойноп турса, же өзүлөрүнө багыныңкы абалдагы айкындооч сөздөрдүн таасири астында ээ болуп түшкөн сөздөрдүн дагы бир башка түрдөгү кырдаалдарын баяндоо касиетине ээ болуп турушса, бул баяндооч сөздөрдүн ээ жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу табиятынын грамматикалык ыкмалар боюнча жүзөгө ашырылышы болот.

Ал эми, сүйлөм ээлеринин ар кыл табияты кырдаалдары баяндооч мүчөлөрдүн кайсы сөз түркүмдөрүнөн тургандыгына жараша, же бир эле сөз түркүмүнө кирген баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн ич ара болгон семантикалык түрлөрүнө карата билдирилип, баяндалып турган болсо, баяндооч сөздөрдүн ээлик милдет аткаруучу сөздөрдү лексикалык ыкма боюнча баяндап турушу болот.

Буларды баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөр боюнча мындайча жыйынтыктасак болот.

3. Этиштердин берки айкын чагын жасоочу **-ды** уландысы жалганып турган этиштик баяндоочтор ээ болуп түшкөн сөздөрдүн айкын мүнөздөгү болгон аракеттерин баяндашат **(Бала өз жолун улантты)** («Асыл таш», жомок).

Составдык жагына жана айкындооч сөздөрдүн таасирине жараша мындай этиштик баяндоочтордун төмөндөгүчө өзгөчөлүктөрү белгиленет.

а) Бир составдуу этиштер боюнча:

Сүйлөмдүн берки айкын өткөн чак этиштерден болгон баяндооч мүчөлөрү, эгерде, жакын арадагы мезгил семантикасындагы айкындооч сөздөр таандык болуп турушса, сүйлөм ээлеринин жакын арада болгондой айкын аракеттерин баяндашат да (1. **Ала-Тоо бүгүн кулпурду** (Ж. Т.), узак мезгил семантикасындагы айкындоочтор таандык болуп турушса, аяктаганынан бери көп убакыт өткөндөй аракеттерин билдиришет) **Мен эчак бардым.** 2. **Андан бери кылымдар өттү).**

Же болбосо, сүйлөм ээлери узак мезгил, орун аралык семантикасындагы сөздөрдөн болушса, аяктаганына узак мезгил өткөндөй аракет баяндалат да **(Айлар жылды, жылдар өттү),** ээлик милдет аткаруучу сөздөр объектилик, белги, же сыпат семантикасындагы сөздөрдөн болушса, жакын арада болгондой аракет билдирилет (1. **Биздин даңкыбызды бүт аалам укту** («Чыныбек», жомок). 2. **Сенин жүрүш-турушуң бузулду** (К. Ж.). 3. **Асфальтталган жолдор күзгүдөй жалтырады).**

б) Эки составдуу этиштерден болгон баяндоочтордо чак уландылары менен айкындооч сөздөрдүн таасири гана башкы орунда турбастан, анын тутумундагы биринчи сынарына жалганып турган чакчыл **-ып, -а** уландылары да маанилүү ролду ойнойт.

Эгерде, берки өткөн чактагы эки составдуу этиштик баян-

доочтордун биринчи сыңарлары чакчыл **-а** уландысында турган болсо, мындай баяндооч мүчөлөр аркылуу ээнин айкын өткөн, узакка созулгандай, кандайдыр, азыр да болуп жаткандай аракеттери баяндалат да (1. **Куду эле дудук катары мемиреп олтура берди** («Байлык, бакыт, акыл», жомок). 2. **Күндөр өтө берди**), чакчыл **-ып** уландысында турган болсо, ээнин бүтүп калган жана узакка созулбаган аракети баяндалат). 1. **Аңгыча күн жаап жиберди** («Жээренче чечен», жомок). 2. **Жалаң өзүм иштеп койдум.** ж. б.).

Этиштик баяндоочтор үч, же төрт составдуу болушу да ыктымал. Мындай баяндоочтук комплекстердин негизги сыңары (биринчи сыңары) чакчыл **-а** уландысында турган болсо, узакка созулган аракет билдирилет да, чакчыл **-ып** уландысында турса, кыска мөөнөттө бүткөн аракет баяндалат, үчүнчү жана төртүнчү сыңарлары болсо көмөкчү сөздүк милдет аткарып калышат (1. **Бир күнү Шарип куду өзүндөй чокчондоп секирип жүрө турган бака сатып келип берди** (Ш. Б.). 2. **Ал көпкө бара албай жүрдү**).

4. Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү берки капыскы өткөн чак **(-ыптар)** этиштерден болушса, андай баяндооч сөздөр аркылуу аракет кылуучу жак тарабынан унутулган, капыскы, туюк аракеттери баяндалат (1. **Мен алыптырмын.** 2. **Чор тамандар айлы менен качып кетиптир** (К. Ж.). Же ээнин узак мезгилдер мурда болгондой аракеттери баяндалышы мүмкүн (1. **Байыркы заманда бир кемпир-чал болуптур.** 2. **Кечинде дагы келишиптир** («Эки коншу», жомок).

5. Атоочтуктун **-чу (-очу, -оочу)** уландысынын жардамы аркылуу жасалган адат өткөн чак этиштерден болгон баяндоочтор аракет кылуучу жактардын (ээлердин), биринчиден, аракетинин бүткөнүнөн бери көп убакыт өткөндүгүн билдирип турушса, экинчиден, ал аракеттин кайталанма мүнөздө болгондугун да баяндап турушат (1. **Мен эрте барчумун.** 2. **Ал сен жөнүндө көп айтчу**).

Эгерде, бул адат өткөн чак этиштерден болгон баяндооч сөздөр бир составдуу болушса, сүйлөм ээлеринин алда качан өткөн туруктуу мүнөздөгү аракеттери баяндалат (1. **Жел жүрчүү, муң көбөйгөн жерге барчуу.** Армандын миң толгоолуу күүсүн чалчуу (Ж. Т.). 2. Досуң ушул жерде иштечү. ж. б.), ал эми, эки составдуу болушса, андай баяндоочтордун кайталанма мүнөзүндөгү аракеттерди билдириш жагы басымдуулук кылып турат (1. **Акай да айтып жүрчү.** 2. **Биз барып турчубуз**).

6. Атоочтуктун **-ган** уландысы аркылуу жасалган белгисиз өткөн чак этиштерден болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин период жагынан айкын эмес мүнөздөгү өтүп кеткен аракеттерин баяндашат (1. **Биз бирге окуганбыз.** 2. **Үлпүлдөгөн жука сары жибек көйнөгүнүн далысы нечак эле чылпылдай түшкөн** (Ш. Б.).



Бул белгисиз өткөн чак этиштик баяндооч мүчөлөрдүн ээ жөнүндө анын бул, же типил мүнөздөгү кырдаалдарын баяндап турушу, биринчиден, белгиленген чак уландыларынын таасирине, экинчиден, айкындооч мүчөлөр менен ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн таасирине, үчүнчүдөн, ошол баяндоочтук милдет аткаруучу этиш сөздөрдүн семантикалык мазмундуулуктарына тыгыз байланыштуу болот.

7. Сүйлөмдүн учур чактагы этиш сөздөрдөн болгон баяндооч мүчөлөрү аракет кылуучу жактардын (ээлердин) башталган, бирок азыр да болуп жаткан, аяктала элек аракеттерин, абалын баяндашат.

(1. **Оюма алып баратам,**
**Айланып элге барышты** (Токтогул). 2. **Силер жакшы иштеп жатасыңар.** 3. **Курушуп барат айдалым** (Токтогул).

а) Эки составдуу учур чак этиштерден болгон баяндоочтордун биринчи сыңарлары (негизги сыңарлары) **бол** деген абалкел деген багыт-аралык семантикадагы сөздөр болушуп, экинчи сыңары **жат** деген этиш сөз болсо, мындай баяндоочтор сүйлөм ээлеринин речь айтылып жаткан мезгилдеги аракеттерин баяндашат да (1. **Эшикте бир аял от жагып жатат.** 2. **Сибирдеги акылман туткундардын айткан белгилери келип жатат** (К. К.), экинчи сыңарлары **олтур, тур, жүр** деген этиш сөздөр болушса, биринчи сыңарлары кандай этиш сөз болушса да, андай составдагы баяндооч мүчөлөр сүйлөм ээлеринин башталганына көп убакыт өткөн, азыр да болуп жаткандай учур чактагы аракеттерин баяндашат (1. **Атакелеп балаң турат жалдырап** (Ж. Т.). 2. **Билем, сага ыктуу кыз табылбай жүрөт** (Ш. Б.).

б) Үч, же төрт составдуу учур чак этиштерден болгон баяндооч мүчөлөр сүйлөм ээлеринин башталганына көп убакыт болгон жана азыр да болуп жаткан, узакка созулуучу аракеттерин баяндашат (1. **Өзүм да кагырадай куурап кетип баратам** (Ш. Б.).

8. Сүйлөмдүн келер чактагы этиш сөздөрдөн болгон баяндооч мүчөлөрү сүйлөм ээлеринин баштала элек аракеттерин баяндашат (1. **Эртең Эсен акеме кат жазам** (Ш. Б.). 2. **Сен түштөн кийин келерсиң.** ж. б.).

Мындай баяндоочторго айкындооч мүчөлөрдүн тийгизүүчү таасири өтө күчтүү болуп, эгерде, так мезгилди билдирүүчү айкындооч сөздөр таандык болуп турушса, келер чак этиштик баяндоочтор сүйлөм ээлеринин келечекте, айкын, так мезгилде болуучу аракеттерин баяндашат да (1. **Бүгүн үйөздөн киши келет** (Ж. Т.). 2. **Сен эртең келесиң.** ж. б.), айкын эмес мүнөздөгү айкындооч мүчөлөр таандык болуп турушса, келечеки, бирок белгисиз убакта болуучу аракеттери баяндалат **(Кайсы күнү чыгарат.**
**Көкүрөктө дартымды** (Токтогул).

Ал эми, баяндооч сөздөргө туруктуу мезгил маанисиндеги

айкындооч сөздөр айкалышып турган болсо, андай баяндооч мүчөлөр аркылуу сүйлөм ээлеринин узакка созылуучу болочоку аракеттери баяндалат **(Партиянын ишеничин ар убакта актайбыз** (Ш. Б.).

Сүйлөм ээлеринин келечеки аракеттери жалаң эле келер чак формасындагы этиштерден болгон баяндоочтор аркылуу гана билдирилбейт, унгу этиштерден болгон баяндоочтор да аракет кылуучу жактардын баштала элек аракеттерин баяндашат.

9. **-ыш, -уу** уландыларынын жардамы аркылуу жасалган кыймыл атоочтор баяндоочтук милдет аткарып турушса, негизинен, ээ болуп түшкөн сөздөрдүн сыпат (1. **Күлүкан менен Ажар көздөрүнүн жашын көл кылууда** (К. Ж.). 2. **Ушинтип, ишенич данакерленүүдө** (Ш. Б.). 3. **Колдон келген ишке белди бууш керек),** себеп **(Терең билим алуу тырышып окуудан),** максат **(Тилегибиз — шаарга барып окуу, билим алыш)** мүнөздөрүндөгү кырдаалдарын баяндашат да, **-мак** уландысындагы кыймыл атоочтордон болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин бир иштин иштөөгө ниеттенгендигин билдирет, ошол ээ жөнүндө баяндалуучу аракет туюк мааниде болуп, өкүнүч, же кубаныч маанилерин да билдирип турушу ыктымал (1. **Ал шаарга бармак. 2. Бирок качан, кайсы күнү келмек** (К. Ж.). 3. **Түгөл орусча китеп окуудан баштамакчы** (Ш. Б.).

Ал эми, **-май** уландысындагы кыймыл атоочтук баяндооч мүчөлөр болсо аракет кылуучу жактардын баштала элек адат, көнүмүш, кайталанма мүнөздөгү кырдаалдарын баяндап турушат **(Оку десе — окуй бермей).** Бирок мындай баяндоочтордун, көбүнчө, баштала элек аракеттик мааниси туруктуу мүнөздө болуп, адат, кайталанма мүнөздөгү маанилери жоюлуп кетиши да ыктымал **(Чынарбай коюн кайтарып жөнөмөй болду** («Алдаркөсөөнүн ангемеси», жомок).

10. Шарттуу **-са** уландысында турган баяндоочтор ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн баштала элек тилек, каалоо **(Тартынуу, кысынуу, шылдындоо деген такыр болбосо** (Ш. Б.), же **-чы** бөлүкчөсү жалганып турган болсо, тилек да, өкүнүч да мүнөзүндөгү кырдаалдарын баяндап турушат

**(Кызыл оңбос болсочу,**
**Кыз кубарбас болсочу** (Токтогул).

11. Татаал формалуу этиштерден болгон баяндоочтор ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн кайталанма мүнөздөгү туруктуу аракеттерин баяндашат (1. **Асылдым да калдым,** алмайынча кетпейм («Алдаркөсөөнүн ангемеси», жомок). 2. Адамдын башын **айландырасыңар да олтурасыңар** (Ж. Т.). 3. Күн дыр этгире жаап өтсө, белден **баткак болот да калат** (К. Ж.).

Же сүйлөм ээлеринин күчөтүү мүнөзүндөгү бир жолку аракети билдирилет (1. Акмат бир маасысын чечип, экинчисин чечпеген бойдон күүнү тыншап **катты да калды** (К. Ж.). 2. Ал **олтурду да калды.** ж. б.).



Же чекиндүүлүктү билдиришет (1. **Жат да кет. 2. Туулдук—өлдүк).**

Ал эми, кош айтылган кайталанма формалуу этиштик баяндоочтор болсо сүйлөм ээлеринин арсар, кош көңүлдүк мүнөздөгү кырдаалдарын баяндашат (1. **Жумасына бир барса—барам, барбасам жок. 2. Макул, окуса—окуюн.** ж. б.).

Же сүйлөм ээлеринин сыйлоо, ашыгуу, же ачуулануу мүнөздөгү кырдаалдары баяндалат (1. **Отур-отур, кайда шашасың. 2. Кел-кел, жакшы болду. 3. Жөнө-жөнө, кечигесиң. 4. Токтотокто, азыр келет).**

Кайталанма формалуу этиштик баяндоочтор ээ болуп келген сөздөрдүн узакка созулган, же күчөтүлгөн аракеттерин баяндашат (1. **Окуй берет, окуй берет, деги чарчабайт. 2. Кете берет, кете берт, акыры бир чоң сууга туш келет. 3. Иштей бердим, иштей бердим. 4. Тысылдайт эле тысылдайт, бирдемесин жоготконбу?**

12. Баяндоочтук милдет аткаруучу этиш сөздөр, бир жагынан, этиштердин семантикалык топтору менен ынгайларына карай, экинчи жагынан, ошол баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн сүйлөмдөгү катышкан башка сөздөр менен болгон катышына карай ээ болуп келген сөздөрдүн дагы төмөнкүчө кырдаалдарын баяндашат: таңдануунуу билдиришет (1. **Өзү берип тургандыгын кара** (Ж. Т.). 2. **Каныкканын көр** (Ш. Б.), тилекти (1. **Шарибинди аман-эсен кечирип чыга көр** (Ш. Б.). **Кош, энеке, жакшы тур),** жактырбагандыкты (1. **Ошол досуң менен куруп кал. 2. Ошондон ары кет),** сурануу, өтүнүүнү (1. **Аты ким, ошону айт** (Ш. Б.). 2. **Мени жибер.** 3. **Абылдан сура.** ж. б.), кеңеш, насаат (1. **Сөздү билгенге айт** (Ж. Т.). 2. **Атаңдагы ушулар сыяктуу ээнин ар кыл кырдаалдарын баяндашат.**

13. Сүйлөмдүн зат атооч сөздөрдөн болгон баяндооч мүчөлөрү ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн ким-эмнелигин (1. **Жакшы болсо эки жар, биринин бири канаты** (эл макалы). 2. **Сабырдын түбү—сары алтын** (эл макалы). 3. **Бул — аэростат.** 4. **Булар — шаардыктар, фрунзеликтер** (Ш. Б.). Эгерде, орун семантикасындагы зат атоочтор баяндоочтук милдет аткарып турушса, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн объектилик маанидеги ордун (1. **Нагры—Чалдыдан ары — Зымкана, келе жаткан жагым — кыбыла** (К. Ж.), өлчөм семантикасындагы зат атоочтор баяндоочтук милдет аткарып турушса, өлчөмүн).

1. **Бүтүн элдин акысы**
**Өмүрүндүн жарымы** (Токтогул).

2. **Бул кочкорумдун баасы — беш жүз кой** («Алдаркөсөөнүн ангемеси», жомок). 3. **Биздин үйдөн университетке чейин бир километр.** ж. б.), мезгил семантикасындагы заттар баяндоочтук милдет аткарып турушса, мезгилин (1. **Мөөнөт эки күн** (Ш. Б.).

2. **Азыр жыйырманчы кылым.** ж. б.) жана дагы ушулар сыяктуу сүйлөм ээлеринин сыпат, белги, салыштыруу кесип мааниле-ринде-ги (1. **Жоолуктун экөө тең ак жибек** (К. Ж.).

2. **Зар ыйлаткан күнөөсүз**
**Залимдердин боору таш** (Токтогул). ж. б.

3. **Азыраак макоолугу болгон менен, жүрөгү таза ак көңүл калдаке** (Ш. Б.). 3. **Аалы—малчы.)** ар түрдүү кырдаалдарын баяндап турушат.

14. Зат атоочтук баяндоочтордун сүйлөм ээлеринин бул, же тигил мүнөздөгү кырдаалдарын баяндашында ага багынынкы абалда турган айкындооч сөздөр да чоң роль ойношот.

Маселен, заттык баяндоочторго багынынкы абалдагы аныктоочторго логикалык басым түшүп турган болсо, баяндооч сөздөрдүн ээ жөнүндө баяндоочу мааниле-ри басандап, логикалык басым түшкөн сөздүн семантикасы ээ жөнүндө билдирилүүчү башка кырдаал катары келет (1. Атасы Канат — колунан көөрү төгүлгөн **уста адам** (Ш. Б.). 2. Ороз кең пейилдүү, өзүм дегенде жанын аябаган **март адам** (Ш. Б.), же логикалык басым түшкөн аныктооч сөздөр семантикалык мазмундуулугунан ажыроо жагында, же ажырай баштаган заттык баяндоочторго айкалышып турган болсо, аны менен ажыралгыс биримдикте турушуп, ээ жөнүндө баяндалуучу негизги маанини ээлеп турат (1. Кыз—асемдүү **күлүктөй чалпоо** нерсе (Ш. Б.). 2. Энем аныкы **аңкоо жан** («Ал экөө кайра жаралган экен», жомок).

Бирок логикалык басым түшкөн аныктоочторго чексиз мүнөз берүүгө да мүмкүн эмес. Дайым эле заттык баяндоочтордун эсебинен ээ жөнүндө баяндалуучу тийиштүү кырдаал катары келе беришпейт (1. **Бизде улууларды эжеке, апаке деген чексиз урмат** (Ш. Б.). 2. **Айланасы — толгон эл** (Ш. Б.).

15. Кээ бир сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрү бирдей сөздөрдөн болушу да ыктымал (1. **Шаар-шаар, айыл-айыл да** (Ш. Б.). 2. **Сөзүм-сөз, убадам-убада.** 3. **Сенин жаның—жан, элдин жанычы** (Ж. Т.).

Мындайча баш мүчөлөрү бирдей зат атоочтордон болгон жөнөкөй сүйлөмдөрдө, көбүнчө, айкындооч сөздөр (аныктоочтор) аларды өз ара байланыштырып, ыраатту-у мааниге келтирип туруучу каражат катары кызмат кылып турушат (1. **Ленин жолу—ташка тамга баскан жол** (Ж. Т.). 2. **Бул совхоз—мыкты совхоз.** ж. б.), же мындай баяндооч сөздөргө көмөкчү сөздөр айкалышып, баш мүчөлөрдү өз ара байланыштырып турушу мүмкүн (1. **Өнөрүң өнөр экен** (К. Ж.). 2. **Максут баягы эле Максут эмеспи).**

20. Ошондойчо эле, экинчи бир башка шарттарда айкындооч сөздөрдүн ар башка зат атооч сөздөрдөн болгон баш мүчөлөрдү байланыштыруучу каражат катары келишкен учурлары да болот (1. **Ал эмне деген кебиң** (Ж. Т.). 2. **Бул кандай жорук?** (Ж. Т.).



16. Зат атоочтук баяндоочтор III жактагы көптүк санда турган сүйлөм ээлерин бирде сан жагынан ээрчип турушса, бирде сан жагынан ээрчибей да турушу мүмкүн. Мындайча кырдаал баяндооч сөздөрдүн стилдик функциясына байланыштуу болот. Маселен, заттык баяндоочтор сүйлөм ээлерин сан жагынан ээрчип турушса, алардын объектилик (ким, эмнелик) кырдаалдарын баяндашат да **(Алар — студенттер),** сүйлөм ээлерин сан жагынан ээрчибей турушса, кесип, милдет маанисин билдирип турган болот (1. **Алар мугалим.** 2. **Булар студент).**

17. Жатыш жөндөмөдөгү зат атооч сөздөр баяндоочтук милдет аткарып турган болсо, бир жагынан, жөндөмө уландылык формасына карай, экинчи жагынан, семантикалык мазмундуулуктарына жараша, үчүнчүдөн, ээ болуп түшкөн сөздөр менен болгон катышына карай ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн төмөнкүчө кырдаалдарын баяндашат:

а) Сүйлөм ээлеринин себебин баяндашат (1. **Кеп анын жолду билбегендигинде эмес, анын кулдугунда** (К. Ж.). 2. **Маселе жолдун алыстыгында.** 3. **Кеп өпкөдө.** ж. б.).

б) Абалын баяндашат (1. **Алар бал уйкунун койнунда** (Ш. Б.).
2. **Бүгүн кыргыз**
**Коммунизм жолунда** (Ж. Т.).
3. **Сенин айтканың эсимде.** ж. б.).

в) Ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн орун абалын баяндашат. (1. **Үчөө тең Ташкентте** (Ш. Б.). 2. **Чоңдор ар күнү котолоп Чоң тамандардын айлында** (К. Ж.). 3. **Айлыбыз тетиги түздүктө.** ж. б.).

18. Чыгыш жөндөмөдөгү зат атоочтук баяндоочтор өзүлөрүнүн семантикалык мазмундуулугу менен жөндөмө уланды формаларына карата ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн ар кыл кырдаалдарын баяндашат.

а) Сүйлөм ээлеринин орун абалын, же чыгыш, башталыш ордун баяндашат (1. **Биз шаарданбыз.** 2. **Сурмаш Жар-Таштан.** 2. **Бул анарлар Ташкенттен.** ж. б.).

б) Сүйлөм ээлеринин чыгыш объектисин, кимден экендигин баяндашат (1. **Ал дагы белек жолдошумдан.** 2. **Бул кат Турсунбектен).**

в) Ээ болуп түшкөн сөздөрдүн материалын, эмнеден жасалганын баяндашат (1. **Бул комуз өрүктөн.** 2. **Куру болсо капрондон.** ж. б.).

г) Сүйлөм ээлеринин себебин баяндашат (1. **Бат сакайып кетиши жакшы дарыдан.** 2. **Терең билим алыш тырышып окуудан.** ж. б.).

д) Ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн мезгилин (1. **Мөөнөтүбүз бир айдан.),** өлчөмүн, аралыгын (1. **Бул конфеттер килограммдан.** 2. **Тигил кездеменин метри беш сомдон.** ж. б.) баяндашат.

19. Сын атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор өзүлөрүнүн тийиштүү грамматика-семантикалык өзгөчөлүктөрүнө карата ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн төмөнкүчө кырдаалдарын баяндашат:

а) Сүйлөм ээлеринин сапат, өң, тулку мүнөзүндөгү кырдаалдарын баяндашат (1. **Көзү кара, өңү ак жуумал** (Ш. Б.). 2. **Булардын кайсынысы чоң?** 3. **Булар али жаш** (Ш. Б.). ж. б.).

б) Ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн салыштырма мүнөздөгү кырдаалдарын баяндашат (1. **Айлыбыз чачырандыраак.** 2. **Бул тигинден көгүш, тигиниси саргылт.** 3. **Мындан бул көк.** ж. б.).

в) Ээ болуп түшүшкөн сөздөрдүн заттык катыштарын баяндашат (1. **Менден жазгы жамгыр күчтүү** («Баарынан киши күчтүү», жомок). 2. **Биздин жер тоолуу.** 3. **Аның өтө акылсыз.** 4. **Бою ноода чыккан талдай, кашы жаңы тууган айдай, көзү карагаттай** (К. Ж.).

г) Сүйлөм ээлеринин күчөтүлгөн сын кырдаалдарын баяндашат.

(1. **Эмгек этип жашыңдан**
**Элге жаксаң — эң кызык** (Токтогул).
2. **Зымылдап ичи таптаза.** ж. б.).

д) Психологиялык абалын баяндашат (1. **Анын ичи кайгы, кабагы бүркөө.** 2. **Алар ачуулуу.** 3. **Айша сергек, шайыр.** ж. б.).

20. Сан атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор сүйлөм ээлеринин санын (1. **Отуз миң солдат, мен жалгыз** (Токтогул). 2. **Алар элүү беш),** иретин **(Биздин үйдүн номуру элүү жетинчи),** чамалама санын (1. **Баруучулар он бештей.** 2. **Биз ончобуз),** же бүтүндүн бөлүгү экендигин **(Алардыкы бештен бири),** дагы ушулар сыяктуу ар түрдүү кырдаалдарын баяндашат.

21. Ат атооч сөздөрдөн болгон баяндооч мүчөлөр кайсы ат атоочтон тургандыгына жараша сүйлөм ээлеринин мындайча кырдаалдарын баяндашат:

а) Ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн ким-эмнелигин баяндашат (1. **Ошол Жолой менмин, балдарым** (К. Ж.). 2. **Берки биздин эки балага жол баштаган сенсиң** (Ш. Б.). 3. **Буга күнөлүү өзүбүзбүз.** ж. б.).

б) Сүйлөм ээлерин объектилик маанидеги аралык кырдаалдарын баяндашат **(Магазинден алган китеп тигил, Аалынын китеби — бул).**

в) Ээ болуп түшкөн сөздөрдүн ордун баяндашат (1. **Ал ошерден.** 2. **Акай ошондо).**

г) Сүйлөм ээлеринин себебин баяндашат (1. **Бул машинанын негизги сапаты ушунда.** 2. **Бардык касиет мына ушундан, балдар** (К. Ж.).

д) Суроо маанилеринде болушат (1. **Самсахун аке, алың кандай?** (К. Ж.). 2. **Бирок ал чындык кайда?** (К. Ж.). ж. б.).



22. Тактооч сөздөрдөн турган баяндоочтор, биринчиден, тактооч сөздөрдүн семантикалык мазмундуулуктарына жараша, экинчиден, контекс менен ээлик жана айкындоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн таасирине карата сүйлөм ээлеринин ордун, аралыгын (1. **Каныбек асканын башында** (К. Ж.). 2. **Айлы алыс.** ж. б.), өлчөмүн (1. **Ырас эле, менде күч көп** (жомоктон). 2. **Эркектин мындай сулуусу чанда** (Ш. Б.), мезгилин (1. **Али, күн эрте.** 2. **Быйыл Ленин атындагы пионер уюмуна 41 жыл.** ж. б.), сын-сыпатын (1. **О-о-о, жери кандай сонун)** жана ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн психологиялык абалын (1. **Көчөр менен Сатар ыза** (Ш. Б.). 2. **Самсахундун сабыры суз, кабагы бүркөө** (К. Ж.). 3. **Карыптык тарттым, кардым ач** (Токтогул), дагы ушулар сыяктуу ар түрдүү кырдаалдарын баяндап турушат.

23. Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү туруктуу фрозеологиялык айкалыштардан, же туруктуу айкалыштарга айлана баштаган аналитикалык комплекстерден болушу да мүмкүн.

Мындай баяндоочтордун ээ жөнүндө баяндоочу маанилери бул, же тигил сөз түркүмдөрүнөн турган баяндоочторго караганда дагы башкачараак болот. (1. Толгоп, толгоп **күү чалам.** Толкундатып **үн салам** (Ж. Т.). 2. **Кат жазышып турушабыз** (Ш. Б.). 3. Кан кызып, кадимкидей **күчкө келем** (Ж. Т.).

Буларга окшогон баяндоочтук комплекстердин ээ жөнүндө баяндоочу маанилери өтө көп түрдүү. Андай баяндоочтук комплекстерди тутумуна кирген сөздөрдүн ролуна карата болжолдуу түрдө төмөндөгүчө белгилөөгө болот:

а) Биринчи сыңарлары зат атооч болгон аналитикалык баяндоочтор (1. Өзүң, эмне, **жандан кечкенсиңби?** (жомоктон). 2. Калапчы аке, биздин **убалыбызга калбаңыз** (жомоктон). 3. Береке күндөп-түндөп **жол жүрүп олтурду** (жомоктон). 4. Бала эч **шек алган жок** (жомоктон). 5. Көчсө конорун билбеген, консо—көчөрүн билбеген киши да **эл башкарат имиш** (жомоктон). 6. **Кол курады** беш каман (Токтогул).

Мындай биринчи сыңарлары зат атооч сөздөрдөн болгон аналитикалык баяндоочтук комплекстердин айрым түрлөрү азыркы кыргыз тилинде лексикалашуу жагына да баш коё баштаган **(эс алды, дем алды, оюн салды** (тайлар), **таң калды, тил ал, күн көрөт, кам жебе, кулак сал, күч алды, таяк жеди, жем болду** ж. б.).

б) Биринчи сыңарлары сын атооч сөздөрдөн болгон аналитикалык баяндоочтор (1. Чыгымы Чор тамандар уруусуна **катуу тийди** (К. Ж.). 2. Ошол теректин түбүнө ойноону **жакшы көрүүчү** (Ш. Б.). 3. Өмүрүң **узун болсун.** ж. б.).

в) Биринчи сыңарлары ат атоочтордон болгон аналитикалык баяндоочтор (1. Кеп анын ушу жакта **эмне кылып жүргөнүндө болчу** (Аб. Т.). 2. Мен бирди таптым, сен **кандай дейсиң?** (Ш. Б.). 3. Ал эми, сага **эмне жок** (жомоктон).

г) Биринчи сыңарлары тактооч сөздөрдөн болгон аналитика-

лык баяндоочтор (1. Ырас, мен бүгүн **онумда болдум** (Ж. Т.). 2. Тиги балдарды чакырганды укканда **чалкасынан түшсө болобу** (Ш. Б.). 3. Шылдындар түбү барып **чынга чалды** (Ж. Т.). 4. Бир минута **сабыр эткиле** (Ш. Б.). 5. Силер кантип аман калдынар (жомоктон) ж. б.). болуп өз ара дагы бир нече түрлөргө бөлүнүшөт.

## V ГЛАВА

# БАЯНДООЧТУН СОСТАВЫ.

### Жөнөкөй жана тутумдаш (составдык) баяндоочтор

**§ 187.** Баяндооч сөздөр сүйлөмдүн спецификалык негизин түзүүчү баш мүчөлөрдүн бири катарында грамматикалык жактан ээ болуп келген сөздөргө багынынкы абалдагы мүчө болуп, анын ээ жөнүндө баяндоочу ар кыл маанилери ошол баяндооч болуп түшкөн сөздөрдүн грамматика-семантикалык табиятына, тагыраак айтканда, бир жагынан, баяндооч сөздөрдүн ээге карай багынынкы абалына туура келген тийиштүү синтетикалык баяндоочтук формаларына аналитикалык формаларына жана баяндооч болуп келген сөздөрдүн семантикалык табиятына байланыштуу болсо, экинчи жагынан, баяндоочтук милдетти өзүнчө турган бир сөз аткарып турабы, же баяндоочтор бир нече сөздүн ажыралгыс биримдигинен турабы, баяндооч категорияларынын мындайча мүнөздөгү составдык өзгөчөлүктөрү да маанилүү орундардын бирин ээлейт.

Маселен, сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүн мына ушул сонку белгиси боюнча, башкача айтканда, составы жагына карата алганда ал бир сөздөн боло тургандыгы, же аткарган милдетине карай өз ара ажыралгыс биримдиктеги бир нече сөздүн айкалышынан да турары белгиленет.

Алар, баяндооч сөздөр, дал ошол составдык өзгөчөлүктөрүнө жараша да сүйлөм ээлеринин түркүн-түркүн кырдаалдарын баяндоо, билдирүү, айкындык берүү касиеттерине ээ болуп турушат.

Мисалы: 1. **Короодогу кой турмак,**
**Коргол бербейт жети ата** (Токтогул).
2. **Бул биздин чегингис сөзүбүз. Убадабыз — убада** (К. К.).
3. **Мунун — азаматтык. Демилгең жакшы.** ж. б.

Бул берилген мисалдарда өз алдыларынча жеке-жеке турган сөздөр баяндоочтук милдет аткарышты.

1. **Олжо алдым дебейин, балдарымдан өнтө алдым дейин** (К. Ж.). 2. **Жабышкан дартынын күчү ошончолук оор атасы буга каршылык кылып тура алган жок** («Дартына даба болгон экен», жомок). 3. **Күдүндөп чыккандарга караганда күйпөлөктөп кабак-кашын түйгөндөр көптүк кылат** (Ш. Б.). 4. **Кимдир бирөө кыяктын ичине кирип алып сүйлөп жаткандай сезилди** (К. Ж.). 5. **Көлдүн айланасы тай чабымдай** (К. Ж.).



Келтирилген мисалдардын ар биринде аткарган милдетине карай өз ара бири-бири менен ажыралгыс түрдө биримдикте турган бир нече сөздүн айкалышы, комплекси, баяндоочтук милдет аткарышты.

Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү мына ушул көрсөтүлгөндөй составдык жагынын бөтөнчөлүгүнө карай жеке турган сөз баяндоочтук милдет аткарып турабы, же бир нече сөз өз ара ажыралгыс биримдикте турушуп баяндооч мүчө болуп келдиби, дал ушул составдык абалына жараша **жөнөкөй баяндооч** жана **тутумдаш баяндооч** болуп экиге бөлүнөт.

**§ 188.** Сүйлөмдүн жөнөкөй жана тутумдаш баяндооч мүчөлөрүнө дээрлик бардык түрк тилдерин изилдөөчүлөр көңүл бурушкан. Алардын эмгектеринин кай бирлеринде жалпы маселелерге гана назар салынган болсо, кээ бирлеринде бир кыйла терендетилип иштелип чыккан. Ошондой болсо да, бул эмгектердин тийиштүү бир жетишкендиктери менен катар, алардын ортосунда мейли терминология жагынан болсун, мейли классификация жагынан болсун, али белгилүү бир биримдикке келтирилген эмес.

Маселен, филология илимдеринин кандидаты А. С. Сафаев[1] тутумдаш мүчөлөргө карай **«татаал»** мүчө деген терминдин колдонулушу орунсуз экенин, аны морфологиялык татаал сөз категориясынан ажыратууда кыйынчылыктар туудурарын туура сынга алган. Ал эми, тутумдаш мүчөлөргө келгенде, автордун өзү айкалыштын кандай түрү болсо да, сөз тизмектери катары карап, тутумдаш мүчөлөр сөз тизмектеринен гана турат дейт да, алган фактысында катыштык сөздөр айкалышкан толук маанилүү сөздөрдү (комплекстик формаларды) келтирип, терминологиялык чаржайыттыкка жол берген.

Профессор Е. И. Убрятова[2] сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочтору өз ара ажыралгыс биримдикте турган бир нече сөздүн комплексинен да болорун белгилейт. Бирок аларды классификациялаган эмес, жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлөргө ажыратылбаган.

Профессор М. Б. Балакаев[3] жөнөкөй жана тутумдаш мүчөлөрдү бир аз өзгөчө аспектиде классификациялаган.

Маселен, этиштик баяндоочторду **жөнөкөй** жана **татаал** (сложное) баяндоочторго ажыратат да, атоочтордон болгон баян-

---

[1] А. С. Сафаев, Главные члены простого предложения в современном узбекском литературном языке, Ташкент, 1958, 35-бетти караңыз.
[2] Е. И. Убрятова, Исследование по синтаксису якутского языка, М.-Л., 1950, 98—101-беттерди караңыз.
[3] М. Б. Балакаев, Современный казахский язык, Алма-Ата, 1959, 131—155-беттерди караңыз.

доочторду **жөнөкөй, татаал** (сложное) жана **тутумдаш** (составное) баяндоочторго бөлөт.

Анда эки, үч, же төрт этиш сөздүн айкалышынан турган баяндооч мүчөлөр этиштик татаал баяндооч катары (окуп жүр, жүріп келе жатыр, жыгылып кала жаздап эди ж. б.), эки, же үч, же андан да көп атооч сөздөрдүн ажыралгыс биримдигинен турган баяндоочтор атоочтук татаал (сложное) баяндоочтор катары (1. Дал оң жактагы Кунанбай жата турган бөлмө (М. А.). 2. Мен окуган адаммын (Ф. Муст.). Сол жердемин. Эки арасы жүз отыз шакырымдай жер. ж. б.) каралган да, атооч сөздөр менен көмөкчү сөздөрдүн айкалышынан турган баяндоочтор тутумдаш баяндоочтор катары берилген. Мындай классификация, сөзсүз, практикалык жактан оордук кылат. Теориялык кызыкчылык катары алган күндө да, ар бир белгисине карай мындайча түрдө ажыратып олтурган болсок, баяндооч мүчөлөрдүдагы 7—8 түргө бөлүүгө туура келер эле. Албетте, баяндооч мүчөлөрдүн ар кыл түзүлүш бөтөнчөлүгү белгиленүүгө тийиш. Бирок ал баяндооч сөздөрдүн түрлөрүн көбөйтүүгө тийиш эмес, классификация жагын татаалдаштырууга тийиш эмес. Толук маанилүү сөздөрдүн ажыралгыс биримдигинен турабы, же толук маанилүү сөздөр менен катыштык сөздөрдүн ажыралгыс биримдигинен турабы, баары бир, кайсынысы болсо да, тутумдаш баяндооч катары гана каралууга тийиш.

Бул жагынан профессор А. Н. Кононов менен Н. П. Дыренкова жана филология илимдеринин доктору З. И. Будагова, профессор Г. Д. Санжеевдин баяндооч мүчөлөрдү жөнөкөй жана тутумдаш баяндоочторго бөлүшү түрк жана монгол тилдери үчүн ылайыктуу көрүнөт. Ошондуктан биз да кыргыз тилинин фактысында мына ушул негизде классификацияладык.

## Жөнөкөй баяндооч

**§ 189. Өз алдынча жеке туруп баяндоочтук милдет аткарган сөздөр сүйлөмдүн жөнөкөй баяндооч мүчөлөрү деп аталат.**

Мисалы: 1. **Карматпайт** өмүр чиркин кууган менен (Токтогул). 2. Жокту жок издеген **табат**, жолдошу шайыр болсо, жолоочунун кумары **канат** (эл макалы). 3. Чабал аттан чарчабаган эшек **жакшы** (эл макалы). 4. Мага да ал дал ошондой табышмак, жандырмагы **жок** (К. Ж.).

**§ 190.** Сүйлөмдүн жөнөкөй баяндоочторунун ээ болуп түшкөн сөздөр жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилери, негизинен, алардын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн семантика—граммматикалык табиятына тыгыз түрдө байланыштуу болот. Анткени, жөнөкөй баяндоочторго ар кыл кошумча маани берүүчү көмөкчү сөздөр тутумдашпайт. Ошондуктан, эгер, жөнөкөй баяндоочтор зат атооч сөздөрдөн болушса, ээ болуп келген сөздөрдүн ким-эмнелигин, сын атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор сынын, сан атоочтук баяндоочтор санын, иретин, чамасын баяндашат да, алардын синтетикалык формаларына жараша ээ болуп түшкөн сөздөрдүн дагы бир башка кырдаалдары баяндалат.



Мисалы: 1. **Бул алардын так жана бекем убадасы** (Ш. Б.). 2. **Ак үйлөрдөн окчун турган жаман кара алачыктар — ошол айылдагы саанчы, койчу, малчы, кул-күндөрдүн үйлөрү** (К. Ж.). 3. **Иващенко — украиналык жигит** (К. Б.).

Бул берилген мисалдарда зат атооч сөздөрдөн болгон **убадасы, үйлөрү, жигит** деген жөнөкөй баяндоочтор сүйлөм ээлеринин ким-эмнелигин баяндап турушат.

1. **Чач бубактай агарды, сакал арчадай куурады** (К. Ж.).
2. **Адам барбас таалада**
   **Жалгыз жатып ыйладым** (Токтогул).
3. **Курсактары ачты, эриндери кеберсиди** («Асан жана Үсөн», жомок).

Келтирилген мисалдарда болсо **агарды, куурады, ыйладым, ачты, кеберсиди** деген этиш сөздөрдөн болгон жөнөкөй баяндоочтор ээ болуп түшкөн сөздөрдүн аракетин, абалын баяндап турушат.

1. **Ачкычтары менде** («Өнөрү бар мышык», жомок). 2. **Эңсең — улак сеники, эңе албасаң — меники** (К. Ж.). 3. **Баатыр, жөнүң ким, элиң кайда, жериң кайда?**

Көрсөтүлгөн мисалдардагы **менде, сеники, меники, ким, кайда** деген ат атоочтордон турган жөнөкөй баяндоочтор сүйлөм ээлеринин жогоруда көрсөтүлгөн сөз түркүмдөрүнөн болгон баяндоочторго караганда дагы бир башкачараак мүнөздөгү кырдаалдарын баяндап турушат.

1. **Даярдыгы жок келгендер — экөө.** 2. **Акыл айласы миң, күч айласы бир** (эл макалы). 3. **Болот жетинчиде.** 4. **Биздин ордубуз үчүнчү.**

Мында **экөө, миң, бир, жетинчиде, үчүнчү** деген сан атоочтордон болгон жөнөкөй баяндоочтор ээ болуп келген сөздөрдүн сан, ирет жана башка кырдаалдарын баяндашты.

1. **Башкаларынын көңүлдөрү көтөрүңкү** (Ш. Б.). 2. **Ышкындары менин билегимдей** (К. Ж.). 3. **Өзү чүкөдөй болуп көрүнгөнү менен, ишке сабырдуу, тыкан** (Ш. Б.). 4. **Бою ноода чыккан кырчын талдай, кашы жаңы тууган айдай, көзү карагаттай, жаагы субагай, бети талдырмач кызылдуу** (К. Ж.).

Бул мисалдарда болсо сын атооч сөздөр баяндоочтук милдет аткарышып, сүйлөм ээлеринин сын кырдаалдарын баяндап турушат.

1. **Ар иштин өз ыгы бар** (К. Ж.). 2. **Мына ошолор анык март.** 3. **Жоомарттыктын чеги жок** (эл макалы). ж. б.

Берилген мисалдарда тактооч сөздөр жөнөкөй баяндооч болуп келишип, ээ болуп түшкөн сөздөрдүн дагы бир өзгөчө түрдөгү кырдаалдарын баяндашты.

Кыскасы, бул алды жакта талданып өтүлгөн мисалдардан кайсы сөз түркүмү сүйлөмдүн жөнөкөй баяндоочу болуп түшсө, ошол сөз түркүмүнүн табиятына карай, тийиштүү формаларына карай ээ болуп келген сөздөрдүн бул, же тигил мүнөздөгү кыр-даалдары баяндалары көрүнүп турат.

Сүйлөмдүн жөнөкөй баяндоочтору суроолуу **-бы,** күдүк **-дыр** уландыларында, же жатыш, чыгыш жөндөмө уландыларында, же биринчи жана экинчи жактагы ат атоочтордон болгон ээлерге карай жак уландыларында турушу да мүмкүн.

Мисалы: 1. **Он асыйга бир жыктын**
**Орозаалы карыны** (Токтогул).
2. **Мүмкүн, ал студенттир.** 3. **Мен шаарданмын.** 4. **Баланын көркү энеде** (Токтогул). ж. б.

**§ 191.** Жөнөкөй сөздөр да, татаал сөздөр да сүйлөмдүн жөнөкөй баяндоочтору болуп келишет:

Мисалы: 1. **Малайлардын кабактары бүркөө, кийимдери жыртык, көрүнүштөрү аянычтуу** (К. Ж.). 2. **Каныбектин качан, кайда кеткени белгисиз** (К. Ж.).
3. **Боздодуң, апа, боздодуң!**
**Кайгымды кайра козгодуң** (Токтогул).
4. **Жаш да болсоң алпкелдим**
**Жайнаган Талас жериңден** (Токтогул).
5. **Үкүлөп тумар тагылган үч жүз күлүк чубап өттү** (К. Ж.).
6. **Мени ошол жез кемпир уурдап келген** («Үч эрке кыз», жомок).

Көрсөтүлгөн мисалдарда **бүркөө, жыртык, аянычтуу, белгисиз, боздодуң, козгодуң** деген жөнөкөй сөздөр менен **алпкелдим, чубап өттү, уурдап келген** деген татаал сөздөр сүйлөмдүн жөнөкөй баяндооч мүчөлөрү болуп келишти. Бул жөнөкөй жана татаал сөздөрдөн болгон баяндооч сөздөр сүйлөмдөгү аткарган милдеттерине карай башка сөздөр менен өз ара ажыралгыс түрдө тутумдашып турушкан жери жок, алардын ар бири өз бет алдыларынча жеке-жеке турушуп баяндоочтук милдет аткарышып турушат.

Бирок татаал сөздөрдөн болгон баяндооч мүчөлөрдү составдык жагы боюнча сырткы көрүнүшүнө, түзүлүшүнө карай сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочторуна параллель коюуга болбойт. Албетте, татаал сөздөрдүн чыгыш жагын алганда алар эки, же андан да көп сөздөрдүн айкалышынан барып пайда болушкан. Бирок азыркы кыргыз тилинин шартында болсо татаал сөздөр жөнөкөй сөздөр сыяктуу эле бир гана туюнтманы, түшүнүктү билдирүү касиетине ээ болуп турушат[1]. Алар тутумдаш мүчөлөр сыяктуу сүйлөмдөгү аткарган синтаксистик милдетине карай өз ара ажыралгыс биримдикте турушкан сөздөрдүн айкалыш тобу эмес.

Татаал сөздөр лексикалашып кеткен сөздөрдүн айкалыш тобу болуп саналат. Алар, мейли сүйлөмдүн тутумунда турушсун, мейли сүйлөмдөн тышкары турушсун, баары бир, монолиттүү мааниде, өз ара ажыралгыс биримдикте болушат. Ошондуктан аткарган милдетине карай өз ара ажыралгыс биримдикте турган сүйлөмдүн тутумдаш мүчөлөрүнө параллель коюуга мүмкүн эмес.

Татаал сөздөрдүн кай бирлеринин сыңарлары биригип кеткен да, кээ бирлеринде болсо бөлөк-бөлөк турат.

Бирок бул кырдаал алардын маанисинин монолиттүүлүгүнө таасир тийгизе албайт. Кандай абалда турушса да, бир гана мааниде болот.

Анын сыңарларынын биригип кетиши, же бөлөк-бөлөк болушу болсо татаал сөздөрдүн пайда болуш мезгилине, араларынын фонетикалык шартына байланыштуу маселе болуп саналат. Ошондуктан кандай гана составдагы, курулуштагы татаал сөз болсо да, алардын ролу сүйлөмдөгү аткарган синтаксистик милдеттерине карай талданганда, жөнөкөй сөздөрдөн эч кандай айрымасы жок болот. Өзгөчөлүгү гана анын калыпташына байланыштуу басып өткөн тарыхый жолуна байланыштуу болуп, бүгүнкү, азыркы күндөгү абалы, табияты боюнча синтаксистик милдети жагынан жөнөкөй сөздөрдөн айрымаланышы тийиш эмес.

**§ 192.** Сүйлөмдүн татаал сөздөрдөн болгон жөнөкөй баяндооч мүчөлөрүн ошол баяндоочтук милдет аткаруучу татаал сөздөрдүн составдык, пайда болуш өзгөчөлүктөрүнө карай эки түргө бөлүүгө болот:

а) Ыкташуу, башкаруу, кыйышуу байланыштарында турган сөз айкалыштарынан пайда болгон татаал сөздөр (кошмок сөздөр) сүйлөмдүн жөнөкөй баяндоочтору болуп келишет.

Мисалы: 1. Биздин сулуу да, ыракат да жерлерибиз — **Ысык-Көл, Соң-Көл, Чатыр-Көл, Ак-Сай.** 2. Ачуулугу **ак мыядай.** 3. Ленин — биздин сүйүктүү **жол башчыбыз.** 4. Эртең **дем алыш.** ж. б.

б) Өз ара бири-бирине карай тең укукта турушкан сөздөрдүн жамдалып, жалпыланып айтылышынан (биринчи мүчөлөрдөн, же редублировать этилген сөздөрдөн) пайда болгон татаал сөздөр (кош сөздөр) сүйлөмдүн жөнөкөй баяндоочтору болуп түшөт.

Мисалы: 1. Кинонун алды **азан-казан** (К. Б.). 2. Эки үй-бүлө чогулушуп, өзүлөрүнчө **бака-шака** (Ш. Б.). 3. Ата-энең **аман-эсен, сак-саламат.** ж. б.

## Тутумдаш баяндооч

**§ 193.** Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү ар дайым эле бир составдуу боло беришпейт. Баяндооч сөздөрдүн составдык жагы ар түрдүү болот.

[1] «Жөнөкөй ээ» берилген теманы караңыз.

Көп учурларда өз алдыларынча жеке-жеке турган эки, же андан да көп сөздөр сүйлөмдөгү аткарган синтаксистик милдетине карай өз ара бири-бири менен ажыралгыс түрдө тутумдашып, сүйлөмдүн бир гана баяндооч мүчөсү болуп келиши да мүмкүн.

Мисалы: 1. **Кой кыркымы башталган мезгил** (К. Ж.). 2. **Өз атаңдан кем бакпасмын** («Асыл таш», жомок). 3. **Эртең майрам күн.** ж. б.

Бул келтирилген мисалдарда **башталган мезгил, кем бакпасмын, майрам күн** деген сөз айкалыштары сүйлөмдүн тутумдаш баяндооч мүчөлөрү болуп келишти. Бул көрсөтүлгөн баяндоочтордун составына кирген сөздөрдүн ар бири өз алдыларынча турган сөздөр, алар сүйлөмдөгү аткарган милдетине карай гана өз ара ажыралгыс биримдикте турушат.

1. **Алыңа жараша иш кыл, малыңа жараша ышкыр** (эл макалы). 2. **Ал кара санап кастык кылууну эч ким үчүн ойлобогон бир ак көңүл** (К. Ж.). 3. **Ак жүрөк үн каткан жок** («Алтын шакек», жомок). 4. **Үлпөт кызый баштаган кезде, жездеси сөз козгоду** («Ал экөө кайра жаралган экен», жомок).

Берилген мисалдарда болсо **иш кыл, бир ак көңүл, үн каткан жок, сөз козгоду** деген толук маанилүү сөздөрдөн турган туруктуу фразеологиялык айкалыштар сүйлөмдүн тутумдаш баяндооч мүчөлөрү болуп келишти.

1. **Клубдун ичи — өңчөй жаштар.** 2. **Алар бүгүн оюн коюшмакчы экен.** 3. **Элибиз түбөлүк тынчтыкта жашагай эле.**

Мында **өңчөй жаштар, оюн коюшмакчы экен, жашагай эле** деген толук маанилүү сөздөр менен катыштык сөздөрдүн айкалыштарынан турган комплекстер тутумдаш баяндооч мүчө болуп түшүштү.

Ушинтип, **өз алдыларынча жеке-жеке турган сөздөр сүйлөмдөгү аткарган синтаксистик милдеттерине карай өз ара бири-бири менен ажыралгыс түрдө тутумдашып турушуп баяндоочтук милдет аткарышса, мындай баяндоочтор сүйлөмдүн тутумдаш баяндооч мүчөлөрү деп аталат.**

Сүйлөмдүн бул тутумдаш баяндооч мүчөлөрүнүн түзүлүшү менен составдык жагы ар түрдүү келет, ошондойчо эле, алардын өз ара айкалыш, биримдикте туруш ыкмалары да бир кыл эмес. Тутумдаш баяндооч мүчөлөр мына ошол составдык жагы менен өз ара айкалыш ыкмаларына карай түркүн-түркүн формаларда болушат. Аларды түзүлүш жана составдык бөтөнчөлүктөрүнө карата, шарттуу түрдө болсо да, мындайча түрлөргө бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Аналитикалык тутумдаш баяндоочтор. Бул аналитикалык тутумдаш баяндоочтор ич ара дагы үч түргө бөлүнөт. Алар:

а) Айкындоочтук аналитикалык тутумдаш баяндоочтор;

б) Баш мүчөлүк (же жайылма) аналитикалык тутумдаш баяндоочтор;



в) Кош предикативдик тутумдаш баяндоочтор.

2. Модалдык тутумдаш баяндоочтор.

3. Функционалдык модалдык тутумдаш баяндоочтор.

4. Жөлөкчүл тутумдаш баяндоочтор. Тутумдаш баяндоочтордун бул түрү да өз ара экиге бөлүнөт. Алар:

а) Субстантташкан (заттанган) жөлөкчүл тутумдаш баяндоочтор:

б) Лексикалык маани түзүүчү жөлөкчүл тутумдаш баяндоочтор.

5. Сөз жасоочу тутумдаш баяндоочтор.

6. Бириктирилген тутумдаш баяндоочтор.

7. Туруктуу фразеологиялык айкалыштардан болгон тутумдаш баяндоочтор.

8. Татаал аттардан болгон тутумдаш баяндоочтор.

9. Татаал формалуу тутумдаш баяндоочтор.

## Аналитикалык тутумдаш баяндоочтор

**§ 194.** Аналитикалык тутумдаш баяндоочтор дегенибиз — сүйлөмдүн тутумдаш баяндооч мүчөлөрүнүн өзгөчө бир структурадагы түрү[1]. Бул аналитикалык тутумдаш баяндоочторду тутумдаш баяндоочтордун башка түрлөрүнө салыштырганда алардан мындайча мүнөздөгү составдык жана түзүлүш өзгөчөлүктөрү жагынан айрымаланып турушат:

а) Аналитикалык тутумдаш баяндоочтор дегенибизге башта өз алдыларынча тутушуп ээлик, же айкындоочтук, же баяндоочтук милдет аткарышып турган сөздөрдүн сүйлөмдөгү аткарган милдетине карай баяндооч болуп келген башка бир сөздөр менен ажыралгыс түрдө биригип кетишинен барып пайда болгон баяндоочтук комплекстер кирет.

Мисалы: 1. Калп сөзүң өмүрүң менен ырысыңа чоң **зыян келтирет** («Жээренче чечен», жомок). 2. Адамдын акысын жештен **намыс кыл,** асты, өнөр үйрөнүүдөн **намыс кылба** (К. Ж.). 3. Эми **кайдан барсын** (Ш. Б.).

Аналитикалык тутумдаш баяндоочтор составы жагынан, кандайдыр, сүйлөмдүн бириктирилген тутумдаш баяндооч мүчөлөрүнө окшошуп кетишет. Бирок алардын ар биринин өзүлөрүнө мүнөздүү бөтөнчөлүктөрү бар. Маселен, сүйлөмдүн бириктирилген тутумдаш баяндооч мүчөлөрүнүн составдык жагын алганда анын биринчи сынары логикалык басым түшкөн айкындооч сөз болот да, экинчи сынары грамматикалык баяндооч болуп саналат (Бүгүн **жума күн**). Ал экөө биригип туруп бир гана баяндооч мүчө болуп келишет да, анын тутумундагы логикалык басым түшкөн бөлүгүнө карай сүйлөм ээлеринин бул, же тигил мүнөздөгү кырдаалдары баяндалат. Ал эми, аналитикалык ту

[1] Аналитикалык баяндоочтор бөлүгүн караңыз.

тумдаш баяндоочтордо болсо адепки мезгилдерде өз алдыларынча ээлик, же айкындоочтук, же баяндоочтук милдет аткарышып турган сөздөрдүн кийин барып башка бир баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөр менен биригип кетишинен чыккан тутумдаш баяндоочтор киришет. Анын тутумундагы сөздөр бири-бирине карай көз каранды абалда болушуп, өз бетинчелик семантикалык мазмундуулуктарынан ажырай башташкан. Туруктуу фразеологиялык айкалыштарга айланып кетишкен, же айлануу жагында турушкан болот.

б) Жөлөкчүл тутумдаш, сөз жасоочу тутумдаш баяндоочтор менен модалдык тутумдаш баяндоочтор болсо өзүлөрүнүн тутумуна кирген сынарларынын бири толук маанилүү, башкасы катыштык маанидеги сөздөрдөн болушу жагынан сүйлөмдүн аналитикалык тутумдаш баяндооч мүчөлөрүнөн айырмаланып турушат.

Алар (жөлөкчүл, сөз жасоочу, модалдык тутумдаш баяндоочтор) дал ошол составдык жагына жараша тутумундагы турган баяндоочтук милдет аткаруучу толук маанилүү сөздөр аркылуу сүйлөм ээлеринин бул, же тигил мүнөздөгү кырдаалдарын баяндоо касиетине ээ болуп турушат да, катыштык сынарлары болсо кошумча лексикалык, же модалдык маани берүүчү бөлүгү катары гана келишет.

Аналитикалык тутумдаш баяндоочтордо болсо алардын тутумундагы бир сынары негизги, башка бир сынары көмөкчү бөлүктөрү катары келишпейт. Айкалышта турган толук маанилүү сөздөрдүн ортосунан жаңы маани пайда болот.

в) Татаал формалуу тутумдаш баяндоочтор да өзүлөрүнө мүнөздүү курулуш бөтөнчөлүктөрү менен дал ошол курулушуна карай сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилеринин өзгөчөлүктөрү жагынан аналитикалык тутумдаш баяндоочтордон айырмаланып турушат (татаал формалуу тутумдаш баяндоочторду караңыз).

Сүйлөмдүн аналитикалык тутумдаш баяндоочтору пайда болуш жана курулуш бөтөнчөлүктөрүнө жараша **айкындоочтук, баш мүчөлүк** жана **кош предикативдик тутумдаш баяндоочтор** болуп үч түргө бөлүнөт.

### Баш мүчөлүк (жайылма) жана кош предикативдик аналитикалык тутумдаш баяндоочтор

**§ 195.** Аналитикалык тутумдаш баяндоочтук комплекстердин составындагы биринчи сынарлары атооч жөндөмөдөгү ээ формасындагы сөздөрдөн, экинчи сынарлары баяндоочтук формадагы сөздөрдөн болушуп, ал экөө сүйлөмдөгү аткарган милдетине карай өз ара ажыралгыс түрдө тутумдашып турушуп баяндоочтук милдет аткарышат. Баяндоочтордун бул түрү баш мүчөлүк (же жайылма) аналитикалык тутумдаш баяндооч мүчө деп аталат.



Мисалы: 1. **Сенин корко турган жөнүң жок** (К. Ж.) 2. **Максуттөр турганда, бизге күн жок, айланайындар!** (Ө.) 3. Сенден корко турган **жерим жок** (Ж. Т.). 4. Мезгил **тайган** (К. Ж.). 5. Же силерге оокаттын **кереги жокпу** (Ө.) 6. Айтууга өзүмдүн **дитим батпайт** (Ш. Б.).

Аналитикалык тутумдаш баяндоочтук комплекстердин тавындагы биринчи сынарлары башта өз алдыларынча доочтук милдет аткарып турган сөздөрдөн болуп, алар кийин яндоочтук милдет аткаруучу дагы бир башка сөздөр менен ралгыс биримдикте турушуп, сүйлөмдүн бир гана тутумдаш баяндооч мүчөсү болуп келишсе, мындай баяндоочтук комплекстер кош предикативдик аналитикалык тутумдаш баяндоочтор деп аталат.

Мисалы: 1. Туура сөздү билбеген
Жалганчы **бар дечү эле** (Токтогул).
2. Сапарды **желиктирбей коё тур дечи** (Ш. Б.). 3. Тилдин башкы катнаш единицасы **сүйлөм деп аталат.** 4. Сен **өлөйүн деген экенсиң** («Береке, Туруке, Кулуке», жомок). 5. **Алып берсеңиз экен дешти** («Үч бир тууган», жомок). 6. Аксанатай ушул күндө да кадырлуу бойдон **жашап жүрөт дейт** («Аксанатай менен карасанатай», жомок).

### Айкындоочтук аналитикалык тутумдаш баяндоочтор

**§ 196.** Аналитикалык тутумдаш баяндоочтук комплекстердин составындагы сөздөрдүн биринчи сынарлары башта өз беттеринче айкындоочтук милдет аткарып турган сөздөрдөн болушуп, алар кийин баяндооч мүчөлөр менен ажыралгыс биримдикте турушуп сүйлөмдүн тутумдаш баяндооч мүчөсү болуп келишсе, андай баяндоочтук комплекстер айкындоочтук аналитикалык тутумдаш баяндооч мүчөлөр деп аталат.

Мисалы: 1. Бул **эчтеке деген жок го** (Ш. Б.). 2. **Кайдан табар экемин** (Токтогул). 3. Ууру адам **адал болбойт** жууган менен (Токтогул).

Айкындоочтук аналитикалык тутумдаш баяндоочтук комплекстердин калыптанып даражалары жана структуралык жактары ар түрдүү болот.

Мисалы: 1. Сельсоветтин председателдигине көтөрүлгөнүнө эки **жылга толду** (Ш. Б.). 2. Эч нерсени **эсиме алчу эмесмин** («Гүлбара менен Сабира», жомок). 3. Күрдөөлдүү турмушта кубат **кайдан кошулбасын.** 4. Акыры өз **жолуна түштү.**

Берилген мисалдардагы аналитикалык баяндоочтордун биринчи сынарлары болуп келген сөздөр кыйыр жөндөмөлөрдө турушат жана алар сүйлөмдөгү аткарган милдетине карай гана өз ара ажыралгыс биримдикте турушат.

1. Биз үчүн **эмне кылып берди?** (Ж. Т.). 2. Жигит ага **эч каршылык кылган жок** («Мыкаачы аял», жомок).

3. Ала-Тоонун жыбытында

Койчу **жүрдү жан кыйнап** (Ж .Т.). 4. Бизге окшогон жолоочуларга **жол көрсөтөт эмеспи** («Дартына даба болгон экен», жомок). 5. Аксанатай менен карасанатай жолдош болушуп **жолоочу жүрүштү** («Аксанатай менен карасанатай», жомок).

Бул келтирилген мисалдардагы аналитикалык комплекстер көбүрөөк даражада калыпташкан, жөндөмө уландылары түшүп калып, туруктуу фразеологиялык айкалыштарга айлана башташкан.

Эгерде, аналитикалык баяндоочтук комплекстердин биринчи сыңарлары сын жана сан атоочтор менен тактооч сөздөрдөн болушса, алардын биринчи сыңарлары жөндөмө өзгөрүү формаларында турушпайт. Себеби, бул сөз түркүмдөрүнө жөндөмө сөз өзгөрүү формалары мүнөздүү эмес.

Мисалы: 1. Сөзүң **эки болбосун.** 2. Карышкыр эмес, жолборс менен илбирсти да **жок кыла алат** («Баарынан киши баатыр», жомок). 3. Ырас болбодубу, Шарип ишке **кам урду** (Ш. Б.). 4. Түгөл шымаланып **сыңар тизеледи** (Ш. Б.).

### Модалдык тутумдаш баяндоочтор

**§ 197.** Баяндоочтук милдет аткаруучу толук маанилүү сөздөргө ар кыл мүнөздөгү кошумча маани берүүчү **экен, эле, го, көрүнөт, сыяктанат, эмес** деген сыяктуу көмөкчү сөздөр айкалышып турушса, буларга окшогон составдагы баяндоочтук комплекстер сүйлөмдүн модалдык тутумдаш баяндооч мүчөлөрү деп аталат.

Мисалы:

а) 1. **Күлүк элем** элирген (Токтогул). 2. Балдардан айрылып **кайда бармак элем** (Ж. Т.).

б) 1. **Кейбир экенсиңер,** а биз **өгөй бекенбиз.** 2. Чоң бөлмөнүн ичи жык толо **китеп экен** («Жоомарттыктын чеги жок», жомок).

в) 1. Ырдын да ыры **бар го** укkан жанга (К. Ак). 2. Сен айылдагы белгилүү жигиттердин **бирисиң го?** 3. Аны ачтыруупа эч ким **даабайт окшойт** («Жоомарттыктын чеги жок», жомок).

г) 1. Карыганда муну **урган тура** (Ж. Т.). 2. **Искендерим турбайбы** (Ж. Т.).

д) 1. Мен бупа **макул эмесмин** («Сүйлөбөс кыз», жомок). 2. Ал **алгачкы келгендерден эмес** (К. К.). 3. Бирок бул да **оңой иш эмес экен** («Гүлбара менен Сабира», жомок).

### Функционалдык модалдык тутумдаш баяндоочтор

**§ 198.** Кээ бир толук маанилүү сөздөр, негизинен, этиш сөздөр менен тактооч сөздөр, сүйлөмдөгү аткарган синтаксистик



милдетине карай өз алдыларынча турушуп сүйлөм мүчөлөрү болуп келүү табиятынан ажырашып калышат да, баяндоочтук милдет аткарып турган башка толук маанилүү сөздөргө көмөкчү сөз катары келишет. Сүйлөмдүн мындайча составдагы тутумдаш баяндооч мүчөлөрү функционалдык модалдык тутумдаш доочтор деп аталат.

Мисалы:

а) 1. Үнкүрдүн ичи күндүзгүдөй **жапжарык болду** («Жайылмерген», жомок). 2. Акылжан акыл-эстүү, токтоо **киши болдулуптур** («Сүйлөбөс кыз», жомок). 3. Түзүк жолго түшкөнүң **жакшы болуптур** («Акылдуу бала», жомок).

б) 1. Бирок сага айтпай койгонум **ылайык келбес** («Жоомарттыктын чеги жок», жомок). 2. Ага эч кимиңер **макул болбогула** («Өнөрү бар мышык», жомок). 3. Тааныш үн кулагына **шаңк дей түштү** (Ш. Б.).

в) 1. Эми жортуулга **жөнөмөк болду** («Коркок баатыр», жомок). 2. Дөө муну менен **күч сынашып көрмөк болду** («Абышка менен дөө», жомок).

г) 1. Күндүн кандай чыгып, тандын кандай атканын Бекжал **көргөн жок** («Кулдун уулу жана Зымырык куш», жомок). 2. Элдин баары сенчилеп шаардан **окуган жок** (Ш. Б.).

### Жөлөкчүл тутумдаш баяндоочтор

**§ 199.** Баяндоочтук милдет аткаруучу толук маанилүү сөздөргө жөлөкчүл катыштык сөздөр тутумдашып турушса, мындай баяндоочтук комплекстер жөлөкчүл тутумдаш баяндоочтор деп аталат.

Жөлөкчүл тутумдаш баяндоочтор ошол баяндоочтук милдет аткаруучу толук маанилүү сөздөргө айкалышып турган жөлөкчүл сөздөрдүн табиятына карата субстантташкан жөлөкчүл тутумдаш баяндоочтор жана лексикалык маани түзүүчү жөлөкчүл тутумдаш баяндоочтор болуп эки түргө бөлүнөт.

Мисалы: 1. Биздин колхоздун чеги **темир жолго чейин.** 2. Анын багыты **шаарды карай.** 3. Бүгүнкү кино **колхоз турмушу жөнүндө.**

Бул келтирилген мисалдарда баяндоочтук милдет аткаруучу толук маанилүү сөздөргө жөндөмө уландылардын маанилерин толуктоочу, же аларга (жөндөмө уландыларга) кошумча катыштык маани берүүчү, айрым шарттарда жөндөмө уландылардын маанилерине туура келүүчү катыштык мааниде колдонулуучу жөлөкчүл сөздөр айкалышып турушат. Бул турушу боюнча көрсөтүлгөн жөлөкчүл сөздөр өзүлөрү айкалышып турган толук маанилүү сөздөргө тийиштүү катыштык маани берүү милдетин аткарышкан жок. Алар толук маанилүү сөздөр менен ажыралгыс биримдикте турушуп, заттанып кетишти. Ошондуктан мындайча касиеттеги жөлөкчүлдөр тутумдашып турган

баяндоочторду субстанттаашкан жөлөкчүл тутумдаш баяндоочтор деп атагыбыз келет.

1. Азыр кыштактар да **шаар сыяктуу.** 2. Бereпи уйлар **асыл тукум чалыш бейм?** 3. Адеп карапанда **көк сыяктуу** ж. б.

Белгиленген мисалдарда болсо **сыяктуу, чалыш** деген жөлөкчүлдөр өзүлөрү тутумдашышып турган **шаар, асыл тукум, көк** деген баяндоочтук милдет аткаруучу толук маанилүү сөздөргө кошумча лексикалык маани берип турушат. Кандайдыр, сөз жасоочу формалардын милдетин аткарып турушат. Ошол себептүү мындайча жөлөкчүл сөздөр тутумдашып турган баяндоочторду лексикалык маани түзүүчү жөлөкчүл тутумдаш баяндоочтор деп атайбыз.

Жөлөкчүл сөздөрдүн грамматикаланыш даражалары ар кыл. Мына ошол табиятына карай кээ бир жөлөкчүл тутумдаш баяндоочтордун составындагы катыштык бөлүктөрү толук түрдө грамматикалаша элек болушуп, функционалдык жагына карай гана жөлөкчүл тутумдаш баяндоочтордун тобуна кирип турушу да ыктымал.

Мисалы: 1. Субан жардашкан калың атчандардын **орто ченинде эле** (К. К.). 2. Анда мен тентек **ойноо кезим** (Ж. Т.). 3. Бир күнү **жаткан кезим** эртең менен (Ж. Т.). 4. Шамдай жанган көздөр дээрлик **сахна тарапта** (Ш. Б.).

Сан атооч сөздөрдөн болгон баяндооч сөздөргө айкалышып, аларга чамалоо маанисин берүүчү катыштык сөздөрдү да ушул эле топко кошууга болот.

Мисалы: 1. Түнкү саат **он чамасы** (К. Б.). 2. Бардыгыбыз **он чактыбыз.** 3. Баруучулар **элүүдөн көп, жүзгө жакын.**

### Сөз жасоочу тутумдаш баяндоочтор

**§ 200.** Баяндоочтук милдет аткаруучу толук маанилүү сөздөргө күчөтмө жардамчы сөздөр да айкалышып айтыла берет. Ал күчөтмө сөздөр толук маанилүү сөздөрдүн маанилерин күчөтүшөт, кошумча лексикалык маани беришет. Кандайдыр, ошол күчөтмө сөздөрдүн таасири астында жаңы лексикалык маанидеги сөздөр пайда болгонсушуп турушат. Ошондуктан мындай күчөтмө сөздөр тутумдашып турган баяндоочтук комплекстер сөз жасоочу тутумдаш баяндоочтор деп аталат.

Мисалы: 1. Берки жигиттен **эч дайын жок** («Ысык-Көл жөнүндө баян» жомок). 2. Ал кезде ал-абалыбыз **эң оор эле** (К. Б.). 3. Качып чыкканың **өтө жакшы болуптур** («Дартына даба болгон экен», жомок).

Бул сөз жасоочу тутумдаш баяндоочторду уюштуруучу күчөтмө сөздөрдүн эки түрү болот:

а) Кээ бир күчөтмө сөздөр, бөлүкчөлөр биротоло катыштык сөздөр категориясына өтүп кетишкен, грамматикалышып кетишкен.



Мисалы: 1. Жаанды болсо **эч тоотпойт** («Баарынан киши күчтүү», жомок). 2. Бул ордодогу жигиттер **өтө сылык экен** («Жоомарттыктын чеги жок», жомок). 3. Ал **абдан тырышчаак.** 4. Бул **өтө кызыл.** ж. б.

Мындай биротоло катыштык сөздөр категориясына өтүп кеткен күчөтмө сөздөргө **өтө, абдан, эң, эч, түк, такыр** деген сыяктуу сөздөр киришет.

б) Сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочторун жасоочу күчөтмө сөздөрдүн (бөлүкчөлөрдүн) экинчи түрүнө биротоло катыштык сөздөр категориясына өтүшө элек, сүйлөмдөгү аткарган милдетине карай гана өзүлөрүнүн толук маанилүүлүгүнөн ажырашып, баяндоочтук милдет аткаруучу толук маанилүү сөздөргө күчөтүү маанилерин берип турган **аябай, аябагандай, шумдук, шумдуктуудай, таза, иттей** деген сыяктуу сөздөр киришет.

Мисалы: 1. Эл бул окуяга **аябай таң калды** («Эки дос», жомок). 2. Ушул Каныбекти **жаман кор кылып жүрөт** (К. Ж.). 3. **Аябагандай бекемсиң да** (Ш. Б.). 4. Жерге жаңы чыккан көк чөпкө **таза алым жетпеди** («Баарынан киши күчтүү», жомок).

5. Күрпөң-күрпөң жүгүртүп,
Күлүктү минсең — **бир кызык** (Токтогул).

### Бириктирилген тутумдаш баяндоочтор

**§ 201.** Сүйлөмдөгү аткарган синтаксистик милдетине карай эки, же бир нече толук маанилүү сөздөр өз ара ажыралгыс түрдө тутумдашып туруп баяндоочтук милдет аткарышса, андай составдагы баяндооч сөздөр бириктирилген тутумдаш баяндооч мүчөлөр деп аталат.

Буларга окшогон тутумдаш баяндооч мүчөлөрдүн составындагы сөздөрдүн бири экинчисине багынынкы абалда болот. Дал ошол өз ара бири-бири менен болгон байланыш ыкмаларына карай алардын структуралык жагы да ар түрдүү келет.

Сүйлөмдүн мындайча составдагы баяндооч мүчөлөрүнүн структуралык жактарына карата төмөндөгүчө түрлөрү белгиленет[1].

а) Өз ара аткарган милдети жагынан ажыралгыс биримдикте турган сөздөрдүн бири экинчисине карай ыкташуу байланышындагы комплекстер болушу мүмкүн.

Мисалы: 1. Калп менен чындын ортосу канча **күндүк жол** («Акылдуу кыз», жомок). 2. Биздин айыл **бул жакта.** 3. Бул айт-

---

[1] Өз ара ээрчишүү байланышы боюнча ажыралгыс биримдикте турган комплекстерден болгон тутумдаш баяндоочтордун бир түрү баш мүчөлүк аналитикалык баяндоочтор бөлүгүндө каралды. Ошондуктан бул жерде эркин айкалышта болгон жайылма комплекстерден болгон тутумдаш баяндооч мүчөлөр гана орун алды (1. Иштей турган ишибиз—кечээ Асан айткандар. 2. Бардыгы биз көргөндөй, эч өзгөрүү жок. ж. б.).

каның — **ак сөз.** 4. Жаштар — биздин **эртеңки күнүбүз.** 5. Биз **Ак-Суу деген жерденбиз.** ж. б.

б) Өз ара кыйышуу байланышы боюнча бир-бири менен ажыралгыс биримдикте турган комплекстер бириктирилген тутумдаш баяндооч болуп келишет.

Мисалы: 1. Сибирь тайгасында кеңири таралган токойлордун бири — **кедр жыгачтары.** 2. Шаар багынын дал орто жеринде **«Ударник» киносу** (К. Б.). 3. Бул — **Тынчтык проспектиси.** 4. Жапар **«А» госпиталында** (К. Б.). 5. Менин отпускам **август айында.** 6. Эртең **дем алыш күн.** ж. б.

в) Өз ара башкаруу байланышы боюнча ажыралгыс биримдикте турган комплекстер да бириктирилген тутумдаш баяндооч мүчө болуп түшүшөт.

Мисалы: 1. Менин максатым — **билим алуу,** маданияттуу, сабаттуу **адам болуп чыгуу.** 2. Ал бул ишке **белин бууду,** эми **кам жебей эле койгула.** 3. Биздин бүт аракетибиз, тилегибиз — адамзаттын жаркыраган келечеги **коммунизм куруу.**

Бул жогоруда көрсөтүлгөндөй тутумдаш баяндоочтордун көпчүлүк түрлөрү туруктуу фразеологиялык айкалыштарга айланып кетишкен. Мына ошол себептүү жалпы түрдөгү гана мүнөздөмөлөр берилди. Анткени, туруктуу фразеологиялык айкалыштардан болгон тутумдаш баяндоочторду өзүнчө берүүнү туура көрүп олтурабыз.

### Туруктуу фразеологиялык айкалыштардан болгон тутумдаш баяндоочтор

**§ 202.** Туруктуу фразеологиялык айкалыштар да сүйлөмдүн тутумдаш баяндооч мүчөлөрү болуп келишет.

Мисалы: 1. Бир-эки күндө өзү эле **сөз салат** (Ш. Б.). 2. Сөздөр кыз-келиндердин арасында **күч алды** (К. Ж.). 3. Ал анын **эне сүтүн оозуна татытат.** ж. б.

Мындайча туруктуу фразеологиялык айкалыштардан болгон баяндоочтор алардын калыптаныш даражалары менен составдык бөлүктөрүнүн структуралык жактарына карата ар кыл касиетке ээ болуп турат.

Мисалы: 1. Түгөл катуу **жаңырык салды** (Ш. Б.). 2. Анан Алайды карай **көз жиберди** (К. Ж.). 3. Тыңша, аалам, **кулак сал** (Ж. Т.).

Бул келтирилген мисалдарда **жаңырык салды, көз жиберди, кулак сал** деген айкындоочтук аналитикалык туруктуу фразеологиялык айкалыштар тутумдаш баяндооч болуп келишти.

1. Саларды ишендире албасына **көзү жетүүдө** (Ш. Б.). 2. Окууга **көңүлүм куштар.** 3. Эл үчүн эмгек кылбасам — **атым өчсүн.**

Мында баш мүчөлүк аналитикалык туруктуу фразеологиялык айкалыштар сүйлөмдүн тутумдаш баяндооч мүчөлөрү болуп түшүштү.

1. Келгиле, **кол алышып коёлу** (Ш. Б.). 2. Кырк аргымак бээм **кулун салды** («Элчи бала», жомок). 3. Каныбек Супахандан бир топ **таяк жеди** (К. Ж.).

Берилген мисалдарда болсо лексикалашуу жагында турган туруктуу фразеологиялык айкалыштар баяндоочтук милдет аткарып турушат.

### Татаал аттардан болгон тутумдаш баяндоочтор

**§ 203.** Татаал аттар да сүйлөмдүн тутумдаш баяндооч мүчөлөрү болуп келишет.

Мисалы: 1. Бул — биздин **орто мектеп,** тигил — **Чечерин атындагы жети жылдык мектеп.** 2. Он беш союздук республикалардын бири — **Советтик Социалисттик Кыргыз Республикасы.** 3. Бул имарат **партиянын райондук комитетиники.** 4. Алар азыр **МТСте.** ж. б.

Мындай татаал аттардан болгон баяндоочтор билдирүүчү мааниси жана составы жагынан кандайдыр, татаал сөздөрдөн турган баяндооч мүчөлөргө окшош келишет. Бирок татаал сөздөрдөн болгон баяндооч мүчөлөргө параллель коюуга болбойт. Анткени, татаал сөздөр составы боюнча бир нече сөздөн турганы менен, азыркы кыргыз тилинде биротоло лексикаланышып кетишкен. Ал эми, татаал аттар болсо[1] бир канча сөз биригип келип бир маани билдириши жагынан гана татаал сөздөргө окшош болуп турушат. Бирок алар лексикалашып кетишкен эмес, туруктуу фразеологиялык айкалыштардын өзгөчө бир түрү болуп гана саналат. Ошондуктан татаал аттардан болгон баяндоочтор сүйлөмдүн тутумдаш баяндооч мүчөлөрүнө киришет.

Маселен, жалпы эле туруктуу фразеологиялык айкалыштарга назар салганда, алардын калыптаныш даражалары ар түрдүү болот. Айрым түрлөрү лексикалаша да башташкан.

Мисалы: 1. Бала **башын жерге салды** («Өнөрү бар мышык», жомок). 2. **Карынын сөзүн капка сал,** балам («Өнөрү бар мышык», жомок). 3. **Күчтөн да тайдым** (Ж. Т.). 4. Ал эми ойногон кезде бардыгы **куландан соо** («Үч эрке кыз», жомок).

Бул келтирилген мисалдардагы тутумдаш баяндооч мүчө болуп келген туруктуу фразеологиялык айкалыштардын тутумундагы сөздөр (сыңарлары) өз ара тийиштүү жөндөмө уландылары боюнча байланышып турушат.

1. Көбүктүн суусунун боюна **ат чалдырдык.** 2. **Кир кетирип, чер жазам** (Ж. Т.). 3. Ар уруунун чондору туш-туштан **ат салышууда** (К. Ж.). 4. Мергенчи көзүнө дагы **жаш алды** (К. Ж.).

---

[1] Мында энчилүү аттар жөнүндө (жер, суу, шаар ж. б. аттары жөнүндө) сөз жүргөн жок. Алар лексикалашып кеткен, татаал сөздөргө киришет.

Берилген мисалдарда болсо тутумдаш баяндооч болуп келген туруктуу фразеологиялык айкалыштардын составындагы багынынкы сынарлардын жөндөмө уландылары түшүп калган. Алардын маани жагынан болгон биримдүүлүгү алда канча монолиттүү келет.

1. Экөөбүз Анжиян базарын **бет алдык** (Ш. Б.). 2. Жолоочулар сарайга **баш багышты,** мышыктын чырак кармап олтурганын көрүшүп **таң калышты.** 3. Ажар менен Каныбек аталадан ичип **өзөк жалгашты** (К. Ж.).

Көрсөтүлгөн мисалдардагы баяндоочтук милдет аткарып турган туруктуу фразеологиялык айкалыштар бара-бара акырындык менен лексикалаша башташкан, же алардын лексикалашуу жагында турушкандыгы байкалат.

Ал эми, татаал аттардын болсо мындайча мүнөздөгү калыптаныш тепкичтерин басып өтпөй тургандыгы байкалат. Бул, бир жагынан болсо, экинчи жагынан, жогоруда белгиленген туруктуу фразеологиялык айкалыштарда анын тутумундагы кээ бир сынарларын белгилүү даражада башка бир сөздөр менен алмаштыруурга мүмкүн болсо, мында (татаал аттарда) алардын сынарлары туруктуу мүнөзгө ээ. Анын үстүнө, улам жаңы сөздөр кошуу менен, улам жаңы-жаңы аттар пайда болуп олурат (райондук комитет, борбордук комитет, партиялык комитет, ата-энелер комитети. ж. б.).

Ошондуктан татаал аттардын лексикаланыш жагына көз чаптыруу өтө кыйын[1].

## Татаал формалуу тутумдаш баяндоочтор

**§ 204.** Сүйлөмдүн татаал формалуу тутумдаш баяндоочторунун түрлөрү да көп, алардын сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилери да өтө көп кырдуу.

Тилде анын эң башкы байланыш единицасы болгон сүйлөмдөр аркылуу ойдун кылдат-кылдат маанилеринин билдирилиши үздүксүз түрдө талап кылынып турат. Мына ошол жагына карата ар дайым тил, бир жагынан, жаңы түшүнүктөрдү билдириш үчүн улам жаңы лексикалар менен байып олтурса, экинчи жагынан, андагы морфологиялык формалар менен синтаксистик категориялар үздүксүз өнүгүп, өсүп, барган сайын сөздөрдүн айкашуучулук үлгүлөрү калыпташып, же жаңыдан пайда болуп олтурат.

Сүйлөмдүн татаал формалуу тутумдаш баяндооч мүчөлөрү да мына ушул негизде чыккан, өзүнүн өнүгүш процессинде

[1] Муундан, же башкы тыбыштарынан кыскартылып алынган кээ бир татаал аттар бир бүтүн сөз катары каралып жүрөт. Албетте, бул жогорудагыдай көз карашка карама-каршы келбейт. Анткени, кыргыз тилине башка тилдерден кирген кээ бир татаал сөздөр жөнөкөй сөз катары алынып жүргөн сыяктуу эле, мындай да өзгөчө мүнөздөгү закон ченемдүүлүгү бар.



башта, алды жакта, белгиленип өтүлгөн баяндооч мүчөлөр аркылуу билдирилүүгө мүмкүн болбогон ойдун дагы бир өзгөчө түрдөгү кылдат-кылдат маанилерин билдирүү ишине карата пайда болгон тийиштүү синтаксистик конструкция—баяндоочтук форма болуп саналат.

Баяндоочтун бул түрү — сүйлөмдүн жөнөкөй баяндооч мүчөлөрүнүн синтаксистик кайра курулуш, топтолуш процессинде пайда болгон синтаксистик структура. Ошондуктан баяндооч сөздөрдүн мындайча түзүлүштөгү түрлөрүн жөнөкөй баяндоочтордун конструкциялык өзгөчө формасы катары да кароого болот[1].

Бирок жөнөкөй баяндоочтордун чеги тутумдаш баяндоочтордон айкыныраак бөлүнүп турсун максатында, аны (татаал формалуу баяндоочторду) тутумдаш баяндооч мүчөлөр бөлүгүндө берүү практикалык жактан ыңгайлуу да, өздөштүрүү жагынан да жеңилирээк деген ой менен тутумдаш баяндоочтордун тобуна кошуп берип олтурабыз. Албетте, башка бир изилдөөчүлөр аны жөнөкөй баяндоочтор бөлүгүнө кийргиси келсе, кандайдыр бир карама-каршылыктар келип чыкпайт, андан иштин форма жагы өзгөрүлгөн менен, иштин мазмуну өзгөрүлмөкчү эмес.

Татаал формалуу баяндоочтор — түрк тилдеринде жаңыдан гана изилдене баштаган маселелердин бири. Бул жөнүндө айрым бир пикирлерди профессор А. Н. Кононов менен профессор М. Б. Балакаевдердин эмгектеринен гана учураттык.

Маселен, профессор М. Б. Балакаев[2] татаал формалуу баяндоочторду өзүнчө бөлүп чыгып, атайын бир баяндоочтордун өзгөчө түрү катары карабайт, бирок ал татаал формалуу баяндоочтордун үч түрүн алып (1. Тартып-тартып жиберди. 2. Мөлдирейді да турады. 3. Жортып барады, жортып барады.), аларды сүйлөмдүн татаал баяндоочторунун составына кошуп караган. Бул маселе боюнча гана эмес, жалпы эле башта татаал баяндоочтор жөнүндө өзүбүздүн көз карашыбызды айттык эле, ошондуктан эми аны бул жерде дагы бир жолу кайталап олтуруунун муктаждыгы деле жок го деп ойлойбуз.

Профессор А. Н. Кононов[3] болсо баяндоочтордун бул конструкциялык түрүн атайын баяндооч сөздөрдүн өзгөчө түрү катары бөлүп чыгып, апа карай татаал формалуу баяндоочтор деген термин колдонот. Бирок алынган фактылары анчалык айкын эмес.

Сүйлөмдүн бул сөз козголуп жаткан татаал формалуу баяндооч мүчөлөрүн алардын түзүлүшү менен ээ жөнүндө билдирүү-

[1] Орус тил илиминде жөнөкөй баяндоочтор бөлүгүндө берилип жүрөт (Гр. русс. яз., АН СССР, М., 1954, 405-бетти караңыз).

[2] М. Б. Балакаев, Современный казахский язык, Алма-Ата, 1959, 142-бетти караңыз.

[3] А. Н. Кононов. Грамматика современного узбекского литературного языка, М.-Л., 1960, 385-бетти караңыз.

чү, баяндоочу маани бөтөнчөлүктөрүнө жараша төмөндөгүчө түрлөргө бөлүп көрсөтүүгө болот:

1) Эки составдуу татаал этиштердин эки сынары тең (негизги сынары да, көмөкчү сынары да) бирдей чак уландыларында турушат да, аларды байланыштыруучу каражат катары да бөлүкчөсү колдонулуп, мындай түзүлүштөгү баяндоочтук комплекстер ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн төмөндөгүчө кырдаалдарын баяндашат:

а) Капысынан болгон аракет баяндалат: 1. **Айтты да калды. 2. Чыкты да кетти.** ж. б.

б) Максат түрүндөгү күтүлбөгөн аракет билдирилет, баяндалат: 1. Адепсиздигинди **айтам да коём.** 2. Сен деле бир күнү **айтасың да коёсуң.**

в) Максат да, чечкиндүүлүк мүнөзүндөгү да аракеттер баяндалат: 1. **Алам да коём. 2. Иштейм да коём.** ж. б.

г) Адат мүнөзүндөгү туруктуу аракет баяндалат: 1. **Асылдым да калдым,** алмайынча тынбайм («Алдаркөсөөнүн ангемеси», жомок). 2. Болбогон кептерди **баштайсың да олтурасың.** ж. б.

2) Жөнөкөй этиштер кош айтылып, анын биринчи сынары шарттуу **-са** уландысында турат да, экинчи сынары тийиштүү чак уландыларында болушат, же биринчи сынары да, экинчи сынары да атоочтук, же башка формаларда турушу ыктымал. Мындай комплекстерден болгон баяндоочтор кош көңүл, чечкиндүү да жана ишенимдүү да эмес, иренжүү мүнөзүндөгү аракеттерди билдиришет: 1. **Алса алып берер** (Ж. Т.). 2. Мейли, **барса барайын.** 3. **Окусам окуйм.** 4. **Окуса окуйм.** 5. Аның **барар барбаксан, иштээр иштемексен.** 6. **Басаар басмаксан болот.** 7. **Ашым калса калсын,** ишим калбасын (эл макалы) ж. б.

3) Бир эле баяндооч сөз эки ирет, же андан да көп жолу кайталанылып, же кош айтылышы да ыктымал. Мындай түзүлүштөгү баяндооч мүчөлөр ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн төмөндөгүчө кырдаалдарын баяндашат:

а) Сүйлөм ээлеринин узакка созулган аракеттери баяндалат: 1. **Кете берет, кете берет,** акыры бир чоң шаарга туш келет. 2. Ээ, жигит, **иштей бер, иштей бер,** түбү максатыңа жетесиң.

б) Ашыгууну билдирет: 1. **Кеттик, кеттик,** кечигебиз. 2. **Алдым, алдым,** мынакей.

в) Буйрук, же өтүнүчтү күчөтүү маанисинде да колдонулат: 1. **Оку, оку,** жакшы окуйт экенсиң. 2. **Ал, ал,** эмне карап турасың.

г) Кайрылуу, сыйлоо, же ашыгуу, шашуу маанилеринде да болушат: 1. **Токто-токто,** азыр чыпам. 2. **Олтурунуз-олтурунуз.**

д) Жактырбоо, же баяндооч сөзгө акцент берүү милдетин да аткарат: 1. **Бар, бар дейм** (Ж. Т.). 2. **Болду, болду,** сөз бүттү. ж. б.

4) Айрым бир татаал формалуу баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин аракетин күчөтүү, же ага акцент берүү функциясында болушу да ыктымал. Сүйлөмдүн мындайча түзүлүштөгү баяндооч мүчөлөрү эки, же үч составдуу этиштерден болушат.



Эгерде, буларга окшогон татаал формалуу баяндоочтор үч составдуу болушса, биринчи сынары жатыш жөндөмөдөгү атоочтук болот, же шарттуу уландыда турган этиш болуп, экинчи сынары **-дай** уландысындагы атоочтук болот да, соңку сынары буйрук иретинде айтылган этиш сөз болот. Ал эми, мындай баяндоочтор эки составдуу болушса, анда соңку эки сынарынын алдыда белгиленген түзүлүш бөтөнчөлүктөрү ошол бойдон сакталып кала берет: 1. **Айтканда айткандай айт.** 2. **Иштесең иштегендей иште.**

Эгерде, бул белгиленип өтүлгөндөй баяндоочтук кош комплекстердин эң соңку сынары шарттуу **-са** уландысында турган болсо, мындай татаал формалуу баяндоочтор күчөтүлгөн өтүнүч маанисин билдиришет, баяндашат: 1. Эми бир деги **окугандай окусаң.** 2. **Иштегендей иштесең,** тийип-качпай.

5) Уңгу түрүндөгү эки жөнөкөй этиш сөз да бөлүкчөсүнүн жардамы аркасында ажыралгыс биримдикке келип, баяндоочтук милдет аткарып турган болсо, мындайча түзүлүштөгү татаал формалуу баяндоочтук комплекстер сүйлөм ээлеринин жамдоо, суроо жана чектөө мүнөздөрүндөгү кырдаалдарын баяндап турушат: 1. **Ал да кет. 2. Көр да кел. 3. Жет да кайт.**

6) Татаал формалуу баяндоочтордун биринчи сынарлары уңгу түрүндөгү, экинчи сынарлары терс **-ба** уландысындагы кайталанып айтылган этиш сөздөрдөн болушу да ыктымал. Сүйлөмдүн мындай баяндоочтук комплекстери күчөтүү, же туюктук, же ишендирүү маанилеринде колдонулат: 1. **Ишен-ишенбе,** бул туура. 2. **Бар-барба, оку-окуба,** ал өз ишин.

7) Татаал формалуу баяндооч мүчөлөр сүйлөм ээлеринин тийиштүү кырдаалдарын дааналап, өзгөчөлөп көрсөтүү милдетин, же ээ жөнүндө билдирилүүчү аракеттин маанисин күчөтүү милдетин аткарып турушу да мүмкүн. Сүйлөмдүн мындайча камсиеттеги баяндооч мүчөлөрүнүн биринчи сынарлары табыш жөндөмөдөгү, же таандык уландыдагы атоочтуктар болушат да, соңку сынарлары үч жактын биринде турган этиштер болушат: 1. **Айтарын айттым, болору болду, боёсу канды.** 2. Капитализм жумушчу табын **төрөөрүн төрөдү,** бирок өзүнүн көрүн казарын билген жок. 3. Биз **күткөнүн күтөбүз,** силер **барбасын барбайсынар.**

8) Сүйлөмдүн татаал формалуу баяндооч мүчөлөрү кыйышуу байланышындагы бирдей атооч сөздөрдөн да болушу ыктымал. Сүйлөмдүн мындай составдагы баяндооч мүчөлөрү ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн күчөтүлгөн сапаттык кырдаалдарын баяндашат: 1. Аның **жиндинин жиндиси экен.** 2. Бул ишине караганда досуң **келесоонун келесоосу го.** ж. б.

**§ 205.** Сүйлөмдүн жогоруда көрсөтүлүп өтүлгөндөй тутумдаш баяндооч мүчөлөрүнүн бардык түрлөрүн алардын жалпы

курулуш бөтөнчөлүктөрүнө карата үч негизги топко бөлүүгө болот. Алар — катыштык формалуу жана татаал формалуу тутумдаш баяндоочтор менен функционалдык тутумдаш баяндоочтор.

а) Сүйлөмдүн тутумдаш баяндооч мүчөлөрүнүн составына кирген сынарлардын бири толук маанилүү сөз болуп, башкасы көмөкчү сөздүк милдет аткаруучу жардамчы сөз, же функционалдык катыштык (жардамчы) сөз болушу ыктымал.

Мисалы: 1. Бул карыя бизге керектүү жана бактылуу **киши экен** («Байлык, бакыт, акыл», жомок). 2. Кербен башчысынын айтканы **чын эле** («Өнөрү бар мышык», жомок). 3. Адамдын акылмандарынын тынымсыз эмгегинин тамчысынан курулган миндеген жылдардан берки илимди өздөштүрүү **оңой-олтоң иш эмес** (Ш. Б.).

Бул көрсөтүлгөн мисалдарда баяндоочтук милдет аткаруучу толук маанилүү сөздөргө **экен, эле, эмес** деген жардамчы сөздөр көмөкчү сөз болуп келишти.

1. Көрө-көрө **көсөм болот,** сүйлөй-сүйлөй **чечен болот** (эл макалы). 2. Ошондо менден көп эмгек кылган **эч ким болгон жок** («Дартына даба болгон экен», жомок).

Мында баяндоочтук милдет аткаруучу толук маанилүү сөздөргө тутумдашып турган **болот, жок** деген толук маанилүү сөздөр аткарган милдеттерине карай катыштык сөздөр категориясына өтүшүп, көмөкчү сөз болуп түшүштү.

Сүйлөмдүн буларга окшогон составдагы тутумдаш баяндооч мүчөлөрүнүн тутумундагы көмөкчү сөздөр, бир жагынан, баяндоочтук милдет аткарып турган толук маанилүү сөздөрдүн аналитикалык баяндоочтук формалары катары келишет да, экинчи жагынан, аларга ар кыл кошумча модалдык маани берип турушат.

Бул жагынан алганда, көмөкчү сөздөр тийиштүү баяндоочтук форма түзүүчү морфологиялык жак, суроолуу, күдүк уланды категорияларына окшошуп кетишет. Кандайдыр, синтаксистик боюнча жасалган баяндоочтук форма сыяктанышып турушат.

Мындай баяндоочтук комплекстердин башкы өзгөчөлүгү сүйлөм ээлери жөнүндө баяндалуучу негизги маанини толук маанилүү сөздөр билдиришет да, көмөкчү сөздөр болсо аларга ар кыл катыштык маани берүүчү аналитикалык формалары катары келишет. Ошондуктан буларга окшогон баяндоочтор катыштык формалуу тутумдаш баяндоочтор деп аталат[1].

б) Татаал формалуу баяндооч мүчөлөр тутумдаш баяндоочтордун экинчи түрүн түзөт. Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн бул түрү жөнөкөй баяндоочтордун синтаксистик жагынан кайра курулуш процессинде өнүккөн баяндоочтук форма болушу жагынан талданып өтүлгөн тутумдаш баяндоочтордун башка түрлөрүнөн айырмаланып турат[1].

в) Функционалдык тутумдаш баяндоочторго синтаксистик аткарган милдетине карай толук маанилүү сөздөрдүн ажыралгыс түрдө тутумдашып кетишинен пайда болгон баяндоочтук комплекстер киришет. Башкача айтканда, аналитикалык баяндоочтордун бардык түрлөрү, бириктирилген тутумдаш баяндоочтор, туруктуу фразеологиялык айкалыштардан жана татаал аттардан болгон тутумдаш баяндоочтор функционалдык тутумдаш баяндоочтордун тобун түзүшөт.

Алар жалпы жонунан өзүлөрүнүн тутумундагы сынарларынын кандайдыр бир катыштык сөздөр категориясына өтпөгөндүгү менен мүнөздөлөт жана дал ушул табияты боюнча катыштык формалуу тутумдаш баяндоочтордон айырмаланып турушат.

## КОРУТУНДУ

1. Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн табияты, бир жагынан, өзүлөрүнүн аткарган синтаксистик милдетине туура келген түзүлүш (форма) бөтөнчөлүктөрү менен жана анын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн табияты менен мүнөздөлсө, экинчи жагынан, алардын, баяндооч сөздөрдүн, ээ жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилери ошол баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөрдүн составдык жактары менен да тыгыз түрдө байланыштуу болот. Башкача айтканда, сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү өз алдыларынча жеке-жеке турган сөздөрдөн болушу ыктымал. (1. Короодогу кой турмак, Коргол **бербейт** жети ата (Токтогул). 2. Мунун — **азаматтык.** ж. б.), же өз алдыларынча турган эки, же андан да көп сөздөр сүйлөмдөгү аткарган милдеттерине карай өз ара ажыралгыс биримдикте болушуп, сүйлөмдүн бир гана баяндооч мүчөсү болуп келиши мүмкүн. (1. Кимдир-бирөө кыяктын ичине кирип алып **сүйлөп жаткандай сезилди** (К. Ж.). 2. Көлдүн айланасы **тай чабымдай** (К. Ж.). 3. Атасы буга **каршылык кылып тура алган жок** (жомоктон).

Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү мына ошол составдык жагынан болгон бөтөнчөлүктөрүнө жараша жөнөкөй баяндооч жана тутумдаш баяндооч болуп экиге бөлүнөт.

2. Сүйлөмдө катышкан башка бир сөздөр менен өз ара ажыралгыс түрдө тутумдашпастан, өз алдыларынча туруп баяндоочтук милдет аткарып турган сөздөр сүйлөмдүн жөнөкөй баяндооч мүчөлөрү деп аталат (1. **Карматпайт** өмүр чиркин кууган менен

---

[1] Катыштык формалуу тутумдаш баяндоочторго модалдык, функционалдык модалдык жана көмөкчүл тутумдаш баяндоочтор киришет. Бирок буларды ичинен жөлөкчүл тутумдаш баяндоочтор бир аз өзгөчөөк мүнөздөгү касиетке ээ (жөлөкчүл тутумдаш баяндоочторду караңыз).



[1] Татаал формалуу тутумдаш баяндоочтордун түрлөрү берилген бөлүктү караңыз.

(Токтогул). 2. Жокту жок издеген **табат,** жолдошу шайыр болсо, жолоочунун кумары канат (эл макалы). ж. б.

а) Жөнөкөй сөздөр сүйлөмдүн жөнөкөй баяндооч мүчөлөрү болуп келишет (1. Бул — алардын так жана бекем **убадасы** (Ш. Б.). 2. Акыл айласы **мин,** күч айласы **бир** (эл макалы). 3. Ар иштин өз ыгы **бар** (К.Ж.). 4. Малайлардын кабактары **бүркөө,** кийимдери **жыртык,** көрүнүштөрү **аянычтуу** (К. Ж.).

5. **Боздодуң,** апа, **боздодуң!**

Кайгымды кайра **козгодуң** (Токтогул). ж. б.

б) Татаал сөздөр да сүйлөмдүн жөнөкөй баяндооч мүчөлөрү болуп келишет. Анткени, татаал сөздөр да азыркы кыргыз тилиндеги абалы боюнча жөнөкөй сөздөр сыяктуу эле бир гана туюнтма маанисинде болушат, алар менен бирдей касиетте турушат.

(1. Жаш да болсоң — **алпкелдим,**

Жайнаган Талас жеринден (Токтогул).

2. Мени ошол жезкемпир **уурдап келген** (жомоктон).

3. Өз алдыларынча жеке-жеке турган эки, же андан да көп сөздөр сүйлөмдөгү аткарган синтаксистик милдетине карата өз ара бири-бири менен ажыралгыс түрдө тутумдашып, сүйлөмдүн бир гана баяндооч мүчөсү болуп келишсе, тутумдаш баяндооктор деп аталат. (1. Өз атандан **кем бакпасмын** (жомоктон). 2. Эртең **майрам күн.** 3. Алына жараша **иш кыл,** айдаганына жараша ышкыр (эл макалы). 4. Клубдун ичи — **өңчөй жаштар.** 5. Элибиз тынчтыкта **жашагай эле.** ж. б.).

Сүйлөмдүн тутумдаш баяндоокторунун составдык жагы ар кыл болот жана анын тутумуна кирип, тутумдаш баяндооч болуп түшүүчү комплекстердин составындагы сөздөр бири-бири менен ар кыл ыктар боюнча өз ара ажыралгыс биримдикте турушат.

Сүйлөмдүн тутумдаш баяндооч мүчөлөрүн мына ошол составдык жактарына карата болгон бөтөнчөлүктөрү боюнча төмөндөгүчө көрсөтүүгө болот.

4. Адепки мезгилдерде өз алдыларынча турушуп ээлик, айкындоочтук жана баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөр кийин бара-бара акырындык менен баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөр менен ажыралгыс биримдикте болушуп, сүйлөмдүн тутумдаш баяндоочтору болуп кеткен учурлар да болот. Сүйлөмдүн мындайча баяндооч мүчөлөрү аналитикалык тутумдаш баяндоочтор деп аталат. (1. Калп сөзүң өмүрүң менен ырысыңа чон **зыян келтирет** (жомоктон). 2. Адамдын акысын жештен **намыс кыл,** асты өнөр үйрөнүүдөн **намыс кылба** (К. Ж.) ж. б.).

Бул аналитикалык тутумдаш баяндоочтор өзүлөрүнүн тутумундагы сөздөрдүн биринчи сыпарларына карата өз ара айкындоочтук аналитикалык тутумдаш баяндоочтор (1. Эми **кайдан барсын** (Ш. Б.). 2. Ууру адам **адал болбойт** жууган менен (Токтогул). 3. Эч нерсени **эсиме алчуу эмесмин** (жомоктон). 4. Душ-



мандын **сыртында болгончо, ичинде бол** (эл макалы), баш мүчөлүк (же жайылма) аналитикалык тутумдаш баяндоочтор. (1. Сенин **корко турган жериң жок** (К. Ж.). 2. Бул Максүттөр турганда бизге **күн жок,** айланайындар (Ж. Т.). 3. Айтууга өзүмдүн **дитим батпайт** (Ш. Б.). 4. Же силерге оокаттын **кереги жок** пу (Ш. Б.). Кош предикативдик аналитикалык тутумдаш баяндоочтор

(1. Туура сөздү билбеген

Жалганчы **бар дечү эле** (Токтогул).

2. Сапарды **желиктирбей коё тур дечи** (Ш. Б.). 3. **Алып берсеңиз экен дешти** (жомоктон) болуп үч түргө бөлүнөт.

5. Толук маанилүү сөздөргө ар кыл мүнөздөгү кошумча модалдык маани берүүчү **экен, эле, го, көрүнөт, сыяктанат, эмес** деген сыяктуу катыштык (көмөкчү) сөздөр айкалышып да сүйлөмдүн тутумдаш баяндооч мүчөлөрү жасалат (1. **Күлүк элем** элирген (Токтогул). 2. Чоң бөлмөнүн ичи жык толо **китеп экен** (жомоктон). 3. Карыганда муну **урган тура** (Ж. Т.). 4. Мен буга **макул эмесмин** (жомоктон). ж. б.).

Сүйлөмдүн буларга окшогон тутумдаш баяндооч мүчөлөрү модалдык тутумдаш баяндоочтор деп аталат.

6. Баяндоочтук милдет аткаруучу толук маанилүү сөздөргө жөлөкчүл сөздөр айкалышып турса, жөлөкчүл тутумдаш баяндоочтор деп аталат (1. Биздин колхоздун чеги **темир жолго чейин.** 2. Бүгүнкү кино **колхоз турмушу жөнүндө.** 3. Азыр кыштактар да **шаар сыяктуу** ж. б.).

7. Баяндоочтук милдет аткаруучу толук маанилүү сөздөргө күчөтмө (жардамчы) сөздөр айкалышып турушу да ыктымал. Ал күчөтмө сөздөр ошол баяндоочтук милдет аткаруучу толук маанилүү сөздөргө кошумча лексикалык маани беришет. Ошондуктан аларга окшогон күчөтмө сөздөр **(эң, өтө, эч, чылык, өңчөй, чылкый** ж. б.) тутумдашып турган баяндоочтук комплекстер сөз жасоочу тутумдаш баяндоочтор деп аталат (1. Ал кезде алабалыбыз **эң оор эле** (К. Ж.). 2. Берки жигиттен **эч дайын жок** бул окуяга **аябай таң калды** (жомоктон). 4. Эл **жаман кор кылып жүрөт** (К. Ж.). (жомоктон). 3. Жаанды болсо **эч тоотпойт** (жомоктон). 5. Ушул Каныбекти

8. Толук маанилүү сөздөр өз ара ар түрдүү ыктар боюнча (синтаксистик байланыштар боюнча) ажыралгыс биримдикте турушуп, сүйлөмдүн тутумдаш баяндооч мүчөлөрү болуп келишет (а) 1. Калп менен чындын ортосу канча **күндүк жол** (жомоктон). 2. Жаштар биздин **эртеңки күнүбүз.** б) 3. Сибирь тайгасында кенири таралган токойлордун бири — **кедр жыгачтары.** 4. Шаар багыныи орто жеринде **«Ударник»** киносу (К. Б.). в) 5. Биздин максат — **билим алуу,** маданияттуу, сабаттуу **адам болуу.** ж. б.).

Сүйлөмдүн мындайча тутумдаш баяндоочтору бириктирилген тутумдаш баяндооч мүчөлөр деп аталат.

Бириктирилген тутумдаш баяндооч мүчөлөр составдык жактары боюнча аналитикалык айкындоочтук тутумдаш баяндооч-торго окшош келишет. Бирок бул бириктирилген тутумдаш баяндоочтор аналитикалык тутумдаш баяндооч мүчөлөрдөн тутумуна кирген сөздөрдүн функционалдык жагынан гана ажыралгыс биримдикте турушу боюнча айырмаланып турат. Калыпташкан сөз айкалыштарына айланып кетишкен эмес.

9. Туруктуу фразеологиялык айкалыштар да сүйлөмдүн тутумдаш баяндооч мүчөлөрү болуп келишет (1. Эл үчүн эмгек кылбасам — **атым өчсүн.** 2. Окууга **көңүлүм куштар.** 3. Анаң Алайды карай **көз жиберди** (К. Ж.). 4. Бала башын **жерге салды** (жомоктон). 5. **Карынын сөзүн капка сал,** балам (жомоктон).

10. Сүйлөмдүн тутумдаш баяндооч мүчөлөрүнүн бул жоготөгү, составдагы ар кыл структурадагы татаал формалуу (а) 1. Эртели-кеч **кеп салат да олтурат, кейийт да жүрөт.** 2. Ал **да кет;** б) 1. **Алса алып берер** (Ж. Т.). 2. Мейли, **барса барайын.** 3. **Басар-басмаксан болот.** 4. **Айтарын айттым, болору болду, боёсу канды.** ж. б.; в) 1. **Бар, бар дейм** (Ж. Т.). 2. **Кете берет, кете берет.** 3. **Сүйлөй берет, сүйлөй берет.** 4. **Токто-токто,** азыр чыгам. 5. Көп сүйлөбөй, **жүргүн дегенде жүргүн** («Акылдуу дыйкан», жомок). 6. **Баргын дегенден кийин баргын,** баатыр) баяндооч мүчөлөр да болот.

## VI ГЛАВА

## БАШ МҮЧӨЛӨРДҮН БАЙЛАНЫШЫ.

### Жалпы бөлүм

**§ 206.** Сөздөр өз алдыларынча жеке-жеке турганда айрым гана түшүнүктүк маанide болушат. Алар тилдин синтаксисинин карамагына түшкөндө, өзүлөрүнүн грамматика-семантикалык табияттарына жараша ар бир жекече алынган тилдин закон ченемдүүлүгүнө ылайык белгилүү бир тартипте өз ара айкалышып, байланышып турушат.

Мисалы: 1. **Мен элди, жерди сагындым** (К. Э.). 2. **Анчыча күткөн поезд жетип келди** (К. Э.). 3. **Кой сууну карай жайылды.**

Келтирилген мисалдарда биринчи сүйлөм да, экинчи сүйлөм да төрт-төрт сөздүн айкалышынан турат да, үчүнчү сүйлөм үч толук маанилүү, бир катыштык сөздүн айкалышы аркылуу жасалды.

Бул сүйлөмдөрдөгү катышкан сөздөр өзүлөрүнүн грамматикалык структураларына жараша өз ара бири-бири менен тийиштүү сөз өзгөрүү формалары боюнча, же орун тартиби аркылуу



байланышып турушат. Үчүнчү сүйлөмдө болсо **карай** деген жөлөкчүл сөз байланыш формасы катарында кызмат кылып турат.

Мына ушундайча сүйлөмдө катышкан сөздөр өз ара сөз өзгөрүү формалары аркылуу, же орун тартиби аркылуу, же катыштык сөздөрдүн жардамы аркылуу бири-бири менен байланышта болушуп, дал ушул байланыш биримдиктеринин өзгөчөлүктөрүнө карата алар ар кыл синтаксистик катыштарда турушуп, алардын синтаксистик милдеттери мына ушул маанилүү грамматикалык фактордун базасында турган болот.

**§ 207.** Тилдин системасына кирген бардык эле сөз түркүмдөрүнүн ролу, мааниси бирдей боло бербейт. Алардын ичинен толук маанилүү сөз түркүмдөрүнүн ролу айрыкча зор болот. Анткени, толук маанилүү сөздөр гана бул, же тигил мүнөздөгү нерселик, сын, белгилик, сан-иреттик, аракеттик, дагы ушулар сыяктуу түюнтма маанилерине ээ болушуп, ошолор гана сүйлөмдүн, ойдун материалдык оболочкасын түзүшөт да, тийиштүү синтаксистик байланыштар, катыштар мына ушулардын ортосунда гана болушу ыктымал. Катыштык сөздөр категориясы болсо ошол толук маанилүү сөз түркүмдөрүнө карай гана колдонулуучу сөз түркүмдөрү болуп саналат. Алар, канчалык, өз беттеринче турганда тийиштүү семантикалык мазмундуулукка ээ болушпагандан кийин, алардын башка сөздөр менен тийиштүү бир синтаксистик катыштарда болушу да мүмкүн эмес. «...бул формалар эки толук маанилүү сөздүн биримдиги эмес, адатта жөнөкөй сөздөрдүн формасынын гана системасына кирет»[1]. Ушинтип, толук маанилүү сөздөр сүйлөмдүн да ар кыл маани бөтөнчөлүктөрүнүн, анын ичинде сүйлөмдө катышып турган сөздөрдүн да тийиштүү синтаксистик байланыштарынын базасында туруучу негизги борбор болуп саналат.

Бирок бардык эле толук маанилүү сөз түркүмдөрүнүн касиети бирдей эмес. Бир сөз түркүмү бир түрдүү семантикалык мазмундуулукка ээ болсо, башка бир сөз түркүмү дагы бир башкача түрдөгү семантикалык мазмундуулукка ээ болуп турат. Бир сөз түркүмүнүн грамматикалык структурасы бир түрдүү болсо, дагы бир башка сөз түркүмүнүн грамматикалык структурасы дагы бир башкачараак мүнөздө болот.

Толук маанилүү сөз түркүмдөрү дал мына ушул табияты жагынан болгон ар кылдуулугуна жараша өз ара бири-бири менен ар түрдүү ыкмалар боюнча байланышат.

Маселен, айрым бир шарттарда кыйыр жөндөмө уландылары синтаксистик байланыш формалары катары келиши мүмкүн. Мисалы: 1. Чытырман токойлор **учу-кыйрына көз** жетпеген бүт 2. **Эл башына** күн түшсө, **жан аяган мейкиндикти** ээлеп жатат. 3. **Кумурсканын** өзү кичинекей болсо да, жигитпи (эл макалы).

---

[1] Грамматика русского языка, ч. II, синт., АН СССР, М., 1954, 21-бет.

кайраты **тоо** көтөрөт (эл макалы). 4. **Жакшынын** өзү өлсө да, сөзү өлбөйт (эл макалы).

Ал эми, башка бир шарттарда жак уландылары байланыш формалары катары кызмат кылышы ыктымал.

Мисалы: 1. Эгерде, кишилер айда биздегидей эле жашашкан болсо, айга мен да **барып келер элем** («ЛЖ»). 2. Силер али **жашсынар,** көп окуп, көп иштегиле.

Же толук маанилүү сөздөр катыштык сөздөрдүн жардамы аркылуу байланышып турушу ыктымал. Мындай байланыш формасы катарында жөлөкчүлдөр кызмат кылышат да, алар толук маанилүү сөздөрдүн формасы катарында кыйыр жөндөмө уландыларынын мааниси менен биригип кетет, же жөндөмө уландыларынын функциясына туура келген касиетке ээ болуп турат[1].

Мисалы: 1. Илим **үчүн** күрөшүү прогресс **үчүн,** адамзаттын келечеги **үчүн** күрөшүү болот. 2. Айдаган коюна **карата** ышкыр, алына **карата** иш кыл (эл макалы). 3. Элим **үчүн** жаным курман, аман болсун калайык.

Же сөздөрдүн тийиштүү орун абалы алардын синтаксистик катышын, демек, синтаксистик милдетин да кошо шарттап турган байланыш формасы катары келиши да мүмкүн.

Мисалы: 1. **Өрүк комуз** үндүү да келет, күүгө да так келет. 2. **Себүү** канчалык кечиктирилсе, **жердин нымдуулугу** ошончолук төмөндөп кетээри белгилүү («СК»).

Мына ушундайча, сүйлөмдө катышкан сөздөр өзүлөрүнүн табиятына жараша ар түрдүү ыкмалар боюнча бири-бири менен айкалышып, алардын мына ошол айкалыш өзгөчөлүктөрүнө карата тийиштүү синтаксистик байланыштын түрлөрүнө, тагыраак айтканда, ээрчишүү, башкаруу, ыкташуу, кыйышуу (таандык) жана жөлөкчүл байланыштардын түрлөрүнө бөлүнүшөт.

**§ 208.** Сөздөр өз ара биз кандай кааласак, ошондойчо эле түрдө, ошондойчо эле формада айкалыша беришпейт. Алардын да белгилүү бир айкалыш чеги, негизи, калыпташкан нормасы, үлгүсү болот.

а) Ар бир сөз түркүмүнүн өзүнө гана мүнөздүү белгилүү бир айкашуучулук чеги болот. Бир сөз түркүмү башка бир сөз түркүмү менен көбүрөөк даражада айкалышса, башка бир сөз түркүмү чектелген гана санда ал сөз түркүмүнө айкалышып турушу мүмкүн болуп, үчүнчү бир сөз түркүмүнө карай көбүрөөк санда айкалышы ыктымал. Маселен, 1) бир зат атооч экинчи бир зат атоочторго, же этиштерге карай багындыруучу сынар болуп да, багынынкы сынар болуп да келе бериши толук мүмкүн. 2) Зат атооч сөздөр сын жана сан атооч сөздөргө карай көбүнчө багындыруучу сынар болуп келишет. 3) Тактооч сөздөр болсо, негизинен, этиш сөздөргө карай гана багынынкы сынар болуп айкалыша алышат, өтө сейрек учурларда гана башка толук маанилүү сөз түркүмдөрүнө айкалышып турушу ыктымал. 4) Ал эми, ат атооч сөздөрдүн айкашуучулук табияты, бир жагынан, зат атоочторго окшошуп кетсе, экинчи жагынан, зат атооч сөздөр сыяктуу анын бардык эле түрлөрү орун тартиби боюнча тийиштүү байланыш формаларында (негизинен, ыкташуу байланышында) боло беришпейт. Мына ушулар сыяктуу ар бир сөз түркүмүнүн бул, же тигил мүнөздөгү белгилүү бир айкашуучулук чеги, бөтөнчөлүктөрү болот.

б) Бул, же тигил сөз түркүмүнүн ортосунда, же бир эле сөз түркүмүнө кирген бул, же тигил сөздөрдүн ортосунда белгилүү бир өз ара айкашуучулук закон ченемдүүлүгү бар болсо да, алар дайым эле, биз кандай кааласак, ошондойчо эле түрдө бири-бири менен айкалыша беришпейт. Анда да белгилүү бир үлгү, закон ченемдүүлүгү болот. Мында сөздөрдүн семантикасы чоң ролдо ойнойт. Ар бир сөздүн семантикалык табиятына жараша аны менен чектелген сандагы сөздөр гана айкалыша алат.

Маселен, эгерде биз **суу** деген сөздү багындыруучу сынар катары алган болсок, мына ушул сөздүн табиятына туура келген гана башка түрдөгү сөздөрдүн аны менен айкалыша ала тургандыгын көрөбүз. Ошондо: **Суу суюк, тунук, ысык, жылуу, мээлүүн, муздак, тоңгон, чачырады, буулanат, агат, ташыйт, кайнайт, чыгат, барат, жүрөт, келет, ысык, муздак, тоңгон, сасык, ылай, артык суу** сыяктуу айкалыштардын гана болушуна жол берилет. Мына ушундайча ар бир сөздүн өзүнө мүнөздүү, касиетине мүнөздүү айкалышуучулук чеги, нормасы жашайт. Демек, сөздөрдүн өз ара айкалышында алардын саны жагынан көп, же аз болушу, башкача айтканда, сөздөрдүн айкашуучулук чеги, даражасы мына ошол багындыруучу сынар болуп келген сөздөрдүн семантикалык табиятына тыгыз түрдө байланыштуу болот.

в) Бир сөз түркүмү менен экинчи бир сөз түркүмүнүн ортосунда, айталы, тийиштүү бир айкашуучулук закондуулугу жашап турган болсо да, айкалышуучу сөздөрдүн ортосунда өз ара семантикалык жагынан белгилүү бир биримдүүлүк, туура келүүчүлүк орун алып турган болсо да, эгерде, алар тилдин практикасында бекемделген айкашуучулук калыбынан өтүп, үлгү-лөшпөгөн болсо, андай сөздөр бири-бири менен айкалыша алышпайт. Ага окшогон көрүнүштөр теориялык, потенциалдык мүмкүнчүлүктөр болуп гана саналат. Теориялык мүмкүнчүлүк практикалык шартта гана жүзөгө ашырылышы ыктымал.

Сөздөрдүн мындайча мүнөздөгү айкашуучулук үлгүсүн, алардын калыптаныш жактарын унгу сөздөрдүн айкалышынан байкоо бир топ таталал, анткени, алардын көпчүлүгү эбактан бери эле калыпташып кеткендей сыяктанат. Ошондуктан алардын

---

[1] Коллектив, Современного русского языка, синт., изд. МГУ, М., 1952, 71-бетти караңыз.

жазуу эстеликтерине карата гана белгилениши, тактапышы мүмкүн.

Бул кырдаал, башкача айтканда, сөздөрдүн өз ара айкалышынын калыптанышы азыркы кыргыз тилинде курандылардын жардамы аркылуу жасалган жаңы сөздөрдүн айкалышында даана байкалат.

Маселен, **картошкалык жер, пияздык, помидордук жер, малдык чөп, кыштык отун** деген сыяктуу айкалыштарды көп эле учуратабыз, ал эми ушул эле үлгүдө **алмалык жер** деген айкалыш айрым бир адамдардын речиндеги өзгөчөлүк катарында орун албаса, бул потенциалдык гана мүмкүнчүлүк, али калыптаып жетпеген айкалыш тобуна кирет, мындай айкалыш биримдиги учурап калган болсо, кандайдыр одоно, жасалма сыяктанып кетет.

Же болбосо **алмалуу колот, алчалуу колот** деген жер аттары, же айкалыштар көп эле кездешет. **Алмалуу жер** деген айкалыш да өзгөчөлүк катарында учурап калышы мүмкүн, бирок **алмалуу талаа, алчалуу талаа** потенциалдык гана мүмкүнчүлүк, көрүнүш болуп саналат. Бул фактыларга карапанда сөздөрдүн айкалышындагы потенциалдык мүмкүнчүлүктөр белгилүү шартта, белгилүү бир тарыхый мезгилдин ичинде калыптанып, тилдин системасында бул, же тигил мүнөздөгү айкалыштардын орун алышы мына ушул кырдаалдар менен тыгыз түрдө байланышта болору белгиленет.

Маселен, кыргыз адабий тилинде дээрлик 1950-жылдарга чейин басма сөздө **совет эли, коммунисттер партиясы, англия самолёту, танка бөлүгү** түрүндөгү айкалыштар кенири орун алган жекеден-жеке форма болуп келген. Азыркы адабий тилибизде булар менен катар, улам барган сайын **советтик эл, коммунисттик партия, англиялык самолёт, танкалык бөлүк** түрүндөгү айкалыштар кенири орун алып баратат, булар үлгүлөшүп баратат, бирок оозеки речте; интеллигенцияны албаганда, эл оозунда сонку белгиленген айкалыш комплекстери анчалык синген, калыпташкан эмес, албетте, басма сөз аркылуу булардын оозеки речте да орун аларына шектенүүгө болбойт.

Биз көп убактарда башка тилдерден которулган көркөм чыгармаларды өтө кызыгуу менен окуйбуз, же кандайдыр аларга кайдыгерлик менен карап, сүйлөмдөрү эмнегедир жасалма сыяктуу, анчалык кызык да, түшүнүктүү да эмес сыяктуу болуп туруп алат. Анын негизги эле себеби мына ушунда, котормочунун айкалыш үлгүлөрүн элес албагандыгында, же билбегендигинде, сөзмө сөз гана которо салгандыгында болуп жатат.

**§ 209.** Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн байланышын белгилөөдө мына ушул көрсөтүлүп өтүлгөн факторлор негиз катарында алынмакчы. Бирок мында биз баш мүчөлөрдүн ортосундагы синтаксистик эзэрчишүү байланышын берүү менен эле чектелүүнү жетишсиз го деп олтурабыз. Баш мүчөлөрдүн биримдикте,



тийиштүү ырааттуулукта болушунда жалаң гана синтаксистик байланыш формалары жекеден-жеке чечүүчү ролдо ойнобостон, сүйлөмдө катышкан башка сөздөрдүн да, айрыкча, айкындооч мүчөлөрдүн ролу өтө чоң экендиги байкалды. Ошондуктан мындайча грамматикалык факторлорду байкас албай коюуга мүмкүн эмес, дал ошол себептүү баш мүчөлөрдүн эзэрчишүүсү дегендин ордуна мында баш мүчөлөрдүн байланышы деген жалпы тема алып олтурабыз. Анткени, мында баш мүчөлөрдүн эзэрчишүүсү гана жөнүндө сөз жүрүүгө тийиш эмес, синтаксистик байланыш формасын атайын изилдөө объектибиз катары алып олтурган жерибиз жок. Мында жалпы эле баш мүчөлөрдүн синтаксистик биримдиги жөнүндө, ырааттуулугу жөнүндө сөз болуп жатат. Баш мүчөлөрдүн биримдиги, ырааттуулугу кандай факторлор менен шарттапары да кошо камтылышы керек болуп олтурат.

### Баш мүчөлөрдүн эзэрчишүүсүнүн жалпы негизи

**§ 210.** Эзэрчишүү байланышы сөздөрдүн синтетикалык ык боюнча айкалышынын бир түрү болуп саналат. Ал башка түрдөгү синтетикалык ыкма боюнча байланышкан сөздөрдөн, маселен, башкаруу (**катты жиберүү, үйдө олтуруу, шаарга баруу**) байланышы менен кыйышуу (**тынчтыктын конгресси, окуучунун китеби**) байланыштарынан, багындыруучу сөздөргө карай кыйыр жөндөмө уландылары аркылуу байланышпастан, багынынкы сынар болуп келген сөздөрдү **жак, сан** боюнча эзэрчип турушу менен айырмаланып турат.

Синтаксистик байланыштын бул түрү баш мүчөлөрдүн ортосундагы грамматикалык биримдигине туура келип, бул жагынан да эзэрчишүү байланышы синтаксистик байланыштын жалпы эле башка түрлөрүнөн жалаң гана байланыш формалары боюнча өзгөчөлөнүп туруу менен чектелбейт, багындыруучу сөздөргө карай болгон предикативдик катышта болушу менен башкача орунда турат, ал эми, синтаксистик байланыштардын башка түрлөрү болсо, жалпысынан, алардын ошол багындыруучу сөздөргө карай болгон байланыш формалрынын атрибутивдик мүнөздөгү катыштарда турушу менен мүнөздөлөт.

Мисалы: 1. **Биз,** коммунисттер, элдин таалайы, келечеги, дүйнөнү кайра куруу, тенсиздикти биротоло жоготуу үчүн **туулганбыз.** 2. **Силер** сонун турмушта **жашайсынар, коммунизмде жашайсынар.**

Мында **туулганбыз, жашайсынар** деген баяндооч сөздөр **биз, силер** деген биринчи жана экинчи жактардагы сөздөрдү жак жана сан жагынан эзэрчип турушат.

**Багындыруучу сынар болуп келген сөздөргө карай багынынкы сынар болуп түшкөн сөздөр жак жана сан биримдигинде,**

**байланышында турган болсо, сөздөрдүн мындай байланышы ээрчишүү байланышы деп аталат.**

Мисалы: 1. **Биз** эч кимден **коркпойбуз,** коркутууну да **каалабайбыз.** 2. **Сен өсөсүң, жетилесиң,** ошондо сенин жаның, каның элиң менен бирге экенин унутуп коюп жүрбө. 3. **Сиз учкучсузбу?** ж. б.

Берилген мисалдарда багындыруучу сыңар болуп келген **биз, сен, сиз** деген сүйлөм ээлерине карай **коркпойбуз, каалабайбыз, өсөсүң, жетилесиң, учкучсузбу** деген баяндооч сөздөр тийиштүү жактар жана сандар боюнча ээрчип турушат.

**§ 211.** Ээрчишүү байланышында багындыруучу сыңар болуп түшкөн сөздөр кайсы жакта турса, багындыруучу сыңар болуп келишкен, башкача айтканда, ээрчип турушкан сөздөр да ошол жакта туруп ээрчишет. Тагыраак айтканда, ээлик милдет аткаруучу сөздөр биринчи жакта турса, баяндооч сөздөр да биринчи жакта турушат да, ээлик милдет аткаруучу сөздөр экинчи, же үчүнчү жактарда болушса, баяндооч сөздөр да экинчи, үчүнчү жактарда туруп ээрчишет.

Мисалы: 1. **Биз экинчи сменада окуйбуз.** 2. **Сиз билимдүүсүз, жолдошторуңузга үлгү көрсөтүңүз.** 3. **Куш аяган көк карайт, ат аяган жер карайт** (эл макалы).

Кыргыз тилинде, ошондойчо эле, башка түрк тилдеринде да, баш мүчөлөрдүн бул жак биримдиги баяндоочторго жалганып турган жак уландылары аркылуу тейленет.

Бирок кыргыз жана башка түрк тилдеринде I, II жактарда гана атайын жак уландылары болуп, III жакта жак уландылары жок болот.

Мына ушул кырдаалга байланыштуу, үчүнчү жактагы ээлик милдет аткаруучу сөздөр менен байланышта турган баяндооч мүчөлөр жак уландыларында турушпайт, анткени, түрк тилдеринде III жак уландылары мүнөздүү эмес. Мындай баяндооч мүчөлөр этиш сөздөрдөн болсо, чак уландыларында турушат да, атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтордун ээге карай алган сонун орду баяндоочтук формасы катары келет да, бул эки учурдан тең баяндооч сөздөр нолдук жак формасында болушат.

**§ 212.** Ээрчишүү байланышында багындыруучу сыңар болуп келген ээлик милдет аткаруучу сөздөр кайсы санда турса, баяндооч сөздөр да ошол эле санда болот. Ачыгыраак айтканда, сүйлөм ээлери жекелик санда турушса, баяндооч мүчөлөр да жекелик санда, ээлик милдет аткаруучу сөздөр көптүк санда турушса, баяндооч сөздөр да көптүк санда туруп ээрчишет.

Бул баяндооч мүчөлөрдүн ээлик милдет аткаруучу сөздөргө карай сан жагынан болгон байланышы эки түрдүү негизде жүзөгө ашырылат.

1) Жак уландылары, бир жагынан, баш мүчөлөрдүн ортосундагы жак байланыштарын тейлеп турса, экинчи жагынан, баяндооч сөздөрдүн ээге карай болгон жекелик, көптүк сан биримдигин да кошо тейлеп турган болот. Ушинтип, көптүк жак уландылары **(-быз, -к, -сыңар, -дар)** көптүк сан байланышын кошо тейлешет да, жекелик жак уландылары **(-мын, -м, -сың, -н)** жекелик сандагы байланыш биримдигин кошо тейлешет.

Демек, жак уландылары баяндооч сөздөрдүн эки түрдүү байланыш биримдигин, жак байланышын да, сан байланышын да, өз кучагына камтып туруучу категория болуп саналат.

Мисалы: 1. **Биз советтик элбиз, адамзаттын жаркыраган келечеги коммунизмди куруп жаткан элбиз.** 2. **Сен да чоңоёсуң, сен да борбуюң катып өсөсүң, силер да эл таалайы үчүн жандилиңер менен күрөшөсүңөр.**

Бул берилген мисалдарда **элбиз, күрөшөсүңөр** деген баяндоочторго жалганып турган **-быз, -сыңар** деген жак уландылары I, II жак жана көптүк сан байланыш формалары катары келишти да, **чоңоёсуң, өсөсүң** деген баяндоочторго жалганып турган **-сың** деген жак уланды II жак жана жекелик сан байланыш формасы катары кызмат кылып турат.

1) Баяндооч мүчөлөрдүн ээлик милдет аткаруучу сөздөр менен сан жагынан болгон биримдиги, байланышы баяндоочтук милдет аткаруучу сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык структурасына жараша айрым учурларда тийиштүү сан өзгөрүү формалары аркылуу да тейленет. Маселен, зат атоочтордон болгон баяндоочтор III жактагы ээлик милдет аткаруучу сөздөр менен көптүк **-лар** уландысы аркылуу сан биримдигинде турушат да, этиштик баяндоочтор көптүк **-ыш** уландысы аркылуу сан жагынан байланышта болушат. Башка сөз түркүмдөрүнүн болсо буларга окшогон сан жагынан тийиштүү сөз өзгөрүү формалары жок болот. Заттануу аркылуу гана айрым бир атооч сөздөр көптүк **-лар** уландысында туруп айтылышы мүмкүн.

Бул көптүк сан өзгөрүү формалары жок болгон сөз түркүмдөрүнөн болгон III жактагы баяндоочтор ээлик милдет аткаруучу сөздөр менен жекелик санда туруп гана байланыша алат.

Мисалы: 1. **Жениш өзү келбейт, аны жан-дили менен талыкпай иштеген адам жаратат, өмүрүн курман кылуудан кайра тартпаган эр жүрөк азамат баштайт, эл жаратат.** 2. **Социализм — совет элинин, коммунисттик партиянын жеңиши.** 3. **Акылдуунун сөзү кыска, айта салса — нуска** (эл макалы).

Мында баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөр жекелик санда туруп ээрчишти.

4. **Караңгылыкты, өткөн күндүн элесин, биздин эл маанайын баскан, жолун торогон азезил экенин сезишти, азыр ири адым шилтеп баратышат, келечегин айдан ак, айнектей тунук көрүп турушат.** 5. **Булар — баатырлар, турмуштун кыйма-чийме татаал жолун басып өткөндөр, өз өмүрлөрүнөн калк таалайын артык көргөндөр.**

Берилген мисалдарда болсо **сезишти, шилтеп баратышат, кө-**

**рүп турушат** деген этиштик баяндоочтор **-ыш** уландысынын катышы аркылуу ээлик милдет аткаруучу сөздөрдү көптүк санда ээрчип турушат да, **баатырлар, басып өткөндөр, артык көргөндөр** деген заттык жана заттанып кеткен сөздөрдөн болгон баяндоочтор **-лар** уландысынын жардамы аркасында, булар да, көптүк санда ээрчип турушат.

**§ 213.** Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн жөнөкөй, же сылык түрдөгү сөздөрдөн болушуна жараша аларды экинчи жакта жөнөкөй, же сылык жак уландыларынын жардамы аркылуу жөнөкөй, же сылык түрдө туруп ээрчишет.

Мисалы: 1. **Сен** быйыл окууну **бүтөсүң,** жолдошуң да бүтөт, кайда кызматка **барасыңар?** 2. **Сиз капа болбоңуз, зерикпеңиз,** иш деген өзүнөн өзү эле бүтө койбойт. 3. **Сиздер** чыдамдуулук менен **күтүңүздөр,** аягы ийгиликтүү болсо болгону.

Көрсөтүлгөн мисалдардын биринчи сүйлөмүндө **бүтөсүң, барасыңар** деген баяндоочтор ээлик милдет аткаруучу сөздөрдү жекелик, көптүк сандарда жана жөнөкөй түрдө туруп ээрчишти да, экинчи жана үчүнчү сүйлөмдөрдө **капа болбоңуз, зерикпеңиз, күтүңүздөр** деген баяндоочтор жекелик, көптүк сандарда сылык түрдө туруп ээрчишти.

**§ 214.** Мына ушул багыныңкы сынар болуп келген сөздөрдүн синтаксистик байланыш формасы болуп түшүүчү жак уландыларынын эки түрдүү варианты болот. Анын бирине толук мазнилүү сөздөрдүн (ат атоочтордун) тыбыштык жагынан гана фонетикалык өзгөрүүгө учурашынан пайда болгон жак уландылары киришет да (мен>-мын, сен>-сың, силер>-сыңар), булар жак уландысынын толук варианттагы формасы деп аталат. Жак уландыларынын экинчи түрүнө болсо ушул эле өйдөкү көрсөтүлгөн толук варианттагы жак уландыларынын айрым тыбыштарынын түшүп, кыскарып калышынан пайда болгон уландылар кириши, булар жак уландысынын кыскарган варианты деп аталат (-мын>-м, -сың>-ң, -сыңар>-ңар ж. б.).

Жак уландыларынын бул эки түрдүү вариантынын ар биринин өзүнө мүнөздүү колдонулуш тартиби бар. Аны төмөнкү таблица боюнча көрсөтүүгө болот (321-бетте).

Ал эми, атооч, тактооч сөздөрдөн болгон баяндоочтордо болсо жак уландыларынын толук варианты гана жалганат.

**§ 215.** Ээрчишүү байланышында багыныңкы сынар болуп келген сөздөрдүн, башкача айтканда, сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрүнүн бул, же тигил мүнөздөгү ээрчишүү байланыш формалары андагы багындыруучу сынар болуп түшкөн сөздөрдүн, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн, грамматика-семантикалык табиятына жараша шартталат. Тагыраак айтканда, багындыруучу сөздөрдүн, сүйлөм ээлеринин, жак жана сан маанилерине, формаларына карай аларга грамматикалык жактан багынып турган сөздөр, баяндооч сөздөр, жак жана сан биримдигинде



| № к | Этиштин түрлөрү | I жак | | II жак сылык | | | | II жак | | | | I жак | | | | II жак сылык | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | -м | -к | -ңыз-дар | -ңыз | -ңыз-дар | -ңыз | -сың-дар | -сың | -ңар | -ң | -быз | -мын | -к | -ңыз-дар | -ңыз | -ңыз-дар | -ңыз | -сың-дар |
| 1 | Берки айкын өткөн чак (-ды) . . . | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + |
| 2 | Берки капыска өткөн чак (-ыптыр) | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — |
| 3 | Белгисиз өткөн чак (-ган) . . . | +[1] | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — |
| 4 | Учур чак . . . . . | +[1] | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — |
| 5 | Келер чак . . . . . | +[1] | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — |
| 6 | Адат өткөн чак (-чу) . . . . . | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — |
| 7 | Умгу этиш . . . . . | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — | — |

[1] Факультативдик форма.

болуш үчүн тийиштүү жак жана сан формалары боюнча өзгөрүп турушат.

Алардын ичинен мына ошол ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн жак жана сан маанилери төмөндөгүчө грамматика-семантикалык кырдаалдар менен байланыштуу болот.

а) Сүйлөм ээлеринин жак маанилери анын милдетин аткарып турган сөз түркүмдөрүнүн табиятына байланыштуу келет. Башкача айтканда, бардык эле сөз түркүмдөрү бул, же тигил жак маанилеринде колдонула бербейт. Биринчи жана экинчи жактагы жактама ат атоочтор жана айрым учурларда өздүк (өз—өзүм, өзүң, өзү, өзүбүз, өзүңөр, өзүңүз) ат атоочтор менен жалпыланып айтылган жамдама сөздөр (баарыңар, баарыбыз, үчөөңөр, үчөөбүз ж. б.) гана таандык уландылардын жардамы аркылуу I, II жак маанилеринде колдонулушу мүмкүн да, ат атоочтордун башка түрлөрү менен калган ээлик милдет аткаруучу атооч, тактооч сөз түркүмдөрү, атоочтуктар, кыймыл атоочтор III жак маанисинде гана турушат.

Мисалы: 1. **Биз колхозчубуз,** жумушчуларды, кызматчыларды, окумуштууларды, жоокерлерди азык-түлүк, айыл чарба сырьёлору менен жабдуу **камын көрөбүз.** 2. **Өзүң барасың** да, **өзүңөр бүтүрөсүңөр.** 3. **Экөөбүз** учкашкан бойдон **чаап бардык** (Т. С.).

б) Ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн сан маанилери үч түрдүү кырдаал менен шартталган.

1) Биринчиден, кандай гана сөз түркүмүн албайлы, алар сөз негизи түрүндө турушканда, жекелик сан маанисинде, формасында болушат. Алар грамматикалык көптүк сан формалары (категориялары) жалгануу аркылуу көптүк мааниге ээ болушуп, буларга окшогон сөздөрдөн болгон ээлер менен биримдикте, байланышта турушкан баяндооч мүчөлөр аларды көптүк санда туруп ээрчишет.

Мисалы: 1. **Булар — кимдер,** эмне максат менен **келишкен.** 2. Анда **олтурушкан** бүт **балдар.**

2) Экинчиден, ээлик милдет аткаруучу сөздөр өзүлөрүнө ыкташып турган **сан атооч** сөздөр менен айрым бир **аз, көп**[1] деген сыяктуу сөздөрдүн таасири астында көптүк мааниде турушу ыктымал. Буларга окшогон ээлик милдет аткаруучу сөздөр менен байланышта болгон баяндооч сөздөр да көптүк санда туруп ээрчишет.

Мисалы: 1. Малчылардын тоюна келгендердин **жүз киши**си кечээ кетишкен, калгандары азыр **жөнөшөт.** 2. **Көп адам** ушундайча ойлошот, бирок дайым эле мындайча боло бербейт.

3) Үчүнчүдөн, тилдин системасында сөздөр негиз түрүндө

[1] Н. К. Дмитриев, Грамматика башкирского языка, М.-Л., 1948, 219-бетти караңыз.



турушканда, жекелик сан формасында болушкандыктары менен, айрым бир сөздөр коллективдик, жамдоо маанилерине да ээ болуп турушу ыктымал.

Мындайча, форма жагынан жекелик санда болушса да, семантика жагынан көптүк мааниде колдонулган сөздөрдөн болгон ээлерге байланышта турган баяндооч мүчөлөр аларды көптүк сан формасы боюнча да ээрчий бериши мүмкүн.

Мисалы: 1. **Эл келди. Кокуй, эл келип калышты.** 2. Бир кыштактын **калкы чогулушкан.** 3. **Көпчүлүгү ушундайча айтышты.**

4) Төртүнчүдөн, ээлик милдетти жандуу нерселердин аттарын билдирүүчү сөздөр аткарып турушабы, же өсүмдүк, тоо-таш, жер жана башкалардын аттарын билдирүүчү сөздөр аткарып турушабы, дал мына ушул кырдаалга байланыштуу да баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөр бирде ээлик милдет аткаруучу сөздөрдү сан жагынан ээрчип турушса, башка бир шартта сан жагынан ээрчий алышпайт, жекелик санда гана айтылат.

Баш мүчөлөрдүн ээрчишиндеги алардын байланыш биримдигинин ар кыл өзгөчөлүгүнүн негизинде турган факторлор мына ушулар болуп саналат.

Албетте, тилдин системасында мына ушул белгиленип өтүлгөндөй маселелер, ээрчишүү байланышынын көрсөтүлгөндөй закон ченемдүүлүгү, дайым эле толук түрдө сакталып турат деп айтууга да болбойт. Бул ээрчишүү байланышындагы негизги гана багыт болуп эсептелет, айрым шарттарда бул, же тигил мүнөздөгү себептер менен бул норманын сакталбай калышы да, же өзгөчө бир мүнөздө учурашы да ыктымал.

Бул маселелердин, башкача айтканда, ээрчишүү байланышындагы жалпылыктар менен катар, анда орун алган өзгөчөлүктөрдүн айкын болушу үчүн анын, ээрчишүү байланышынын, баяндоочтук милдет аткаруучу сөз түркүмдөрү боюнча талданышы дурусураак болор.

**§ 216.** Ээрчишүү байланышы түрк тилдеринин синтаксисин изилдөөчүлөрдүн дээрлик бардыгынын эмгектеринде кездешет. Синтаксистик байланыштын бул түрүнө арналган материалдар өтө көп. Мына ошол бизге чейинки жүргүзүлгөн изилдөө иштери биздин көз карашыбыздын кеңейип, бул маселени жүзөгө ашырууда, системага салууда чоң жардам болду.

Маселен, жак уландыларынын маанилүү синтаксистик байланыш формасы катары келүүчү грамматикалык каражат экенди жөнүндө профессор Н. К. Дмитриев[1], Э. В. Севортян[2],

[1] Н. К. Дмитриев, аталган башкыр тилинин грамматикасы, 51—64-беттерди караңыз. Ошондойчо эле, аталып өтүлгөн түрк тилд. салыштыр. гр. «К ист. афф. сказуем.» деген эмгегин (5-бет) караңыз.

[2] Э. В. Севортян, түрк тилд. салыштыр. гр. аттуу эмгекте «Категор. сказ.». (16-бет) деген эмгегин караңыз.

өзүлөрүнүн эмгектеринде чоң орун бөлүшөт.

Профессор Н. А. Баскаков[3] болсо жак уландыларын тактап, айрым жолдоштор тарабынан таандык уландыны жак уланды катары алып жүрүшкөндүгү орунсуз экенин көрсөтөт. Ошондой-чо эле, этиштин айрым чак уландылары да (маселен -т//-ды) айрым изилдөөчүлөр тарабынан жаңылыштан жак уландылары катары каралып жүргөндүгүн белгилейт. Профессор А. Н. Кононов[4] бул маселени тактап, III жакта жак уландылары болбой тургандыгын, нолдук жак формасында болорун айтат.

Ээрчишүү байланышын дагы теренирээк деталдаштыруу ишинде түрк тилдериндеги айрым бир өзгөчөлүктөр жөнүндө профессор М. Б. Балакаев[5], Н. А. Баскаков[6] жана Н. П. Дыренковалар[7] баалуу салымдар кошушат. Алар түрк тилдеринде дайым эле байланыш формалары сактала бербей тургандыгы жөнүндө, айрым бир тилдерде III жактагы сөздөрдүн байланыш өзгөчөлүктөрү жөнүндө эң сонун далилдер келтиришет. Мисалы, профессор Н. А. Баскаков тувин жана түрк тилинде III жакта айрым учурларда жак уландысынын ордуна үчүнчү жакта ол деген ат атооч колдонуларын белгилесе, Н. П. Дыренкова алтай тилинде атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтор дайым эле I, II жак уландылары менен өзгөрүлө бербей тургандыгын көрсөтөт, профессор М. Б. Балакаев болсо татар тилинин фактысына таянып, анда кээде жак, кээде III жакта сан формалары менен баяндоочтор өзгөрө бербей тургандыгын, ошондойчо эле, жак уландысынын түрк тилдеринде кийин пайда болгонун (мен бала сен **ана**) айтат.

Ушундайча эле негизде изилдөөчүлөр ээрчишүү байланышынын табиятын деталдаштыруу, системалоо жагына да чоң назар салышкан. Маселен, А. А. Коклянова[8] жак уландысынан жак биримдигин да, сан биримдигин да тейлей тургандыгын орунду далилдер менен көрсөтөт. Профессор А. Н. Кононов[9] көптүк маанинин берилиш ыкмаларына айрыкча токтолот. Профессор

---

[1] А. Н. Кононов, Грамматика узбекского языка, 351—352-беттерди жана гр. турец. яз., 395—396-беттерди караңыз.
[2] Н. А. Баскаков, аталган эле түрк тилдериндеги жакталыш деген эмгегинде, 263—303-беттер.
[3] Н. А. Баскаков, Жогорудагы эле эмгек, 267-бетти караңыз.
[4] А. Н. Кононов, аталган эле өзб. тил. гр., 182-бетти караңыз.
[5] М. Б. Балакаев, Совр. каз. яз. аттуу эмгеги, 132-бетти караңыз.
[6] Н. А. Баскаков, Жогоруда аталган эле эмгек, 265-бетти караңыз.
[7] Н. П. Дыренкова, Грамматика алтайского языка, 236-бетти караңыз.
[8] А. А. Коклянова, Способы синт. связи слов в совр. узб. лит. яз., дис., М., 1953, 9—12-бет.
[9] А. Н. Кононов, Грамматика современного узбекского языка деген эмгеги, 84-бетти караңыз.



М. Б. Балакаев[1] болсо синтаксистик байланыштарды системалап келип, сөздөрдүн аналитикалык, синтаксистик ыктар аркылуу байланыштарын белгилейт. Профессор Е. И. Убрятова[2] баш мүчөлөрдүн сан жана жак боюнча ээрчишүүсүн бөлүп-бөлүп карап, алардын тейлениш ыкмаларына айрыкча токтолуп, сонун фактыларды келтирет. Ээрчишүү байланышы жөнүндө санап олтурса түгөнгүс мына ушул сыяктуу көп сандаган баалуу пикирлер, сандаган монографиялык изилдөөлөрдөн тартып нормативдик грамматикаларга чейин кенири орун ээлейт.

Бирок, ошондой болсо да, ээрчишүү байланышы жөнүндө изилдөөчүлөрдүн ортосунда кандайдыр бир биримдик көз караштын жок экендиги тууралу да азанак сөз козгой кетүүгө туура келет. Анткени, синтаксистик байланыштын бул түрүнө карай болгон айрым бир окумуштуулардын көз караштарында ээрчишүү байланышынын табияты таптакыр бир башкача планда талкууланат, ээрчишүү байланышына тиешеси жок маселелер да синтаксистик байланыштын дал ушул түрүндө кошо камтылып, айрым бир чаржайыттыктарга орун берилип жүрөт.

а) Маселен, профессор Н. А. Баскаков[3], филология илимдеринин доктору З. И. Будагова[4], филология илимдеринин кандидаты А. А. Коклянова[5] баштаган бир жоон топ изилдөөчүлөр таандык уландыдагы сөздөр менен илик жөндөмөдөгү сөздөрдүн байланышын ээрчишүү байланышы катары карашып, бул жолдоштордун көз карашы боюнча, **менин, сенин, анын** деген илик жөндөмөдөгү сөздөргө карата **китебим** деген сөз багынынкы абалда туруп, таандык уландылардын жардамы аркасында ээрчип турган болуп чыгат. Иш жүзүнө келгенде бул таандык уландыдагы сөздөр атооч жөндөмөдө турган сөздөр болушуп, алар канчалык атооч жөндөмөдө тургандан кийин, демек, сөз негизи катары тургандан кийин алардын багынынкы абалы жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эмес. Биздин байкообузга караганда, мынча, тетирисинче, таандык уландыга карай **мен, сен, ал, Аалы** деген сыяктуу сөздөр иликте турушка мажбур болуп, дал ушул сөздөр багынынкы абалда турушат. Ошондуктан байланыштын

---

[1] М. Б. Балакаев, Современный казахский язык, 12—13-беттерди караңыз.
[2] Е. И. Убрятова, Исследование по синтаксису якутского языка, М.-Л., 1950, 105—112-бет.
[3] Н. А. Баскаков, Простое предложение в каракалпакском языке, жыйнак, Исслед. по срав. гр. тюркск. яз., III, синт., АН СССР, М., 1961 71-бет.
[4] З. И. Будагова, Простое предложение в современном азербайджанском литературном языке, авт., Баку, 1963, 27-бет.
[5] А. А. Коклянова, Нормы соглас. в совр .узб. яз., жыйнак, Иссл. по сравн. гр. тюркск. яз., III, синт., АН СССР, М., 1961, 74—75-беттер.

бул түрүнүн профессорлор М. Б. Балакаев[1], Е. И. Убрятова[2] жана башка окумуштуулар тарабынан кыйышуу (таандык) байланышы катары, синтаксистик байланыштын өзгөчө бир түрү катары каралышы орундуу.

Эгерде, биз бул иликте турган сөздөр менен таандык уландыдагы сөздөрдүн байланышын ээрчишүү байланышы деп алган болсок, дал мына ушул негизде илик жөндөмөдө турган сөздөргө карай таандык уландыдагы сөздөр ээрчип турат деген көз карашта болсок, биздин **колхоздун малы** деген айкалыштагы **малы** деген сөз менен **колхоздун** деген сөз тике байланышта тургандыктан, анын биринчиси экинчисин ээрчип турат деп айтууга мүмкүн болсо да, **малы** деген сөздүн **биздин** деген сөздү ээрчип турушу жөнүндө айтуу кыйын. Же анын тетирисинче, ушул турушу боюнча **биздин** деген сөздүн **малы** деген сөздү ээрчип турушу жөнүндө да сөз болушу мүмкүн эмес, же болбосо **биздин** деген сөз **колхоздун** деген сөздү ээрчип турат деп да айта албайбыз. Чындыгында, мында башта **колхоздун** деген сөздө таандык уланды болгон, **колхозубуздун** түрүндө айтылган, кийин бул таандык категория факультативдик мүнөзгө айланып кеткен, **биздин** деген сөздүн иликте турушу башта дал ошол таандык уландыга карай шартталган болуп, азыркы түрк тилдеринде таандык уландылардын милдеттүү түрдө катышы зарылчылык болбой, анын катышуу, же түшүп калуу жактары факультативдик мүнөзгө айланып кеткен. Бекер жеринен профессор Е. Д. Поливанов[3] атрибутивдик катыштагы багынынкы сынарлардын, аныктоочтордун, өзбек тилинде сан, жөндөмө боюнча ээрчибей турганын, баяндоочтор гана сан боюнча ээрчип, бул кырдаал да факультативдик мүнөзгө ээ экендигин белгилебеген-дей көрүнөт.

Профессор Н. К. Дмитриев[4] баш болгон дээрлик бүт түрк тилдерин изилдөөчүлөр тааныган, нормативдик грамматикаларга чейин орун алган ээрчишүү байланышынын баш мүчөлөрдүн гана ортосунда боло турган синтаксистик байланыштын түрү экендиги теориялык жактан негиздүү, практикада сыналган негизги багыт болуп кыйшаюусуз түрдө сакталып кала берүүгө тийиш.

б) Айрым бир изилдөөчүлөр ээрчишүү байланышынын чегин өзгөчө кенири карашат. Бул кырдаал белгилүү даражада жекече

---

[1] М. Б. Балакаев, Казак тилиниң грамматикасы, II, Алматы, 1949, 11-бет.

[2] Е. И. Убрятова, Согл. в якутск. яз., жыйнак, Иссл. по синт. тюркс. яз., М., 1962, 172-бет.

[3] Проф. Е. Д. Поливанов, Опыт частн, метод. преп. русск. яз. узбекам, ч. I, Ташкент—Самарканд, 1935, 48-бетти караңыз.

[4] Н. К. Дмитриев, Детали простого предложения, жыйнак, Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков, III, синт., АН СССР, М., 1961, 39—43-беттерди караңыз ж. б.



алынган байланыштын түрү менен, маселен, ээрчишүү байланышы менен, жалпы эле байланыш ыкмаларынын чегинин жоюлушуна, алардын аралашып кетишине алып келип жатат.

Маселен, профессор Е. И. Убрятова[1] баш мүчөлөрдүн байланышынан тышкары кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара болгон грамматикалык биримдигин да ээрчишүү байланышына кошуп караган. Албетте, кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара грамматикалык биримдикте туруш үчүн алар тийиштүү ыкмалар боюнча бири-бири менен белгилүү бир тартипте байланышып турары танылгыс факт катарында алдыбызга тартылат дечи, бирок алардын грамматикалык биримдигин ээрчишүү байланышы, же кыйышуу (таандык), же башкаруу, же ыкташуу, же жөлөкчүл байланыш катары карооого, бул байланыштардын белгилүү бир түрү катары карооого болбойт, байланыштын бул түрлөрүнө параллель коюу дегендикке алып келүүгө тийиш эмес. Кошмо сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара байланышы, грамматикалык ички биримдүүлүгү байланыштын бул түрлөрүнөн тышкары турат, өзгөчө мүнөздөгү байланыш биримдиги, формалары болуп эсептелет. Ал кошмо сүйлөмдөрдүн структуралык спецификасына байланышта чечиле турган маселелердин катарына кирет. Ошондуктан, биздин көз карашыбызча, бул маселенин ээрчишүү байланышында, баш мүчөлөрдүн байланыш биримдигинде орун ала турган эч кандай деле жөнү жок.

Ошондойчо эле, автор бирөнчөй мүчөлөрдүн жамдалып айтылган учурларын да ээрчишүү байланышына байланышта караган. Мунун да бул жерде бериле тургандай кандайдыр бир негизи жок сыяктанып калды.

Филология илимдеринин доктору З. И. Будагова[2] этиштик баяндоочтордо анын ээ менен болгон байланыш формалары катарында жак, чак жана ынгай категориялары кызмат кыла тургандыгы жөнүндө белгилейт. Биринчи көз карашта бул туура эле сыяктанып көрүнөт. Бирок чак жана ынгай категориялары жак, сан уландыларында турушпаган болсо, алардын жак, сан байланышы нолдук формада турушу менен тейленери назарга алынган эмес. Бул категориялар (чак, ынгай категориялары) бар болгону баяндоочтук форма катары гана келишет, атоочтордон болгон баяндоочтордо болсо алардын ээге карай алган сөнчүл орун тартиби баяндоочтук формасы катары келет. Кайсы негизде мына ушул баяндоочтук формаларды, жак, сан, байланыш биримдигин тейлей албагандан кийин синтаксистик байла-

---

[1] Е. И. Убрятова, Согласование в якутского языка, жыйнак, Исследование по синтаксису тюркского языка, М., 1962, 102—104 жана 174-беттерди караңыз.

[2] З. И. Будагова, Простое предложение в современном азербайджанском литературном языке, авт. Баку, 1963, 10, 27-беттерди караңыз.

ныш формаларына параллель коё алабыз. Булар нолдук байланыш формаларындагы синтаксистик категориялар гана болуп саналат. Алардын ичинен жак уландылары гана баяндоочтук форма катары да, синтаксистик жак, сан байланыш формасы катарында гана келе алат.

### Этиштик баяндоочтордун ээрчишүүсү

Изилдөөчүлөр этиштик баяндоочтор түрк тилдеринде сүйлөм ээлерин I жана II жактарда жак жана сан жагынан ээрчишип, III жакта нолдук жак формасында турушуп, көбүнчө жекелик санда[1] туруп ээрчишерин белгилешет. Сөзсүз, мунун кыргыз тилине да тикеден-тике тиешеси бар. Бул белгиленгендер менен катар, азыркы кыргыз тилинде этиштик баяндоочтордун ээрчишүүсүндө мындайча мүнөздөгү закон ченемдүүлүгүн белгилөөгө болот.

**§ 217.** Сүйлөм ээлери I жана II жактардагы жактама ат атоочтордон жана таандык уландыдагы өздүк (өзүм, өзүң, өзүнөр) ат атоочтор менен жамдама сан атоочтордон (төртөөбүз, экөөңөр) болушса, этиштик баяндоочтор тийиштүү жак уландылары менен өзгөрүшүп, мына ошол жак уландылары алардын (этиштик баяндоочтордун) жак байланышын да, сан жагынан болгон байланышын да бирге тейлеп турат.

Мисалы: 1. Ак калпактуу кыргызды
Алты бөлүп **сүйлөйсүң,**
Көө толтуруп оозуна,
Көрүнгөнгө **үйлөйсүң.**
Элден чыккан ишмерди
**Ээлеп коё саласың.**
«Жак-жаатыбыз болчу» деп,
**Кыр көрсөтүп каласың** (А. Т.).

2. **Мен** да сендей кырчын жашты **өткөргөм** (А. Т.). 3. **Силер** ынтымактуу болсоңор гана **өсөсүңөр.**

**§ 218.** Эгерде, сүйлөм ээлери III жактагы сөздөр болсо, жалпы эле түрк тилдери сыяктуу, кыргыз тилинде да жак уландыларынын жок болгондугуна байланыштуу, этиштик баяндоочтор нолдук жак формасында болушат да, ээлик милдет аткаруучу сөздөрдүн сан маанилерине жараша баяндооч мүчөлөр жекелик санда жана көптүк **-ыш** уландысынын жардамы аркасында көптүк санда туруп ээрчишет.

---

[1] П. М. Мелиоранский, Кратк. гр. каз. кирг. яз., ч. II, синт., С. Петербург, 1897, 3-бет.
Г. Д. Санжеев, Гр. бур.-монг. яз., 112-бет, Н. П. Дыренкова, Грамматика ойротского языка, 232-бет.
Е. И. Убрятова, Исследование по синтаксису якутского языка, 105-бет, А. Н. Кононов, Грамматика современного турецкого литературного языка, 395 жана 351-беттерди карагыз. ж. б.



Мисалы: 1. Эки колум аркага
Карыштыра **байлады** (Токтогул).
2. Ар улуттан **келгендер**
Анкеме **салсам—күлүшөт** (Токтогул).
3. **Окуучулар** сочинение **жазышты.** 4. Бирок **өмүр** аткан октой **тез өтөт** (А. Т.).
5. Мына бул адам болбой, түлкү болсо,
Капканды капканчыга **салаар эле** (А. Т.).

Бирок этиштик баяндоочтор сүйлөм ээлерин дайым эле сан жагынан ээрчий беришпейт. Сан жагынан ээрчибей турган учурлары да болот:

а) Этиштик баяндоочтор стилдик ыкма катары сүйлөм ээлерин сан жагынан ээрчибей калышы да ыктымал[1].

Мисалы: 1. **Балдар келишти. Балдар келди.** 2. **Чымчыктар учуп кетишти.** Чымчыктар учуп кетти.

3. Аспиранттар экзамен өткөрүшөт. Аспиранттар экзамен өткөрөт. 4. Спортсмендер чуркашты. Спортсмендер чуркады, жарышты.

Эгерде, этиштик баяндоочтор жекелик санда турган болсо, чогуу, бир учурда болгон аракет баяндалат да, көптүк санда турган болсо, чачыранды, бир мезгилде болбогон аракет билдирилет.

б) Эгерде, этиш сөздөрдөн болгон баяндоочтор туюк **-ыл** жана өздүк **-ын** уландыларында турган болсо, мындай баяндоочтор сүйлөм ээлерин сан жагынан ээрчибей, дайыма жекелик санда болот.

Мисалы: 1. **Жаштар** дын жерлерге **жиберилген.**
2. Китепканага жаңы **китептер алынды.**

Анткени, баяндоочтор тарабынан билдирилип жаткан аракет сүйлөмдүн грамматикалык ээлери болуп түшкөн сөздөрдөн чыкпастан, логикалык жактан башка бир жекелик сандагы объект тарабынан иштелген аракет түрүндө болуп, мына ошол себептүү бул уландылардагы этиштик баяндоочтордун сүйлөм ээлерин сан жагынан ээрчибей турушу калыпташып кеткен.

в) Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү, негизинен, адамдардын аттарын билдирүүчү, айрым учурларда айбандардын, канаттуулардын, курт-кумурскалардын, түрдүү жаныбарлардын аттарын билдирүүчү сөздөрдөн болгон сүйлөм ээлерин, принципиалдуу алганда, стилдик ыкма катары гана сан жагынан ээрчибей калышпаса, аларды (ээлик милдет аткаруучу сөздөрдү) тийиштүү сан маанилерине жараша жекелик жана көптүк сандарда туруп ээрчишет.

---

[1] Н. К. Дмитриев, Грамматика башкирского языка, М.-Л., 1948, 221-бетти карагыз, Детали прост. предл., жыйнак, Иссл. по сравн. грам. тюркск. яз., III, синт., АН СССР, М., 1961, 41-бетти карагыз. Проф. Е. Д. Поливанов, Опыт частн. метод. препод. русск. яз. узбекам, ч. I, Ташкент—Самарканд, 1935, 48-бетти карагыз. ж. б.

Мисалы: 1. **Пионерлер ырдап жатышат окшойт.** 2. Энесинен ажыратылган **козулар** түнү менен **маарап чыгышты.** 3. Жаз кел генде, **бакалар** да сайрандап **чардашат.**

Бирок адамдан башка ээлик милдет аткаруучу (социалдык активдүү) сөздөрдү ээрчип турган этиштер, көбүнчө, жекелик санда **айтылат.**

Эгерде, сүйлөм ээлери өсүмдүк аттары, таш, жер-суу аттарын билдирүүчү сөздөрдөн болушса, буларга окшогон ээлерди ээрчип турган баяндоочтор, кандайдыр бир өзгөчөлүк катары гана көптүк санда туруп калышпаса, негизинен, жекелик санда болушат.

Мисалы: 1. **Күз келди. Алмалар бышкан. Алчалар түгөнд**. 2. **Күндөр өттү. Далай суулар акты.**

Бул кырдаал белгилүү даражада, баяндоочтук милдет аткаруучу этиш сөздөрдүн составдык өзгөчөлүгүнө да анча-мынча байланыштуу сыяктанат. Ачыгыраак айтканда, баяндоочтук милдет аткаруучу этиш сөздөр бир составдуу болушса, сан жагынан ээрчишпейт да, өзгөрүшпөйт да, жекелик санда гана турушат, алар (этиш сөздөр) эки, же үч составдуу болгондо гана сүйлөм ээлерин сан жагынан айрым кездерде гана ээрчип турушу закон ченемдүүлүгү бар экендиги байкалды. Мындай учур, көбүнчө, мыскыл, дагы ушулар сыяктуу стилдик ыкма, бөтөнчөлүк катары келе тургандыгы белгиленет.

Мисалы:

— Алмалар быштыбы, досум?

— **Алмалар бышып жатышат, досум, бир гана жей турган киши,** ооз жок болуп жатат.

**§ 219.** Этиштик баяндоочтордун ээрчишүүсүндө бул белгиленип өтүлгөндөрдөн тышкары да өзгөчө бир учурлар да болот. Ээрчишүүнүн бул өзгөчө түрүнө II жактагы ат атоочтордон болгон ээлерди ээрчип турган буйрук этиштер кирет.

Мисалы: 1. **Сен** бүгүн **оку.**

2. — Чалып жүрөт кулагым,
Өлбө, балам, заманыңа **туулгансың** (А. Т.).

3. Кырка турган кырк вазир,
Кырылгыр, сөзүм **ук** азыр (Токтогул).

Байланыштын мындай формасы маани жагына карата ээрчишүү[1] деп аталат. Анткени, буларга окшогон сүйлөмдөрдө баяндооч сөздөр II жактагы сүйлөм ээлери менен жак уландылары аркылуу байланышпастан, этиш сөздөрдүн сөз негизи түрүндө турганда II жакка таандык болуп айтылыш маанисинин аркылуу грамматикалык биримдикте турушат.

Азырынча кесе айткыбыз келбейт, ошондой болсо да, баяндооч сөздөрдүн төмөндөгүчө байланыш биримдиги да ушул эле

[1] М. Б. Балакаев, Современный казахский язык, Алма-Ата, 1959, 14 бетти караңыз.



сүйлөмдөгү ээрчишүү байланышына кошо камтылса ырас болгудай:

1. **Сен** азыр **баргын.** 2. Эртең **айткының.** 3. Ал **макулдашсын.**

Анткени, бул байланыш формаларынын жогорудагы келтирилген мисалдардан анчалык деле айырмасы жок. Бир аз гана өзгөчөлөнтенка жагынан бөтөнчөлүгү бар болбосо, жогорудагы эле байланыш формасынын түрү болуп саналат. Албетте, бул маселенин дагы изилденип, талданып, байкаштырылып көрүлүшү керек экендиги.

### Зат атоочтук баяндоочтордун ээрчишүүсү

**§ 220.** Зат атоочтордон болгон баяндооч мүчөлөр сүйлөм ээлерин мындайча тартипте ээрчишет:

а) Ээлик милдет аткаруучу сөздөр I жана II жактардагы жактама ат атоочтордон, же таандык уландылардагы өздүк жана аныктама ат атоочтор менен жамдама сан атоочтордон болушса, андай ээлерди баяндоочтук милдет аткаруучу зат атооч сөздөр толук варианттагы жак уландыларында туруп ээрчишет[1].

Мисалы: 1. **Биз Кыргызстанданбыз. Университеттин аспирантыбыз.** 2. **Сен агрономсуң го.** 3. **Сиздер малчысыздарбы?** 4. *Өзүм* **мугалиммин.** 5. **Баарыңыздар техниксиздерби?** 6. **Жок, *төртөөбүз* техникпиз.**

Айрым шарттарда I жана II жактардагы сүйлөм ээлерине байланышта болгон заттык баяндоочтор жак уландыларында турбастан айтыла бериши да ыктымал. Профессор М. Б. Балакаев[2] буларга окшогон байланыш биримдигин калдык катары эсептейт. Азыркы кыргыз тилинде болсо жак уландыларынын түшүп калышы[3], же жалганып турушу өзгөчө бир стилдик ыкма катары кызмат кылат[4].

Мисалы: 1. **Биз колхозчу, силер жумушчу.** 2. **Сен кыз, мен бала.** 3. **Биз кыргыз, силер казак, булар орус, бирок бардыгыбыз бир максат, бир тилектеги эл.**

б) Заттык баяндоочтор III жактагы сүйлөм ээлерине байла-

[1] Бирок алтай тилинде заттык баяндоочтор айрым шарттарда гана жак уландыларында турушуп ээрчишпесе, негизинен, жак уландыларында болушкайт. (Н. П. Дыренкова, Грамматика ойротского языка, М.-Л., 1940, 236-бетти караңыз).

[2] М. Б. Балакаев, Современный казахский язык, Алма-Ата, 1959, 132-бетти караңыз. Бирок профессор Н. К. Дмитриев жак уландыларынын түшүп калышын жаңы орун алып, күчтөнүп бараткан көрүнүш, тенденция катары карайт (Н. К. Дмитриев, Грамматика башкирского языка, 53—54-беттерди караңыз).

[3] Н. К. Дмитриев (гр. башк. яз., 52-бет) башкыр тилинде ээ катышпаса, жак уландысы түшүп калат, ээ сүйлөмдө катышпаса, баяндоочтор жак уландысында турат деп көрсөтөт.

[4] Заттык баяндоочтордун ээ жөнүндө билдирүүчү маанилери берилген бөлүмдү караңыз.

нышта турган болсо, мындай баяндооч мүчөлөр көптүк сандагы сүйлөм ээлерин бирде көптүк **-лар** уландысы аркылуу ээрчи турушса, башка бир учурда сан жагынан ээрчибей калышы мүмкүн.

Мисалы: 1. **Булар студент.** 2. **Булар — студенттер.** 3. **Алар мугалим.** 4. **Алар — мугалимдер.** 5. Ошондогу **бир окуя эсимде** (А. Т.). 6. Балалыктын капарсыз **күндөрү эсиндедир.**

Буларга окшогон баяндоочтордун сан жагынан ээрчип, ж ээрчибей турушу стилдик милдет аткарат (заттык баяндоочтор дун ээ жөнүндө баяндоочу маанилери берилген бөлүктү кар ңыздар). Эгерде, баяндооч сөздөр ээлик милдет аткаруучу сө дөрдү сан жагынан ээрчип турушса, сүйлөм ээлеринин объект лик, нерселик (заттык) кырдаалдары баяндалат да, баяндо сөздөр сан жагынан ээрчибей турушса, ээ болуп түшкөн сөздөр дүн тек, белги, сапаттык кырдаалдары, милдети же кесиби б яндалат.

III жактагы сүйлөм ээлери менен байланышта болгон бир заттык баяндоочтор өз беттеринче турганда грамматикал жагынан тийиштүү байланыш биримдигинде турушса да, с лөмдүн ырааттуулугу аксап калат, айкындооч сөздөрдүн ка шы аркылуу гана мындай баш мүчөлөр тийиштүү ырааттуулук келишип, толук салмактуу сүйлөм катары келише алат.

Мисалы: 1. **Ал эмне деген кебиң** (Ж. Т.). 2. **Бул кандай ж рук** (Ж. Т.).

Эгерде, бул сүйлөмдөрдө **эмне деген, кандай** деген айкындоо мүчөлөр катышпаган болсо, баш мүчөлөрдүн биримдиги, ка дайдыр, грамматикалык жактан толук түрдө уюшулбаганд толук сапаттагы сүйлөмдөр боло албагандай болуп калар эле

Айрым бир катыштык сөздөр менен айкындооч сөздөр байланыштыруучу, баш мүчөлөрдү тийиштүү ырааттуулукк келтирүүчү ролу, айрыкча баш мүчөлөрү бирдей сөздөрдөн бо гон сүйлөмдөрдө өтө даана байкалат.

Мисалы: 1. **Ленин жолу — эрик жолу жайнаган** (Ж. Т 2. **Бул бала — билимдүү бала.** 3. **Өнөрүң өнөр экен** (К. Ж ж. б.

## Сын жана сан атоочтор менен тактоочтордон болгон баяндоочтордун ээрчишүүсү

**§ 221.** Сүйлөм ээлери I жана II жактардагы жактама а атоочтордон, же I, II жак маанилеринде колдонулган башк түрдөгү сөздөрдөн болушса, буларга окшогон ээлер менен бай ланышта турган сын жана сан атооч сөздөр менен тактооч сөз дөрдөн болгон баяндооч мүчөлөр тийиштүү жак уландылары ме нен өзгөрүшүп, ал жак уландылары мындайча баяндоочтордун жак байланыш формасы катары да, сан байланыш формасы ка тары да кызмат кылат.



Мисалы: 1. Балдар, **силер билимдүүсүңөр, тарбиялуусуңар,** эл силерден үлгү алгандай болсун, шыктангандай болсун. 2. **Биз онунчудабыз.** 3. Мектептен бир аз **окчунураакмын.** ж. б.

**§ 222.** Ал эми, сүйлөм ээлери III жактагы сөздөр болсо, бул сөз түркүмдөрүнөн болгон баяндооч сөздөр нолдук жак формасында болушат да, сан жагынан болсо ээлик милдет аткаруучу сөздөрдү ээрчий алышпайт.

Себеби, баяндоочтук милдет аткаруучу аталган сөз түркүмдөрүнүн көптүк сан өзгөрүү формалары жок болот. Ошондуктан буларга окшогон баяндоочтор, сүйлөм ээлери көптүк санда болушса да, ар дайым жекелик санда турушат.

Мисалы: 1. **Уят өлүмдөн катуу** (эл макалы). 2. **Үмүт сонун, ишенимдуу сөзүңүз** (А. Т.). 3. **Мына булар сенден артык—кем эмес** (А. Т.). 4. **Биздин группадагы балдар отуз беш.** 5. **Адамга тиричилик канча кымбат болсо, ошончо кызык го** (К. Б.).

Бул белгиленип жаткан сөз түркүмдөрүнөн болгон баяндооч мүчөлөр заттануу аркылуу гана көптүк **-лар** уландысы менен өзгөрүп, дал ушул сан уландысы аркылуу гана сүйлөм ээлери менен көптүк сан байланышында болушу ыктымал, же этиштик көмөкчү сөздөрдүн **-ыш** уландысы менен өзгөрүлүшү аркылуу сүйлөм ээлери менен көптүк сан биримдигинде болушу мүмкүн.

Мисалы: 1. **Алар адегенде жыйырма болушчу.** 2. **Жетишүү жагынан да бизден алда болушчу.** 3. **Алар — таш боорлор, өмүрүндө жанга жакшылык кылбагандар.** 4. **Булар — окумуштуулар, билимдүүлөр, биздин сыймыгыбыз, даңкыбыз.**

## Ат атооч сөздөрдөн болгон баяндоочтордун ээрчишүүсү.

**§ 223.** Ат атооч сөздөрдөн болгон баяндооч мүчөлөр сүйлөм ээлерин төмөндөгүчө тартипте ээрчишет:

а) Сүйлөм ээлери I жана II жактардагы жактама ат атоочтордон болушса, ат атоочтордон болгон баяндооч мүчөлөр ээлик милдет аткаруучу сөздөрдү тийиштүү жак уландылары боюнча ээрчип турушат.

Мисалы: 1. **Сен кайдансың, качан келдиң эле?** 2. **Сиздер эмнесиздер, эмне иш кыласыздар?**

Бул I жана II жактарда турган сүйлөм ээлерине байланышта болгон ат атоочтук баяндоочтордун жак уландылары жалганып, же көмүстө калып айтылышы да мүмкүн.

Мисалы: 1. **Силер ким,** силерге эмне керек? 2. Сенин **өзүң ким** жана бул ишке кандай тиешең бар? 3. **Биз азыр ким,** башта ким элек?

Буларга окшогон ат атоочтук баяндоочтордун жак уландыларынын түшүп калышы зат атоочтук баяндоочтордо кандайча мүнөздөгү стилдик милдет аткарса, мында да ошондойчо эле табияттагы стилдик милдет аткарышат. Себеби, бул ат атооч сөздөр зат атоочтордун ордуна колдонулуп, заттык баяндоочтор-

дун аталып өтүлгөндөй (жак уландылары көмүстө калгандагы стилдик бөтөнчөлүктөрүн аныктоо ишине карай колдонулат жаткандыктан, заттык баяндоочтор менен бирдей касиетке ээ болуп турушкан болот.

б) Сүйлөм ээлери III жактагы ат атоочтордон, же башка сөз түркүмдөрүнөн болушса, ат атооч сөздөрдөн болгон баяндоо мүчөлөр аларды мындайча мүнөздө ээрчишет:

1) Баяндоочтук милдетти I жана II жактагы жактама ат атоочтор аткарып турушса, буларга окшогон баяндооч мүчөлөр тийиштүү жак уландылары менен өзгөрүп турушат.

Мисалы: 1. **Экскурсияга баруучулардын бири сизсиз. 2. Он киши менмин. 3. Кечеки бараткандар силерсиңер го. 4. Доступ татый турган мына сенсиң** (А. Т.).

Баяндооч мүчөлөргө жалганып турган жак уландылары күмүстө калышы да мүмкүн. Бирок мындай учурларда жактама ат атоочтордон болгон баяндоочтор белгилүү даражада орун тартибине көз каранды абалда болуп калышы да мүмкүн, ошондон мындай баяндоочтордун орун абалына, жекече шарттарга жараша мамиле кылынууга тийиш.

Мисалы: 1. **Балээнин баарын баштаган сен. 2. Бул мен.**

2) Баяндоочтук милдетти III жактагы ат атоочтор аткарып турушса, андай баяндоочтор нолдук жак формасында болуп да, сүйлөм ээлерин сан жагынан гана ээрчий алышат. Бул жагынан болгон байланыш формасы да стилдик ыкмага ылайыма эле сактала бербейт.

Мисалы: 1. **Булар кимдер, алар ким? 2. Отличниктерибиз булар.** 3. Алып келген **китептер тигил** (тигилер).

4. **Келечек аныкы эмес, өзүндүкү,**

Калкындын ишенимин калыс акта (А. Т.).

**§ 224.** Мейли этиш сөздөр баяндоочтук милдет аткарышсын, мейли атооч жана тактооч сөздөр баяндоочтук милдет аткарышсын, бул баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөргө ар кыл көлөмдүү сөздөр айкалышып айтылышы да ыктымал. Мына ушул көлөмдүү сөздөрдүн белгилүү бир жоон тобу, аналитикалык баяндоочтук форма катары келүүчү тобу, көп учурларда аталып өтүлгөн баяндоочтук милдет аткаруучу толук маанилүү сөздөрдүн эсебинен жак уландылары менен өзгөрүшүп, баяндооч сөздөрдүн сүйлөм ээлери менен болгон байланышы дал ошол жак уландыларындагы катыштык сөздөр аркылуу тейленип турушу мүмкүн.

Бирок бул көмөкчү сөздөрдүн айкашуучулук чеги, жак уландылары менен өзгөрүү нормалары баяндооч сөздөрдүн сүйлөм ээлери жөнүндө билдирүүчү, баяндоочу маанилери главасында берилгендиктен, бул жерде аларды кайталап олтуруунун эч кандай муктаждыгы деле жок.



## КЭЭ БИР ТЕРМИНДЕРДИН МААНИЛЕРИ

Соңчул — постпозитивдик.
Төрчүл — препозитивдик.
Комплекс — эки, же андан да көп сөздөрдүн айкалыш тобу.
Сынар — компонент (комплекстин тутумундагы сөздөрдүн бири).
Биринчи сынар — комплекстин тутумундагы биринчи сөз.
Экинчи сынар — комплекстин тутумундагы экинчи сөз ж. б.
Синтетикалык — уландылар менен жабдылган (сөздөр).
Уланды — сөз өзгөрүү формалары (маселен, жак, сан, жөндөмө, суроолуу, күдүк ж. б. уландылар).
Синтетикалык байланыш — сөздөрдүн уландылар аркылуу байланышы.
Синтетикалык форма — сөз өзгөрүү формалары.
Синтетикалык ык — сөз өзгөрүү формалары боюнча болгон ык.
Сөз өзгөрүү формалары — уланды.
Локализациялык — сөздөрдүн орун тартиби.
Позициялык — сөздөрдүн орун тартиби.
Аналитикалык — толук маанилүү сөздөргө катыштык сөздөрдүн айкалышып турушу.
Аналитикалык байланыш — толук маанилүү сөздөрдүн катыштык сөздөр аркылуу байланышып турушу.
Аналитикалык форма — катыштык сөздүн толук маанилүү сөздөрдүн формасы катары келиши.
Катыштык сөздөр — өзүнчө турганда толук мааниге ээ боло албаган сөздөр.
Функционалдык катыштык сөздөр — сүйлөмдөгү аткарган милдетине карай толук маанилүүлүгүнөн ажырап турушкан сөздөр.
Катыш — отношение.
Синтаксистик катыш — синтаксистическое отношение.
Грамматикалашуу — грамматикализация.
Структура — бир персенин түзүлүшү, маселен, тил илиминде: 1) сөз түркүмдөрүнүн гр. структурасы — ар бир сөз түркүмүнүн өз табиятына туура келген түзүлүшү, 2) сүйлөмдүн структурасы — сүйлөмдүн составдык бөлүгү болуп келишкен сөздөрдүн түзүлүш бөтөнчөлүктөрү, 3) сөз тизмегинин гр. структурасы — сөз тизмегинин составдык бөлүктөрүнүн түзүлүшү ж. б.
Түзүлүш — форма; маселен, сүйлөмдүн, же сөздүн түзүлүшү.
Форма — түзүлүш.
Курулуш — эки мааниде-колдонулат: 1) Тийиштүү айкалышта турган сөздөрдүн составдык бөлүктөрү жөнүндө сөз жүргүзүү; 2) Тийиштүү түзүлүш жөнүндө сөз жүргүзүү.
Ээнин формасы — ээнин түзүлүшү.
Баяндоочтун формасы — баяндоочтун түзүлүшү.
Ээнин курулушу — ээнин составы.
Ээнин тутуму — ээнин составы.
Баяндоочтун курулушу — баяндоочтун составы.
Баяндоочтун тутуму — баяндоочтун составы.
Сөз тизмеги — словосочетание.
Сөз айкалыштары — сочетание слов.
Айкашуучулук — сочетаемость.
Обочологон ыкташуу — обособленное примыкание.
Жөлөкчүл — послелог.

Жөлөкчүл байланыш — толук маанилүү сөздөрдүн өз ара жөлөкчүлдөр аркылуу байланышы.
Бөлүкчө — частица.
Үлгү — модель.
Калыпташуу — Модеризация.
Нолдук форма — сөздөрдүн тийиштүү уландылар менен өзгөрүлбөй турган учурунун тийиштүү синтаксистик милдетти шарттап турушу.
Баяндоочтук — эки мааниде колдонулат: 1) баяндоочтук милдет аткаруучу сөздөр — баяндооч болуп келүүчү сөздөр жөнүндө сөз жүргүзүү; 2) сказуемость — предикативдүүлүк — баяндоочтук форма.
**Маселен** деген сөз, көбүнчө, киринди сөз катары пайдаланылды.
**Мисалы** деген термин чечмелөөчү сөз катары алынып, жалаң техникалык милдет аткаруучу термин катары пайдаланылды.

---

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН ЖАНА КАРАЛЫП ЧЫККАН АДАБИЯТТАР


1. *К. Маркс* и *Ф. Энгельс* — соч., т. IV, М.
2. *Ф. Энгельс* — Диалектика природы, М., 1955.
3. *Ф. Энгельс* — Анти-Дюринг, М., 1952.
4. *В. И. Ленин* — чыг., IV бас. (кырг. I бас.), т. 20, 30, 36.
5. *В. И. Ленин* — чыг., IV бас. (кырг. I басылышы), т. 7, 8.
6. Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын Программасы, Фрунзе, 1962.
7. *М. Горький* — О литературе, М., 1955.
8. *Абакумов С. И.* — Современный русский литерат. яз., М., 1942.
9. *Абдулаев Х. А.* — Русские предлоги и их экв. в узб. яз., Извест. АН Узб. ССР, № 4, 1947.
10. *Абдурахманов Г. А.* — Основы синтаксиса сложного предложения совр. узб. лит. языка, Ташкент, 1960.
11. *Абдуллаев А. З.* — Обособление совр. азерб. яз., Баку, 1953.
12. *Абилкаев А.* — Семантика функции глагола «де» в казахском языке, Алма-Ата, 1958.
13. *Аганин Р. А.* — Повторы и однородные парные сочетания в совр. турец. яз., АН СССР, инст. востоковедения, М., 1959.
14. *Актанов Т.* — Грамматика, II, синт., пед. окуу жайлары үчүн, Фрунзе, 1940.
15. *Актанов Т., Макешев Н., Бакеев К.* — Кыргыз тилинин грам., II бөлүк, синт., VI—VII кл. үчүн, Фрунзе, 1948.
16. *Алиев У. Б.* — Вопросы сложного предложения карачаево-балкарского языка, авт. докт., Нальчик, 1960.
17. *Айляров Ш. С.* — Учебн. турец. яз., М., 1954.
18. *Арденов Б. П.* — К изучению номинативных предл., учен. зап. Кишиневск. Унив., т.37, Кишинев, 1959.
19. *Аманжолов* — Природы сложноподчиненных предложений в казахском языке, уч. записки АГПИ им. Абая, т. I, Алма-Ата, 1939.
20. *Асылбеков У.* — Грамматика, I, морф., пед окуу жайл. үчүн, Фрунзе, 1940.
21. *Ашнин Ф. Д.*—Указательн. частица в тюркск. яз., Изв. АН СССР, отд. лит. и яз., вып. 5, М., 1958.
22. *Ахманова О. С.* — О роли служебных слов в словосочетании, докл. и сообщ. инст. языкозн. АН СССР, II, М., 1952.
23. *Ахмеров К. З.* — Синтаксис простого предл. в башкирск. яз., Уфа, 1957.
24. *Балакаев М. Б.* — Казак тилиндеги тура толыктауыштар, Вестник АН Каз. ССР, № 10, 1948.
25. *Балакаев М. Б.* — Казак тилиндеги тура талыктауышдың жалгаулы, жалгаусыз жумсалуы, Вестник АН Каз. ССР, № 12, 1948.
26. *Балакаев М. Б.* — О комбинирован. управл., тюркологический сборник (С. Е. Малову). М.—Л., 1951.
27. *Балакаев М. Б.* — Глагольн. словосочет. с послеложными именами, Учен. зап. Казахск. Унив., т. 25, Алма-Ата, 1957.

28. *Балакаев М. Б.* — Основные типы словосочетаний в казахском языке. Алма-Ата, Изд-во АН Каз. ССР, 1957.
29. *Балакаев М. Б.* — Современный казахский язык, изд-во АН Каз. ССР, Алма-Ата, 1959.
30. *Балакаев М. Б.* — Осн. вопр. синтаксиса простого предложен. в совр. каз. яз., авт., Алма-Ата, 1950.
31. *Бакеев К.* — Кыргыз тил. грамматикасы, I, морф., Фрунзе, 1942.
32. *Баскаков Н. А.* — Структура прост. предл. в тюркских языках, Кирг. ССР Илим. Акад. тил жана адаб. инст. эмгектери, 6-чыгышы, Фрунзе, 1956.
33. *Баскаков Н. А.* — Типы атрибутивн. словосочет. в каракалпакском яз., Вопр. языкозн., № 6, 1956.
34. *Баскаков Н. А.* — Сист. спряж. или изм. слов по лицам в яз. тюркск. гр., сб., Ислл. по сравн. грам. тюркск. яз., II, М., 1956.
35. *Баскаков Н. А.* — Предложение с развернутыми членами в каракалпакском языке, сб. Исслед. по сравн. гр. тюркск. яз., III, АН СССР, М., 1961.
36. *Баскаков Н. А.* — Прост. предл. в каракалпакском яз., сб. Иссл. по сравн. грам. тюркск. яз., ч. III, АН СССР, М., 1961.
37. *Баскаков Н. А.* — Каракалпакский язык, т. 1—2, М., 1952.
38. *Баскаков Н. А.* — Ногайский язык и его диалекты, М., 1940.
39. *Батманов И. А.* — Грамматика киргизского языка, вып. II, III, Фрунзе, 1940.
40. *Батманов И. А.* — Способы выражен. синт. отнош. в кирг. яз., Фрунзе, 1940.
41. *Богородицкий В. А.* — Этюды по татарскому и (турецкому) тюркскому языкознанию. Казань, Татиздат, 1933.
42. *Богородицкий В. А.* — Общий курс русской грамматики, Изд. 5-е, М. — Л., 1935.
43. *Богородицкий В. А.* — Очерки по языковедению и русскому языку, изд. 4-е, М., 1939.
44. *Богородицкий В. А.* — Введение в татарское языкознание в связи с другими тюркскими языками, Изд. 2-е, под ред. Н. К. Дмитриева, Казань, 1953.
45. *Боровков А. К.* — Учебник уйгурского языка, Л., 1935.
46. *Боровков А. К.* — Очерки по истории узбекского языка, Советское востоковедение, V, 1948.
47. *Болотов Ж.* — Синтаксические функции причастия в казахском языке автореф., Алма-Ата, 1955.
48. *Будагов Л.* — Практическое руководство турецко-татарского, азербайджанского наречия, М., 1857.
49. *Будагов Л.* — Сравнительный словарь турецко-татарских наречий, т. I 1869, т. II, 1871.
50. *Будагова З. И.* — Простое предложение в современном Азербайджанском литературном языке авт.-докт., Баку, 1963.
51. *Будагов Р. А.* — Очерки по языкознанию, М., 1953.
52. *Булаховский Л. А.* — Курс русск. лит. яз., т. I, Киев, 1951.
53. *Булаховский Л. А.* — Введение в языкозн., ч. II, М., 1953.
54. *Буслаев Ф.* — Историческая грамм. русск. яз., М., 1881.
55. *Валгина Н. С., Розенталь Д. Э., Папукевич В. В.* — Современный русский язык, М., 1961.
56. *Виноградов В. В.* — Об осн. типах фразеологич. един. в русск. яз., сб. статей и материалов «А. А. Шахматов, 1861—1920», М.—Л., 1947.
57. *Виноградов В. В.* — Русский язык, Учпедгиз, М., 1947.
58. *Виноградов В. В.* — Словосочетание в его отнош. к грамм. и лексикол., сб. I, Вопр. теор. и истор. яз., М., 1952.
59. *Виноградов В. В.* — Осн. понятия русск. фразеол. как лингвист. дисципл., Труды юбилейн. науч. сессии ЛГУ, Л., 1954.
60. *Виноградов В. В.* — Осн. принципы русск. синтаксиса в гр. русск. яз., Изв. АН СССР, отд. лит., т. XIII, вып. 6, М., 1954.



61. *Востоков А. Х.* — Русская грамматика, II, 1842.
62. *Галкина-Федорук Е. М.* — О нулевых формах в синтаксисе, журн., «Русский яз. в шк.», № 2, М., 1962.
63. *Галкина-Федорук Е. М.* — Совр. русск. яз., Лексика, М., 1954.
64. *Галкина-Федорук Е. М.* — Предложение в свете материалистич. языкозн., журн., «Русск. яз. в шк.», № 4, М., 1949.
65. *Галкина-Федорук Е. М., Горшкова К. В., Шанский Н. М.* — Совр. русск. яз., синт., М., 1958.
66. *Гвоздев А. Н.* — Совр. русск. лит. яз., ч. II, синт., М., 1958.
67. *Гиганов Г.* — Грамматика татарского языка, СПб., 1801.
68. Грамматика алтайского языка, составлена членами алтайской миссии, Казань, 1869.
69. *Гуломов А. Г.* — Хозирги замон узбек тилидан конспект. курс, Содда гәп, Ташкент, 1948.
70. *Гуломов А. Г.* Содда гәп, Ташкент, 1955.
71. *Грунина Э. А.* — Сложноподчин. предл. в совр. узб. яз., авт., М., 1952.
72. *Груздеева С. И.* — Номинативные предл. в совр. русск. яз., уч. зап. Ленингр. универ., № 301, сер. филол. наук, вып. 60, Л., 1961.
73. *Гордлевский В. А.* — Грамм. турецк. яз., М., 1928.
74. *Давлетов С.* — Тактоочтор, Фрунзе, 1960.
75. *Дмитриев Н. К.* — Служебн. имена в турец. яз., советск. языкозн., т. III., 1937.
76. *Дмитриев Н. К.* — Грамматика кумыкск. языка, М.—Л., 1940.
77. *Дмитриев Н. К.* — Грамматика башкирского языка, М.—Л., 1948.
78. *Дмитриев Н. К.* — К ист. афф. сказуем. сб., Исслед. по сравн. грамм. тюркск. яз., II, М., 1956.
79. *Дмитриев Н. К.* — Турецкий язык, М., 1960.
80. *Дмитриев Н. К.* — Детали простого предложения, сб., Иссл. по сравн. грамм. тюркск. яз., ч. III, АН СССР, М., 1961.
81. *Долин И. Т.* — Несогласуемые глагольн. сказуем. и их стилистическ. функц. в совр. русс. яз., «Русский язык в шк.», № 2, 1962.
82. *Дыренкова Н. П.* — Грамматика ойротского языка, М.—Л., 1940.
83. *Дыренкова Н. П.* — Грамматика шорского языка, М.—Л., 1941.
84. *Дыренкова Н. П.* — Грамматика хакасского языка. Абакан, 1947.
85. *Дыйканов К.* — Имя существ. в кирг. яз., Фрунзе, 1955.
86. *Дыйканов К., Кудайбергенов С.* — Кыргыз тилинин морфологиясы, Фрунзе, 1957.
87. *Ермеков А. Е.* — Семантика слитных слов, авт., Алматы, 1950.
88. *Жанпеисов Е. Н.* — Модальные слова в совр. каз. яз., Изв. АН Каз. ССР, сер. филол. и иск., вып. I, Алматы, 1957.
89. *Жаркешева Г. Н.* — Сложн. слова в совр. каз. яз., дис., Алматы, 1949.
90. *Жапаров А.* — Кыргыз тил граммат., II, синт., VI—VII кл. үчүн, Фрунзе, 1950.
91. *Жапаров А.* — Кыргыз тил, грамматикасы, II, синт., педагогикалык окуу жайл. үчүн, Фрунзе, 1951.
92. *Жапаров А.* — Кыргыз тилиндеги синт. байланыштар, «мугалимд. жард.», Фрунзе, 1956.
93. *Жапаров А.* — Грамматич. структ. словосочет. в совр. кирг. яз., авт., М., 1955.
94. *Жапаров А.* — Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби, «Муг. жард.», Фрунзе, 1959.
95. *Жакыпов Ы., Мураталиев М.* — Азыркы кыргыз тилинин синтаксиси боюнча конспект, Фрунзе, 1956.
96. *Зиндер Л. Р., Строева Т. В.* — Совр. нем. яз., М., 1957.
97. *Закиев М. З.* — Синтаксический строй татарского языка, авт., 1963.
98. *Ильминский Н. И.* — Материалы к изучен. киргизск. наречия. Ученые записки Казанского университета, Казань, 1860.

99. *Ильминский Н. И.* — Вступительное чтение в курс турецко-татарского языка, Ученые записки Казанск. университета, Казань, 1861.
100. *Исаев Д.* — Кыргыз тил грамм., I, морф., V—VI кл. үчүн, Фрунзе, 1957.
101. *Исаев Д.* — Сын атоочтун зат атоочко өтүшү, «Муг. жард.», № 2, Фрунзе, 1952.
102. *Искаков А.* — Казак тил. сабактас курмалас багын. сүйл. даму жолы туралы, Алматы, 1948.
103. *Ибрагимов А.* — Типы простых предложений в современном туркменском языке, авт., Ашхабад, 1959.
104. *Казембек А.* — Общ. граммат. турецко-татарск. яз., Казань, 1846.
105. *Камынина А. А.* — К вопр. о предложен. с количественными словами в составе главн. членов, журн., «Русс. яз. в шк., № 2, М., 1961.
106. *Карасаев Х.* — Семантика падежей в кирг. яз., Кирг. фил. АН СССР, Фрунзе, 1944.
107. *Катанов Н. Ф.* — Опыт исслед. урянх. яз., Казань, 1903.
108. *Кенесбаев С.* — Көс сөздердин кээ бир жасалу жолдоры, уч. зап. Казгу, т. XI, Алматы, 1946.
109. *Кенесбаев С.* — Казак тил. калыптанган тыянакты сөз таптары, дис., Алматы, 1944.
110. *Куприянов В. Ф.* — Нечленимое предложение в русс. яз., как особ. структурн. тип простого предл., журн. «Русс. яз. в шк.», № 5, М., 1961.
111. *Коллектив* — Грамм. русск. яз., ч. II, синт., АН СССР, М., 1954.
112. *Коллектив* — Казирги казак тили, Казак ССР Гылымд. Акад., Алматы, 1954.
113. *Коллектив* — Современ. русск. язык, синт., изд. МГУ, М., 1957.
114. *Коллектив* — Азыркы кыргыз тили, II бөлүм, сөз түркүмдөрү, Кыргыз ССР илимдер Академ., Фрунзе, 1958.
115. *Коклянова А. А.* — Способы синт. связи слов в совр. узб. лит. яз., дис., М., 1958.
116. *Коклянова А. А.* — Послелоги и служебн. имени в узб. яз., Труды инстит. языкозн., т. III, М., 1954.
117. *Коклянова А. А.* — Нормы согласов. в совр. узб. яз., сб. Иссл. по сравн. грамм. тюркск. яз., III, АН СССР, М., 1961.
118. *Кононов А. Н.* — Грамм. турецк. яз., М., 1934.
119. *Кононов А. Н.* — О сложноподч. бессоюзн. предл. в турец. яз., Кратк. сообщ. институт. востоковед. АН СССР, Л., 1956.
120. *Кононов А. Н.* — Грамм. совр. турец. лит. яз., М.—Л., 1956.
121. *Кононов А. Н.* — Грамм. совр. узб. лит. яз., М.—Л., 1960.
122. *Корш Ф. Е.* — Происхождение настоящего времени в западных турецких языках, «Древности восточные», т. III, вып. I, М., 1907.
123. *Крашенникова Б. А.* — Модальн. глаголы в немец. яз., М., 1954.
124. *Кудайбергенов С.* — Атоочтуктар жана кыймыл атоочтор, журн. «Муг. жардам», 1956.
125. *Кудайбергенов С.* — Кыргыз тил. сөз өзгөрүү системасы, Фрунзе, 1957.
126. *Кудайбергенов С.* — Кырг. тил. мамиле категориясы, Фрунзе, 1959.
127. *Кудайбергенов С.* — Кырг. тил. тууранды сөздөр, Фрунзе, 1959.
128. *Лебедева Л. И.* — Глагольное управл. в кирг. лит. яз., дис., 1958.
129. *Мадина Г.* — Безличные предложения в совр. каз. яз., Алматы, 1959.
130. *Малов С. Е.* — Памятники древнетюркской письменности, тексты и исследования, М.—Л., 1951.
131. *Мелиоранский П. М.* — Кратк. грамм. казак-киргизск. яз., Казань, 1894.
132. *Мелиоранский П. М.* — Араб-филолог о турецком языке, СПб, 1900.
133. Морфологическая структура слова в языках различных типов, ред. Н. М. Жирмунский и О. П. Сунин, М.—Л., изд-во АН СССР, 1963.
134. *Мураталиева Ж.* — Послелоги в совр. кирг. яз., Фрунзе, 1958.
135. *Мураталиев М.* — Кырг. тил. мезгил жандама сүйл., Фрунзе, 1956.
136. *Мусабаев Г. Г.* — Казак тилинд. сын эсимн. шырайлары, Алматы, 1951.
137. *Насилов В. М.* — Грам. уйгурск. яз., М., 1940.
138. *Насилов В. М.* — К вопросу о грамматической категории вида в тюркских языках, Труды Московского ин-та востоковед., сб. № 4, 1947.
139. *Нариманов Н.* — Краткая татарско-азербайджанская грамматика, Баку, 1899.
140. *Орузбаева Б. О.* — Формы прош. вр. в кирг. яз., Фрунзе, 1955.
141. *Орузбаева Б. О.* — Некоторые заметки о парных словах, Труды. инст. яз. и лит. АН Кирг. ССР, вып. 8, Фрунзе, 1957.
142. *Орузбаева Б. О.* — Кырг. тил сөз жасоочу афф., Фрунзе, 1958.
143. *Овсянико-Куликовский Д. Н.* — Синт. русск. яз., изд. 2-е, СП., 1912.
144. *Петерсон М. Н.* — Очерк синт. русс. яз., М.—Л., 1933.
145. *Пешковский А. М.* — Русск. синт. в науч. осв., М., 1956.
146. *Поливанов Е. Д.* — Узбекская диалектология и узбекский литературный язык, Ташкент, 1933.
147. *Поливанов Е. Д.* — Опыт частной методики преподавания русского языка узбекам, часть I, Ташкент — Самарканд, 1935.
148. *Поливанов Е. Д.* — Русская грамматика в сопоставлении с узбекским языком, Ташкент, 1934.
149. *Попов П. С.* — Суждение и предложение, сб. Вопр. синт. совр. русс. яз., М., 1950.
150. *Поцелуевский А. П.* — Основы синт. туркм. лит. яз., Ашхабад, 1943.
151. *Поченцов Г.* — Порядок слов как средство выражения синт. отношен. в совр. русск. яз., журн. «Русс. яз. в нац. шк.», № 5, М., 1961.
152. *Гаджиева Н. З.* — Критерии выделения придаточн. пред. в тюркс. яз., Вопр. языкозн., № 3, 1957.
153. *Радлов В. В.* — Образцы народной литературы тюркских племен, т. V, СПб, 1885.
154. *Решетов В. В.* — Современный узбекский язык (элементы фонетики, морфологии и синтаксиса), Пособие, Ташкент, 1946.
155. *Решетов В. В.* — О категории настоящего времени в узбекском языке, «Доклады АН Уз. ССР», вып. 5, Ташкент, 1948.
156. *Решетов В. В.* — Кураминские говоры Ташкентской области, автореф., Ташкент, 1952.
157. *Реформатский А. А.* — Введение в языкознание, М., 1955.
158. *Самойлович А. Н.* — Опыт краткой крымско-татарской грамматики, ч. II, П., 1916.
159. *Санжеев Г. Л.* — Грам. бурят-монг.яз., М.—Л., 1941.
160. *Сартбаев К. К.* — Имя существительное в русском и киргизском языках (опыт сравнительного исследования), Фрунзе, 1945.
161. *Сартбаев К. К.* — Некоторые спорные вопросы сложноподчиненного предложения киргизского языка, Труды Ин-та языка и лит-ры, АН Кирг. ССР, вып. VI, 1956.
162. *Сартбаев К. К.* — Кырг. тил. кошмо сүйл. синт. Фрунзе, 1957.
163. *Сартбаев К. К.* — Сравнительная грамматика тюркских языков (По материалам киргиз., казах. и узб. языков), Фрунзе, 1962.
164. *Сафаев А. С.* — Главн. чл. прост. предл. в совр. узб. лит. яз., Ташкент, 1958.
165. *Севортян Э. В.* — К соотношению грамматики и лексики в тюркских языках, «Вопросы узбекского языкознания», изд. АН Уз. ССР, Ташкент, 1954.
166. *Севортян Э. В.* — Категория сказуемость, сб. Иссл. по сравн. грам. тюркск. яз., ч. II, АН СССР, М., 1956.
167. *Севортян Э. В.* — О некоторых вопросах структуры предл. в тюркских яз., сб. Иссл. по сравн. грам. тюркск. яз., ч. III, АН СССР, М., 1961.
168. *Степанова М. Д.* — Словообр. совр. немец. яз., М., 1953.

169. *Степанян И.* — Синтаксически нерасчлен. пред., выражающие эмо-
ции, журн. «Русс. яз. в шк.», № 4, М., 1957.
170. *Сухотин В. П.* — Проблема словосочет. в совр. русск. яз., сб. Вопр.
синт. совр. русс. яз., М., 1950.
171. *Тарасенко Н.* — Примыкание в уйгурск. яз., д., М., 1950.
172. *Тощакова Т. М.* — Служебн. слова в алтайск. яз., М., 1950.
173. *Тулегенов У. С.* — Выражение сказуемого и его основные типы в
простом личном предлож. совр. каз. яз., авт., Алма-Ата, 1952.
174. *Турсунов А.* — Чакчыл обороттор (түрмөктөр) жөнүндө, журн. «Мугалим
жард.», № 2, 1958.
175. *Турсунов А.* — Кыргыз тил. этиштин келер чагы менен учур чагы,
Фрунзе, 1959.
176. *Турсунов, Мураталиев* — Кыргыз тилиндеги сүйлөм мүчөлөрү, Фрун-
зе, 1961.
177. *Убрятова Е. И.* — Иссл. по синтакс. якутск. яз., М.—Л., 1950.
178. *Убрятова Е. И.* — Согл. в якутск. яз., сб. Иссл. по синт. тюркск. яз.,
М., 1962.
179. *Харитонов Л. Н.* — Типы глагольн. основы в якутск. яз., М., 1954.
180. *Харитонов Л. Н.* — Современный якут. язык, Якутск, 1948.
181. *Чикобава А. С.* — Введение в языкозн., ч. I, М., 1952.
182. *Чиркина И. П.* — О разграничении номинативных предл., журн.
русск. яз. в шк., № 5, 1961.
183. *Шарипов М. К.* — Синтакс. функц. деепричаст. «деб» в узб. яз., авт.
Л., 1949.
184. *Шахматов А. А.* — Синтаксис русск. яз., Л., 1941.
185. *Ширалиев М. Ш.* — Сложноподчин. предл. в азерб. яз., Вопр. языко-
козн., № 1, 1956.
186. *Шмелев Д. Н.* — Синтаксическая сочетаемость слов в русс. яз.
журн., Русс. яз. в нац. школе, № 4, М., 1961.
187. *Шмелев Д. Н.* — О «связанных» синтаксических конструкциях в русск.
яз., Вопр. языкозн. № 5, 1960.
188. *Шүкүров Ж. Ш.* — Кыргыз тилиндеги татаал сөздөр, Фрунзе, 1955.
189. *Щерба Л. В.* — Фонетика французского языка, М., 1948.
190. *Юдахин К. К.* — Киргизско-русский словарь, М., 1940.
191. *Юдахин К. К.* — Русско-киргизский словарь под ред. К. К. Юдахина,
М., 1957.
192. *Юдахин К. К.* — рец. С. Е. Малов, памятники древнетюркской пись-
менности, тексты и исследования, М.—Л., 1951, Труды инст. яз., лит. и исто-
рии Киргиз. ФАН АН СССР, Фрунзе, 1952.
193. *Юнусалиев Б. М.* — Вспомогательные глаголы в кирг. яз., дис., 1949.
194. *Юнусалиев Б. М.* — Синтаксический способ образования корневых
слов, Тил адаб. жана Тарых институтунун эмгектери, V чыгышы, 1956.
195. *Юнусалиев Б. М.* — Киргизская лексикология, ч. I, Фрунзе, 1959.
196. *O. Böhtlingk* — Uber die Sprache der Yakuten, st. Pbg. 1851.
197. *K. Grönbech* — Der Türkische Sprachbay, Kopenhagen, 1936.
198. *C. Brockelmann* — Osttürkische Grammatik der islamiachen Litera-
tursprachen Mittelasiens, leiden, 1954.
*199. A. von Gabain* — Alttürkische Grammatik, Leipzig, 1950.
200. *H. Y. Kissling* — Osmanisch — Türkische Grammatik, Wiesbaden, 1960.
201. *J Nemeth* — Türkische Grammatik, Berlin und Leipzig, 1917.
202. *B. C. Mundy* — Türkish Syntax as a System of gualification. BSOAS.
London, 1955, vol. XVLL.
203. *Dog. M. Mansuroglu* — Türkçede Cümle çegitleri ve baglayicilari,
Türk Dili Aragtirmalari Yilligi, Belleten, Ankara, 1954.
*204. A. C. Emre* — Türkçede Cümle, Türk Dili Kurumu yayinlarindan, Türk
Dili Aragtirmalari Yillig, Belleten, Ankara, 1954.
205. *A. C. Emre* — Türkçede Cümle, Türk Dili Kurumu yayinlarindan, Türk
Dili Aragtirmalari Yilligi, Belleten, Рецак. Agah Sirri Levend, Ankara, 1955.



## КӨРКӨМ АДАБИЯТАР

1. *Токтогул Сатылганов* — Токтогулдун ырлары жана Калыктын эстелик-
тери, Фрунзе, 1940; Токтогулга эстелик, Ф., 1940; Токтогул Сатылганов, чы-
гармалар жыйнагы, Ф., 1956.
2. *Тоголок Молдо Байымбетов* — Тандалган ырлар, Фрунзе, 1957; Жер
жана анын балдары, Ф., 1952; Чыгармалар, Ф., т. I, 1954, т. II, 1955.
3. *А. Токомбаев* — Жараланган жүрөк, Фрунзе, 1940; Ашырбай, Ф., 1944;
Биздин китеп, Ф., 1949; Өз көзүм менен, Ф., 1952; Комуз күүсү, Ф., 1960.
4. *А. Осмонов* — Чолпонстан, Фрунзе—Казань, 1937; Тандалмалуу ырлар,
Фрунзе, 1954.
5. *Т. Умөталиев* — Айсулуу, Фрунзе, 1941; Жеңиш, Ф., 1946; Чыгармалар
жыйнагы, Ф., т. I, 1958; т. II, 1959.
6. *Т. Сыдыкбеков* — Абысындар, Фрунзе, 1949; Биздин замандын кишилери,
Ф., 1952; Тоо балдары, Ф., 1953.
7. *К. Жантөшев* — Чолпонбай, Фрунзе, 1943; Жалындуу жаштар, Ф.,
1951; Эки жаш, Ф., 1955; Каныбек, Ф., т. I, 1957, т. II, 1958.
8. *К. Баялинов* — Бакыт, Фрунзе, 1947; Көл боюнда, Ф., 1952; Повесттер
жана аңгемелер, Ф., 1952; Курман жылга, Ф., 1960.
9. *Ж. Бөкөнбаев* — Чыгармаларынын толук жыйнагы, I том, Ф., 1950.
10. *Ж. Турусбеков* — Ажал ордуна, Фрунзе, 1935; Ленин жолу, Ф., 1950;
Тандалган чыгармалар, Ф., 1953.
11. *К. Акыев* — Калыктын ырлары, Фрунзе, 1957; Тандалган ырлар, Ф.,
1958.
12. *А. Усөнбаев* — Улуу дос, Фрунзе, 1950; Тоо булбулу, Ф., 1956.
13. *М. Элебаев* — Узак жол, Фрунзе, 1949; Узак жол (прозалык чыгар-
малар жыйнагы), Ф., 1959.
14. *К. Маликов* — Ленинград согуш күндөрүндө, Фрунзе, 1943; Кадыр аке,
Ф., 1952; Тандалган ырлар, Ф., 1958.
15. *А. Токтомушев* — Ырлар жыйнагы, Фрунзе — Казань, 1937, Какшаал-
дан кат, 1937—1950.
16. *Бейшеналиев* — Кычан, Фрунзе, 1956; Таалай жолу, Ф., 1957.
17. *А. Токтакунов* — Кайран энем, Фрунзе, 1960.
18. *Н. Байтемиров* — Азамат, Фрунзе, 1949; Салтанат, Ф., 1949; Жүрөк
күүсү, Ф., 1955.
19. *К. Акаев* — Эл үчүн кызмат кылгандар, Фрунзе, 1950; Таалай таңы,
Ф., 1956.
20. *Ж. Таштемиров* — Эмгекте, Фрунзе, 1950.
21. *К. Кайымов* — Адашуу, Фрунзе, 1957; Атай, Ф., 1958.
22. *Н. Жетикашкаева* — Жаңырган өлкөм, Ф., 1951; Нуркамалдын ырла-
ры жана поэмасы, Ф., 1953.
23. *А. Убукеев* — Койчуман, Фрунзе, 1958; Ар Намыстын үүлү, Ф., 1956.
24. *Ш. Садыбакасов* — Пейил, Фрунзе, 1958; Мүнөз, Ф., 1960.

## КОТОРМО АДАБИЯТТАР

25. *Жамбыл Жабаев* — Тандамалуу ырлар, Фрунзе, 1946.
26. *М. Горький* — Эне, Фрунзе — Казань, 1938; Аңгемелер, Ф., 1952.
27. *Н. Островский* — Болот кантип курчуду, Фрунзе, 1936.
28. *Л. Толстой* — Согуш жана тынчтык, Фрунзе, 1949; Аңгемелер, Ф.,
1953.
29. *Шота Руставели* — Жолборс терисин жамынган баатыр, Ф., 1940.
30. *С. Бабаевский* — Алтын жылдыз кавалери, Фрунзе, 1952.
31. *Д. Фурманов* — Козголоң, Ф., 1959.
32. *П. Павленко* — Бакыт, Фрунзе, 1952.
33. Кыргыз эл макал-лакаптары (Б. Керимжанова ж. б. [illegible]а-
бынан жыйналган).
34. «Көкүл» драмасы (Сарбагышев боюнча), Фрунзе,

## ЖОМОКТОР

35 Асыл таш, 36. Айткан акылдын пайдасы, 37. Ысык-Көл жөнүндө
38. Байлык, бакыт, акыл, 39. Чыныбек, 40 Үч жолдош. 41. Эки кор
42. Акылдуу кыз, 43. Жээренче чечен, 44. Дартына даба болгон экен, 45. Й
йыл мерген, 46. Гүлбара менен Сабира, 47. Алтын шакек, 48. Зымырык к
49. Акылдуу бала, 50. Бала менен сыйкырчы, 51. Ал экөө кайра жарал
экен, 52. Эки дос, 53. Үч бир тууган, 54. Кулдун уулу жана зымырык к
55. Баласыз кан, 56. Токтогул ырчынын баласы, 57. Береке, Туруке, Кул
58. Кара таштардын сыры, 59. Айнек сулуу жана күкүк, 60. Жети таз ме
жеке таз, 61. Мыкачы аял, 62. Молдонун азабы, 63. Азрет султан жана ке
кыз, 64. Баарынан киши күчтүү, 65. Асыл таш, 66. Аксанатай менен кара
натай, 67. Тырнактай чал, 68. Алдаркөсөөнүн аңгемеси, 69. Үч бир туул
70. Асан жана Үсөн, 71. Элди бала, 72. Койлубай, 73 Жаныбек кан ме
Төлөмырза, 74. Жапалактын зайыбы, 75. Айдагы кыз, 76. Булардын кайсы
сы чоң, 77. Жоомарттыктын чеги жок, 78. Үч эрке кыз, 79. Сүйлөбөс к
80. Өнөрү бар мышык, 81. Коркок баатыр, 82. Акылдуу дыйкан.

---

*Абдыкул Джапаров*

**СОВРЕМЕННЫЙ КИРГИЗСКИЙ ЯЗЫК**
СИНТАКСИС ПРОСТОГО ПРЕДЛОЖЕНИЯ
*ЧАСТЬ II*

(на киргизском языке)

Редактор *С. Шатманов*
Художн. редактор *А. Л. Шубин*
Техн. редактор *С. Сарыгулов*
Корректор *А. Рысалиев*

Терүүгө 13/X 1965 ж. берилди. Басууга 19/II 1966-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60×90 1/16. 23,5 басма табак. 24,00 учеттук басма табак
Д—04324. Заказ 4374. Тиражы 1200. Мукабасыз баасы 84 т. Мукабасы 10 т.

Фрунзенская городская типография № 3
Управления полиграфпрома Госкомитета по печати